Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссия

Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору

Амантур АКМАТАЛИЕВ

КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫ БОЮНЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

Түзүүчү:
Нурзина Ыйсаева

Бишкек – 2025

УДК 391/395(575.2) (038)
ББК 63.5(5Кир)я2
А 40

Китеп «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында жарык көрдү.

Илимий-редакциялык кеңеш:
А. Акматалиев, Т. Коңурбаев, Г. Курманбекова, Ы. Кадыров, З. Кадырова, К. Жумакадырова, М. Молдалиева.

Акматалиев Амантур
А 40 **Кыргыз этнографиясы боюнча түшүндүрмө сөздүк.**
/ Түз. Н. Ыйсаева. – Б.: «Кут-Бер», 2025. – 640 б.

ISBN 978-9967-14-206-0

Белгилүү өнөр таануучу Амантур Акматалиевдин бул китебине кыргыз этнографиясынын негизги түшүнүктөрү (ата тек, каада-салт, жыгаччылык, темирчилик, зергерчилик, теричилик, оймочулук, чырмакчылык, саймачылык, өрүмчүлүк, өрмөкчүлүк ж.б.) камтылып, түшүндүрмөлөрү менен берилди. Сөздүктөгү терминдер А.Акматалиевдин мурда жарык көргөн китептеринен алынды. Бул эмгек көркөм кол өнөрчүлүктөгү терминдерди, аталыштарды окурмандардын эсине салып, мамлекеттик тилдин байлыгын сактоого, азыркы муундун ушул терминдерди билүүлөрүнө жана тилди андан ары өнүктүрүүлөрүнө олуттуу салым кошот деген ойдобуз. Сөздүк мамлекеттик тилди, кыргыз маданиятын өнүктүрүүгө кызыгдар бардык окурмандарга арналат.

УДК 391/395(575.2) (038)
ББК 63.5(5Кир)я2

ISBN 978-9967-14-206-0

© Акматалиев А., 2025
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2025

БАШ СӨЗ

Кыргыз элинин материалдык маданиятын изилдеп, улуттук каада-салттын, үрп-адаттын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө өлчөмсүз салым кошкон өнөр таануучу, журналист Амантур Акматалиевдин эмгектери бүгүнкү күндө кыргыз тарыхын, этнографиясын, адабиятын изилдөөчүлөр үчүн баа жеткис мурас.

Замандаштары А.Акматалиевди «...кыргыз элинин көөнөрбөс рухий жана материалдык маданий мурасын жанындай сүйүп урматтаган, анын салттуу, нарктуу, көп сырдуу өнөр кесибинин түрүн, алардын өңүт-сырын таасын билип, аларды талыкпай жыйнап, терең чечмелеп, үңүлө иликтеп, үзүрлүү жандап келе жаткан чаалыкпас, мээнеткеч атуул, дили тилине, тили турпатына куп келип, жандүйнөсүнөн, жүргөн-турганынан нукура кыргыздын наркнасили айкын сезилип турган жапакеч, жан шерик адам катары» эскеришет.

Амантур Акматалиев 1934-жылы 11-ноябрда Тянь-Шань районундагы Бөрүлү кыштоосунда туулган. Нарын жана Кочкор балдар үйлөрүндө тарбияланган. 1948-54-жылдары Нарын шаарындагы педагогикалык окуу жайды, андан кийин пединститутун тил, адабият факультетин аяктаган. Эмгек жолун Лейлек районундагы «Искра», Калинин орто мектептеринде мугалим, директор болуп иштөө менен баштаган. Аскер кызматын өтөп келгенден кийин 1958-жылдан баштап Лахол, Жер-Көчкү орто мектептеринде мугалим болуп иштеген. 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин артыкчылык диплому менен аяктап, 1972-жылга чейин «Советтик Кыргызстан» гезитинде адабий кызматкер, бө-

лүм башчы, Нарын райондук «Коммунисттик эмгек» гезитинде редактор болуп эмгектенет. 1972-1992-жылдарда Кыргыз ССР Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин Борбордук көркөм-эксперименттик лабораториясында инженер, «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде өнөр таануучу болуп иштеген. 1993-жылдан тартып А.Акматалиев «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын даярдоо жана өткөрүү боюнча дирекциясында башкы этнограф, ал эми 1996-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз билим берүү институтунун этнопедагогика бөлүмүндө улук илимий кызматкер, Эл чеберлер союзунда башкы өнөр таануучу болуп эмгектенген.

Бүткүл өмүр жолун, жашоосун элине кызмат кылууга арнап, кыргыздын рухий мурастарын аздектеп жыйнап, кийинки муунга баа жеткис, көөнөрбөс байлык калтырып кеткен. Замандашы Чоюн Өмүралиев айткандай: «Акыркы чейрек кылым ичинде жеке керт башы бүтүндөй институт, аалымдар тобу иштей турган ишти аткарды». Талыкпас эмгек менен 30га жакын китепти жарыкка чыгарган. Кыргыз маданиятынын жасалга-колдонмо өнөрүн талыкпай изилдеген В.Рындин, К.Антипина, Ж.Үмөталиева сыяктуу окумуштуулардын катарын толуктап, Амантур Акматалиев кыргыз этнографиясын изилдөөгө зор салым кошкон. Атап өтсөк жыгаччылык, тери иштетүүчүлүк (көнчүлүк), мүйүзчүлүк, таш чегүүчүлүк, оймочулук, саймачылык, зергерчилик, түймөчүлүк, өрмөкчүлүк, килемчилик, ат жабдыктары, улуттук кийимдер, боз үй ж.б. сыяктуу кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн бардык тармагын изилдеп, «Кыргыздын кол өнөрчүлүгү» (1976), «Элдик оймочулук» (1980), «Боз үй» (1982), «Жасалга өнөр чеберчилиги» (1982), «Көркөм кол өнөрчүлүк» (1984), «Жыгаччылык» (1985), «Кыргыздын улуттук кийимдери» (1988), «Кыргыздын колдонмо жасалга өнөрү» (1989), «Усталар жана уздар» (1991), «Зергерчилик, теричилик, мүйүзчүлүк» (1990), «Ат жабдык-

тары жана тери буюмдары» (1990), «Жыгаччылык жана элдик аваздык аспаптар» (1990), «Кийизчилик, чий чырмакчылык, эшмечилик, куракчылык» (1990), «Саймачылык, элдик кийим-кечелер» (1990), «Өрмөкчүлүк жана токуучулук» (1990), «Баба салты, эне адеби» (1992), «Кыргыздын үй-тиричилиги» (1993), «Көркөм оюмдар», «Садыбакас оюмдар», «Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү» (2000) сыяктуу эмгектерин жана жүздөгөн гезиттик макалаларын жарыкка чыгарган. Мындан сырткары КСЭнин 6 томунун, «Манас» энциклопедиясынын, Үй-тиричилигинин кыскача энциклопедиясынын авторлорунун бири болгон. Элдик кол өнөрчүлүккө байланыштуу «Эл чыгармачылыгы» телеберүүсүн, «Маданий турмуш» радиоберүүсүн, «Эл ичи – өнөр кенчи» деген гезиттик рубрикаларды алып барган. Кыргызстанды түрө кыдырып, ондон ашык экспедицияларды уюштуруп, калк арасынан таланттуу уздарды, усталарды, чеберлерди таап, алардын кол өнөрчүлүгүн изилдеп, узануу өзгөчөлүктөрүн салыштырып, кагаз бетине түшүргөн. Ошол эмгектерин жыйынтыктап, биринчи жолу «Кыргыздын уз-усталары» (1997) деген антологияны кыргыз тилинде түзүп чыгарган.

Бул эмгектери кыргыз этнографиясынын маанилүү булактарынан экендигинде талаш жок. Учурда илимпоз тарыхчылар, этнографтар, этнологдор, адабиятчылар, тилчилер, мектеп мугалимдери, окутуучулар ж.б. Амантур Акматалиевдин эмгектерин илимий булак катары пайдаланып, окуп, окутуп, таалим-тарбия алып келет. Бул эмгектерден кыргыздардын эзелтен бери келе жаткан бай көркөм кол өнөрчүлүгү тууралуу кеңири маалымат алып, алардан элдин жашоо тиричилигине, табиятка, дүйнөгө жана күнүмдүк жашоосуна жасаган мамилесин, дүйнө таанымын, сулуулукка кумарлануусун түшүнүп, улуттун тарыхый-этнографиялык, рухий-эстетикалык баалуулуктарын камтыганын көрүүгө болот. Амантур Акматалиевдин

жыйнаган материалдарына, эмгектерине таянып азыркы этнограф-окумуштуулар кыргыз кол өнөрчүлүк буюмдарын жасалгасына жана жасоо ыкмаларына карата оймочулук, саймачылык, килем токуучулук, өрмөк согуучулук, бычып-тигүүчүлүк, чий чырмоочулук, ат жабдыктары үчүн өрмөчүлүк, териге наар түшүрүүчүлүк, зергерлик, мүйүзчүлүк, жыгаччылык, эшүүчүлүк, түймөчүлүк, бедизчилик жана боёочулук деп бир нече түргө классификациялап изилдеп келишет.

Анын бул илимий-популярдуу эмгектери кол өнөрчүлүккө гана байланыштуу эмес, анын айрым эмгектери элдик-каада салтты, үрп-адатты, ырым-жырымдарды үйрөнүп, турмушка ылайык жакшы жактарын алып, пайдаланууга багыт берет. Анын эмгектеринен үй-бүлө мүчөлөрүнүн орду, бири-бирине болгон мамилеси, улууну сыйлоо, кичүүнү ызаттоо, бала жана баланын төрөлүшүнө арналган ырым-жырымдар, үйлөнүү салты, маркумду акыркы сапарга узатуу салты ж.б. коштоп жүргөн бардык салттык жөрөлгөлөр тууралуу маалымат алууга болот. Каада-салтка арналган эмгектеринде А.Акматалиевдин негизги максаты жаштарды адеп, ыклас, ыйман, маданият, уят-сыйыт, эстүүлүк, сылыктык сыяктуу элибиздин улуттук мүнөзүнө, жүрүм-турумуна мүнөздүү болгон сапаттарга тарбиялап, баба салтын, эне адебин сактоого үндөйт.

А.Акматалиевди замандаштары: «Адам көңүлү, адам өмүрү дегенде алдына жан салбаган айкөл, элдик мүдөө дегенде ичкен ашын жерге койгон иштерман, асыл адам эле», – деп эскеришет. Убагында элине сиңирген эмгеги жогору бааланып, ага 1994-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардак наамы берилген. Ал кыргыз телерадиосунун, жергиликтүү өнөр жай тармагынын, кесиптик билим берүүнүн отличниги наамдарын алган. Бир нече жолу Жергиликтүү өнөр жай жана Билим берүү министрлигинин Ардак грамоталарына

татыктуу болгон. СССР жана Республиканын Сүрөтчүлөр, Журналисттер, Эл чеберлер союздарынын, «Теңир-Ордо» коомунун Бакай кеңешинин мүчөлүгүнө шайланган.

Эмгекчил, иштерман элдик этнограф Амантур Акматалиевдин бай мурасы, актуалдуулугун жоготпогон эмгектери улам муун алмашкан сайын, мезгил өткөн сайын кийинки урпактары тарабынан бийик баасын алып, терең изилденип, кылымдар бою жашай берет демекчибиз.

Филология илимдеринин кандидаты
Нурзина Ыйсаева

КЫРГЫЗДЫН ТУУГАН-УРУГУ, ЖЕРГЕ-ЖЭЭГИ[1]

Бул – элин, тегин таануу. Кыргызда «Жер тамырынан эл тамыры көп» – деп айтылат. «Ич ара сураштыра келсе, адамдар бири-бирине карын бөлө чыгат» – деген да сөз бар. Тууган-урук, жерге-жээкти сураш жакшы сапат болуп саналат. «Туугандын азаары болсо да, безээри болбойт». Элибиз анын жол-жоболорун, каада-салттарын сары-саптай келишип, мындай асыл көрүнүштөр аркылуу калк ичинин ынтымагы, дымагы артылган. Илик-жарма күтүүнүн өзү башка улуттарга салыштырмалуу алганда бизде баалуулугу бийиктеп келген. Мындай касиеттерди мындан ары да улоо, кийинки муундарга тааныштыруу вазифасы унутулбоо керек. Атуулдук жүрүм-турумубузду кайрадан калыптандырууга зор көмөк көрсөтүү максатында тууган-уруктардын, жерге-жээктердин аталышы, ич ара байланышы кыскача мындайча маалымдалат.

Кыргыздар ич ара ата-аталарга бөлүнүп, андан урук, бир тобу биригип уруу, анан эл болуп, бара-бара улутту түзүшкөн. Мында тилинин, маданиятынын, экономикасынын жалпылыгы жана башка мамлекеттер менен чектештиги улуттун белгилери болуп саналат. Сүрүштүрө келгенде: ата, чоң ата, баба, буба, жете, жото, жонкон, кубары, куусөөк, тек болуп кетет.

Кырк уруу кыргыздар ушулардан жаралган, андан байыркы эл болуп минтип таралган: Атадан бала, небере, чөбөрө (чүрпө), кибире, тыбыра, жыбыра... болуп кетет да, андан арылары бири-бири менен кыз алышкан тууган аталган. Мындан аркысын улай билүүнүн зарылчылыгы анча жок.

---

[1] Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Бишкек: «Шам» басмасы, 2000. – 348 бет. (китептин айрым жерлеринен кыскартылып алынды).

Башка уруулардан кыз алуу, кыз берүү, үйлөнүү аземдери – тукумдан-тукумду жакшыртуунун негизи. Кыргыздын салтында атанын арзып алыстан кыз тандоосу, жуучу түшүүсү, күйөөлөп баруусу, тегин жана теңин талдоосу, ошого карата жол-жоболорун шарттоолору, төө баштап тогуздап, калың мал айдатуулары, барктары жана нарктары боюнча тең-теңи менен болуулары, албетте, барлардын сөөлөтү, журт алдында кадыры-баркы, атак-даңкы, дүңү болгон. Кээде «Мата наркы менен бөз өткөн, ата наркы менен кыз өткөн». «Жакшы атка жаман ат жалы менен теңелет, жакшы кызга жаман кыз багы менен теңелет», «Вазир жакшы кан жакшы, аял жакшы эр жакшы». Арийне, «Баккан эри жарашса, кара катын ак болот, баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот». Бак карайт, Кызыр даарыйт. Байлык, мансап, кедейлик тирүүчүлүктө, пендечиликте, бу жалганда, жарыкчылыкта, оомалуу-төкмөлүү жүрө берээри – мыйзамченем.

ЖЕРГЕ-ЖЭЭК, ТУУГАН-УРУКТАРДЫН ЭНЧИЛҮҮ АТАЛЫШТАРЫ

АКСАКАЛ. Бул – жашы улуураак, акылы жетик, адилеттүү жүрүм-туруму аркылуу алынып, кадыр-баркы башка элдерге да таанылып, сын-келбеттүүлүгү көрүнгөн, ички-сырткы касиети таасирдүү адам. Андай акылы тетик адамдарды бий-болуштар, бай-манаптар урматтап, алардан акыл сурашкан, айткандарындай болушкан («Манаста» Кошой, Бакай карыялар тууралуу так ушундай ойдобуз). Кээде «аксакал» деген ат мал-жанга, буюм-мүлккө карата да айтылат. Мисалы, аксакал ат (мыкты жылкы тууралуу), аксакал үй (мыкты салынган үй же тигилген өргөө үй) ж. б.

«Ак сакалы сеңселип,
Ак күбө тонду белсенип,
Ак боз ат минип теңселип».
(«Маната» Кошой бабабыз мына ушундайча сүрөттөлөт).

Бугудан чыккан Кыдыр Аке, саяктан чыккан Садыр Аке, Сарт Аке, Моют Аке, Тилекмат Аке өңдүүлөр нускоочу аксакалдардын даана үлгүсү боло алат. «Аке – бул калктын урматтоосу, журт берген наамы. Аны «аксакал» деген сөз менен алмаштырууга гана болот. Айыл, урук, уруу ичиндеги чоң чиелемишкен маселелерге азыр деле айыл аксакалдарыбыз катыша коюшат.

КАРЫЯ. Бул – мерчемдүү өмүрүн өтөп (орто жана пайгамбар жашын), карылык доорду нарктуу алып бара жаткан аталардын сылык аталышы. Карылык – нускоочулук. Жакшы каруу – парз, жаштарга үлгү. Мына ушул жагдайы аркылуу нарктуу карыя аталат.

Карыянын экинчи мааниси – абышка, чал. Кемпири, адатта, «абышка» деп чакырат. Өмүрлөшүн карыя дешине караганда минтүүсү эптүүдөй сезилет.

Эркектерди курагына карай бала, тестиер, улан, жигит, киши, жашап калган адам, кары деп аташат да, акырында карыяга өтөт.

БАЙБИЧЕ. Бул – мерчемдүү жашоосун жашап, өзүн набаттуу кармап келе жаткан энелердин сылык аталышы. Нускалуу карыялыгы – келин-кезектерине, айыл ичиндеги ургаачыларга үлгү. Кийинкилер так ушундай карууга таасирленет. Илгери «байбиче аялы», «байбиче аялынын балдары» деген сөздөр айтылуучу. Байбиченин синоними «кемпир», «токол» деп айтылат. Токол – кийинки аялы, салбар аялы – эри чанган, анча көңүл койбогон аялы. Арийне, эрке токолдор да болгон. «Байбиче» деп айтуу маданияттуулукту билдирет. Ал эми кемпир деп кайрылуу адамга, жаштарга катуу тийип калышы ыктымал.

Ошондуктан минтип кайрылгандарга, «мендей кемирейип кал» деп нааразы болушат. Катарлаш карыялары аларга «байбиче» деп кайрылуулары сылыктык болот. Ургаачылар жашына карай секелек кыз (ойноок кыз), тестиер кыз (бой токтоткон кыз), беш көкүл (бойго жеткен кыз), жубан (күйөөгө тийген), колукту, келин, зайып, аял, жашамык тарткан деп аталып жүрүп отурат да, анан бара-бара байбичелердин катарына кошулат.

АТА. Бул – уул-кыздын өз атасы. Чоң атасы – атасынын атасы. Аталаштар, урукташтар, атасы куректуулар тууган ичинде урмат-сый катары атабыз, аталарыбыз, чоң ата, чоң аталарыбыз болуп айтыла берет. «Атанын баласы», «Жакшы атанын уулу», «Ата сөзү – ар намыс», «Атаны көрүп, уул өсөт» өңдүү салмактуу сөздөр бар.

Ата – үй ээси, түтүн башчысы. Атанын айтканы – балдарына мыйзам, ар дайым накыл, үй-бүлөгө ыйыктай сезилет.

ЭНЕ (АПА). Бул – уул-кыздарды төрөгөн энеси. Чоң эне – эненин кайын энеси. Аталаштардын, бир уруктун байбичелери эне, апа, чоң эне болуп айтылат. Деле ызаат, урмат катары улууларды – байбичелерди, карыяларды ата-эне, чоң ата, чоң эне, эже-байке, аба өңдүү атоо элибиздин эчактан келе жаткан наркы – салты болуп саналат.

АГА. Бул – улуусу, ини – кичүүсү. Ал эми аялдарга келсек, улуусун эже, кичүүсүн сиңди дейбиз. Ушундан улам «Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп, сиңди өсөт» деген накыл бар.

АБЫСЫН. «Абысын аңдышкан жоо» (макал). Бул – бир туугандын келиндери, аялдары, байбичелери, токолдору. Алар да ич ара жакын-алыска, токол-байбичеге бөлүнүшөт. Бири-бирин күнүлөшкөн. Буларды ынтымакка акылдуу байбичелер, карыялар чакырып, атанын, уруктун намысына доо кетирбөөгө аракеттенишкен. Абысындар, анткени менен, жамандык-жакшылыкта тикеси менен тик туруп, башкалардан ар-намысын сактап калышат.

ЖЕЗДЕ. «Кагылайын эжеке, картаң тура жездеке». Бул – кайнилеринин, балдыздарынын эжесинин эрин атоосу.

ТАЙЖЕЗДЕ. Бул – кайын эжесинин эрин жээн-сиңдилеринин атоосу.

КУДА. Бул – бүлө алган, үйүнөн кыз чыгарган адам. Кыз алган, кыз берген тараптар бири-бирине куда-сөөк болушат. Куданын кудасы – куданын дагы башка тараптан күткөн адамы.

Өтмө куда ага-тууган ичиндеги кыздардын мурунку кудалардын туугандарына барышы, же мурунку кудалардын туугандарынан кыз алышы. Жээнине таежесин алып берүүсү.

БЕЛ КУДА. Бул – төрөлө элек, боюнда бар учурда, кээде илгери үмүт менен «уул-кыздуу болсок кудалашаарбыз» – деген кыязда да балдарга куда түшүүлөр. Мында күн мурунтан жолдугун жасоолор, ак бата ыроолоолор болот.

КАЙЧЫ КУДА – кыз берген жерден кыз алуу, кыз алган жерге кыз берүү.

Кайчы куда болочокто боло турган асылкечтердин ич ара мамилелери, т. а. кудалар жамандык күндөрү жакшылыкка жараган, кыйынчылык учурда жардамга караган, адамдардын бири-бирине билдирген зыйнаты. Асылкечтик учуру – түбөлүктүү бирге болуулары, «өлсөк бир көргө кирүүлөрү, тирүүчүлүктө бир дөңгө чыгуулары». Куда-сөөк болууга шерттешүүлөрү, теңирим жалгап, балалуу болушканда, биринин кызын биринин уулуна алып берүүгө антташуулары. Ал үчүн шилекей алышуулары, чыбык кыркышып, чыпалак соруулары, кыскасы, куда-сөөк күтүүгө даяр туруулары. Ушундай шартта бала төрөлөөрү менен сүйүнчү айттырат. Кудалыктын алгачкы саамалыгына мал берген. Минтип, шилекей алышкан, чырпык кыркышкан, антташкан эки куда эми көңүлдөрү жайма-жай катыштарын улай беришкен.

Мунун экинчи жагы да бар: эгер экөө балалуу болбой, бел кудалык тилектери ордунан чыкпай калса деле, досчулуктарын андан ары улашкан. Эл ичинде кудалардай үлгү катары алыш-беришке эгедер. Ичтерине доо кетпей, алар бири-биринен тукур атын, туу бээсин, атан-лөгүн, сүттүүдөн сүрөгүн, аксарбашыл коюн аяшпай калат. Албетте, бул жакшы жөрөлгөлөрдү сактоо зарыл.

БЕШИК КУДАЛАР. Бул – төрөлгөн уул-кызга куда түшүү. Кудаларды ич ара куда, чоң куда, кан куда дейт. Чоң куда – кан куда – куданын атасы, атасынын туугандары, кичине куда – куданын балдары, туугандары. «Куда болгуча жөн-жайыңды сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш» (макал). Кыз алуу, кыз берүү – чоң сыймык.

Мейман тосуу, мейман узатуунун бийик жери – куда тосуу, куда узатуу. Бул салттын мындан аркы тазалыгын сактоо зарыл.

КУДАГЫЙ. Бул – куданын өмүрлөшүү. Мында чоң кудагый – кудагыйдын кайын энеси. Кичи кудагый – куда-кудагыйдын балдарынын, туугандарынын (куда тараптын) келинчектери. Кээде кудагый тараптын келинчектери да кудагый деп айтыла берет.

КУДАЧА. Бул – кудалардын кыздары (айрым убактарда кудагый тараптагы кыз-кыркындар да аталат).

КАЙЫН-ЖУРТ. Бул – күйөө баланын колукту алган тарабы. Күйөө баланын үч журту болот: Ата журт, тага (таяке) журт, кайын журт.

КАЙЫН АТА. Бул – кызын аялдыкка алган баланын атасы. Кайын атанын агалары, бир атанын аксакалдары, улгайыңкылары кайын ата атала берет.

КҮЙӨӨ (КҮЙӨӨ БАЛА). Бул – кызын аялдыкка алган баланын кайын журтуна аталышы. Аялынын таяке-тайына ал – жээн күйөө.

КАЙЫН ЭНЕ. Бул – күйөө баланын колуктусунун энеси, т. а. аялдын энеси. Чоң кайын эне – кайын энеңдин кайын энеси. Кайын атаңдын ага-туугандарынын улгайган-

дары, кайын энеңдин жашы улук абысын-ажындары деле кайын эне атала берет.

КАЙЫН АГА. Бул – күйөө баланын аялынын агалары. Аялы жаатынын улуулары, ага аттуулары күйөө балага кайын ага атала берет. Кайын жеңе – кайын агасынын аялы, кыздын жеңеси, кайни – аялыңдын инилери. Мында да бир атанын, уруктун улууларынын аялы кайын жеңе, кичүү балдары кайни деп айтыла берет. Кайнинин аялы – кайын келин, кайын келин аны жезде деп айтат.

БӨЛӨ. Бир тууган кыздардын балдары. Бир атанын, бир уруктун кыздарынан төрөлгөн балдар-кыздар бири-бирин «бөлөбүз» дешет. Бир ата-энеден туулган кыздардын балдары карын бөлө болуп эсептелет.

Бөлөлөр кыздардын – эже-сиңдилердин балдары болгондуктан бир-бирин колдон келишинче сый-урматташат. Булар да бир-бирине үйлөнүшкө болот. Себеби, алардын эли-журту башка. Баш кошууга генетикасы уруксат берет. Бөлөлөрдүн өз ата-апалары бири-бирине тайжезде, тайэже аталат. Чоң аталары тайата болот. Демек, кыздардын балдары тайатага небере аталат. Кыздардын балдары да агаинининн балдарындай жакын сезилет. Ошондуктан «бөлөм, бөлөм үчүн өлөм» деген накыл кеп жаралган. Бөлөлөр эненин төркүндөрүнө жээн аталат.

БАЖА. Бул – бир тууган кыздардын күйөөлөрү. Бир атанын, бир уруктун кыздарынын күйөөлөрү да бирин-бири «бажа» дешет.

БАЙКЕ (АКЕ, АВА). Улууларды кичүүлөрдүн сылык атоолору. Айрым жерлерде көбүнчө «байке», «ава» (м: нарындык, көлдүк, чүйлүк кыргыздарда) колдонулса, кээ бир аймактарда «аке» (мисалы, түштүк кыргыздарда) арбын колдонулат. «Аке» деп улуу кайнагаларын келиндери да тергеп айтышат.

ТҮП КУДА – куда күтүү менен кыргыздардын каада-салты артылат. Бири-бирине ымала санашууну, карым-

катнаш жасоону, кыргыздын наркын дайыма сактоону жакшы көргөн элбиз. Мисалы:

– Кайсы элденсиң?

– Нарынданмын.

– Уругуңузду айтыңыз?

– Моңолдормун.

– Аа, нарындык моңолдор болсоң кудам турбайсыңбы. Аяктан биз келин алганбыз. Бир кызым Жумгалда, саяктар да менин кудам. Эки кызым таластык саруура кеткен. Жээним кушчудан келинчек алып келген. Кызымдын кызы солтого чыккан. Жангарач бийдин элинде. Өзүмдүн чоң тайаке-тайымдарым кочкорлук сарбагыш. Сураша келсек эле, ушинтип куда-сөөк чыгабыз. Мына ошондой ызааттоолордон улам элибиздин ортолорунан жел өтпөөчү жылуу сезим пайда болот. Бул – ата-бабалардан калган адамгерчиликтүү сапат, санат, үлгү.

ТӨРКҮН – турмушка чыккан кыздын өз эли-журту. Киндик кан тамган, чоңойгон жери, ата-энелери, ага-туугандары, эже-сиңдилери.

Төркүлөтүү – кайын журту келинди ошол ата-энелерине, жерге-жээгине, тууган-уруктарына азык-түлүк даярдап, кийим-кечек камдап жөнөтүүсү. Төркүлөп келген кыздын төрдө отуруусу («Төркүлөтүү» ушундан улам айтылса керек).

ТАЙАТА – уул-кыздын энесинин атасы болгондуктан ал энеге төркүн болот. «Чыккан кыз чийден тышкары» жана кыз бала – бирөөнүн бүлөсү. Аны төркүндөрү урматташат. Кызын сыйлоо-кадырлоо аркылуу андан туулган балдар да урматтоого эгедер. Тайата деп жээндери сүймөнчүлүктүү келет. Тайата, чоң ата үчүн уулдун, кыздын балдары бирдей эле сезилет. Экөө тең небере болот.

Уулдун баласы чоң ата үчүн өз тукумунун уландысы катары көрүнөт. Ал чоң ата, өз ата, чоң эне менен бирге жүрөт. Колдорунда чоңоёт. Башка тайаке-тайындар, т. а.

тайаке тайжеңе, тайжезде, тайэже тууралуу да ушундай маанай бар.

Кыргызда түп тайакелерим деген сөз айтылат. Тээ, чоң энелеринен аркылар урук кууй, алсак, «Чоң энем көл башындагы көп бугулардан экен. Сен да мага тайаке болуп каласың» – деп, ыкташа түшүү – элибиздин меймандостугу, келберилиги.

ЖЭЭН. Бул – кыздын баласы. «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» (макал). Макалдын төркүнү «жээндин элижери башка, баары бир эли-жерин таап кетет» – деген түшүнүктү берет.

ТАЙЭНЕ – уул-кыздын апасынын энеси. Эненин төркүндөрүнүн улууларын, байбичелерин, жээндери жалпысынан ызааттап, тайэне деп чакырышат.

ТАЙАКЕ – уул-кыздын энесинин бир тууган инилери. Айткандай, эненин төркүндөрү тарапты жээн бүтүндөй тайаке (тага) деп чакырат.

ТАЙЭЖЕ. Бул – уул-кыздын энесинин синдиси, эжеси. «Тайэженики таттуу» (эл сөзү). Мында да энесинин төркүндөрү тарапты жээни улуу-кичүүсүнө карабай «тайэже» деп айтат.

ӨКҮЛ АТА (КАЛЫС АТА). Бул – колуктунун никеси кыйылгандан кийин ага калыс ич ара ылым санашкан адамдардан шайланган (дайындалган) адам. Ал колуктуну өз кызындай көрүп, катыш-бериштери улана берет. Өкүл атанын аялы анын өкүл энеси болот.

ДОС. Бул – алыш-бериште ынтымактуу катышкан эки курдаш. Алардын эң мыктыларын «акыреттик достор» деп коёт. Демек, «тигил дүйнөдө да мына ушундай асылкеч жашашат» – деген сөз.

Ургаачылар да достошот. Жаш кезинде достошкон, ушу күнгө дейре урматташкан карыялар-байбичелер да бар. Достук – сыпаакерчилик. Жарык дүйнөдө бирин-бири урматтап өтүү. Бул кийинки муундарга мыкты таасир калтырат. Ушундан улам балдары да бул салтты улашат.

Алар кийин бири-бирин классташтар, курсташтар катары сыйлашууда. Кээде алыш-бериштен достор ажырашып да кетишет. «Эсептешкен дос болбойт» (макал). «Дос айрылат, сөөк кайрылат» (макал).

АЯШ АТА – эки достун аталары бири-бирине аяш ата, энелери – апалары аяш эне, аяш апа аталышат.

КУРДАШ-ТЕҢТУШ (курдаш күтүү, теңтуш күтүү). Бул – жаштары бирдейлери, бирин-бирине ылым санагандар. Эл: «ысык теңтуштар», «асылкеч теңтуштар», «бирин-бири кыйбаган теңтуштар» – дейт. Алар – ич ара санаалаштар. Достуктун бир түрү. Биз андайлардын жаштарын классташтар, курсташтар, улгайгандарын замандаштар, санаалаштар – деп атап жүрөбүз. Ошон үчүн «Тең теңи менен, тезек кабы менен» – деп айтылат.

БАЛА. Адатта, балдар бир жашында басат, эки жашында тили чыгат (Мөөнөтүнө жетпей басты, тили эрте чыкты, кеч чыкты – деп да айтылат). Алар чуркап жүргөн бала (3-4 жаштагылар), бөбөктөр (5-7 жаштагылар), тестиер балдар, балакатка жеткен балдар (12 жаштагы), бир мүчөлүү балдар (13 жаштагы), мурдунан көпкөн учуру (14-15 жаш) ж. б. болуп аталып жүрөт.

УЛАН. Бул – балакат жана бир мүчөлүүдөн биротоло чыгып, өткөөл мезгилден өтүп, турмуштук, жыныстык ж. б. сезимдери ойгонуудан кийинки жигиттикке баш койгон учуру. Болжолдо 16-17 жаштар. Боз улан – жаш жигит. Бой тартып, болукшуп турган чагы. Аны «жаш бойдок» – деп да аташат. Үйлөнүүгө мүмкүнчүлүгү болот.

ЖИГИТ. Бул – адамзаттын каруу-күчү денесине чытырап батпай, бир ооматы келип турган доору. Адатта, эр ортонуна чейин жигит атала берет. Эр ортону 50 – адамдык кайраттын, жигиттиктин туу бели. Андан ары жаштык кайраттын чегинүүсү. Алтымышты, жетимишти карылар «мыш» деп коюшат. Турмуштук эңкейиштер, карылыкка моюн сунуулар.

Кыз балага да бир нече мүнөздөмө берилет. «Секелек кыз» (турмуштук түйшүккө анча байыр ала элеги). Аларда да балакаттан кийинки өткөөл мезгили болот. Эркек балдарга караганда кыз балдардын эс-акылы, айлана-чөйрөгө көз карашы эртерээк ойгонот. Турмуш-тиричиликке эртерээк аралашып, үй ичин мурун маанектейт.

ТЕСТИЕР КЫЗ. Бул – тестиер баладай кол арага жараган, үй оокатка айланчыктап, энесинин узчулук үндөктөөсүнө кирип, ага бет бурганы. Бара-бара эс акылы жетилип, өз боюн өзү түзөй баштоосу. «Эжени көрүп, синди өсөт». Улуулардын колун улоого дымактануусу. Мал саашуу, от жагышуу, тамак бышырышуу, кир жуушуу ж. б. тиричиликти өз бетинче аткарууга көнүгүүсү.

Тестиер кыз – үкүсү бар, такыя топучан кыз.

БЕШ КӨКҮЛ. Бул – 14-16 жаштардагы, турмушка аттанаар, арка чачы он өрүм, саамай чачы беш өрүм, кулпунуп турган, үкүлүү тебетей, кош этек көйнөк, чыптама кийген, көгүчкөн төштөнгөн, болукшуп бой керген кыз.

КОЛУКТУ. Бул – турмушка аттанган беш көкүл. Ал төрөгөнгө дейре, адатта, колукту аталат.

КЕЛИН. Бул – колуктудан өткөн кез, т а. төрөп-түшүп, алдын бала, артын мал басып турган учуру. «Баланча келин алды» (кээде колукту да ушундайча айтылат). «Түкүнчөнүн келинин ак этек басты» (Төрөгөн ургаачы, төрөп-түшүп турган учуру). Аларга карата: «Көшөгөсү көгөрсүн», «барган жерден бак айтсын», «ак этек бассын», «кайын журтуна ыманы ысык болуп, алкышын алсын» деген өндүү каалоо-тилектер айтылат.

ЗАЙЫП. Бул – ургаачылардын токтолуп калган учуру. Муну «аял» деген ат менен да алмаштырабыз. «Баланчанын зайыбы, түкүнчөнүн аялы» – деп, алмак-салмак кош мааниде айтыла берет. Андан жашамык тарткан, жашап калган ургаачыны катын дейт. Кыргыздын табиятында «Аалыбайдын катыны» дегенден көрө, «Аалыбайдын зайыбы же аялы» деп айтыш, албетте, сылык угулат.

ЭМЧЕКТЕШ. Бул – эне сүтүн өз баласынан башка бирөөлөргө эмизүү. Көбүнчө өз энесинин эмчегинен сүт чыкпаса, баласын тойгуза албаса, же энеси ооруп ж. б. себептери болсо, бир туугандарынын энелери же кошуна-колоңдору эмчегин эмизип, наристени тирдентип алган. Ошондон балдар-кыздар «эмчектешпиз» дешет. Биздин салтыбызда эмчектештер, албетте, бири-бирин кыйышпайт, эмчек сүтүн берген энени сыйлашат.

Жер үстүндө эки зайып бар. Аларга алтын-күмүш тете эмес, эне сүтү эч нерсе менен төлөнбөйт. Бири төрөгөн, бешикке салып бөлөгөн (албетте, бешикке байбичелер азем-деп салат дечи), 1-терметкен, бешик ырын ырдап, эмчек сүтүн берген өзүмдүн кара чечекей энем. Эмчек сүтүн берген, ийип эмизген, демек, ак сүтү аркылуу жылуу өмүр жүгүрткөн, боюна тарткан энем, ал – 2-энем – эмчек энем.

КИНДИК ЭНЕ. Ыңаалап, жарык дүйнөгө келген балакат «Жети энем бар» – деп, жерге түшөт. Өз эне (апа), аяш эне, чоң эне, тайэне, кайын эне, өкүл эне. Анан алардын эң эле алгачкысы киндик энеси бар. Бул – наристенин киндигин кесип, киндик канын жерге тамызган эне. Ошондуктан киндик кан тамган жер, анын абасы мисир жана ыйык. Ар дайым жанында сакталат. «Эл четинде, жоо бетинде» жүрсөң да, медер тутасың, демөөр аласың. Ушундан улам киндик энени бала киндигин кесип, кирин жууганы үчүн ыраазы кылат. Шартка жараша ага козу-улак өңөртчү, карындан май томурулчу, ун-талкан берүүчү, кездеме коюп, көйнөк кийгизип, чепкен жаап, ар ким колунда бар жолдугун жасаган. «Ал баланчанын киндик энеси», «Сенин киндик энең ошол» өңдүү сөздөр айтылат. «Менин киндик энем» – деп, дээринде барлар урматтап турат.

ҮЙ-БҮЛӨ – эрди-зайып, ата-эне, балдар жана жакындардан турган топтун аталышы. Бул – коомдун өзөгү, эң кичинекей өрнөгү, үй-бүлө очогу болот. Коом үй-бүлөдөн курулат. Мында үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара милдеттери бар.

1. Жубайлардын өз ара милдеттери;

2. Ата-эненин балдарына, балдардын ата-энелерге карата милдеттери;

3. Бир туугандардын өз ара милдеттери;

4. Тууган-туушкандардын (аталаштардын, ага-инилердин балдарынын, кыйыр туугандардын) өз ара милдеттери болот.

Эми жубайлардын өз ара милдеттерине учкай токтоло кетели. Жубайлар – үй-бүлө очогунун эң негизи. Бул үйлөнүү аркылуу ишке ашат. Ошондуктан адам муктаж бардык нерсени эненин кучагынан, атанын очогунан табат. Эркек тышкы иштерди, аял ички тиричиликти тейлөө аркылуу эриш-аркак жашайт.

Пайгамбар: «Аялдарга урмат-сый көрсөтпөгөндөр начар адамдар» – деген. Аялдар күйөөсүн үйдүн башчысы катары таанышы зарыл. Тапкандарын сарамжалдуу, ак дилде жумшоого тийиш. Күйөөсүнүн ар-намысын тышта да, ичте да коргоосу керек.

Балдарын жакшы багып, тарбиялап таалим берүүсү – коом алдында да, кудай алдында да жоопкерчилик. Балдардын ата-энеге жакшылык кылышы – кудайдын кур болбошу... «Улуу баланын укугу беркилердин алдында атанын укугу менен барабар». Бул – Пайгамбардын айтканы. Ошон үчүн «Тун бала туу болот» – дейт.

Үй-бүлө очогу тууган-уруктары менен кубаттанат. Пайгамбарыбыз: «Атасы жок бала үчүн тайакеси ата, тайэжеси, тайжеңеси эне ордуна жүрөт» – деген.

ТАЛГАК БОЛУУ. «Зайыпты – башынан, баланы – жашынан» – дейт. Ичтен түйүлдүк пайда болоору менен эненин тамакка табити тартпай, анын жытын искесе, кускусу келет, көңүлү айныйт. Бул – бойго бүтүү белгиси. 4-5 айлык болгондо, энеге ичтеги баланын кыймылдаганы билинет. Ошондо эне тамактардын бирөөсүн ашкере күзөйт. Ошого тойгусу келет, т. а. талгак болот.

Талгак – тамактардын ичинен бирдемеге ичтейи келип туруу. Аны бир нече курдай тоё жеш-ичиш. Улуу болумуштарда, мисалы, «Маната» Манастын энеси Чыйырды жолборстун жүрөгүнө, бүркүттүн жүрөгүнө талгак болгону айтылат. Үй, жапайы жаныбарлардын ич эттерине, ойдо жок немелерине, кээлери бир жытка ж. б. талгак болушат. Көпчүлүк зайыптар каадалуу ичилип жүргөн тамак-ашка көңүлү ченебей чаап турат. Демек, ошол чакта сүйгөн тамагын сөзсүз жеп-ичиши аркылуу ал талгагы канды, ичте бала ойдогудай асыралды болот.

Албетте, энеге тынчтык, үй-бүлөдөгү камкордук баарынан зарыл. Муну «ит талгак» дейт. Айрымдар бир нече жолу витаминдүү тамактарды күзөйт. Андан төрөлгөндөр акыры жакшы адам болбойт. «Эгер талгагы канбаса, баланын бети-башы чуңкурайып калат» – деген ишеним да бар. Ит талгак – көрүнгөндү самай берүү. Демек, шарты келсе, ошолорду орундатуу керек.

ҮЙ-БҮЛӨ, АНДА ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН АЛГАН ОРДУ

«Үй-бүлө – өзүнчө мамлекет» дешет. Олуя чалыштар «Мамлекетти башкарууга караганда үй-бүлөнү теске салуу кыйын» деп келген. Анткени менен адептүүлүктүн изи аркылуу бул чакан «мамлекет» жеринен жашоодо. Биздин баамыбызда, эркек (ата) үйдүн ээси аталуучу. Анын оозунан тамганы калгандары үчүн мыйзам болоор эле. Балачаканын пири катары сезген ал өзүн үй-бүлөнүн камын көрүүгө жооптуу сезчү. Сезип, мүмкүн катар өз боюн өзү түзөп, көпчүлүктүн катарына кошулуучу. Муну балдары туюп туруучу. Энеси да эрин туу тутуучу. «Атаң айтты», «Атаң эмне» дейт, «Атаң урушат», «Кой дечи, атасы», «Атаң келгенде жейбиз». Алыс сапар кетсе, жол каратып: «Э, ээ, кокуй, атаңар эмнеге кечикти», «Деле, соо болсо экен?» – деп чыйпычыктап туруучу. Бул, биринчиден, эне

баланы тарбиялоодогу кылдаттыгын билдирет, экинчиден, атанын ролун ого бетер арттырат. Үчүнчүдөн, ата-эненин ич ара мамилесин балдарга билдирип, «Силер да ата-эне болосуңар, бири-бириңерге так ушундай мамиледе болгула?» – деген насаатты калтырат. Баарыдан мурда, ата башында турган үй-бүлөдө жашоо-тиричилик өз нугунда жүрөт. Мында балдардын туюмунда «Атамды энем баштап абдан сыйлайт тура», «Атамдын жолун жолдогон», «Атамдын айтканы айткан», «Атаң келсин», «Атаң уруксат берсе», «Атаң эмне дээр экен», «Апа, атама өзүң айт», «Атам урушат го?» – деген ой уюп калат. ...Мына ушундай ой толгоолордун артында алтын-күмүштөй адеп, ыйман билинип турат. Ушундан улам: «Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат», «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн», «Атамдай адам», «Атамдай көрөм» деген өндүү накыл сөздөр жаралган.

Кыскасы, эркекти (зайып эрин) абалы, үй ичи көтөрмөлөгөн. Аял деле албетте, барктуу болгон. Шариятты бек тутуунун натыйжасында эрине акаарат сөз тийгизбөө аялдын жадында жүргөн. «Аял жакшы эр жакшы, вазир жакшы кан жакшы». Алмуздактан бери айтылып келе жаткан ушул накыл ар бир үй-бүлөнүн кулагындагы сырга болгон.

Ооба, үй ээси – эркек. Ал – үйдүн пири. Маселе ошол аркылуу чечилет. Жакшы аял – анын жардамчысы. Ал ага акыл кошот. Өзүнүн назиктиги, эр сыйлоосу, сөз тыңдоосу, жууп-чаюусу, бала-бакыранын ичинде, эл арасында, дасторкон үстүндө эрин сыпаттоосу, кир жугузбоосу, жүрүм-турумун оңдоп-түзөөсү, катарга кошуусу менен ургаачы заты көпчүлүктүн көз кырында турган. Ошондо бабалар баштап айткандай, начар эрин орто, орто эрин жакшы, жакшы эрин мыкты, аны мыктылардын мыктысы кылат. «Атаң көрү, чиркин, менин эле аялым болуп калсачы» – дегендер бар. Андайлар кир кийим кийгизбей, жаман тилин тийгизбей, жанга өлчөлүү жар болуп чыга калат. Ушундан улам: «Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп,

төрүнө өт», «Жакшы эненин перзенти», – деп айтышкан. Ошондойлорго куда түшүүчү.

БАЛАГА БАЙЛАНЫШТУУ КААДА-САЛТ, ЖӨРӨЛГӨЛӨР

АЗАН ЧАКЫРУУ. Бул – жаңы көз жарган наристеге энчилүү ат коюу аземи. Ыңаалап бала көрүнөөрү менен карыялардын бирине үй ээси кайрылат. Атайын азан чакырып берүүсүн өтүнөт. Азанчы даарат алып, адалданып, эки колу менен кулак какты кылып, кыбыланы карап, теребел тегиз укчудай «Аллоо акбарды» үч кайталап, көтөрүңкү айтат. Балага ат коюунун ар кандай шарттары бар: биринчиден, азанчы азан айтып жатканда ойлонуп отурбай, оюна келгенин, көзүнө көрүнгөнүн атап коюу адаты болгон. Мисалы: Туткуч, Койлубай, Малдыбай, Жылкычы, Уйлубай, Таштанбек, Чолпонай, Жылдызкан, Чанач, Отунчу ж. б.

Экинчиден, баланын кандай кырдаалда төрөлгөнүнө байланыштуу да аттар коюла берген. Мисалы: көчүп баратып төрөп салса, Көчкөнбай, Көчаалы; жаңы конушта көз жарса, Конушбай, Конушбек; тезек терип жүрүп төрөлсө, же тезекти карап туруп деле Тезекбай атоо ж. б.

Үчүнчүдөн, ата-эненин сүйгөн аттары болот. Азанчы алардын өтүнүчүн аткарып, ошол аттарды коюп берет. Мисалы: Арстанбек, Алмазбек, Болотбек, Кундуз, Күмүшай, Турсунай, Айнур, Күннур, Нурайым ж. б.

Төртүнчүдөн, өткөн бабаларын, энелерин эскерип, антарбактарды урматтап, ошолордун аттарын кайра коюу жөрөлгөлөрү да болгон. Мисалы: Ормон, Жантай, Балбай, Сыргак, Чубак, Бакай, Сүйүмкан, Апал, Сейтек, Үпөл, Зулайка, Айчүрөк ж. б.

Бешинчиден, аптанын бир күнүндө төрөлсө, аны атап да коюшат. Мисалы: Жума, Дүйшөмбү, Ишенбай, Шаршембай, Бейшенаалы, Шейшенаалы ж. б.

Алтынчыдан, молдолор куран аттарына айрыкча назар ташташкан: Аалы, Үрүстөм, Шаймерден, Жансуп, мында пайгамбар-Сабаалардын аттары да кошо айтылат. Ыйса, Мукамбет, Сулайман, Осмон ж. б.

Жетинчиден, балдарынын аттарын уйкаш коюу салты сакталган. Мисалы: Кадыраалы, Кыдыраалы, Сабыраалы, Жапараалы, Капараалы... Бактыгүл, Ырыскүл, Таалайкүл, Нургүл...

Сегизинчиден, балдары токтобой жүргөн учурларда Токтобүбү, Токтобек деген аттар коюлса, жалаң кыз төрөлүп, эркек баланы көксөгөн учурда Бурулсун, Жаңыл, Уулкелди ж. б. ысымдар берилген.

Албетте, адамга туулуу парз. Ал өсөт, картаят. Табият берген жашты өткөрөт. Бул жарык жана жалган дүйнөдөн көчөт. Ошондо маркумга жаназа окулат да, ал азан чакыргандагы атына багышталат.

БАЛАГА АТ КОЮУ КААДАСЫ. Жарык дүйнөгө ыңаалап келген балага ат ыроолоодо кыргыздарда жакшы каада болгон. Чоң аталардын жолу улук эмеспи, ошондуктан: «Ата, неберелүү болдуңуз, сүйүнчү, эркек экен, кыз экен» – деп ага атайы кабарлашып, карынын карт денесин балкыткан. Албетте, бул – улууну ызаттоо, урматтоо жолун сактоо, Ата пайгамбар сабааларга жалынып, эшикке чыгып, кыбыланы карап, жоошуп жаткан теребелди айланта көз чаптырып, азан чакыра турган. Баланын атын чоң атасы коюусу – ошол элдин салттуулугун сактоо. Андай сыйдын артында «Ушундай алпылдаган абышка болсун, көп жашасын, тукуму өссүн» – деген ак тилек, адил ой жатат.

Ат коюу айтымдары

«Азан айтып атын коём,
Теңир берген затын коём.
Уул болсо жоодон сактаар,
Эне эмизген сүтүн актаар

Атаандашпай малын багаар,
Жерин айдап, данын табаар.
Атасынын мээнети кайтаар.
Алдына дулдул тартаар.
А кыз болсо кырк жылкы:
Кийиз жасап, үйүн жабаар.
Энесинин ишин ачаар,
Гүлдөй гүлдөп, сайма саяр,
Ким болду экен? –
Уул экен, уул экен, уул экен!
Отун алып баксын элди,
Аты болду Отунчу,
Калкына кошулчу».

БАЛА ООЗАНТУУ. Бул – жарык дүйнөгө ыңаалап келген перзенттин оозуна биринчи ырымдап, энелер карын бузуп, сары май салуу, таттыктыруу. Оозу ачылып томурулган сары майдын андан аркысы жентекке берилет. Бешик тоюна коюлат.

Азыр наристелер төрөт үйлөрүндө төрөлөт да, андай ырым-жырымдар колдонулбайт. Бала суу, ширелүү суюктук, эненин эмчек сүтү менен наар алат. Эненин эмчек сүтү – ууз сүтү баланын тоюнушу үчүн жана тирлениши үчүн күлазык болуп саналат. Ошондуктан: «Эне сүтүм – эмчек сүтүм. Апа сүтүм – ак сүтүм» – деп айтылат. Эне ордуна бирөөлөр эмизсе – элик сүтүм деп коюшат. Бала ирбийиңки тартса, тотукпаса: «Эне сүтүнө тоюнбай калган» өндүү сөз айтылган.

СҮЙҮНЧҮЛӨӨ. Бул – жарык дүйнөгө келген наристени жакындарына, жакшы санаалаштарына кубаныч катары кабарлоо, анын эркек же кыз экендигин билгизүү үчүн бала-бакыраны, кээде чоңдорду деле бирөөлөргө чуркатуусу. «Сүйүнчү!» – деп эшиктен кирип, эркек-кызын айтканда эле элибиз эч нерселерин аячу эмес. Көгөндөгү козу-улактардан чечип берген. Кийин көбүнчө акча сунууга өткөн,

кездеме берген. Эгер балалуу болбой жүрүп, балалуу болсо, же эркек балалуу болбой жүрүп, эркек балалуу болсо, ырымдап, абалы өз боюндагы топчусун үзүп-кесип, бетаарчысын сүйүнчүгө карматкан. Кийин сүйүнчүлөгөн адамды өзүнчө ыраазы кылган. Элибиздеги кенен-кесир жайылган бул салтты улуу «Манастан» көрөбүз. Манас төрөлөрдө Жакып хан куржун толо карк алтынды атайын артынып, талаага кетет. Аны сүйүнчүгө барган Акбалтага карматат. Мындай жакшы салтты мындан ары талаптагыдай жанданта берүүбүз керек.

КӨРҮНДҮК. Бул – жарык дүйнөгө жаңы келген наристени укандар барып көрүүсү, мурдунан чымчып, бетинен өбүү үчүн көрүндүк берүүсү. Аны доолаган адамга акча-тыйын, буюм-тайым, кийим-кечек сунуусу. Мындай ырасми кыргыз элинде кенен жайылтылган. Мында купулуна толуучу көрүндүгү жок болсо, «көрүндүктү кийин берем» – деп да наристени көрүүгө мүмкүндүк болгон. Үмүттүү кишилерден тамаша иретинде көрүндүктү арбын доолашып алуу жөрөлгөлөрү да бар. Мындайда сүйүнчүдөн жакшы санаалаштары шар кетип, арбын көрүндүк карматып, баланын ата-энесинин зоболосун көтөргөн. Көрүндүккө мал да берет.

ЖЕНТЕК. Бул – наристе төрөлөөрү менен кошуна-колоңдорго жетине албай, зор кубаныч менен даам сыздыруусу. Болгон тамак-ашын ортого коюп, «кел бери» болуп туруусу. Жентекке сары май томурулат. Боорсок төгүлөт. Токоч сындырылат. Эт тартылат. Татымал коюлат. Суусундук болот. Кийин арак-шарап көп бузулуп, ансыз жентектин «бир татым тузу» кемигендей. Албетте, ал элдик салтка коошпойт.

Мурун сары май бузулуп, алды наристеге оозантылып, үйдүн карысына ооз тийгизилип, нарктуулукту билгизген. Жентек үчүн атайын мурунтан козу карын, кой карын, торпок карын сары май бузулган. Аны бала көз жарууга карата сактаган. Анын уландысы бешик тойго коюлган.

ЖЕНТЕКТӨӨ. Бул – жаш наристенин жарык дүйнөгө келишин урматтоо. Ага атайын назар таштоо. Кийим-кечек, акча-тыйын, буюм-кече менен баруусу, мал-сал жетелеп, тамак-аш бышырып келүүсү, баланын ата-энесине сүйүнүч туудуруусу. Муну элибиз жеринен жогору баалаган. Жакындары балага тай-торпок, кой-козу ыроолошот. Туш кийиз, шырдак, ат жабдык өндүү салттуу жана адеми буюмдар да жентектөөгө түшөт. Жентектеп барган жери да жекече сыйын аябайт. «Сыйга сый, сыр аякка бал». Ошого тете тосуп, талаптагыдай кылып узатышат. Ага-туугандардын, куда-сөөктөрдүн, кайын-журттардын, жакшы санаалаштардын мындай абалтан асыл салттарын мындан ары табынан тайдырбай улоолору зарыл.

БЕШИК ТОЙ – БЕШИККЕ САЛУУ. Наристенин төрөлүшү – ошол үйдүн чектен ашкан кубанычы! Бешик той каадалуу той катары берилет. Колунда барлары мал союшат. «Илгери анын бешик тоюна ак кочкор союлган» – деген сөз бар. Тай соёт. Чакырылгандар бирдемелерин ыроолоп алпарат. Ага: көйнөк-кече, ороо-чулгоо, акча-тыйын кирет. Адатта, таяке-тайындары бешигин, шимегин жасатып, анын төшөнчү-орунчусун жасалгалап барышат. Той желет. Бешиктин күлтүгү, эки олпогу, төрт жаздыгы, чарчы ороосу, кыпчыгы, шимеги болот. Булар – наристенин төшөнчүсү. Мунун бир мисалы: Набаттуу байбичелерибиз дасторкондон кийин, оң-сол чүкөлөрдү бешиктин беш жагынан көтөрүп эңкейтип, «бар бол» «ок бол» – дегенде, ал чүкөлөр күлтүгүнө түшүп кетет. (Ага дейре бешик менен шимекти майлап, арча аркылуу «аластап» алат). Ага колдорун тийгизип, ич ара ырымдашкан байбиченин эки тарабында отурушуп, наристени жаткырышат. «Бешик апа, бек карма, Умай эне, уйку бер» – деп, баланы таңат. Жуурканы, куржуну, кабы, баштыгы болуп, жети нерсени бешикке жаап, төрөгөн энесине карматат. Ал көтөрүп алып, төрдөн эшикке, эшиктен төрдү көздөй жүгүнөт. Байбиче-

лер алкашат. Баталарын беришет. «Алдей, алдей ак бөбөк. Ак бешикке жат бөбөк...». Эми бешик терметилет.

Кыйла жылдар өткөндүн саркындысы, артта калуучулук катары бешикти жериген кездер да болгон. Бешик – ыйык буюм. Себеби, анда жарык дүйнөгө келген наристе жатат. Бул – баланын тазалыгы, организминин ойдогудай өсүшү үчүн тээ ата-бабалардан, касиеттүү Умай энеден калган таберик. Көчүп-конууга да ойдогудай шартташкан. Көчкөндө өз энеси өңөрөт. Жыгылып кетсе, баланын эти оорубайт. Анткени аны бешик сактайт. Ал ошондой оңтойлуу жасалган. Каада-салтыбызды, үрп-адатыбызды кайрадан жандандырууга жан-дилибиз менен аракеттенип жатканда Жунушбаев Мадис (Нарын шаары), Сабырдинов Айылчы (Балыкчы шаары) өндүү ондогон усталардын жасаган бешиктерине кардарлар арбын түшүп турат.

Бешикке салуу аземи бала төрөлгөндөн 40 күндөн кийин башталат. Наристенин карын чачы так ошондо алынат. 40 кашык сууга кара тузду татытып, ага кириткенде баланын эти бышып, ырбаак болбойт.

НАРИСТЕНИН КЫРКЫН ЧЫГАРУУ. Бул – көз жарган балага карата болгон ырым-жырым. Наристе төрөлүп, тупа-туура 40 күнгө толгондо айылдагы байбичелерди чакырат. Баланын энеси колунда бар дасторконун жайып, тамак-ашын коюп, наристени сууга киритишет. Чачын алат. Кырк кашык сууну куюп, ага туз кошуп, баланын денесин чайкашат. Бул баланын денесинин чың болушуна өбөлгө түзөт.

Илгерки ырымда 40 түрдүү чүпүрөктөн (түрлөрү 40 болбосо да бир нече түстөгү чүпүрөк) көйнөк тигип, (кээде төрт-беш эле өңдөгү кездемелерден тигишип), ичин сыртка каратып, балага кийгизет. Кырк куректан «Куракчылык өнөрү келип чыкты» – деген кеп бар. Баланын чачы жан баспай турган, жашыруун жайга коюлат. Байбичелер дасторконго бата тилешет. Ал бата өмүрү узун, биздей улуу

жашты жашасын – өңдүү мазмунда берилет. Мына ошол учурда баланын тырмагы да алынат.

БЕШИК ТЕРМЕТҮҮ. Адатта, бош турган бешикти терметүүгө болбойт. Наристе – Ата Мекендин болочок ээси. Албетте, бөбөк бөбөктүү болгондон тартып бешигин терметүү шыбагасы, бир чети түйшүгү пайда болот. Муну терметүү – аны уктатуу. Бешикке бөбөк жөн эле уктатуу үчүн бөлөнбөйт. Ошого карата назик терметүү аркылуу ар түрдүү жакшы ойлор, тилектер айтыла берет. Ал «Бешик ыры» деп аталат, мисалы:

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Элин багып, сыйлаган,
Эл менен бирге жыргаган,
Эмгекчил болгун, бөбөгүм!

* * *

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Калкын багып сыйлаган,
Калк менен бирге жыргаган,
Камкор болгун бөбөгүм!
Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Короок толгон койлуу бол,
Өрүшүң толгон малдуу бол!
Кампаң толгон дандуу бол!

* * *

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Куштар менен сүйлөшкөн,
Кушту таптап үйрөткөн,
Мүнүшкөр болгун, бөбөгүм!

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Колунан көөрү төгүлгөн,
Өнөрү көзгө көрүнгөн,
Өнөрпоз болгун, бөбөгүм!
Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Бабаң айкөл Манастай,
Баатыр болгун, эр болгун,
Кабылан болгун, шер болгун!

Бешиктеги наристе мукам ыр менен кошо термелет. Бешик ыры байыртан ырдалып келет. Мында үн менен ырдын ыргагы, күүсү бешиктин термелиши менен үндөшүп, бир калыпта солгун ырдалат.

Бешик ырында ата-эненин, ага-эженин балага болгон мээрими, сүйүүсү күчтүү сезилет.

Алдей балам, ак балам,
Ак бешикке жат, балам,
Айланайын көзүңдөн,
Атасына нак балам.
Айланайын, чырагым,
Колго бүткөн курагым.
Жакадагы кундузум,
Асмандагы жылдызым.

Мындай ырлар – ошол мээримдин, сүйүүнүн мисалы. «Бешиктеги баланын бек болорун ким билет».

Кийин бешик ыры жаңы мазмун менен байыды. Буга Алыкул акындын төмөнкү ыр саптары күбө:

«Күндөрү ойноо, тентек бала кезиңдин
Ачып кирер жаңы заман эшигиң.
Укта, бөбөк, бардыгына жетерсиң,

Ай менен Күн ортосунда бешигиң.
Укта бөбөк,
Уктай гой,
Убайымсыз
Жыргалга ашар сендеги ой».

Ал эми кытайлык кыргыздардын бешик ырлары мындай башталат:

Ообай, ообай, ообайым,
Оозума таттуу балдайым.
Как өзүңө ылайык,
Каймакка бышты буламык.
Жуумп көзүң уктай тур,
Жуулбай турат кол кашык.
Алдей, алдей ак балам,
Апакеңде не жазык.
Сал, сал, сал билек,
Сары майга мал билек.
Кунан койду сой билек,
Куйругуна той билек.
Алдей, алдей, алдейим,
Артымда калар белегим.
Алдей балам не ыйлайт?
Аргымак минем деп ыйлайт,
Ага токуур ээри,
Ак күмүш болсун деп ыйлайт.
Козудан тандап сойсун дейт,
Куйругуна тоём дейт.
Апакем берсе мамасын,
Анан ыйым коём дейт.
Коргосоң эли-журтуңду,
Көтөргүн оң бутуңду.
Көзүндө калы бар бекен,
Көрөгөч болор неме экен.

Багар болсоң журтуңду,
Көтөргүн оң жак бутуңду.
Төбөдө турат уюлу,
Төрүбүздүн кутубу.
Төөлүү кылсаң үйүңду,
Көтөргүн оң жак бутуңду.

ТУШОО КЕСҮҮ (тушоо тою). Бул – бала бир жашка чыкканда, б. а. жыл маалына төп келгенде өткөрүлө турган салттуу жөрөлгө. Ата-эне мал союп, айыл-апага той берет. Ага карата жайында кымызды көрөңгүлөтөт, кышында бозо кордолот. Ичип-жегенден соң тойго катышуучулар балага ак баталарын беришет. Тойдогулар жапырт эшикке чыгышат. Демек, тушоо кесүү аземи башталат. Там-туң баскан баланын эки бутуна кара-актан чалынган (эшилген) жипти каршы-терши казыкбош чала байлашат. Топтолгон балдар бута атым аралыктан чуркоого коё берилет. Алар жарышып келишет. Озгон бала колдогу бычакты алып, баланын бутундагы ала жипти чарт кесет да, башкы байгени алат. Мында да кадимкидей баш байге (биринчи байге), экинчи байге (бирдин арты), үчүнчү байге (экинин арты) коюлуп, бир тобуна байге берилет. Байгеге тай, торпок, кой, козу, улак, акча ж.б. ылайыкташтырыла таратылат. Тушоо кесүүдөгү биринчи күлүккө баланын бутундагы жипти кескен бычак кошо берилет.

Тушоо кесилгенден кийин баланы эки колунан «тайтай, тай» – деп, тайтайлашат. Мына ушундан кийин чалынбай-жыгылбай, зор ишенимде баланын шар басып кетүүсү башталат.

Тушоо кесүү – баланын бир жаштагы тою. Ошол үйдүн шартына байланыштуу эркек балдар өзүнчө, кыз балдар өзүнчө, улан-жигиттери өзүнчө, кыз-келиндери өзүнчө, улгайгандар, зайыптар өзүнчө чуркашып, тойдун аземин шаңдандырып, жандандырып, мартабалуу кылып жиберишет. Ошого карата, албетте, байгелери коюлат. Кой сою-

лат, тай союлат. «Алыбек алына жараша», айрымдары жупуну эле тушоо кесүү ырымын жасашат. Ырым кармап, тушоо кесүүнүн салтын өткөрбөй койгондор да кездешет. Тушоо кесүү салтына байланыштуу «тушоосу ошондо кесилген» (анын ишинин оңоло башташы), «тушоосун ошо кескен» (көтөрмөлөп жүргөн адам), «тушоосу кесилбей калган» (ишинин учурунда оңдой-берди болбой калышы) өңдүү өтмө маанидеги түшүнүктөр айтылат.

Бул ырымдын башатында ар бир аракеттин, нерсенин ээси бар, ошол жөнгө салып турат, демек, там-туң баскан баланын да ээси болушу ыктымал деген көз караш, түшүнүк жатат жана буга байланыштуу баланын тушоосун кесүү ырымы пайда болгон. Кыскасы, мындай көз караш баланын тушоо кесүү ырымын жараткан.

«Жашы бирге чыкканда,
Эмгектеп тизе жырткanda,
Тушап туруп тушоосун
Бычак менен кыркканда,
Жарыштырып балдарды,
Калыс кылып карттарды,
Даңазалап той берет,
Чыкканына кой берет».

(А. Чоробаев)

ЧАЧ АЛДЫРУУ, КУЛАК КӨЗӨТҮҮ, ЧАЧ ӨРДҮРҮҮ. Чач алдыруу – көбүнчө эркек бөбөктөргө байланыштуу ырым-жырым. Аны жасатуу – ата-эненин демилгеси. Бул – уулун ылым санашкан же ниети чапкан адамына кийимкечек, буюм-тайым алып, тамак-аш куржуну менен келип түшүү. Келүү максатын түшүндүрүүсү. Түшкөн үй ал коногун күтүнөт. Баланын «чачын алды» кылып, кайчы, устара аркылуу ырымдайт. Негизи кыргызда ага бодо мал энчилеген.

Кыз баланын кулагын көзөтүү менен чачын өрдүрүү ырым-жырымы жогорудагы салттан анча айырмаланбайт. Ошондой жол-жоболор менен эле келип түшөт. Кулакты ургаачы көзөйт да, ага жибек жип өткөзөт. (Ырбап кетпесин үчүн ага иттин жүнүн чыйратып өткөрүүчү). 4-5 жаштагы кыздардын кичине өрүүгө жарайын деген чачын «чымчып коёт», «өрдүрдү» кылып, мойнуна шуру, чачына көк мончок тагып берет да, колунда барын энчилейт. Адатта, чач алдыруучулар, кулак көзөтүүчүлөр, чач өрдүрүүлөр колунда бар (мал чыкчу) жерди алдыртан көздөп келет. Мындай салттар элибиздин адамгерчилигин, мартабалуу сыйын, өз-ара биримдигин билдирген.

СӨЙКӨ САЛУУ. Бул – куда түшүүнүн башталышы. Сыр билги адамдардын сырдана мамилеси, ич ара кадыр туткан каада-салттардан. Мал алып келүүсү (илгери тогуздап барып түшүүчү). Кыргызда абалтан күмүш сөйкө нарктуу болгон. Үй ээси урматтап тосуп, кайра кийит кийгизип узатуучу. (Бардарлар дейилде, лампүк, манчытар, кымкап кийгизишкен). Айрымдары ушундан баштап болочок келини үчүн колунан келген урунтуктуу байлыктарынан алдыртан жылдырып берип турган.

Үйгө келгендер ошол үйдүн ички тиричиликтеринин тирденишине чейин көз салат: үйдүн тазалыгы, жүктүн жыйылышы, келди-кеттилерге илбериңкилиги, дасторкон жайып, чай куюшу, сунушу ж. б. Отуруп-турушу, көз карашы ички сындан өткөндөрдү кылтактап алган. Акырын кыздын башы ачык же ачык эмес экендигин билүүчү. Муну кыз тандоочулар айтып келип, баланы жолдош кошуп берип жиберүүчү. Аны бала жактырса, анан жуучу баруучу, кулдук уруучу. Эки тарап макулдашса, куда түшүп, сөйкө салуучу.

Кыздын жашы жете элек болсо, албетте, күтүшкөн. Ага дейре куда мал өткөрүп, калың, себи даярдала берүүчү. Жигит болочок колуктусун сыртынан акмалап, айла тапса, жеңелери аркылуу чанда көрө коюп жүрүүчү. Илге-

ри жаштарда ээн баштык болбогон. «Кызга кырк үйдөн тыюу» ошондон калган. «Отко жакын шиш күйөт, энеге жакын кыз күйөт» – деп, кыз эс тарткандан баштап энеси ар бир кадамын, баскан-турганын баамдайт. Арыктан аттоонун, атка минүүнүн сыйда, сыпаа жолдорун үйрөтө берген. «Жакшы кыз кылыгы менен, жакшы ийне учугу менен» болуп, тамак ичүү, эл менен учурашуу, мейман тосуу ж. б. күндөлүк тиричиликтеги жол-жоболорду үйрөнүү боюнча ушул өңдүү күндөлүк тиричиликтеги жол-жоболорду үйрөнүү эже, жеңелери аркылуу турмуштук мектептен өткөн. «Уулдуу болсоң – узун сүйлөбө, кыздуу болсоң – кыя сүйлөбө», «Кыз жаманы – кыроо», «Кыз туудум, кылыгын кошо туубадым» – мына ушулар так ошондой тарбия-таалим аркылуу тапталган.

Мында куда болуучулар бири-бирине кулдук уруп, өз ара ызаатташып, болочок жаш үй-бүлөлөргө түбөлүктүү камкордук көрүшкөн. Акырындык менен кыз-жигитте баш кошуу сезимдери пайда болгон.

Арийне, «ала качуу», анын артында «соттошуу», артынан сая түшүп «кууп баруу», «ачуу басарлар», «чуу басарлар» өңдүү жан эттти ташбыштыга салган доолашууларга караганда элдик даанышман бул салтты өз нугунда улап калуубуз керек.

СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ. Бул – бөбөктү (3-5 жаштын ортосундагы уулду) мусулманчылыктын жышаанында ырымдатуу (чочогун кесүү). Абалы ага карата той берилет. Аны ар ким алына жараша жасайт. Сүннөт той – чоң той. Ал «баланы отургузуу тою» деп айтылат.

Илгери байлар, болуш-бийлер, манаптар, улуктар кыскасы, бардарлар сүннөт тоюн бир нече күнгө создуктурган. Анда «улак тартылат», «ат чабылат», «эр эңиш», «балбан күрөш», «тыйын эңмей», «жамбы атмай», «ордо атмай» оюну болгон. Бир жерде кыз-жигит оюндары уланган. Карыялар дөңдө алдыларына суусундук койдуруп, санжыра чечишкен. Байбичелер келди-кетти, катыш-коюштардын

жолдуктарын, жөрөлгөлөрүн жасашкан, келин-кесектер, улан-жигиттер шайдооттоно тойго кызмат кылышкан. Той аяктаган соң, жалпы элге бата тиленген. Милдеттүү коноктор аттанышкан.

Сүннөткө отуруучу баланын колуна кашка жиликтин устуканын карматып, кээлери токоч берген. Бул токчулуктун белгиси делген. Баланын колу жоолук менен таңылган. Чоң атасыбы, не чоң энесиби, айтор бирөөлөрү баланы алдына алып отурган. Ушул иштин чебери атайын колу жеңилдерден болгон. Ал баланын чочогун учкайраак кош чий менен «жанын өлтүрө» кыпчып туруп, белгилүү өлчөмүнөн «чырт» эткизип кесип койгон. Ырбап кетпеси үчүн илгери тезек-көңдүн күлү сыйпалган. Баланы жылуу жайга кармашкан.

Кыргызда баланы отургузуу ырымы азыр «сүннөт», «сүннөткө отургузуу», «колун адалдатуу», «колун адалдоо» деп аталат. Түштүк аймакта жашаган ичкилик, кыпчак тобунда «Хатна» деп да айтылып жүрөт.

Орто Азияда бул адат ислам дининин кирип келиши менен дагы да катуурааk бекемделип, элдик эрежеге өттү. Хатна кылуу мусулмандык шарттын негизине айланды. «Улуу Хатна тою» – «перзенттин колун адалдоо», «отургузуу», «сүннөт тою» деп аталат.

Мусулманчылыкта 7 жашка чейин отургузуу белгиленген. Адатта, хатна так 1-3-5-7-9 жашта ишке ашырылган. Жаш баланы 2-4-6-8 жашында отургузбайт. Жуп жашында отургузган бала сезгенип калат. Тукум болбой калышы да мүмкүн. Кээде айрым балдар табияттан тубаса келгендей абалда түшөт. Мындай баланын атын мусулмандар «Сүннөт» деп коёт. Алар үчүн тою өткөрүлгөнү менен отургузулбайт.

Отургузуу үчүн даярдык чоң өткөрүлөт. Отургузууну айыл ичинде колунун усулу бар (жулукчу) уста, чач тарач гана жасаган. Бул учурда сүннөткө отургузулуп жаткан баланын үстүнө аял киргизилбейт. Атасы же айыл карысы

кирип жаш баланын бутун кармап берген. Кескен учурда балага нан тиштетип, эки колун муздак сууга салдырып коёт. Кесилген жерге курмушу баскан. Кийиздин күйгөн көөсүндө кан тез токтогон.

Ушул күндөн баштап сүннөткө отургузулган уул наристеликтен балалык баскычына өткөн. Бир аптада бала түзөлүп, кадимкидей басып кеткен.

Мусулманчылыкта баланы өз учурунда сүннөткө отургузуу – атанын ыйык милдети. Дарыгерчиликте-табыпчылыкта мунун мааниси аябай зор. Кийинки чактары (айрыкча, аркалык кыргыздарда) врачтарды чакырып, жолдугун жасап, медициналык жактан «ырымдатып» коюшууда. Сүннөткө отургузуу зарыл түрдө керек.

АК КИЙИЗГЕ КӨТӨРҮҮ. Бул – балага ак бата алуунун бир түрү. Т.а. «балага бата берели» – деп, ал үйдүн баркын көтөрүп, зоболосун чыгарып, баласын ак кийизге салып көтөрүү аркылуу мейман болуусу. Кой-козу сойдуруп жеш аземи. Улуу «Манаста» Манасты кичинекей чагында ак кийизге көтөрүүсү, Жакып ханды урматтоо вазийпасы жакшы сүрөттөлгөн. Ошондон бери салтка айланган. Мында ата-эне атайын тамак ичип, куштар санаалаштарынан эчтеке аябаган. Жарпы жазылып, жарык маанайда коноктоп коё алышкан.

МҮЧӨЛҮҮ БОЛУУ (МҮЧӨ ТОЮ). Бул – баланын балагатка жетүүдөгү алгачкы белгилүү учуру. Адатта, бала 13 жашка чыкканда бир мүчөлүү болот. Айрымдар ага арнап той берет. Ошого 12 жылды кошуп отурганда 25 жаш эки мүчөлүү, 37 жаш үч мүчөлүү, андан ары 49, 61, 73, 85, 97 ж. б. жаштар адамзаттын мүчөлүү жылдары болуп саналат. Мындан беш мүчөлүмүн, алты мүчөлүмүн деп айтылат. Ошол чактарын адам белгилеп, өзүнө да, малына да, дүнүйөсүнө да кудай алдында садага-секет берип, мал союп, кан чыгарып, кошуна-колоңдорго таратып, бата алып туруу парзы бар.

Атактуу мааракелер өтүп жатат. Күмүш тойлорун, алтын тойлорун белгилөө демилгелери бар. Албетте, булар мүчөлүү болууга (мүчөлүү тоюна) ойдогудай шартташат.

Камбар Атанын тукуму жылкыны да асый, эки асый, үч асый дешибиз мүчөлүү болушун айкындайт. Илгерки карылар: «Өзүм да беш мүчөлүүмүн, атым да беш мүчөлүү» – дешчү экен. Демек, ошондо өзү 73төө, аты беш асый (сегиз жашта) экенин баамдата турган.

Мүчөлүү болгондо өзүнүн ырым-жырымдарын милдеттүү түрдө жасоо шарттары бар. Ал күнү байбичелер мүчөлүүнүн жаткан жайын, жууркан төшөгүн, бөлмөсүн жыт чыгарып, арча аркылуу аластап коюучу. Жети түрдөгү даамдан (суу, туз, дан, эт, май, мурч, жашылча) турган тамак-аш жасап, тегерек-четин чакырып ооз тийгизген, батасын алган. Көпчүлүк жерлерде ботко (көжө) кайнатылып, куйрук май, бөйрөк май катыктап койгон. Мүчөлүүгө, айрыкча, кыздарга кызыл көйнөк тигип да беришкен. Эски кийимдерин өрттөп коюшкан. Албетте, муну мааракe катары түшүнүшкөн.

Кээ бир адат-салттардын бири бирине карама-каршы келген жактары бар. Мисалы, кыргыз элинде баланын туулган күнүн эмес, анын ордуна туулган жылын белгилөө болгон. Бул мүчөлү дегенге жатат. Мүчөлүк белгилөө чыгыш элдеринин 12 жылдын жыл эсебине байланыштуу өткөрүлүп келген. Мисалы, чычкан жылында төрөлгөн бала кайта айланып дагы чычкан жылы келгенде 12 жашка чыгат. Мына ушул он эки жашы анын бир мүчөлү. Кийин он эки жашка (төрөлгөнгө чейинки деп) дагы бир жашты кошуп он үч мүчөлү (он үч жаштагы мүчөлү) деп белгилешкен. Ата-эне той тамагын даярдап, чогулуп жакшы тилектерин айтышкан, ырымдап баланын кийимдеринен башка бир балага (жармач) беришкен. Экинчи мүчөлү дагы он эки жылдан кийин 25 жашында болот. Ата-эне балдарынын мүчөлүнө карай быйыл мүчөлү, кудай кырсыктан сактасын деп тилек кылышкан. Ошентип, ар бир адамдын мүчө-

лү он эки жылда бир келет. Бирок улам улгайган сайын ал атайылап деле көңүлгө алынбай калат. Анткени менен ар бир Нооруз (жаңы жыл) келген сайын ушул жылы кимдин мүчөлү болсо, алар үчүн эки майрам бир келет – туулган жылы жана жаңы жыл майрамы.

Балага байланыштуу эмдөөлөр, ырым-жырымдар

ЖҮРӨГҮ ТҮШКӨНДӨ бала ооруп, куса баштайт. Башындагы эмгеги бөксөрүп калат. Ал – жүрөгү түшүүнүн белгиси. Ошондо кол менен жүрөгүн көтөрөт да, оозун ачтырып, сөөмөйдү салып апаптайт. Кичине балканы ар бир мүчөсүнө тийгизип: «Менин колум эмес, Умай эненин колу» – деп, үч маал ушинтет. Ошондон соң баланын ден соолугу калыбына келет.

КӨЗ ТИЙГЕНДЕ. Бирөөлөрдүн көзүндө, бирөөлөрдүн сөзүндө болот. Бала башкачараак көрүнө түшсө, башкалардын эле эмес, ата-энелеринин да көзү түшүп, балага кирине кирет. Мында да бала ынтыгып ооруп, тамакка табити тартпай калат. Ошондо оттун күлүн чыныга толтура салып, үстүн жаап алып, таманынан, алаасынан тартып бардык мүчөлөрүнө тийгизет. Муну күнүнө үч курдай ушинтип, улам эмдеген сайын күлдөн чымчып алынып турат. Чынынын даана бөксөргөнү – балага кирине киргени, бирөөнүн көзү тийгени. Же болбоосо ошол көзү тийген адамдын кийиминен кичине кайчылап алып, аны күйгүзүп, балага жыттатса, ал миңдин бири болот.

Баланын бойдон түшүүсү, же баланын төрөлүп токтобошу тууралуу ырым-жырымдар бар:

Биринчиден, төрөлгөн баланы карышкырдын жаагынан (оозунан) акырын өткөрүү ырымы бар.

Экинчиден, кошуналарына берип, «берди» болуп бактырып, кайра «сатып алды» кылып, жолдугун жасап, ырымдайт.

Үчүнчүдөн, көчүүдө журтка бешиги менен таштап, кайра имерилип келип, эңип кетет.

Төртүнчүдөн, баланы ичте көтөргөн эне өзүн-өзү аярдап жүрүүсү зарыл. Бирдемелерден «коркпоюн» деп эске алып жүрүүсү тийиш. Ага үй-бүлө шарт түзөт.

Бешинчиден, ал оор жумушка чегилбеши, оор нерсени көтөрбөшү керек.

Алтынчыдан, каалаган тамагын тоё жеп турат, ичимдик жагына жолобош керек. Эне-атанын ошол тапта ичимдик ичүүсү түйүлдүккө зыян келтирет.

Баланын тамагы ооруганда кызара түшөт, жөтөлөт, тамагы кырылдайт. Мында кара тузду майда талкалап, сөөмөй аркылуу оозун ачтырып, үч күнчө басат. Мындан кийин без болбойт. Кара туз бул ооруда миңдин бири.

АТА-ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН ИЧ АРА МАМИЛЕСИ

Бала тууралуу ата-эненин күндөлүк камкордуктары.

Атанын камкордугу менен курсактагы баланы бапестөө. Ал үчүн энесинин көңүлүнүн жай болушу, каалаган тамак-ашты ичүүсү, өз учурунда уктоосу, оор жумуш кылбоосу зарыл. Мындан кийин ата-энелер төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

– баланын үйү (тону) түшөөрү менен киндик кесүүсү,
– балага энчилүү ат коюусу,
– сары май менен баланы оозантышы,
– эне сүтүн эмизүүсү,
– сүйүнчү айттыруусу,
– көрүндүк берүүсү,
– жентегин берүүсү,
– кыркын чыгаруусу,
– бешикке салуусу,
– баланы алдейлөө (Бешик ыры),
– бешикти терметүүсү,
– көтөрүүсү,

– бөпөлөөсү, күнүмдүк аспектөө-эркелетүүсү, алпештөөсү,
– торолтуусу – балтыр бешик болуусу,
– асыроо – асыроого берүү, асырап алуусу, отургузуусу,
– ойнотуусу,
– эмгектөөсү,
– каз туруусу,
– тушоосун кесүүсү,
– тай тайлоосу,
– атка өңөрүүсү,
– жетелеп жүрүүсү,
– сүннөткө отургузуусу,
– бакчага алып баруусу,
– айырмачка мингизүүсү,
– учкаштыруусу,
– тай, кунан минип, айыл аралатуусу,
– үндөктөөсү – тарбиялоосу,
– мектепке берүүсү,
– үйрөтүүсү (окутуусу),
– жумшоосу, жумушка чегүүсү,
– мүчөлүү болуусун ырымдоосу,
– үйлөнтүүсү,
– үйлөнтүү тоюн берүүсү,
– энчи бөлүүсү,
– өзүнчө бөлүп чыгаруусу, түтүн булатуусу.
– түндүк калтыруусу.

Мына ушундан кийин ата-эне баланын карызынан кутулат. Ошондо бала ата-энеге арман кылбайт.

«Баланы жоктон бар кылган,
Ата-эне да ушундай.
Күн болуп, нур берет,
Жер болуп, эмчек эмизет.
Суу болуп, кан жүргүзөт,
Аба болуп, жан киргизет».

АТА-ЭНЕ ТУУРАЛУУ УУЛ-КЫЗДЫН МАМИЛЕСИ. Ата-эне бала үчүн аскар тоо, кайнар булак. Эне сүтүн эмизүүсү, элик сүтүн берүүсү аркылуу ата-эне баланын эр жетип, үй-жай күтүү милдетин моюнга алат. Ата-энеге адал кызмат кылуу аракети боорун жерден көтөрөрү менен башталат жана бара-бара жанданат. Айтор, уул-кыздар ата-энелери үчүн төмөнкүдөй милдеттерди аткарышы зарыл: мал тосуусу, отун алуусу, суу куюусу – баланын кол арага жарашы. Тил алчаак болушу, улууларга каяша айтпоосу, колдон келээр, алы-күчү жетээр жумушту тындырып коюусу, ага ата-эненин колун тийгизбөөсү. «Уулум жасап коёт» – деп, ата-энелердин көңүлүн тындырып коюусу, ага-туугандарына, жерге-жээктерине ата-энелериндей мамиле кылуусу. Үйлөнүүдө-жайлануунда ата-энелеринин обондору менен болуусу, аларды кападар таштап, өзүм билгендик, бейбаш иштерге барбоосу. Колуктусун, келинчегин ата-энесине моюн сундуруусу. Карыган ата-энесин айылга таштап, болбогон жорукту баштап, жалгыз уул-келини «бөлүнүп оокат кылабыз, шаардап кетебиз» – деген ой-пикирлерден алыстоосу. Бала жумшоо, келин жумшоо – ата-энелердин бактысы! Келини да: «Мен да ушундай үй-бүлөдөн чыккам» – деп, алардын жашоо-тиричилигине баш ийүүсү, ата-энелер үчүн «Келин келди, ырыс келди» – дегени, карып калганда ата-энени иштөөсүнөн бошотуп, ат мингизип, же машинесине түшүрүп, айыл аралатуусу, аштойлорго жиберүүсү, өлүктөргө топурак салдыруусу, куран окуусу. Кары адамдын тамак-ашын калтырбай таптап берүүсү, бапестеп жылуу багуусу. «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат» көрүнүшү, «Уулу бардын мууну бар, уулу жоктун мууну жок». Ушундай макалды оң мааниде кабыл алуусу. Арак-шарап ичип, абакка түшүп, ыплас иштерге малынып, карыган ата-энесин азапка салбоосу. «Уулум бар дебе, топ ичинен көрүнбөсө» – демек, баласы элжурту менен байланышса, алышса-беришсе, ата-энесинин көөнү өсөт. Улуу акын Токтогулдун:

«Жалындап-жайнап эр жигит,
Жалпыга үлгү бер жигит.
Элиңдин көөнүн калтырба,
Эл менен эрсиң эр жигит», –

деген накылы эске түшөт. Ушундан улам «Атанын баласы болгуча, адамдын баласы бол» – дешет. Адам аты улук. Мындан «жакшы атанын баласы» – деген аныктама келип чыгат.

Кыргызда, тескерисинче, «Жакшыдан мөөн, жамандан жаан» – дейт. Жакшы ата антип калбаса, алымдуу, беримдүү, кайрымдуу уул – ата-эне гана эмес, ага-туугандын, бир атанын, уруктун, уруунун, жалпы элдин сыймыгы.

Кыргыз ата журтунун чыгаан уул-кыздары жүздөп саналат. Алардын бири өйдө, бири төмөн саналбайт. Тарыхка тамга баскандай булар аркылуу башка улуттар менен тең салмакташа алабыз.

Тирүүчүлүктүн мыйзамченеминде ата-эне карыйт. Бир жоголсо, табылгыстардын акыркы өмүр-сааты келет. «Тырс» этип үзүлгөн жиптей, ажалга арга жоктой. Ошентип, эне сүтүнөн да, элик сүтүнөн да балдарынын алдында кетүү, алардан топурак буюруу тилеги орундалат. Көпчүлүк топурак салып калуусун ойлошот. Ак кепиндеп, аруу жууп коюшу – өлүктүн зыйнаты. Мына ушундай иштерди аркалоо менен тирүүчүлүктүн вазийпасы иш жүзүнө ашып, мындай жөрөлгө муундан-муунга өтүүсү – каада-салтка айланып келүүдө. Арийне, муну изден талбай улоо ата уулунун ыйык милдети болуп кала берүүсү керек.

«Кыз бала – бирөөнүн бүлөсү» – деген чындык бар. Деген менен «кыз бала боорукер, кыз баладай болбойт» – дейбиз. Уулду ата үндөктөсө, т. а. тарбияласа, кыздын таалим берүүчүсү эне болуп саналат. Барган жеринен кыз балага бак айтуу тагдыр, а бирок эне жөрөлгөлөрү – кыздын түбөлүктүү жашоолору үчүн чоң өбөлгө. Ошондуктан илгери

кыз тандоодо, атайын барууда, таанышууда, абалы энеси көрүнгөн, сөзгө урунган.

Биринчиден, эне акылы кыз үчүн өзөк, тамыр.

Экинчиден, эненин жумшаганы – кыз үчүн мыйзам. Кызы тестиер болоору менен жүк жыюудан, төшөк салуудан, мал сааштан, казан-аяк жууштан, үй шыпырыштан энесин бошотот. Ал каяша айтпайт, улууну кагыпсилкпейт, эне баарына көз салат. Кызынын чачы кандай өрүлгөн, мудаалап кийген кийими кандай жарашат? Элжурт ага кандай карашат? – Мына ушунун баары эненин көңүл чордонунда турат. «Баланчанын кызындай» – деген-ден оолак болгусу келет.

Үчүнчүдөн, ажал жетип, күн бүтсө, ата-эне көз жумса, кыз бала жоктоп, кошок кошуп отуруусу, өтө күйөрмандыгын жасоо зыйнаты – кыздын акыркы милдети!

БАЛАЛЫК МИЛДЕТ. Ата-эне карыганда бала күндөлүк багуудан тышкары, непада, ажал туура келип, мурун апасы өлүп калса, атасына аял алып берүүгө милдеткер. Карыган адамдын этегин жаптыруу, күндөлүк тейлеп туруу үчүн сөзсүз камкордук кылуунун зарылчылыгы бар. Ошондуктан, баланын атасына жубай алып берген эстүү байбичелер да анын балдарына мээримин төгөт. Балдарын багышып, өз энесиндей болот. Ата бала-бакыранын колунан узагандан соң кийинки энени да так ошондой барктап-бапестеп багып узатуу, зыйнатын кылуу – парзыбыз. Чынында, ал эне да «Абышканын этегин кармап, оокат кылайын, көзүм өтсө, балдары багат, көөмп коёт» – деген кыязда жүрөт. Албетте, ата-энени, карысын сыйлоо салты кыргызда укмуштай нарктуу болуп эсептелген. Ал эми эгер атасы энесинен мурун көз жумса, бала эне сүтүнөн кутулуунун бир шарты «Апа, эрге тий!», «Апа, эрге тий!» «Апа, эрге тий!» – деп, үч жолу айтуу, өтүнүп коюу шарты бар дейт шариятта. Андай кылбаган баланы эне көөнүнө алып: «Он уулум болгуча, осурак чалым болсочу» – дептир.

«Кулаалы таптап, куш кылдым,
Куюккан таптап, туш кылдым,
Тел куш таптап, куш кылдым.
Тентегин жыйып, журт кылдым,
Бирликтериң болбосо,
Кулаалы кетээр кошуна,
Куюккан кетээр журтуна,
Тел куш кетээр жерине,
Тентиген кетээр элине».

(Чынгызхандын балдарына айткан кеңеши)

Атадан үч уул төрөлсө, бардыгынын кыял-жоругу бирдей сапатка ээ эместир. Аларды карыялар: «атадан кем бала», «атага тең бала», «атадан артык бала» – деп атай турган.

«Кем бала» атанын абийирин төгөт. «Жүгөнү жок атка» окшойт. Зөөкүрлөнүп, эл караган бетин жер каратат. Жакшы атага наалат айттырат. Ата корунуп калат. «Жакшыдан мөөн туулду» болот. «Атага тең бала» – «атанын баласы – тондун жакасы» катары бааланат. Жер караган ата эми эл карайт. Топко кошулат, катарда отурат. «Баланчанын баласындай болгула» – деген наркка-салтка татыйт.

«Атадан артык бала» – элдик бала. «Эл-жер» – деп согот анын жүрөгү. Көпчүлүктүн көңүлүн табат, баарына бирдей жагат. Ал атага алдыдан демөөр берет. Кээде андайды «жамандан жаан туулду» – дейбиз да, уулду журтчулук колдоого алат. Ага эли-журту сыймыктанат, медер тутушат. Бул бир элди, бир айылды бир адам багат дегенди туюндурат.

АТА-ЭНЕНИ УРМАТТОО. «Атам өлсө, өлсүн, атамды көргөндөр өлбөсүн» (макал). Демек, атасын билгендер өлбөсө, ал ата ордуна көрөт. Анын атасынын ардактуулугун туюнтат. Өлүм парз, өкүмүнө көнгөн пенде. Бул жарык жана жалган дүйнөдө ата-энесин кимдер түбөлүккө кармап

жүрүптүр. Айыл ичинде атасынын асылкечтерин ата ордуна сыйлоодо алтын ой-максат жатат.

«Ата – аскар тоо, эне – соолбос булак», Ата уулун, эне перзентин: «Атанын баласы болгуча, адамдын баласы бол» дегенибиз – баарыдан мурда, адам бол дегенибиз. Адам болуу – абалы үйдө ата-энеге моюн сунуу, анан ата-бабаны, ага-тууганды, улуу-кичүүнү, айыл ичин, урук-уруунуу, жамы кыргызды сыйлоо, бөлөк-бөтөнгө сылык, сыпаа адам катары мамиле жасоо. Ооба, «Атадан жакшы туулса – элинин камын жээр, атадан жаман туулса – элинин малын жээр». Ата-энени урматтоо – адамзаттын тиричилигиндеги ардактуу жөрөлгө, урмат-сыйлоонун бийиктиги. Урматтоо – ошол даражага жеткирүү. Эмесе, баланын ата-энени сүйүү сезими мындайча башталат. Бала көз жараары менен эненин эмчегин издейт. Апага, атага абалы көзү кабылат. Күлөт, башын токтотот. «Кыркын» чыгараары менен аста-секин аларга талпынат. Балтыр бешик болот. Отурат. Эмгектейт. Ата-эненин көтөрүүсүн, атка өңөрүүсүн, чанага сүйрөөсүн билип калат. Адатта, мына ушунун баары – ата-эненин жыты, аларга жакындоо, сүйүү сезими. Бала кас турат, тушоосу кесилет. Ата-энени ээрчийт.

Эми ата-эне баланы үндөктөй баштайт. Баланын атаны «ата», энени «эне», «апа» деши – сыйлоонун башаты. Бирдеме десе аны дароо угуп, ошондой болгусу келе баштайт. Алына жараша жумшаса, дароо чымын-куюн жетип барып келет. Бейбаштык кылбоо, «эмнеге жумшайт» – деп туруу ата-энесинин үндөөсү. Ата-энени урматтоонун асыл белгилери: тил алчаактык, элпектик, каяша айтпоочулук, кежирленбөө, сылыктык, сыйдалык, илбериңкилик, боорукердик, табышкердик, жолдошчулук, жоомарттык, арийне, булардын баары – күндөлүк күйпүл турмуш-жашоодо сөзсүз боло берүүчү нерсе. Бул – баланын мойнундагы парзы.

Урматтоонун эң негизгиси – ата-энени эл арасында кеп-сөзгө, уятка калтырбоо, беделин сындырбоо. «Шаб-

даалынын балдарындай», «Исактын балдарындай» – деген атка конбоо. Айлана-чөйрөсүндө, алыс-жакынга баласынын айдыңы аркылуу ата-эне элдин сын-сыпатына жетүүсү абзел. «Жакшы бала ата-энени төргө сүйрөйт. Жаман бала ата-энени көргө сүйрөйт», «Элге кызмат эткениң – улуу урматка жеткениң». – Булар ар бир баланын көңүл чордонунда турууга тийиш.

Албетте, мындай сапаттардын белгилүү өлчөмү кыз балдарга таандык. «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат». Алар эненин үндөктөөсүндө тарбия-таалим алат. Барган жеринен ак этек жалгоосу – жабылуу ак инген болуусу, чыгыштык кылбоосу, кайрадан келип, төркүнүн төрүндө отурбоосу, наалат келтирбөөсү. Бир жайдары оруночок алуусу, дөөлөтүң — ата-энең, таалайың – уул-кызың. Бара-бара балпайган байбиче аталып, баркка жетүүсү. Мына ушул белгилер ата-эненин кадыр-баркын арттырат. «Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт», «Эне көргөн кыз эмес, эндик көргөн бет эмес». Демек, бул – ата-эненин кейиши!

Ток этээр жери:

«Тогуз уулуң бар болсо,
Топто бирөө жок болсо.
Баары бирдей бок болсо,
«Уулум бар» – деп мактанба,
Убайыңа шаттанба!»
Анда ата-эненин шору эмей, эмне!?

Улуулар, меймандар, урматтуулар шып кирип барса, тура калып салам айтат да, төрдөн жай берет. Адатта, үй ээси малдаш токунуп, желбегей жамынып (кээде отту көсөп) отурууга шартташкан. Дөөлөттүүлөр куш жаздыкты чыканактай отурган. Боз үйгө кирип, оңго бурула барып, эпчи тарапка төргө чыгат. Т.а. чыгдан (ашкана) жак менен барып, үйдүн байбичеси (энеси, тайэнеси) ошол тарап-

та желбегей жамынып, сыңар тизелей отурат. Ал ашкана тараптагы келин-кесектердин тамак-аш жасоо аракеттерин алдыртан тескейт. Эркек балдар чөгөлөйт, кыз балдардын энесин туурап, сыңар тизелей, колдорун бөйрөккө албай, тизеге таяп отуруштары – илгертен келе жаткан адеп. Кичүүлөр улуулар көрсөткөн жайга отуруусу керек. Алардын бейбаштана сөз-кепке кыпчылуусу адеп эмес.

УБАЙ КӨРҮҮ. Убай көрүү «убайын тартуу», «убайын жеп», «азабын тартуу», «азабын жеп» – деген түшүнүктөрдү берет. Убай –жакшылыктын жышааны, жөрөлгөсү. Мисалы, «Анын убайын көрдү, демек, акыбети кайтты», «Балдарынын сыйын көрүп отурат» – өңдүү түшүнүктөрдү тартуулайт. Ошондуктан муну оң мааниде алып кароо керек. Албетте, баланы ата-эне табат, анын ойдогудай төрөлүшү үчүн курсактагы чактан баштап ата-энеси шарттуу түрдө кам көрүшөт. Эне оор жүк көтөрбөйт. Түйшүккө малынбайт, тынч, бейкапар жүрөт, кайгы-кападан алыс жүрөт. Каалаган тамагын кана, тоё ичет. Таза абадан дем алат. Бала ичтен жетилет. Көз жарат. Ата-эне дагы түйшүккө малынышат. Кыскасы, кызыл чиедей бала балтыр бешик болот, талпынат, бешикке бөлөнөт, отурат, эмгектейт, кас турат, тушоосу кесилет, басат, чуркайт, тили чыгат. Ата атка өңөрөт, айырмач мингизет, артына учкаштырат. Тайчан аны аш-тойго ээрчитет.

Эне кызынын чачын тарайт, өрөт. Үй тарбиясын берет. Окутат. Мына ушундай убайымдарды ата-эне тартат. Бир чети мунун баары – ата-эненин кубанычы. Деген менен убай көрүү – ошол тарткан мээнеттеринин кайтарымы, балдарынан маңдай жара ыракат көрүүсү. Баланы ата-эне кандай асыраса, анын так ошондой багуусу, ардактоосу, сыйлоосу, урматтоосу, кадырлоосу.

Убай көрүү – балага тарткан түйшүгүн чегерип алуусу. Дүйнөдө эң бир кечиримсиз нерсе – ата-эненин эмгегин баалабоо. Мына ушуга барган бала болбоо үчүн ата-эненин

көзү менен тең айлануусу. Мындан ары алардын мындай түйшүккө малынбоосу.

Адатта, ата-эне алдан-күчтөн тайыганча баары бир балдары үчүн кам көрө берет. Алар карап турбай, үй тиричилигине катыша берет. Убайын көрсөтүү – алдан-күчтөн тайыганда, үй маанектеп калганда ата-эненин көңүлүн табуу да бар. Анан өз колу менен бул жарык – жалган дүйнөдөн узатуусу. Бул – баланын парзы. Убайын көрүү – бир туугандарда да, бир атанын балдарында да, жалпы журтта да бар. Алар – «эл мыктысы», «эл жакшысы»...

КИЧИНЕ КЕЗДЕРИНДЕГИ ЭРКЕК БАЛА МЕНЕН КЫЗ БАЛАНЫН ӨЗ АРА МАМИЛЕСИ. Бул мезгилде кичинелер арасында наристе сезим өкүм сүрөт. Кыз бала назик келет, аларды аяш керек. Эркек бала, адатта, бейбаш келет, өкүмүрөөк, эркерээк туюлат. Кыз балдардан да ойноок, тентегирээк, эрке, эркек балдар менен жулмалаша кетүүлөрү да чыгат. Мына ушул учурда ата-энелердин, мугалимдин, тарбиячылардын асыл милдети, педагогдук чеберчилиги алардын ич ара мамилелери тууралуу жагымдуу жагдайды түзүүчү алгылыктуу сөздөрдү айтуусу тийиш: «Силер бир окуп, бир жүрүп жатасыңар, бири-бириңер менен бир туугансыңар. Ынтымактуу сезимдерде болушуңар керек. Эркек балдар бара-бара жигит болосуңар. Силер кыз балдарды сыйлооңор керек. Анткени элде: «Кыз баланын кырк чачы улуу» – деген кеп бар. Бул – «башкалар буларга тийбегиле, аларды ыйлатпагыла, кыздар таарынып калат» – деген сөз. Эркек балдар, силердин ушундай эжелериңер, карындаштарыңар бар. Ошолорду сыйлоого барабар. Демек, кичинекей жигиттик милдетиңер болушу керек. Кыздар, эркек балдарды, классташтарыңарды силер да сыйлагыла. Сый жерде калбайт. «Сыйга сый, сыр аякка бал» – дейт. Себеп дегенде, силердин да агаңар, иниңер бар. Аларды кадырлоого, урматтоого таандык сезилет. Кичинекейден бир окуп, бир жүргөндөр бара-бара бирин-бири кыйышпайт. Бир боор, бир туугандык сезим жаралат.

БАЛДАРДЫН АКЧА-ТЫЙЫНГА БОЛГОН МАМИЛЕСИ. Мында тапкан акчаны кайда жумшоо зарыл деген суроону туура түшүндүрүү башкы орунда турууга тийиш. Азыр балабы, чоң болобу акча таап жатат. Алып сатарлык жолго түштүк. Албетте, баланы ал тарапка көндүрбөшүбүз керек. Алсак, кичинекейлер түрдүү гүл өстүрөт. Өзү тиккен жана айдаган жер-жемиштери, жашылча-жемиштери бар. Аларды сугарат, отойт, күн сайын карап турат. Үй айбандары бар. Коёнду, тоокту, казды, өрдөктү, көгүчкөндү, күрптү балдар да колдору менен өстүрүшөт. Аны өз колу менен сатууга болот, же ата-энелерине саттырууга, керектөөчү бирдемелерди алууга куштарланышат. Антип өндүрүштү өндүрүү – алардын таман акысы, маңдай тери. Кээде ата-энелери да, эжелери да, агалары да, тууган-туушкандары да тыйын-тыпыр бере коёт. Кыскасы, баланын чөнтөгүндө акча-тыйын бар дейли. Аны көзүнө көрүнгөндөргө эле чача бербейт. 1-кезекте окуу куралдарына жумшоого тийиш. Дептер, окуу китеп, адабий китеп, китеп тыш, карандаш, калемсап, калем уч, китеп баштык мына ушул сыяктууларды сатып алуу – сарамжалдуулук. Албетте, балмуздакка, күн карамага, момпосуйга, печенийге көбүрөөк акча коротуу адептүүлүккө анча жатпашын балдар өзүлөрү да түшүнүшөт. Кийим-кечекти, азык-түлүктү, үй оокатын сатып алууга өз эмгеги, эмгегинин үзүрү аркылуу катышса – бул андан бетер жагымдуу көрүнүш эмеспи.

ТУН БАЛАСЫ ТУУ БОЛОТ. Бул – көз ачып көргөн перзенти. Беркилерине караганда ата-энелерге медер тутулат, жакын да, жакшы да сезилет. Кийинки төрөлгөн балдары үчүн ал үлгү катары өсөт. Беркилер ага баш ийишет. «Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт» – деген накыл мына ушундан калган. Ал эми тун бала ата-энени көрүп өсөт. Үй-бүлөдөгү тарбия-таалим мына ошентип башталат да, муундан-муунга уланат. Демек, тун бала туу катары туюлат.

КАРКЫРАЛУУ КЫЗ – бойго жетип, болукшуп турган кыз. Т. а. кундуз тебетейине, бөркүнө каркыранын канат-куйруктарынан тагынган кыз.

Тебетейчен кыз – турмушка чыга электин белгиси. Эпостордо: «Каркыралуу кыз алдым», б. а. «Беш көкүл кыз алдым» – деп айтылат.

Келеңгер чачпак – «Келеңгер чачпак кең соору, келини сонун кыргыздын», «Келбети Нурдун кызындай», «Май сооруда жаркылдайт», «Балдыркандай солкулдайт». Эки өрүм чачка тагылган эки-үч канаттуу күмүш чолпу, чачуч-тук...

АЙЫЛ ТАРБИЯСЫ. Баланы башынан тарбиялоодо оболу ата-энелердин алган орду эң чоң. Минтип айтканыбыз, бала мыкты өсөбү, жаман өсөбү, ата-энеге байланышат. «Жакшы атанын баласы, атасы ушундай эле, энеси мыкты, анын энеси өзүндөй неме болуучу» – деп ата-энеге чоң жоопкерчилик жүктөйт. Бабалардан берки наркты жана салтты сактоо үчүн балдарды көзөмөлгө алуу үйдөн башталат. Мурун мындай жөрөлгөлөргө жаш-кары дебей жапырт моюн сунуучу. Улуулардын нускоолору сыймык катары тутулуучу. Кыргыз Ата конушунун чет жакаларында баба салтын, эне адебин сактоо боюнча уюткулуу таалим-тартип бар. Муну Чоң-Алай тараптан көп байкоого болот. Салыштырмалуу башка чөйрөлөргө караганда аякта жагымдуу жагдайлар туюлуп турат. Эмне үчүн көчөлөрдө тамеки тарткандар, арак-шарап ичкендер, башка тартипти бузгандар, чийинден чыккандар жокко эсе? Мисалы, баласы арак ичкенин көргөн карыя акырын аны чакырып алат. Албетте, аксакал алдында анын масы бир аз тарап, соолуга түшөт. «тос, башыңды» – дейт. Ал аргасыздан башын тосуп берет. Карыя: «Атаңа наалат, айбан! » – деп, башка бир салат. Салат да «Бар эми эс ал», – дейт. Күнөөкөр бала үйүнө барат. Мечитке келип, намаз окулуп бүткөн соң, карыя баягы көргөнүн көпчүлүккө айтып, баланын атасына: «Уулуңду тый, же биз тыялы, биздин балдар да сенин ба-

ландай болуп калсынбы!» –деген маселе коёт. Анын айт-канын карыялар жүйөлүү көрүшөт. Беркилер жаалап жи-беришет. Күнөөгө жыгылган карыя үйүнө шылкыя келет. Келип, эми сөз түшүнүктүү, баласын какыс-кукус кылып, өз акылын айтат. Бир атанын балдары, тууган-уруктары да уятка калат. Сөзсүз ал мындан кийин терс көрүнүшкө баспайт. «Ата сөзү – ар намыс» мына ушундан калган.

БАШТЫК БАЙЛАНААР. Кыргызда «Баштык байла-наары барбы?» – деп калат. Бул – элдик салттын бири. Таамай айтканда, кыз турмушка чыкканда, барган жерине бир аз байырлай баштаганда, ата-энелери малдын төшүн баштап эт бышырып, боорсок жасап ж. б. азыктарды да кошуп, баштыкка, же чакан куржунга салып, тай, кунан-га миңгизип, сагынган бөбөгүн кызына жөнөтөт. Баштык байланаары деп, адатта, эркек баланы аташат. Эркек бө-бөгү болбосо, сиңдиси деле барат. Кээде экөө тең барган чактары да кездешет. Барып жатышат да, сагынычтарын жазып кайра келишет. Мындай көрүнүш андан ары дайым уланып барат. Мал сойсо, төркүнү кызына ар дайым төшүн сактайт.

АТ ТОКУУРУ. Бул – эркек бөбөктүү болуу тилеги. Ошол эр жеткенде улууларына иниси катары кызмат кы-лат. Жумшаган жагына барат. Кыргыздын шарты боюн-ча агаларынын минген атын отко коёт, сугарат, жем илет, суутат, токуйт, аттанууга даяр кылат. Бул инилик милде-ти болуп саналат. Улуу агалары үчүн «Ат токууру» – көз-дөй иниси. Т. а. «кичүү болгуча иттин күчүгү бол» – деген сөз мына ушундан калат. Кенже балдары төрөлсө, азан ча-кырып, ага «Аттокур» деп, энчилүү ат да коёт. Максат-тилек – агаларынын так ошондой иштерине жарап жүрсүн дегени.

КӨКҮРӨК КҮЧҮГҮ. Бул – ата-эненин балдарынын эң кенжеси, адатта, улам кичүүсү сүйгүнчүктүү болоору бы-шык. Агалары-эжелери өздөрүнчө үй-жай күтүп, турмушка чыгышат. Ата-энелери алардын энчилерин бөлүп беришет.

Кыздын себин берүүсүнөн, төркүлөп келүүсүнөн кутулат. Эми тапкан-ташкандары ошол кенже баласына арналат. Анткени ал – ата-эне менен бирге түтүн ээси, түндүк ээси. Ата-эне ошол үйдөн көз жумса, ошол көкүрөк күчүгү өлүк ээси болуп саналат.

Анткени менен түндүк калтыруу, өзүнчө түтүн булатуу ыйык салты азыр анча этибарга алынбай келатат, эмерек-кечеге, үй-жайга эгедер болгон уул ата-энени тике багуучу. Мында мурунку үйлүү-жайлуу болгон балдары, кыздары жашоого өз алдынча чабыт алганы менен ата-энени унутта калтырбайт. Айланып келип, каралашып турууга милдеткер. Шариятта ата-энени Мекеге чейин жөө көтөрүп барып келүүбүз эненин эмчек сүтүнүн, атанын элик сүтүнүн үчтөн биринен араң кутулууга барабар. Бул салтта алардын түндүгү кимдерге келтирилген деген сөз бар. Ал бир атанын балдарына сыймыктуу айтылат. Демек, андан бабалардын, баатырлардын, эл билермандардын, журт мыктылардын ошол үйдө жашап, көз жумганы кийинки муундарга даңаза-ланат. Бара-бара болумушка айланат. Ал үй – «ай табарик» деп, керездей, мурастай туюлат. Кыргыздын аш-той берүүчү салтында да ошол уруктун, ата-бабанын урпактарына Уча тартуу салты бар. Төрдүн төбөсүнөн орун берүү, башкача урматтоолору беркилерге үлгү катары сакталып калган.

Азыр ата-энелер балдарынан ар кандай убай көрүүдө. Он баланы бир ата-эне багат, чоңойтот, чочойтот, окутат-чокутат, үйлөнтөт, жайлантат. Энчилерин бөлүп берет. Он бала бир ата-энени бага албай жатканы өтө өкүнүчтүү. Кайсы баласы ыймандуу болору, кимисинен убай көрөрү белгисиз. Үй-жайга карабай, ата-энем деп санабай, турак алып, дааналап бага албай талаалап жүрүшкөн балдардын саны азыр артылууда. Арийне, бул ата-бабалардын түндүк калтыруу салтынын, наркынын кайдыгер калышы менен түшүндүрүлөт.

БЕШИК БАЛАСЫ 5 ТҮЛӨК. Адатта, жырткыч канаттуулардын жашы мындайча саналат: бир түлөк, эки түлөк, үч түлөк, төрт түлөк, беш түлөк. Ал бир асый, эки асый, үч асый... деп, жылкыны айткандай маани берет. Ушул сымал бешик баласы (наристе) чоңоюп, эрезеге жеткиче беш баскычты басып өтөт. Т. а. «тушоосун кесүү» – бир түлөк, «сүннөткө отургузуу» – экинчи түлөк, мүчөлүү болуу (балагатка жетүүсү – үчүнчү түлөк, улан болуусу (кыз балдардын «беш көкүл» аталуусу) – төртүнчү түлөк, бешинчи түлөк үйлөнтүүлөрү өндүү өмүр белестери бар. Мына ушул түшүнүктөрдөн улам «Бешиктеги баланын, бек болорун ким билет» макалы чыкканы туюлат. Булар өмүр жазы болуп саналат. Демек, кенен мазмунда түлөк-түлөө канаттуулардын канат-куйруктарынын жыл сайын учурунда түшүп, жаңыланып туруу парзынан улам чыккан түшүнүк. Адамдарда да жаш өзгөчөлүктөрү бар. 25-35 жаш – толуп турган учуру, 50 жаш – эр ортону, 60 жаш, 70 жаш – кайрат-күчтөн тая баштоосу, булар – өмүр күзү. 80-90 жаштар – өмүр-жашоодогу эң кейиш, бул өмүр кышын билдирет.

Үч каргыш жаза кетпейт:

Ата-эненин каргышы,
Мусапырдын каргышы,
Жаны ачыган адамдын каргышы.

АТА-ЭНЕГЕ БАЛАНЫН ОРДУ. «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт». Албетте, бул үй тарбиясы болуп эсептелет. Боорун жерден алары менен улууларды туурап, бала бирдемелерди жасагысы келет. 6–8 жаштагылар мал тосот. Атка учкашат, музоо, козу-улак кайтарууга жарайт. 9–10 жаштагылар тезек терүүгө, отун-суу алууга, чөмөлө тартууга, көң үйүүгө, бирөөлөрдү ат-унаа менен бир жакка жеткирип келүүгө идиректелет. Мындайды «кол-арага жарады» деп коёт. Кыздар алардан бөтөнчөлөнүп, жүк маанектейт, энесин, эжесин имерчиктейт, алардын жасагандарын кошо кармашат. Мындай шартта «тындырып койду», «жеңилди жерден, оорду колдон алды» – дешип

ата-энелер, көргөндөр ыраазы болушат. 8–10 жаштардагы балдардын колунан жеңил-желпи жумуштар көп келет. Ат сугарууга, агаларына кошулуп кой-эчки кайтарууга, алыс-жакынга чейин барып, чакырып келүүгө жарап калышат. 11–13 жаштагы тестиерлер каадалуу иштерди аткарышат. Балагатка жеткени алардын турмушка көз караштары өзгөрүлөт, чоңдордой мамиле кылууга, ошолордун иштерин аткарууга дараметтенет. Кыз балдар бойлорун түзөйт. Секелек кыздардай болбой, сайма саюунун, өрмөк согуунун, килем токуунун, түймө түйүүнүн, шырдак шыруунун, чий чырмоонун, эркек балдар болсо ат жабдыктарын өрүп, кайыш жасоонун, темирди иштетүүнүн жеңил-желпи узанууунун-узданууунун түйшүктөрүнө баш коёт. Сеп кармоо так ушул чактан башталат. Бул – турмушту үйрөнүү, колу менен кармап көрүү дегендик. Демек, үй-бүлөдө балдар-кыздар секелек тентек чактардан баштап алына карата ишке чегилет. Аны ата-эне нускалайт.

ҮЙ-БҮЛӨЧҮЛҮК. «Ата – өчпөс чырак, эне – соолбос булак» (макал). Кыз уландар болукшуп, бой тартканда жар күтүү, мал күтүү, катарга кошулуу, түтүн булатуу тууралуу ойлонот, толгонот.

Ага ата-эне да чечкиндүү кам көрөт. Ошентип, «Биз баш коштук, бала күттүк, үй күттүк, баары биздик үйүбүздө ырыстын» (Байдылда) болуп, үй-бүлө өз алдынча чакан мамлекет сыяктанат. Атам замандан бери эле: «Мамлекетти башкарууга караганда үй-бүлөнү тескөө кыйын» – дешет. Минтиштин өзү, арийне, ынтымакта, ырыс-кешикте жашап кетүү. Алдыдагы муратка жетүү, жашоо-тиричиликтеги, үй-бүлөчүлүктөгү тоскоолдуктарды тоготпой өтүү, бул – турмуштун чоң сыноосу. Мурункулар аяр басып өткөн адептүүлүктүн, ыймандуулуктун, зор тажрыйбалуу жолу менен ошол кичи мамлекет жашап келүүдө.

Эне – абалтадан эрдин оң колу. Алардын кезегинде бири-бирине жаштык сүйүүлөрү өтүшкөн ич ара таасирлеринен улам үйдөгү бала-бакыралар өзүлөрү эле тартип-таза-

лыкка келген. Ата көбүнчө сырт жумуштарды бүтүргөн. Өздүк чарбачылыкты жүргүзүп, эмгек өндүрүмдүүлүктү алга жылдырган. Аласа-бересени тактаган. Кара жумуштун чордонуна өзү катышып, боор көтөргөн эркек балдары атаны ээрчип, кол кабыш кыла баштаган. Тестиерлер, уландар оорун колдон, жеңилин жерден алган.

«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны». Бала ат жалын тартып мингени ата-энени кубанткан, «Ии, и, эми уулум эл аралайт, кагылат, согулат» – өндүү кубаныч-тары келип чыккан. Деле эркек бала татыраңдатып тай, кунан минип, аш-тойлордо аталарын ээрчий жүрүшү, андагы каада-салтты, үрп-адатты көрүшү, кыскасы бала чакта көргөндөрү алар үчүн кийин да унутулгус элес калтырган. Жайган дасторкондор, тарткан табактар, жүргүзүлгөн улуттук оюн-зооктору, таң-тамашалары, мейман тоскон үйлөрдүн көркөм жасалгалары, чечкен санжыралары, эл шайырлардын өнөрлөрү кийинкилер үчүн таалим-тарбия берген, шыктарын ойготкон.

Ооба, «Эне – үйдүн соолбос булагы». Мал саайт, тамак даярдайт, узданат. Күндөлүк тиричиликтин ачкычы катары орунга эгедер. Кыз бала эне адебине баш иет. Үй тиричиликте энени маанектейт. Ошондуктан эне үндөктөөсү менен куурчак ойногондон, эс тартып, тестиер болгондон кыз бала бурчтан орун алып, узданууга – бирдемелерди кармоого, мал сааганга, кир-кече жууганга, тамак-аш жасоого оңтойлошот. Бул үй-бүлөдө жашоо-тиричиликти жандантууга, «Атаны көрүп уул өсүүгө, энени көрүп кыз өсүүгө», «Эжеден сиңди, агадан ини үлгү алууга» шарт түзгөн.

Дегинкиси, эркеги бар үй ырыс-кешикке шерик, «эркеги бар үй» – дегендин өзү нарктуу-салттуу угулган. Анткени ага конок-аяк келет. Аттанып-түшүүлөр арбын болот. Демек, үйдө кут бардай сезилет.

Тилекке каршы, кийин бул салт-нарк өтө өзгөрүлгөн. Аялдарга мурунку «Уруят», «Теңдик», «Эркиндик» аттуу доор бир топ карама-каршы мамилелерди койгон. «Эркек-

тер менен аялдар укугубуз бир» – деп алган жарын теңсинбеген эси жоктору да чыккан. Жарыша арак-шарап ичүүлөр, жаакташуулар, кадимкидей кармашуулар, эркек аттууларды келекелөөлөр, аларга кол тийгизүүлөр адатка айланган. Анда үй-бүлөчүлүккө партуюмдар кийлигишкен. Адатта, шариятта эркек – бала-бакыранын ээси, үйдүн пири. Ал эр-бүлө – деп аталган. Ошол үчүн эркек жоопкер, бардык ишке милдеткер, атабашы катары үйдү башкарууга да, багууга да талапкер. Ал тоо көтөрүүгө да даяр.

Үйлөнүп жатканда аялына убада кылганын күйөө ак дилинен аткарууга милдеттүү.

Күйөөсү аялына зордук-зомбулук көрсөтпөй багып, үй-бүлө күтүүдө акыйкат жана намыстуу болушу парз.

Күйөөсү аялына өзүнчө үй бөлмө жасап берүүгө милдеттүү.

Ар бир мусулман эмгектениши, үй-бүлөсүн багышы – ыйык милдет.

Аялын зарыл кийим-кече, тамак-аш менен камсыз кылуу – ар бир мусулман эркектин милдети.

Балдары ата-энесин сыйлашы, алар ыраазы болгудай ак пейил мамиле жасашы, баш ийиши – милдет.

АТА-УУЛ МАМИЛЕСИ. «Ата сөзү – ар намыс», «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» (макал).

Бул үй-бүлөчүлүктөгү ич ара ырыстын, атадан балага калуучу мурастын, санжыранын уланышынын калыптанып калуучу салттуу жүрүм-туруму. «Ата балага сынчы». Анын баскан-турганына багыт берүүчү үлгү. Ошондуктан, атаны көрүп, бала өзүнүн боюн түзөйт. Атанын айткандары ага накыл. Тил алчаак, элпек, коңур, жайдары, жөн билги, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, адептүү, ар-намыстуу өсүш ал атага байланышат. «Атанын баласы», «Жакшы атанын баласы», «Анын атасы ушундай», «Канында бар», «Катын албай, кайын ал» – сымал кептердин төркүнү ата-бала мамилесине тыгыз байланышат.

Тирүүлүктө шек келтирбөө үчүн ата отуруп-турганда балдарына айтып барат, үндөктөй жүрөт. Муну уул урмат катары сезет. Дал өзүндөй аткарууга аракеттенет. Ата баласы аркылуу, уул атасы аркылуу сыймыктанат.

Мына ушул улуу жол бабалардан келе жатат. Муну ата-уул мамилеси менен изден тайбай улайт. Мындан: «Уул мыктысы – урмат, кыз мыктысы – кымбат» – деген накыл чыккан.

Үй-бүлө тарыхы – бул, оозеки санжыра, ушул үй-бүлөдөгү, мисалы, 1-кезекте атасынын, ага-туугандарынын, жети атасынын уругунун, уруусунун баарыдан мурда айтылышы. Ал аныкталган соң, бала энесинии төркүндөрүн билүүсү зарыл.

Ата жагынан алганда, алсак, «Кыз бала бирөөнүн бүлөсү» – дейбиз. Бул «Барган жеринен бак айтсын, ак этек бассын, жабылуу ак инген болсун», «кыз бала төркүнүнө кайрылып барбасын», «таш түшкөн жеринде оор» – деген түшүнүктү камтыйт.

Мында, 1-ден, санжырада (оозеки таржымалда) адамдын эли-жери суралат. Эгер айткың келсе, мен өзүмдүн тууган-уруктарымдын санжыраларын мындайча чечмелей алаар элем... (Ар бир үй-бүлө өзүнүн санжыраларын сөзсүз айта билүүлөрү керек).

Мисалы, баарына белгилүү атактуу Ормон кан (1793 – 1855) болгон. Анын аталарына сереп салсак, Болот бий, анын уулу Эсенгул манап, анын улуу Анар байбичесинен Ниязбек, «Ниязбектен сегиз бек, телегейи тегиз бек» туулат: Бердикожо, Бердибек, Шатен, Рыскулбек, Ажы, Субан, Кожобек, анан эң кенжеси Ормон төрөлөт. Ормондон Үмөтаалы, Чаргын, Үмөтаалыдан Оттукташ (Ормон тукуму болгондуктан, кашкардагы Ак үйлүүгө кызмат кылат). Ал жактан Оттукташ темирчиликти, дарыгерчиликти, табыпчылыкты, зергерчиликти, зерчиликти үйрөнүп келет. Оттукташ устачылыктын мектебин уюштурат. Андан уулдары, небereлери: Санташ, Балташ, Шамшидин, Капар

өңдүүлөр зергер болуп чыгышат. Булардын тукумдары Кара-Кужурду, Кочкор ичин, Ысык-Көлдүн күнгөйүн, Чүйдүн башын жердешет. Демек, ар бирибиз өз санжырабызды ушундай үлгүдө жазып коюубуз керек.

Ал эми эненин төркүн-төстөрүн да билүү керек. Мени тууган энем Бүбү – Текечер кызы, Чоң-Кеминдеги Тегирменти айылындагы Токтоку – Ысмайыл уулунан болуп саналат. Чоң уругун Жантай дейт, Ошондо Текечер тайатам менен бир туугандар Калча, Жанболот. Калчадан Жапар, Капар, Абдыраман, Абдыракман. Жапардан Каналбек, Капардан Нураалы, беркилерден да тукум бар.

АТА-ЭНЕНИН МЭЭРИ. «Ата-эненин мээри – кудайдын каары» (макал). Элдик үрп-адатта баланы башкача сүйүүнүн да чеги бар. Артыкча мээрмандык кылуу – көз тийдиликке барабар. Ошондуктан баланы андай көрүүнүн аягы баланын бактысыздыгына, же өзгөчө эрке, же эси жогураак болушуна жорушкан. Демек, баланы сүй, камкордук кыла бил, тарбия-таалим бер, адам болсун. Өтө эле жалжактатпа, тайранатпа, элдердикинен ашыкча көрбө – деген асыл ой жатат. «Эркенин –аягы ый, шор, кор». «Энеатанын көөнү балада, баланын көөнү – талаада».

ЭЛДИК АДЕПТҮҮЛҮКТҮН МАҢЫЗЫ. Кутмандуу элибиз адам айыбын бетке тике айтпаган. Адам уятын чыгарбаган. Иш маанисин сыйда түшүндүрүүгө маш болгон. Эгер табарсыгы бош болсо, сийгелектеп турса, аны «шейшеби бош тура» – деп гана койгон. Аны сийгек, төшөккө сийип койду – деп, абийирин ачпаган, башкаларга жайбаган. Эгер күтүүсүз ичи өтүп кетсе, «шейшепке тийип калыптыр» – деп гана аны да жөнөкөй, жумшагыраак түшүндүргөн. «Ой, ал минтип салыптыр» – деп, шыбырап-күбүрөп, бирөөлөргө айтпайт, бул – ыймандуулук, кыргыздарда бирөөлөрдүн беш абийирин бек сактоо. Кемчилигине жараша ага акарат айтпоонун маданияты абдан сакталган. Аны жактырбоонун, тилдөөнүн ордуна: «Жолу болсун», «Түзүк адам эмес», «Жакшылыгы аз», «Кудай жаман көргүр»,

«Теңир соккур», «Кудайдын каары тийсин», «Кудайдын каргышына калгыр», «Абийири жок» деген өңдүү наалат сөздөр айтылган, же, тескерисинче: «Жакшылык көргүр», «Кудай жалгасын», «Кудайың колдосун», «Теңирим эш болсун» сымал алкоолор болгон.

Кыргыздар: «Кысасы кыяматка», – дешет. Сөз маанисси: «Сени кор кармаса, ал өзү бир кезде кор болот», «Өчүңдү кыяматта аласың», «Кудайың аны куткарбайт», «Акыретте көрүшөсүң, ошондо эсептешесиң» өңдүү туюнтманы берет.

ТОЙ – АШ БЕРҮҮ САЛТЫ

ТОЙ. Бул – ак тилектер үчүн көпчүлүккө берилген сый тамагы. Той ээсинин элден бата алуусу. «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» болуусу. Чоң тойлор айлап кетүүчү. Аш-той эгиз айтылат. Экөөндө тең милдеттүү коноктор алынат. Чара табактар тартылат, улуттук оюндар түгөл болот, ат чабылат, көк бөрү артылат, ордо оюну ойнолот, жамбы атышат, балбандар күрөшөт. Эрлер эңишет. Оюн-тамашалар бүт өткөрүлөт.

Тойдун «үйлөнүү тою» (кыз узатуу, келин тою), «бешик тойдо», «сүннөткө отургузуу тою» (чоң той) ж. б. жылдыктарды белгилеген маараке түрлөрү бар. «Ашка барсаң ачка бар, тойго барсаң тоюп бар» (макал).

АШ. Бул – маркумду сыйлоо, урматтоо зыйнаты. Көп мисалдардын бири элибизде маркум өлгөн түнү «коногуна» деп кой соёт. Союлган малдар «кара ашы» деп аталат. Анда журт башчыларынын, билермандарынын, байларынын аштары өтө торколуу өтө турган. Аштын кемегеси оюлганда, кеп-кеңеши коюлганда өзүнчө мал мууздалган, куран окулган. Ага карата ат чабылган, кунан чабылган. Ал тууралуу эчен-эчен тарыхый маалыматтар бар. Улуу «Манаста» Көкөтөйдүн ашы Каркырада берилген жана ал даңазалуу окуяларга бай. «Ашы мыкты берилди», «Ашы

берилбей калды», «Ашы-жыты болбой калды» өңдүү кептер атуулдардын, уруктардын, уруулардын намысына катуу тийген.

Аш – ата-бабадан бери маркумдун арбагына сыйынып, ага багыштап тамак берүү салты. Өлүктү коюу, арбакты сыйлоо жана эскерүү зыйнаты. Бул арбактардын тиякта тирүүлөрдү колдоп жүрүүсү сымал ишенимге барып такалат. Демек, аш – анын урматы. Аштын түрлөрү:

КАРА АШ – өлүктү коёрдогу союлган малдар жана дасторкон үстү кирет. Буга карата «Өлүк бардын байлыгын чачат, жоктун этегин ачат» – деген макал бар.

КЫРК АШ – 40 күндөн кийинки союлган мал жана жайылган дасторкон. Туура, ошол 40 күнгө жеткирбей деле, акыркы жумага тогоп берилип да калат. Мында бейшембиде арбакка арнап, мал мууздалат, жума күнү тартылат, куран окулат. Албетте, аш берүү ар адамдын чама-чаркын карайт «Кырк ашы» дебей, «маркумдун кыркы» деп, эптеп мал мууздап деле коёт. Аш берүүдө да ар адамдын мансабы, байлыгы билинип, биринен бири өтүп, ички белгилүү чекке тээп, көкүрөк таптык ар-намысы тутанып кетет. Кара ашта 40 ашы качан берилээри кеңешке алынат. Кырк ашында да маркумдун мартабасын ого бетер арттырууга ат чаптыруу салты илгери болуптур.

ЧОҢ АШ БЕРҮҮДӨ биринчиден, аш берүүчүнүн байлыгы чечет. Мисалы, ошол Көкөтөйдүн ашында аш каражатын Көкөтөйдүн уулу өзү көтөрөт.

Экинчиден, мансаптуулардын аш берүүсүндө же мансаптууга аш берүүдө ыгым-чыгымын эли-журтуна оодарат.

Үчүнчүдөн, эли-журту жүрөгүндө терең кадырлаган элдик адамдар өлсө, жону жукараак болсо, ортодон ынтымак чыгара коюп, ашын өткөрөт. Шартка жараша ашы-жыты берилбей да калат. Аш берүү кеп-кеңешинде кайда берүү, кантип берүү, аны башкаруучу тандалат. Анан, канча үй тигилет, кимдер тигет, канча мал союлат – бул чечилет. Жердин шарты эске алынат. Ашка келүүчүлөрдү милдет-

түү конок катары кабыл алууда, аттарынын жеми, чөбү, оттоочу жайыты эске келет; отун-суусу, мал жана кемегесин коюуга шарттуу жайы керек; улуттук таң-тамашаларын өткөрүүчү, меймандардын баары тегиз көрүп туруучу ойдогудай орун зарыл. Алсак, аш башкаруучу Кошойдун акылы менен Көкөтөйдүн ашын Каркырага берүүгө бүтүм чыгарышат. Албетте, чыгарылуучу байгеси чектелет; ашка чакырууда калпыс болуп калбоо үчүн кабарчылары шайланат. Албетте, маркумду коюуда бул өтө жооптуу иш болуп саналат; ашта элди иреттөөдө ким жар чакырары, демек ырчысы-жарчысы тандалат. Ынтымак кылуунун мындай шарттары бар:

1. Атактуулар каза болгондо жана анын ашын бергенде, ынтымак чогултулган. Анын азабын жалпы журт тарткан. Кадимкидей чыгым чыккан. Андайда кедейдин минип жүргөн жалгыз аты, балдарына саап берип турган ую, айдаган анча-мынча теше жеринен алынуучу түшүмү ошол манап, болуш, бийдин ашына кетүүчү. Ошентип, ыгым-чыгымды «Ынтымак» деген ат менен эл көтөрүүчү. Мындай шартта өлүк ээси байып да кеткен. Бул зыяндуу ынтымак экенин айтуучулардын оозу кыска болгон.

2. Жөнөкөй адамдардын ынтымагы. Бул – өлүк ээсине жардам берүүчү, колдоого алуучу пайдалуу ынтымак. Азыр ушул ынтымак кенен таралган. «Көп түкүрсө, көл болот», – деп жакыр тургандарды көтөрмөлөп коёт. Албетте, ража чыгаруу ич ара макулдашуу, бир чечимге келүү аркылуу бекемделет.

3. Азыркы кезде чоңбуз дегендердин ынтымагы бар. Мындайда өз ара мансаптын амири аркылуу «мынчадан чыгаргыла» – деп эле ичтен акырын буйрук кылат.

ЖАР ЧАКЫРУУ САЛТЫ. Бул – атактуу аш-тойлордо келген элди ырчылардын иреттөөсү, аш-той ээсинин мартабасын жогору көтөрүүсү ж.б аркылуу жыйынды шаңдандырып-жандандырып жиберүү салты. Аш-тойлордо ырчы аттуулар арбын чогулушат. Алым-сабак мактоолор болот.

Алардын ичинен бирөөсү жар чакырууга аттанат. Ким жар чакырат? Аш-той ээсинин эркинде болот. Көңүлүнө жаккан ырчыны атайын алдырышат. Мартабасына карата өзүлөрү да ылайыкташтырат.

ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮ

ЖУУЧУ ТҮШҮҮ КААДАСЫ. Кудалашуунун шарттары ар кандай кырдаалдарга туш болот. Кыргыздар муну өтө каадалуу салттардын катарында карашат. Анын аймактык бөтөнчөлүктөрү, ич ара айырмачылыктары баамдалганы менен, жалпылыгында анча шек жок. Боордош элдердин кошуна катыштарынын таасирлери билинет.

1-ден, мурунку заманда үйлөнүүнү каалагандар айылынан, башка айылдардан, чандалары түрк тилинде сүйлөгөндөрдөн колукту алууга туура келген. Алардан сөөк күтүүгө аргасыз да болушкан. Кыргыздар өз ара жакын турушкан соң кимдер менен кимдер куда болууга ылайыктуу экенин, уул-кыз бири-бирине (колукту-күйөө) жараша түшөөрүн баалап, ошого шарттай-шайлай алышат. Мындай учурда жуучу жиберсе, ичтен илгиртпей, макул болгону менен, каада күтүү, «бар» же «жок» деп жиберүүгө шар кете албаган учур да болот.

2-ден, эки куда экинчи курдай (кайчылаш) куда болушса, анда алар бири-бирине күн мурунтан максаттанып жүрүшсө, калың тууралуу сөз жүрбөйт. Ортолоруна бөлөк адамдар да түшпөйт. Албетте, мындай кудалар, адатта, өтө чанда чыгат. Көбүнчө жээн-таяке, бөлөлөр ж. б. жакындардын ичинен пайда болот.

Памирдик, оогандык, алайлык кыргыздарда азыр деле үйлөнүү тууралуу буйрукту уулуна атасы айтат. Илгери кыргыздарда «ата сөзү – ар-намыс» делип айтканы айткан, уулу «лам» дебей угат, сөзүн мыйзам туят. Ата уулунун үйлөнүү тууралуу оюн сезимтал жүрөгү билет. Атасын кагып, журт алдында уят кылуучулар мына эми чык-

ты. «Мен сени катын алып бер деп жатамбы?» – дечүлөр кийинкилер. Мына ошол ата оюнан кийин куда түшүүчү жерге жуучу жиберүү аракети пайда болот. Аркалык кыргыздарда, чынында, эстүү-баштуу бир эле адамды атказып жиберсе, Памир, Ооган, Алай тарапта илгери-кийин деле эки-үчөө – атасынын туугандарынан, куда-сөөктөрүнөн же дос-тамырларынан шайланып жиберилет. Мурунку заманда уулдун атасы, аялзаты жуучуга аттанып баруучу эмес. Бул салт кийин өзгөрүлүп кетти. Жуучулар барып түшүшөт. Барган жердин даамын татышат. Кыздын ата-энесине кимдин атынан жуучулукка келгенин баяндашат. Куданын атынан калың маселесин чечүү алардын негизги милдети болуп саналат.

Албетте, кедейлер каадалуу калың төлөй алышпайт, орто чарбасы бар орто байлар үчүн калыңды бычуу көбүнчө жуучу аркылуу жүзөгө ашат. Жуучуга аттанаар алдында бул туурасында сөзсүз учкай сөз болбой койбойт.

Калың берүү салты байларда башкараак көрүнөт. Мында калыңсыз кудалашуу расми да бар. Т. а. ич ара бири-бирине атаандашуулары баамдалат. Чиренишип, себи боюнча кудалашууну уятыраак көрүшөт. Бирок, калыңын өзүнчө, себин өзүнчө берип узатууда, өз ара байлыгына салып басынтуулар, бир чети бааланууулар бар. Мисалы, Сейдене Алымбай кызын (Ысык-Көл району) Курдашбай аттуу бай иниси Тыныбайга алып бермекчи болуп 12 жоро-жолдошу менен тескейге жөнөйт. Тыныбайга кыз жагат. Бул окуя Улуу Үркүндүн алдында болот. Калыңы миң теңге (миң кой) турат. Кыскасы, миң кой айдап барып, байлыктын күчү менен мурунку кудалашкан жеринен тартып келишет. Аны он жылдан кийин араң төркүлөтөт. Кайкач бармак уздун көөкөр ж. б. шири, көп буюм-идиштерин биз көрүп, сүрөткө түшүрүп калдык.

Байлар, демек, чыгымды көп тартышат. Кызды ала электен мурун эле калың деп өткөрүп коюшат. Кыздын атасы да андан да ашып түшүүгө аракеттенет. Мындагы

сөөлөт – алар эл алдында өздөрүнүн мартабаларын, артыкчылыктарын, берешендигин билгизүү.

Жуучулар калың бычууда, арийне, бүлө ала турган болуп аткандан соң намыстарына келип, эр көкүрөктүк жагдайларында болушат. Калың берүү-алуунун жеринен бери жалпы өлчөм-ченеми болгон. «Аксактын амирине карап», өйдө-ылдый соодалашуулар да жүрөт. Кыз тарап «муну аткаргыла» – деп шарт койгон учурлар да кездешет. Мындайлар 5-7 кой, байлары төө баштаган тогуз, 9-11 кара айдатуу наркы бар. Каралардын – бодо малдардын саны 11, 13, 15 – деп так көрүнөт. «Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» эмеспи, кедейлер кой-эчки берет. Аштыгын айдап, башка кызматтарын кылуу аркылуу калыңын, ченемин чегерет. Байлардын күйөөсүнө өргөө көтөрүлөт. Уулдун атасы өргөө тигип берсе, кыздын атасы ички-сырткы жасалгаларын септин ата-башы катары даярдайт. Мындай асем Ооган, Памир, Алай кыргыздарында азыр да жолугат.

Түшүнүктүү, социалдык шарттар менен кудалар бири-бири менен бычышат. Макулдугун бербей жаткан тарапка жуучулар үч курдай барууга туура келет. («Үй-бүлөгө кеңешейин», «Ага-туугандарга акылдашайын» деген өндүү алгылыктуу сөз айтуулары, жуучуларды жубатып узатуулары болот. Кээ бир кежирленүүлөр, терсаяктар, маалкатуулар, өзүм билемдиктер да эл арасынан чыгат). Адатта, жуучулардын үчүнчү барышында белги билинет. Конок камы күтүнөт. Сый тамак берилет. Дасторкон үстүндө сөздөр бышырылат. Жайдары жүздө тамак ичилери менен жуучуларга, адатта, чепкен жабышат. Башка белектер берилет. Ошондо эки тарап алакан жайышат. Кызга атасы бата берет. Демек, жуучулар өз максаттарына жетти дегендик болот.

Үйлөнүү тою качан, кайсы конушта болот өндүү камылгалуу кептердин уландысы жүрөт. «Жакшыга жуучу барат, жаманга куучу барат» деп айтабыз. Айыл ичи эрте-

ли-кеч кабардар. «Баланчанын уулу баланчанын кызына үйлөнөт экен, жуучулар барып келди», «Түкүнчө кызынын калыңын күн мурунтан алып коюптур», «Кызын баланчанын кайсар уулуна бергени жатыптыр» сыяктуу кептер угулат. Көпчүлүк аймактарда эки тараптын кеп-кеңеши коюлары менен, баланын атасы-энеси кызды «келинибиз», кыздын ата-энеси баланы «күйөө балабыз» – деп ичтен атай башташат.

Кыздын 14-16 жашы беш көкүл аталат да, 18-20 жаштардагы жаш улан жигиттерге колуктуга баруу мурун кыргыздарда салттуу болгон.

Мунун ар кандай жагдайы бар. Баланчанын уулу кыз тандап жүрүп, ошол кызды жактырып калса, ал адептүүлүк менен үй-бүлөсүнө билдирет (Ата-эне көбүнчө сырдана жеңелери, теңтуштары аркылуу билет). Кээде балага кызды ата-энеси, ага-туугандары тандайт. Ошентип, арадан жуучу шайлашат. Айыл ичинде алымдуу, оозунда сөзү бар, эски салт-санааны билген аксакалдар аттуу-тондуу болуп барып, жуучу түшөт.

Ал барары менен эле жуучуга келдим деп жар салып ийбейт. Чай ичилет. Жайланат. Жылуучулук мезгилде болсо кыздын атасы экөө үйдөн мындай обочороок чыгышат. Анан жуучу келүү максатын аста билдирет. Андан аркы ойлор түшүнүктүү боло баштайт. Мында кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер – деген сөз жеңет.

КАЛЫҢ. Бул – кыз алуучунун кыз тарапка берүүчү нарктуу малы, акчасы, байлыгы. «Төө баштаган бир тогуз...» (төө, музоолуу уй же мамалактуу топоз, кулундуу бээ, козулуу кой, улактуу эчки – бир тогуз деп аталат).

Ар бири кээде тогуздап да кетет. Суу чайпалбас жорголор, аркалуу аттар берилген. «Алыбек алына жараша» мал айдаткан. Кыз балага кенедей кезден куда түшүүлөр болгон. Кудасы калыңды акырын жылдырып берип турган.

Бүлө алууда кыргыз ата эч нерсесин аябаган, саап ичип отурган жалгыз уюн, минип турган атын жетелеткен учур-

лар да биздин ата-баба салтыбызга, элдик наркыбызга күбө. Кийин-кийин акча аралашты. Мында калың берүү экиге бөлүнүп кетти. (Мисалы, Нарын тарапта «ачуу басары», андан кийин «чуу басары» (чоң басары), биротоло барган калыңы деп, тергеле баштады). Калың берүүдө айрым аймактарда доолашуу, калыңга кадимкидей чек коюучулар бар. Калыңга таарынып, кызынын башын ачып кетүүчүлөр чыккан. Антип кара жемсөөлөнө берүүнүн анча кажаты жоктур. Негизи бүгүнкү шартка жараша эки жаштын ынтымак-ырысын эки тарап бирдей ойлонуу – абзелдик.

«Калың берүү – феодализмдин калдыгы» – деп, ага тыюу да салынып келинген. Ак тилек менен бирөөнүн алмончоктой кызын түбөлүккө бүлө кылып алып, андан небере-чөбөрө көрүү сыяктуу асыл максаттарды көздөп жаткандан кийин кыздын ата-энесинин ыраазылыгын алуусу, албетте, парз. Деле эшиктен бир аттап кеткен кыздын ак этек башы барган жерине, очор-бачар болуп отуруп калуусу – ата-энелердин, ага-туугандардын сыймыгы.

Калың берүү, калың алуу – абалтан келе жаткан нарктуу салт. Көрүнгөн тарапка бура бербей анын тазалыгын, таалимдүүлүгүн колдообуз зарыл.

КЫЗ УЗАТУУ ҮЛПӨТҮ. Бул – кыздын биринчи жолу төркүнүнөн аттанаар алдындагы берилүүчү үлпөт. Кудалардын шарттары боюнча (ич ара тойго жумшалуучу байлыктар макулдашылат) той башталуучу күн болжолдолот. Илгери «отуз күн ойнотуп, кырк күн кыңшылатып» – деп, үлпөт тою бир нече күнгө, адатта, жайлоодо мал семирген чакта өткөрүлгөн. Кудалар тобу менен союштарын айдап келүүчү дейт. Күйөө бала күйөө жолдоштору менен келип түшкөн. Алар үчүн өз өзүнчө ак өргөлөр тигилген, милдеттүү коноктор алынган. Алты бакан селкинчек, жоолук таштамай, шакек катмай, эл чабар, ак чөлмөк, токту сурамай сымал кыз оюндары күндүр-түндүр боло турган. Эки тараптын жаштары буга бирдей катышкан. Албетте, күйөө жолдоштор колдон суурулган азаматтардан шайланып,

кыз берүүчү айылга оюн-зоокту андан ары жандандырып жиберген. Бардык шарттарын аткарып, айлакердиги менен кутулуп кеткен.

Кызды аткараар күн келет. Камдалган кыз себи даяр болот. Жакшы көргөн жеңелери кара далы кыздын чачын экиге тепетең бөлө өрөт. Зер жасалгаларын (сөйкө, желбирөөч, бой тумар, шакек, билерик, төөнөгүч, чолпу (учтук күбөк), чач кап, чач кеп тагат. Шөкүлөсүн кийгизет, жасалгалуу жабдыктары бар атка мингизет. Кыз оюндарындагы үлпөт ырлары ырдалат. Андайда чечендер, куудулдар, комузчулар, ырчылар ж.б. таланттар жатпайт. Энелери, жеңелери «Жар-жар ай» айтышат, тойдун өтүшү тууралуу ырчылар ырдайт, кошок кошот. Адатта, кызды кечте аткарат. Барган жеринде келин тою башталат, кыз шөкүлөсү кайра төркүнүнө кайтарылат. Ал кийинки сиңдилерине ыроолонот.

Үйлөнүү тою бара-бара өз жөрөлгөлөрүнөн аябай эле тарып барууда. (Албетте, бир нече күнү той берүү, байлыкка, калыңга шартташат). Анткени менен түштүк кыргыздарда илгерки үлпөт тойлорунун жышаандары белгилүү өлчөмдө сакталганын биз көрүп жүрөбүз.

Кыз оюн – байыркы элдик оюндардын бири. Ал атайын өзүнчө тигилген ак өргөөнүн ичинде кызга жигит күйөөлөп келгенде өткөрүлгөн. Ага ырчы, шайыр жаш жигиттер, боз уландар менен кыздар, жаш келиндер чогулушат. Жигиттер боз үйдүн ыпча тарабынан, бойго жеткен кыздар, келиндер эпчи жагынан орун алышат. Адатта, оюнду шакылдаган шайыр келин башкарат.

Күйөө жолдош (ал жалпы адат боюнча ырчы, шайыр жигит болуш керек) белине курчалган курун токмок кылып эшет да, аны оюн башкарган келиндин колуна тапшырат. Келин ал токмокту топтошуп отурган кыз-келиндердин арасына таштайт. Алардын ичинен бирөө токмокту катып алат. Ошондогу мисалдардын бири катары күйөө жолдош ордунан туруп:

Кыз оюну бар десе,
Кызыгып көрсөк экен деп.
Азуусун айга жаныган
Мында акындар келген турбайбы?
Ай он бештен тоголду,
Айкашып ойноп жатканда,
Менин токмогум кайда жоголду.
Ак жамгыр жаабай ным болду.
Айкашып ойноп жатканда,
Токмогумду алган ким болду?
Токмогум башы тоголок,
Айткылачы курдаштар,
Токмогум кайда жоголот?
Токмогума күйүүчү
Токмогум алган келинге
Тогуз жоолук сүйүнчү, –

деп күйөө жолдош безеленип ырдап, эңкейип далысын тосот. Токмокту катып алган кыз, же келин ордунан туруп келип, күйөө жолдошту 9 жолу далыга чаап, анан ага токмокту берет. Алгачкы жолу кыз менен күйөөнү, андан кийин дагы ырдап, каалаган кыз-келиндерди жар көрүштүрөт. Токмокту оюнду башкаруучу алып, аны кыз-келиндерге берет. Кыз-келиндер кезек менен улам бири токмокту алып, жигиттерге токмок салат. Ким токмок салса, ошол жигит туруп ырдайт да, токмок салган кыз, же келин менен жар көрүшөт. Оюн ушул тартипте улантыла берет. Бул оюн боз улан колуктусуна күйөөлөп, же алып кеткени барган учурда кыздын төркүнүндө өткөрүлгөн. Кыз оюну сармерден, шакек салмай, бут басмай, жоолук таштамай, жолдош сурамай ж. б. оюндар, ыр-күү менен коштолгон.

КҮЙӨӨ ЖОЛДОШ. Бул – колуктуну алуучу жигиттин жан курбусу. Анын болочок кайын журтуна ээрчитип барган жигити. Ал адатта, кыз оюндарында туурадан сөз тапкан, туюктан жол чапкан, кыздын элине мыктап жаккан,

жеңе-желпилерине жүйөлөшүүдөн эч нерседен алдырбаган, бирок, ары уяттуу, ызааттуу, адилеттүүлүктөн тайбаган азаматтардан тандалышы шарттуу. Илгери күйөө жолдоштор барган жеринде отургандардын жарпын жазуучу, шайыр, бирде күйөө баланын таламын талашуучу намыскөй, баарыга бирдей жагуучу кулк-мүнөзү, жигиттик сүйкүмдүүлүгү аркылуу отуз күндүк оюн-тамашаны шаңдандырып, жандандырып жиберүүчү мырзалардан болгон.

Күйөө жолдош мурунтан кудалашкан жерге күйөөнү ээрчитип барып турган.

Экинчиден, күйөө атайын күйөөлөп барган чакта сөзсүз жанында болгон.

Үчүнчүдөн, «отуз күн ойнотуп», «кырк күнү кыңшылаткан» тойдо күйөө жолдош болуп, түнкү, күндүзгү оюндарды жандандырган.

Төртүнчүдөн күйөө жолдош кызды кайын журтуна кошо алып келишкен.

КҮЙӨӨ КААДАСЫ. Бул – күйөө баланын колуктусун алууга келгендеги кайын-журтуна жасаган сыпаагерчилиги. Бабалардан калган шарт боюнча күйөө бала тике эле кайын атасынын, чоң кайын атасынын үйүнө келип түшүп, мамыга атын байлаган эмес. Айылга жакындаганда жолдоштору менен аттан түшүп, акырын басып келип, кайын атасына, кайын энесине, чоң кайын атасына, чоң кайын энесине баш урат. Т. а. үндү чыгарбай, башты жерге сала, таазим кылып турган.

Күйөө үйлөнүп-жайланганда да, очор-бачар бала-бакыра күткөн күндө да кайындарына, төтөн, улууларга сыпайы мамиле кылуучу. Өйдө карап, үндү жогору чыгаруучу эмес. Адептүүлүктү сактай жүрүүчү. Мына ушулар «күйөө каадасы» деп аталат. Күйөөнү ушундан улам кайын-журту сыйлаган.

Адамдардын абийирдүүлүгүн, кой мааректигин, коңур жүргөндүгүн «жаңы келген күйөөгө» салыштырган. «Күй-

йөөнү пайгамбарым сыйлаган», «Күйөө карыса, жээн болот» деген.

Үйлөнүү үлпөтүндө келинди өмүрдөшү менен жашоочу жайына алып барууда да өзүнчө өлчөөсүз шаан-шөкөттөр өткөрүлө турган. Т. а. келин алуучу тарабын көз тиге карап, чыдамсыздыкта күтүнгөн. Жайында жаңы журтка көчүп-ташынып, желе байланып, өрүштө беш түлүк ыңкып, таң-тамашаларды жүргүзүүгө даярдыктар көрүлгөн. Колукту келе жатканда, добулбас урулуп, сурнай үйлөнүп, керней тартылып, айлана шаңга бөлөнүп, жашоо-тиричилик дагы бир мертебе жанданып, ооматына келе түшкөн. Келин келе жатканда, жер чие улак (көк бөрү) тарта, ырчылар-чоорчулар мансаптуулардын ата-бабадан берки атак-даңктарын, мартабасын даңазалай келген. Буга кеминдик кан Жантайдын Соң-Көлдөн Акмөөрдү, Алымбек датканын Курманжан датканы алып келе жаткандыгы тарыхый маалыматтар ачык күбөгө өтөт.

Ошентип, кыз узатып жатканда, кыздын энеси тарабынан кудагыйына мына ушундай накыл сөз айтылган. Албетте, кыз жат жерге барат. Аны барган жери бапестеп алсын, ар ишке үйрөтүп, салтка, наркка, ошол жердин турмуштук жагдайына аралаштырып алсын дегени. «Келин жаман эмес, келген жери жаман». Макал ушундан улам айтылып калган. Т. а. эне: «Ак шумкар бердим, таптап ал, ак учук бердим, саптап ал» – өзүң үйрөтүп, үндөктөп ал, элиң менен эл кыл, жериң менен жер кыл», – «Чыккан кыз чийден сыркары» – дегени... Бул – эненин аманат сөзү!

Демек, илгеркилер адамзаттын да, айбанаттын да көзү ачык сынчысы эле. «Ак көрпө жайыл ургаачы» – аялзатынын эң бир ак пейил, жаркын жайдарысы.

«Жабылуу кара инген» – үй турмушунда кабак-кашым дебей болгон оорчулукту моюнуна илген, көтөрүмдүү келген, эл сыйлаган, эл да аны баалаган зайып.

КҮЙӨӨЛӨТҮҮ ШАРТЫ. Буга байланыштуу мындай бир окуяны айыл кыдырып жүрүп, Көл тараптан уктук элек. Илгери кудалашкан колуктусуна күйөөлөп баруу алдында кыздын жеңеси минтет: «Күйөө болуучу бала, сен тай союп, кыз-келиндерге, бозой-жигиттерге таң-тамаша куруп бересиң. Ошондо эл алдында алуучу колуктуңду «Кыз куумайга» түшүрөбүз. Кызга жетсең – мөрөйүңдү алганың, жете албасаң куру кол калганың. Анда жыгылыштуусуң, мага жибектен кош этек, тукаба бешмант, атыр самынын кошо алып келесин», – дептир. Андай коюлган шарттарга күйөө, албетте, куп болот. Болжошкон күнү оюн-тамаша башталат. Түнү бою сармерден ырдалат, башка оюн-зооктор жүрөт. Эртеси кыз куумайда кызга жыландай сойлоп, ойноктоп турган жоргону мингизишет. Жигиттин колуна бир жорток ат тийип калат. Аттардын оозун коё бергенде эле кызга күйөө шап жетет. Буга кыздын төркүндөрү ченебей намыстанышат. «Оюндан от чыгып», ал тамашанын аягы эки куданын арасын ачуу менен бүтөт. Ошондо жигит:

«Бургутуп жорго жөнөдү,
Бууданым жетти чап этип.
Бейпайы күчтүү сулуунун,
Бетинен өптүм «чоп» этип» – десе,

анда кыз:

«Жоргону тандап мингиче,
Жортокту минбей не болдум.
Жоболоңдуу жигитке,
Жолобой койбой не болдум, – дейт.

Өкүттө калган эки жаш акыры баш кошушкан экен. Ага жүйөлүү накылдар себепкер болуптур. Албетте, оюндун шартында жетпей калган жигит экинчи кыз куумайга түшпөгөн. Бирок, «ал кызга жетпей калды» – деп, бел куда

кызынан жигит куру калбаган. Экөөнүн кыз куумайга чыгышы – салт, элдин тамашасы, оюндун кызыкчылыгы.

30 КҮН КЫЗ ОЮНУ. Бул – кыз үлпөтүндө өткөрүлүүчү каада-салт. Кызды турмушка аткарааарда төркүнү тараптан жасалуучу шаан-шөкөт. Адатта, кыздын болочок күйөөсү жолдош-жоролору менен күйөөлөп келет. Алар өзүнүн жолдугун жасайт. Ага карата кыз оюндары түнү-күндүзү уюштурулат: алты бакан селкинчек, жоолук таштамай, шакек жашырмай, токту сурамай ж. б. Күйөө тараптын жоро-жолдоштору, айыл жаштары, кыздын жеңе-желпилери бул оюндун көркүн ачат. Кыз-күйөөнү көрүштүрүү асеми болот. Албетте, мында күн сайын той-тамашалар артыла берет. Чечендер, санжырачылар, ырчылар, чоорчулар, комузчулар ж. б. эл ичинен чыккан шайырлар ушундай жерде чогулушуп, аларды атайын алдырышып, той берүүчү күнү кыз узатуучунун мартабасын арттырып жиберишет.

Кыз-күйөөгө төркүнү ак өргөө көтөрүшөт. Ага эки жашты жаткырышат. Төшөк салуу, маасы тартуу, жеңелердин аткара турган милдеттери өзүнчө айтылат. Кыз-күйөө ошол өргөөдө болушат. Мына ушул 30 күн ойнотуу, 40 күн кыңшылатуу шартында кыз оюндары менен катар кыздын эмнеге жөндөмдүүлүгү, жекече сапаты баамдала барат. Аларга төмөнкүдөй сапаттар кирет: кыздын үй оокатты тейлөөсү, үйдү иреттөөсү, төшөк салуусу, жүк жыюусу, эшик-төрдү шыпыруусу, казан-аякты кармоосу, кир жуушу, тамак-аш бышыруусу, келим-кетимди кабыл алуусу, отуруп-туруусу, дасторкон жаюусу, чай куюусу, элге сунуусу, эшик-үйгө кирип чыгуусу, көч жүктөөсү, атка минүүсү, үй тигип-чечүүсү, мал саашы. Ошондой эле анын узчулугу да сыдыргыдай сындан өтөт. Ошондуктан, кыздын эч нерсеге эби жок өсүшү эне-атага сөз тийгизип коёт. «Эне көргөн кыз эмес, эндик көргөн бет эмес», – дейт. Үйдүн эркеги кыздын энесин: «Элге-журтка кеп болбойлу, кызыңды тарбияла, үйрөт, көндүр» – деп, астыртан секип турган. Мындай турмуштүк сыноодо мыктылары эне-ата-

нын жүзүн жарык кылып койгон. «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат». Ушундай таалим-тарбиядан, үйрөтүүдөн накылга айланган.

КЫЗДЫ КҮЙӨӨГӨ АТКАРУУ АСЕМИ. Отуз күн ойнотуп, кырк күн кыңшылатып, кызды күйөөгө узатуу каада-салттарды өткөрүү асеминен кийин эми аны аткаруу камылгасы көрүлөт. Мында шаан-шөкөттүн көркү мына ушул узатуу оюнунда бөтөнчө сезилет. Кудалар камылгасы бүтүп, кулдуктарын уруп, калдайып түшүшөт. Күйөө бала өзүнүн жоро-жолдоштору менен кийинчерээк келет. Колдон суурулган жигиттер, ырчысы да, чоорчусу да кошо болот. Үйгө жеңелеринин коштоосу аркылуу кыздар кирет. Жигиттер жапырт турушуп, өзүлөрүнүн адептүүлүгүн билгизип, аларды кабыл алышат. Кыздын теңтуштары көшөгө жакка өтөт. Так ошол көшөгөдө отуруп алышып, кыздар көшөгө тигишинен карап, күйөө баланы сындан өткөрүшөт. Албетте, салт боюнча колуктуну жеңеси алып барып, күйөө баланын жанынан орун берет. Мында экөө тең бирибиринен уялышып сүйлөшө, жүз караша албайт. Адатта, оюн-зооктор болот. Тил безеген жигиттер отурушту көркүнө чыгарып, ай чыкканча, кашка таң атканча таң-тамашалар өтө берет. Ошондой шарттарда жеңелеринин уруксаты, оюндун шарданы менен кыз-жигит жүздөшүүлөрү ыктымал. Жаштар оюндары көп болот. Ак чөлмөк, алты бакан селкинчек, дүмпүлдөк, шакек жашырмай, жоолук таштамай ж. б. оюндар ыр-бий менен шөкөттөлөт.

Аттанаар учур келет. Кыз менен коштошуу башталат. Кыздын кара далы чачы экиге өрүлөт. Ага чолпу (чач учтук), айрым аймактарда күбөк тагылат. Шөкүлө ата-энеси аркылуу кийгизилет. Күмүш ат жабдыгы суу чайпалбас жоргого токулат. Аттын төрт аягы, эки кулагы, ооздуктаноосу гана көрүнгөндөй күмүштөлөт. Тууган-уруктары коштошо баштайт. Акыл-насаат айтат. Жакшы кыз төркүндөрүн кеп-сөзгө калтырбайт. Жеңеси, энеси, чоң энеси, тайэнеси, тай жеңеси, эжеси, тай эжеси кошок кошот. Теңъ

туштары адат боюнча кыңшылашат. Т. а. алар да жоолук ичинде коштошот, ыйлашат. Кыздын кийим-кечектери сандыкка, же жагданга салынат. Кийип жүргөн тебетейин сиңдисине кийгизет. Урунуп жүргөн буюмдарынан көбү калат. («Эжем эрге тийсе, эски тарагы мага артат» – деген сөз бар). Ошентип, кыз кайын-журтка шөкүлөчөн барат. Шөкүлө кайра үч күнден кийин үйүнө келет. Аны кийинки сиңдилери кийип чыгат. Эми такыя элечек, жоолук салына баштайт.

40 КҮН КЫЗ КЫҢШЫЛАТУУ. Бул илгерки салттардын катарына кирет, кызды күйөөгө узатуудагы чоң салтанаттардын бири. Узатылуучу бийкечтин башына кымкап же чапан жаап, санаалаштары, акылдаштары (алардын башында да ошондой чүмкөмөлөр болушу мүмкүн) тиги кызга барып, кымкапка башын катып, чекелерин тийгизип, үн чыгара кыңшылап ыйлоолору – өз ара коштошуулары. Андан кийин ирээти менен чоң энеси, өз энеси, жеңелери, эжелери кошок айтып коштошкон.

30 күн ойнотууда, 40 күн кыңшылатууда жуучулардын түшүүсүн, аларды кабыл алуу, коноктоо, узатуу жана анда атайын ырчылардын келишин, ошол жуучулардын кайдан келгендигин, кимдер экендигин, кандай каада-салттары бардыгын, анын бөтөнчөлүктөрүн, ал тукумдан чыккан эл билермандарын, журт мыктыларын, баатырларын, ырчы-чоорчуларын, ордочуларын, балбандарын, мүнүшкөрлөрүн, саяпкерлерин, санжырачыларын, койчу, элге-журтка белгилүүлөрүн ыр аркылуу баяндап берүү жөрөлгөлөрү болгон. Т. а. «Тоюңар тойго улансын, той берген айыл кубансын!» – ошол ырчылардын жардыгы болуп саналат. Бул кийин той берген үйгө кирүүдө айтылуучу болду. Бара-бара бул бай-манаптарды, болуш-бийлерди гана мактоо жосундарына өтүп кеткенин билебиз.

Отуз күндүк ойнотууга калыс элдин кароосунда кыз куумай өткөрүлөт. Буга абалы ала турган колуктусу менен жигит өзү чыгат. Мындан кыздын чабандестиги, ат

үстүндө чыйрактыгы бааланат. Көчмөндүү турмушта атка жүрүшү, сындуу отурушу, минген аты тууралуу баалоолор болот. Кыз куумай, кайра жигитти кыздын куумайы ошол чакта бир нече курдай кайталанат. Мындан да кыз-жигиттер өзүнүн өмүрлөш жуптарын таап алууга, оюндун кызыгын ошолор өткөрүүгө ылаажылар түзүлөт. «Баланчанын тоюнда таанышканбыз», «Кыз куумайга түшүп...», «Алты бакан селкинчек тээп жатып...» өңдүү элестер калат.

АЛТЫ БАКАН. Бул – өзүнчө түшүнүк, селкинчектин алгачкы түшүнүгү. Мында алты бакан орнотулат. Анын экөөндө жигит, экөөндө кыз колтуктап кериле турушат. Эки бакан кыз-жигиттин буттары үчүн тургузулат. Ошондо алар селкилдете, бирин-бири ителгидей тебишкенде, көкөлөй түшүп, кайра бирин тепкенде, ал да асмандап, ителги, ылаачын кейиптенишет. Мында тебишүү, албетте, бир чети ичтен эрегишүү, тамашага чалуу, мөрөйлөшүү, оюнду шаңдантуу, чыйрактыгын, өз күчтөрүн байкашуу, демек, селкинчек – бара-бара селкилдете тебишүү. Ошол көкөлөтүп тебишип жатканда кыз-жигиттердин кыял-жоруктары, оюнга жасаган мамилелери билинет. Бул колукту тандоого өбөлгө түзөт. Мына ушундан улам кийин-соң алты бакан селкинчек аталып кетет. Ал эми азыркы селкинчектер мурункуларга окшошпойт. Буттардын алдындагы аркан жок. Тактай үстүнө буттарын коюп, ич ара терметүү болуп саналат. Салттуу оюн анча шаңына чыга албайт.

Үйлөнүү үлпөтүндө 30 күн ойнотуп, 40 күн кыңшылатып, ошол ак кийизи төшөлгөн баяндостун мааниси зор. Себеп дегенде, жигиттер бир жагында, кыздар бир жагында катар тизилген. Күйөө болуучу бала биринчи баштап ыр ырдап, алуучу колуктусун карай кадам шилтеген. Анын ырынын канчалык демдүүлүгү көрүүчүлөр, ич ара калыстар тарабынан бааланган. Алуучу колуктусун акырын келип, сыпайы жүз көрүшкөн, колун мойнуна арта сала алат. Ага жеңеси себепкер болот. Ушундан улам берки жи-

гиттер менен кыздар да өзүлөрүнө ылайыктуу жарды табууга, таанышууга шарттар түзүлгөн.

КҮЙӨӨЛӨП КЕЛҮҮНҮН ЖАНА БИР ШАРТЫ. Үйлөнүүдөн мурда күйөөлөп баруу каадасы аткарылышы мүмкүн. Күйөөлөп келүү каадасы жеринен эле белгиленген. Ал бычылган калың төлөнүп бүткөндөн кийин башталат. Күйөөлөп баруу каадасы көбүнчө болочок жарлар бири-бирин жакшы билишпесе, мурун жолугушуп, баарлашпаса аткарылган. Бардарлар атайлап кызга арналган ак өргөө тиктирип, кыз болочок күйөөсү менен мына ушул өргөөдө, же кыздын өзү чоңойгон бөлмөсүндө болот. Ортосун бөлүштүрүп, ала жип чоюп, «ала жипти аттабагыла», – деп баш коштурган. Ала жип атталбайт, тек жигит кызды, кыз жигитти көбүрөөк билип, даана таанышышы керек. Ошол тапта күйөө балага кыз жакпай калса, же колуктуга жигит жакпаса, өмүр бою бирге жашай албай турган болсо, анда ажырашышат. Демилге күйөө тараптан болсо, калың, мал кайтарылып берилбейт. Демилге болочок колуктудан чыкса, калың толугу менен кайтарылып берилет. Эгер түбөлүккө өмүр сүрүүгө эки жаш чын ниетинен бел байлашса, ортодогу ала жипти же кыз кемерин аттап коюшат.

ТӨШӨК ТАЛАШУУ. Бул – кудалар салты. Той бүтүп, кыз узатаар күнү, узаар алдында айылдагы зайыптардын кудадан ырым-жырым алуу үчүн жасаган тамашалуу аракеттери. Кыл арканды узун эшип, бир учун борчук ташка, же терекке, же мамыга бекем байлашат. Куда тараптан келген эркектер ошол арканды тартып, жулуп кетиши керек. Жулуп кетишсе, аялдар ырымдан куру кол калат, жула албаса, ырымын алат. Б. а. аларга куда тараптан бээ береби, өгүз береби, ат береби, төө бсреби, кой береби, айтор, алына карата мал энчилейт. Ошол арканды тартып жатканда аялдар беттерине күл чачып, калың эл көрүп, кыраан каткы күлкүгө бөлөнөт. Мындай мыскылдан кутулуу үчүн аркан тартпай деле мал берүү жолдугу бар.

Азыр деле тойлордо тамаша иретинде бирдеме өндүрүү үчүн (мисалы, акча) ошондой тамашалар жасала бериши ыктымал. Төшөк талашуу – этнографиялык маани-жайы сакталып кала турган жөрөлгө.

МҮЧӨЛ – эски салттардын бири. Көпчүлүк аймактарда жоюлуп кеткен. Муну жаш муундар эмес орто муундагылар да анча аңдаша албайт. Таластын Кара-Буура, Бакай-Ата, Манас (Покровка) райондору жайгашкан тарапта кээ кездери мүчөл берүү, мүчөл алуу шарттары боло калышы айтыла, жазыла да коюп жүрөт.

Эмесе, мүчөлдүн чоо-жайы мындай: Келин алган тарап кудасынын алдына түшүп барганда, кыз берүүчү тарап атасына, агасына, таякесине мүчөл (жылкы, уй, кой, тай, торпок, топоз) берүүдө салык салынат. Бүлө алуучу тарап муну жыл ичинде өткөрүп берүүгө макул болот. Мындан тышкары калыңы бычылат. Т. а. мүчөл калыңдын бир түрү.

«ТОЮҢАР ТОЙГО УЛАНСЫН». Бул – үйлөнүү тоюнда отуз күн ойнотуп, кырк күнү кыңшылатууда өткөрүлүүчү үлпөттүн бир түрү. Айкөл «Манаста» да айдан ачык айтылат. Оюн мындай башталган:

Ортого баяндос (кымбат баалуу ак кездеме) салынган. Анын ордуна кийинчерээк ак кийиз да жайылган. Албетте, ал актыкты, дилдин тазалыгын билдирген. Баяндос акыреттик достошуучуларга, ак баталуу куда-сөөктөргө да салынган. Ошол жерден маңдай-тескей жигиттер менен кыздар кырк бир кадам катар кетенчиктешет. Биринчи кезек күйөө балага келет. Ал күн мурунтан ак таңдай акындар айтып берген, же өзү чыгарган ырды созуп, алдыга кадамдайт. Ал ырдын мазмуну: ушул жердин тоосунун кооздугун, абасынын, суусунун тазалыгын, ташын, токоюн, жайлоолорун, жакасын, айтор, эчтеке койбой баарын мактап-жактап ырдайт.

Ушундай жайда төрөлгөн, ушундай жерде көгөргөн перизаттын өзүнө жар болууга буюрулуп жатышына миң мер-

тебе ыраазычылыгын билдирген. Тең кадамда келе жаткан кыз-күйөө баяндоско жетип токтошкон. Ошол жерден актык үчүн жүздөшүүгө, түбөлүккө жар болууга макулдугу бардыгы белгилүү болгон.

Бул үлпөткө катышуучулар өзүнүн сүйгөндөрү көрүшүүгө, сырдашууга, ак тилектерин айтышууга, шерттешүүгө жана оюнду жандантууга шарттары келе түшкөн.

«Тоюң тойго улансын, Той берген адам кубансын» деген саптары ушинтип, той боло берсин, той тойго улансын деген өндүү каалоолорду ичине камтыган.

КЕЛИНДИН КЕЛИП ТҮШҮҮСҮ. Адатта, кыз узатуу күүгүм-талаш болот. Түн катып келин келип түшүү салты бар. Келиндин келе жатышы тууралуу айыл ичи кабардаш болуп турат. Нускалуу байбичелер баштап, босогодон аттаганда келин үйдөгүлөргө жүгүнөт. Нандан, боорсоктон, татымалдан, куруттан чачыла чачат. Оозуна май салат. Майлуу, сүттүү болууга ырым кылат. Келинге карата алкоо сөздөр, ак баталар негизинен мындай айтылат: «Тилегиңди берсин», «Алдыңды бала бассын, артынды мал бассын», «Жабылуу кара инген бол». «Кайын журтуңа ыманың ысык болсун», «Көшөгөң көгөрсүн», «Алганың менен тең кары». Бул өндүү сөздөрдү байбичелер, карыялар, кайын эне, кайын ата, кирди-чыктылар жана башкалар айтат. Ак жоолукту кайын энеси салат, анан кайын сиңдилери менен көшөгөдө каадалуу олтурат.

КЕЛИН КӨРҮҮ. Бул – өзүнчө салтанат. «Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» (макал). Көргөнү келгендерге жаш келин эпилдеп жүгүнүп турат. Кээ бир аймактарда келин көрүүчүлөр ага бирдеме ыроолойт. (Сөйкө тагат, шакек берет, билерик салат ж. б.) Тескерисинче, айрым жерлерде ата-энелеринин кызга камдаган зер асемдери ылайыгына карата таркатылат.

КУШ БОО БЕК БОЛСУН. Бул – алган жарың аттуу-баштуу болсун, муну менен түбөлүк өмүр сүргүнүң... сымал түшүнүктү берет. Адатта, куттуктоонун түпкү мааниси ал-

гыр куштарга барып такалат. Т. а. жапайы кушту кармап келүү менен аны үндөктөгөн. Ал кайра учуп кетпегендей, ээсин имерчиктеп жүргүдай, түлөккө отуруп, таптоого көнгүдөй, анан таптап, ууга салгандай колуктуну – зайыпты да таптаган куштардай ардактоо сезимин туюнтат.

Ар бир адам үйлөнүүдө ошондой жакшы тилектерди алдына коёт. «Аялды башынан үйрөтүү керек, баланы жашынан үйрөтүү керек» – деген. Куштардын кара мүртөзү болот. Ал үндөккө кирбей, ээсин эчен алакетке түшүрөт. Чалпоо, ичи тар, ит кыял чыганаак аялдар да ошондой болот. Мында куштардын мүнөздөрү аркылуу аялзатынын мүнөздөрү берилет.

КЕЛИН ТОЮ. Бул – бүлө алган тараптын айылынан, элден-журттан бата алуусу, кыз тоюнун уландысы. Тою өткөнчө, колукту көшөгөдө болот. Кайын сиңдилери жанында шынаарлап отурушат. (Ника кыюу, өкүл ата шайлоо ошондо бир болот.) Келин көрүү, көрүндүк берүү, жар-жар айтышуулар, эл шайырлары мында да эл кумарын бир жазышат.

Азыр үйлөнүү тою келин тоюна өтүп кеткени баамдалат. Жакын кудалар чоң той берүүдө бири-биринин ички мүмкүнчүлүктөрүнө карашат. (Той каражаттарын тең чыгарган учурлары да бар.) Келин тою ак бата алуу менен аяктайт.

ЧАЧЫЛА (ЧАЧЫЛА ЧАЧУУ). Бул – тойлордо (үйлөнүү тоюнда), өлүк узатууда ак тилектен жана аягы майлуу-сүттүү болсун өндүү максатта көпчүлүккө татымал (момпосуй, кант, мейиз, өрүк, жаңгак, жийде, мисте) аралашкан боорсокту ооз тийгизүү. Чачыланы (албетте, боорсоктон башкасын) эшик-төрдү биринчи аттоочу келиндин башынан ылдый чачып да жиберет. Аны балдар, келинкесектер, кыз-кыркындар жакшылыктын белгиси катары талаша терип жешет. Ар бир аймакта чачыла чачууда айырмачылыктары, бөтөнчөлүктөрү болушу ыктымал (Кээ

жерлерде тыйын чачып келген. Бул ырым-жырым кийин чыккан түрү бар).

ЖАР-ЖАР АЙТУУ. Бул – үйлөнүү тоюндагы жаштардын шайыр-шаңдуу ыры, т. а. тойдун гимни. Жар-жар айтуу – жар көрүү. «Бүгүн күйөө той берет, Жар көрөбүз (колукту көрөбүз) жар-жар, ай». Демек, жигит-кыздар жалпы ырдап, үйлөнүү тоюнун шаанисин чыгаруусу.

Акыйкатта, минтип жар-жар айтуу кыргыз чөлкөмүндө калып баратат. Мындай шартта кыз-күйөө улуттук кийимдерди да кийишпейт. Бул – элдик маданиятты, өзүн-өзү жерүүчүлүк. Казактарда гимн катары ырдалууда. Тактап айтканда, муну тасмага жазып алышып, үлпөт учурунда ырдатып турушат. Той андан соң башталат. Албетте, бул асемдүү салтты барктоо жана пайдаланууубуз зарыл.

НИКЕ КЫЮУ. Бул – шарияттын жолу менен жаңы үйлөнгөндөрдү (мейли жашына карабай) бири-бири менен түбөлүккө табыштыруу күбөдүрлүгү. («Күбө, күбө күбөдүр, күбөлүккө жүрөдүр»). Адатта, молдо чай кесеге сууну алып, өз ичинен ага дуба түшүрөт. (Ал кандай дубалайт, ал жазылган жок). Молдо баш кошкондордун ортосундагы күбөгө өтүүсү аркылуу алардын бири-бири менен баш кошууга макулдугу бардыгын суратат. «Туттуңбу?» – деп айттырат. Эри абалы «туттум» дейт. Анан колуктусу, аялы, зайыбы «туттум» дейт. Бир аз жашоо-тиричиликтин ар кандай жолдору тууралуу акыл-насаат сөздөр айтылат да, дубаланган сууну аларга ууртатат. Албетте, ак дилде жашоо үчүн мусулманча нике кыйдыруу, тунук суу ууртатуу ант алганга барабар. Ушул жолубузду улообуз зарыл.

КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫ – үйлөнүү үлпөтүндө, үй-бүлөчүлүктө ырдалаар ырлар бар. Аларга:

1. Тойду баштоодогу жар көрүштүрүү, жар-жар айтуу, колуктунун бетин ачуу, отко киргизүү, бешик ыры кирет.

2. Үрп-адат ырлары бар. Буларга: жарамазан, ырым-жырым (эм-дом), бата-каргыш, алкоо, нооруз, шырылдаң... айтуубуз кирет.

3. Жоктоо ырлары бар: кошок, угузуу, керез, көңүл айтуу өндүүлөр буга далил. Ат үстүндө аш-тойлордо жар чакыруу, саламдашуу, коштошуу сыяктуу алым сабак ырлары дубанда угулат.

КАЙНЕНЕ МЕНЕН КЕЛИН. Адатта, кыз баланы бирөөнүн бүлөсү дешет. Деген менен ата-эне үчүн балдарынын баары бирдей. Бирөөнү ала, бирөөнү кула көрбөгөн ата-энелер кимден мандай жараарын, кимисинен топурак буураарын кайдан билет.

Кыз бала бойго жетип болукшуп, болмуштун буйругу менен бирөөлөрдүн бүлөсүнө кошулат. Абалы жоолукту кайнене салат. Ак батасын берет. Жашоо тиричиликтер уланат. Эми кыз бала келин болуп, өз энесинин колунан кайненесинин тескөөсүнө өтөт. Кеп ошол тескөөдөн чыгат. Ага айрымдары чыдайт, кээ келиндер чыдай албайт. Кайнене тескери эч нерсе деле айтпайт. «Эрте тур, төшөктү мындай сал, тигиндей сал, уйду мындай саа, отту андай жак, улууларга тигиндей мамиле жаса, жүгүн, терге, алдың менен кир, артың менен чык, чайды мындай куй, чамасын төк, корулдатып ууртаба»... Айтор, төркүнүндө кичине адеп көрбөгөндөрдү үйрөткүсү, үндөктөгүсү келет. Албетте, азоо чалыштарга жаман угулат. Каяша айтат, мурунун чүйрөт, тик карайт. Кайненеге бул бычактай тиет.

...Илгери кыргыздар жуучу, атайын сынакей өкүлдөрдү жиберип, кыздын өңү-түсүн, отуруп-турушун, баскан-турганын, кеп-сөзүн, кирди-чыктыларга мамилесин, чыны сунушун, атка отурушун, үй тигишин, жүк жыйышын, төшөк салышын, иш кылышын, малды тейлешин... Мына ушулар сыдыргыга салгандай сындан өтүүчү, көз тарazасында туруучу.

Айыл отурушканда кыздын суу алганын, мал саагандын көрүшчү. Бой жетип турган жигиттерге кыз тандоо аракети жүрүүчү. Мындайраак балага, эстүү кыздарды алып берүүгө ата-эне өзүлөрү дилгир. Андан балалуу болсок дешчү. Ал тигиге акыл киргизет, өзүнүн абийирдүү

жүрүм-турумдарын жугузат – дешчү. Ошондон мал-жанын аябай куда түшүүчү. Андай максаттарга бала да имерилип, ата-энесинин оболунан чыгуучу эмес. Ошентип, алган келин сырдана эки тарап шайкеш, өөдүк-сөөдүгү жок.

Ал эми кыз-жигит ич ара сүйлөшүп, көп-сөзүн бышырып, жеңелери аркылуу ата-эне, ага-туугандарына билдирип, атайын күйөөлөп барып, той берип, айыл апаны шаңга бөлөп, оюн-шоок өткөрүп, көпчүлүктүн кырында кызды жөнөтөт. Анда алкоо ырлары ырдалат, салттуу кошоктор кошулат... Ушинтип, узатууга не жетсин! Мындай кайнене менен келиндин ортосунда кыргый кабак болбойт.

Оо-оо, чейрек кылымдар мурун ушуга тете жакшы жөрөлгөлөр бар эле, кудалардын күн мурунтан убадалашкан күнү келгенде келин алуучу тарап кечкурун бир койду өңөрүп, күйөө баланы кошуп, үч-төртөө кудасыныкына барып түшүүчү. Кой союлат, кошуна-колоңдор чакырылат. Эт желет, кымыз ичилет, сакалдуулар ак баталарын берет. Түн жамынып, кызды аткарчу. Кайнене менен келиндин быгышып калышына бул жол чабат.

Кайнене – билгендерге үйдүн куту. Кайнатага караганда экөө бири-бирине тыгыз байланышат. Андан келин акыл үйрөнөт, жол-жоболорду билет. Анын үндөгү жаман тарапка бурбайт, эмки түбөлүктүү энеси болуп калат. Келиндер карылардын кагып-силккенин эстерине албайт. Мындай менин энем деле бар эмеспи. «Карынын көңүлүн калтырбайлы», – дейт. «Өзүбүз да кайнене болобуз» деп, башкаларга да өрнөк көрсөтөт.

Келиндин боюна бүтсө, кемпирдин моюнуна бүтөт. Төрөтөт, кары адам сүйрөлүп жүрсө да, баарына кайыл, небересин багат. Баласынын баласы ого бетер ысык. Ата төрүндө тарбия көргөндөр тамактын алдын кайненесине ооз тийгизет. Бир жакка бараарда, бирдеме алаарда ага кеңешет. Өз убагында кир-когун жууп, киринтет. Шейшебин алмаштырат, төшөгүн калың салат, кемпир ийийт. Ичтен чыккан уулунан артык көрөт.

Кичине «казан аяк кагышса» эне келинине жан тартып турат. Уулун алдыртан тескейт. Кайненеси бир жакка кетсе, келини коңултуктайт, жол карайт. Томпойтуп небересин жетелеп байбиче тойлордо жүрөт. Кайнене келинине ой-пикирлерин айтат. Керез калтырат. Кошок үйрөтүп коёт, келин кайненесин жоктойт. Ага эл ыраазы болот,

Менимче, ички кагылыштар «ала качып» алынган келиндерде көбүрөөк болоорун баамдайм. Анан калса «ала качуу» – салтты бузуу. Ал кандайдыр азыркы ойдо жок жорук. Жаштар сүйлөшүп жүрүшүп, убадалары бекип эле, анан «ала качып келди» болушат, «Ачуу басары», кийин «чоң чуу басаары» болот. Айрым учурда колуна тийген кыздарды олжолоп, ала качып келишет. Тигинтип жүрүп «ала качып» келүүдөн бул өтө опурталдуу сезилүүдө. Анын тагдыры көбүнчө сот аркылуу чечилүүдө. Мына ушул жерде да кайнене катыш жасайт. Жоолук салат. Чачыла чачат. Алкайт, сүйүнгөнүнө чыдабай ыйлап да жиберет. Кыраандын кара мүртөзү үндөккө кеч киргендей кыз беймаза кылат. Куучулар келет. Ата-эне, ага туугандын ыймандын кырк кез кылат. Ушундай келиндер нап бербейт. Өчөшүү пайда болот. Өздөрүнчө оокат кылгысы келет. Ага да ата-эне макул. Кайнене, кайната катышы болбой калат. Буга да макул. Тапкан ташыгандары жетишпейт. Жардам берүүгө абышка-кемпир жана макул, небересин карматпайт. «Аман болушсун, мейли» – дешет. Үйүнө келишсе, сүйүнкүрөбөйт. «Мейли балдарым аман болсун», «Кайнене өч чыгып»... «Жакшы эле жашоочу элек» – дейт келин.

Эмнегедир, илгери ата-эне эрге чыккан кыздарын да тескөөчү. Кыздын жүз ачып, чыгыштык кылып, төркүндөрүнө жылмаңдап келиши бир атаны, урукту уят кылуучу. Азыр: «Мен сени кармап бердим беле, өзүң жылаңаяк качкансың, күйөөң жакшы, энеси мокочобу! Келбе, оокатыңды жөндөп кыл» – дечүлөр аздай.

Кайненеде да бардыр... Канткен менен элибиз улуларын сыйлайт. Карыларга күнөө коюу — табиятыбызга жат.

«Сен да карырсың, кемпир ээк болоорсуң, келин күткөндө билээрсиң»... Байбичелер башка эмне сөз айтмакчы!...

ЖҮГҮНҮҮ – ЫЗАТТООНУН ЧЫНДЫГЫ. Кез айылга бара калганда эски көздөр: «Тур балам, жүгүнүп кой, чай кой», – деп жаш келиндерин айтканда ал бала эпилдеп жүгүнүп калса, ичиң абдан жылый түшүп: «Тилегиңди берсин?» – дейсиң. Жүгүнүп, салам берүүнүн сырларын өзүбүз да чала моңол түшүнгөндүктөн бата берүүнүн ордуна «Болуптур анда!» – деген күндөр да болгон. Ойлоп отурсак, адеп-ыйман жүрүм-турумубузду, кулк-мүнөзүбүздү адал сактаган, ар бир пенденин жадында, жүрөк тушунда сакталган жадыбал тура!

Жүгүнүү – салам берүү, улууларга жаштардын ызааты, жаш келиндердин кайнагаларына, кайын аталарына, деле сакалдууларга кашкайып барып, кол берип, колун бекем кысууга караганда эки колун боорuна алып, ийилип коюу эмне деген сылыктык, назиктик! Ушинтип, жүгүнүүнү эл өзү шайлаган. Уяң, жаш колуктулар үчүн ушунун өзү даана, так, төп жобо болуп, улам кийинкилерге өткөн.

Мурун келин-кесектер эрте туруучу. Мал-салды ирээттөөчү. Күл чыгарчу, от жакчу, суу алып келүүчү. Анан кайын эне, кайын ата турганда жүгүнүп койчу.

Жүгүнүү – ачкарын бата алуу. Улуулардын баталары өзүнчө керемет болучу: «Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын. Алганың менен тең кары. Ак этек бол». Мына ушундай баталар «Кыдыр даарыгандай» келип, келин келген жеринен орун-очок алып кала турган. Ошол үчүн «келин-кесектер кайын эне, кайын аталарын пир тутуп, бийик көрүп сыйласа, аларды кудай сыйлайт», – дейт карылар.

Дегинкиси ыймандуу ургаачыда эмне айып! Жаңы бүлө, албетте, көпчүлүктүн көз кырында турат. «Келиниң кандай чыкты?» – деп абысындар сурашат, жакшы санаалаштар баамдашат. «Кудай буюргулук кылсын, көз жарып берсе, ошолордун балдарын эрмек кылсак...». Карачы, карыларга жаккан келин жаманбы? Эси жоктору эми деле

элин, жерин, урук-туугандарын, ата-энелерин, кеп-сөзгө калтырып жатпайбы?

«Ал силерге чай кайнатып бере алуучу түрү жок, алма сабагынан алыс түшпөйт. Энеси ким эле, энесин тартып, желтаман болгон окшобойбу!

Каапырдын көзү жаман, жүгүнмөк турсун, кишини тик карайт».

«О-о, кокуй, азыркы келиндер жүгүнмөк кайда? Өзү кайын эне болоор, ошондо көрөөр». Келген келинди эл өзүлөрү эле иргеп коёт. Азыр деле: «Ал да бирөөнүн баласы, бара-бара үйрөнүп кетээр. Экөө табышып калган соң, кантебиз. Болору болду, чыдоо керек» – деген карылар. Албетте, алар да учуп келип конгон куш сыяктуу айрымдары жоошуйт үндөккө кирет, ошол үйдүн шартына көнөт. Тепилдеп, улууларга жүгүнүп, кичүүлөрүн эркелетип, шайыр жаштарынын арасында болуп, турмуштук таптоолорго кирет. Кыраан түлөктө отургансып, ал келинди кудай жалгайт, ак этек басат. Барган жеринин уругун өстүрөт. «Айланайын, деле жүгүнгөнүн жазбайт. Кол бала да, башка чукак немелерге ырас болду»... Бир айыл эл ага жалынып турушат.

Жүгүнүү – орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек табуунун өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн маңдайын жаруу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуу. «Иши оңолоор үйдүн ити чөп жейт, иши кыйчалыштаар үйдүн келини ууру кылат», – дейт.

...Мындан бир топ жылдары илгери Жети-Өгүз чендерге барып калдык. Негизи Тилекматтын эли – «мүйүздүү байбичеденбиз» – дешип, салтты-наркты жакшы сакташат. Урмат-сыйды да жакшы жасашат. Жүгүнүү салтын ошол тарап азыр улап келүүдө. Бала эмизип, тура албай отурган келин-кесектер да кирген байбичелерге: «Апа, мен жүгүнүп жатам» – деп, ордунан козголо түшөт. Аягы тыйылып калган жүгүнүүнү мен ошол тараптан көрүп, аябай суктангам.

Илгерки келиндер: «Кокуй, кайсы бетим менен акемдин көзүнчө ыстыкан көтөрөм», – дешчү. Жүгүнүп, ыймандуулукту чексиз кармаган келиндер эми деле маңдайлаш отурбайт. Тик карабайт, үнүн көтөрүңкү чыгарбайт. Тамакты адептүү сунат. Мына ушулар жүгүнүп ызаттоонун чыныгы белгилери болуп саналат.

Эмне үчүн касиеттүү калк жүгүнүүнү ойлоп чыгарды. Улуулардын жолу, алган орду башка. Жаштар андай жерде болбоолору зарыл. Жүгүнүп, аларды урматтоону жандырбай, табынан тайдырбай, түбөлүккө мураска айланышын күтөбүз.

АТ ТЕРГӨӨ. Ат тергөө – ата-бабабыздан берки адепти, ыйманды тутуунун бир түрү. Мында да улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо наркы-салты сакталган. Небереси менен тең неме «Кошой Коңгарбаевич» деп отурса биз биякта туруп эле коомайлана түшөбүз.

Азыр колдон келсе «евич», «евна» деген кошумча «куюшканды» таштап эле «уулу», «кызы», «келини», «небереси» деп айтканыбыз оңдой берди сезилет.

Илгери ат тергөөдө «акем», «мерген акем», «молдо акем», «аттескери акем», «капканчы акем», «койчу акем»..., «уул», «жылкычы уул». Мында, биринчиден, ызааттоо, өз абийирин өзү сактоо.

Экинчиден, тигилердин кесибин баяндоо жатат. «Апакай апам», «Умай энем», «Койчумандын апасы», «Турсунайдын атасы», «Баатыр атам», «депутат кайним»... Мунун артында жылуу сезимдер бар. Аларды урматтоо, алар аркылуу сыймыктануу жагдайлар да бар.

Чыны ат тергөөнү динге да байланыштырып келген эле. Туура, «абысындар аңдышкан жоо» деп да коюшат. Анткени менен эр-бүлөлөрдүн таасири, эзелтен келе жаткан эркектик касиеттери аркылуу тууган-уруктардын ургаачылары бир ооздо, бир пикирде болушуп, аттарын тергешкен. Абийирдин жалпы жазмышын сакташкан. Ошентсе да,

пендечиликтин узун-кыска чектери, жолдон тая түшкөн чактары болбой койбойт эмеспи..

Ат тергөөдө да ошого мүнөздүү жерин, сырткы кебетелерин чукуп, ошол «талуу жерин» таап койгон учуру да болгон. Кой оозунан чөп ала албаган адамдарды «жоош аке», сырты даалдап, ичинде кири жокторду «калдырак аке», шуртулдап жүргөндөрдү «суу жукпас аке», узун бойлууларды «куркут аке», «көк чаар», «жыртак», «чоң баш»... өңдүүлөрдү кыйыр туугандардын келиндери, жеңелери айта коюшчу.

Менин айтайын дегеним, азыр жаштар уяттуу адамдардын теке маңдайына отуруп алып, анын атын да, атасынын атын да кашкайтып айтып отурса, муну уккан улууларга өтө олдоксон. Жашы да, жолу да улуу бир тууган кайнилерин жеңеси атынан чакырса, ал андан бетер копол угулат. Бир-эки көйнөктү мурун жырткан немелерди үстөмөндөп алышат. Адептүүлөрү аяп турушат: «Балам, өз абийириң, бир чети ызаат жолу, кичик болсо да, жашы улуу уялаш кайниңди атынан чакырба», – деп байкуш кайнене тарбия-таалим бергиси эле келип турат. Замандын шарданына карата ага келиндери моюн сунбайт. Төркүнүнүн төрүндө түзүк нарктуулукту, салттуулукту көрбөгөн немелер мындайда ашынып да кетет. «Азыр кимдер эле ат тергеп отуруптур, карганда какчаңдап, барга да, жокко да киришпей, тек отурбайбы!» – деген келиндер да бар.

Адебин бийик туткан келиндерди да билебиз. «Биздин бала», «биздин уул», «биздин кыз», «эрке кыз», «кызыке» – деп жүргөндөрдү көрүп-билип, ошол келинге ичибиз жылый түшөт.

Ат тергөө – ата-энеңдин ар-намысы, барган жериңдеги жүзүң. Кыял-жоругуң менен элге жаксаң, анда сенин орун-очок алганың... Бул салтты да жерге таштабайлы?!

ОЛОҢ ЧАЧ ТУУРАЛУУ ОЙ. Айткандай, дин адеп-ыймандын ачкычы болуп жаткандан кийин кыз-келиндердин узун чачтарын өрүп, түйбөй коё берүү мусулманчылыктын

салтында кеңири жайылтылып келген. Арийне, узун чач ургаачыга көрк берген. Улам кийинки муундарды таалимдеп турган. Атайын коюу, кайраттуу өсүшү үчүн эне кызынын чачын устара менен кырган. Төбөсүнө чач калтырып, ал узун өсүшкө өбөлгө түзгөн. Эне кызынын чачын ыракат алып өргөн, чачты өстүрүү жана аны өрүү өзүнчө өнөр жана сарамжал.

Ал өрүмдүн бир түрү болуп саналат. Дайыма эртең менен чачты суулап, бош таштап, кынаптай өрүүнүн өзү эмне деген сулуулук! Айрымдар чачтын үч талын бирдей тартып өрө алышпай, тоголоктоштуруп таштайт. Чачты мыкты асыроодон олоң чач пайда болот.

Албетте, жаштык, сулуулук, ал – жөнөкөйлүктөн келип чыгат. Чырайлуу ургаачыны узун чач ого бетер ажарлантып жиберет. Бизде сулуулар, ажардуулар көп. Алардын кийим-кечектери таза, келбеттери келишип турат. Деген менен күйпөйтүп, аларды көп жеринен ушул кирпи чач, көкүл чач кемитип турат.

Эмне үчүн «саамай чачы төрт өрүм, арка чачы алты өрүм» – дейбиз. Кыргыздын күндөлүк күйгүл турмушунда андан башка түйшүктөр жетиштүү эле. Себеп дегенде кыздардын бети да ар кандай жаралат. Тултук бетти, табак бетти, чап жаак бетти саамай чачтар далдаалап, белгилүү өлчөмдө ажар, жүз берет. Аны кийин келин болгондо ээк алмай элечек жашырып турат. Бекей тебетей кийген кыздардын саамай чачтары куп жарашат.

«Кара далы кыз» десе эле айрымдар жашы өтүп, кечигип бараткандарды элестетет. Жок, андай эмес. Алар – арка чачы алты өрүмдөр.

Мына ушул жерден эске түшө калып отурат. Алтымышынчы жылдары Германия Федеративдик Республикасынан делегаттар келди. Ошондо арасындагы немец жазуучу-журналисти биз тууралуу укмуштуудай толкунданууменен жазды. Ал «Ала-Тоо» журналына которулуп басылды. Кыргыз Атанын пейилин көрсөтүп келип: «Кыздарынын

чачын улаштырса, Берлинден Вашингтонго жетээр эле» – деп суктанат. Атаганат, ошол чачтардын элеси эми жок. Бизде чачты кыркуу заманыбыз бир аз оңолгондон кийин башталды.

Кээ бирөөбүз азыр да кейип кетебиз. Олоң чачтарын илимге, адабиятка, искусствого кара аттын кашкасындай таанымал эжейлерибиз, энелерибиз чолойтуп салып олтурбайбы?! Элүүдөн ашып, Мидикем маркум айткандай «байбичелердикиндей бети-башы балбырай» баштаганда бул жорук эң эле уят экен. Кополураак айтканда, куник көрүнөт экен. Аларда жашоо шарттар бар. Эмне, ысык суу, муздак суу жокпу. Кыргыз жүзүн булар ушинтип көргөзөбү? – деп да кетесиң. «Кыргыз өңү Сүймөнкулдун өңүндөй» дегендей биздин элдин улуулугун, тоо нурундай сулуулугун ошолор айтпай туруп түшүндүрсө болоор эле, чиркин! Таланты таш жарган Бүбүсара Бейшеналиева, мамлекеттик ишмер Сакен Бегматова сымал эжелерибиз өз сынын бузбай кетти.

Арийне, ислам динин биз ыйык тутабыз. Ал – биздин адал жүрүм-турумубуз. Кудай Таала жараткан дене бойду өзгөртпөө керек.

Чач кыркуу – ырысын кыркуу, каапыр болуу. Шарыяттын улуу жолунан чыгуу экенине күбө болот. Мунсуз ыйман, адеп сабагы азыркы жаш муундардын табиятына коошпойт. Калыстык сөздү сүйлөөгө жана тырмак аракеттенип турган шартта биздин азын оолак көңүл бурган салтсанаа көпчүлүктү арасат ойдо калтырбайт го деймин.

ОЧОК КҮТҮҮ. Бул – түтүн чыгарып, өзүнчө түйшүк тартууга, күндөлүк жашоо-турмушка моюн сунуу. Очок үч-төрт түшүнүктү берет. Биринчиден очок – үй күтүү, ар бир кыргыз баласынын түтүн чыгараары, өзүнчө казан асаары, минээрге аты, жыярга жүгү, отурааарга төрү, кирип-чыккандар эшигин көрүп, кызын алуу;

Экинчиден, очор-бачар болуу, ал үйдөн ак этек, алдын бала, артын мал басуу;

Үчүнчүдөн, очок-казан асылуучу, тамак бышуучу орун;

Төртүнчүдөн, ал коломто – анда тулга турат. Демек, коломтодо от жагылат, тулгага очоктой казан асылат. Бар болгон максаттуу тилек – «Очогуң куттуу болсун!», «Коломтоңдун оту өчпөсүн, огу өчпөгөн коломтого айлансын!». Ошол жайда ынтымактуу, ырыс-кешиктүү жашоо, бу жалган жана жарык дүйнөнүн өмүрүн, ырахатын көрүү.

Бирок, турмуштун жолу ар кандай... Бирде бетин, бирде аркасын көрсөтүүчү шартта очок тууралуу бүгүн ар кандай тагдырлар болуп жатат. «Очогуң бузулгур», «очогуң өчкүр» өңдүү каргыштарга байланыштуу көрүнүштөр көп кездешүүдө.

Эмне үчүн минтип нокто үзүлүп баратат? Ата-бабадан келе жаткан үй күтүү, түтүн чыгаруу, жар күтүү, бала күтүү, мал күтүү, жан күтүү асыл жагдайлар бузулду? Мунун мындай-тигиндей оңду-солду себептери бар. Ал адамзаттын жашоодогу эң маанилүү талаптары ташка чабылууда. Азыр жаштардын жүрүм-турумдары мурун болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. Албетте, бул өсүшкө, өнүгүүгө жатпайт.

Себеп дегенде, биринчиден, мурунку каада-салттын, насил-нарктын, жүрүм-турумдун элдик баа-баркы, уюткулуу уңгусу, көрөңгөсү көп жактарынан кол жууду.

Экинчиден, үйлөнүүгө, андан ары ойдогудай турмуш курууга талапкер жаштарыбыздын ой-тилектери жеңил ойлуулукка баш бурду. Эки жаш көчөдөн, же коомдук орундардан таанышат. Сүйлөшүп, үйлөнүүгө шерттешип, бат эле баш кошуп алышат.

Очок күтүүнү, күндөлүк күйпүл турмушка моюн сунууну, жашоо-тиричиликти эл катары өткөрүүнү кол жоолук катары көрүп-баалашат. Мындай ары-бери болуулар, түбү көңдөй сүйүүлөр, айылына ала качып баруулар, тополоң түшүп той берүүлөр, «ачуу басарлар», «чуу басарлар» ж.б. у.с. ыйык очок күтүүгө байланыштуу аракеттердин аягы келиндин бат эле басып кетүүлөрүнө барып такалууда. Мында биздин каада-салтыбызга жуучу түшүү,

демек, «жакшы жерге жуучу барат, жаман жерге куучу барат» – деген ата-баба сөөлөтүбүз ара жолдо калууда. Андай болсо, азыркылардын «Кайын эне каршы чыкты», «Кайын журтум көңүлүмө толбой койду», «Күйөөм ичип кетти», «Башкага бурулуп кетти», «Төркүнүмө жоопко келбеди» – сымал кур дооматтар болбос беле?! Эки тарап алыс-жакынбы, бири-бирин билишсе, ич ара сырдаш жүрүшсө, балдарды баш коштуруу талаптары ата-энелер аркылуу бир максатта болушса, арийне, алардын сөз-обонунан чыккан жаштар кайда бармак?

Тилекке каршы, үчүнчүдөн, келген жерине бир аз байырлап, эптеп туруп, өзүбүзчө оокат кылабыз – деп бөлүнүп кетип жатпайбы?! Мейли, өздөрүнчө жашап көрсүнчү? – деп, бечара ата-энелер энчисин берип, бөлүп коёт. Көпчүлүктүн түтүнү коюу чыкпай, очогу тамбай, баягы жеңил ойлуулук менен сүйүүсү жанбай, жаштар арасат калууда. Демек, дароо өзүнчө очок күтүп, турмуш арабасын айдап кетүү оңой-олтоң иш эмес.

Калктын каада-салтында ата-энелер уулдарын бир баштан үйлөнтөт. Ошол көшөгөсү көгөрүүчү жайды байырдайт, кайын журтунун тиричилик-жашоосуна аралашат. Кийинки уул үйлөнөт. Ошондон кийин ансыз деле аларды бөлүп чыгарат. Ата-эне ыраазычылыкта камсыз кылат. Ал өзүнчө салтанат катары болот. Үй көтөрүп берет. Мына ушул – очок күтүү. «Очогу кут болсун!» – деп элдер кирип-чыгат. Алар да бирдемелерди ыроолойт. Баталарын беришет. Так ушундай сапаттарыбыз тербигип-тепселип баратпайбы?.. Ата-энелер баарын үйлөнтөт, жайлантат, эң кенжесине ошол үйдүн түндүгү калат. Ата-энени багуу, үй-мүлккө, мал-башка эгедер болуу жоопкерчилиги ошого жүктөлөт. Бул элдик дөөлөттөрдүн мерчемдүүсү болуп саналат.

КҮЙӨӨ-БАЛАНЫН ОТКО КИРИШИ. Бул кайын журту үйлөнгөндөн соң күйөө балага эшик-төрүн көрсөтүүсү. Кайын ата, кайын ага өндүүлөр атайын ардактап чакырып алуусу.

Мында күйөө бала күйөө жолдошу менен барат. Күйөө балага биринчи кайын атасынын эшик-төрүн көрүүсү сүрдүү сезилет. Андыктан ал адептүүлүктү, өзүнүн ызаатын сактайт. Отко киргизүүдө ар кимдин сыйы билинет. Ат мингизеби, тон кийгизеби, жорго токуйбу, бардардыкка барып такалат. Отко киргизүү – күйөө бала мындан ары тартынбай катышып туруусу. От ыйык, демек, эшик-төрдү көрүү оттун символикасын билдирет. Күйөө баланы отко киргизүүдө кызы кошо барат. Ал да сый көрөт. Кийит киет. Күйөө жолдоштун да жакасын агартат, күйөө бала күйөөлөп барганда, анын урматына карата оюн-шоок, шаан-шөкөттөр да болот.

«Күйөө карыса, жээн болот» (макал). Ал да бала-бакыралуу болот. Анда анча деле кысынып-кыйналбай калат.

КЫЗ-КЕЛИНДИН АСЕМ ЖАСАЛГАСЫ. Бул – зергер буюмдарынын жалпы бир бүтүмү. Ага: желбирөөч, сөйкө (сырга), билерик, шакек, бойтумар, чач учтук (күбөк, чолпу), чач кап, чач кеп, ат жабдыктары, ала бакан, жагдан өңдүүлөр кирет. Кыз турмушка аттанаарда кара далы чачын жандырып, эки өрүм кылат да, учуна чолпу тагат. Шөкүлөсүн кийгизет. Зер жасалгаларын келин болгондо да пайдалана алат. Тактап айтканда, аш-тойлордо, шаан-шөкөттүү мааракелерде, көчкөндө, айттарда, куда-сөөктөргө барууда, тосууда ж. б. урунтуктуу учурда салынып чыгуу шарттуу көрүнүш болгон. Ал өздүк буюм катары сакталат. Кийин кыз-кыркындарына, небере-чөбөрөлөрүнө таберик (эстелик, нуска, үлгү, керээз) катары сакталып калган.

ӨКҮЛ АТА. Никелешкен күнү жаңы үйлөнгөндөрдүн өкүлчүлдүгү үчүн экинчи ата шайланат. Аны келиндин кайын журту өз билгендериндей көңүлү жакындардын бирөөн дайындап алат. Өкүл ата мыкты болсо, аны өз кызындай көрөт. Кадимкидей төркүлөтөт. Отко кийирет, ич ара чакырышып турат. Сепке келген адеми буюмдардын бирөө өкүл аталарга ыйгарылат. Жакшылык-жамандыктарга алды-берди жардам кылып турушат. «Өкүл атам өз атам,

өлүп кетсин кайын атам»,– дептир илгери бир келин. Мунун маанисн терең.

ЖЫЛКЫЧЫЛЫК. Кудага калың алып келүүдө агаларынын, ага тете адамдардын кудалардан доолашып алуучу олжосу (жылкычылык жылкыларын уктабай кайтаруу салтынан, жөрөлгөлөрүнөн болушу ыктымал). Кудалар «жылкычылык» үчүн эмне берери жеринен шайланып – дайындалып келет. Адатта, меймандар жайланып, чайланып калгандан кийин сөз башы чыгат. Мурун эмне бергени бизге анча белгисиз (мүмкүн, мал, кийим ыроолоочудур). Оюн-чынынан кудалардын бергени аз-көбү да айтылат. «Пайгамбар барга ыраазы» болушат. Антип берүү ар куданын байлыгына да, марттыгына да байланышат. Аны ич арадан бөлүп алышы ыктымал.

ЖЕҢКЕТАЙ. Калың алып келгенде кыздын жакын жеңелеринин кудалардан доолашып алуучу олжосу. Бул да жылкычылыктай болот да, ошол жол-жоболор өзүндөй кайталанат. Мында жеңелери доолашып арбыныраак алышы ыктымал. Жылкычылыктай эле аны сырдашыраак жеңеси жакшылык ырым катары беркилерге таратып беришет.

ЖҮК КӨРҮҮ (СЕП КӨРҮҮ). Бул – кыздын себин алып баруудагы каада. Ага дейре кыздын жуурканын-төшөктөрүн өз жеңелеринин бирөөнө жыйдырат. Ар бир буюм-тайым өз-өз ордунда коюлат. Жүк жыйган жеңесине ырым-жырым беришет. Жайланышкан-чайланышкан кудагыйлар эми сеп көрүү – жүк көрүү асемине көңүл бөлүшөт. Ага кудалары өзүнчө жолдук ташташат.

КУРЖУН СӨКТҮРҮҮ. Кудалар алып келген кешикти, адатта, айыл ичиндеги набаттуу байбичелердин бирине чечтирүү, оозун ачтыруу. Куржун бузуучуларга арнап атайын оозуна кездеме (кээде акча) коёт. Куржун сөгүүчү да ага тете өзүнүн жолдугун жасайт. Кешикти биринчи ооз тиет. Аксакал устукандардын бирин алат.

КИЙИТ. Эки куда катташкан убактарда кийилүүчү кийим, илгертен келе жаткан сый. Кызын берип жаткан кишилерге ыраазычылык билдирүү, алардын көңүлүн алуу, жөн эле жарашпаган бир майда-чүйдө кийим кече менен эмес, алардын бойлоруна чак, купулуна толорлук кийим тигилген. Ырас, кыздын ата-энеси да жооп ирээтинде ууздун ата-энесине кийит кылышат.

Кийит даярдоо – узчулукту билдирет. Кийиткке ичик, чепкен, чапан, кемсел, бешмант, тебетей, калпак, кош этек өңдүү элдик кийимдер кирген да, алар куда-сөөктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша атайын арналып тигилген.

Кымбат баалуу кийим «баш кийит» делген. Ал кан куда-кудагыйларга, ата аксакалдарга кийгизилген. Кийит үчүн эндей кездемелерди да коюшкан. Азыр даяр кийимкечектерди сатып алууга бөтөнчө көңүл бөлүнүүдө.

ТАЛАК КОЮУ. Бул – никени жандыруу. Айрым жерлерде көбүнчө Түштүк кыргыздарда (эр-аял ажырашуу күнүндө) көбүнчө эркектер ажырашкысы келгенде үч курдай «талак», «талак», «талак» дейт, ушинтип, дааналап айтуу мыйзамдан да күчтүү экен. Мындан кийин эр аял биргелешип жашоого эч ылаажы болбойт.

КҮНДӨЛҮК КААДА-САЛТТАР, ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР

Кыргыздар көчүп-конуу салтын баштарынан дымактуу өткөрүшкөн. Боз үй тигүү, кыздар каркыралуу көч баштап, суу чайпалтып кечүү, адыр-адыр ашып көчүү, конуш чалуу, журтта олтуруу, журт которуп туруу, көлүккө жүктөө, күргүштөтүп мал айдоо өңдүү түйшүктүү аракеттер аркылуу элибиздин улуттук маданияты, баркы-наркы артылган. Андай көрүнүштөр өнөр, айлакердик катары бааланган.

Көч боз үйдү чечүүдөн, таңылчакты таңуудан, төөнү чөгөрүп комдоп, өгүзгө, атка, уйга, топозго ыңырчак

токуудан башталган. Жүк жүктөлүүчү малды көлүк деп атайт.

Унаа, субай-салтаң мингичке да жүктөйбүз. Жүктөп алып, үстүнө минебиз же өзүнчө жетелеп жүрөбүз.

Өзүнчө уйга, топозго жүк артканда же мингич кылууда куюшкан ордуна шолоң салат. Мурунтуктайт. Тактап айтканда, бул – мурун көсөп чүлүктөө, жетелөө. Ал жүгөндүк милдет аткарат. Төөнү буйлалайт, бул – уйдукундай төөнүн мурунун тешип, жип өткөрүп алуу.

Үйдөгү чарбачылыктагы негизги шаймандарга: чийне, араба, соко, айры, кол тырмоо, мала, кетмен-күрөк, чалгы, чукулдук, балта, керки өңдүүлөр кирет. Кол жаргылчакты да, суу тегирменди да үй тиричилигинин эң зарыл өңдүү куралдарына кошобуз. Себеби, дан эгиндерди майдалоодо, т. а. унду, талканды, угутту тартып алууда жана тузду, курутту, эжигейди талкан кылууда буларды пайдалануунун керектиги мурунтан болуп келген. Ал эми жер айдоочу, түшүмдү жыйноочу комбайн жана анын түрлөрү кийин чыкты. Аларды азыр кеңири пайдаланып жатабыз.

КОНУШ ЧАЛУУ. Бул – тигилүүчү боз үйдүн ордун белгилөө, табуу. Көчмөндүү турмуштан келип чыккан адат. Мурун торпу-торпу бөксөлөр, ар бир салаа-салаа адырда туйлаган мөл булактар, ийрилип аккан күмүш өзөндөр, чалкак төрлөр, алардын жээги, өйүзү-бүйүзү боз үйдү тигүү, короодо кой, кермеде уй, төштө жылкы жаткандай кырдаалды түзөт. Илгери үй ээлери конуш чалуу үчүн алдыга бастырышып, көч келүүгө чейин ыңгайлуу жерди издешип, анан көчтү ошол орунга түшүрүшкөн. Айыл отурушкан үйдүн тигилиши, короонун орун зэлеши, отун-суунун алынышы, желенин тартылышы, кечмелик, үйгө үйдүн катышы өңдүүлөр эске алынат. Адатта, конуш чалуунун мааниси бар. Мында улуулар, айыл билермандары, эл жакшылары өз элине оңтойлуу орун табышкан, эмеректер таңылчакталат.

ТАҢУУ – эмеректерди тыкан байлоо. Анын «арчындап таңуу, б.а. байлоо», «чие байлоо, б. а. чечүүгө татаал байлоо», «күрмөп байлоо» чечүүгө оңой «илмек байлоо», «казык баш чалып байлоо» б. а. жеңил чалуу өңдүү түрлөрү бар.

Ашуу ашып өтүү, суу чайпалтып кечүү – Кыргыз Атанын шаңдуу жашоолорунун элестүү учуру. Эгер бир айыл эл жапырт көчүшсө, анда айыл аксакалдарынын көчү ордунан биринчи козголот.

Көчтү жигиттер жүктөшөт. Келин-кесектер эмеректерди таңышат. Жуп көч жүктөлүп бүтөөрү менен, айыл аксакалдарынын, байбичелеринин аттарын алдыларына тартып аткарышат. «Ийри-муйру көч бара-бара түзөлөт» – деген кеп бар. Кийинки муундар жүктөөнү, деле көлүккө жүктөөнү, бирдеме таңуу-байлоону анча билишпей калган.

Көчүү – кыргыздардын беш түлүктү дүркүрөтүп айдоо, жайыт, жер которуулары, журт алмашуулары. Анда ырчылар сапар ырларын ырдашат, жарчылар жар чакырып, шаан-шөкөттө добулбас кагылып, сурнай тартылып, шаңшарапаты артылат. «Баланчанын көчү келатат, алдынан чыккыла, суусун жуткургула» – дешет.

КӨЧ. Бул – элибиздин (тоолуктардын) жакадан жайлоого, жайлоодон жакага, бир конуштан экинчи конушка которулуулары.

Көчтү жүктөө (төө, өгүз, топоз, ат), эмерек-кечелерди артуу. Мунун да өзүнчө ыкмалары бар. Көчтүн эң даңазалуусу «каркыралуу көч» деп аталат. Андай көчтү жасалгалуу ат, же жорго минген, арка чачы он өрүм, саамай чачы алты өрүм, беш көкүл кыздар баштаган. «Каз элечек бош таштап, каркыралуу көч таштап, Кан жайлоо көчкө жарашкан» (Жеңижок).

БОЗ ҮЙДӨН ОРУН АЛУУ ТАРТИБИ. Кыргыздар түндүгү да тегерек боз үйдө жашаган. Ал турмуштук талаптан келип чыккан. Анын да символикалык маанисси камтылууда: ай тегерек, күн тегерек, чыны-аяк тегерек. Мына

ушундай окшош нерселердин бири-бирине философиялык шартташуусу аркылуу бир түшүнүккө келебиз. Алсак, боз үйдүн ичин экиге тепетең бөлсөк, эркек-аялдардын жашоотиричиликтерин аткара турган жагдайлары өзүнөн-өзү келип чыгат. Боз үйдүн эшиги күн чыгыш тарапты карагандыктан кирип барганда сол тарабы «ыпча», оң тарабы «эпчи» деп аталып, эркектер төр тарапка «ыпча» тараптан, ургаачылар «эпчи» тараптан өтүү салттуу болгон. Төрдүн чок ортосунда аксакалдар, карыялар отурушкан. Негизи үй ээси өзүнүн төрүнөн өзү орун албайт. Демек, ушундай вазийпалардан улам эр-аялдын ич ара мамилелери пайда болот. Төрдүн чок ортосунда эркек отуруу, жатуу аркылуу деле үй-бүлөдө эркек үй ээси экени билинип турат. Байбичелер эпчи тараптын төрүн ээлешкен. Адамзат бул жарык жана жалган дүйнөдөн көчкөндө үй ээсинин сөөгү ыпчадан — өзү жатып жүргөн жактан, ургаачылардьш сөөгү эпчи тараптан чыккан.

БООР МАТЫРЫШ (боор батырыш) – бул бир тууган-дык сезимди билдирүү. Көрүшпөй жүрүп жолугушкан жакындарынын ич ара мамилелери, сыйлоо-урматтоо тартиби, жакшы маанайда кабыл алып, колдо бар сый-вазийпасын көрсөтүү. Кыргыз Атада ал үчүн мал соёт, казан асат, ичтеги сагынычтарын кенен-кесири чыгарат. Жата конок болот. Сырдашат, тууганчылыктагы кеп-кеңештер жүрөт.

Боор – бир боор, бул – тууганчылыкка келүү. Таш боор (боору таш) тууганчылыгы, кайрымы жок, имерилип жан тартпаган, кайдыгер адамдай жан дегенди туюндурат. «Ташка өскөндүн туягы катуу, башка өскөндүн боору таш» (макал). «Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт» (макал).

КОНГОН ЖУРТ. Бул – боз үйлөрдүн тигилген орду. Кыргыздарда эски журт, жаңы журт, эски конуш, жаңы конуш деп оңдуу, солдуу айтыла берүүсү түпкүлүгү көчмөндүүлүктү кабарлап турат. Алар куттуу журтка конгондо, эски журттан көчкөндө ал жерди баалай, барктай

билүүчү. Эски журтту тазалап кеткен. Жаңы журтка келгенде көбүнчө май жыттанган тамак жасап, ага конуу сыйын көрсөткөн. «Жаман зайып менен жакшы зайып эски журтта сыналган» – дейт элибизде. Албетте, бул көчкөн жана конгон журтту кадырлоо болуп саналат. Ушундан улам «журтта калгыр», «журтта калды» сымал кайманакардаша маанидеги кептер айтылчу.

КОНОК АЙТТЫРУУ – кыргыздын ата-бабадан берки жоомарт сыймыгы. Мейман келип турган үй кут түшкөндөй сезилет. Жети адам келсе, бири Кызыралекисаламдай көрүнгөн эле. Конок айттыруу – ошол үйдүн тамагын эңсөөсү. Анын бардарчылыгын, кенен дасторкончулугун, кең пейилдүүлүгүн баамдаткан. Демек, конок-аякты ойдогудай тосо аларын, анын салттуулугун жана нарктуулугун, адамдын өзүнүн сыйы, суктанарлык касиети бар экенин көрсөткөн. Бул уяттуу меймандардын баркына жете алуучу, ошол айылды уят кылбоочу, дасторкон үстүнөн тап жылдырбоочу сапатын билдирген.

Бир мисал: Угушубузча кара Кочкор ичинде тогуз жүз кызыл койлуу Токсобай деген бай чыгыптыр. Үйүнө жүз адам менен учурунда болуш-бийлер келип түшүптүр. Болуш аттан түшпөй, байга карап:

Мына, жүз адам келип отурабыз, ушунча элди конок-той алаар белең? – дептир.

Жүзүң эмес, миңиң кел. Коноктоо биздин милдетибиз, парзыбыз. Туу калган бээ союп берсем жетеби?

Меймандар аттан түшүп, баса отуруп калышат. Батымдуу болууга бай эки боз үйдү катар көтөртө коюп, меймандарга эшик ачылат. Катар кемегелер казылат, казандар асылат. Айыл адамдары кызмат кылышат, тойдон тап жылдырышпай, санжыра айтылып, көп сандыктын оозу ачылып, ойдогудай конок болуп, анан аттанып кетишет.

Конок айттыруу, 1-ден, кээде ошонун дасторконун сыноо. Коноктой алабы, кабак-кашым дебейби? Муну сыноо. Үстөккө-босток конок айттырса да, кыргыз эли сыр бил-

дирбеген. Мейман күтүүдөн шырп алдырбаган. Азыр да конок айттыруу ырасмиси бар. Шек алдырбай, коноктоп коё алышат.

2-ден, басмырттап конок айттырган учурлар да болот. Кыргыз пейили өзүнүн намысына, ата-тегине, уругуна, уруусуна, элине-жерине сөз тийгизбей, ыйманын ичине сактай алган.

ДАСТОРКОН ҮСТҮН СЫЙЛОО. Жайыл дасторкон – ошол үйдүн сыймыгы, ырыс-кешиги, бактысы. «Дасторкону кандай экен?», «Жайыл дасторконбу?», «Кең, дасторкон, келбери немеби?», «Дасторкону куушпу?» өндүү баалар, анын, төтөн, кайнаткан казанына байланышкан. «Куу казан», «Май казан», «Казаны толо кайнабайт»... сымал сөздөр жеринен айтылат.

Даам татуу, даам таттыруу пейилди билдирет. Ошентип, бирөөнүн дасторкону сизди сыйлоонун аракетинде болот. Илгеркилер сыйдын да, сыйлоонун да кадырына жете турган, жарпын жазышып, жадырап-жайнап, дасторконго койгонун барктоочу. Азы-көбүнө ыраазы болуучу, үй ээси урматтоочу. «Бул дасторкон биз үчүн болуп жатпайбы?» – деп, каниет салуучу, топук тилөөчү. Атайын жайылган дасторкондор, капыстан жайылган дасторкондор, албетте, бири-биринен айырмаланганы менен анын четинде отургандарга бирдей баалангган. Анткени анда үй ээсинин ак пейили, ниети астейдил ызааты чөгөрүлгөн. Азыр да ошондой мамиледе болобуз. Көңүл куунак, дүнүйө түгөл отурабыз.

«КУДАЙЫ КОНОК». «Конок айттырып келбейт» (макал). Бул – бейтааныш адамдардын жол жүрүп келе жатып, күтүлбөгөн жерден айыл ичине, бир үйгө түшүүсү. Ал өзүнүн кудайы конок экенин айтат, же азырынча айтпай да туруусу тийиш. Үй ээси аны дароо сурабайт. Бирин-бири алар ичтен билишет. Үй ээси болгон мүмкүнчүлүктөрүн аябай, аны сыйлоого аракеттенет. Кой соёт, козу соёт, же эчки-улак соёбу, жөн эле эт салабы, – ал ошол үйдүн

эрки. Колунан келбесе, болгон тамагын берет, жакшылап жаткырат. Атын жайлайт, жем-чөбүн аябайт. Согум сойгон маалы болсо согум этин чүйгүндөп салат, айтор сыйлап алат. «Ат коюу сүннөттөн, сөз сурашуу ызаттан» – деп, о-оо, бир кезде жайлашкандан кийин от ойноп, казан кайнап, кабак жайнап калган чакта ич ара чечиле башташат. Мындай конокту элибиз жогору баалашкан. Аны кудайым атайын өзү жибергендей, Кызыралекисалам келип отургандай сезишкен.

Ушундай шарттардан улам, ал турсун кудайы конок келсе, соёрго эчтекеси жок бирөөлөр жалгыз атын мууздап салган имиш. Албетте, айланайын элибиздин сыйын, пейилин эч нерсе менен өлчөөгө болбойт эмеспи!

МЕЙМАН (КОНОК) ТАРТИБИ. «Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын» (макал). Адатта, адам чакырык же бир иш аркылуу бирөөлөрдүн үйүнө барууга туура келет. Ал үйдү аттаарың менен өзүңдү меймандай сезесиң. Мында барууга кам көрөсүң, үстү-башыңды карайсың. Ал – жеке керт башыңды жана чакырган адамды, анын дасторконун сыйлоо. Чакырыкка өз учурунда барып түшүүң, өзүңдү да, мейман күтүүчүнү да сыйлоо маданиятың. Шартка жараша, непада кечигип кала турган болсоң, кечигип калсаң, албетте, кечирим суроо парз. Дасторкондо отурууда сөзсүз кол жуулат. (Анжияндыктардын бир жакшы сапаты – короосуна кирери менен суу белендейт.) Салам айтып кирүү менен өз ордуңду таап отурасың. Адам дасторконго колду адептүү сунат. Тамакка кароо, абалы, нанды ооз тийүүдөн башталат. Алдыдагы насипти ашыкпай, сыйда алып жеп-ичилет. Оозду тамакка толтуруп алып какоочудай аптыгып, сөз сүйлөбөйт, тиешесиз кепти баштоочу эмес, сөздү тыңдоо адеп. Адегенде сага кызыксыз болсо, шек алдырбагын, обу жок күлбөгүн, дасторкондон шашып, тура качпагын. Үй ээсине ыраазычылыгын билдирчү да, анан жайынча аттанып кетүүчү.

КОЛУН САЛЫП ОТУРУУ. Дасторкон үстү өтө улук. Кыргыздар меймандос болгондуктан бар тамагын бала-чакасына да бербей, кудайы конок келүүчү адамдарга сактаган. «Коноктун алдына эмне коёбуз», «Уяттуу мейман келип түшсө, жер карап калабыз»... Албетте, минтүүсү элдин сыйлуулугун, адептүүлүгүн, ыймандуулугун, ашкере берешендигин аныктайт, даана далилдейт. Мейманды коноктоонун башкысы – мал союу, ардактуу табак тартуу. «Коноктун алдына аш кой, эки колун бош кой» – деп, эч нерседен капарсыз. Ал эркин жеши үчүн, ага чүйлүү жеринен кесип берип отурган. Конокту талаптагыдай тойгузмайын, колду аарчууга, «тойдум» – деп өзү чыга берүүгө болбойт. «Толук тойсун» – деп, табакка кол салып, ичтен демөөр берип, жегизип отурган. Бул алгылыктуу салттардан болуп саналат.

МЕЙМАНДЫН АТЫНДА НАРИСТЕНИН АТЫН КОЮУ. Мейман кудайы конокпу, же милдеттүү (чакырылган) конокпу, түшкөн үйүнө ал ыйыктай сезилген. Кудайы конок – ал кудайым айдап келген, пейили чаап, буйруктуу конок. Демек, ардактуу конок экени өзү эле айтып турат. Эгер ошол күнү, ошол үйдөн бирөө көз жарса, ак тилекте ошол кудайы коноктун атын койдурууга азан чакыртса, анын кадыр-баркы ого бетер артылган. «Бир кудай сүйгөн мейман түнөгөндө төрөлгөн бала. Ошонун атын атап койгонбуз» – өңдүү ниет, арийне, адамдарга жакшы сезилээри белгилүү.

«Жакшыны кыдыр жылоолойт» – деген сөз маанисине бул төптөшүп турат. Албетте, мындай салттардан кол үзбөөбүз керек.

КОЙДУН БАШЫН ТАРТУУ. Адатта, урматтуу мейманга атайын арнап кой соёт. Анын ичинде куйруктуу кара козу же кой союу наркы алдыда турат. Мында башы кимдерге тартылат? – деген суроо туулат. Топ адамдар келип түшсө, анын ичинен бирөө өтө кадырлуу көрүнөт. Аксакал табак беттей коюлат да, баш жото жилиги же

жамбашы менен ошого сунулат. Эгер ал кары адам койдун башын мүлжүүгө мүмкүнчүлүгү болбосо, баштын уурту-нан кесип, ооз тийет, кулактарын кесип, бирөөлөргө берет. Башты бузуп, көпчүлүккө берүү үчүн отургандардын бирөөнө ыйгарат. Баш алган адам берки устуканын жейт. Нарын, Ысык-Көл тараптагылар башты кичүүлөргө алдырууну адатка айландырышкан. Ал негизи туура эмес. Бул кастарлап сойгон малдын кадырына жетпесе, салтты-нарк-ты сактабоо. «Шыйрактан бөйрөк чыгаруу» делинет.

Негизи кой союуда отургандар үч даамды сөзсүз татуу зарыл. 1-баштын этинен, анткени ал куйкум, май этинен, анан ич этинен (мында куйрук боор эске түшөт). Непада, козу союлса, мээси тууралган эттин мазасын чыгарат.

АЛЫС САПАР ТАРТУУ САЛТЫ. Кыргыздар – ат жалын жеңил сезген эл. Алыска кажардуу жүрүүчү ат даярдайт. Тон дайындайт. Жолдош ээрчитет. Атты өрүү кылат. Белин эс алдырат, такалайт. Азык-түлүк камдайт. Сапар тартууга түн ооп аттануу шарият жүзүндө нарктуу келет. Ошондо периштелер, кызыралеки саламдар да жолго атайын чыгат. Алар жолоочулардын колдоочулары болуп саналат. Демек, жер арбыйт. Атка, адамга ичтен дем берет.

УСТУКАН ЖЕШ АДЕБИ. Эт жеш маданияты элибизде мыкты сакталган. Бычаксыз жеп жаткан устуканга тиш матырып, этти жулкуп-булкуп сугунуунун өзү өтө олдоксондук. Ар бир адам чөнтөгүнө макисин ала жүрүүсү керек. Карыялар кындуу бычакты бел куруна байлана жүрүшчү. Мындай сапаттар түштүк элине жапырт таандык. Конок тоскон үй азыр тартылган устуканга бычакты кошо берүү адатка айланууда. Т. а. этти кыя кесип жеште, сөөктү таза мүлжүштө бир гана бычакты пайдалануу шартын-салтын сактоолору зарыл.

ТАЯК МАЙЛОО. «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» (макал). Бул – кийинчерээк чыккан жөрөлгө. Таяк – койчумандын мал айдоочу куралы. Чабандар ортодон короо кой өткөзүп алганда, таягы ак жолтой, малынын төлү

эгиз, жүнү тегиз келип, эл-журт арасында жүзү жарык болушу үчүн тегерегине кой союп, кенен дасторкон жайып бата алуу.

МАЙЛАП БЕРҮҮ. Бул кийинки салттардан болуп саналат. Бирөөлөр бир олжого, ийгиликке, пайдага батууда элге көрсөткөн сыйы. Мисалы, кийим-кече кийүүдө, ат минүүдө, балдарынын бир жакшылыгын көрүүдө, жаңы үйгө кирүүдө ж. б. жагдайларына карата «майлап берүү тууралуу» анын кыймыл-аракети. Т. а. мүмкүнчүлүгү менен ачык маанайда мал союусу, дасторкон жаюусу. Ал эми жууп берүү, тескерисинче, майлап берүүчүгө жооп кайтаруусу, ал да ошондой сыйды көрсөтүүсү.

КОНОК КААДАСЫ. Коноксуз тура албаган кыргыздар илгери жапырт боз үйдө жашаган. Бир үйдө көшөгөдө уул келини, ыпча тарапта үй ээси, мындан сырткары бала-бакырлары, карыя-картаңдары ошол эле үйдөн эптеп сыйлыгышып жата турган. Алар кысталбай-кыйналбай чечинип жатуулары үчүн сыпаакерчиликте коногу акырын эшикке чыгып кеткен. Ары-бери басып, эс алып туруп, бой жазып, даарат ушатуу болгондо үй ээси жатуудан кабар берген. Мына ошол конок каадасы аталып калган.

«КАЙЫР ДИГЕР МЕЙМАН» – белгисиз, тааныш эмес, бөлөк тараптан келген конок. Мына ошол чыныгы кудайы конок болуп саналат.

«Конок бардык жагынан сүйкүмдүү, бирок эң сүйкүмдүү жери – далысы» – дешет аварлар. Анткени алар алар аттанаары, үйдөн чыгаары менен шарт жүрүп кетишет.

МЕЙМАН ТОСУУ. Бул – келүүчү мейманды алдын-ала күтүүсү. Аларга эмне сый көрсөтүлөрүн түгөл дайындап коюусу. Милдеттүү конокторду тап жылдырбай, шек билдирбей урматтоосу. Ага журт билермандарын тосуу, кудасөөктөрүн тосуу, өз ара тамак ичүүлөрдү, конок айттыргандарды ж. б. тосуулар кирет.

Улуу акын Тоголок Молдонун айтымында куудул Куйручуктун атасы Өмүрзак улан кезинде Ормон баатырдын

айылына барып калат. Баатыр баштап эле чабылып, мейман күтүү менен алек. «Бу ак калпактуулардын баатыры, ханы өзү баштап, бүлүк түшүп, жумалап күтүп жаткан коногу ким болду экен?» – деп ойлойт. Ал да күтүп жатып калат. Көрсө, Калыгул олуя тура! Ак кементайчан, этеги саймаланган кандагай шым кийип, Калыгул кара сур атын минип (ал адамды башка ат көтөрө алчу эмес экен, олуя жамбаштап жатканда артынан орто бойлуу адам көрүнбөгөн өтө зор адам болгон), жан-жөкөрлөрү менен келе жатканда, Ормон баатыр барып, окчундан тосуп алат. Атайын көтөрүлгөн ак өргөөлөрдүн бирине түшүрөт (Болжолдо Ормондун уулу Үмөтаалыныкы болсо керек дейт). Койдун сүтүнүн курутунан эзилип, сары май сапырылган суюк суусунду кырма аяктарга куюшуп, меймандарга сунушат. (Болжолдо, Ормон хандын байбичеси сунса керек дейт). Баары бирден ичишет. Байбиче идиштерин жыйнап алат. Анан отургандар Калыгул олуяга бүгүн, эртең, келечек тууралуу суроолорду сунушат. Эки ийинин алмак-салмак карап, так эмики турмушту баяндап бериптир.

МЕЙМАНДЫН АТЫН АЛУУ. Адамды урматтоонун эң эле эски нарктуу-салттуу жолунун бири – меймандардын алдынан тосо чыгуу, салам айтуу, алик алышуу, аттан таптак түшүрүү. Т. а. мейман келе жатканда алдынан окчунураак жерге чейин барып, учурашып, шаан-шөкөттүү түрдө аттан алуу. Ал үчүн чылбырын тизгин менен суулуктай сол колтугунан кармаганда мейман оң бутун үзөңгүдөн бошотот. Ат алуучуну карай сол, оң буту жерге такалаары менен, сол буту үзөңгүдөн чыгып, жеңил түшөт.

Эл өзү ардактуу коноктордун – «эл мыктысын», «иш башчысын», «журт карысынын» мартабасын көтөргөн. (Бизде нан, туз алып чыгып мейман тосуу мурун болбосо керек). Анын жан-жөкөрлөрүнүн аттарын ошол эле мезгилде ар бирин өз-өзүнчө кишилер алган.

Арбын коноктордун аттары кермеге күрмөй байланган, не мамыларга казык бош чалынган. (Бийик түркүккө керилген кыл арканды «керме» деп аташкан).

Аттарды «сарт боштоп байлоо» (эки атты каршы-терши коюп, куюшкандарына чылбырды «казык бош» чалуу) кылып койгон.

Албетте, меймандын-коноктун чоң-кичинеси болбогон. Өтө эле кичүү болсо, ал да кадырман. Ошондуктан аны эң улуу даражалуу үй ээсинен да жогору коёт. Өйдө төрдө отурат. Айыл ичинде атын алыстан аласың, босогодон тососуң. Төрдү көрсөтөсүң. Кайдан келгени суралбайт. Суроону өзү бериш керек. Эгер ал өзүнүн жөн-жайын айтпаса, анда аттанаар алдында суроо коюуга акың бар. Мына ушундай жагдай меймандын кадыр-баркын арттырат.

Азыр аң-сезим тарып, жүрүм-турумдун нормаларына дейре бирөөлөрдү туурап, таасирине түп көтөрө ооп кеткен «цивлизацияланган» шартта, тилекке каршы, өзүбүздүн элдик баалуулугубузду жогото баштадык.

Эгер мейман – «кудайы конок» баш бакса, көчүк баса электе эле ичмектеп, аябай «тергөөгө алып» киребиз да, анан барып гана: «Тааныштыгыбыз жок экен», не «Ааа, а, жакын куда-сөөк турбайбызбы, отуруңуз, төргө чыгыңыз. Кокуй, чай койгула!» – дейбиз. Мына ушундайдын айынан азыр биринин үйүнө бири башбакпай баратат. Бүлө кагып чакырмайын эрди-зайып конокко барбайт.

МЕЙМАНДЫН КОЛУНА СУУ КУЮУ. Мунун да ата салты, эне адеби бар. Адатта, көбүнчө тестиер эркек бала колго суу куюшу шарт. Суулукту сол ийинге илип, чылапчынды четинен кармап, жылымык (тумшугу сынган) суусу бар кумганды, не чайнекти он колго кармап, ал (эт жээрде) солдон оңду көздөй карай колго сууну бөлүп-бөлүп, чачыратпай сыйда куят. Ошондо колун жуун жаткан адамдар: «Тилегиңди берсин!», «Бар бол!», «Өмүрлүү бол!», «Ойлогон оюңа, тилеген-максатыңа жет!», «Чоң аталарындын жолун жолдо»!, «Пайгамбар-сабаалар колдо!» – өндүү түр-

күн баталарын беришет. Эт желип, бата тиленип бүткөндөн соң ыкчамдатылган (кол күйбөгөндөй) суу оңдон солго (аяк өйдө) куюлат. Анда да бата ыроолошот.

Азыр, төтөн, шаардыктарда суу куюш, бата алыш негизинен унутулду. «Ой, тим койгула, туалеттен эле жууп келебиз», – дешет.

Балага антип суу куйдуруу – абалкы салт. Анда конокту сыйлоо адеби жатат. Мында бала-бакыра таалим-тарбия алат. Мындай элибиздин жөрөлгөсү биз үчүн күңүрттөлсө, кийинки муундарга караңгы гана түндөй көрүнөрү шексиз.

МЕЙМАНДЫ АТКАРУУГА ДАЯРДЫК ЖАНА УЗАТУУ. Бул – мейман кайсы учурда аттанаарын белгилеп, ошого карата, айталы, эртең менен аттанмак болсо, дасторкон жыйыла электе эле аттарын токуусу. Басмайылын бош тартып, аттанаар алдында чың тартуу. Баары токунаары менен, жүгөн катылат.

«Кел» демек бар, «кет» демек жок» – дегендей, конок-тордон бата сурагандан соң, алар «күчүнөн кайта» башташат. Орундарынан козголот. Бала-бакыра эшик ачышат. Урматтуу мейманды үй ээси коштой чыгат. Атын суулуктан кармап, конокту сол колтуктан алат. Ал сол бутун үзөңгүгө илет. Этек-жеңин кымтылап, үзөңгүнү чирене теминет. Эми тизгин, чылбырын карматат. Кош-пөш айтышып, мейман шарт жөнөп кетет.

ҮЛҮШ БЕРҮҮ (КИРЕ ИЧҮҮ). «Бир айылдын ашы бир айылга таңсык» (макал).

Бул – «жайлоо майрамы». Жайдын толук кезинде, мал семирген мезгилде жанаша айылдар бирин-бири чакырышып, ызаатташа тамак-аш ичүү салты. Меймандостукта, минтип, бирин-бири сыйлоо, урматтоо кыргыз Атада мурун укмуштай өнүккөн. Уруу, урук элдерди жакындаткан, сый-урматка бөлөгөн. Ал үлүш берүү же «үлүш ичүү» деп аталган. Мында кутмандуу карыялар өз айылынын адамдарын ээрчитип, калдая барып түшкөн. Шымаланган уланжигиттер аларды окчундан тосуп, аттарын алган. Аттар

каңтарылып, мейман күтүүчү үйдүн эшиги ачылуучу. Куттуу төрдөн меймандар орун алуучу.

Абалы сары самоор шуулдап, андан чай ичилүүчү. Көрөңгүлөнгөн кымыз куюлуучу. Күн ачыкта көк шиберде шырдакта отурушкан. Эт бышкыча санжыра сөздөр айтылган. Комузчулар, чоорчулар, ырчылар ошол жерде болгон. Меймандос элдин мындай каада-салттары айыл ичин ынтымак-ырыска, тааныш-тамырга, даамдаш-кешиктеш болууга, куда-сөөк күтүүгө ойдогудай өбөлгө түзгөн.

Алар бири-бирин чакырышып, кире-үлүш ичүүдө айыл урук-уруу дасторкон үстүндөгү сыйдан кенедей да өөн чыгарышпай, тап жылдырышпай, ички ар-намыстарын дайыма бийик тутушкан. Бул ата-баба салтынын изден тайбас жолу эле.

«Үлүш» аттуу ырды жеке да, топ-тобу менен да ырдашкан. Жылкычылардын шырылдаңы Камбар Атанын ыры катары ырдалган.

ДАСТОРКОН АДЕБИ. Кыргыздар – жеринен мейман-дос калк. Мейман тосууну ырыска шериктеши катары баалайт. Дасторконду жаюу – бар тамагын аябоо. Шартка жараша бул талаа-түздөрдө ар кандай кырдаалга карата болот. Тамак ичүүдө дасторкондун (мисалы, чүпүрөк дасторкондун) туюк учу төрдү карайт. Аны которуп жаюуга эч кандай болбойт, жылдырып жаят. Абалы, ага нан коюлат. Аны сындыруу аркылуу алдыдагы ашка колдор сунулат. Эгер төрдөн аталар, агалар, энелер орун алса, эркек балдар ата тараптан, кыз балдар эне тараптан сол ыптасында улуулата катар отурушат (эне – эпче тарапта, үй ээси ыпча тараптан орун алганда, эркек, эненин оң тарабында болуп калат). Бул – ата-бабалардан бери келе жаткан жөрөлгө.

ТАМАК-АШКА МАМИЛЕ. Тамак бар жерде дымак бар. Кыргыз тамак-аштары дандан, сүттөн, эттен жана ушул үчөөнүн ич ара катыштарынан турат. Дандан кандай тамак-аштар даярдалат? Сүттөн кандай тамак-аштар даярдалат? Эттен кандай тамак-аштар даярдалат? Муну жатка

билүүбүз керек. Албетте, булар толук көчмөндүү турмушка шартташкан. Аш болумдуу, даамдуу, ширелүү келген азыктар жердин чөбүнө, аба ырайына, бийиктикке жараша болот. Тамакты даярдоо, аны урматтоо адептүүлүктү, чеберчиликти талап кылат.

ТАМАК-АШ ИЧИП-ЖЕШ ТАРТИБИ – бул адептүүлүктүн бир түрү. Ата салтында, эне адебинде улуулардагы жол-жобонун сактоо вазийфасы. Мусулманчылыктын шартында талаа-түздө болобу, азбы-көппү дасторкон жаюу. Андыктан, тамак алдыга келгенде, турбай отуруу (сыңар тизелөө, бүйрө отуруу, чөк түшүү, малдаш токунуу) шарттуу болот. Адатта, дасторкондогу тамакка улуулата кол сунат. Илгертен эле баш кийимчен тамак ичишкен. Кээде карыялар тебетей, калпактарын, байбичелер элечектерин алат. Ичмек топу, же тепчиме топу (карыялар ак кездемеден тигилген топуну чөнтөгүнө сала жүрүп, уяттуу жерлерде баш кийимин алып муну кийип отуруусу сөөлөттүүлүктү билдирген) менен отурган. Байбичелер жоолук салына коёт. «Көчүк басып ич, жалпак отуруп жегин» – өңдүү тескөөлөр мурункулардын нускоолору болуп саналат. Ал эми азыркы жаштарыбыз кез келген жерде, оозуна тийгенин кардыга сугунуп, ач өзөктүк тамак жештин өзү, албетте, мусулманчылыктын салтына өтө жат, өөн.

ТОКОЧТУ (НАН) УРМАТТОО. Албетте, токчулук токочтон башталат. Ал туурасында чечендей бербейли. Куранды биз «ыйык» деп, дааратсыз кармоого ылаажы болбогон сымал, нан андан ыйык экендиги шариятта апачык айтылат. Анда «Жетпей турганда куранды бутуңа коюп, нанды ал» – дейт. Демек, бул нандын баа жеткис, өлчөөгө эч мүмкүн эмес улуктугун билдирет.

Карыялар, байбичелер куурулган данды кайда жатса да алып-терип жешчү, балдарга тердирүүчү. Эмне дегенде, чийки дан өсүп, урук алып келет. Куурулган данга убал тура. «Тиги дүйнөгө барганда Кудай-Таала төөгө мингизип тердирет». Кыскасы, кыйнайт окшобойбу! Адамзаттын

жүрүм-туруму үчүн мусулман динининн тарбиялык-таалим берүүчүлүк бөтөнчөлүктөрү укмуштай болгон. Ушундай жагдайларды биз атайын чыгарылган мыйзамдар аркылуу да жөнгө коё албай, оңго бура албай отурабыз.

Токочтун (токчулуктун бир аты токоч), жалпы эле дандын кадыр-баркына бабалар эч кандай шек келтирген эмес. Адам баарынан танат, дандан танбайт. Ансыз калган тамактарга канааттанбайт. «Ошентип, дүйнөдө нан улук» – деген далилсиз чындыктар жашап келген. Демек, нансыз берки тамактар менен көпкө жашай албайсың. Алар дан азыктарына кошумчаланат. Кыргыз дасторкону бай. Ага коюлган тамактар ар кыл. Даамдарды ооз тиебиз. Ошондо да нандын (дандын, буудай, арпа, таруу, конок жүгөрү, буурчак өндүүлөрдүн) улуулугу баамдалат. Ошон үчүн нандын күкүмүн да жерге таштабайт. Терип алат. Жок дегенде үй айбандарына берип коёт. Алардын да жеп салышы соопчулук болот.

Сүт азыктарын (сүт, айран, сүзмө, курут, чөбөгө, сары май, эжигей) жерге төкпөйт. Аларды «ак» деп атайт. Төгүлгөн акты кол менен эки ийинге тийгизип, ырымдап, кудайдан кечирим сурайт. Иче турган ашты ачытпоо, кычытпоо, сасытып жибербөө керек. Эт тамак-аштарды сактоону да ата-бабалар мыкты билишкен. Туздап, мелүүн жайга илип, курттатпай, жыттантпай, сердектей кургатып, сүр эт кылып алышкан.

ТАМАКТАНУУ (оокат ичүү) маданияты. Бул – мусулманчылыктын шартында алдыда жайылган дасторкондон адептүүлүктө даам татуу, анын жол-жоболорун нукура сактоо. Тамакты балчактап чайнабайт. Оозунан майды, чайды чууртпайт. Сакал, муруттардан мурун-ээктерге тамактарды тийгизип, булганч кылып жибербейт. Мында тазалык, сыйдалык сакталат. Чоң сугунуп, апылдата чайнап, кулк эте жутуп, ач өзөктүгүн билдирбейт. Ызаттыкта аз-аздан сугунуп, майдалап чайнап жутуу зарыл. Басып баратып тамак жеп-ичүүчү эмес.

Талаа-түздө тамактанууга туура келсе, дасторкон үчүн жүз аарчы, же куржун, баштык ж. б. жаюу керек. Ат үстүндөгү адамдарга суусундук сунса, идишти ат жалына тийгизип, анан иче-жута турган.

БАТАСЫН АЛУУ. Бул – эл ичинде кадыр-барктуу, отуруп-турганы нарктуу, айткандары эм, улуу-кичүүлөргө дем, урмат сыйы бирдей, жекече касиет жылоологон карыя-байбичелерге атайын жолдук менен баруу. Бата алуу – балалуу болууга (уулдуу болууга), алыс сапарга аттанууда, сапардан аман-эсен кайтууда, ойлогон оюна, тилеген максатына ийгиликтүүгө кылган далалат.

Деле улууларды кастарлап, чүйлүү тамактар менен даам сыздыруу. Мында үйүнө чакырып урматтоо, кийит кийгизүү аракеттери да жүзөгө ашат. Бата ыраазычылыкта даам таткандан кийин берилет.

Бата тилеген келин-кесектер абалы жүгүнүп, уулдарга баш ийип, таазим кылышат. Бата алаарда турушуп, эки колдорун боорuна алышат. «Оо-мийин, алдыңды бала, артыңды мал бассын. Алганың менен тең кары. Кудай менин жашымды берсин. Пайгамбар-сабаалар колдосун!» негизги мазмуну ушундай...

Артында «Анын батасы тийген», «Тегин кишиден бата албаган», «Батадан жаралган бала» ... өңдүү сөздөр барабара уламышка айланат. Ушундан улам кан Кошойдун, кан Бакайлардын жайган алакандары, алкаган сөздөрү тегин чыккан эмес деп айта алабыз.

ЭЛ БАГУУ. Мында сөз элинен чыккан мыктылар тууралуу болуп отурат. Ал өзүнүн айылында баш-көз. Башка элдерде баркы бар. Бардар, ага конок-аяк, атанып түшүүлөр арбын. Илгери көбүнчө бир урук, бир атанын балдары бир конуучу, кыштоолору жакын, бир болуучу.

Коноктор да анын түрпүн, үйдүн сырткы турпатын, короолорун баамдап түшүүчү. Түшкөн үйү конок камын көрүүчү. Мисалы, кой соймок болсо айыл ичиндегилер жапырт кам көрүүчү. Бирөөсү койду алып келип, бата тилөө-

чү, экинчиси атын жайлачу, отунун бирөө жагып, күлүн бирөө чыгарып, иче-карынды дагы бирөө артып, самоорун жана бирөөсү кайнатып, казан башында дагы бирөөсү туруп, ошол үйдүн тегерегинде кызуу кыймыл өкүм сүрүп, айтор, ага-тууган, кошуна-колоңдору төрт тарабын шай кылып, баардыгын тындырып коёр эле.

Айыл аксакалдарын үй ээси чакырып алып, мейман жанына отургузуп... Санжыра сөзгө киришип... Алдыдагы даамга карашып... Айылдын бала-бакыралары өзүлөрү эле ойдогудай тейлешкен.

Ардактуу табак – конок табагы. Чүйлүүлөп, бир табак эт анын алдына тартылат. Ага айыл аксакалдары кошулат. Калган этин айыл ичи жейт. Сорполорун ичишет. Бала-бакыралар арткан устукандарын көтөрүп, үйлөрүнө кетишет. Эртеси мейман келсе, ушул аракет кайра башталат. Ынтымак – ырысы бир мындай салт илгери аябай күчтүү өнүккөн. Айыл ичи өзүлөрү эле келип, кызмат кылышкан.

Азыр да кой союшат, конок күтүү жосуну күтүлөт. Мурун кымыз, бозо же самоор чайы, май токоч, боорсок, каймак, май, дасторкон үстүн ээлөөчү. Эми көбүнчө бөтөлкө коюлат. Ал дасторкон үстүндө төрө катары турат. Шамшум этүүчүлөрү бар. Чынында дасторкон үстү бай көрүнөт. Үй ээси ичкиликти, шам - шум этүүчүлөрдү өзгөчө маанige алат. Башка элдик тамак-аштар ошого багынып турат. Аны белгилүү гана жандар тейлешет. Кошуна-колоңдордун, ата туугандардын аны менен анча иши жок.

Жандыктын бир тоёр эти салынат, калганы муздаткычка урулат. Ага-туугандар ага анча аралаша албай калышат. Чакырмайын бири-бирине кирип чыкпайт. Бир туугандары да эмне мал союптур, кийин билип калышат.

КЕШИК ТҮП ИЧҮҮ. Кешик – карылардын ичкен тамак-аштарынын акыркы калдыгы. Илгери кешик түбүн ичебиз – деп үмүткөр болуп туруучу. Төтөн, балдар чоң эне, чоң аталарынын кешик түптөрүн ичишчү. Ичүүгө куштар эле. Чайга, сүткө, куурма чайга, тууралган тамак

32 даамдын түбүн карылар: «Ме, айланайын, мендей карып жүр», «Ме, балам, менин жашымды берсин», «Ичип кой балам, ырыс-кешигим сенде калсын» – деп бирдеме үмүткөр келин-кесектерине алкоо аркылуу беришчү. Аттуу-баштуу карыялардын, байбичелердин түбүн ичүү жаштарга сыймык көрүнгөн. «Баланчанын кешигин ичтим эле», «Ал мага кешигин берген», «Кешигин ичип, ушинтип, калдым», Албетте, атайын аңдып отуруп, дөөлөттү, атактуу адамдардын түбүн ичүү бир чети ал инсанды урматтоо-ызаттоо.

Кийин антип кешик түптү ырыс-даам катары ичүү калган. Айрымдар андан жийиркенишет. Тамак-аштын калдыгын кайра жылытып ичип-жешпей, кешикти төгүп салуулар көп. Ушундан да ырыс-кешик кыркылат.

КӨЧҮРҮП АЛУУ. Мында сөз жаңы туугандуу болуу тууралуу барат. Т. а. айрым элкин жүргөн адамдар атайын ылым санап көчүп барууга, аны айыл үстү көчүрүп алууга кылган аракет болгон. Ал көчүп барат. Аны айыл үстү тосуп, өрүлүктөп, жолдугун жасап, өз ыража-ынтымагына кошот. Илгери эл билермандары көңүлүнө жаккан адамдарды, баатырларды, оюнчуларды, саяпкерлерди, мүнүш-көрлөрдү, усталарды ж. б. атайын журт башкаргандардан кадыр салып, көчүрүп кетүүлөрү да бар. Буга мисалдар көп. Солтонун Байтиги Таластын Көпүрө-Базарындагы кушчусунан кадимки Сүймөнкул Чокморовдун чоң аталарын алып келгени айтылат. Ал эр сайышка, эр эңишке түшкөн баатыр, балбан, улут оюндарынын ашкан чебери аталган. Ат-Башынын черик элинен чыккан уста Байбөрү Шайдылда уулу төрт дубан элге талашка түшөт. Абалы жумгалдык Мырзабек манап, андан суусамырдык Түркмөн манап көчүрүп алат. Андан соң тогуз-торолук манаптар Касымбек, Касымдар үндөп кетет. Акыры ошол тараптан каза табат.

Эл-жерге таарынып, же таяке-жээн иликтеп, атайын көчүп кетүүлөр да бар. Аны жергиликтүүлөр батырып,

журтуна кошуп алат. «Эл ичинде эл жүрөт, жең ичинде бит жүрөт». Бөтөн уруктардын арасына көнүп, кыз алышып, кыз беришип, сөөк-тамыр күтүшүп, ошол жердин ырын ырдап, чоорун тартып, талабын талашып алынып кетет. Атактуу ырчы Калыктын атасы Акы Ажыбай уулу уста жаш жетим аталып, Кашкарга дейре тентийт, Жумгал, Тогуз-Торо, Ак-Талаа артып, Кетмен-Төбөнү ашып, Үч-Терекке маанектеп, үй жыгачын жасап, жыгач идиштерин кырып, тегирмен чуркатып калат. Калыктын атагы ошол жактан чыгат. Ошентип, чоң уруулардын арасындагы майда уруктардын сиңип кетишинин өзүнчө орчундуу себептери бар.

БЫЧАКТЫ БИРӨӨГӨ СУНУУ, АНЫ КАРМОО. Жаткан бычак сабынан кармалат. Бирөөлөргө берүүдө ал мизинен сунулбайт. Сабынан берилет. Мизинен кармоо, ошондой сунуу адепсиз болгон. Тиштеп жебей, бычак, маки ала жүрүү салт болгон.

ТЫРМАК АЛУУ. Ороктой кылып өстүрбөй, өз учурунда эстеп тырмакты алып туруубуз зарыл. Кол тамакты (нанды, этти ж. б. кургак аштарды) тартынбай кармоого оңтойлошкон. Алынган тырмакты адамдар баспай турган жерге ташташкан. Тырмакты отко күйгүзбөгөн, сууга ыргытпаган.

ЖООЛУК САЛЫНУУ. Бул – ургаачылардын адептүүлүк шарты. Адатта, мыкты ургаачыларды «Ак жоолугу башынан түшпөйт» – деген сөздүн төркүнү бир жерден ак этек басуучуларга карата айтылган. Т. а. адеп аттаган үйүнөн башкага чыкпоочуларга, ошол жерден көшөгөсү көгөрүүчүлөргө багытталат. Илгери кыздар жоолук салынбаган, топу, тебетей кийишкен. Кийинчерээк башкалардын жолунда жоолукту артына салынууга өтүшкөн. Качан күйөөгө чыкканда алдыга салынуу да ошол таасири күчтүү элдерден келген. Мурун жоолукту ара-чолодо, аракет-кыймылда, мал саашта, иш кылышта, узчулукта пайдаланып,

элечек сый баш кийим катары куда-сөөктө, аш-тойдо, наркыралуу көчкөндө салынган.

Эри же жакыны өлгөндөр кара кийинүүдө жоолуктун ээгин бош таштаган. Ал аза күтүүнүн, каза жутуунун белгиси болгон. Качан ашы, жыты (мисалы, кырк ашы, чоң ашы) бүткөндө аркалыктарда ээгин жакындары алат. Жоолук салып, ээгин бүтөйт, бууйт. Анжыяндыктарда эмнегедир дайыма ээгин бош ташташат. Ал, мүмкүн, канатташ жашаган өзбек, тажик элдеринин таасири чыгаар. Кийинки чактары кыз-келиндер алдыга, артка деп ылгабай жоолук салына башташты.

АК АЛЫП ЧЫГУУ. Бул – ата-бабадан келе жаткан асыл салттардын бири. Алыстан көч аттуу келе жатса, куда-сөөктөрдөн болсо, бурала басып, кыз-келиндер колдоруна ак толтурган (кымыз, айран, чалап ж. б.) аяк-чыны кармап, ошол жүргүнчүлөрдүн алдын тосо чыгуусу. Мында да адептүүлүктө колун карап, суусун сунулат. Даамга бармагын киргизбейт. Жүргүнчүлөр да идишти сыпайы алып, аттын ыйык жалына тийгизип, жутуп, суусундарын кандырышкан. Ырахматтарын айтып, баталарын берип, көч шарт жөнөй берген.

Кыз өз септерин өзүлөрү камдаган. Ага апасы үндөктөйт. Кызынын уз, иштүү аталып, күйөөгө барышы, бир жерден орун-очок табышы, ак этек басышы – бул ата-эненин бактысы. Болбосо, «Кызың жаман болсо жети атаңа жетээр. Аттиң ай, – деп өмүрүң өтөөр» – деген бабалар накылы бар.

ЖЕТИ КЕСЕП. Бул – улуулардан айтылып келе жаткан накыл сөз. Муну билип алуу зарыл. Мында «кесеп» деген сөздүн маанисин билели. Бул – жан-жаныбарлардын, табияттын ичинде болгон, болуп келген, боло берүүчү эч кимге, эч нерсеге моюн сунбаган көрүнүш. Аны «жеткирлер» деген «айла жоктор» өңдүү түшүнүктөр менен алмаштырууга тийиш. Ошондо жети кесеп жеткирлер кайсылар:

1. Абалы – адамды айтабыз, анткени, андан акыл да, айла да качып кутула албайт. Нечендерди жасап чыгарып, укмуштарды жаратып, колу, акылы дүйнөнү көрктөндүрүп жатат.

2. Өрт – өтө коркунучтуу. Өрт чыкса, аны өчүрүү максаты кыйынга турат. Ал эч нерсеге моюн сунбайт. Зор зыянга учуратат, сүрү катуу көрүнөт.

3. Сел – топон сууну элестетет. Жан-жаныбарлардын баарын агызат, шыпырып кетет. Мунун да сүрү күчтүү, тили жок жоо. Кудай мунун да бетин ары кылсын!

4. Жар – жети кесептин бири. Жардан жан-жаныбарлар абдан сестенет. Андан өтө катуу жыгылат.

5. Буудайык – куш төрөсү. Муну мүнүшкөрлөр бүркүттүн түрлөрүнөн чыгат дешет. Кыраан куштардын алпы. Желеде турган туу калган бээни түш ченде эңип кеткени тууралуу улуулардан калган уламыш бар. Анын жүрөктүүлүгү күүлдөп учуп бараткан самолёттун өзүндөй алп куш экен — деп тепкенинен баамдайбыз.

6. Кыргый (кыргыек) – бул кыраан куштардын кичинесинен. Бирок анын айлакердиги бөтөнчө. Т. а. ал өзүнөн чоң илбээсиндерди алат, кол салат. Сүйрөп баратса, дароо курч тумшугу менен мууздап жиберет.

7. Мышык – негизги жеми чычканды жаза кетирбейт. Кыраан мышыктар өңүтүндө чымчык алат, уулуу жыланга тап келет.

АТА ТАРЫХЫН ЧЕЧҮҮ. Санжыра – ата тарыхы. Муну жатка билүү зарыл. Иликтеп-изилдеп калуу, өткөн зирек санжырачылардын жараткан аракеттерин кубаттоо. Мурун аны андан ары улоо максаттары кан буугандай токтогон. Буту-кол байланган шарттарды эми эстесек уюткулуу кыргыз эли кош кабат торго чалдыкканы, аны үзүүгө чама-чаркы чак болуп калганы даана билинди. Элибиз мураска, нускага, табарикке шай, ал кийинки муундарга тартууланбай, архивдерде желелеп, чаң басып жаткан эле. Алардын үзүлүп бараткан таалайын, ырысын азыркы ата

уулдары, эне перзенттери ачуусу керек. Азыр санжырачылар бар. Дагы сандары арбыса экен. Мисалы, мен элдик көркөм кол өнөрчүлүк тууралуу бирдеме жазсам эле «уругу жок бекен, жери макталган эмеспи. Сага уругунун, улутунун эмне кереги бар. Бир кыргыз болсун»... деп жатышчу. «Көл башындагы көп бугудан чыккан уста», «Нарын бөксөлөрүнө таанымал зергер», «Таластык уз», «Моңолдордун сынпосу», «Калмак өрүм», «Чоролук саяктардын ээри», «Алай килеми»... Албетте, мындай атоолордун эмнеси жаман?! Айтор, китеп чыгарууда гезит-журналга макала кетирүүдө, редакциялоо, иштеп чыгуу учурунда кол лупалары аркылуу карап, анан жөнөтүп калганбыз. Себеп дегенде жогор жактан, ак үйдөн көрсөтмөлөр катуу берилүүчү. Совет бийлиги орногондон берки айрым эл ичинен суурулуп чыккан адамдардын жекече тагдырынан улам журтчулук өзүнүн башын ала качып, суу жүрөк болуп калган. Өйдөлөгөн сайын жетекчилер: «Кокуй, үү-үү» дебеген киши үйдөй балакеттен кутулуптур» деп, өзүнүн кара жанын ала качып калышкан. Мындан «көрдүм деген миң сөз, көрбөдүм деген бир сөз». «Балээге башыңды катпа». Андайда сагызгандан сак болушчу.

Санжыра сандыгынын оозун эми ачышыбыз керек. Атактуу мүнүшкөр, комузчу, жыгач уста Чалагыз карыя менен аңгемелешкен жерим бар.

– Кайсы элденсиң? – деп сурады.

– Нарындыкмын, – деп жооп берсем.

– Уулум, уругуңду сурап жатам, – деди.

– Моңолдормун.

– Ий-и Моңолдормун десең Бокемдин элинен турбайсыңбы? Кайран Бокем, Нарын ичин обонго тундуруп кетти го?..

– Боогачы ырчыны көрдүңүз беле?

– Көрбөй анан. Азыркы ырлардын авазынын негизи ошондон... Мен дагы жылып, жакындай түштүм...

– Анда улан кезим. Орокко колумду чалдырып алып, кыз-келиндердин көзүнчө комуз чертүүдөн уялып жүргөн күндөрүм. Чоң таякелерим Субан уулу Байгазы манаптын Эсенгулунукуна барып калдым. (Алар Ниязбектин сегизинен тарайт эмеспи.) Орус солдаттары барат – деп, Түркстан Губернаторунан кагаз келип, Ат-Башы, Нарын кантону эми 250 боз үйдү кантип табабыз – деп, дүрбөп калышты. Анда Бокем атбашылык моңолдорлордун болушу. «Боогачы келет экен, Боогачы келет экен» – деп, Субан эли ууду-ду!

Ак боз ат минген, суп чепкен кийген, тик сакалчан чок ортодо Казы, Эсенгулдарга катарлаш бастырып келип түштү. Ошол Бокем экен. Дөбөгө чыгып, жыйын курушту. Орус солдаттары жайлаша турган боз үйлөрдү болуш-болушка чачышты, согумун даярдашты.

Биз өкүнүп калдык. Эл ырдатабыз деп ойлогон. Тайдын этин жешип, шаша-буша аттанып кетишти. Мен мына ошондо көргөмүн, Моңолдордун Боогачысы, чериктердин Казыбеги – деп, жарыктык, Ат-Башыдан укмуш таланттар чыкты эле... Эми уулум, биз өсөөрүбүз калбай, өлөөрүбүз калган жанбыз. Мына, Алла Тааланын буйругу менен 90дун тамагын ичип отурам. Силердин алдыда али көп иш, көл кеп бар. Сураса, уругунду абалы айтып жүр. Жети атаны билиш шарыятта чоң парз. «Карамоңолдормун» дейсиң. Анда силер түбү Самансур менен тутумдашсыңар»... деди. Бул маек мындан 20 жылдай илгери болгон. Сөздү майдалай, уккулуктуу айткан адам эле, жарыктык.

Санжыраны жаштар үйрөнүүлөрү зарыл. Эмне дегенде, ал тукум куучулукка шартташат. Тукумдун кан «кансиңирме» мийзам ченемине ылайык келет. Бир атанын балдары эле «кыз алышкан тууган» чыгып, үйлөнүүгө караганда башка уруулардын бүлөсү оңтойлуу, генетикалык сапаттуу касиеттерге ээ болот. «Ак бата жаңыртабыз, кызыбызды алыс жибербейбиз» – деген максатта эмчектеш эмес ага-ининин балдары үйлөнүп жатышы, албетте,

тукум куучулуктун жакшырышына деле өбөлгө эмес. Демек, жаштарыбыз ата санжыраларын билип-туюп, алыс-жакынды иргей алып, үйлөнүшсө уруктар, уруулар арасындагы ич ара байланыш мындан жакшырат. «Ал сарбагыштарга жээн», «Тиги сарбагыштарга күйөө», «Булар моңолдорлордон кыз алган», «Анын кызы саяктардан ак этек басып отурат»... өңдүү сыпаттоолор бизди иритпейт, кайра эл-жерди бириктирет.

Дагы бир ой бар. Ооба, бир эле адам адам ата, оба энеден баштап сайрап, бизге билгизип-туйгузуп жатат. Ага бир чети аябай кубанабыз. Алмадай башына санжыраны түгөл сыйдырып айтуунун өзүндө алашем, кезегирээк кеткен жерлери болбой коёбу? Төтөн кийинки небере-чөбөрөлөр айтылбай калып отурат. Ошон үчүн ар бир уруунун, уруктун өз санжырачылары бар. Эгер санжыраны кадимкидей кызыл том кылып чыгара турган болсок, анда айрым перзенттерди инкубатырдан чыккан тооктой санабай, ар бирине аяр мамиле пайда болот.

ЭЛДИК ТАМАК БАР ЖЕРДЕ, ДЫМАК БОЛОТ. Жашоо-тиричиликтин, кулк-мүнөзүбүздүн, жүрүм-турумубуздун түп көтөрө таасир берүүчү башка элдерге оодарылып кетиши кыргыздын накта улуттук дасторконун жарды-лантты. Тамак-аштын даамы кетти. Анын түрлөрү абдан азайды. Орус дасторконуна көчтүк. Эки калктын жанаша жашоо тиричиликтери бири-бирине өтүп, ички катыш жасабай, кайра алар биздердин дасторконго үстөмдүк кылууда. Азыр бизде эмне бар? Мал сойсо нарын бар, тамак жасалат. Ал – накта элдик тамак, туурап, чыктап жейт. Аны да, арбак ургурлар, «беш бармак» – деп шылдыңдайт. Этти нашаасына келтирип жеш да аз. «Тамак жаса» дейбиз, кесме, же күлчөтай, челпек, картошка сорпо жасайбыз.

Кой-эчки сойсок, олобо деген тамак бар эле. Эми андай тамак болобу? Жөргөм жасала коюп жүрөт. Көпчүлүк жерлерде куйрук боор желбей калды. Анткени, жарым

уяң, уяң жүндүү койлор өстүрүлгөн аймактарда окумуштуу-адистер кыргыздын кылчык жүндүү, капкак куйрук койлорун мокочодой көрүшөт. Бир тал кыл тигил тукумдардын жүнүнө илээшсе, «Ойноп кетип, сапатын бузат» имиш. Ошол себептүү бир учурда Ат-Башы, Нарын тарапта жергиликтүү кой-эчкилерге айыгышкан чабуул коюшкан. Ушунун кесепетинен тоо таштарда, суук алкактарда күн көрүп, сүтү менен да, эти менен да, жүнү – кылчыгы менен да, көңү-кыгы менен да, териси – мүйүзү сөөгү менен да журт баккан баягы мөөнөмчек малдар көзгө сүртүлбөй калган. Арийне, анан кантип эжигей уютулат, курут кайнатылат. Кантип анан дарылык үчүн эрмен оттогон жаа бөйрөк улактар адамдын ырыскысы, ден соолуктун дабасы боло алат. Жалаң актан жаралган азыктардан айран-сүттөн башкасы колго карматпай кетти.

Элибиз уйдун төрт эмчегин толук тартуудан эринип калышкан. Сырттыктарда «чайлык сүт болот» дешип, кесир аралай түшкөн. Мал сааган сайын демийт. Толук саабаса желинди май басат. Демек, көпчүлүк сүт каймактатууну, каймак жыйнап, чөбөгө сызгырууну, сары карын майларды куюп, аны кышка, узунсарыга сактап, томуруп, дасторконго коюуну унутуп калдык. Баарыбыз эле, айыл адамдары деле дүкөндү сагаалайбыз, «сливичный май түшүптүр» дейбиз. Илгери атайын кыш камын жайда көрүшчү. Туура, баласына, картаңдарга бербеген нан, май үкөктө туруучу. «Кокуй, уяттуу конок келсе, алдына эмне коёбуз» – деп кудай конок күтүп турган меймандос элибиздин эмики абалы кандай?!

Ун, талкан жайнап турган чакта камыр жасай албадык, калама, каттама, жупка жей албадык. «Бөлкө качан түшөт» – деп, көк дүкөндөн көз тешилди. Өлүктө, аш-тойлордо эле дебесек боорсок, май токоч жасоо деле жоюлган. Жаткан төө, куймак, ылама деген ток оокат. Карылар айтаар эле: «Ун болсо, туз болсо, май болсо, суу болсо эмне дегендер жасалбайт. Арпа, буудайды кууруп, жаргылчакка

тарта коюп, жарма ачытса эмне экен. Сүзмө жарма, сүт жарма, сорпо жарма... кошкон май, май талкан... Мына, тамактын түрлөрү. Үйлөрдө жаргылчак болуп, ар бири азык түлүктү өзүлөрү камдаса....

Укум-тукумду улаштырып келген асыл тамактардын бири – бозо! Ал кичине-чоңго өң берет, кан жүргүзөт.

Бозо, кымыз – атадан калган тамак. Төтөн, азыр тамак-аш аз дейбиз. Колдо турган мүмкүнчүлүктөрдү өзүбүз пайдалана албай жатабыз. Үч маал «сары сууну» алмаштыра турган көп эле даамдар бар. Куурма чай, каймакка көөлөгөн, майга көөлөгөн талкандардын ширидиги, аш болумдуулугу, күчү кандай, чиркин!

«Алма быш, оозума түш – болгон, жалкоолук, жалкоолуктун кесепетинен кийинки чактары дасторкон аябай өзгөрүлдү. Элдик татымдар жоголду. Орус тамагы орун алды. Бара-бара сүрө баштады. Орустун оттуу арагы-шарабына шайкеш келүүчү «жыттай», «ооз тие турган» даам татуулар, закускалар пайда болду. Көбүгүн черткен бозо турса, арак, вино, пиво ичилет.

Акырында айталык дегенибиз, дан бар, сүт бар, туз бар, эт бар, суу бар. Эмесе, «ачкабыз» – дебейли, өзүбүздү-өзүбүз камсыз кылалы. Өз колубуз өз оозубузга жеткендей болсун. «Тамак бар жерде дымак бар». Кудай ошол тамактардан, дымактардан айырбасын.

БАШЫН КУТТУКТОО. Алыс сапардан (эл четинен, жоо бетинен) аткөл аман келгенде, кокустук кырсыктардан аман калганда, оорудан айыкканда, айтор, алтын башы сак-саламат көрүшкөндө ага-туугандары, эже-карындаштары, дос-тамырлары, куда-сөөктөрү ага акча-тыйын сунуу, мал энчилөө, кийит кийгизүү өңдүү жай айтуу. Жетине албай сыйлап тосуп алуу салты. Ар адам алына жараша, айрымдар кадыр-баркына карата жакалуу кийит кийгизет. Көз алдына жорго, күлүк, белдүү жылкыны ээр-токуму менен минип кеткендей алдына тарткан.

ЭНЧИЛӨӨ, ЭНЧИ БӨЛҮҮ. Бул – бала-бакырага, кыз-кыркындарга, жээн-жергеге, бөлөлөргө катышы барлардын бала-чакаларына мал берүү, ал малдарга өз энин салдырып, менчигине айландыруу. Ага тайлак, тай кулун, торпок, музоо, кой-козу, эчки-улак өңдүүлөр мүнөздүү келет. Кыргыздардын мындай сыпайы алды-бердилери көбүнчө бала-бакыра ошол үйгө барганда анын келишин куттуктоо, жетине албоо, эркелетүү маанайын билдирген. Ал аркылуу ата-энесинин кадыр-баркы артылган.

ЭНЧИ БЕРҮҮ – ЭНЧИ БӨЛҮҮ – үйлөнүп, өзүнчө түндүк күтүп, түтүн чыгаруучу уулуна ата-эненин, ага-туугандын бөлүп берген малы. Мисалы, музоолуу уй, кулундуу бээ, беш-он козулуу кой, миңгич өңдүүлөр берилип жүрөт. «Алыбек алына жараша» дегендей энчи бөлүү ар бирибиздин байлыгыбызга байланышат, шартташат. Жеңил машинасы менен дүр-дүнүйөнү түгөлү менен берүүчүлөр да бар.

Энчилөө – үйлөнүп өз алдынча турмуштук чабыт алып, тирденип кетүүгө карата көрүлгөн өбөлгө, аталык камкордук болуп саналат.

КАЛЫСКА ТҮШҮҮ. «Эки киши күнөкөр, бир киши данакер» (макал). Бул чыр-чатакты басуу салты. Калыс – данакер адам, калыска түшүү – ошол адамдын сөзүн мыйзам катары кабыл алуу. Ошого карата бүтүм чыгаруу, сөз кунун сыйлоо. Калыс – акыйкат, калыстык – акыйкат кылуу, калыс адам – кара кылды как жарган адам. Калыска түшүрүү – эки адамдан тартып, урук-уруу араларындагы ири талаш-тартыштарды чоң топтордо жөнгө салуу. Албетте, кыргыздар адилеттүү сөзгө бат жагылган. Ажыр-жооптор болуучу эмес. Мындай касиет элибиздин адебине, ыймынына балта чаптыруучу эмес. Калыстыкка үчүнчү тарап чакырылган.

Анын айтканы эм болгондон кийин «иш бүттү, оо-о мийин» деп бата тилеп, аттанып кетишчү.

ЖОЛДУГУН ЖАСОО. Бир нерсенин бүткөнү үчүн бирөөлөрдү ыраазы кылуу расымы. Мында бир керектүү

ишке жараган, жоголгон малын тапкан, же катуу коркунучтардан алып калган, алтын башка күйүттүү иш түшсө, андан куткарган... Ушул өңдүү мерчемдүү окуяларга дуушарланган адамдын керегине жараганга ошол жакшылыгы үчүн өз ыраазычылыгы менен ага кийит кийгизет, акча сунат. Мал берет, коноктойт. Акыры аны ыраазы кылат. Ырakматын айтат. Мындан элибиздин сыйын, салттын ар нерсени түшүнө билүүсүн баамдайбыз. «Жолдугу болот», «жолдугун ал», «жолдугу бар» деп турабыз. Жолдук – ыраазылыгын алуу.

БЫЧАК АЙЫБЫН ТАРТУУ. Ажаат ачкан адамдын ыраазылыгын алуу. Мисалы, бир семиз мал керек болуп жатканда бирөө ошол зарылчылыкка жарап, малын берип, ордуна ошондой мал алат. Семиз мал бергендиги үчүн берки тарап ыраазычылыгын билдирип, акча сунат, жандык коёт. Ал бычак айыбын тартты болуп эсептелет.

УЛАК АЛЫП КЕЛИП ТАШТОО. Бул – элдик оюндарга байланышкан каада-салттын бир түрү. Улак тартуучулар (көк бөрү тартуучулар) улакты марага таштоочу эмес. Мында улакчылар беттешип тартуучу оюнду токтотуп, эми жайма (аламан) тартууга өткөндө, бирөө ала качып жөнөйт. Артынан сүрдүгө кубалашат. Ич ара мурунтан макулдашуу менен улакты бир үйгө (бардар адамдын) алып келип ташташат. Мында: «улакты улакчылар баланчанын үйүнө алып келип ташташыптыр», – деген айыл ичинде дүңү калат. Үй ээси жетине албайт. Жайланып, жалпак отуруп калышса, кадимкидей жандык соёт. Бул салтты улантабыз дешсе, жолдугун алышат да, улакты алып келип, башка үйлөргө таштоолору да бар. Негизи тартылган улак бир жерде союлат. Көпчүлүктүн колу тийгендиктен «дары катары» көпчүлүккө ооз тийгизүү парзы бар.

БЕРТИК СУРОО. Бул – бели нооказдап (мертинип) калган адамды эмдөө аракети. Илгери элибиз көбүнчө боз үйдө тургандыктан бала-бакыра өзү көрүнбөй туруп, сузгуну эшиктен үйгө сунчу. Үйдүн адамдары аны дароо түшү-

нөт, өзүлөрүн көргөзбөй сузгуга колунда барын салуу. Көбүнчө ага ун, май, эгин, туз, эт, сүт өңдүүлөр түшөт. Бели мертиңген (бертиңген) аны ошол турушу боюнча бышырып ичет, жейт. Мындан ооруга дабаа болгон. Азыр деле айрымдарды – тигинден мындан бирдеме суроочуларды «Бертик сурагансып» деген өтмө мааниде сөз айтылат.

АСЫРАНДЫ. Бул – бирөөлөрдүн баласын багып алуу. Адатта, өздү өзөгүм, өзгөнү жатым дебей, баарыга бирдей тегиз элибиз пейилин таштап, бала асырап алууну салтка айлантышкан. Ага-инилер, эже-карындаштар, кыйыр туугандар багып алабыз дешсе, бири-бирин ызааттап, андан баласын талашуучу эмес. Наристесин бербей койгондон ичара таарынычтар да пайда болгон. Этек алдынан багып алган бала ысык сезилген. Албетте, наристелүү болбогондор, эркек бала көрбөгөндөрбү, эркек-кызы жалгыздарбы, жаш аялметтердин балдарынанбы, жалгыздатпай бири-бирине ага-ини, эже-карындаш болуп өсүп-чоңою, өзүнчө боордоштук жардамдашуу үчүн асырап алуунун элдик маанисси зор. Бир туугандыктын жакшы далили болгон мындай салт боордоштордун жашоо-тиричиликтерин ого бетер данакерлейт. «Уулу жоктун мууну жок» дегендей, ошентип уул асырап алгандар андан нап көрөт. Ал ата-энесин багат. «Ушундан топурак буюрсун» деген ниетте жүргөн ата-эненин колуна кол, бутуна бут болгон бала өз колу менен узатат да, кийин үйдүн ээси болуп, баккан ата-эненин негизги тилеги орундалат.

Деле улууларынын атын чакыруу ошонун баласымын, кызымын деш, антип катталуу – адептүүлүк, ыймандуулук. Аларды ыраазы кылуу – кичүүлөрдүн вазийпасы. Мисалы, атам үч ага-ини киши эле. Токтонаалы, Акматаалы, Сейтаалы. Токтонаалы атабыздан эки кыз бар. Сейтаалынын уулумун, анын дагы бир кызы бар. Мен үчөөнүн тең колунда болдум. Акматаалы атабыз баланын үнүн укпай, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон. «Байкуш көзү ачык кетти, арбагы ыраазы болсун» – деп, берки аталарым Ак-

матаалы атама мени каттатып койгон. Кудая тобо, менин балдарым да ушул атта.

Шартка жараша тааныбас тараптан бала багып алуулар болуп жатат. Мында андай адамдардын боорукердик сезимин баалообуз зарыл.

АШАР. Биргелешип бир жумуштун аягына чыгуу. Мисалы, үй салууда, дубалын көтөрүүдө, кышын куюуда, аны кыноодо, үйдүн үстүн жабууда, шыбоодо, актоодо, сырдоодо, мал кыркууда, кош айдоодо, чөп чабууда, эгин оруп-жыюуда, элибиз жапатырмак жардамга келишкен. Ал эми элдик көркөм кол өнөрчүлүктө: килем токууда, чий чырмоодо, өрмөк согууда, кереге көктөөдө чебер адамдардын биргелешип, бир асыл буюмду жапа бүтүрүү салты. Ал мүмкүнчүлүгүнө карата бардык убакта чакырылат да, бул биргелешип узануунун – узануунун, жардам берүүнүн сонун үлгүлөрүнөн болот.

Ашар иштин арымын аябай тездеткен. Мында устаттар-нускоочулар: байбичелер, куттуу карыялар, үйрөнгүчтөргө жол таалим-тарбия көрсөтүп турушат. Ашарга келгендерди үй ээси мал союп, жаңы дасторкон менен жакшынакай күтүнүп алат. Мындан ары мындай асыл салттарды өнүктүрүүбүз зарыл.

САДАГА ЧАБУУ. Бул – адамдын алтын башынын алыстан, кан майдандан, кандайдыр бир кырсыктан, кудай жолунан аман келгенинин, эл-журтун көргөнүнүн шарттуу белгиси катары улакты мууздап, өпкө-жүрөгүн дароо сууруп, башынан ырымдап тегеретүү, кудайга жалынуу, үйдөгү сүйүнүч, ыраазылык, адамды урматтоочулук. Бул үрп-адаттын мааниси терең.

АКСАРБАШЫЛ АЙТУУ. Жүрөк сезген кырсыкты алдын ала болтурбай коюуга жасалган далбас. Кудайдан шыбага күтүү үчүн айтылган өтүнүч. «Ээ, кудай аксарбашыл» деген сөздүн артында, ушул кырсыктан аман калса, кой соём, кан чыгарам, түлөө өткөрөм (аксарбашыл – башы

сары ак кой соём) деген маанини билдирет. Албетте, «сактансаң сактайм» деген Кудай-Тааланын шерти бар.

БАШТАҢ. Ата-энелери жок кездерде айыл ичиндеги кыз-келиндердин биригип, тамак-аш жасап жеши. Мында бирөөсү унун, экинчиси этин, башкасы майын, тузун, айтор, эмне жасамакчы болушса, ар кими алына жараша чыгарып, самаганын жасоо. Баштаңып жатканда кирген адамды «саламчы» деп, ага да тамак беришет. Бул жөрөлгө «Байдын жалгыз кызысың, баштаң, байдын эрке келинисиң, баштаңбайсыңбы» өңдүү оюн-чынынан ушундай айтылганда аларга үлүш көбүрөөк ыйгарылган. Бардар адамдар алардын илебин суутпай, кымызы менен козу-улак союп, бозосу менен согум этин салып, коноктой турган.

КЫЯ ӨТПӨӨ, Алдынан кыя өтпөө... Бул – адептүүлүк, жолдон чыккан адамын, улуулугун, кадыр-баркын сыйлоо, өзүнүн маданияттуу жүрүш-турушун өзгөлөрдүн арасында сыйлоо, ким экенин туюндуруу. Албетте, илгери мындай адепке көпчүлүк көз салып, отурган жерде: «Ээ, балдарым, улуулардын, урматтуулардын алдынан кыя өтпөгүлө, салам бергиле, өтүп кетмейин токтоп тургула» – деп, балабакыраларга айта, үйрөтө жүрүүчү. Ал адам да астыртан баалап, ичи жылып туруучу. «Жакшы атанын баласы» деген сыпаттоо мына ушундан эле.

Илгери сыртта, айыл ичинде эр кишилер жүрсө, ошолордун көзүнчө үйдөн чыгып, ийменбей кашкая басып, кабакка барып, заара ушатуучу эмес. «Апий, эшикте эл жүрөт» – деп, кайра үйүнө кире качуучу. Мына, адеп, абийир.

Бүгүн бул адат тыптыйпыл жоюлду. Айыл ичинде деле капарыбызга албайбыз. Улуу-кичүүлөрдү элес албайбыз. Эстерине да салбайбыз...

ДАЛЫСЫН САЛБОО (далысын тосуу). Бул — адептүүлүктүн бир түрү. Улуу-кичүүлөрдү, же урматтуу адамдарга өз жүзү аркылуу сый көрсөтүү жөрөлгөсү. Далысын салуу — далысын тосуу жактырбоонун, теңсинбөөнүн бел-

гиси катары каралып, ал адам өзүнүн маданиятсыздыгын баамдатат. «Ал далысын салып отурду», «Түгөнгүр, далысын көрсөтүп отурду», «Далысын тоскон бойдон аттанды»... өңдүү сөздөр айтыла турган.

Азыркы жаштарыбыз мындай адептүүлүктөн арабөк калышты. Аны билип туруп, кээде «Иним; кызым, далыңды салбай отурчу» деп, мүмкүн катар ара-чолодо мунун чоо-жайын алдыртан түшүндүрө коёбуз. Көбүбүз өзүбүз да буга оңчулуктуу түшүнбөйбүз. Бүгүнкү шартка тогоп, «айтса не, айтпаса не» деп, капарга албайбыз.

ДИНГЕ МОЮН СУНУУ – КАРЫЛЫККА БАШ КОЮУ. Бул — көбүнчө жашап калган адамдардын Алла Тааланын амирине баш буруп, ниетине чаап, ыклас ыйманын бек тутууга карата аракети. Ага далалаттануусу. Жүрүм-турумун эми такыба сезүүсү. Үлгү көрсөтүүчү жагдайларга жетишүүсү. Ыпылас, ырыс кыркаар иштерден өзүн оолак кармоосу. Диндин өкүлү катары сезүүсү. Мында чачы алынат, мурут-сакал койдурат. Аларды өстүрбөй, өз учурунда кырдырып турат. Мүмкүн катар чепкен, кемсел, бешмант, кепич-маасы киет. Абалы намаз үйрөнөт, жол-жоболору боюнча беш убак намазга жыгылат. Жайдамазы, кумганы сөзсүз болушу зарыл. Намаз жумага барат. Өзүн таза тутат. Ичкилик, уурулук, ушак-айың жана башка шайкелең тараптан кол үзөт. Басса-турса келме келтирет. Кийиңкилерин оң жолго үндөйт. «Ал беш убак намазын үзбөйт», «Орозо кармайт», «Асан чакырат», «Балдарды сүннөткө отургузат», «Өйдө-төмөн жүрчү эле, эми минтип...» өңдүү сөздөргө эгедер болот.

«Оо, кудай төбөңөн тийгир, Пайгамбар жашына барды, калжактабай, карылыкка моюн сунса боло». Албетте, мындай сөздөр да айыл ичинде арбын угулат.

ТИК КАРАБОО – ИЙМЕНҮҮ. Бул – улууларды, урматтууларды кичүүлөрдүн ызаттоосунун бир белгиси. Алардын көзүнчө ийменип туруусу. Албетте, мындай касиет улуулардын, уяттуу адамдардын жылуу сезиминде

калууларына арзыйт. «Ал анын алдында тик карабайт», «уят-сыйытын катып отурат» сымал сыпаттоолор илгери боло турган. Улуулар кичүүлөрдү алдыртан баамдоочу, баалоочу.

Же «Каапырдын көзүндө огу бар», «Кызыр калган бээдей чакчаңдап», «Кандан-бектен тартынбайт», «Ийменип койбойт» дегенди көп угабыз.

Адеп-ыйманды эл жаратат. Муундар алмашып, замандар тогошкон сайын мындай касиеттер кыргыз Атадан качып баратат. Максат – буга да көңүл бөлүүбүз абзел.

УЯТ-СЫЙЫТТЫ САКТОО. Уялуу – уят-сыйытты сактоо адеп. Уяңдык сапат. Ал жаштардын, т. а. улан-кыздардын сылыктыгын көрсөтөт. «Кыздай жигит», «Жибектей созулган жигит» мындай сыпаттоолор адамга жакшы ниет калтырат. Мунун тик карабоо, ийменүү өңдүү сапаттардан айырмасы да, окшош жагдайы да бар. Экөө тең улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо белгилерин билдирет. «Каапыр, шыпты кашка», «Уулдан уят, кыздан кылык кетти», «ичке үндүү адамдын кубаты жок, жоон үндүү аялдын уяты жок» (Калыгул), «Бети кызарып койбойт», «Талтаңдап турат», «Уулду тууйт, уятын туубайт, кызды тууйт кылыгын туубайт» (макал) ...

Албетте, сынакей журтчулук өзүлөрү эле калыс бааларын берет, Электен өткөрүп коёт.

ЖҮЗ КӨРҮШҮҮ – УЧУРАШУУ. Бул – саламдашуунун бир түрү. Адатта, мусулманчылыкта эки колду кичүүсү улуусуна биринчи алакан жая сунуу. Шабандуу кол алышуу. Кучакташып көрүшүү. Колунан, бетинен, оозунан өбүшүү, чыканактан кармашуу. «Атсалоом алейкум», «алекума атсалам», «арбаңыз», «бар болуңуз», «эсен-аман жүрөсүзбү», «бала-бакыра, мал-баш эсенби», «калайык калк тынчпы...» сыяктуу сөздөр суроо-жооп катары айтылат. Бул адат «кол берүүгө» окшош болгону менен мындан өбүшүүлөрдө, ал-жайды сурашууларда бир аз айырмачылыктар билинет.

Жүз көрүшүү – жакын, асылкеч адамдардын зыйнаты. Бир колун чөнтөккө коюп, бир колун сунуу, баланын, атакыздын ооздон өбүшүүлөрү, деле дайыны жок өбүшүүлөр адамга аброй алып келбейт. Мындай жышаандар кийин чыккандай туюлат.

СӨЗГӨ ЖЫГУУ. «Күрөштөн жыгылса турат, сөздөн жыгылса турбайт» «Эр жигиттин сөзү өлгүчө, өзү өлсүн» (макал). Бул – адептүүлүктүн, ички маданияттуулуктун бир белгиси. Кеп-сөз кунун адамча баалай билүү. Акыйкаттуулуктун эр даңазасын айра таанып, ага адилет мамиле кылуу. Ак сөзгө жыгылып калуу парзыбыз. Муну сөзгө сынуунун окшоштугу менен таптакыр айырбаштай албайбыз. Анткени менен тереңинде кеп сөз кунун баалоо бар.

Сөзгө сынуу – болгон чындык окуяны моюнга коё билүүсү. Албетте, булар бирин-бири толуктайт. Мындай сапаттар илгеркилерге бөтөнчө таандык эле. Кийин сөзгө моюн бербей, «жажалашып айтышуу, кеп ызаатын, сөз кунун баалабай, маңызсыз талаш-тартыш өнөкөтүнө айлантуулар арбындай... Андайлар «кеп жебестер» деп аталат.

ЧАЧПАГЫН КӨТӨРҮҮ. Бул да жакшы салт. Аттуубаштуу адамдардын кадыр-баркын көтөрүү, (чачпак – зайыптардын чачка тагуучу асем жасалгасы) өтмө мааниде «чачпагын көтөрүп келдим»... өңдүү айтылат. Жөнөкөйрөөк түшүндүргөндө ошол урматтуу адамды ээрчий келип, ал көргөн урмат-сыйын кошо көрүшүү. Анын мартабасын ого бетер арттыруу. «Мен тим эле өзүнчө ээрчип келдим» деп тике айталбай «кадырмандын чачпагын көтөрүп келдим» – деген сөздүн өзүндө зор туюнтма бар. Мында ынтымак-ырыстын, баш кошкондуктун ырааттуу белгилери айтпасак деле баамдалып турат.

КАДЫР ТУТУУ. Бул – адамдардын өз ара баркын көтөрүшүү. Бири-бирин сыйлашуу дымагы. Кадыр-барктуу адамдын айткандарын ылам дебей аткаруу сапаттары. Ошондой эле, төтөн, кичүүлөрдүн таасирдүү адамды арка-

бел байлоо, аны менен кеп-кеңешип, айткандарын эп көрүү.

Мунун экинчи түшүнүгү – кадыр салуу. Ичтен өзүнүн баркын баалоо. «Ал аны кадырлайт», «Айтканын эки кылбайт», «Кадырын салып атып алган», «Менин кадыр туткан кишим», «Атайын кадырын салып барды эле», «Ошол кадыр-баркты билип коюптурбу?..» «Жакшылар жакынды өзүм, алысты жатым» – дебейт, өз баркын билгендер баарыга бирдей болот. Ушундай түшүнүктөр аркылуу элибиздин баркка-наркка жете жүрүүдөгү даанышмандыгын туябыз.

СООП ТИЛӨӨ. Адамгерчиликтин бир түрү. Бирөөлөрдүн керегине жароо. Бей-бечараларга колдон келишинче карашуу. Аны нарк билгендик кылып, катарга ала жүрүү. «Элдүү түлкү ачка өлбөйт». Айыл маанектеген жону жукаларга тамак-аш, эгин-тегин берүү. Кийим-кечектеринин эски-ускуларынан чечип кийгизүү. «Кедейлик кемтик эмес» деп, аны эрээн-төрөөн көрбөй алуусу, ичүүсү, кийүүсү.

«Куур тондун ичинде, куурасын жигит өлбөсүн: Тери тондун ичинде, тердесин жигит өлбөсүн» – Ушундай ич ара жардамдаш – соопко калуу түшүнүгүн пайда кылган.

Кийин бирөөнүн тамагын аңдыйт деген эмне?», «Бирөөнүн эски-ускуларын киет деген эмне?» өңдүү текеберчилик да болду. Бул тилемчиликтен айырмаланат. Биз учкай айткан соопчулук, соопко калуу, сообун алуу, сообун тийгизүү кыргызда абалтан болуп келген. Мындан «Биз жармач кезде жардамы тийген, соопко калган. Ушулардын аркасы менен тирденип кеткенбиз...» өңдүү кайтарымдары да болот.

УСТУКАН СУНУУ. Бул – кыргыздарда абалтан калган салттардын бири. Мында табакка кошулган улуулар алган устуканын жарым-жартылайын сыйда жеп, калганын анча жылаңачтап жибербей, бирөөлөргө (адатта, кичүүлөргө, келин-кесектерге) берүүсү. Устуканды (жилик, кабырга, омуртка, куймулчак, жамбаш ж. б.) сунаары менен илбе-

риңки алат, ал ыраазычылыгын ичтен-сырттан билдирет. Ооз тие баштайт. «Ме, балам, мендей алпылдаган абышка бол», «Ме, келиним, мендей байбиче бол», «Бул устуканды уулуңа, кызыңа ала бар» сымал сөздөр айтылат. Атайын устукан жеш үчүн конокко баруучу көздөй адамын балдар ээрчип да алат. Ал устуканды алып жеп, калгандарын үйүнө ала келет. «Устукан алып келет» – деп үйдө үмүттөнүүчүлөр да болот. «Ач өзөк неме устукан берүүгө жарабады», «Баламдын шаабайын суутуп...» дечүүлөр да бар. Бир учурда балдарга устукан сунсаң, «шык» этип калган. Жейсиңби, жебейсиңби сунган колду суутпай, алышың керек.

Конок табагынын касиети бар. «Жетөөнүн бирөө кыдыр» дегендей алар сунган устуканы менен кошо батасын берип жатпайбы?!

АЖААТ АЧУУ. Бул – зарылып турган адамдын керегине жароо, анын башына түшкөн кыйынчылыктан куткара туруу. Ажаат ачууга ошол адамдын карызын төлөө, ажаатчыл береселерин көздөө. Же аласасын ал адам кечип жиберүү, карыз бирдеме берүү, кириптер адамдын башын бошотууга жардамдашуу сымалдар мисал боло алат. Андайлар тууралуу «Ажаатчыл адам», «Ал жок дебейт», «Ал ажаатка жок» өндүү жөрөлгөлүү сөздөр айтылат. Ажаат ачкандар – элдик адамдар. Айыл ичи мындайлар менен сыймыктанат.

БАТА ЖАҢЫРТУУ. Кудалардын кайрадан куда болуу жөрөлгөсү. Сыр билги куда-сөөктөрдүн аксакалдары жолдугун жасап, болочок колуктуга батасын берүүсү. Демек, жаңыртып бата кылууда «мурун мындай элек, эскилердин көзү өтүүдө, араларыбыз ачылбасын, жөрөлгө кийинкилерге сакталсын. Кайрадан кудалашалы» сыяктуу максаттарды аркалайт. Ушундан улам жээн-таякелери, карын бөлөлөрү, ата-бабаларынан бери салт-санааны бек сактаган асылкечтери бири-бирине кыз беришип, кыз алышып, мындай аракеттер ырыс-ынтымагын өөрчүткөн.

МУРАС КАЛТЫРУУ – МУРАСКЕРИ. Бул – атадан калган байлыктан (мал-мүлктөн) балдарына, жакындарына үлүштүрүлүшү. Көзү өткөн ата-энелердин, жесирдин мал-мүлкүн жакындары ич ара калыс кармап, шарттарына карата, жакындыгына жараша, улуулата балдары (кыздары да) бөлүшүп алуу. Жаш жетимдер мал-мүлкү менен жакындарынын колуна өткөн учур да болот. Мында эс тартып, мал-башка ээлик болгуча ошол жакын туугандарынын көзөмөлдүгүндө жүрөт. Туугандыктын шарты боюнча жетим-жесирине элибиз өтө кайрымдуулуктун чегине жетүүчү. Айталы, жесир эри өлгөндөн кийин жакын туугандарына (кайнисиби, кайын агасыбы) жеңе зайыптыкка же келин зайыптыкка моюн сунбай, тийбей башка бирөөлөргө кеткиси келсе, мал мүлксүз, балдарысыз «керегенин көзүнөн өтүп, коколой кара башы гана кеткен. Анын бир мааниси, «чыгыштык кылып кетти», «аттап кетти» болуп түшүндүрүлгөн.

Адатта, жетим-жесирин башка элге-жерге тентитип койбоо намысы элибизде күкүрттөй күчтүү эле. Төркүнүнө башы ачылып, же чыгыштык кылып кеткен жесир-жетимдер чанда чыккан. Баары бир бала өз элин, өз төркүнүн тапкан. Мындан «жээн эл болбойт, желке тон болбойт» – деген макал чыкканы белгилүү.

ЭН САЛУУ – ТАМГА БАСУУ. Бул – ар бир адамдын өз малын таанып жүрүүгө шарттуу, кулакка жасалган белгиси. Мисалы, оң же сол кулакка шара тилик, оң кулактын алды-артынан, алдынан оюк, сол кулактын алды-артынан оюк, оң кулактын, сол кулактын алды-артынан кыйык, кулак учу, кулак ортосунан, кулак түбүнөн кыйык, кулак жара тилик, оң-сол кулактардын ортосунан көзөнөк сымал белгилер – эндер уруу, урук айыл ичинде өз малын таанып алууга ойдогудай мүмкүнчүлүгү бар. «Эмне эни бар», «энин айтчы», «ушундай эни бар мал жүрөт», «биздин айылдын малы эмес»... Эл ич ара бири-биринин энин таанышкан. Ансыз малы миңдеген байлар менчигин таанып

калуу, албетте, кыйынга турган. Эндин бир гана кулакта болушунун себеби, анда жүн өспөйт, кырылып калбайт, дайыма көрүнүп турат. Эн салууга тилгенде, кескенде кулак анча ооруксунбайт. Ырбап да кетпейт. Малга эн салуу амалын арбын күткөн кыргыз элинде байыртан бабалардан келе жаткан салт экени белгилүү.

Өзүмдүк малды менчиктеп калуунун экинчи белгиси – тамга басуу. Мунун «орок тамга», «ай тамга» (Акыны болуп саналам, ай тамгалуу солтонун» (Шаршен), «чырак тамга», «кылыч тамга», «кайчы тамга», «кыйык тамга» сыяктуулар уруулардын мал башын таануда башынан шарттуу болгон. (Жети-Өгүз районунун Тамга айылынын өзүнчө тарыхый маалыматы бар. Эр Табылдынын калмактар менен болгон чабуулунда алардын жылкыларын Тосордон тосуп, Тамгага токтотуп, сандарына тамга салган дешет). Ушундай жагдайлардан улам элде «сарбагыштардын тамгасы», «Жоргодо моңолдордун белгиси жүрөт», «Солтодон келген ат тура», «Бугудан ооп келген мал экен» өндүү тааныш-билүү ылаажылары да болгон.

Колхоз-совхоз уюшулган шартта ортолук жана мамлекеттик менчикти таануу үчүн мында бодо малга (жылкы, уй, топоз, төө) тамга басыла баштады. Совхоздун номери (мисалы, №53, 64, 113), колхоздун баш тамгасы аркылуу тааныла башталды.

Азыр менчик малга – жандыкка эн салуу барбы, жокпу? Боёктон белги коюлат.

СОГУМ СОЮУ. Бул – мал союу салты. Төтөн, бодо союуну туюндурат.

Согум союлуучу малды даярдоо. Анын бир түрү – кышта желүүчү эт-согум. Анан атайын согум союу – бирөөлөргө берилүүчү эт. Адатта, суук түшкөндө, эт-аш жакшы сакталган чакта (ноябрь-декабрь), кой жону, уй кому, жылкы жалы, төө өркөчү менен турганда согум союу башталган. Батага аксакалдарды, байбичелерди чакырышкан. Абалы чай ичилген. Айрымдары согум сойдурууга бозо салып кү-

түнгөн. Үй ээси малга бата сурайт. Жигиттер шымаланып малды соё баштайт. Албетте, согум союу салты айрым аймактарда азыр да ушундай. Согум союп жаткан жерге келүүчүлөр: «согумуң чүйгүндүү болсун!» – дешкен. «Айтканың келсин!» – деп, жооп беришкен. Келин-кесектер болсо ичеги-карынын артышат.

Согум союш биргелешип аракет кылуунун мыкты үлгүлөрүнөн болуп саналат.

Илгери союлуучу жылкыны атайын, тээ ала жазда, куйрук-жалын кыркып (отоп), эркин семирүү үчүн өзүнчө чымын каккыс, шар суусу бар бетегелүү төрлөргө чыгарышкан. Жакага казысы эшилип, кызыл май кылбаш үчүн аны акырын айдап, же жетелеп түшө турган. Согумдук уйлар болсо өлөңдүү аралга чыгарылган. Деги согум малы ордунан козголбогон, өйдө-төмөн айдалуучу эмес.

Мурунтан кыргыздар үй-бүлөчүлүктө улууларды аябай урматтоочу. «Карыларыбызды кантип кышта томсортуп коёбуз, экөөнүн бирин соёлучу, эл катары казаныбыз кайнасын» – өңдүү адаттар болгон. Ошентип, согум союуда элибиз жоомарт эле. Кээлери ич ара: «Капырай, ушул тушта чычкан мурунун канатпай отурушат...», – дешип нааразы болушчу. Албетте, кышкы суукта жаш-карыяларга согум эти дем берген. Ошондой жайытта семирген жылкылар таман казы чыкчу, ичегиси жетпей калуучу. «Баланчанын согуму кандай экен?» – дешип, айыл ичинен ичеги иликтөөчү.

Согум союп бергендерге куурдак берилет. Касапчылар кечки конокко чакырылган. «Жылкы сойсоң – баса жаткын, уй сойсоң үч күнү үйдөн качкын», – дешкен. Кыдырып согум этин жешүү ошол жылкы сойгон күндөн башталган. Уйдун этине туз жалатылат. Ал үч күндөн кийин чыйралат.

Камдуулар жылкынын этин элге таратып, коюнун, төөсүнүн, топозунун, уюнун этин жазга сүрсүтүп, эттин даамын арттырган. Бул – адам кызыгып жегендей абалга

келтирилип, жегиликтүү кылуу. Сойгондо эле уйдун, топодун, койдун өз карынына сулп эттерин туздап, шыкап салып толтуруп коюу. Ал бышканда кызыл тарткан, ширеси артылган. «Узун сарыга» – чын куранга (апрелге) чейин сакталган. Мыкты ургаачылар казы-карта, жаяларды унга бөлөп, жайдын толугуна чейин саргектей сактаган. Согум убагында кыштата бозо салып, айылдаштар ич ара күтүнүп чакырышкан. Тамактын мазасын чыгарган. Азыр да сырт жерлеринде ушундай согумдар союлат. Айрым аймактарда согум союшат, бирок бири-бирин чакырышып, кастарлап, ыракат көрүүчүлүк, албетте, басаңдап баратат.

ЧАРА ТАБАК – кадырлуу табак. Мында сөз эт жасаган чоң табак тууралуу болуп жатат. Урматтуу коноктorго кой, тай бодо өндүүлөрдү сойгондо жез чараларга казы, карта, карын, жал карчыганын кабыргасы, омуртка жая сымалдарды үймөлөтүү, чүйгүндөп эт тартуу. Алар чоң чараларга (буурул чара деп аталат) этти дөбөлөтө тартышкан. Илгери тайпак табакка эт тартылуучу эмес.

ООЗ ТИЙГИЗҮҮ (кешик ооз тийгизүү, кешик берүү).

Бул – бир жактан (аш-тойлордон, же төркүн-төстөн, конок-аяктардан, куда-сөөктөрдөн ж. б.) келген тамак-ашты айыл-апага чакырып берүү. Ага тамак берүүчү дилгир. Кээде анын артында «ошончо кешиктен ооз тийгизгенге жарабады» – деген сөз да айтылат.

КАЗАН-АШТУУ. Бул – кең пейил, тапкан-ташыгандарын казанына салгандар. Казан-аягы майланышып, келдикеттилерге меймандос, жайган дасторкону берекелүүлөр. Кел бери адамдар. Аны, экинчиден, жайыл дасторкон деп атайбыз. Май казандын тескери мааниси – куу казан, казаны толо кайнабагандар...

ДААМ СЫЗДЫРУУ. «Бир даам таткан жерине, миң курдай салам бер» (Накыл).

Бул – тамак-аш ооз тийгиздирүү, колдо барын алдына коюу. Кыргыздар көчмөндүү калк эле. Алар ат жалын

ыйык сезишкен. Үйгө кирсе, үйдүн жанында ат үстүндө турса, «даам ооз тийгиле, нан ооз тийгиле» дешибиз парз. Аттан түшүрбөй, даам, айран, сүт, жарма алып чыгып, ага сунуубуз. Ал идишти ат жалына тийгизип, ооз тийүүчү, ичүүчү.

Айыл аралай каркыралуу көч өтүүчү. Айыл адамдары алдын тосо даамдарын белендеп туруучу. «Суусап келе жатышат», – дешчү. Демек, алар суусундук менен узатуучу.

Азыр деле мындай ырасми бар. «Даам таткыла, шашылбасаңар тамак ичип кеткиле», «Чай-чуй ичкиле», «Жок дегенде нан ооз тийгиле» – дейбиз. Шартка байланыштуу «шашып турабыз, шашпай келээрбиз», «Нан ооз тийүүгө убакыт жок» – деп коюшат. Арийне, мындай мамилелерден улам бара-бара эл ичинде даам ооз тийгизүү солгундап барууда. «Ой, алар шашып жүрүшөт, убара болбогула» – дейбиз.

ТАБАК ТҮП. Бул – нарын (майда тууралган чыктуу эт) желип бүткөндөн кийин, адатта, чыгын (тууралган эттин ширеси) кесеге куюп, улуулата ирээти менен ururташат да, түбүнө чокчойтуп, табак түп коюшат. Аны эт тарткандар, казан-аяк кармагандар жешкен.

Табак түбүн жеш – кешик ичүүнүн бир түрү. Табак түп менен кошо улуулар батасын берет. Кээде табакты эт жегичтер жалагандай кылган. Ал эт жеш маданиятына коошпойт. Табакты тегеретип жиберген учурлар да болот. Албетте, бул – олдоксондук. Эт желбей, табак титиреп келип, титиреп кеткен кездери да бар. Мында табак түп тууралуу ойго эчтеке келбейт.

Табак түп калтыруу – салтыбыз. Улуулардын түбүн кичүүлөрү сонун көрүп ичкилери келишет. Муну эстей жүрүшүбүз керек.

УЮШМА (олтуруш) – адамдардын ич ара каражат чыгарып, дасторкондош болуп, тамак-аш ичүүлөрү, көңүл ачуулары. Уюшма ынтымакты чыңайт. Майрамдарда ж.б. эс алуу күндөрүндө мындай отуруштар көп болуп, сырлар

чечилип, шайырлар чыгып, маданияттуу эс алууга шарттар түзүлгөн. Биз мунун нукуралыгын сактообуз керек. Уюшма «шерине», «деңгене», «жоро» өндүүлөрдү алмаштырат.

ШЫРАЛГА.

«Кайраным, Калы мергеним,
Тоодон теке тергеним.
«Шыралга» – деп келгенге,
Шыйрагын кеспей бергеним».
(Калы мергендин аялынын кошогу)

Бул – кайберендердин (бугу-марал, эчки-теке, аркаркулжа, элик-телки) этин айыл ичине таратып берүү. Мерген кийик атып келгенде, ага айыл ичи «шыралга» деп барышат. Аларга этти жиликтеп карматат. Ошон үчүн «кайберендин эти шор келет» – дешет. Себеби, ал согум катары эсептелбей, көпчүлүктүн ырыскысы болуп, талакейге түшүп кеткен.

Сентябрь, октябрь, ноябрь айларында кайберендердин семирип турган учуру болот. Ошол тапта көккарчыга болуп, майынын даамы артылат. Негизи кийиктин жилик эттери кара кесек көрүнөт. Анын баасы-наркы майга чекмелей куурдак куурулуп жегенде баамдалат.

Бүгүн кайберендер абдан суюлуп кеткен. Ага өзүбүз күнөөлүүбүз. Биз аларды учурунда байкоосуздан аябай кырып таштаганбыз.

КОЛ КЕСЕР. Бул – бодо мал (төө, жылкы, уй, топоз) сойгон касапчыга (малды мыкты сойгон, бат сойгон, таза сойгон адам), ичеги-карын арткан аялдарга мал ээсинин ошол сойгон малдын этинен чөп башылап бергени. Адатта, мисалы, бодону төрт адам соёт, төрт аял ичеги-карынды артат. Эркектердин кол кесери жетим арка, моюн, боор эттен болот. Аялдарга, төтөн, жылкынын тазкарды, көтөн картасы, уйдун чөйчөк карды, тогуз каты, карыны мүнөздүү келет. Көтөн картаны айрым касапчылар өтө кыска чыга-

рып коюп, арткан келин-кесектерге «колу кууш» аталган үй ээси уят болот. «Көтөн картаны узун чыгаргыла» – деп турган. Азыркы жаштар муну шашып сойгондо түбүнөн кесип да ташташат. Көтөн кол кесер алган келиндердин кичүүсүнө ыйгарылат. («Көтөн» деген тамак бар, көөмп коюп өзү жейт, «жумур» деген тамак бар, жууп коюп өзү жейт, мына кызыңдын көзү» – деп, күйөөсү кайын энесине айткан имиш).

ШОРПО-ШИЛЕҢ ИЧҮҮ.

«Түрдүү көчөт гүлү бар,
Килеми сонун кыргыздын.
Элге берген дасторкон,
Шилээңи сонун кыргыздын».

(Эл ыры)

«Шорпо» бизче сорпо, «шилең» калмакча шорпо.

Кыргыз Ата дасторкону эттүү тамактары аркылуу көрктөнөт. «Сорпо-шилең ичип кеткиле» деген – бул «тамак-аш татып кеткиле» – дегени. Бышыкчылыктуу аймактарда, баамдоолорго жана улуулардан уккандарга караганда (М: Кара-Буура, Аксы, Чаткал, Ала-Бука, Кетмен-Төбө ж. б.), бирөөлөр коногуна жандык сойсо, кошуна-колоңдун бала-бакыралары коюндарына токочун ката барышып, сорпо куйдуруп, токочун туурап жеп, «сорпо-шилең ичип келдик» – деп, кадимкидей эт жегендей канаат алып кайта турган. Албетте, аны менен кошо кичине кесим эт да берилет дечи.

ЖЕР ШАРТЫНА КАРАТА АЗЫК-ТҮЛҮК АНЫКТАЛАТ. Илгери кийин деле карылар жердин, суунун, андагы беш түлүктүн (төө, жылкы, уй, топоз, кой-эчки) бөтөнчөлүктөрүн даана баамдай келишкен. Ар аймактын оту-чөбү, карагай-чери аба ырайына шартташкан. Ошого карата азык-түлүктөрү айкындалат.

Албетте, сырт жерлери бетеге-тулаңдуу келип, климаты өзгөрүлмөлүү болот. Кышы узак, жайы, жазы, күзү

кыска болгондуктан, ошого карата малы-жаны ысыкка чыдамсыз, ал эми ысык жердин малы-жаны суукка чыдамсыз. Демек, адамдардын жашоо-тиричиликтери ошого оңтойлошуп, ар кимдин жери өзүнө мисир делет. Мисалы, ар кайсы жердин жер-жемиши, мөмөсү, кыскасы, эккен эгини, семирген малы ич ара тергелип турат. Муну жер шарты деп коёбуз. Бул жагынан ошол аймактын каада-салтын, үрп-адатын акыйкаттап, ырым-жырымдарын аныктайт. Айырмачылыктарын билдирет. Негизги элдик дөөлөттөрүбүз жалпысынан бирдиктүүлүктү сактайт. Кайсы жердин малынын эти, кымызы, наны, бозосу өңдүү суроолор коюлат. Ал турсун, бир айылдагы адамдардын тамактары да эсте калат. Мисалы, кымызды көрөңгүлөткөн, бозону кордогон элдер таанымал болот. Анткени ал тамактар – элдик тамактар. Көпчүлүктүн көңүлүндө. Ага эңсөөлөр, суусоолор пайда болот. Мындай суусундуктар ата-бабадан калган даам катары бааланып, байбичелерден бери эске түшөт. Барктalып, «Апал кармаган сабаа», «Айбарчын ачыткан бозо», «Акмат семирткен мал» сымал атоолор келип чыгат. Карылар кайсы жайлоолордо жайылган малы, кымызы, кай жердин бозосу экендигин таанып коёт.

КЫМЫЗ ИЧҮҮ ШАРТЫ. «Тоолуу жерде токой бар. Токойлуу жерде кыргыз бар, кыргыз бар жерде кымыз бар. Эти – жанга, кымыз – канга» – деп айтылат.

Кымыз – атадан калган тамак.

Кыргыз, кымыз, ак калпак – үч эм айтылат, т. а. бир тутам каралат.

Адатта, чын куранда (апрель айы) чыңыртып бээ байлаган. Учурунда мезгил ошого шартташкан. Кулун эненин ууз сүтүнө тоюнуп, оюн салып топуккан учурда казык кагылат. Эшме нокто катылат. Тогоосу менен желедеги илмекке кыстарылат. Көнө элек кулун туйлайт. Демек, кулун чыңырат. Энеси баласына каралап кишенейт. Анан көнөт.

УУЗ КЫМЫЗ – он, он беш күндөгү ачытылган сүт. Ал көрөңгөлөйт. Анан эл чакырып, ал кымызды берет. Бул «Саба бузуу» деп аталат.

Кыргыздар үркөр чыкканга дейре ачытылган кымызды жагымдуу, ар адамга дабагер катары көрөт. Үркөр чыккандагы кымызды айрым жанга анча жагымсыз, «сөөктөтөт» дешет. Жердин шартына карата кымыздын аш болумдуулугу артылат. Чөп бышканда кымыз кызгылт тартып, күчтүү келип, 5-7° адамдын денесине таасир этет. Илгери кымыздын тунмасынан ичимдик тарткан. Ал адабиятта «архат» деп аталган. Муну илгерки ири байлар, бийлер, өкүлзарлар, «журт жакшылары» элден бөтөнчө болуп, жашоо рахатын-урматын билдирүү үчүн ичишкен.

Кымыз – жайлоо тамагы. Кадимкидей көрөңгө уулашып, топтошуп салт атчан бастырып, улуулар жол баштап, желелүү жерге түшүшүп... Жаштары аттан алышып.. Үйгө кирүүгө эшик ачышып... Үй мүйүз тарта отурушуп... Улуулата чыны сунулуп... Абалы ууртап, даамын татып... Эшикке шырдак, ала кийиз, төшөк, көлдөлөң салып... Таза абада кымызды көөкөр, кол чаначтан куйдуруп коюшуп, санжыра чечүүлөрү болгон.

Кымыз сабадан көнөккө куюлат. Андан чорголуу көөкөргө куюлат. Чакан көөкөргө чака кымыз сыят. Талаа түстөрдө, сапарда кол чаначтын оозунан да ичүүчү. Албетте, анда идиштерин ала жүрүүчү.

Кымыз кырма аяктарга (кесе, жыгачтан чабылган чоң кер аяк) куюлат. Балдар үчүн кырма чөйчөктөр чабылган. Кымыз – батымдуу, сиңимдүү суусундук. Адам ичкен сайын сиңимдүүлүгү артылат. Дене уламдан улам демеп турат. Кан тамыр чыңалып чыгат. Кымызды мелдешип ичүүлөр бар. Кымызкорлор (кымызга тойбогондор) болот.

Кымыз ысылык тилетет. Эттүү тамакты талап кылат. Бейкут заманда «кымыз ысылык тилеткенде, кийиктин этинен чөлмөктөлгөн куурдакка тоюп бир уктасаң, бир эли казы байлайсың» – дешчү экен.

Кымыз – жердин чөбү. Суусун элдики, желе турган жерден кыя өтпөй түшүп, суусуну канганча ичип, кол чаначына куйдуруп кетүү эрээн-төрөөн эмес. Меймандос кыргыздар ак аябаган. Сүттү, т. а. акты сатууга ниети барбаган.

Кымыз – жай тамагы. Сөөлөтү бар элибиз кымыз менен козунун этин бир бүтүм караган. Козу бышкан чакта кымыз күчүнө кирет. Козунун эти бышканча, кымыз ичип ичтейди чакырып отуруу шарт.

Шерине жеш – жай ыракаты. Мында козу союлат, кымыз ичилет. Чөп катып, жердин дыңы сууйт. Сүт муздап, бээ байый баштайт. Акыркы кымызды чогултат да, идишке куюп, чаптап коёт. Ал «шириге жыяр» деп аталат. Аны кыш мезгилинде ачып ичишет. Кичинекей кеп учугу – уй кымыз тууралуу. Бул, адатта, арча челекте, карагай челекте ачытылат. Уйдун каймакталган сүтүн жылытып, ага ачыткы кошот. Ал бууракандап көбүрүп-жабырып ачыйт. Буга талкан чалып ичиш шарт. Аш болумдуу тамак жана суусундук катары бааланат.

БОЗО ИЧҮҮ ШАРТЫ. Бул – кыргыздардын элдик суусундугу. (Бозо кандай даярдалат – ал тууралуу өзүнчө сөз). Угуттуу болгондуктан күчтүү бозодо 7-9 градус болот да, денеге таасир этет. Бозону өз өзүнчө салып ичишет.

Бозо – кыш тамагы. Эгин-тегин жыйылып, эл арасы өнөктүктөн кутулган чакта, күн сууктай баштаганда, бозо салуу учуру келет.

Бозо, согум – экөө бир бүтүмдү түзөт. Согум эти менен кыштата чакырышып, бозо ичүү элдин башынан өтүп келген нарк болуп саналат.

Бозо – көпчүлүктүн тамагы. Меймандос элибиз бозосун эч кимден аяган эмес. Чакырып берүү – көпчүлүктүн көңүлүн алуу. Кийин «жапма челек» чыкты. Ал – көпчүлүк адамдарга көрсөтпөй бозосун өзүнчө жакшы санаалаштары менен жабык ичүүсү, катып ичүүлөрү.

Бозо – жоро тамагы. Демек, «жоро ичүү» – бозону ичүү. Кордоп, күчүнө келтирип, топтошуп алып ичүү – абалтан элдик нарк. Албетте, мында сөзсүз согум эти салынат.

Бозо – ичтейди келтирүүчү, ысылык суроочу тамак. Сорпо-шилең ичүүнү талап этет. «Жүрөктү күйгүзөт». Бозону кырма аяктарга, чыныларга ичүүчү.

Бозо – ардактуу тамак. Той берүүдө, маараке белгилөөдө, куда тосууда, көпчүлүккө сый тамак берүүдө сөзсүз бозо салуу – ата-баба жөрөлгөсүн улантуу.

ТАМАКТЫН НУКУРАЛЫГЫ. Тоолуктар тамактын нукуралыгы үчүн төмөнкүдөй даамдарды куттуу дасторконго коюуну анча барк алышчу эмес. Аларга: пияз, калемпир, мурч, канаттуулардын эттери жана жумурткалары, картошка, капуста, сабиз, шалгам, кызылча ж. б. жашылча өсүмдүктөр, балыктар кирет.

Тоолуктарда тамакты бышырууда жердин шартына, чөптүн от майына, отундун табына жараша чийки азыктар ар кандай мөөнөттө бышкан. Т. а. пахта, кызылча, тамеки, апийим эгилүүчү аймактардын климаты бирдей эмес. Мисалы, Нарын бөксөлөрүндө, Чоң-Алай, Ак-Сай, Арпа, Чоң-Кошой, Ак-Шыйрак, Көк-Торпок, Солтон-Сары сымал сырт жерлерде, б. а. чымын каккыс жайлоолорунда семирген кой, бодо малдын эти 3-4 саатта бышат. Ал эми Чүй, Талас өрөөнүндө жарым саат, бир саат эрте, түштүктө андан да бат бышары белгилүү. Жаш малдын эти улам кайнаган сайын эзилет, картаң малдыкы, тескерисинче, катуулайт, каргыштанат. Суюктукка азык салганда, так өлчөм колдонулбайт. «Уучтап», «кочуштап», «табактап», «чынылап», «аяктап», «чөйчөктөп», «кашыктап» ж. б. өндүү өлчөмдөр гана болгон. Мында болжолдоо бар. Тамактын бышышын даамынан аныктаган. Суунун жылышы, кайнашы, суюк тамактардын бышышы бирдей эмес.

Тоолуктарда дасторкон, албетте, жерге жайылган. Четине малдаш токунуп отурган. Ургаачылар көбүнчө сыңар тизелеген. Бир бутту тизелеп, бир бутту тамандап отуруу

эркектерге мүнөздүү. Тамак-ашты тике туруп, бөйрөктү таянып, баш кийимди алып (тебетей, калпакты алса, топучан), ургаачылар жоолукчан (элечегин алса, ички такыячан), жеп-ичиш салттуулукту сактоо болуп саналат.

Суюк аштарды кашык аркылуу, адатта, кырма идиштерде (аяк, табак, чөйчөк ж. б.), чыны, чай чыны өндүү идиштерде ичишкен. Эт чара, табактарда тартылган. Ал жыгачтан жасалган. Бышырууда, аны жасап коюуда, устуканды улуулата берүүдө, кыскасы, тамак-аш ичип-жеште укмуштай адептүүлүк сакталган. Этти тиштеп-булкуп жебеген, чалчактап чайнабаган, ууртунан майын шорголотпогон. Устуканды чала мүлжүбөгөн, эт (нарын) майда, куш тилиндей тууралган. Чыктап, улуулардын алдына коюлган. Меймандан мурун колун ааарчып, чыга бербеген, сакал-мурутту майлабай, эт сыйда желген. Сыйлоо катары улуулар, коноктор ойдогудай тоюшу үчүн, беркилер табакка колун салып, алдыртан демөөр берип отурган.

ЖҮЗДӨШҮҮ. Бул – арзыган адамы менен жакшы ниетте, терең урматта көрүшүүсү. Ак дилде бири-бири менен пикир алуусу. Пикирдеш болуулары. Алардын белгилүү бир жерден күтүшүп, же күтүүсүз жолугуулары. Ошол маанилүү окуяларга ортоктош болуулары. Сыртынан бири-бирине азадар болуп, билип-туюп жүрүшүп, атайын бир максатта издеп баруулары, ой-тилеги ордунан чыгуулары.

Жүздөшүү – унутулгус таасир-тарбия алуулары. Бул жагымдуу салт ойдогудай улануулары зарыл.

ШЕРНЕ.

«Күлүк байлап кермеге,
Күрпөңдү союп шеринеге.
Күрдөөлдүү жайлоо Ак-Сайым
Гүлдөбөй турган жер беле».

(Казыбек)

Шерне – биргелешип отуруп сыйлуу тамак ичүү. Мунун үч түрүн билебиз.

Биринчиси, мисалы, малды кезек менен союп, чыпчыргасын калтырбай бышырып, табактарды тартып, жакшынакай мазасына келтире чогуу отуруп, жеп кетүү. Бул мырза шерне деп аталат.

Экинчиси, малдын этин түгөлү менен бышырып устукандап бөлүп, табак-табактарга салып, сорпо-шилеңдерин куюп, ар бири өз үйлөрүнө барып, бала-бакыралары, конок-кечелери менен отуруп, өз алдынча даам сызуу. Бул жасап кеткен шерне деп аталат.

Үчүнчү, төрт-алты адам кезектешип көбүнчө соолук койлордон союп, мүчөлөрүн чийкилей бөлүп кетүү.

Шерне – ынтымакташып даам татуунун жолу. Берекебейпилдиктин жөрөлгөсү.

ДЕҢГЕНЕ ЖЕШҮҮ.

«Иште десе ишти таштап коюшат,
Ичкиликти абдан ичип тоюшат.
Жайлай сааган бир эчкилүү кедейдин,
Бир улагын деңгенеге союшат».

(Осмонкул)

Бул – жандыкты белгилүү баага (эгингеби, акчагабы, кездемеби) көтөрмөлөп алып, аны бир жерге союп, бышырып, биргелешип отуруп тамактануу. Мында деңгенеге киргендер чектелген бааны тең чыгарышат. Кыргыздар муну козу бышканда, улак жаа бөйрөк болгон чакта, көбүнчө күздө жеше турган. Эрмен оттогон эчкинин, кыркылбаган улактын этинин дарылык касиетин элибиз баалап келген. Минтип, уюшуп даамдаш болуу элибиздин ынтымагын, салтты сактоосун баамдаткан.

ЖОРО ИЧҮҮ. Бул – кезмектешип, биргелешип кыдырып, кыштата бозо ичип, кышты ынтымакта өткөрүү. Ага катышкандарды жорокечтер дейт. Абалы угуту ойдогудай өндүрүлүп, шак тартылат. Ал ачыткы аркылуу челекке чыланат. Аны кайнатат, ачыганда кичине сүзүп алып, кайра кайнатылган шакты челектеги мурунку ачып жаткан

бозонун үстүнө дембе-дем куюп турат. Кайнатуу алдында казан майланат. Ушинтип, үч-төрт курдай кайнатылып, үстү-үстүнө кошулуп ачытылганы «кордолгон бозо» деп аталат. Ичимдүү жана сиңимдүү келгендиктен жорокечтер муну ичкенде ысылык (ысык эттүү тамак) талап кылышат.

Жорону көңүлдүү өткөрүү үчүн жоро бийи, жоро эрке баласы, жоро эшик агасы шайланат. (Мындай вазийпа мырза шерне жеште да болот).

Жоро бийи жоронун жүрүшүн төрдө отуруп башкарат. Акыл-кеңешин айтып турат.

Жоронун эрке баласы элдин эрмеги катары милдет аткарат. Ал кадимкидей эркелейт. Анын айткандарын беркилери сөзсүз аткарат. «Мага коён, кекилик, чил, түлкү кармап келип бергиле», «Менин алдымда куйкаланган керчөө турсун» сыяктуу тамашалуу шарттарды коёт. Албетте, анын көпчүлүгү сөзсүз аткарылат. Негизи, отуруштун көркүн ачууга багытталган талаптардан анча четке чыгып кетпей жоронун демин ого бетер жандандырат. Жоронун эрке баласы жоро бийдин оң катарында отурат. Алардын алдыларында чүйгүн тамактар болот.

Кийинчерээк жоро бийи, жоро эрке баласы өзүнүн жоросун тигилерден айырмалуу, тактап айтканда, эң мыктылап берүүгө аракеттенишет.

Эшик ага эшикке кирип-чыгуучуларды тейлейт. Ал жоро бийдин айткандарын так аткарат. Саламчыларды жоро бийсиз жоро үстүнө киргизбейт.

Албетте, жоро ичүүгө уяттуу адамдардан ээрчитип барууга болот. Аны урматтуу мейман катары жорочулар кабыл алышат. Кышында узун түндү кыскартууга, короожайга көз салууга, деле көңүл ачууга илгери бул оңтойлуу учур болгон.

Жородо сармерден башталат. Ал «жоро сармердени» деп айтылат. Отургандар ирээти-катары менен ырдашат. Мындай салт мырза шернеде да болот. Айтыштар болот, эркек-аялдар айтышат, ырчылар, комузчулар, чоорчулар

эрмек болуп берүүлөрү үчүн атайын чакыртылышы ыктымал. Жоронун күүсү менен сүрөөнгө алынат. Жоро ичүү, шерне жеш элдик таланттарды табат. Жаштардын сыр ачуулары ошондо болот. Элибиздин пейилин билдирет. Дасторкондун ынтымагын баамдатат.

ТҮЛӨӨ. «Түлөөсү түштөн, толгоосу үчтөн» (макал). Мунун 2-түшүнүгү кудайга, арбактарга, жер-суунун ээсине арнап мал союу. Түлөө – тилөө, тилек кылуу. Жараткандан, арбактардан жардам суроо. Мисалы, кургакчылыкка арнап түлөө берүү, күн өтө жаанчыл болсо, ага карата да түлөө берүү. Т. а. кудайдан жалбарып тиленүү азыр да аткарылып жатат. Ага аксарбашыл кой, уй, бир тобу биригип, бир чоң бодо союшкан. Демек, мында суусу шар аккан жер тандалат. Дөңсөө жер буга шарттуу көрүнөт. Ошентип, ошол жайга көпчүлүк малын жетелеп барышат. Кемегелер оюлат. Ич ара өнөктөшөт. Малды кыбыланы баштатып, жапырт алла-таалага жалбарып, акыйкаттык тилеп, алакан жайып, бата кылышат. Мал мууздалат. Казан асылат, эти кемегеде кайнайт. Эт желет. Кайрадан туруп, чуруддап, кайрадан бата тилешет. «Сыйынуу милдетинен кутулду» – болуп, жай-жайына тарап кетишет.

Түлөөгө бодо малды, жандыктарды, адал канаттууларды чалууга жарай берет. Албетте, мындай жагдай адамзат менен жаратылыштын ич-ара байланышы, сезүү таасирлери болуп саналат.

ДОС КҮТҮҮ – ДОСТОШУУ. Бул – көңүлү жакындардын бара-бара теңтуштуктан ашып, бири-бирине катыш жасоолору. Мындай шартта ой-пикирлеринин орток болуулары, жашоо-тиричиликте ортодон жел өткөрбөөлөрү. Алды-бердилерде абалдарын алдыдан баамдашып, жардамдашууга даяр туруулары. Достошуунун шартында алдыларына ат тартылат, үстүлөрүнө чепкен жабылат. Достошууда жорго, күлүк, аркалуу ат мингизсе, кайра анын чылбыр-боосуна – кыл куйрук (жылкы малы) жетелетилген. Дос болууга арзып жүргөндөр өзүнүн жолдугун жа-

соого атайын аттанып түшүүлөрү. Ал өзүнүн жол-жоболору менен узатуулары. Достордун эң мыктысы «Анттуу дос» делет. Т. а. бул үчүн шилекей алышат, чыбык кыркышат, чыпалактын канын сорушат. (Мындай жанбоого айрым аймактарда туз жалап, нан тиштеп да турушат). Болмушта мындай досторго мисалдар көп. «Курманбек» кенже эпосунда кыргыз Курманбек менен калмак Аккандын досчулугу – кийинкилер үчүн үлгү. Ушундан улам эл ынтымагы таш жарган досторду «Аккан достор» деп коюшат. Булар «Акыреттик достор» болуп саналат. «Досуңдун бергенинин тишин ачпа?» – дейт. Жакшы адамдар кол кармашса, алды-бердиге анча көңүл бурушпайт. Ошентип достошсо, баарына кайыл болушса, андай тыкыр болушпайт. «Дос» деп айтпоо керек. Айтса, анда күйүмдүү болуубуз тийиш.

Достуктун экинчи тарабы бар. «Дос айрылат, сөөк кайрылат». Жашоо-тиричиликте болоор-болбостон таарынышкан дос-тамырлар жолугат. Дос бергенин кайра алат. Б. а. бул достуктан жануу, доолашуу, бирин-бири калыс аркылуу доого жыгуу. Алыш-бериштерин эл алдында айтуу. Бетине чыгуулары.

«БАЯНДОС САЛЫП, ДОС КҮТҮҮ». Бул – жолго төшөлө турган кымбат баалуу кездемеден жасалган буюм. Дос – акыреттик жан жолдош. Илгеркилер «дос» деген сөздү жана достошууну ыйык сезүүчү. Азыркы биз дос дечүүлөрдү «тамыр» дешчү. Ошентип, баяндос эки тарабы 7 кулачтан (кадамдан) келип, ортодо ак кийиз жайылып турган. Достошуучулар эки тараптан ошол баяндос аркылуу ак кийизге дейре келип кучак жайып көрүшкөн. Бул – кыяматкайында ажырашпай, тирүүчүлүктө бир дөңдө, өлсө бир чуңкурга болуунун анты. Азыр килем жайып, аны менен бастырып жүрүшпөйбү.

ҮЗӨҢГҮ ЖОЛДОШ. Бул – жооого барса, бир барган, жоонун сырын бир чалган, тирүү болсо бир дөңдө, өлүү болсо бир чуңкурда болуп, жоокерчилик турмушту тең өткөргөн айбаттуу ата уулдары. Үзөңгү жолдош тең бастыр-

ганда үзөңгүлөрү кагышуудан пайда болот. Алсак, «Маназта» Алмамбет-Манас, Чубак-Сыргак, Канчоро-Күлчоро – үзөңгүлөштөр. Азыр асылкеч жолдоштору, курдаштарды, классташтарды, курсташтарды, досторду ат үстүндө үзөңгүлөштөр – деп жаңы маани берсе болот.

ТҮКҮРҮК БЕРИП ДОСТОШУУ (түкүрүк алышып достошуу). Бул – балдарга таандык адат. Төтөн, канаттуулардын балапандарын же өзүн кармап алса, албетте, аны асыроо кыйын. Көпчүлүк куштар тапка келбейт. Адамга моюн сунбайт. Адамда боорукердик сезимдер болот. Анын тумшугуна шилекейин тийгизип, багытын, чабытын берип учуруп жиберет. Мына ушул – «түкүрүк алышып достошуу». Албетте, бул экологияны коргоодо баланын дымагы болуп саналат.

ЧЫПАЛАК АЛЫП ДОСТОШУУ. «Чыпалак чын» – дейт. Ал – шерттешүүнүн бир түрү. Балдар деле, кээде улуулар деле достошуу салттарын жасоого ар кандай аракеттерди кылышат. Ич ара бул кааданы өткөрүү вазийпаларын жасагандан соң: мал берип, кийит берип, экөө тең оң колдорунун чыпалактарын чычайта келип, айкалыштырат. Калыс бирөөлөр «кесип» коёт. Ошентип, достошуп калышат. Чыпалак бирөөлөр үчүн күбөгө да өтөт.

СЫРДАШУУ. Бул – көңүлү сүйгөн адамына ой-пикирин тартынбай айтуу. Анын экинчи мааниси – баардашуу. Ичтеги бук-черди чыгаруу. Илгертен келе жаткан ырасмиде ал сырдашы – кыйбашы. «Анын сырын ошол билет», «Сырын андан бөлөккө айтпайт» – өндүү сөздөр бар. «Кыздын жакын жеңеси», «Сырдаш жеңеси»... Мында ак дилдеги сөздөрдүн төркүнү – ар бир адамды адамгерчиликке үндөө.

Сыр – жашыруун ой-пикир. Бирок, элибиз жалпы элдик сырга бекем болгон. Душмандарына бел алдырган, тап жылдырган эмес. Жолдун, көпүрөнүн, кечмеликтердин, жайлоо, капчыгай, заңги, зоолордун, тоолордун чоо-жа-

йын билдирүүчү эмес. Сыр ар адамдын өзүнүн өнө боюнда катылып, жакындарына да айтылчу эмес. Сыр ачылып калбаска назар таштalган. Көпчүлүк сырлар өз учурунда ачыкка чыга албай, өзү менен кошо көмүскөдө кеткен. «Ал сырга бек», «Сырын айтып коёт», же «Сырдаша келсең – билесиң», «сырды уурдап алгансып». Демек, сырдашуу – ошондой адамдарды табуу. Аны менен түбөлүк баардашуу. Жакшы салтта түйүндүү сырды, катуу жөрөлгөлөрүн сактап калуубуз керек.

АЖАТ АЧУУ. Бул – зарылып турган адамдын керегине жароосу, анын башына түшкөн кыйынчылыктан куткара туруусу. Ажат ачуу – адамдын карызын төлөө, ажатчыл береселерин көздөө. Же аласасын ал адам кечип жиберүү, карыз бирдеме берүү, кириптер адамдын башын бошотууга жардамдашуу сымалдар мисал боло алат. Андайлар тууралуу «ажатчыл адам», «ал жок дебейт», «ал ажатка жок» өндүү жөрөлгөлүү сөздөр айтылат. Ажат ачкандар – элдик адамдар. Айыл ичи мындайлар менен сыймыктанат.

АНТТАШУУ. АНТ – БҮТҮМ. Сөзсүз аткарылууга тийиш болгон чечим.

Ант берүүчү менен алуучунун ортосундагы кол коюлбай, мөөр басылбай түздөн-түз дароо кабыл алынган мыйзам.

Ант берүүчүнүн дилине, ниетине карата ант үч түрдүү болот:

1. Чыныгы ниети менен берилген ант.

2. Белгилүү максатка жетиш үчүн же кандайдыр бир абалдан чыгыш үчүн берилген катуу убада «алдоо анты» деп аталат.

3. Аткарыларына анчалык ишенбеген, бирок кырдаал талап кылган ант.

Тирүү болсок бир дөбөдө, өлүү болсок бир чуңкурда бололу!.. Эгерде ушул анттан тайсак:

Төшү түктүү жер урсун!
Төбөсү ачык көр урсун!
Аккелтенин чогу урсун!
Ак Бараңдын огу урсун!

(«Манас»)

АТА-БАБАҢ КЕҢЕШ АЙТАТ. Оорулуу адамдарга өз атаңдай жардам көрсөт: кокус өзүң ооруп калсаң, алар сага өз баласындай жардамын көрсөтөт.

Чагым сөзгө ишенип, өзүңдүн жакын көргөн кишиңди жектебе. Себеби, сага жеткен ушак кыска болсо узарып, түз болсо ийрейип кете турганын унутпа.

Душманымдан кегимди алчумун деп, анын досторуна жамандык кылба. Болбосо, уй сүздү эле деп музоону өлтүргөн наадандан бетер болуп каласың.

Кол куушуруп, алдыңа түшүп келген душмандан сак бол. Балыкты кармаш үчүн кайырмактын учуна жем илинерин унутпа.

Кемчилигиңди айткан адамды жаман көрбө. Ал сенин бетиңе жуккан көөнү сүрткөн күзгү болот.

Өзүңдүн татынакай кийимиңди чанып, башка улуттун кийимине качырба. Болбосо, же жатка окшошпой, же өзгө окшошпой эки ортодо же аялга, же эркекке кошулбаган кызтекедей болуп каласың.

Өзүң жогоруласаң, өзүңдөн төмөнкү жолдошторуңду таштаба. Кокус ооруп калсаң жогоркулардан мурда төмөнкү жолдошторуң каралашат.

АРАСЫ АЧЫЛУУ. Бул – жакшы санаалаштардын, бара-бара бири-биринен окчундалып, кабарсыз-караансыз калуулары. Көңүл-кадырлары сууп, байланыштарынын үзүлүшү. Мисалы, дос-тамырлар ич-ара таарынышат, катыштары солгундайт. Айрымдары бергендерин доолашат. Араларынын ачылуулары көбүнчө аласа-береседен, ортодо «от жагуудан», алардын мамилелерин ичи тар көрө албастардан да болот...

АТААР САМЫН ӨТКӨРҮП. Бул – абалы чүкө оюндарынан улам чыккан сөз. Эгер чүкөнү сака же абалак, томпой менен ата турган болуп ыкыс берген чакта бирөөлөр жолтоо кылса, же өзү ошол оюнду жүргүзө албай калса, ушундай сөз айтылчу. Учурунда аткарылбай калды, эми атаар саамы өттү – дейбиз. Муну башкача туюнтсак, бир мерчемдүү ишти саамалыктатуу, кезегинде бүтүрө албоочулук. «Темирди кызуу кезинде сого билбөөчүлүк», «Жоо кеткен соң кылычынды ташка чабуучулук». Максат, ой-тилекти өз шарданынан калтыруучулук. Аны жүзөгө ашыруу татаалдап кетүүчүлүк.

АТТАН ЖЫГЫП АЛУУ – эски салттардын катарына кирет. Бирөөлөрдүн бербей жүргөн аласасы өнбөй, ал тайсалдап качып, колуна тийгизбей келсе, калыс элдин көзүнчө болобу, моюнуна коюп, минип жүргөн атын ээр-токумун алып коюп, жайдактап жетелеп кетүүсү. Ал эми береселүү адам жөө-жалаңдап, токулгасын көтөрүп калуусу.

Олок-булак мени ки (мыйтыкей мени ки, таянакей-сулакей мени ки). Булар – бир маанидеги түшүнүктөр. Мисалы, упай оюнунда шыйкы чүкөнү кыймылдатпай атууда алдын-ала айтыла турган ырым сөз. Ошол эле упай оюнунда чүкөнү атууда чүкөгө колу чала тийсе, айтылуучу «Мыйтыкей мени ки» – дейт. «Таянакей-сулакей мени ки» – мында, маселен, «өлдү», «үч тапан» оюндарында чүкөгө сака жетпей турган аралыкта оюнчу көмкөрөсүнөн жата калып, саканы жетип алуусунда жыдыбоо үчүн айтылуучу ырым сөз.

ТЫРМАК АЛДЫ. Бул – аткарылып жаткан максаттын, эмгектин алгачкы үзүрүн көрүү. Маңдай тер, таман акы аркылуу баштаган олжонубу, майнаптуу натыйжаныбы элдин жапырт пайдаланууусу. Мисалы, көпчүлүктүн көз алдында турган Кумтөрдө алтын кен казылууда. Мына ошол байлыктын чекесинен алып, элге үлүштөрүн тарата коюу менен элдин көңүлүн алуу. Андай кымбат баалуу табылгалардын бардыгына көпчүлүктүн лаписин суутуу, на-

зарын буруу. Аны калк байлыгы катары кароо. Т. а. «ооз тие, эл ишенимине ээ боло туруу», келечекке умтулуу...

ООЗ БАСЫРЫК. Жашоо-тиричиликте баштан эмнелер гана өтпөйт. Бирөөлөргө зарыла ишиң түшүп калат. Аны ырбатпай, дал өзүндөй аткарып калуу үчүн ага мамилени өз учурунда алдын-ала түзө туруусу. Анын токонаалатын баса туруусу...

ИЧТЕН ТЫНЫШУУ. Турмушта араздашуулар бар, элдешүүлөр бар, жоолашуулар бар, ынтымакташуулар бар. Оң-тескери жагдайлар жашоо-тиричиликте тең тизгинде жүрөт. Эгер ошондой учурлар кездешсе, аны ырбатпай, чоң чууга айлантпай, соттошпой-оттошпой, айыл ичиндеги калыстар аркылуу бир пикирге келип алуу. Ичтеги кусаматтарды оң жагына буруу. Мурункудай ынтымакты өз нугунда коюу.

ЧЫГЫМ САЛУУ. Жогорку улуктардын элге салган акча-тыйын, мал ж.б. чагымы. Көпчүлүктөн чогултуучу өлүү-тирүү байлык дүр-дүнүйө. Азыркыча айтканда, салык. Ал ар кимдин алына жараша салынат.

УЛАН-КЫЗДАРДЫН ИЧ АРА МАМИЛЕЛЕРИ

Жаштык өзү эле сулуулук – дешет. Ал – тирүүчүлүктөгү алгачкы ооматы келген бир учур. Кыздар кирди кол менен кармагыс асылзаада буюмдардай. Ошого тете уландарды кыздай сылык, уяң (өтө назик деген түшүнүк), жибектей, кыз мүнөздүү деп баалайбыз. Ошондо кыз-улан жаңы ачылган, жанаша чыккан эгиз гүл. Алар жыпар желге бой ыргап турушат. Мына ушундай баага татып келген жаштар адепти, абийирди, салтты, үрп-адатты сыдыргыга салып келишкен жаштардын салтта-наркта жок жүрүм-турумдары ата-энени, ага-тууганды, элди жер каратып коюшкан. Өз учурунун нокто, жүгөндөрүн үзүүчүлөрдү журт өзүлөрү жазалган.

Кыз-жигит жеңелери аркылуу кыз оюндарында сүйлөшүүгө гана мүмкүнчүлүк алышкан. Күйөөлөп баруу, куда түшүү, кыз көрүү, айлуу түндөрдөгү жаштардын оюн-тамашаларына катышуу аркылуу мүдөө-мураттарына жетишкен. Калыс сынчы эле эл-журт. Кимдин баласы, кызы кандай өсүп жатканын, эмне иш колдорунан келээрин, узбу, устабы, эпкиндүүбү, шайырбы, өткүрбү, жашынан эле баамдап билишкен.

Улан ат жалын тартып мингени – эрезеге жеткени. Беш көкүл кыз бойго жеткени эми турмуштук тизгинин өзү кармаганы.

Албетте, колдон суурулган нечен азаматтар бул учурда үйдүн-жайдын, элдин-жердин камын ойлоп калат. Топко кошулчу жаштардын оюн-шоокторунда көзгө көрүнчү. Мына ошондой жайларда жылдыздары табышчу. Махабат жылт-жулт этип, үй-бүлөчүлүк, келечек жашоо тууралуу умтулуулар өзүнөн-өзү пайда болуучу.

Арийне, азыркы айрым жаштардын жүрүм-турум ченеми башкача. Башкача эле эмес, түп-тамырынан бери өзгөрүлдү. «Заманына карата кейпи» дегендей кыз-уландар оруста шып, андан да «устасынан шакирти өтүп кетишти». Койгон чачтарын, кийген кийимдерин, ажарларын айтпай эле койсок, анда бири-бирин кандай изаатташат. Мисалы, аялдамада турушса, автобуста баратса, коомдук жайларда учураса, уландар кыздарга орун бошотпойт. «Мен жигитмин, булар отурсун дебейт. Агер андай адептүүлүк болсо башка улуттарга кыргыздын кадыры көтөрүлмөк. «Булардын жаштары уяттуу, улууларга, кыз-келиндерине орун бошотот, сыйлап турушат. Ошону үчүн өркөнү өсүп, бири-бирине тирек болуп жатышпайбы!» – дээр эле. Оо-о, ата-бабалардан бери түп-нуска тутуп, калыптанып калган кайран жол-жоболор бузулду. «Эмне болсоң ошол бол, Быржыбайды там басты» – дегендей эле кеп...

КЫРГЫЗДЫН КАСИЕТТЕРИ

Айрымдар карылык «мыш» (алтымыш, жетимиш) дешет. «Карысы бардын, ырысы бар» – дешет. Узун жашка чыгууну бактылуулук, сөөлөт катары кароо керек. Ал эми адам кандай карыйт? Арийне, бул – табышмактуу суроо.

Айткандай,
«Ак боз ат минип теңселип,
Ак күбө тонду белсенип,
Ак сакалы сеңселип».
(Улуу эпосто Кошой бабабыз ушундай сүрөттөлөт)

Бул – карылыктын көркү, дөөлөтү. Бизге жеткен үлгүсү. Карылардын кемселге кемер курчанып, карышкыр, кашкулак ичик, илбирс ичик жамынып, ыпча тарапта малдаш токунуп отурушу, меймандай төргө олтурушу – бул дөөлөт.

Бул – карылыктагы чечендик, көптү көргөндүк, көңүлгө көптү түйгөндүк, санжыра чечүүчүлүк.

«Ак сакалдуу карыя, Акылы терең дарыя». Бул – карыялыктагы акылмандык, салттуулуктан тайбоочулук, көрөгөчтүк, сергектик, сезгичтик, олуялык.

САКАЛ КОЙДУРУУЧУЛУК – нарктуулук. Сакалын сыйлоо өздөн башталат. Анан андан улам эл урматтайт. Карыялар өз жашоо-турмушуна өзүлөрү «тоб-боо» келтирет. Ичинен ыраазы болуп, кудайга жалбаруу менен карашат. Бул карылыктын бала-бакырамдын алдында кетсем, алардын жамандыгын көрбөйүн, ушулардан топурак буюрсун дегени, кайраттуулуктун белгилери.

Ак сакалдардын оозунан, оюнан ак тилек чыгат, батаны жаштар сурайт. Ага карата карыялар жооп берет. Анын түрлөрү көп. Алсак, проф. Хусеин Карасаевдин мына минтип ак тилек айтканын мисалга ала кетели: «Мал болсун, баш болсун, берекелүү аш болсун, келе деген доочу болбо-

сун, жапкан жалаа болбосун, жаткан балээ болбосун, калкыбыз ордунда болсун, каракчынын дооматынан сактасын, калктын азабынан сактасын, кандын касабынан сактасын, ашуусу бийик тоодон сактасын, айкырып келген жоодон сактасын, агымы катуу суудан сактасын, адам өлгөн чуудан сактасын, эл ичи тынч болсун, эмгек кайнап турсун, береке жайнап турсун!»

«Жашыңда калжаң болсоң, карыганда мылжың болосун» – дейт. Карылардын, куу сакалдардын, күмүш сакалдуулардын кадыр-баркын өз жүрүм-туруму кетирет.

Биринчиден, улуу-кичүүлөрдүн көзүнчө өйдө-төмөн, уят-сыйыты жок сөздөрдү сүйлөп, кичине-чоңду, теңтуштели кылып отурса, кайран карылык мында бир сынат.

Экинчиден, арак-шарап ичип, оозуна келгенди «оттоп» отурса, кайран дөөлөт баштан учат. Бул – карылардын чоң оорусу.

Үчүнчүдөн, өзүнө ылайыктуу кийим-кечек кийип, сыпаа отуруп-туруп, көпчүлүктүн ичинде адептүү отурбаса, куучуңдап, купшуңдап турса, ал карыядан дөөлөт качат. Карылар айткандай, анда эле алжып карыганың кара жердей болгонуң....

БАЙБИЧЕЛИК НАРК. Бул – көп жашоодогу бир маанилүү учурду нарктуулукта, салттуулукта өткөрүү. Карыяларды «кутмандуу», байбичелерди «набаттуу» дейбиз. Минткенибиз, «үлгүлүү» карылык – ата-бабалардан келе жаткан сөөлөт. Дөөлөттүү карылар менен байбичелер – эл көркү, айыл көркү.

Байбиченин эпчи тарапта кенен этек көйнөк, топчулуу кемсел кийип, түлкү ичик, чепкен жамынып, кирди-чыкты келин-кыздардын кыймыл-аракеттерине накыл берип, сыңар тизелей, кыраакы көз салып отурушу, бул – карылыктын нускасы. «Неберемди көрдүм, чөбөрөмдү көрдүм, кудайга миң мертебе ыраазымын» деши – бул жашоосуна топук тилөөсү, ыраазы болушу.

Тамактын алдын байбичеге ооз тийгизүү келин-кыздардын сыйы, урматы. Байбичелердин жакшылык-жамандыктарга тике катышуулары, алардын билермандыгы – нарктуулукту сактоолору. Андай шарттардын ойдогудай өтүшү, анын элге алынышы, байкоолорун алдыртан жүргүзүп, жеме-жумага катышпай, какчаңдабай, аз сүйлөп, көп тыңдап отурушу, момурап калышы – куттуу карылыктын белгилери.

ПЕЙИЛ. (Ак пейилдүүлүк). «Кудай, баарын алсаң ал, а пейилимди калтыр» (эл накылы).

Бул – адамзаттын табиятында жаралган маданий сапат. Алардын ич ара мамилелериндеги оң таасир берүүчү көрүнүш. Пейилдин оңолушу – пейилдин тарышы, мындай айтуулар шартка жараша болушу ыктымал. Пейилдин оңолушу – жакшылыктын жышааны, пейилдин тарышы – жамандыкка жорулушу. Пейилди оңдоо касиетиңди качырба, адамдык сапаттан танба дегенди туюндурат. Бүгүнкү шартта «пейил бузулду» дейбиз. А, чынында, пейил кенендикке, байлыкка, бийликке байланышпайт. Бул туура, бирок, элдин ичи бардар. Себеп дегенде, салып койгон тамы, электрден шамы, тигип койгон боз үйү менен багы, там аркасында жер-жемиши, даны, короодо малы, кыскасы, дайыма камы барлар. Анан эле кирип-чыгууда анын пейилин, дилин, ниетин туя алабыз: «Пейили тарыптыр», «пейили курусун», «ал пейилинен табат»...

Арийне, бул, биринчиден, келечекке кең карабоо, элди тең санабоо, күнүмдүк бар-жокко туйтунуу, а бирок, чабалдык кылуу, өзүнчө байлыгын корунуу.

Экинчиден, айлана-чөйрөнү тең карабоо, шартты баалабоо. «Өзүмдө гана болсо, өзгөлөр эмне болсо, ошол болсун» дегендик. Пейилдин оңолушу – ак көңүлдүк, бардардык, келберилик. Пейилдин тарышы – оозду куу чөп менен аарчуу, «жоктон» башканы айтпоо.

ЖҮЙӨЛӨШҮҮ. Бул – ата-бабадан келе жаткан алымдуу салт. Экинчи түшүнүгү – кепке-сөзгө келишүү. Эки

тараптын сөзгө-кепке түшүнүүсү. Ажымулуктук кылбай, ортодогу чыр-чатакты ырбатпай, жайынча мамиле жасап, жалпак олтуруп, күнөөнүн көбү кимде экенин акыйкаттыкта чечишип алуусу. Мында калыстардын катышуусунун анча кажети жок. Жүйөлөшүүдө күнөөсү бирөөсүнүн мойнуна түшөт. Демек, мындай шартта күнөөгө жыгылган адам жолдугун жасайт. Ошол жүйөлөшүүнүн арты мындан ары ынтымактуулукка чакырат. Мунун экинчи жагы кепке-сөзгө жыгуу, кеп-сөздөн алдыруу болуп саналат.

СӨЗ КУНАРЫ. «Сыялап жазган жазуу балталасаң да өчпөйт» (макал). Бул – баарыга таандык, мындай учкул сөздөр адамга укмуштай таасир берет. «Ал сөзгө сынды», «ал кеп-сөздөн калды», «анын түбүнө тили жетти», «санын айткандарынын кунары качты», «сөзгө сөлтүк, кепке кемтик неме», «убададан тайды» өндүүлөрдүн төркүнү сөз кунуна барып такалат. Сөз кунары – бул айтыла турган пикир, ойдун таамайлыгы. Бирөөлөргө жеткире түшүндүрүү, сөз кунун туюнтууда шарттуу жерде адам аттан түшүп берүүсү. Сөз кунары (куну) – өз тилин барктап, баалап багуу. Аны асемдеп алмаздай курч кылып асыроо. Жашоо-турмушта катнаш катары пайдалануу. Бир мисал: Суусамырдын Муз-Төрүндө кетмен-төбөлүк айтылуу манап Керимбай айлап той берет. Тойго меркелик жан досу Тургунбай келип түшөт. Ошондо Керимбай: «Башта Токо?» – деп, көздү кысат. Токтогул ат үстүндө туруп, тойго келген казактарды ыр нөшөрү менен мактоого алат. Кара кашка аргымак минген, жалаң сөөлөттүүлүгү билинген казак төрө ырдын кунуна чыдай албайт. Атынан шарт түшөт да, чылбырды «Меңиз!» – деп Токомду көздөй ыргытат. Эл ууддууга алып кетет. Атты, жабдыктарын көрүнгөнү олжолойт. Сөз кунун түшүнүү илгери мына ушундай болгон.

ЫРЫС КЫРКААР. Бул – терс адат. Кесир кылуунун бир көрүнүшү. Т. а. алдына келүүчү, келген ырыс-кешикти качыруу, ыргыштап, текебердик менен алдын-ала түртүп туруучулук. Мисалы, биринчиден, бирөөнүн ак дастор-

конун сыйлабоо, кайнап жаткан казанды таштап кетүү, чакырган жерге барбоо, сый тамактын үстүндө кер-мур айтуу, үй ээсин баалабоо, отурушту аттоо ж. б. адептүүлүккө сыйбаган жагдайларды жасоочу адам. Элибиз аларды «ырыс кыркаар», «кешик жукпагандар», «ырысын тепкендер» – дейт. Тескерисинче, ага абийирдүү мамиле кылуучуларды «ырыска шерик» «ырыс-кешиктүү» – дей турган. Экинчиден, кийим кийүү, ат минүү, жаңы үйгө кирүү өңдүү жашоо-тиричиликте да өз ырысын өзү кыркуулар, оң жол турса, башка жакка басуулар, тескериленип, келген дөөлөттү качыруучулар да «ырысын жечүлөр» – деп аталат. Алар – жекече буюрган олжосуна балта чабуучулар.

Сөз кадырын бийик тут. «Сөзү өлгүчө, өзү өлсүн», «Сөзүң менен ишиң айкалышсын» – сымал накылдардын чыгышы курч сөз темирди көзөгөндөй, мээге таш тийгендей, кулакка шиш киргендей абалга келтирерин тастыктап турат.

ЧЕЧЕНДИК ӨНӨРҮН ҮЙРӨТҮҮ. Мында балдардын сөздү айтууга тили жатыгат, ойлонууга, чечмелөөгө жардам берет. Тарбиялык, таанып-билүүчүлүк мааниси артылат. Макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, таамай ыр саптарын балдарга үйрөтүүдө дагы маанилүү көрүнүш – сөз өздөштүрүүгө жана тил байлыгын арттырууга чоң өбөлгө түзөт. Акындардын мыкты ыр саптарынан, акылмандардын учкул сөздөрүнөн, дидактикалык (тарбия-таалим берүүчү, оң жолго буруучу) чыгармалар пайда болот.

ТУУГАНДЫК (ТУУГАН КҮТҮҮ САЛТЫ). «Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат». «Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт». «Тууган жок болсо көрө албайт, бар болсо асырай албайт». (Макал)

Бул – кандаш, жандаш, уялаш, аталаш, урукташ адамдардын жалпы аталышы. Кыргыздар тууган-урук санжырасын жеринен айтып келишкен. Ич ара ытымактары ширелишип, күйүмдүүлүк кылышкан. Ушундан улам: «Айылдаштардын аты чыкканча, аталаштардын тайы

чыксын» – деп, бири-биринин ар-намысын бийик тутушкан, сүрөөнгө алып турушкан. Эки ата өткөн туугандар, үч ата өткөндөр, бара-бара жети ата өткөн туугандар... Мындай жакын-алыстыкты тааный жүрүүнү карыялар санжыра катары айтып отурушкан. Бул ынтымак-ырыска, башкаларга адептүү мамиле кылышка, үйлөнүп-жайлануунга, жамандык-жакшылыкта күйүмдүү болушка зор таасир-таалим берген.

Аталаш тууган – эки бир туугандын балдары. Жакын тууган эки-үч ата өткөн тууган. Кыйыр туугандар – төрт-беш ата өткөн туугандар. Ага-инилердин балдарын «уулдун уулу – улактын шыйрагы» – деп да коюшат. Кыз алышпаган туугандар – негизи бир аганын балдары болушат да, алардын небере, чөбөрө, чүбүрө, кибирелери... белгилүү болуп турат. Кыз алышкан туугандар – жети ата өткөн туугандар. Мында шарият, салт, тукум куучулук боюнча куда-сөөк боло беришке ыктымал туугандар, жыты тууган-дар, урук, уруулуу бир туугандар.

Тууганчылык – зарыл түрдө сакталуучу салт. Мында уруктук, уруулук уруштар, нааразычылыктар жаралбайт. Кайра абийирдүү элде, ар-намыстуулугу бар жерде туугандыкты, элчилдикти сыймык катары көрүү керектиги келип чыгат. Ошондуктан, «карыш-карыш, сөөм-сөөм» – дейт. Ал туугандын алыс-жакын аралыгын өлчөп турат. Тууган ичинде: «Карыш бөлүнгөн карыгыча көрүшпөйт» – деген сөз бар.

Эл өз аттары аркылуу сыймыктануусу. – Адам аттары да улуттук бөтөнчүлүктөрдү аныктайт. Мусулман элдин абалтан келе жагкан азан чакырып, ат коюуда жекече ой-тилектери бар. Мисалы, кыргыздар үчүн «Аалы» (жогору, улуу) – Акматаалы, Токтонаалы, Сейтаалы, Жумаалы, Турсунаалы, Эсенаалы, Ишенаалы; казактар үчүн – «Бай» (берешен, бай) – Сарсенбай, Дүйсөнбай, Куланбай, Бейсебай; уйгур эли үчүн «Ахун» (төрө) – Хуннахун, Суннахун, Токтахун, Сабитахун; башкыр-ногойлор үчүн «Лин» (улук)

– Сайфуллин, Рахматуллин, Хабибуллин өндүүлөр түпкүлүктүү аттарды түшүндүрөт. Албетте, ар бир улуттун ич ара мүдөө-талаптары бар. Өздөрүнүн мурастык аттарды сактап калуу ар-намысы илгери күчтүү көрүнгөн.

Кыргыздар ат коюуда азанчынын айткандарына макул болушкан. Ал азан чакырып жатканда көзүнө эмне көрүнсө, оюна ким түшсө ошону энчилей коюшу перзенттин азан чакыргандагы энчилүү аты болуп калган.

ЖЕТИ КҮНДҮН СИМВОЛИКАЛЫК МААНИСИ. Жума, ишемби, жекшемби, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, албетте, булар – күн аттары. Буга карата балдардын аттары коюлат.

Кайсы күнү төрөлгөнүнө карай: Жумабек, Жума, Жумабүбү, Жумагүл, Жумаалы, Жумабай, Жумакан... Ишенбек, Ишенгазы, Ишенгүл, Ишенбүбү... болуп кете берет.

«Жети токоч баабедин» дегени – ошол жети күндүн белгиси, Жети сан (көп колду туюндурат). Жетиген. «Асмандагы жетиген, Ал эмне үчүн жетиден». Демек, наристе жети күндүн биринде төрөлөт. Аны Аначысы төрөтөт, набаттуу байбиче оозантат. Сүйүнчү айттырат, ал үй ээсинин эркинде болот.

Табышмактар, месел түшүнүктөр

7 бир тууган – бир жумада 7 күн бар.

7 дос – 7 өлчөп, бир кес.

7 ууру – жетим акысы 7 дүйнөдү тарытат.

7 элчи – жетинин бири Кызыр (Кыдыр).

7 муун – 7 атаңды биле жүр.

7 сооп – маркумга «жетилик» берүү.

365 амир кылган (жылдын ичиндеги күн). 38 кызы бар баары жубан, 12 уулу бар, баары кыраан, 9 уулунун пейили жакшы, 9 уулунун пейили жаман.

ЭЛДИК УБАКЫТ. Таң каракчы, таң дүмпөйүү, таң куланөөк, таң кылаюу, таң аппак атуу – бул бешөө таң тууралуу ич ара бөлүнүшөт.

Анан күн чыккан, күн тоо баштарына тие баштаган, күн көтөрүлгөн, күн жакшы тийген кез. Бул төртөө экинчи көргөн убакыт. Шашке (күн көтөрмө бою көтөрүлгөнү), улуу шашке (күн аркан бою көтөрүлгөнү) жалган түш, анан чак түш (күн төбөдө турганы), түш кыя (күн төбөдөн бир аз кыңкайганы), түш оой баштаган, сарт бешим (күн чак түштөн көтөрмө бою кыңкайганы), кыргыз бешим (күн батаарга аркан бою калганы), ала көлөкө (тоо баштарына көлөкө түшө баштаганы), намаз дигер (тоо баштарындагы көлөкөлөрдүн узара баштаганы), күн батаар (күндүн нуру тоо башына илиниши), күн батканда намаз шам, бүрүл (таанылар-таанылбас, көз байланган чак), эл аягы басылган (эл орунга отурган учур), намаз куптан, тамак ичээр, тамакты текши ичкен, эл жатаар, эл текши жатканда, уйкуга кирээрде, эл текши уктаганда, оор уйкунун ортосуна жакын.

Жылдыз толгон учур, үркөр чыккан учур, үркөр көтөрүлгөн учур, үркөр баткан учур. «Тараза жылдыз батканда, таң агарып атканда». Таң заары (зоору).

Таңга жакын зоор деп аталат. Калган убакыт бирдиги насыбай атым, бээ саам, чай кайнам, жарма бышым, эт бышым, түш жарым, жарым күн, бир күн, күнү-түн деп аталат. Мындан башка ачып көздү-жумганча, жарма ичкенче, отуруп-турганча, кийим кийгенче, кирип-чыкканча өндүү салыштырмалуу убакыт өлчөмү болгон.

ЭЛДИК ӨЛЧӨМ. Кар жаагандагы кыргыз элинин өзүнчө чен-бирдиктери айтылат. «Кыламык каар жаады», «сагызган изи», «карга изи» кар жаады дегендик. (Бул куштардын изин ачык көрсөтүп турат.) «Койдун туягынан», «анын чачысынан», «аттын туягынан», «тушардан кар түштү». «Омуроодон кар түштү». Аттын омуроосу айтылып жатат.

Кыргыздар суу кечкенде да бирдемелерге салыштырып айтуу аркылуу ойлорун ачык түшүндүрүшөт. «Суу тизеден экен», «аттын кара капталын жаап», «ат агызган

суу», «Тайыздыгы кызыл ашыктан», «кечкенде кекиртектен келди», «жоон санга чыга түштү» өңдүү болжолдуу салыштырмалар менен ойду даана түшүндүрө алабыз.

Тамак-аштарда, идиш-аяктарда элдик өлчөмдөр бар. «Карындын соргок бурчунан сары май», «аяк капырталай айран», «бир чөйчөк талкан», «бир аяк сүт», «чымчып буума буудай», «кол чанач кымыз», «беш кочуш жем», «бир кайнатым чай», «бир татым туз», «бир агым насыбай», «бир ууч бадырак»... Мындай өлчөмдөр тилибиздин көркөмдүгүн да элестетет.

Элдик аралык өлчөмдөрү да бар: «бир эли», «үч эли». Адатта, мал союуда «бир эли казы», «үч эли казы», «таман казы», «кабырганын тышы үч эли» деген өңдүү чен-өлчөмдөр айтылат. Ал эми кийим бычып-тигүүдө эки эли өөн, нукум, сөөм, кере карыш көбөө, милте (бою бир карыш, сакалы миң карыш – табышмак) деп айтылат. Мындан сырткары, «бир чакырым» (км.), «бутатым», «тайчабым», «атчабым» ж. б. чен-өлчөмдөрү да колдонулат.

МЫНА БУЛАРДЫ БИЛИП АЛ. Григорий календары боюнча биз колдонуп жүргөн күндөр эч качан өзгөрүлбөйт. «Токсон» 13-декабрда түшөт. Жылдын эң кыска күнү 22-декабрда болот. «Кыш чилдеси» 18-январдан 18-февралга дейре өкүм сүрөт.

«Токсон» 13-мартта чыгат. 21-март «Нооруз» майрамы аталат. Анын түнүндө күн менен түн теңелет. 22-июнь – эң кыска түн. 8-июлдан 18-августка дейре «жай чилдеси» аталат. 23-сентябрда күн менен түн кайра теңелет. Бир жылда 365 күн бар.

Бир күндүн убакыт-саатка бөлүнүшү:

1. Сопу-садык – түн жарымынан ооп, жылдыз суюла баштаган кез.

2. Таң атар – жарыктын жышааны келе жаткан учур.

3. Акшам (заар) – жарык түшүп, бирок күндүн шооласы көрүнө элек кез.

4. Күн жайылган – Күндүн нуру жер бетине тегиз түшкөн кез.

5. Шашке – Күн аркан бою көтөрүлгөн кез же саат 10.30 болгон учур.

6. Улуу шашке – саат 11.30га туура келет.

7. Жалган түш – саат 12-12.30га туура келет.

8. Чак түш – Күн так төбөгө келген кез же саат 13-13.30.

9. Түш оогон – Күн оң капталга жылган кез же саат 14-14.30.

10 Бешим – Күн батаарга аркан бою калган кез же саат 16.30.-17.00.

11. Дигер – Күн тегиз баткан мезгил.

12. Шам – күүгүм кире баштаган учур.

13. Куптан – көз байланган чак.

14. Эки куптан – караңгылык толук түшкөн чак.

15. Түн – жандуунун баары уйкуга кирген кез.

16. Түн бышкан кез – түн ортосу, жылдыз толгон учур же саат 24.00.

Беш кол (беш салаа) тууралуу түшүнүк

БАШ БАРМАК мактап-жактап көрсөтүүдө «эң жакшы», «эң мыкты» – деп айтуунун ордуна калган манжаларды жуумп туруп, баш бармакты өзүнчө кайкалата көрсөтүү, 2-ден, илгери баш бармакты сыяга жугузуп, кагазга мөөр басчу. Ал чындыктын далили, дарек-документтерди күбөлөндүрүү. 3-дөн, бир нерсени бир нерсеге салыштырууну, өлчөөнү билдирет.

СӨӨМӨЙ – бир нерсени айтууда көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө каратуу үчүн өзүнчө сойлоп сөз сүйлөө, 2-ден, айрым өкүнүчтүүлүк көрүнүштү сөөмөйдү өтө чычайта, көзгө такай айтуу. «Ал сөөмөйүн кесеп» – деп коёт. 3-дөн, салыштырмалуу өлчөмдү, 4-дөн, «сөөм-сөөм, карыш-карыш» – деген аралыкты билдирет.

ОРТОН – 1-ден, салыштырууну туюндурат. Мисалы, «ортон колдой мал», «ортон колдой там», «ортон колдой ат» ж. б. 2-ден, өлчөмдү билдирет:

АТЫ ЖОК. Баш бармак, сөөмөй, ортон колдой буга сыпаттоолор болбойт. Ал сөөмөйдөй көрүнөт. Калыңдыкты билдирүүдө сөөмөй, ортон менен аты жок кошо айтылат. Мисалы, үч эли, төрт эли (мында чыпалак кошулат). Таман казы (үч эли «таман» чыкты болот).

ЧЫПАЛАК – төрт манжанын эң кенжеси. Ал кичине нерселерге салыштырылат. Т. а. чыпалактын өзүн чычайта көрсөтүүнүн өзү өтө кичинекейди туюндурат.

Калыңдыкты билдирүүдө, мисалы, жылкы союуда анын казысына көпчүлүктүн көңүлү бурулат да, арык-семизи өлчөнөт, чыпалактай дейбиз. Бир эли (сөөмөй көрсөтүлөт) эки эли (ортон кошо), үч эли (аты жок кошо) деп өлчөнөт. «Чыпалак эли» – деп да айтабыз. Бул семиз эмес, «булут», «бычак-сырты» – арык дегенди туюндурат.

Балдар: «Баш бармак, бадалекей сүйрү баш (сөөмөй), ортонакей чекилик (ортон), ой баласы солтоной (аты жок), кичинекей бөйтөнөй (чыпалак)» – деп, чечмелеп ойношот.

НООРУЗ (НООРУЗДАМА) МАЙРАМЫ. Жаз жакындаганда кар алдынан шаша, жамырап чыга келген Ноорузгүлдүн өңү көк сыя сыяктанат. Бул – жаз майрамынын белгиси. Т. а. кыргыз, кыпчак, түрк атанын, т. а., Гуз атанын балдарынын күн-түн теңелгендеги майрамы болуп эсептелет. Тээ, мурунку заманда да кечинде от улуу жагылып, ага баары чогулушуп, «Алас, алас, ар балээден калас» – деп, оттон аттай, тегерете айланган, секиришкен. Кыдыр Ата, Умай Эне үймө-үй кыдырып, бардарлар балдарга, кембагалдарга ыйык, улук белек берген. Арийне, бул уламышка өттү. От улуу күйө баштаганда, аксакалдар да кол кармашып, отту айланышкан. Бул – жаңы жылдын оту. Арча, адырашман түтөтүшкөн. Отко май салышып, жыт чыгара ызырыкташкан. Ушинтип, үйдүн, короо-жайдын айланасына «Алас, алас, ар балээден калысты» айтып чыгышкан.

Үйдүн ичи тазаланган. Албетте, майрам болгондуктан оюнзооктор уюшулат, шайырлар топтолгон. «Манас» айтуулар болгон. Сүмөлөк жасашкан. Ал – дан түшүмү.

Демек, сүмөлөк – ыйык тамак. Кайнап жаткан казан түбүнө тартып кетпеси үчүн 42 таш салынган. Ал – Манас атанын чоролорунун касиеттүү сүмөлөгү. Б. а. согушка чоролордун арбагына арналган. 61 же 63 чакмак таш салынган. Ал Муканбет пайгамбардын жашы үчүн арналган. Мында балдарыбыз пайгамбар жашына чыксын – деген ырымы жатат. Сүмөлөккө мал мууздалбайт. Башка тамактар жайнайт.

Сүмөлөк (өсмөлөк) кайнап баштагандан тартып, «Сүмөлөк ыры» ушинтип ырдалып барат. Улуу майрамда:

«Кыз куумай», «Эңиш», «Көк бөрү»,
Кыргыз салты сүмөлөк.
«Жорго салыш», «Эр сайыш»,
Жарык жаар, жаар көздөлөт» – деп, элдик таң-тамашалардын бардык түрлөрү көрсөтүлгөн.

ТЕҢ ТУУГАНДЫК. Бир атанын балдары, айталык, жети атабызга дейре кыз алышпаган тууган болгондуктан, андан тарагандардын, ага-инилеринин тукумдары бирдей тууган катары саналат. Т. а. экөөбүздүн атабыз бир тууган, менин чоң атам менен анын чоң атасы бир, бабабыз менен бабасы, бубабыз менен бубасы бир туугандар – бул тең туугандар болуп саналат. Мисалы, менин баба атам менен анын чоң атасы эле бир тууган болсо, ал менден алда канча жаш дейли, ал менин чоң атам менен укугу тең келет. Мени «уулдун уулу, улактын шыйрагы» деп коюшат. «Туугандын топурагы – алтын». Ич ара ража – «Ынтымак» мамилелерин чечүүдө тең туугандардын кеп-кеңештери зор.

УЧУРАШЫП ЧЫГУУ. Бул – байыркы ата-баба салттарынын биринен. Бир жакка барып, арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин кайра аманчылыкта үйгө келгенде улууларга, айыл кадырмандарга аттанып, атайын барып учу-

рашып, кол берүүсү. Албетте, мында ызааттоо, ал адамды арка-бел тутуу, ар бир уруктун сыймыктуусу катары көрүү сезими пайда болгон. Ушундай шарттар аркылуу кичүүлөр өсөт, адептүүлүк жагына баш коёт. Ички ынтымактуулук артылат. Ал адамдын басып өткөн өмүр изи кийинкилер үчүн үлгүгө, нускага айланган.

«Салам айтып чык», бул – улуулардын таарынып калбоосу, жаштардын мурунку жол-жобону сактай жүрүүсү. Кийинки муундардын таалим-тарбиясы менен өсүүсү. Улуулар, минтип, ар дайым айтып, теске салып, өзүнүн өрнөктүү жолдорун көрсөтүп туруусу аркылуу каада-салтыбыз өз нугу менен бармакчы.

УЯТТУУЛУК. Адатта, кыргызда мырза – айым, улан – бийкеч, же жаш жигит – колукту, эрди – зайып, абышка – кемпир, карыя – байбиче, т. а. «тең теңи менен, тезек кабы менен» дейбиз. Эми булардын ич ара мамилелери кандай болуучу.

Ооба, мырзаны мыкты кылыш айымдан, ургаачыдан, «Аял жакшы – эр жакшы, увазир жакшы – хан жакшы» – деген накыл жеринен айтылууда. Ата-бабалар баскан чыйырда кыргыздарда ички турмуш-тиричиликтин күндөлүк колдонуучу мыйзамында мырза – эри, айымы – зайыбы, же жары дейли, эл көзүнчө ырсакташып көрүшүү, бир жак сапардан келишсе, чопулдашып өбүшүү, андай жорук ички маданиятка жатпаган. Ар нерсенин, уяттуулуктун терең эрежелерин кармаган, канчалык сагынычтуу көрүшсө да, ошол эрежелерди абийир, адеп, пир, туруктуу туткан сапат болуулары тийиш. Арийне, сагынычтары көмүскө сыр, жашыруун шартта алар бири-биринин кусалыктарын жазып алуучу.

Турмуштун тигил-бул тарабын таттыгып келген мырза-айымдарга караганда улан-бийкечтер үчүн уят-сыйытты сактоо өтө назик, уяң, ортодон жел өтпөгөн даражада болгон. Алар бири-бирине сүрдөнчөөк, наристе сезиминдеги

махабатын айта албай аптыгып, ортомчул данакерлер аркылуу кепке келүүгө, ооз ачууга араң барышкан.

Бийкеч – беш көкүл кыз, кыргыз ата-баба салтында «кыздын сүрү күчтүү» – дешкен.

Ал мурункулардын ыймана, жүрүм-турумдарына, келтирген салттарына байланышат. Ошон үчүн жеңелерисиз кыз айыл аралабаган. Дайыма үй маанек, эне ааты, жеңе жолу менен күндөлүк тиричиликке багыт алган. Кирди-чыктылардан ийменүү, дабыш алдырбоо, бир нерсени ирээттүү тейлөө – улуулардын нускасы. Бир сөз менен айтканда, «кыз бар үйдө кыл жатпайт». Бул баарына таандык акылман макал болуп саналган.

Кыргызда бийкеч, беш көкүл, колукту, келинчек, келин, зайып, андан ары жашына карата айтылып барат. Булар бекеринен минтип бөлүнбөйт. Уяттуулугу, билимдүүлүгү, ызааттуулугу, нарктуулугу, таалим-тарбиясы артыла берет.

Учурашуу, кол беришүү, шабандуу колдон алып, биринин жүзүн бири карап, ал жайын кошо сурашуучу; өтө асылкечтер, жакындар, жакшы санаалаштар кучакташа көрүшүүчү, жаактарына жаактарын тийгизүүчү. Келинкезектери жүгүнүүчү, ургаачылар жең учтарынан кармашуучу.

БОЛУШААРЫ БАРБЫ? Бул – тууганчылыктагы айтылаар сөз. Т. а. уруша, тартыша, талаша түшкөн учурларда бирөөлөргө ич ара жан тартуусу. Ошонун ар-намысын сактоосу. Мисалы, эр-аялдардын чатактарында төркүндөрүнөн болушуп, кызын чыгарып алууга чейин калп да болсо карпа-күрп урук-ураан талашуусу.

УЯТКАРБОО. Бул – бирөөнүн айыбын чукубоо, эл көзүнчө билдирип, адамды ичтен кыжалат кылбоо. Маселен, конокто, коомдук орундарда отургандардын кемчилиги билинип калса, кыргыздар аны ошол замат чуулгандатып, түндүктү көтөрүп жибербеген. Анын абийирин өз абийириндей сактаган. Тамактын тузу кемби, эт жеп жатсаң

анда жыт барбы, же курттап кеткенби, какап-чакап калабы – муну шек алдырбаган. Болумушта айрымдар туураган этке койдун, тайдын томугун кошо, сөөк аралаштырып эт жуткурган. Ошондо да ичтен кусаматтарды – «тамашаларды» билген. Билип туруп, байкамаксан болгон, тишке сайылган сөөктү аттанып мындай чыгаары менен кан-сөлүндө бүркүп, түкүрүп салган. Бул дасторкон жайган үйдү сыйлоо, урматтоого жатат.

КЫЙЫТУУ. Адатта, сөздү тике айтпай, адамды туура эмес абалда калтырбай, акырын маанисине карап, түшүндүрүү – туюндуруу адеби кыргыздардагы мыкты сапаттардан. Мисалы, бирөөлөргө салыштыруу аркылуу ага айта турган акыл-оюн билдирип койгон. Бул «керегем сага айтам, келиним, сен ук» – дегенге барабар. Мында сөз маданияты жана сөз чеберчилиги сакталган. Балдарынын көзүнчө «Алыбайдын уулдары эстүү», «Кудай ургур десе, Ашымдын балдары эси жок өсүптүр», «Ата-энесин көзгө илбейт, тилин албайт, шаардап, көчө таптап жүрөт, ичет тура», «Жаман жүрүү да, жаман туруу да ар адамдын өзүнөн» ж. б. кыйытуу сөздөр адамга алдыртан тарбия – таалим берет.

АДАМДАРДЫН ИЧ АРА ЫЗААТТООЛОРУ. Кыргыздардын тууган-урук, жерге-жээк, айыл ичине бөлүнүүдөгү бөтөнчөлүктөрдүн бири улуу-кичүүлөргө мамиле кылууда сылыктык, кичипейилдүүлүк, эркелетүүчүлүк укмуштай нарктуу, салттуу болгон. Бул – улууну урматтоонун, кичүүнү ызааттоонун накта белгилери. Мисалы, Токтонаалы карыяны улуу-кичүүлөр жапырт «Токо», «Током» дешчү, атам Акматаалыны «Акым», «Акы», «Акай», Сейтаалыны «Секе», «Секем», «Сейтеке», Султангазыны «Сукай», «Сукайым», Өтөгөндү «Өтөм» же улууларды туурап кичүүлөрдүн «байым», Жумабекти – Жумакем, Бообекти – Бокем, Абдышамбетти – Абыкем, арткы мүчөсүн буруп коюлар – бири-бирин ызаттоолору. Уулбегим, Амантайым,

Уланбегим, Урматым ушул сыяктуулар өзүнө таандык сылыктыктан келип чыккан.

Тентимиш ажы, Жусуп молдо, Көбөгөн калпа, Боогачы болуш, Чоко баатыр, Өтөгөн чечен, Акмат санжырачы, Саргалдай ордочу, Бекбосун бакшы, Төлөгөн табыпчы, Осмонаалы мерген, Турабай бүркүтчү, Бешкүрөң мүнүшкөр, Бекбото ырчы, Эшимбек саяпкер, Капар уста, Оттукташ зергер, Турумбек балбан, Ыдырыс улакчы ж. б. у. с. өнөркесиби менен кошо айтуулары – аларды эли-журту сүймөнчүлүктө көрүүлөрү.

Мындай оң таасир берүүчү жагдайлар менен кошо терс атоолор алардын мүнөздөрүнө байланышкан жүрүм-турумдарында да арбын учурайт. Алсак, Мамыт куу каптал, Мамбет куружалак, Бейшенбай чулдур, Тентибек кекеч, Тыныбай калдырак, Алдаяр куу чирен ж. б. адам аттарынын алды-артынан сокур Төлөбай, көк көз Баркалбас, чекир Сарыбай, талма Кылычбек, жинди Ысакбек, т. а. ага мүнөздүү сапаттары кошо айтылган чактары да болот.

Айрым учурларда уйкаш аттагы адамдарды бири-биринен айырмалоо, анын жекече касиетин мындай чыгаруу үчүн, жакшы маанайда атоолор да бар. Мисалы, «кайсы Сулайман?». Ак жүрөк Сулайман, Айтмамбеттин Сулайманы, Тезекбайдын Сулайманы, Кайсы Сабыр? – Бешкүрөң Сабыр. Кайсы Казы? Арыкбайдын Казысы, Чоконун Казысы, Аштыкчынын Калыгы, Найманбайдын Мукашы, Орозаалынын Кадыры. Уругун кошо айтуулар да бар: чагалдак Кадыр, бердибек Алжан, молдолор Кожо ж. б. ушундай сыпаттоолор аркылуу биз адамдардын даректерин билип алабыз. Мында алардын ата-теги, чыккан уруусу да эске келе түшүүдө.

Кыз-келиндерге, зайыптарга, байбичелерге карата сыпаттоолору, таанып-билүү сапаттары бар. Мында да жылуу сезимдер ыроолонот. Ал Тезекбай байдын кызын алган, Тилебалдынын кызы Батманы кудалашкан, Элебестин Акыясы, Манастын Каныкейи, Эр Төштүктүн Кенжекеси,

Семетейдин Айчүрөгү, Алмамбеттин Аруукеси, Курманбектин Айганышы, Малабектин Ак Зыйнаты, Байтиктин Апары, Актандын зайыбы Ажар ж. б., албетте, мындай атоолор адамдык сапатты билдирет. Үлгү болуучу мааниге эгедер кыргыздар колукту, келинчек, жубан, зайып, байбиче деген өндүү сөздөрдү арбын колдонушкан. Бүга күйөөсүн кошо айтуу нарктуу сезилет. «Калыгулдун катыны» дегенге караганда «Калыгулдун зайыбы» – деп айтыштын өзүндө канчалык сылыктык баамдалып турат.

Салтты бузууга ар ким эле даай албаган. Аны бузгандар «эл бузар», «журт бузар» деп жектелип, элден да, журттан да чыгып калышкан. Адамдык жазанын эң оору да, эң ырайымсызы да ушул десек болот. Элден чыгып калган адам жек көрүмчү болуп, башка элдерге да бата алган эмес. Ар бир адам өзүн жана үй-бүлөсүн шерменде кылбоо, сөзгө жыкпоо, жер каратпоо үчүн салтты бузууга барбаган.

Кыргыздарда аялдын үй-бүлөдөгү эмгеги эбегейсиз экендиги чындык. «Жакшы зайып жаман эрди эр кылат, жаман зайып жакшы эрди жер кылат».

«Жакшы болсо алганың,
Табыла берет акылың,
Жаман болсо алганың,
Жалынсаң келбейт жакының»,

ж. б. накыл сөздөр бекеринен чыкпаса керек. Зайып – үй-бүлөнүн куту, кыймылдаткыч күчү.

Кыргыз философиясы кары адамдын коомдогу ордун бийик кастарлаганы, аруу тутканы, алардын айтканы кийинкилер үчүн сөзсүз үлгү гана эмес, ыйык экендигин күбөлөп турат. «Карысын сыйлабагандын карды тойбойт», «Атанын каргышы – ок», «Атанын каргышы кайтпайт» ж. б. накыл сөздөрдү жадыда сактоо зарыл.

Кыргыздар тарбияга чоң маани беришкен. Баланын жакшы жана жаманын тарбиядан көрүшкөн. «Жаман

адам жок, адамдын баары эле бирдей, тарбиясы ар башка» – дешкен. Мунун өзү – адамдын табияты бир, кийин аны тарбия же жакшы, же жаман кылат дегени. Бул «уяда эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» дегенди билдирет.

Адамды тарбиялап, оң жолго салууга, анын табигый сапатына табылга сапаттарды кошууга боло тургандыгына ишенишкен.

Ата-бабаларыбыздын адеп-ахлактык нормаларын калыбына келтирүү, аларды кайрадан жандандыруу – тарыхый зарылчылык. Урматтоолору, ар намыстуу болуулары, адамгерчилиги, боорукерлиги, айкөлдүгү, жоомарттыгы, сарамжалдуулугу, ак пейилдиги, тазалыгы ж. б. касиеттери үй-бүлөдө гана эмес, бүтүндөй коомдук мамилелердин дымактуулугуна жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет...

Байлардын кулк-мүнөздүү белгилери

Биринчи бай – чыктуу байлар. Келим-кетимдери бар. Согумга жылкы, уй, топоз, төө соёт. Согум учурунда жылкынын этине, кыштата эл катары бодонун этине, жазда сүрүнө чакырат. Элине үч курдай тамак берет. Аттанып-түшкөндөргө козу-кой, айрым урматтууларына тай союп, эл көңүлүн ала жүргөн байлар.

Экинчи бай – куржалак, жалаңжүз байлар. Келим-кетимдерине кымыз, айран куят, чай коёт, согумга эл катары тамак берет. Бул – себеп-шылтоолору көп байлар. Конок алууга отун-суусу, шарты болбогон бай.

Үчүнчү бай – шерине жебес, кире – үлүш ичпес, согумуна адам чакырбас байлар. Өзү менен өзү болгон, өзүнө бар, башкаларга жок, тымызын бай. «Кызыл музоо», «кызыл кулун», «кызыл козу», «кызыл улак» менен мамиле байлар.

ЧИЙИН ЧИЙИП БЕРҮҮ. Бул – эки жак бири-бири менен жоолашса, ич ара чабышса, элдешүүнүн илгерки салты. Т. а. бирдеменин бетине түз, же тегерек жылчыгы жок, бүтүн чийин чийип беришкен. Эгер ал чийиндин четинен

кичине эле кемтиги, ачык жери болсо, анда эки жактын биринин ичинде кек калгандыгын билдирген.

ЧЫБЫК КЫРКЫШУУ. Бул – араздашкан эки элди элдештирүүнүн дагы бир салты. Баатырлар, журт башчылары биригүүдө шарт коюшуп, бири-бирине элчи жиберишип, бир нерсенин бетине чийинин чийишип, жарашып, непада, бул шартты бузсак, «чыбыктай кыркылып калалы» – деп, чыбыкты тепетең кыркып, бир жагын элчиге берип, бир жагын өзүнө калтырган.

ЖЫЛУУ КАНГА КОЛ МАТЫРУУ. Бул – ич ара антташуунун мерчемдүү бир түрү. «Кимде-ким айтылган анттан кайтса, ушул кара койдой мууздалып калалы» – өңдүү каргышты оозго кармоо, ошол жаңы союлган малдын жылуу канына кош колдорун матыруусу. «Өлсөк бир чуңкурдабыз, тирүүлүктө бир дөңдөбүз», – деп бата кылуулары.

Негизи мында тээ илгертеден баштап Дөөтүнүн ишенимдүү шекирттери – бүгүнкүгө чейинки кан усталар кара койду союп (адатта, кара койдун эти таттуу дегендей анын канында бир өзгөчөлүк болушу ыктымал), канына жылуулай аспап-куралдарын матырып, сугарып ала турган. Ал аябай курчуган, эч качан ийрейип, майышып, морттолгон эмес. Сыягы, ушундай жагдайлардан улам, ай туяк бээ, ак боз бээ союп, убадалашуулар, антташуулар жөн-жайынан чыкпаса керек.

БУУДАЙ МАЙЛАП БЕРҮҮ. Бул – абалтан келе жаткан салт. Ар бир уруу өз намысын алуу үчүн чоң аш-тойлордо чыгуучу оюндар: эр эңишке, эр сайышка, улак тартышка, аркан тартышка, жөө күрөшкө түшүүчү балбандарын таптоонун бир түрү. Аксакалдардын айтууларында, андай балбандарды өзүнчө багып, муундуу кылган. Т. а. ага чөкмөк берген. Демек, буудайды тазалап, табында кууруп, аны сары майга, кээде куйрук майга чөкмөлдөтүп, чайнап жешке шартташтырган. Талканды теңме-тең май аралаш шорпого көөлөп берүү да күч берген. Тай, жабагы эти да күч киргизген.

ЭЭЛИК БОЛУУ. Элдик салтта жакындары жок болсо, алардын буюм-тайымдары, дүр-дүнүйөсү, мал-салы, тамтарактары, тамаркалары, т. а. анын жекече байлыктары талаага чачылып, талоонго учурап калган эмес. Эли-журту өзүлөрү эле ал байлыктары кимге таандык болоорун калыстыкта чечип, шартына карата жакындарына бөлүп беришкен. Эгер кары-картаң болуп, оокат кылууга мүмкүнчүлүгү келбесе, жакындарынын бирөөлөрү аны мал-мүлкү менен көчүрүп алган. Дүйнөдөн кайтса, өлүк зыйнатын ойдогудай жасаган.

Айры төштүн алдына жатпаган – бул балбандардын бир да жыгылып көрбөгөн, алышта алдырбаган, чалышта чалдырбаган, т. а күчү теңдешсиз алпты айтуу салтыбыз.

Илгерки каадада балбандар дөө болмоюн, мүчөсү, туруш-турпаты өзүнчө зор көрүнүп турмайын, анын балбандык кудурети табигый көрүнмөйүн аны алып чыкпаган. Бир дубан элде өзүнүн сынынан өткөн өлчөлүү гана адамдары боло турган. Минтип, айры төштүн алдына жатпаган, «буту айрыдан», «жумуру баштан» сымал сүрөттөөлөр менен берилген сөз тутумдары, ой түрмөктөрү, албетте, элестүү, күчтүү сезилет. «Төш тирешип», эки адамдын ич ара чатакташа түшүүлөрүн да ушундайча түшүнүшкөн.

Кечээки эле биз көргөн Кожомкул балбан, Бөлтүрүк балбан, Шейшенаалы балбан, Турумбек балбан, Алмуканбет балбан, Көөрүк балбан, андан мурунку Кыдык балбан, Алчыкен балбан, Каба сыяктуу атактуу балбандар кыргыздардын намысына татып келишкен.

Булар – балбандын дөөлөрү, алптары, араларында жүктүү төө көтөргөндөрү чыккан.

БАЛБАН КӨТӨР. Бул – жигиттер жүгүрүп келип, жыккан балбанын жыгылган балбан үстүнөн кыйкырык, сүрөөн менен көтөрүп кетүүлөрү. Тегеректеп туруп алышып, балбанын жерге тийгизбей көккө ыргытып-тосуп алуулары. Ар бир атанын, уруктун, уруунун эли баланы жаш чагынан ат минүүгө, аттын кулагы менен тең ойноого,

ат чабууга, ат үстүнөн алышууга, тыйын эңүүгө, жөө күрөшүүгө машыгууга үндөшкөн. Андай шартта ошол элдин сыймыктанаар оюнчусунун атын атап, бата беришкен.

Улуу «Манаста» калмактын алпы Жолойду көтөрүп чапкан эр Кошойду балбандардын пири катары көрөбүз. Андан бери «Кошой колдосун» – деп алакан жаябыз...

ЖУРТ БУЗАРЛАРГА ЭЛДИК ЖАЗАЛАР. Кыргыздарда да башка элдердей эле жазанын элдик формалары бар болгон. Алар – төмөнкүлөр: «Атка тескери мингизүү», «жонунан таяк алуу», «башка жактарга көчүрүп жиберүү», «жалгыз үй отургузуу», куйрук-жалы кыркылган жайдак атка же төөгө мингизүү, «журтка калтыруу». Зайыптарга «көчкөндө жаргылчак теңдөө», «байталга мингизүү», «чачын кыркуу», же «такырайта кыркуу». Өлүм жазасы үчүн «дарга асуу», «таш бараңга алуу» сыяктуулар болгон.

СЫЙЫНУУ. Бул – негизи динге байланыштуу түшүнүк. Кудайга, аллага, теңирге, ааламга, жерге, сууга, тоого, ташка ж. б. жалбаруу, алардан жакшылыктарды күтүү, жандуу ыйык катары кабыл алуу. Касиеттүү күч ошолордо экенин билип-сезүү. Ар бир журтчулуктун өз-өзүнчө сыйына турган «сырттан туюучу» кереметтери бар. Ал тууралуу узун сабак мисалдарды айтаар элек. Ал эми бул макалада мусулманчылыкка моюн сунган Кыргыз Ата тукуму кудайымды, теңиримди, алланы бийик тутуу үчүн ислам динине моюн сунуу, Мухаммед пайгамбардын осуяттарын аткаруу, бу жарык жана жалган дүйнөдө шарияттын кан жолунда жүрүү ж. б. сыйынууну гана белгилеп кеттик. Мындан тышкары, элдик адамдар, кутмандуу карыялар, набаттуу байбичелер, баатырлар, шайырлардын үлгүлүү баскан жолдору, таалим-тарбиясы да сыйынууга татыктуу боло алат. Журт мыктылары менен журт жакшыларына таазим кылуунун, алардын жолун улук тутуп, алдыларынан кыя өтпөөнүн өзү да сыйынууга барабар. Биз үчүн Манас ыйыктардын ыйыгы экендигин түшүнөбүз. Демек, ага сыйынуубуз парз.

УБАДАГА ТУРУУ. Бул – адамгерчилик сапаттын алгылыктуу түрү. Тирүүчүлүктө бирөөлөр менен алды-бердилер болот. Айрымдардын ортолоруна калыстыкта жүрүүлөр бар. Сөз берүү – чындыктын күбөсү. Сөздү сыйлоо – адамгерчилик, кадыр тартуучулук, туруктуулук. Айткандарынан тайсалдоо – жалакайлык. Убада бердиңби – аны аткар. Мунун тескери түшүнүгү – алдамчылык, убарачылык, убада сөздү карытуу. Ишенчиликтен кетүүчүлүк.

ТЕКЕБЕРЧИЛИК КЫЛБОО – бул болуп жаткан кыймыл-аракетке, турмуш-тиричиликке, байлыкка, мансапка өкүм мамиле кылбоо. Алды-артты ойлонуу, тобо келтирүү, кудай, эл-журт алдында акарат кылбоо, жакшына жашоосун жактыруу. Көөдөндү өйдө көтөрбөө. Алдындагы ырыс-кешигин өзү көкүрөккө теппөө, ырыскыга жаба түкүрбөө. Текеберчилик – мунун тескерисинче иштөө.

МАКТАНБОО. «Мактаныч эмес, сактаныч керек» (Макал).

Бул – пендечиликте ырысты, сөөлөттү, бардарлыкты көтөрө билүү. Барга кайыл, жокко назар. Мактанчаактык – көйрөңдүктүн бир түрү. Өзүнүн жекелигин башкалардан жогору коюучулук. Оор басырыктуулук, бой көтөрбөөчүлүк – мактануунун оң таасирлери. Бирөөлөрдү мактоо – аны көтөрө билүүчүлүк. Сен өзүң жөнүндө айтпа, бирөөлөр айтсын деген кеп бар.

КҮЛҮҮ АДЕБИ. Кыргыздар күлүүчү орунду билишкен. Ырсактап, улуу-кичүүлөрдүн ортосунда дайыны жок күлүүнү жек көрүшкөн. Кызыктуу аңгеменин учугу уланып, улуулардын сөзүнө көпчүлүк уюп отурган чакта бирөөлөр обу жоктонуп күлсө: «Тур, эшикке чыгып, күлүп келчи?» – дей турган. Окуяга байланыштуу бирөөлөр күтүүсүз күлсө, же күлкү чакырган учур болсо, жапырт күлүүлөр айтылып жаткан окуяны шаңына чыгарат, жандандырып жиберет. Күлбөс нерселерди айтып, өзү карсылдап күлүп калуусу абдан одоно көрүнөт. Бирөөлөрдүн айыбын көрүп, аны чукуп күлсө, ал андан бетер одоночулук. Бирөөлөрдү

кемсинтип күлсө, т. а. «боору эзилсе» жага бербей, кайра-кайра каткырып күлсө, бул да өөн.

Улан-кыздардын карыялардын көзүнчө ырсалактап, үндү түрдүүчө чыгарып экиленип туруусу – андан беш бетер уят көрүнүш. Күл, күлө бил. Кандай жерде кантип күлүүнү бил. Күлбөс жерде күлбө Күлкү – алтын өмүрдө асыл көрүнүш, аны сарысаптай бил...

Тамашалоо – тамашалашуу

«Илгертен эле тамашакөй, тамашаны жакшы көтөрөт», «Тамашага чычалап жиберет», «Тамашалашып отурушат» өңдүү чыгыш элдеринин ичинен өтмө, каймана маанидеги кеп-келечтерди кыргыз эли мыкты түшүнүшөт. Баркына жете баалашкан.

Эл шайырлардын коюп берген оюн-күлкүлөрү тамашага кирет. Теңтуш-телилердин бир-бирине азил-шакабалары, алдыдан бирин-бири «чымчылап», кеп баштап, аны жолдошунун толук түшүнө-түйүнө билүүлөрү, кеп маанисинен доо кетирбөөчүлөрү тамаша болуп саналат. «Тарс эткендин баары тамаша» дейт. Өйдө-ылдый айтылган сөздөр болсо кечиримдүү болсун дегени. «Тамашадан от чыгат» дейт. Эби-сынына келтире отургандардын бирине тийбөөчүдөй чебер тамашакөйлөр бар. Атактуу Мидин туурасында мындай деп айтылат:

Адамдын ички дүйнөсү аңтарылгандай, күлкү чакыруучулар, аны элге таратуучулар ошол Көкөтай, Жоошбай, Куйручук, Бекназар, Мидин сымалдар өткөн. Оюн, күлкү, шакаба, тамаша, азил, мыскыл – көңүл ачуунун куралдары. Булар ич ара бирине-бири өтүп, биринин сыпатын, курчтугун, өткүрдүгүн бири толуктап турат. Буларды табы менен жүзөгө ашырууга чечендердин, куудулдардын кылдаттыгы, чеберчилиги артылып отурган.

КӨГӨН ТҮП. Көгөн – кой-эчкилер, козу-улактар байлануучу орун. Бирөөлөр бирөөлөрдүн аманат кой-эчкисин багып, төлдөрүн ойдогудай торолтуп бергенде анын көгө-

нүн кур койбой, ошол козуларынан, улактарынан өзү билгендей, багуучу ыраазы болгондой санда таштап кетүүсү. Албетте, мындан аркы ич ара мамилелердин түз жүрүшү үчүн бул салт колдонула бермекчи...

ЖЕЛЕ ТҮП. Желе – кулун байлануучу орун. Айрым учурда желени тегеректей турган үйүрдү да желе деп коёт. Мында, бирөөлөр жылкыларын багып, талаптагыдай төлдөтүп, торолтуп айдатканы жатканда, желесин кур койбой, өз ыраазычылыгы менен жылкылардан бирди-жарымды таштап кетүүсү. Көгөн түп, желе түп, анан уй-топоздорду асырап берүүдөгү казык түп, желеге бирөөнүн айгырын салууда, короого кочкорун, текесин, букасын кошууда да ушундай алгылыктуу жөрөлгөлөр болот.

САЛЫККА (КАН САЛЫК) асемдүү дүнүйө, ага карк алтын-күмүш, салттуу көркөм буюм-тайымдар, алардан жаралган нускалар, зер жасалгалар кирет. Муну пайдаланнуунун ар кандай жолдору бар. Салык бирдемелерди жерге салуудан, сактап коюудан келип чыккан. Кан салык – кандардын, бектердин, байлардын, болуш-бийлердин, көпөстөрдүн, ири соодагерлердин ж. б. баалуу дүнүйөлөрү.

Биринчиден, жоокерчилик замандарда шашкалактап буюм-тайымдарды бир жерди белгилеп, таштап качууга аргасыз болгон.

Экинчиден, көчүп-ташынууда чакан эмеректерди гана алып, калгандарын кыштоолоруна коюуга туура келген. Мисалы, карылардын айтымдарында 1916-жылкы алааматта салыктар белгилүү жерлерге ташталып, кайра келгендердин таап алгандары; жер көчүп, өзгөрүлүп, таба албай калгандары да болуптур. Айрым аймактарда азыр деле жайлоого чыгууда «жайлоо үйү», «жайлоо килеми», «жайлоо эмеректери» сымал чакандала жүктөлүүчү буюм-тайымдар менен чыгат. Жакада калгандары салык деп аталат.

ТҮНДУК ТАРТУУ. Көчмөндүүлүктө кыргыздар жайдыр-кыштыр боз үйдү маанектеген. Адатта, эрди-аял үй-

дүн ыпча бөйрөгүндө жаткан. Үйдүн эшиги күн чыгышты караганда эркек кереге тараптан орун алат. Аял коломтону өчүрөт. Уктаарда түндүк жабууну аял тартат да, эр бүлөнүн сол ыптасында болот. Бул аялдын эрте турушка, түндүктү артка тартууга, уй саашка, от жагышка оңтойлуу келет.

ТҮЙМӨЧ КЫЛУУ.

1. Күз башынан ойдогудай семиртилген малды союп, этин чыпчыргасын коротпой, кардына шыкай салып (кичине туз кошуп), муздак жайга тоңдуруп коюп, жазда, үзүмчүлүктө (узун сарыда) ачып, тамак кылып оокаттануу. Ошондо койбу, эчкиби, уйбу, сөөгүн шылып алганда сулп эти өзүнүн карынына баткан. Жазда кызыл болуп, өтө сонун сүрсүп, жешке ширелүү болуп калган.

2. Түймөч кылуу – этти майдалап туурап, тузду өткөрө татытып, кууруп алуу;

3. Түймөч кылуу – куурулган майда этти кесме аралаштыра чала кууруп, карынга ж. б. идиштерге салып алуу. (Бул ичкилик, анжияндык кыргыздарга мүнөздүү болгон). Булар «аш катык» деп аталат. Албетте, мындай эт азыктары талаа-түздө жүргөн, жоокерчилик кылган кыргыздар үчүн жарым күлазыктык милдет аткарган.

ЧӨП ЖАШЫРУУ. Бул – жөнөкөй калыстык мамиле жасоонун бир түрү. Эгер эки адамдын ортосунда чакан маселе болуп, ал чечилбей жатса, оюн-чындан «анда чөп жашырышалы», – дешет. Чөптөн сындырып (кээде тал ширеңке, жыгачтын сыныгы ж. б. заттар дале жарай берет), эки колду аркасына алып, чөптү колдун бирөөнө калтырып, эки колду жуумп сунуп, чөп жашырышканына «таап ал» дегендей ишаратты берет. Ал «чөп мында» – деп, эки колдун бирөөн көрсөтөт. Колун ачат. Тапса – жеңди, таппаса — жеңилди... Албетте, андай арзан жолдогу калыстыкка элибиз дароо моюн сунчу.

МУРУТ-САКАЛ КОЙДУРУУ. Жигиттердин мурут койдуруусу, ал – көрк. Төтөн, чап жаактарга коюу мурут шаптай көрүнөт. Ал шыңга бойго ого бетер жарашык бе-

рет. Ошон үчүн жаштардын мурут койдуруп, аны өз учурунда тегиздеп алып туруулары жалпы келбетти ого бетер шаңдуу, кайраттуу көрсөтүп, эр-жигиттердин касиеттүү белгилери болуп саналат. Жаш келгенде мурут-сакал койдурбай жүрсөк, айрымдар: «Ушу күнгө чейин, мурут, сакалы жок боз кемпир болуп жүрөт», – дешет. Ал да туура, өтө суйдаң, муруттчандар, сакалчандар бар. Андайларды көсөө дейт. Алардын койдурган мурут-сакалдары анча жарашык бербейт. Көпчүлүгүбүз эр ортонунан ашканда каада-салттап абалы муруттуу болсок, аны чыйралтып турсак, алтымыштан ашканда сакалыбызды сыласак, кепичмаасы кийип, ыктымал болсо намазга жыгылып, кийинкилерге үлгү берсек – дейбиз. Анын баары эле ойдогудай эмес. Сырткы көрүнүшүнө карап, мурут-сакалдарды бир нечелерге бөлүп айтышат: «Шиш мурут», «шаа мурут», «мышык мурут», «калкан мурут», «теке сакал», «кереге сакал», «батек сакал», «көкүрөк сакал», «суйдаң сакал», «чокчо сакал» өңдүү түрлөрүн оюн-чыны уга коюп жүрөбүз. Анткени менен андайга эч ким терикпейт. Ар ким өз абийирибизди сактообуз зарыл. Колдо бар мүмкүнчүлүктү аркалап, «пайгамбар барга назыр» деп, арткылардан айырмаланып, куучуңдабай, карылыкка моюн сунуу парзыбыз бар. Мезгилиң келгенде «Сенин мурут-сакалдарың өтө суйдаң тура, жарашыгы жок, койдурбай эле койгун» – деп, эч ким деле бири-бирине кине койбосо керек.

Негизи, «ата сакал ээгине бүткөнү», «өз сакалымды өзүм сыйлайын», «ак сакалды урматта», «сакалдуу жоого түшөбү», «табакты сакалдуулап тарт», «сакалдуулап чакыр», «сакалдуу кишини», «сакалын сүйрөп келсе», «ошондой сакалдуу адамдар» сымал ичине накылды да, адепти да, абийирди да данекердеп турган туюнтмалар кыргыз атанын беделине доо кетирип көргөн эмес...

КЕРЭЭЗ (КЕРЭЭЗ АЙТУУ). Бул – адамзат жарык-жалган дүйнөдөн биротоло көчөөр алдында эл-журтуна, балабакыраларына калтырган сөзү, акылы, кеңеши, акыркы

айткан сөзүнүн ток этээри. Керээз айтууда элибиздин табигый маданиятын билебиз. Мурунтан баштап эле: «Кийин көзүм өтсө, муну мындай кылгыла, тигини тигиндей жасагыла, сөөгүмдү ошол жерге койгула, жайымды тигиндей ойдургула», – деп айтылып келген. Албетте, мында «өлбөстү, кудай жаратпайт, сынбасты уста жаратпайт». Жанжаныбар туулат, өсөт, өнөт, өлөт. Жаратылыштын мындай мыйзамченемин четтей өтө албагандан соң болочок иштерди күн мурунтан боолголоп коюу парзыбыз бар. Муну балачака түшүнсүн.

Экинчиден, адатта, адам «боюн түзөп», таазим берээр алдында, болгон күчүн жыйып туруп, оюндагысын айтат. Ал сөзү калгандары үчүн ыйыктай сезилет. «Мурун эле айтып жүрүүчү», «өлөөр алдында айтып калды», «ушуну айтууга араң жарады»... Арийне, керээз угуп калуунун өзү маани-жай. Мында маркумдардын кадыр-баркы, алардын айткандары бизге ыйыктыгы аркылуу бааланат.

Үчүнчүдөн, керээз – ага-туугандарын, бала-бакыраларын, кадыркечтерин чогултуп туруп, атайын мал сойдуруп, эт желип, бата тиленип бүткөндөн кийин бала-бакыра жай-жайына тарап, улуулар калганда, жарыктык оорулуу баарын тегерете карап, сыдырата санап, кимдер бар, кимдер жоктугун билип, орой көз чарай отургандарга айтыла турган сөз. Арийне, анда төмөнкүдөй суроолор камтылат: мал-жан кимдерде калат, кара ашка канча союлат. Кимдер топурак салат, сөөктү кимдер кармайт. Эмнелер коюлат: жаназасына, дооранына, мүчөсүнө, жыртышына, мүрзөсүнө ж. б.

ЫРААЗЫЛЫГЫН АЛУУ, ЫРААЗЫЧЫЛЫГЫН БЕРҮҮ. Бул – адамзат жарык-жалган дүйнөдөн өтөөрдө, кетээрде айтылып калаар адат. Эски адамдар алдын-ала: «Мен силерге ыраазымын, өлсөм сөөгүм ыраазы. Армансыз жашадым. Силердин алдыңарга кетейин. Ак кепиндеп, аруу жууп, көөмп койгула, – деп, эртели-кеч айта, кулак

кагыш кыла жүрүшөт. Албетте, мындай карылык нуска бала-бакыра үчүн салттуу-нарктуу көрүнүштөй туюлат.

Мунун экинчи тарабы бала-бакыра, үй-бүлө жүрөк токтоор алдында андан ыраазычылыгын суроо. «Кеткен күнөөм болсо, кечир», – деп өтүнүү.

Адатта, ата-энелер, ага-туугандар алдын-ала эне сүтүн, элик сүтүн кечет. Бул баарын кечкенге барабар. Андан аркы сөз, мүмкүн катар, мындан аркы ынтымак-ырыс тууралуу болушу ыктымал. (Ал «Керээз айтуу» макалада айтылган). Зыйнатына кандай вазийпалар көрүлөт. Ийри отургандарды ичтен тындырып, ал кабардар кылат. Адам көз жумгандан кийин, ушул өтүнүчтөр, албетте, сөзсүз аткарылат. Оо, жалган-жарык дүйнөдө тирүүлөр үчүн мындан артык буйрук жок. Муну урматтайлы, муун-жүүндү бошотсок да, ал шертти изден тайбай аткаралы...

Керээз айтууга шайы келбей кетти, баарынан ушул өкүнүчтүү, – деп калат.

КОШОК (КОШОК КОШУУ). Бул – кыз узатууда, адам өлгөндө ыр менен үн чыгара айтыла турган салт. Кыз узатуудагы кошокто энелери, жеңелери, эжелери кыз бара турган жериндеги жүрүм-туруму, «Таш түшкөн жеринде оор» дегендей, ошол үй-бүлөнүн тартип-жөрөлгөсүнө моюн сунуу керектиги, анын эли-жери башкалыгы, мунун мыйзамченемдүү көрүнүш экендиги жөнүндө баяндаган. Анда адеби, ыйманы айрыкча айтылган. Эжеси:

«Кызыл чапан жең учу,
Кыяны шамал кагуучу.
Жакшы атанын баласы,
Кылыгы менен жагуучу.
Кара чапан жең учу.
Капталды шамал кагуучу,
Жакшы атанын баласы
Кадыры менен жагуучу» – десе,

жеңеси:

«Түндүк бою от жакса,
Түтүн кылбай өчүрчү.
Жаман-жакшы кеп айтса,
Күлкүң менен кечирчи, – дейт.

Кыз бергендеги кошок кызды аткараар алдында муңкана, экинчи ал кайра кайрылбастай, «өлүк» катарында кадимкидей жаш алып, кошо турган. Кошуп жаткан шартта куда-сөөктөрдүн ал-абалдары кошо даңазаланган. Анда да бий-бийге, кедей-кедейге жиктелип, мансап, байлыгы, бирок «кедейлик кемтик эместиги», ар биринин түштүк турмушу да сүрөттөлө кеткен.

«Алтын ооздук жез така,
Өз атаңдын жоргосу,
Алтын ооз дарбаза,
Кайын атанын ордосу».

Демек, мында байдын кызы байга кеткени айтылды.

«Күндүн көзү миң буурчак,
Күмүштөн чачпак бир кучак.
Ал чачпакты салууга,
Кайнатаңдын малы чак.
Айдын көзү миң буурчак
Алтындан чачпак бир кучак,
Ал чачпакты салууга
Өз атаңдын малы чак».

Мында, албетте, катардагы жупуну турмуш баяндалды. Адам өлгөндөгү кошоктордо муңу-күйүтү бөлөкчө келет. Кайрылгыс сапарга кетип жаткандыктан анда анын эли-жери, уругу, ата-бабасы, мансабы, кесиби, үй-бүлөсү,

балдары, алган жары жана башкалардан бери даңазасы артыла айтылган. Убайым ажалдын огу ушундай экени билинет. Буга «Калы мергендин аялынын кошогу» («Шыралга» деп келгенге, шыйрагын кеспей бергеним»), «Устанын аялынын кошогу» («Балкасы менен зер чапкан, Бармагы менен мал тапкан»), «Баба дыйкандын аялынын кошогу» өңдүүлөр мисал боло алат. Тоңдогу саяк Алакөз-Кабанын билерманы Баатыркан болуш «Мен өлгөндө кандай кошоор экен» деп, боз үй тиктирип, зайыптарына кара кийгизип, тирүүсүндө кошок айттырат. Улуу байбичеси:

«Ой, Баатыркан ойронум,
Алакөз менен Кабаны
Айдап жүрүп соргонум» – десе,

дагы бирөөсү – кошо албай турган күнүлөшү тууралуу:

«Бакачыдан мени алдың,
Баркымды билет деп алдың.
Барк билбеген дөдөйдү,
Мал коротуп не алдың» – деген экен.
(Бакачы көлдүн күнгөйүндөгү саяктардан)

Кезегинде Баатыркандын мындай аракети эл ичине дуу-дуу дей түшөт. Аны туурап бир кембагал жигит чийдин түбүнө жатып алып, шайыр келинчегин: «Мени кош» – дептир. Келинчеги:

«Төркүндөн келген кунаажын,
Үй болгондо өлсөңчү,
Атаңдан калган алачык,
Үй болгондо өлсөңчү.
Кантейин эми жаш кырчын,
Кудайды карап өлсөңчү» – дегенде,

«Ок, атандын оозун урайын катын, ушинтип да кошот бекен?!» – деп тура качыптыр.

Кошок – ырдын (поэзиянын) бир түрү. Кошокчу акын аялдардын илгерки сабатсыз кездеги ички муңун сыртка чыгаруусу. Кошок кошуу, негизинен, ургаачыларга таандык көрүнүш.

Ал эми акындардын-ырчылардын сөөк көмөөрдөгү атайын коштошуу ыры, өлгөн адамды кийин жоктоп келип түшүү салты да кошоктун катарына кирет. Ал өлүк зыйнаты болуп саналат. Илгери атактуу адамдар дүйнөдөн кайткanda айтылуу кошокчуларды ат менен алдырган. Белгилүү акындарга кошок жаздырган. Кээ бир кошокчуларды зайып ордуна кара кийгизип олтургузуп, ал адамдын сөөлөтүн, дөөлөтүн, мартабасын, кадыр-баркын арттыра айттырган. Мисалы, Тоголок Молдого (Байымбет Абдрахмановго) кошок жаздырып турган. Көл башындагы Чоң Чыныбай Тилекмат уулу өлгөндө аны жеткире даңазалоо үчүн тынымсейиттик Кенебай бала ырчыга кара тул кийгизип коштурган.

Ниязбектин сегизбегинин бири Ажы болуп саналат. Билерманы Карач Бабакан уулу Жерге-Талдагы сарбагыштарды ичиндеги майда уруктары менен бийлеген. Ал аймакты «Ажы эли» дешчү. Карач Ажы аталат. Сөөгү Тектир-Сазга коюлганда, атактуу Сагымбай манасчы аттан эт бышымча түшпөй, мындайча кошот:

«Кыйылды чынар багыңар,
Кыйрады алтын тагыңар.
Кесилди чынар багыңар,
Кетти го алтын тагыңар.
Мөмөлүү жыгач кыйылды,
Мөмөлөрү жыйылды.
Казак-кыргыз мусулман,
Кайдан издеп табасың,
Ажы атамдай кыйынды»...

Кошок – кадырлууну жоктоо салтынын бир түрү. Анда маркумдарды терең урматтоо, «акыры биз да ушундай болобуз, ушундай зыйнат калтырсак», – өңдүү тереңдик жатат. Азыр бул салттуулук сакталбоодо. Кошок коштуруу жоюлууда. Өлүктө «бышаңдап ыйлоо», бул арак сеп этип алса, кой-айга келбей өкүрүп-бакырууларга алмашууда. Кайран салтты унутуп баратабыз. Аны кайрадан улообуз зарыл. Мындан таланттар өсүп чыгат.

КУТ (КУТ ТҮШҮҮ). Бул – алла-тааланын амири менен асмандан ырыс-таалай катары жорула турган, көзгө көрүнгөн сырдуу түшкөн жышана. Ал тоголоктошкон курттай, же уюган жууратай, же жуурулган камырдай агыш түстө келип, айрым адамдарга гана көрүнгөн. Анын кут экенин билбей, ордунан козгоп, же күбүп, силкип жууп, тепсеп коюу аркылуу ал жерден «кут качты» болгон.

Кут түшүү ошол үйдөгү ырыс-кешиктин түптүүлүгүн даңазалайт. Умай эне колдосун деген маанайда (ал баланын пири) илгери үйлөргө коргошундан кут куюп, аны ак чүпүрөккө орой тигип, бетине жети бермет бастырган. Байлап, малдын башын да кут кылып, мал төлдөө учурунда койгон. Үй ичинде ар кандай кырсык болуп калбасын деп, кутту көрүнөө койгон. Үй ээсинин меймандостугун, казан-аштуулугун, тарткан табагынын берекесин ошол түшкөн кутка тогошкон.

Кут – табияттын бир табышмактуу белгиси. Кудай-тааланын шыбагасы. Ошондуктан, мыкты нерселерди ошого символдоштурабыз. Мисалы, «Ал – ошол үйдүн куту», «Ал жерден кут качты», «Кутмандуу кыргыз журтубуз», «Кутмандуу карыя», «Куттуу байбиче» өңдүү салыштырууларда адамзат баласы андай касиет-кереметтер менен тутумдаш, аралаш, ырыскылаш жашоолорун туйгузат.

КУТУ КАЧТЫ – куту учту. Кут – бакыт, таалай. Демек куту качты (куту учту) – бул бакты-таалайды колдон учуруу дегенди түшүндүрөт. Адатта, кыргыздар «ырысын тепти», «ырыскысын качырды» дегенди ушуга маанилеш

колдонушат. Бул – кут түшүүнүн тескери көрүнүшү. Өзү келген кутту өздөрү кубалады дегендик...

ЧЕЧКОР. Бул – баба-дыйкан ырымы. Эгилген эгин бышып, ага орок салынаарда, кызыл кырманды сузаарда кырман үстүндө жандыктын канын күрөккө тосуп муздоо. Этин бышырып, кырманчыларга берүү. Албетте, бул кызылга кырман толсун, мол түшүмдү күрөп алалы – деген тилек кылуу ырымы-жырымы болуп саналат. Ал төмөнкүдөй учурларда жасалган.

Үрөн сепкенде:

«Бу – жетим-жесирге,
Мунусу – карып-мискинге.
Бу – ач-арыкка,
Мунусу – алсыз-карыпка,
Булар – курт-кумурскаларга,
Мунусу – сурамчыга,
А бул – тилемчиге,
Булар – саламчыга
Калгандары – бизге, сизге, мага».

Кыскасы, уучтап сээп жатканда, мына ушундай энчилөөлөр болгон. Бул – баба дыйкандардын ырым-жырымы. Ал эми эгин бышканда:

«Береке бер эгинге,
Белсенип кызмат биз кылсак,
Эмгек кетпес тегинге,
Байчечекей, шиберлер
Бажырайып бүрдөсүн,
Бачым эмгек кылгандар,
Карыны тоюп гүлдөсүн», –
десе, эгин оргондо:
«Бол, жигиттер болгула,
Ор, жигиттер, оргула.
Чал, орогум, чалгыныӊ,

Арпа, буудай таштабай
Боого байлап салганың» – деп айтса,

темин басуу учурунда:

«Майда-майда, мапмайда,
Майдалансын атты айда.
Оп майда, оп майда,
Тилек кылдык Кудайга,
Береке бер буудайга,
Далым күйдү бу жайда,
Баба дыйкан бар болсо
Бир карашаар ал жайга», – дешкен.

Андан ары эгин сапыраарда минтип айтышкан:

«Орток, орток, кел орток,
Айдар кел, Айдар кел, эй, айдай кел
Талкан жеген баланы
Байлай кел, ээй, байлай кел».

Албетте, баба дыйкандардын Чечкор майрамын кайрадан калыбына келтирүүбүз зарыл.

АЛГООЧУЛУК – мал чарбачылыгын бел тутуп, оокат тиричилик өткөргөн тоолуктардын өндүрүштүк өнөктөштүк учуру. Жазда жандыктардын жүнүн кырккан, тыбытын тараган, топоз, жылкылардын куйрук-жалдары, кылтагы отолгон, төөнүн жүнү тонолгон. Булардан айылапалар чогулуп жүн сабашкан, кийиз баскан, жип-шуу, аркан-чылбырын эшишкен, жүн түйдөктөшкөн, ийик ийришкен, өрмөк согушкан, чий чырмашкан, килем токушкан. Аны жасатып жаткан үй жайыл дасторкон менен күтүп алышкан.

Алгоочу – кол-кабыш кылуу, алгоочулук – айыл ичи колмо-колдоп бирөөлөрдүн иштерине жардам берүүчүлүк.

Мындай көрүнүштөр көбүнчө бардарларга, байларга, болуш-бийлерге мүнөздүү, шарттуу болуп саналат. Бул ашарга чакырууга окшошуп да кетет. Ал болсо көбүнчө жер үй куруу аракетинде керектелет. Мына ушундай шарттардан улам узчулукту үйрөтөт, ынтымактуулукка чакырган. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу – тоолуктардын мүнөздүү көрүнүштөрү. Ал аракеттери үчүн жүн, кыл, тыбыт берилген. Аны алар буюм кылып алган.

ҮЧ КЕСИМ – кылмыштуу деп аталган адамга тартыла турган айыптын бир түрү, өлчөмү. Ага илгери мал уурдоолор, жылкы чабуулар, ноокас кылуучулар, эриш бузуучулар, улуктарга сөз тийгизүүчүлөр, ага моюн толгоочулар, камчы чабуулар, урук-урууларды бөлүп жаруучулар, куйтулук кылуучулар ж.б. ушул өңдүүлөр кирген.

Мисалы, аткарыла турган айыптар: Төө баштаган үч, ошондо бир төө калганы үч кулундуу бээ, үч козулуу кой, үч улактуу эчки «Үч кесим» деп аталган.

ТӨРТ КЕСИМ – кедейлердин байларга доого жыгылуусунун бир түрү. Муну мындайча түшүнүүгө болот. Адатта, кедей байга, негизинен, жалчылык кылат. «Отун-суусун алам, көңүн, чөбүн чабам, малын багам» өңдүү өнөктүктөрү менен кедей байдан, айталык, улактуу эчки алды дейли. Убада боюнча айткандарын өз убагында аткара албай калышы ыктымал. Бай бийге арызданып барса, ал үстүнө дагы мал кесип, жумуштун көлөмүн чоңойтуп коёт. Аны да кедей жасабаса, эчкилүү улак тайга айланат. Анан кунанга, андан быштыга, быштыдан асыйга айланып, бат эле төрт тай, төрт кунан, төрт бышты, төрт асыйга чаап кетет. Ошону «Төрт кесим» деп аташкан.

КЫРГЫЗДАРДЫН ТАЛАА-ТҮЗДӨГҮ ТӨШӨГҮ. Элибиз ат жалын жеңил көрөт. Алыс жол сапарда жадабай ат үстүндө жүрө билишет. Жылкы тийүүлөр көп болгондуктан, түн жамынып, мал четинде болушкан. Жоокерчилик заманда талаа-түздө өзүлөрүн кыраакы да, бейкапар да сезишкен. Ошондой эле эр жүрөк, кайраткер да кели-

шет. Мисалы, ара жолдо калса, ал жалгыз жарымбы, же топ атчанбы, ээр-токумду алып, атты жайдактап, тизгинди жалга какыйта байлаган. Тердикти, ичмекти жерге төшөп, ээрди желдикти башка жаздап, үстүнө көрпөчөнү жайган. Чепкенди ай-карасынан жамынып, бейкапар уйкуга кирген. Убагында атты отко койгон. Муну кыргыздардын талаа-түздөгү эс алуусу дейбиз.

БООРУКЕРДИК. Гумандуулук – бул кыргызча боорукердик. Демек, адамдын мыкты сапаттарынын бири. Аны кайрымдуулук деген туюнтма менен алмаштырабыз. Кара мүртөздүк, ыймансыздык, таш боордук, сараңдык, көралбастык сыяктуулар – боорукердиктин тескери түшүнүгү. Начар өлкөлөрдүн элдеринде көрсөтүлүп турган бай өлкөлөрдүн гуманитардык жардамы – боорукердиктин чоң үлгүсү. Кыргыз мамлекети жаш. Кичине мамлекет. Ага ар тараптан азык-түлүктөр, дары-дармектер, кийим-кечектер такай түшүүдө. Бул өңдүү көптөгөн түрдөгү жардамдардын негизги себеби биздин өлкөнү бат телчигип кетсе дегени. Гуманитардык жардамдын башка жагдайлары бар. Алсак, жер титирөөлөр, суу ташкындар болуп жатат. Булар кадимки зилзаланы жана топон сууну элестетет. Ата Мекендик согуштун ардагерлерине, майыптарына, көп балалууларга, өтө кары-картаңдарга, багаары-көрөөрү жокторго, сөзсүз, турмуш-тиричиликтик жардамдарды беребиз. Мына ушундай шарттарда балдардын да аёо сезими жаралат. Ооруларга, кары-картаңдарга суу алып барып берет, бул да – гуманитардык жардам. Тамаркасындагы отоо чөптөрдү жулуп, сугарып берсе, ал да – жардам. Дүкөндөргө чуркап барып, жумшагандарын алып келип турса, ошол да боорукер мамиле эмеспи. Бирдемени жасай албай турса, колунан ала коюп жасай койсо, бечара адам кубанат. Ырахматын айтат. Карылар батасын берет. Анткени «бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт». Жолдошторуңдун абалын көрүп-туюп туруп, аёо сезимиң келсе, эм-

неден кемчилик – ошону бере кой. Ал да сага бир чактары сыйга-сый, сыр аякка бал куят.

Жыйынтыктап айтканда, боорукердик, карыларды сыйлоо, урматтоо, айкөлдүк, өз ара мамилелер баары биригип келип, адептүүлүккө үндөшөт. Ошонун ар кыл бутактары биринин сапатын, ички касиеттерин бири толуктап, түшүнүктөрүн кеңейтип турат. Ыймандуу балдар буларды аткарууда. Ич ара айырмачылыктарын айра таанып, бирок, бир бүтүн нерсе катары карап, мындай мамиледен тап калтырышпайт.

ТОПУКЧУЛУК. (Топук тилөө). Бул – барга назир, жокко кайыл болуучулук. Маңдайдагы буюрган нерсеге ыраазы болуу, ошого ток пейил тартуу, кудая тобо кылуучулук, жараткандын, барбардигердин ушунусуна шүгүрчүлүктө жүрүү. Нан болобу, жарма болобу, чайбы ж. б. тамакпы, анын азыбы, көбүбү, ошого ырыскылаш экендигине ыраазычылыгын билдирүү, күндөлүк турмуш-тиричиликтеги бардарчылыктан да мурун кем-карчтыкка моюн сунуу.

Мунун терс туюнтмасы – сугалактык, азга эмес, көпкө сугулуу. Дүнүйө, мал-мүлккө тоюнбастык. Ач көздүк, шүгүрчүлүк кылбай, улам байысам, башкалардан ашыкча алсам-жутсам деп, ач көздүктө жашоо. Бирөөлөрдүн байлыгына көз артуу.

Кыргыздар ач да, ток да болушкан. Токто бапырап, жадырап бардар. Ачта-жокто да кайрымдуу. Бала-бакыраларын топукчулукка үйрөткөн. Ошентип, топук аркылуу бышыкчылык күзгө, жазда акка жеткен.

Топук тилөө – пендечиликте, бу жашоодо баарына кайылчылыкта аста-секин өмүр өткөрүү, ыйман. Мунун түпкү маани-си адепке барып такалат.

ЖАРАМАЗАН. Кыргыз элинде жарамазан айтууда жаш жигиттер түн ортолоорунда чогулуп алышып, бардыгы өгүз, эшек, ат минишип, бир ырчы-акынды ээрчишип айылды, түндү түрө кыдырышып, көбүнчө зоор маалында, айрыкча, малдуу, оокат-кечелүү үйлөрдүн эшигине тура

калышып, уулун, кызын, небере-чөбөрөлөрүн тиешелүү жагымдуу сөздөр аркылуу макташкан. Башка улуттардын жарамазан ырдоолоруна караганда кыргыздардыкы динге анча аралашпай, өтө угумдуу келип, уйку-соодогу адамдарды көшүлтүп, антип мактоонун күчтүүлүгүнөн көгөндөгү козу-улактардан чечип берүүлөр чыккан. Тай жетелетип, торпок айдаткан. Айрым сараң байларды ошол замат кордоп кетүүлөрү болгон.

Жарамазанды орозонун он бешинен кийин айтат. Илгери аны акындар-жамакчылар ар кимиси өз деңгээлине жараша айткандыктан, жарамазан ар кайсы жерде ар түрдүүчө сакталып калган. Жарамазан айтуу – бул диний осуяттарга кирбейт. Андыктан аны элибиздин улуттук өзгөчөлүгү катары кастарлаганыбыз жөн.

«Ушул үйдүн түндүгү кайың бекен?
Бизге берер жоолугу дайын бекен?
Ушул үйдүн түндүгү арча бекен?
Бизге берер жоолугу парча бекен?

Үйүң-үйүң үй экен,
Үйдүн көркү чий экен.
Саба көркү бээ экен,
Сандык көркү жүк экен.

Жарамазан айткандын жайы бардыр,
Жайып алган куруттун майы бардыр.
Орозобуз кудайга жооп болор,
Жарамазан айтканың сооп болор.

Курут берсең туруп бер,
Бети-колуң, жууп бер,
Бычак берсең кындап бер,
Кындап берсең чындап бер.

Улак берсең албайбыз,
Убалына калбайбыз.
Козу берсең чанбайбыз,
Койго кошуп айдайбыз.

Бука берсең айдап бер,
Булкулдатпай байлап бер.
Калабаны салбасын,
Карынымды жарбасын...» –

деп, тамашага чаап ырдайт. Ал эми жарамазан айткандарга ырымдап бирдеме берсе, алар бата беришет:

«Балдар ай, балдар ай!
Байга бата берелик,
Байдын көөнү жай болсун,
Чайнаганы май болсун!
Байбиченин ичкени
Кызыл памил чай болсун,
Кыздарынын кийгени
Кызыл күрмө шай болсун.
Балдарынын мингени,
Кара кашка тай болсун!..

Омийин! Не тилесе, Кудай тилегенин берсин! Орозосу кабыл келсин!!!

ООЗ АЧЫРУУ – орозо туткандарга кечки тамак берүү. Т. а. ал – кызарып баткан күндүн кызылы тарап, күүгүм кирген учур. Отуз күндүк орозо тутуу – тирүүчүлүктүн, мусулманчылыктын парзы. Ошол тапта орозо кармабай деле чын ыкласында орозо туткандардын оозун ачыруу жөрөлгөсү бар. «Орозодо жылдык жыйган байлыгыңдын (тамак-ашыңдын) үчтөн бирин жумша», – деп айтылат. Демек, мыкты тамак – орозого дымак. Тамактын күчү менен орозо кармалат. Адатта, ооз ачуу учурунда ооз ачыруучу-

лар кезек күтүп калышат. Ооз ачыруучу үй орозочуларга эртең менен эрте кабарлайт. Алар ич ара ирээт кылып коюшат. «Бүгүн кимдикине», «эртең кимдикинде...» билип турушат. Атайын ооз ачыруу үчүн мал союлат, эт, сүрлөр салынат.

Асан чакырышып, намаз шам окулуп, суу ууртал-гандан кийин, орозочулар дасторкон үстүнө жапырт отурушат. Чай ичилип, дене-бой жайылгандан кийин, тамак бышканга чейин шарият сөздөр, санжыра, меселдер козголот «Пайгамбар барга назир, жокко кайыл» демек, орозодо колуңдан келген сыйды жаса.

Орозо – такыбалык, тазалыктын белгиси. Карыялар менен байбичелер – төрдүн да, орозонун да, салабаттуулуктун да, набаттуулуктун да элеси. Бул жөрөлгөнү мындан ары колдоо жана улантуу керек.

КАПА БОЛГОНДО ООЗДОН ЧЫККАН КҮЙДҮРГҮ СӨЗДӨР. Адатта, кыргыздардын табиятында сөгүү, каргануу-шиленүү, бирөөлөргө акарат айтуу, көңүл калтыруу өлүмдөн да катуу көрүнгөн. «Атаны көрүп, уул өсөт», «Эжени көрүп, кыз өсөт», «Аганы көрүп, ини өсөт», «Эжени көрүп, сиңди өсөт», албетте, мунун баары – адептүүлүккө, сылыктыкка тарбиялоонун, таалим берүүнүн адал жолу, жашоо-тиричиликтин негизи. Мунун да этникалык, социалдык жана тууганчылык жагдайлары бар. Деген менен көр тиричиликтин, күйпүл турмуштун оомалуу-төкмөлүү шарттары кейип-кепчүүлөргө алып келген. Мунун да бир нече түрлөрү билинет. «Томаяк, итке мингир», «жез тырмак» ж. б. у. с. (жалчы, жардыларга айтылган), «Падариңе наалат» (башка элден келгени билинип турат), «атаңдын көрү», «атандын оозун урбайын», «атаңа наалат», «ата-жотон, кубаарың». Кыскасы, мындай каргоолор – ата текке наалат айтуу. Мындан «оозуңду урайын», «оозунду кытай урсун», «Теңир соккур», «оозуңа топо», «көзүңө топо», (кээде суук нерселерди көрүүдөн улам), «теке сүзгүр» «ат тепкир» «кудай жаман көргүр», «жубарымбек» «бейбак»,

«бейтаалай», «ырысы жок» өңдүүлөр анча деле көңүл калтыруучу сөздөр эмес. Тескерисинче, «куубаш» (баласыздар тууралуу), «атаңдын көрүнө отурайын», арийне, мындай каргоолор, тилдөөлөр адамдардын көңүлүнө доо кетирет. Ачуу сөздөр араларды ачып коёт. Уруш-жаңжал чыгарууга дейре алып барат, күйүп-бышууларына айлана-чөйрөдө болгон укмуштай таасирлер да себепкер.

«Ириген ооздон чириген сөз чыгат», – дейт. «Көрүндө өкүр», «өлүгүңдү көрөйүн», «жети күнгө жетпей кал», «баландын күнүн көрбөй кал», «чечек чыккыр», «бейит болгур», «күлапса чыккыр», «моло болгур», «сөөгүңдү жагып калгыр». Мына ушундай каргап-шилөөлөр аял-эркектердин албууттугунан, тажаалдыгынан, абийирсиздигинен кабар берет. Жакшы атанын баласы, жакшы эненин кызы мындай ирик-чирик сөздөрдөн өзүлөрүн алыс кармайт. Кээде жан кейигенде: «Ушинтип көргөн күндү урайын», «Күнүбүз өтпөй калды», «Жарытылуу күн көрө элекпиз», «Ай өтпөй койду» өңдүү сөздөр бар. Ал ошол пенденин күйпүл турмушунан улам кейиштүү айтылат. Ай, күн – бул дүйнөдө ыйыктардын ыйыгы. Демек, жарыкчылык баарынан кымбат.

«ЖАҢЫ ЖУРТКА СЫЙЫН». Кыргыздар Ата журт деп, аны туу катары карайт. Ал Мекенибиз журт – ата конуш. Мунун жөнөкөй түшүндүрмөсү көчмөндүү турмуштагы боз үй тигилүү конуш тууралуу сөз баратат. Ошол отурган жай деп айтылат. Ага көчүп келген күнү май нан жасап, ыз чыгарат. Түлөө да кыла коёт. Б. а. ордубуз кут, бала-бакыра эсен-аман болсун, журтубуз майлуу-сүттүү болсун ж. б. у. с. сыйынуулар жеринен бар. Жыл сайын бир конушта, бир журтка көчүп келип, жайлоо ыракатын көрүү – ата-баба салты. Өнүп-өскөн жер, өзүбүз үчүн ыйык сезилет.

Көп отуруунун белгиси катары сары журт болуп эскирет. Ал жерден көчүүгө туура келет. Башка журт которот. Ошондо эски журтка бирдеме – сирдемени калтырбай, аны

көргөзбөй таза шыпырып кетет. Бул келерки жылда келебиз – дегенди туюндурат. Ургаачылардын илээндиси ошол эски журттан көчкөндө баамдалган.

Башынан айтып келгендей, «Агын сууга түкүрбө, булактын башына отурба» сымал ырым-жырымдар – элибиздин адеби. Мына ушундай ыймандуу жолдор аркылуу Кыргыз ата жашап келген, өнүп-өскөн. Тарбиянын элдик ыкмасы уюткуланган.

Булардын ичинен жаратканга жалбарып, жакшылыктын жышааны үчүн түлөө кылуубуз орчундуу маанаге туура келет. Табият каргышына алабы, же мыйзамченемби, кургакчылык көбүнчө болуп калат. Тескеринче, күн көнөктөп, көз ачырбай турган учуру да кездешет.

ПИР ДҮЙНӨСҮ

Абалы, баланын пири Умай эне дейбиз. «Пир» аттуу түшүнүк «анын колдоочусу», «теңири», т. а. «пайгамбар сабаасы» – сымалдар менен алмаштырылган. Демек, Умай эне баштап так ошондой касиетке эгедер. Непада бала ооруса, «Умай эне өзү сыйлайт» – деген ишеним пайда болгон. Ымыркай ар кандай ооруларга тушугат. Кээде анын эти көгөрүп калса, «аа, Умай эне өзү уруп кеткен тура!» дешкен. Ушул сөздүн негизи «эчтеке болбойт, Умай эне өзү турбайбы?» деген ишенимге, ойго барып такалат. Эмчи-домчулар азыркыга дейре ымыркайды эмдөөдө, абалы ушул Умай эненин атын аташат. Ошого сыйынышат. «Умай эненин атынан эмдеп атабыз», – деп турушат. Албетте, ата-бабадан келе жаткан асыл жөрөлгө болуп саналат.

Ошентип, балдардын-наристелердин пири Умай эне улук сезилет. Пир тууралуу кеп козголсо, биз билгенден бир топторун санай алабыз. Мисалы: жигиттин пири Кырк чилтен (Шаймерден деп да айтылат), сүйүүнүн пири Зулайка, Жусуп. Мында эки жаштын махабатын айгинелеп

турат. Секелек, Сары кыз, Асан шайыр акындын пири дешет. Табыптын пири Улукмандын теги белгилүү. Ал «Ибн-Сина» деп да аталат. Тажик элинин атактуу дарыгери экени тарыхта, философияда, медицинада даана айтылып келген. «Улукман акем сакайтсын» – дары-дармек ичүүдө ушинтип айтылган. Теректин пири – Байтерек, аны кээде чынар терек деп коюшат. Чечектин пири – Карасан Ата дейбиз. Ушул жерден «Ата» деген сөздү оозанган соң, короодогу төрт түлүк мал эске түшөт. Ошондо төө малы – төө Ойсул-Ата тукумуна кирет. Койдун пири Чолпон-Ата, эчкинин пири – Шыйпаң ата, кийиктин пири – Кайберен жандык катары эсептелет. Уйдукун – Зеңги-Баба деп коёт. Иттин пири – Кумайык, куштун пири – Буудайык – булар жеринен эгиз айтылат. Суунун пири – Сулайман дешет. Ал кайсы Сулайман? Ал мүмкүн пайгамбар Сулайман? – боолголой албайбыз. Чүкөнүн да пири бар. Ал Кара Чеке деп аталат. «Чүкөнү чекеңе толгоюнбу?» – деген сөз. Бул чүкөнү мыкты аткандарга айтылат. Чилденики – Кырдач – ал жай чилдеби, кыш чилдеби? Сөздүн төркүнү азыркы муундарга анча түшүнүктүү эмес. Бермет данын күрөгөн дыйкандарды мындайда деле «Баба дыйкан» дейбиз. Экинчиден, жалпы эле дыйканчылыкты «Боз кептер» – деп коёт.

Устанын пири – Дөөтү. Дөөтү пайгамбар кызыл чок темирди колу менен кармаганы, өзүнүн шекирттерине ушундай кармап узанууга үйрөтүүгө аракеттенгени уламыштарда арбын айтылат.

Там, дубалдын да пири бар. Там орусча «дом», ал кийин чыкты. Аны кыргыздар «жер үй же ысык үй» дешет. Мунун пири Ыбрайым Хилулга деп айтылат экен.

СООДАГЕРЧИЛИКТИН ПИРИ – Имам Масаи, бакыттын Пири – Кыдыр, Илияс, мында Кыдыр Алеки салам, кээде Кызыр алеки салам эске түшөт. «Ал Кыдыр алеки саламга, б. а. Кызыр алеки саламга жолугуптур. Куудай сакалы бар карыя экен. Колунан кармаса, «тырмаксыз»

колу кебездей жумшак. Ошого жолугуп, же изин басып, таалайы ачылыптыр», – өндүү болумуштар айтылып, зор ишеним туудуруп келүүдө.

ЖЫРТКЫЧТЫН ПИРИ – Баян жабыр. Арийне, биз айткан, балким айтылбай калган пирлер бардыр. Адамдын пири – Кудай, Асман теңири, Алла таала; жан-жаныбарлардын жалпы пири – Кудайдын кудрети менен жаратылыш жаралып, алардын ар биринин эгеми бардыгын мусулман пенде катары таанып-билүүбүз, аны парз тутуубуз абзел. Ушундан улам «Ээси бир десе, эгеми эки дейт» – деген сөз айтылат. Айрым адабияттарда уйдун пири – «Ай мүйүз», үн атасы – «Камбаркан», суу атасы «Сулайман», жел атасы «Жел кайып», жердин пири «Жер эне», күндүн пири – «Күн Теңир», чычкан пири – «Чие Ата» деп аталат.

ПИР ТУТУУ – санжыралуу көрүнүш. Мындан мурунку заманда муну диндин эрежесине чыланган катары каралган. Аны эскерүүнүн өзү кыйынга турган. Деген менен исламдын касиети аркылуу пайгамбардын осуятын кылымдардан сактоо ич ара болуп келген. Арийне, бирдемелерди ыйык көрүүнүн артында адеп, ыйман, ардактоо, кадырлоо, тобо келтирүүчү күчү болот.

Төрт түлүктү арбын күтүп, боор эт менен тең малды сыпаттоочу көрүнүштөр да тарбия-таалим берет. Ойсул-Ата тукумунун күлүгү желмаян, Камбар Ата тукумунун күлүгү Тулпар, Зенги-Баба тукумунуку Шүдүңгүт деп атоонун өзү – кийинкилер үчүн сабак. Аларды кырып-жоюп жибербөөгө көрүлгөн ички тутум болуп саналат. Тилекке каршы, буларга өчүбүз бардай мамилелер да болду.

КЫДЫР АЛЕЙКИ САЛАМ. Негизи Кызыр алейки салам деп айтылат. Бизче Кыдыр алейки салам. Ал сөздүн тыбыштык өзгөрүшү. Адамдардын тиричилигине ар дайым назар таштоочу, ичтен жардам берүүчү пайгамбар – деген имиште келишкен. Карыялардын айтымында Кыдыр (Кызыр) курган жерлерде, анын түгөйү Илияс пайгамбар сууда

кырсыкка учурагандарга жардам берген дегени мусулман элине каптап келүүдө. Биздин Кыдыр алейки салам – Кыдырга салам берүүсү. Анын оң колунун баш бармагынын сөөгү болбогон. Талаа-түздө ага кайып-каскактап жолугуп калсаң, ал ак сакал болуп көрүнөт. Салам айтып, алик алганда, ошол жерин коё бербей жалынып-жалбарып, бакыт-таалай, мал-мүлк сурооң керек. Ал бата берет. Сенин бакты-таалайың ачылат. Мал жандуу болосуң, төрт тарабың кыбыла, жыргап жатып каласың... Ушундан улам «Кыдыр алейки салам колдосун, жолуңду бирөөлөр торобосун», «Кыдыр даарысын, Бак карасын», «Жети кишинин бири Кыдыр», «Жолдошуң Кыдыр, жолуң шыдыр болсун» – деп бата берилет. Ушул үмүттө кыргызда Кыдыр аттуулар көп. Ошол Кыдыр адам өмүрүндө ар түрдүүчө үч курдай кезигет имиш. Кыдыр – анын аты, Алей – ошол кишиге жолук деген маани берет. Салам – ошондо турмушуң бейкутта, тынчтыкта, жыргалда болот дегендик.

Бул негизи диндик түшүнүктөн келип, күндөлүк жашоо ишенимине айланып кеткени көрүнүп, билинип турат.

ЗАЙЫП ЗАТЫНЫН ПИРИ. Кыргыздардын да астейдил сыйынуучу Алласынын бири – Умай эне. Ал элибиздин байлыкты келтирүүчүсү, дыйканчылыкта түшүмдүүлүктүн, малчылыкта төлдүүлүктүн жаратуучусу.

Дыйкандар бермет данды күрөгөн, жер жайнаган төл болгон жылдары «Умай эненин төшүнөн сүт агып жатат», – дешкен адамдар. Курсактагы баланын эркек, кыз болоорун Умай эне белгилеп берет имиш. Кимде ким Умай энеге тайынса, уулдуу болот имиш.

Демек, ар кандай балээден сактоо Умай эненин эми аркылуу жүзөгө ашат имиш. «Бул менин колум эмес, Умай эненин колу!» – деп, учуктала, эмделе турган. Сүттөн аппак бөбөктүн бетинин ар дайым тазалыгы – Умай эненин жууп койгондугу. Бөбөктүн үйдө жалгыз укташы – Умай эне карап жатканы. Натыйжада, Умай эне – түрк элде-

ринин мифологиясы, албетте, Теңирибизге, Жер-Суубузга табынышкан касиет Умай энеге да таандык көрүнүш болуп саналат.

ЖИГИТ ПИРИ– ШАЙМЕРДЕН (ШАХИМЕРГЕН). Кыргыздар жоокерчиликте көп болгон. «Манастын уулу эр Семең, Шай колдогон эр немең» («Семетей»). Шай, Шаймерден – бир түшүнүк. «Шай» – колдоочу дегени. «Жигиттин пири Шахимерген же Шай колдосун» – сымал айтыла берет. Бул – урушта баатырлардын сыйлаган пири. Ал Мухамбет пайгамбардын күйөө баласы азирет Аалыга барып такалат. Динди жалпы элге таратуучулардын жандуулары: Абубакир, Омор, Осмон, Аалы деп айтылат. Албетте, алардын ичинен Аалынын баркы кыргыздарга дейре абдан артылат. Анткени Мухамбет пайгамбарыбыздын күйөө баласы болуп отурбайбы.

ДӨӨТҮ ПАЙГАМБАР КОЛДОСУН.

«Усталарга пир болгон,
Мурунку өткөн Дөөтү бар».

(Оозеки адабият).

Дөөтү – усталардын пири. Усталар узанаарда: «Дөөтү пайгамбарым колдосун» – дейт. Байыркы эл Кыргыз Ата устакерчиликти өтө сүйүп, колдорунан тамган курал-жарактарына, зер жасалгаларына, ат жабдыктарына алыс-жакындан кардар түшкөн. Кымбат баага сатып алыша турган. Андай асем нускалар тарых, этнографиялык музейлерден орун таап, али да аларга суктанабыз. Кандайдыр уста узанып отурганда, белгисиз бирөө кошо узанып, ага жардам бергендей туюлган. Ушундан улам кыргыздар Дөөтүгө сыйынууга өтүшкөн. Дөөтүнүн төмөндөгүдөй жоруктарына назар таштайлы. Мында пир колдоо – жалпы туюнтма. «Шаймерден колдоо», «Умай эне», «Дөөтү колдо», жер титирөөдө «Ибрагим Хилулга колдоо» – булардын ыйыктыгын, бийиктигин баалоо. Анда тобо келтирүүбүз, кийинки муундарга үйрөтө жүрүүбүз зарыл.

ОЙСУЛ-АТА.

«Ойсул-Ата жаныбар,
Жандан артык кереги.
Алабата, ак тикен,
Тилин сайбай жегени».

(Эл ыры)

Бул – мусулман алакалардын түшүнүгү боюнча төөнүн пири. Мындайча айтканда, төө малынын колдоочу ээси. (Проф. Х. Карасаевдин баяндоосунда, Ойсул-Атанын төркүнү диндик жомоктогу Султан Венс деген олуяга барып такалат. Ал көп учурларда Венс Гарани деп аталат да, кедей адам болот. Төө асыроо аркылуу жан багуучу экен...).

ЗЕҢГИ-БАБА – ҮЗӨҢГҮ-БАБА – уйдун пири, ээси, кудайы. Ушундан улам уйдун өзүн да «Зеңги-Баба» – деп, каймана мааниде айтып келебиз. Өзбектерде Зеңги-Ата дейт. Бизде деле, анжияндыктарда уйдун пири – Зеңги-Ата (беш төрт түлүккө үндөш) деп айтуучу аймактар бар. Карыялардын айтымдарында Зеңги-Баба – «Олуя» – деген наамды алган адам дешет. Ал Ташкентте туулган имиш... Кыргыздар Зеңги-Атанын айтылыш жагдайын өзгөртүп, Зеңги-Баба, Үзөңгү-Баба деп коюшат.

Ыйыктар деп эмнелер эсептелет?

Бул – тиричиликте кол тийбес айбанаттар, канаттуулар. Үй жаныбарына айланган мышык жети кесептин бири экенин билебиз. Муну да ыйык көрөбүз. Канаттуулардан үкү, торгой, көк карга да айтылып жүрөт. Ак кууну атууга болбойт.

Боз куштардын ичинен торгой ыйык деп эсептелет. Үкү үчкө бөлүнөт: сасык үкү (үпү), бабырган, байылуу. Жапалак – өзүнчө, аны «телик куш» дейт. Ал жерге жалпайып жатып алат. Шыбак, кызыл от өңдүү чөптөрдүн түбүндө уялайт. Бир кадам калганча туруп, учуп кетпейт. Булардын ичинен байылуу «ыйык» деп айтышат. Ал тууралуу мындай уламыш бар:

Он сегиз миң ааламды сураган Ыйса пайгамбар: «Бул жарыкчылыкта өлүк көппү, же тирик көппү? Түз көппү, дөң көппү?» – деген жардык коёт. Буга эч бир канаттуу жооп бере албаптыр. Байылуу бул жардыкка келбей калыптыр. – «Ошол билет эле» – дешет. Ыйса пайгамбар бүркүттү алып келүүгө чаптырат. Бүркүт байылууну алып келатканда, салаасынан түшүп калат. Анан кыргыйды жөнөтөт. Кыргый баатыр чап кармап алып келет. Ыйса пайгамбар:

– Ааламда тирик көппү, же өлүк көппү? – деп сурайт.

– Өлүк көп. – Байылуу жооп берет.

– Эмнеликтен өлүк көп болот?

– Күн чыкканга чейин уктап жаткандарды мен өлүккө эсептейм.

– Себеби эмнеде?

– Аларда үмүт жок.

– Туура, – дейт пайгамбар. Кайра сурайт:

– Түз көппү же дөң көппү?

– Дөң көп. – Байылуу жооп берет.

– Эмнеликтен?

– Чычкандар түрткөн топуракты да мен дөңгө эсептейм.

– Мунун да туура чыкты, – дейт. Ыйса пайгамбар анан муну жарыялайт: «Байылуу үкүнүн ыйыгы, буга тийбегиле!».

ТАБЫШМАКТУУ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР

Кыргыздарда ырым-жырымдардын ар кандай шартка байланыштуу аткара турган жагдайлары, адам карманып келүүчү белгилери бар. Мындай элдик ишенимдер ата-бабалардан бери айтылып, улам кийинки муундарга жетип, көпчүлүгү көңүлгө түйүү кудуретинен тайып барууда. Күндөлүк жашоо-тиричиликте, сапарга аттанууда, алыс жол сапарда жүрүүдө, жоокерчиликте ж.б. элибиз ич ара түрдүү

ырым-жырымдарды сактап, аны бир нерсеге тогоп коюп, ошол ишенимдер аркылуу адам өзү бел байлап коюлары, арийне, көп кездешкен. Мисалы, минип, сапарга аттанаар жылкыга, колундагы жолдошу камчыга, адамдарга, айбанаттарга, айлана-чөйрөгө байланыштуу карманып калган ишенимдер бизде көп болгон. Алыс сапар жол чегип жөнөөрдө атты токуп алсак, жүгөндүн ооздугун салганда, адатта, кээде ат оозун өйдөлөтө көтөрүп, оозун аңырдай ачып калат, Демек, ал – күлгөнү, жолдун болоору, аман барып–келүү катары жорулат. Камчы – алыс сапарда адамдын кан жолдошу. «Колуңда жүрүп билинбейт, камчыдан башка жолдош жок» (макал). Аттанып жатып камчы колундан түшүп кетсе, илгери «камчымды алып бер» – деп атказып жаткан адамдан өтүнүүчү эмес. Камчыңды өзүң түшүрүп жиберүүң – жамандыктан бир аз кабар бергендей белгиси. Аны аттан түшүп, өзүң алып, атыңа кайра мин. Мунун дагы бир жагы камчыны керегеде кыстарган жерден өзүң алып чык. Ага чейин бирөөлөрдүн колу тийбесин, же көтөрүп алып берсин, анда камдалып жаткан жолго чыгуу кажаты жоктой сезилүүчү. Камчы аркылуу кыргыздар көптү түшүндүрүшкөн. Камчыны бүктөй кармоо аркылуу бирөөлөргө баруусу – анын ичинде кусаматы болуусу. Камчыны сүйрөй кирүүсү – жайдары маанайда келүүсү. Камчыны таяна отуруусу – ички кектин күч алышы. Камчынын керегинин башында дайыма илиниши – эр бүлөнүн кайраттуулугу. «Камчысы катуунун – катыны уяттуу» (макал).

Босогону кемире кирүү, кемире чыгуу, б. а. басып кирүү, басып чыгуу да ичте кектин болуусу.

Памирдик жана афгандык (оогандык) кыргыздарда аттанаар алдында эң биринчи көзүнө кара карга урунса, же кан жолунан түлкү чыкканы жаман жышана болгон. Тескерисинче, карышкыр учураса – жакшы көрүнүш. Жолуңдан коён чыгып, кан жолду оңдон солго кесип өтсө, жакшылыктын белгиси, непада, солдон оңго карай чуркап өтсө, жамандыктын белгиси.

Кыргыздарда башка элдердей эле окшош да, кайчы да, карама-каршы да ырымдар жашап келген. Алаканы ысыса, же кычышса, атчан жолго чыгат, же акча алат, баалуу буюм-тайымды кармайт. Сол кулагы чуулдаса – бирөөлөрдүн жамандап, ушактап жатканын туюу. Оң кулагы чуулдаса, бирөөлөрдүн мактап-жактап жатышы. Кара мышыктын, кара чаар жыландын жолду кесе өтүшү да жакшы напас эмес. Жол болбой калатты боолголойт. («Түшүңдө көрсөң кенч, өңүңдө көрсөң жанч» – деп жыланды аттан түшө калып өлтүрүшкөн).

Там-туң баскан бөбөктөр төбөсүн жерге тийгизгени – жол караганы, алыстан күткөн адамдын келе жатканы. Колуңдан идиш түшүрүп, сындырып коюшуң – кырсык ушуну менен чыгып кетсин дегенибиз. Ал эми чыныны колдон түшүрүп чайынды төгүп алышың – бирөөлөрдүн шашып келе жатышына жорулган, кээде аны болочок ишиңдин кечеңдей турганына жорушкан.

Памирдиктер төөнүн мурдун чүйүргөнүн – жамгыр жаай турганына, мышык өз таманы менен тумшугун кашыласа, ушул үйгө кудай конок келээрине, ошол үйгө түнөөрүнө ишениши болгон. Мисалы, ат куйругун чычайта көтөрсө, анда ал ат алыскы сапарга минилет. Ат куйругун эки капталы тарапка туурасынан шыйпаңдатса – анын ылаңга чалдыкканы. Ат куйругун өйдөтөн төмөн, тикесинен шыйпаңдатса, мында ат алыс минилгени, тер чачканы...

Адамдар да ишенимдеринин көбүн кайрадан баамынан өткөрүүгө кылдат келээри белгилүү дечи. Күтүүсүз чакап калса: «Майга, сүткө, жаңы сойгон этке», – деп тилейбиз. Муруну кычышса «Буюрса эт жеймин», – дейт. Таманы кычышса «жөө басат турбаймынбы», – деп коёт. Аялдын далысы тартса, эринен токмок жеши ыктымал, сол көзү тартса – айрым пенделер сүйүнөт, он көзү тартса, ыйлайм го? – дегени.

Кыргыздардын түш көрүүсүндөгү айрым жоруулар аркылуу өзүнчө канааттануулары пайда болот. Түштүн

да мыктысы «Эркек эшек түшөбөйт. Катын камыр түшөбөйт». Бышкан эт ырыс, чийки эт сасык тумоо; аял, уй, кой – душман, сары май – санаа. Аны жоруй билишибиз керек. Түштө киргил көрүнсө, жамандыктын белгиси, тунук суу, төө, ат көрүнсө, жакшылыкка жорулат. «Түштүн башы чарадай, моюну кылдай, таң эртең менен эмнеге жорусаң, ошого оойт», – деген да ишеним бар. Жаман жакка бурулуучу түш болсо, «түшүн түлкүнүн тезеги» – дейт. Бул оңго, жакшылыкка буруу болуп саналат.

Каада-салт, үрп-адат жана ырым-жырымдардын элибиздин жашоо-тиричилигинде тарбиялык-таалим берүүчүлүк мааниси эң зор. Тирүүчүлүктө адам баласы кадыр тутуучу мындай өрнөктөр – кийинки муундарга рухий байлык. Көбү унутулуп калууда. Ошондуктан, түшүнүктүү болуш үчүн аларды мүмкүн болушунча чечмелей кетүү эп.

Акты «куу» дейт. Мында мал-жандын, буюм-тайымдардын өңү-түсү тууралуу кеп болот. Адамда аппак сакалдууну «куу сакал» дейт, аппак мурутчанды «куу мурутчан», байбичелерди «куу чач», аппак чүкөнү же томпойду «куу чүкө» же «куу томпой» дейбиз. Мындай көрүнүштөр айбанга карата да айтылат. Ак тайганды «куу тайган», ак итти «куу дөбөт» дейт. Малга карата да айтылат. Ак атты «боз ат, көк ат, кызыл ат» дейт. Бул – Чыгыш элдериндеги бай ырымдар го. Ак куу «аппак, аппак» — өтө ак» деген түшүнүктү кош кабат айтуу болсо керек байыртан келе жаткан.

«Аркан чыйратып жатканда түбүнөн кесип өтпө». Бул – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн узчулугуна байланыштуу ырым. Алсак, «өрмөктү аттаба, кыя өтпө, килем дүкөнүнүн эришин тепсебе, чеберлер кармап жаткан жип, жүн өңдүү жердиктерди тепсебе», – дешет. «Балаңа шалча согуп, килем токуп бер» – деп, кичине жип-шуу ырымдаса, аны алып, жолдугуна аларга тамак даярдап, ошол узданган жерине келип берет, бата алат. Аркан чыйратып жаткандагы ырым да ошого маанилеш. «Балаңа чылбыр,

аркан эшип бер», – дейт. Бул – жасалып жаткан иштин шар жүрүшү үчүн өзүнчө ырым-жырым кармоо. Мисалы, чабылуучу күлүктү токуп атканда маңдайына адам турбайт, же алдынан жанды кыя өткөзбөйт.

«Арыктагы сууга какырба да, түкүрбө». Бул – аш куйган аякка, алдыдагы тамакка түкүрүү менен барабар. Себеби, көрөөр күн, ырыскы суудан башталат. Жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жашоочу абалы сууга байланышат. Суу болбосо, турмуш жок. Суу, аба, күн болбосо, жашоо жүрбөйт. Ошон үчүн элибиз: «Аккан сууга түкүрбө», – дешет, аны ашыңды, аш куйган аягыңды сыйлабоо катары карашат.

Суу – ыйык. Аны ичебиз, кечебиз, сугарабыз. Ушундан улам айрым теңиз, момун адамдарды аккан суудан, чыккан чөптөн башкага зыяны жок дейбиз. Ошондуктан кол жууганда суу куйган адамга: «Өмүрлүү бол, суудай сулуу бол, суудай мол бол, суудай тунук, тынымсыз агып тур», – дешет. Алыс сапардан аман-эсен кайткандардын башынан суу тегеретебиз. Түндөсү суу куюлган идишти ачык койбойт. Отту суу куюп өчүрбөйт. Агын сууну чачып ойнобойт. Жууган колду силкпейт. Ошонун баары сууну теңир катары көрүүбүз.

Мунун дагы бир маанеси мындай: агарып-көгөрүп, баар таап, «ырыс алды ынтымак» болуп, канат-бутагың жайылып өсүп жаткан ордуңа акарат айтпа, ошол иштеген жериңди медер туткун. Болбосо, анын кусуру урат.

«Ат жалына бут чыгарба». Кыргыздарда ат жалы өтө ыйык катары каралат. Алыс сапарда ат үстүнөн аңгеме сандыгы чечилген. Аны «Ат жалында казан ас дейт. Айыл араласаң ат үстүнөн аякка суусун сунушат. Аны аттын ыйык жалына акырын тийгизип, «бисмилланы» айтып, анан ооз тиет, шак жутуп жиберет. Мына ушундай жерде айрымдар кош бөйрөгүн таянып, аттын жалына буттарын чыгарып туруусу, демек, ал адамдын текеберчилиги, ашкан көпкөндүгү, мансапка, байлыкка чиренүүчүлүгү,

улуу-кичүүлөрдү көзүнө илбөөчүлүгү, манчыркап кетүүчүлүгү деп гана жоруйбуз.

Аял адам малдаш токунуп отурбайт. «Зайыптарга сын көп болот. Алар чөгөлөп отурбайт», – деген кептерди кулагыбыз кичине чактардан бери чалат. Аялдар үчүн сыңар тизелеп олтуруу эптүү да, маданияттуу да көрүнөт. Узун көйнөк антип отурууга шартталат. Эркектердин арасында малдаш токунуп отуруу аял-эркектин төрдөн орун алуусун анча айырмалай албайт. Үй ээси эркек болгондуктан, аны туурап отуруу ургаачыларга олдоксон сезилет. Аялдардын эркектерче малдаш уруусу теңчилик доордун тушунда, биз эркектерден кембизби? деген чакта чыкты – деп болжолдоого болот.

«Баш кийимиңди сатпа». Бул – ыйык кийим. Баш кийимди сатуу башты алуу менен барабар. Кыргыздын ак калпагы – баш кийимдердин ана башы. Ал – улуттук белги. Ала-Тообузду символдоштурат. Учур-шартка карай калпакты, тебетейди, элечекти, топуну баштан албай кийип жүрүү парзыбыз бар. Демек, баш кийим сатуу – башыңды сатуу. Бирөөлөргө бутташтырып жиберүүгө да түк болбойт. Атайын арналып жасалган аларды жыртылганча кийүү – баш кийимдерди барктообуз. Баш кийим эскирип баратса, бала-бакыра атасыныкы, агасыныкы, таяке, таятасыныкы катары жерге таштабай, жырта кийип коюшкан.

«Башынан суу тегерет». Бул – башынын соо келишине карата жасалган ырым. Алтын башынын ар кандай тоскоолдуктарды жеңүүсү, адатта, алыс жол сапардан аман-эсен, аткөл кайткан адамдын башынан байбичелер үч курдай суу тегеретет. Ошол чыныдагы сууга үч курдай түкүртүп, сууну чачып, чынысын көмкөрүп коёт. «Аткөл, аман-эсен келди, кудайым берди», – деген жадырап-жайнап тосуп алууну, жай ала түшкөндүктү туюндурат.

Бешик тууралуу сөз. «Бешикти кур терметпе», «Бешикти эки адамдап көтөрбөйт», «Бешикке өбөктөбө» өңдүү тескөөлөр жеринен бар. А, чынында, энеси өбөктөп балага

эмчек эмизет. Кээде эмизип жатып, куш уйкуну сала кетет. Бешикти энеси өңөрөт, өңөрүүгө бир киши алып берет. Ал эми бөлөнгөн баласы бар бешикти сооротуу же уктатуу үчүн ким болсо да термете алат.

«Бересенин аласасын кыстаба». Тирүүчүлүктө аласа-бересе боло берет. «Эр жигиттин малы элде жүрсүн, эрикенде колго тийсин», – деген кеп бар. Жону жукалык кээде адамды тукулжуратат. Аласасын бере албай жүргөндөр үчүн Аксактын амырына кароо керек. Жокчулук жаба токунуп турган шартта кайра-кайра басмырлап доолашуу, албетте, бардарларга анча аброй алып келбейт. «Бул сааганым Сарбагыштын бээси, таңда келет ээси» дегендей болот, алды-бердиге адамдык ырайым болуш керек.

«Бирөөнүн кайгысына кубанба». Кыргызда: «Таба эмес, тобо кыл» деген накыл сөз бар. Кээде «ал ошону көрмөк», «мага да кылбаганды кылган, дебегенди деген», «көзүнө адам көрүнбөй калган» өңдүү кектешүүлөр да бар. Анан «кудайдан тапсын» деп да коюшат. Ошондой ыдык көрсөткөндөрдүн башына кайра кайгы түшүп турганда абалын сурап, көңүл бөлүп, кайгысын бөлүшүп, имериле калыш, мурун ортодон кыя өтпөгөндөй мамиле жасаш – сенин түпкүлүктүү адамдык касиетиң. Ошондуктан, мусулманчылыкта «кекти капырга жараткан» деп коёт.

«Босогодо туруп, бой кербе». Бул – боз үйгө кирүүгө байланыштуу айтылган ырым. «Босого менен тең, турба», «босого менен бойлошпо», «босогону баспай кир» өңдүү ырым-жырымдарды улуулар айтып, тескеп турушкан. Босогону кемире басып чыгуу – ичте кектин бардыгы. Эшикти аттай кирген жан дароо орун ала отурат. «Көчүк бас, сенин боюң менен тең кар түшсө, кайда барабыз – деген сөздү угабыз.

«Бирөөгө чыныны, тамакты оң колуң менен узат». Бул идишти сунуудагы адептүүлүк, маданияттуулук, ызаттуулук. Сунуп жатканда алуучу адамдын колун карап, илбериңки, түз сунуу, ал идишти алаары менен оң колду

тартып алуу, кайра бошогон идишти бутташтырбай алып, кайра сунуу керек. Оң кол турганда сол кол аркылуу бирөөлөргө бирдемелерди берүү – одоночулук, текеберчилик, билимсиздик.

«Бышкан, бышып аткан ашты таштаба». Албетте таштап кетүү – кесир, ырысын тебүү ошол үйдүн дасторконун, от күйгөн очогун, кайнаган казанын, дөөлөттүү карысын сыйлабоо. Тамак бышып калса, ооз тийбей баса беребиз.

Кыргыздар – меймандос элбиз. Кайнап жаткан тамак үстүнөн бирөөлөр чыкса, ырыскылаш катары сүйүнүп, келбери тосуп алат. «Тамак бышып атат», «бышып калды», «жай отур» өндүү сөздөрдү айтуу парзыбыз бар. Таштап кетсең жол болбойт – деп турабыз. Кээде, конок айттырып коюн сойдуруп, казанын кайнатып коюп күттүрөбүз же келбей коёбуз. Арийне, бул – ошол үйдүн шабайын суутуу, барк албоо, нарк-насилди баалабоо...

«Даараткана оозун күн чыгышты каратпа». Бул – заараңды, улуу заараңды Чыгышты карап ушатып каласың деген сөз. Тактап айтканда, адатта, даараткана киргенде кирип барып, күн батышты карап отурбайсың. Ошондой эле, айткандай, Кыбыланы карап да даарат ушаталбайсың. Мында тийип турган Күндү ыйык тутуп, ага табынуубуз абзел; баарыдан мурун тиричиликке жарык, жашоо чачкан Күн экенин туюп-билүүбүз зарыл.

«Жайнамазды, супураны тепсебейт». Бул – диндик ырым-жырым. Жайнамаз – намаз окуучу буюм. Ошол үчүн ыйык сезилет. Аны жайып, этегин тепсебей туруп, ошонун бетине жыгылат. Окуп бүтөөрү менен аны төрт бүктөп тепсебей турган бийиктикке, адатта, жүк үстүнө коёт. Намаз окуй турган орунун да таза тутат. «Алла-Таалага сыйынганың кабыл болсун, мусулман диндин касиетин таза сактасын» деген үмүттү туюндурат.

Ал эми супура болсо – ун-талкан элей турган буюм. Албетте, дан улук, шариятта курандан данды жогору коёт. «Эгер нан кол жеткис жайда турса, Куранды алдыга коюп

чыгып ал», – деп айтылат. Супура жерде жатпайт. Ун-талкан эленээри менен аны эбинде бүктөп керегенин башына, ашканага, аш ала баканга илгичи аркылуу илип койгон. Супура улагага илинбейт, жерге ташталбайт. Жайнамаз менен супура биринин ыйыктыгын бири толуктап жана аныктап турат.

«Жарым жолдон кайтпай жүр». Адам алыс сапарга аттанаарда, ат жалын тартып минээрде: «Бисмилла, ишим илгери болсун», – дейт. Алыс жолбу, жакын жолбу, баары бир максаттуу ишке аттанып баратканы белгилүү дечи. Ал жолдон айныса, анын туруксуздугу. Ат терин аясын, сапарды карытпасын, – бул шыдыр жүр, бет алдыдан жалгаасын дегенди билдирет.

«Жаш адам желбегей жамынбайт». Чынында, желбегей жамынуу кары-картаңдарга ылайыктуу сезилет. Себеп дегенде, алар сырт кийимдерди улам кийип, улам чечип отурууга караганда жамынып, кирип-чыгууга, басууга, заара ушатууга, даарат алууга, намазга даярдануууга оңтойлуу болот. «Бешиктен бели чыга элек жатып, желбегейчен аркы-терки басат» өңдүү сөздөр айтылган. Улуулардын көзүнчө минтип өзүн көрсөтүү – бир чети жаш адамдын төрөпейилдиги, тең санабоочулугу, манчыркап калгандыгы. Баарынан да, аксакалдарды көзгө илбей калууларынан да кабар берет. Андай жоруктарды көрүп тургандар да өзүнөн-өзү коомай абалда калат. Ата-энелер да: «Балам, желбегей жамынып, көпчүлүккө көрүнбөчү», – деп туруучу.

«Тамакка сынтакпа». Бар тамак – ырыс-кешик. Бирөөнүн сен үчүн жайган дасторкону – анын ак пейили. Демек, ошол үйдүн берген тамагы – анын дымагы. Чайга, нанга, жармага, айран-сүткө ж.б. ыраазы болбой, казан аспады, кой-тай сойбоду, каадалуу конок кылбады дейбиз. «Пайгамбар барга назир, жокко кайыл». Бар тамагын жаркылдап алдыңа койсо, басмырлап ичкен тамакка караганда аш болумдуу болоору белгилүү. Мында сыпаакерчилик-

ти, бирөөлөрдүн даамын баалоону биринчи орунга коюубуз керек.

«Тамакты дасторконсуз ичпе». Абалы дасторкон жайылат. Ал – ошол үйдүн, үй ээсинин пейили. Бата тамакка эмес, ошол дасторконго тиленет. Мунун артында «басып-туруп тамак жебе, көчүк басып ич, баш кийимди тамак ичээрде алба, бирөөнүн дасторконун сыйла» деген накыл жатат. Талаа-түздө, сапар жолдо, албетте, азыкты ичип-жеште дасторкон ордуна сөзсүз алдына бирдеме коёт. Жепичип бүткөндөн кийин бата ошого тиленет.

«Таң атаарда жолго чыксаң чык, күн батаарда жолго чыкпа». Адамдардын сапары, адатта, таң заардап, таңкы насипти ичип-жеп, анан «бисмилла» – деп аттануудан башталат. Кышта «Таңкы суукка калсаң кал, кечки суукка калба», – деп да айтылат. Белгилүүдүр, эртең менен айланага күн тиет, сууктун илеби кайтат. Кечте суук кайратына келет. Анан түнкү жол арбыбайт. «Жердин эни жазылып кетет», – дешет. «Түн каткан жалаңкычтай болуп»... дейт. Бирөөнүн үйүнө куучудай иттерди абалатып, жоошуп жаткан тынчтыкты бузуп, түн жарымында түшүү да жакшы жорук эмес. Кыргыздар конок маалын тушташтыра барып түшүүнү жактырышкан.

«Таңкы насипти таштаба». Кыргызда: «Эртең менен жолуң болсо, кечке дейре таскагыңды жазба», – дей турган. Ал эми таңда туруудан, жуунуудан эртең мененки насипти ичүүдөн башталат. Бул – ырыскыңды, шыбагаңды көрүп кет дегендик, Ичип-жешке табитиң тартпаса, «бисмилла» – деп ооз тий, «оомийин» деп бата кыл. Ал ырыскешик сени күтүп тургандай сезилет. Бир жакка жөнөөрдө «Ата-а, үйдөн наар албай кетти эле, эми жолу болоор бекен?» өндүү сөздөр пайда болот. Ошон үчүн таңкы насип сага жолдоштой туюлат. Ошондой эле эртең менен жаман сөз сүйлөбө, ал кечке чейинки иш-аракеттерге таасир тийгизет. «Иштин башы ишемби» – дегендей, ал күнү аткарыла турган ой-максаттар көңүлдүү, шайдоот болушу ыктымал.

«Тулганы теппе». Бул – кызыл отту жалындата жагып, казанды асып тамак-ашты бышыруучу буюмду тээп, текеберчилик кылуу, отко, ошол үйдүн казан-ашына шек келтирүү. Очокту бузуу менен барабар. Мындайча айтканда, ырысын-кешигин тебүү. Тулганы теппе, бутуң ооруйт, казан-аштын, идиш-аяктын убалына каласың деп турушкан.

«Туткучту баспа». Туткуч – тутуп бирдемелерди кармооочу кийиз буюм. Ал аркылуу тулгага, очокко казан асылат. Чайнек коюлат, кайнаган чай алынат. Демек, тамак жасалат, бышкан тамак ал аркылуу кармалып чыгарылат, түпкүчкө коюлат. Туткучтан кол күйбөйт. Ошону менен ысыктыкты кармайсың. Ордуна коёру менен туткуч өйдө илинет. Бул – аны баспа дегени. Илгери «бутуң ооруйт», – дечү. Тамак-аш бышкан идиштер аркылуу туткуч ыйыктай сезилет. Түпкүч тууралуу да так эле ошондой түшүнүккө ээ болобуз.

«Түштү жаманга жоруба, жакшылыкка жору». Адатта, адамдын түшүнө эмнелер кирбейт. «Түштүн башы чарадай, моюну кылдай», – дешет. Күндүзү эмне ойлосоң, ошого да байланышат. «Түшү оңолмоюн, иши оңолбойт». «Түшүң түлкүнүң богу, туба, туба», – деп коюлаары ошондон. Түш бир чети үмүт. Жакшы түштү кеп билги адамдарга жорутат. Ырым-жырымдын шартында ал оңго бура жоруп коёт. Мында да адептүүлүк, маданияттуулук билинет. Негизи, түштүн көрүнүшү уктоого, тынчтыкка, кадыр-көңүлгө, ооруп жатканга, абдан кыйналганга, жайсыз салынган төшөккө байланышат. Ошондо көңүлдү жубата турган түш жоруубуз зарыл.

«Капталдан качырып сөз катпа». Элибиз адеби жок жигитти жүгөнү жок атка окшоштурган. Сөз сүйлөө – чоң өнөр. Аны уга билүү, ал андан бетер жөндөмдүүлүк. Аңгеме учугу кайда сапталып баратат, угуучу айтуучуга алдыртан шык тартуулап отурган. Куйма кулак ар бир сөздү кулактын учу менен жибербейт. Улуулар сүйлөп жатканда

ортодон үн катуу, качыра сөз айтуу – тиги айтуучунун сөз тизмегин бузуу. Экинчиден, сөзгө конок бербөө өзүнүн адебине доо кетирүү. Андай көпчүлүктүн назарына түшкөн аңгемеге ал кызыгабы, кызыкпайбы, буга карабастан ошол отурушту сыйлоосу парз.

«Колуңду артыңа алба». Адатта, адам колду артына алат. Аркы-терки басып калат. Кээде андай көрүнүштү бекерчиликке жоруйбуз. «Колун артына алып эле басып калыптыр», – дейбиз. Бирок улуулардын көзүнчө антип туруу одоно көрүнөт. Мында теңсинбөө билинет. Колду алдыга алып, көкүрөккө кысып туруу – мусулман элдеринде кичипейилдиктин белгиси.

«Эки колуңду башка жаздап жатпа». Бул – текеберчилик, мансапкордук, башкаларды көзүнө илбөөчүлүк. Кирип-чыккандарга мартабалуу көрүнүшү, өзүн-өзү кыйын саноосу. Анча-мынча дөөлөткө дөгүрсүнүү.

«Эки бөйрөгүңдү таянба». Таянуу эри өлгөн аялдын, же бирдемеси өлгөн эркектин кошогун, өкүрүгүн элестетет. А, чынында, мансапкордукту, манчыркоочулукту туюндурат. Улуулардын көзүнчө ошол адамдын куу чирендигин айкындайт. Бул мисалы, өзбек элинде анча одоночулукту билдирбейт. Ушундан уламбы, аларга канатташ элдерде, төтөн, эркек аттуулар, айрыкча жаштар, адатта, отурупturганда колду муштумдатып, бир колун бөйрөгүнө таяп турушаарын көп көрөбүз.

«Күлгө даарат ушатпа». Мында сөз тезек-көңдүн күлү тууралуу болуп жатат. Күл төгүлүүчү жер дөңсөөгө айланат. Ал – кызыл оттун таштандысы. «От менен ойнобо», «отко сийбе», «отту суу сээп өчүрбө» сыяктуу ырымдардай эле күлгө даарат ушатуу, бала-бакыралардын чамбыл ала күлдү челип ойноп отурушу – эрөөн-төрөөн. Муну илгери тескеп, «сезгенип калышка» жоруй турган. Ошондуктан, аны обочороок жайга төгүп, күл өзүнчө додолонуп турат. Үйдүн тегерегинде дубал түптөрүнө атайын күл төгүшөт.

Демек, кээ бирөөлөр даарат ушатпасын, тегерек-чет таза турсун – деген ой.

«Күйгөн отко түкүрбө». Бул оттун ыйыктыгын билдирет. Аба, суу, от адамдын жаны, жашоосу менен барабар. Ар бир адамдын өз коломтосу ыйык. Көпчүлүк элдер отко сыйынат. Коломтоң өчпөсүн – деп турат.

Очогу, күйгөн оту аркылуу турмуштук канааттанды-руулар, өздүк максаттануулар пайда болот. Отту теппе, отко суу куюп өчүрбө, отту бут менен ичкелештирбе өндүү накылдар улуулар тарабынан айтылып келген.

«Көрүстөндөрдөн өтөөрдө келме келтир, куран окуп кой».

«Назар таштап, таазим эткин жолоочум,
Сендей болгом, сен да мендей болосуң».
(Накыл).

Албетте, анда арбактар жатат. Маркумдарды сыйлоо керек. Алардын бул жалган жана жарык дүйнөдөгү эл үчүн жасаган эмгеги, тирүүчүлүктөгү вазийпасы көпчүлүктүн эсинде турат. Ошол ойго келет. «Бул жерде баланча жатат, түкүнчөнүн сөөгү ушул жайга коюлган», – деп касиеттүүлөрдүн күмбөздөрү, коргондору тууралуу айтылып келген. Тирүүчүлүктөгү ата-энелер, ага-туугандар ушунун тушунан өткөндө кайрадан ойго кылт этет. Арбактарды урматтоодо тушунан аяр бастыр, машинеңди акырыныраак айда, кези келсе, түшүп куран багышта, бата кылып өт. «Келээр жерибиз ушул» – деген чындыкты моюнга парз кармообуз керек. Бейитти, көрүстөндү колуң менен көрсөтпө... жана башка сөздөрдү айта жүрүүгө тийишпис.

«Мал короого даарат ушатпа». Мында төрт түлүктүн ар кандай түрлөрү болот. Мал жүргөн жерге улуу заарага отуруу, даарат ушатуу, заара кылуу – адалдыктан тануу, наадандык кылуу болот. Мындан малга оору пайда болот. Эмчектери чочуйт, сезгенет. Ошондуктан, малкананы таза тутуу зарыл. Анда көң уютасың, ал эми көң болсо – айыл-

дык турмуштун негизги отуну. Зооветеринариялык тазалыкты кыргыздар жеринен талаптагыдай тутуп келишкен.

Миздүүнүн мизин каратып койбойт. Бул – көбүнчө бычакка карата айтылат. Бычак кырынан жатууга тийиш. Анын чалкасынан мизи асманды караса, үй ээсинин, же бычак (маки) ээсинин дайыны жок эле бырчылдата мал союусуна, бычагы өтө курчтугуна жорушат. Ошондуктан, мындай жаткан бычакты көрсө, адатта, анын мизин антип каратпай, оңдоп коёт. Балта, керки, кетмен, чөп чалгы, кайчы өндүүлөр тууралуу да мына ушундай өзүнчө түшүнүктөрү болсо керек.

«Мойнуңа куруңду салба». Кыргыздардын элдик адатында бир күнөөгө батса, мойнуна курун илип, ошол улукка, же күнөөдөн жабыр тарткан адамга барган. Алдына чөгөлөгөн, кечирим сураган. Бул – чоң күнөөгө кириптер болуу. Мал башын тартуулоого дейре барган. «Мойнуңа куруңду илбе» – деген мына ошондой абалда калба. «Ал жакшы жорук эмес», – дегенди эске салат.

«Нан менен бычак» аарчыба. Бул – мусулманчылыкта кесир. Дүйнөдө эң улук – нан (токоч). Ал – аш-тамактын башаты. Дасторкон жайылганда дүйүм тамактардан мурун, «бисмилла» деп нан ооз тиебиз. Бала-бакырага, келди-кеттилерге «нан ооз тий» дейбиз. Албетте, анын ыйыктыгы ушундан билинет. Ошон үчүн бычак менен нан тууралат. Кесме кесилет. Акыры аны менен майлуу бычакты аарчуу – кийин чыккандай сезилет. Бул башка диндеги өкүлдөрдүн таасири болсо керек. Бизде болсо: Нанды көмкөрөсүнөн койбо», «нанды тепетең үз», «нандын күкүмүн терип же», «нан – ырысың, насибиң» – деп айтылат. Себеби, туз буюрган жерге барасын, даам татасың. Дандырдан нан түшсө ысырыктап кой. Ооба, мындай ырымдоо – бир чети накыл.

«Насиптин алдын башкага бербе». Тамак-аш жасаган адам – ошол үйдүн очогун туткан адам. Анын тузун таты-

тат, бышканын, быша элегин байкайт. Бышты деп чыгарат. Анын даамдуулугун дагы билүү үчүн ооз тиет. Абалы төрдө отурган байбичеге даам таттырат. Айрым келин-кесектер ырым кармап, оорусу жугат, талмасы жугат – деп, тамактын алдын өзүнөн мурун кайын энесине сунат. Кээде төрдөгү мейманга сорпо сунат. Ал да байкайт. «Конок бышты десе, ала бакандагы эт бышат». Кыскасы, наситтин алдын башка бирөөгө бербөө – бул насипти өзүң ооз тий, насип ээси – ошол үй, тамак-ашты жасаган жан. Ошонун жоопкерчилиги жогору турарын туй дегени. Кыргыздар сабадагы кымызды ооз тийбей, башкаларга сунбайт. Анын кандай ачыганын өзү билет. Деле жарманы, кымызды, бозону минтип ооз тийип коюу абалкы адаттай сакталып келүүдө.

Наристе тууралуу сөз. Кыргызда наристеге байланыштуу бир топ ырым-жырымдар айтылат. Мисалы, «Балага жаңы кийим кийгизээриң менен өөп кой», «Атың аксаса, баланын заарасы менен бутун жууп кой», «Баланын кир суусун караңгыда сыртка төкпөйт», «Наристенин киймин түнкүсүн сыртка калтырба», «Баланы таманынан өппө», «Жалгыз уктаганда башына нан, бычак кой» сымалы ырым-жырымдарда, 1-ден, анын бул турмушта тазалыгын, сүттөн актыгын билдирүү, 2-ден, шайтан-шабырлардан алыс болуусуна, чочубай уктоосуна кам көрүү, 3-дөн, анын периштелигине ак дилден мамиле жасоо, 4-дөн, аларга бир илдет жугузуп албоодон сактануу бар.

«Отту теппе, шамалды сөкпө». От ыйыктардын ыйыктарынан. Ал адамзаттын жашоо-тиричилигиндеги табынуучу касиетке эгедер. Кудай тааланын эл-журтка берген шыбагаларынан. Көпчүлүк элдер отко, сууга, абага сыйынат. Муну тебүү, тээп сөгүнүү, тээп өчүрүү – алла тааланын амирине шек келтирүү. Шамал абага кирет. Табиятын буйругу менен шамал согот, жел жүрөт. Табият каарына алса, бороон-чапкын болот. Шамалдын күчүнө эч бир

жан тоскоолдук кыла да, чыдап тура да албайт. Эр болсоң күйүп аткан отту тээп, шамалды сызгырылтып сөгүп көрчү, жаратылыш жаатынан жазага тартыласың.

«Өлгөн жерге барганда оорулууну сураба». Арийне, өлүк чыгып жаткан жер – коогалуу учур. Каза жутуп, кайгырып турган орунда бирөөлөрдүн ооруп жатканын угуп, өлүккө барып алып, аны көрүүгө кирүү, абалын суроо – өтө оңтойсуздук. Жаны кыйналып жаткан пендеге ал оор тиет. Анын кийинки ахыбалына доо кетирип алабыз. «Мурун келип эмне сурабады экен?..» – дейсиз. Жаманчылык алдыга элестеп туруп алат. Мындай жерге келгендер башка мүшкүл жерлерге кайрылбайт. Ошол орундан мындай жорук мына ушуну менен чыгып кетсин – деген ойдо шарт аттанып кет.

«Узак сапарга чыгаарда ачууланба». Адатта, алыска аттанаарда эр-азамат эл-журттан бата алып жол тартат. Ал үчүн мал курмандыкка чалынат. Кыбыланы карап, кары-жаш катар туруп, анын аттанаар сапарын тилейт. Ал маңдайын жарып, батаны кабыл алат да, шарт бастырып кетет. Мында эли-журту ак тилектери менен алкап калат. Так ушундай маанайда ал алыс жолдон келет, – деген ырым көкүрөктө уялайт. «Кап, үйдөн ачууланып аттанды эле, деги сапары жакшы карыса экен», – сымалы күдүк ойлор болбоого тийиш. Эл-журту кандай жөнөтсө, ошондой маанайда тосуп алууга куштар болуп турушат.

«Үйдө туруп ышкырба». Кыргыздар ышкырыкты анча сүйбөйт. Басса-турса ышкырынган бала-бакыраны адепсиз, тарбиясы тайыз катары көрүшкөн. «Көргөн-өскөнү жаман», – дешкен. Ал эми үйдө отуруп ышкырынса ого бетер олдоксон угулат. Дайыны жок ышкырынса, «Тишиңе таш тийгир» деген каргышка чейин айтылган. «Айдаганы беш эчки, ышкырганы таш жарат» А, чынында, ыксыз ышкырууну көпкөндүктүн белгиси катары карашат.

«Шымыңды башка жаздаба, өтүгүңдү төргө илбе». Адатта, мусулмандар жатууга чечинүүсү буттан башталат. Аны аякка таштайт. Шымды чечип, журкан алдына таштайт. Төшөккө кирип, көйнөктү чечет да, жаздыктын башына коёт. Шымды башка чыгаруу, көйнөктү аякка таштоо, өтүктү төргө чечүү, төбөңө илип коюу – бул ар бир кийимди чечүүнүн адептүүлүгүн, шарттуулугун, маданияттуулугун жоготуу. Кыргыздар антпей, аны ата салты, эне адеби катары көрүп келишкен. Албетте, мындай жагдайларды улууларыбыз кичүүлөрүбүзгө айта жүрүүгө тийишпиз.

Шыпыргы тууралуу сөз. «Шыпырынды жерге отурбайт», «Шыпыргыны тике койбойт», «Шыпыргы менен бирөөнү чаппайт» – дейт. Негизи шыпыргыны жерге таштап коёт. Мында шыпыргы менен бирөөнү (өзгөчө эрин) чабуу аялдар үчүн өтө чоң күнөө болуп эсептелет. Бул – бирөөнүн болбосо да бирөөнүн каргышына калуу деген сөз. Карысын, күйөөсүн шыпыргы менен чапкан зайыптардын кийинки тагдыры тууралуу эл арасында кеп-сөздөр бар. Арийне, үй ээси – эркек, анын эркектик касиеттерин ургаачылар сезе жүрүүлөрү тийиш.

Чайдын чамасын булганч жайга төкпөйт. Ал – тамак-аштын калдыгы. Чаманы көпчүлүк жерлерде атайын жыйнайт. Аны жан баспай турган жайга, таза жерге көөмп коёт. Көпчүлүк жерлерде жүзүмдүн түбүнө төгөт, баарыдан мыктысы, чайдын нымдуу чамасы менен килемди жана башка түктүү, түксүз буюм-тайымдардын үстүнө сээп, шыпырып тазалоо оңтойлуу болуп саналат.

«Чачыңды тепсендиге таштаба». Чач алынаары менен анын ар талын калтырбай шыпырып алат. Аны акыр-чикирге ыргытып жиберүүчү эмес. Кичинекейлердин чачын алганда өзүнө тердирип: «Ме, мөмөлүү даректын түбүнө көөмп кел» – деп туруучу. Бул – чачы бат өссүн, коюу өссүн, кичинекей кыздардын чачы узун өссүн, өрүмү жоон,

мыкты болсун деген тилек. Чач калың, кайраттуу чыксын өңдүү тилекти да ичине камтыйт.

«Эркек адамдын үстүнөн жана кийиминен аттабайт». Шарыяттын улуу жолунда эркек – үй ээси. Демек, ал – үй-бүлөнүн пири. Аны бала-бакыра урматтайт. Анын сөзү эки болбойт. Эрди-зайып эриш-аркак жашап жаткан чакта эрди сыйлоо өмүрлөшү аялдан башталат. Ушундан улам калган үй-бүлө өзүнөн-өзү оң тарапка бурулат. Үй ээсинин алдынан кыя өтпөйт, башынан аттабайт, секирбейт. Кийимин өйдө коёт. Бул башкалар үчүн үлгү болуп кала берет.

«Малды теппе, томаяк болуп каласың». Кыргыздардын негизги турмуш-тиричиликтери – беш түлүктөрдү асырап, андан алынган азык-түлүктөрдү пайдалануу. Малдын эти, сүтү, андан чыккан түрдүү даамдар – дасторкон көркү. Жүнү, териси, мүйүзү, сөөгү кол өнөрчүлүк буюмтайымдарына шартташат. Кыгы – жер семирткич; тезеги, көңү – отун.

«Мал боор эт менен тең». Демек, «Малды теппе, томаяк болуп каласың» деген – бул тепсең кедей, жарды болосуң, үрүп чыгаар ити жок турасың дегенди туюнтат. Мингичиңди арык-торук, жоор минсең, сааның арык-торук кармалса, саандагы музоо, кулун, козу-улак мантыкпай турса, ошондо аялдарың «жез тырмак», өзүлөрүңөр томаяксыңар, мал жукпас, ырыс кыркаар, ырысыңарды тээп жатасыңар... өңдүү наалаттар айтылат.

Мисалы, кой-эчкини таяк менен айдайт. Буга байланыштуу «Койчунун таягынан, келиндин аягынан», – деген макал бар. Жылкыны укурук менен айдайт. «Азоолорун үйрөтүп, укуругун сүйрөтүп», – дейт. Төөнү шапалак, камчы менен айдайт. «Жылаңач төөнү бучкакка чапкандай» – деген ж. б. лакап айтылат.

Желени кыя өтпөө. Желе байланган айыл жолдон чыкса, атайын ага түшүп аттануу адеби бар. Аны кыя бастырып кетүү наркта жок. Ал үй андыктан ага дасторкон жайып

нан, чай койбойт. Буга милдеттүү да эмес. Кымыз сунат. Эгер чаначы бар болсо, кымыз куюп, канжыгасына байлайт. Чай коюп, дасторкон жайылгандан соң кымыз куюу жалпак отургандарга, жата коноктorго шарттуу көрүнөт.

Куйма кулак кайсы? Акма кулак кайсы? Булар эки башка маани берет. Илгери кагаз, кат сабаты жок чактарда санжыра арбын айтылуучу. Демек, ал оозеки тарых деп аталат. Санжырачылар жер чечегин безеп, өзү көрүп, бирөөлөр кулагына шыбырап тургандай, өткөн тарыхтан кызыктуу окуяларды баштап бергенде, кызыккандар отурган орунунан түк жазуучу эмес. Жаза кетпей угуп, кайра-кайра угууга куштарланып, алар да бирөөлөргө ошондой түрдө аңгемелеп, аны дагы бирөөлөр саймердендеп, айтор, тарых бүгүнкүгө дейре так жеткен. Демек, ошол санжырачылар, кунт коюп отургандар – куйма кулактар.

Акма кулактар – окуяны угууга кызыгуусу жоктор, ой-пикирин башкага буруучулар. Кызыктуу, керектүү, данектүү, даректүү сөздү кармап калбоочулар.

Босогону кулачтаба (эшикти кулачтаба). Мында эшик, босого тууралуу сөз болуп жатат. Эшиктен кирген бала-бакыра босогону аттап кирүүгө тийиш. Адатта, алар кирип келе жатып, көбүнчө боз үйдүн босогосуна тура калып, эки колу менен таяк босогону (боз үйдүн эшиги: үстүнкү босогодон, эки таяк босогодон, астыңкы босогодон, каалгадан турат) кулачтап туруп калат. Ошондо: «Босогону баспа, кулачтаба, түз кир», – дейбиз. Бирөөнүн үйүнө антпей түз кирип отуруу адеп. Ал абалтан калган ырым болсо керек.

Ортодон өтпөө. Күтүлбөгөн жерден улуулар менен учурашкан учурлар көп болот. Абалы, адаттагыдай, эң улуусуна кол беришет. Анан калгандарына салам айтуу ызаат. Жуп жөнөөрдө кичүүлөр улуулардын ортосунан өтүүсү адеп эмес. Ортону бөлбөй, алардын артынан бастырып кетүү шарт. Жөө кезде да ушул эреже сакталышы керек.

«Конуш чала албай каласың». Жандыктын иче-кардын арткан келин-кесектер көтөн чучуктун учун отко бышырып жеш адаты бар эле. Мындан «отко салган чучуктай чыйылдатып» деген сөз айтылат. Аны бирөөлөргө бербей «бала киши муну жебейт, конуш чалалбай каласыңар», – дешчү. Демек, оюн-чынынан көөнүн тындыруу болсо керек.

Үрп-адаттар жана ырым-жырымдар. Биринин түшүнүгүн бири толуктайт. Булардын түпкү максаты ыйманга, адеп-ахлакка, үлгүгө, нускага барып такалат.

Муундарга элдик нукта тарбиялоо-таалим берүүдө улуулардын жолун ыйык тутуу, аны андан ары улоо жөрөлгөлөрү улуттук белгилердин изден тайбоочу башаты болуп саналат. Эбактан бери аркаланып келе жаткан андай оң сапаттарга ээ кылуучу касиеттери менен кыргыз эли элдик педагогиканын негизин түзүп келген. Ата-эне, ага-ини, эже-сиңди, тууган-урук жерге-жээк үчүн акыл-насаат айтып, ич ара тескөөлөрсүз күндөлүк турмуш-тиричиликтин бир татым тузу кемийт, кызыксыз туюлат. Ар ким андай ырым-жырымсыз, үрп-адатсыз, каада-салтсыз жашоолору 1-ден жүрүм-турум эрежелеринде баш аламандыкты пайда кылат. 2-ден улуттук татымдык өзгөчөлөнгөн белгилерибизден ажыратат. 3-дөн оң таасир берүүчү сапаттар унутулат. 4-дөн элдин кусурун, сөөлөттөрүн качырат.

Ошондуктан, бабалар баскан кан жолдору, күрөш жолдору, жеңиш жолдору кийинкилерге эстен кеткис эстелик болуп калууга тийиш.

Тап тешик – элдик ырым-жырым. Кайнап жаткан казандын түбү ийне көзүндөй болуп тешилип калса, ундан же талкандан түбүнө салып, «тап тешик» деп кайта-кайта айта турган. Албетте, мындай аракеттен бир натыйжа чыга турган.

ОЙ ЖОРУУ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫНАН

Ыктытканда: «Сен уурдап бирөөлөргө көргөзбөй тамак ичип-жеген турбайсыңбы?» – өндүү сөздөрдү айтса, ал чочуп кетип, анын ыктытканы басылат», – деген имиш бар.

Көзү тартканда. Айрымдарынын оң көзү тартат. Айрымдардын сол көзү тартат. Кээлери сол көзү тартканда, кээлери оң көзү тартканда сүйүнөт, же күйүнөт. «Көзүм эле тартат» – деп, тарткан көзүнүн алдына чөп жабыштырат. Бул өзүнчө ырым-жырым болуп саналат.

Эти тартканда. Айрымдары муну жаңы кийим кийүүгө жорушат. Далысы тартканда, эринен токмок жейт – деп да айтышат.

Муруну кычышканда. Мында да адамдардын ой-жоруулары бар. Кычышкан мурунун ушалап туруп: «Буюрса, эт жейм го, мурунум эле кычышат», – дейт. «Сенин мурунуң кычышып жатса, эт жейт турбайсыңбы?» – деп, мурду кычышкан адамды ишендирип да коюшат. Эрин тартканда да ушундай жорулат.

Таманы кычышканда. Мында жаңы бут кийим киет, же жөө басат. Бул ырымды жоруучу деле анын андай белгилерин оң тарапка жоруй айтат.

Алаканы кычышканда. Бул да жакшы ой-тилекке барып такалат. Демек, алаканы кычышкан адам акча-тыйын алат; адими буюм-тайым кармайт; олжого батат өндүү жагдайларга ырымдалат. Же жакшы адам менен саламдашат. Б. а. оң колу кычышса, ошентип, бирдеме кармайт. Сол колу кычышса, бирөөлөр колун берет ж. б.

Музоо чычкактап калса. Мунун да өзүнчө ырым-жырымы болгон. Чычкагын басат деген ишенимде анын куйругунун түбүнө кызыл жип, чүпүрөк байлаган. Төгүлгөн сүттү эки ийинге тийгизүү, балага кызамык чыкса, үйдү караңгылатып, шам күйгүзүү, үйдөн жылан сойлосо, ак чачуу, ун чачуу ж. б. да ички ишенимдердин катарына кирет.

«Кылоо-кылоо торпогум» – элдик ырым. Уй тууп, уузу саалат. Аны бышырып, адамдар ооз тийген соң, ууздан кашыктап, же сузгулап, чөмүчтөп алып келип, торпоктун башына, жамбашына тамызып:

«Кылоо-кылоо торпогум,
Алдыга бассаң бөрү жейт,
Артта калсаң ууру алат,
Орто жерден чыкпай жүр», –

деп ырымдайт. Бул кыргыз элинин мал чарбачылыгына жасаган мамилеси, боор эти менен тең көрүүсү болуп саналат.

Карышкырдын (бөрүнүн) чүкөсү. Жаш балдар бөрү жатыш болот. Ал – тери оорусу. Кандайдыр тери көөп быткылданып чыга калат. Ошол чакта байбичелер карышкырдын чүкөсүн эзип, этке ырымдап сүйкөйт. Же терисин жипке байлап, мойнуна тагат.

Карышкырдын тарамышы. Бирөөлөр бирөөлөргө доо алганын баамдап, көрүп-билип турса, ал көз көрүнө танып койсо, бирдемелерин уурдап алса, уурдаткан ошол эле карышкырдын тарамышын алган адамды «Ушул тарамыштай катып кал, бүрүшүп-тырышып кал» – деп, отко салып күйгүзөт. Ошондо ууру адам тарамыштай тырышып калат деген ишеним бар.

Карышкырдын жүрөгү. Баамдоолордо, жырткыч жаныбардын эң жүрөктүүсү ушул бөрү болуп саналат дешет. Ал мал-салга, ал турсуи ачка көркоо (көрдү ачып өлүк жеген) адамдарга да кол салат. Тукумунун кунун кууйт имиш.

Демек, карышкыр аткандар, кармагандар, капканга түшүргөндөр анын терисин сыйрып, ичин жарат, өтүн алат, чүкөсүн омурат. Анан жүрөгүн алып (кээде чала-чарпын отко кайсай коюп), тайгандарга, дөбөттөргө, бүркүт-

төргө таштайт. Алар да ушул бөрүдөй жүрөктүү болсун деген ырым.

Туз жалатуу, нан тиштетүү. Бул – күнөөкөр адамдын актыгын же каралыгын билүү, Күнөөкөр келген адам өзүнүн актыгын билдирүү үчүн «Акмын» – деп туз жалайт, тузга сиет, нан тиштейт. Эгер ал күнөөкөр болсо, тайсалдап, бул шартка моюн сунбайт. Анын тазалыгы, тактыгы ушундай ырымдар менен да аныкталат.

Карылардын батасы жана каргышы. Кыргыздар карыларды көптү көргөн-билген, заман оодарган, касиети артылган катары көрүшөт. «Карысы бардын – ырысы бар» деп, ушул үчүн айтат.

«Эл кайда көчөт». Кичине кызыл чаар коңуз жайында пайда болот. Ал жөргөлөп, анан учуп кете алат. Аны балдар кармап алып, алакандарына салып: «Эл кайда көчөт, эл кайда көчөт?» – деп сурашат. Коңуз бир тарапты карай жөргөлөйт. Аны көрүп: «Ии, и, эл ушул тарапты карай көчөт турбайбы?» – деген балдардын ишеними элдин ырымы-жырымына жатат.

«Күлүк болосуң». Илгери балдар майдын толук маалында жыңайлак жүрө турган. Ошондо жерде биттей кичине кызыл неме чуркап жүргөн болот. Ошону кармап, жылаңач таманга сүйкөгөн бала тызылдап чуркап кетет. Мында да күлүк болом го деген ишеним, ой жаралат. Бул да ырым-жырымга кирет.

«Сөөктүн (жиликтин) чучугун жебе». Бул – ата-энеңе кайрымсыз болуп каласың дегени. Мында да ырым-жырым бар. Мал чарбачылыгын арка-бел туткан кыргыздарда, ал чучуктары өтө таттуу, ширелүү келет. Демек, бул ырым-жырымда балдар чоңдор менен талашпасын, ысап-бычакты сактасын, муну карылар жесин, адеп-ыймандуу болсун сымал таалим-тарбия жатса керек.

«Уйку жебе (эт), уйкучу болуп каласың». «Кыз бала кекиртек жебейт, жесең – күйөөгө жылаңач кетесиң», «Кыз бала бөйрөк жебейт», «Кыз бала шыйрак жебейт» – деш-

кен. Моюн, шыйрак, бөйрөк эркек балдардын устукандары болуп саналат. Бул да эл арасында айтылып келе жаткан ырым экен. «Баштын таңдайын кыз балага берет, себеби, саймачы болот», «Тилдин учун кыз бала жебейт, тилдүү болуп калат». «Жандыктын көзүн бөлүп жеши – көздөшүп жүрөлү дегени...». «Жандыктын башын жаактан ажыратып салбайт». Кулагын балдарга кесип берүү шарт; мууздоону отко бышырып ооз тиймейин, канын итке бербейт, же жерге төкпөйт.

Коноктук табакка күң жилик, жетим арка тартпайт. Күң жиликти келин-кесектер жейт, көтөндү жана жумурду да келин-кесектер жейт. («Көтөн деген тамак бар, көөмп коюп өзү жейт. Жумур деген тамак бар, жууп коюп өзү жейт, мына кызыңдын көзү» – дептир кайын энесине күйөө бала). «Шилини кыздар тарап жесе, чачы узун болот», «Кыз бала балык жебейт, бети чаар болуп калат, «Кыздар көк боор жебейт, көк бет болуп калат», – деген да ишеним бар.

«Бирөөнүн тамагын эки жесе таз болот», – деп айтышкан. Чакаган адамга карата: «Май менен сүткө, жаңы сойгон этке», – деп айтышкан.

Алдыдан кара мышык чыгып, ал туура кесип өтсө – жол болбой калды, кайра тартуу керек болуп калды – дейбиз. Же ал туура кеткен жолго таш ыргытып коёбуз.

Алдыдан жылан чыгып, ал туура кесип өтсө «Өңүндө көрсөң жанч, түшүндө көрсөң кенч» – деп, аны үчкө бөлүп, жолдун эки жагына көөмп койгон. Кийин экологиялык шартка байланыштуу уулуу кара чаар жыландан кымбат баалуу дары-дармек жасалгандыктан корукка алууда. Ак жыландар жакшылыкка жорулат.

Эрдин тиштеп алганда жакын адамдардын бирөө ачка экен деп жоруйт. «Ким ачка жүрдү экен?» – деп кобуранат.

«Наристе бала жол карайт». Мындай кез баланын эмгектеп, же там-туң басып жүргөн учуруна туш келет.

Бирде эмгектеп, бирде баса калып жүрүп, алаасын өйдө көтөрүп, алысты карап калат. Анда «күткөн адамыбыз же жакындарыбыз келет турбайбы», – дегенге жорушат.

Түндүктөн жөргөмүш желе тартып түшсө – мында алыс-жакындан конок келээрине жорулат, чоң жөргөмүш болсо, чоң адам, кичинеси – бала-бакыра келээрине жорулат.

«Оң бутуңду көтөрүп койчу». Баса элек, талпынып калган баланы өйдө алып, боюнда бар аялды көрсөтүп: «Кана, жеңең эркек төрөйбү, кыз төрөйбү, эркек төрөсө оң бутуңду көтөрчү, кыз төрөсө сол бутуңду көтөрчү дейт». Мында да баланын көтөргөн бутуна карата ишеним-ырым бар.

Идиш-аяк колдон түшсө – мында да жакшылыкка жорушат. Бирөөлөр шашып келатат – дейт. Колдон бычак түшсө эркек, кашык түшсө – аял келет экен деп жоруйбуз.

Ок аттоо – кандайдыр кокустуктан адамга ок жаңылса (мындайлар жоокерчиликте көп болот), же аялды кара басса, ал адамды таза, моралдык жактан туруктуу зайыптар атташкан. Андайлар табылса, алыс-жакынына карабай, ат токуп барып алдырган. Ошондо ок денеден чыккан, кара баскандар кыйналбай көз жарган – деген ишенимдер айтылып келген.

Өлүү кыз. Илгери шарттуу түрдө кызга болочок эри күйөөлөп бара турган. Мына ошондой шартта, непада, колуктусу өлүп калса, анын бүткүл буюм-тайымдарын жыйып, ошол күйөө болуучуга карматкан.

Ыраазылыкта узатуу. Аялы өлүп, ашы-жыты берилген соң, күйөөнүн да башын ачуу керек. Ага бата жаңыртып берүүчү балдыздары, же ага тете жакындары болбосо, күйөөгө ат мингизет, тон кийгизет. «Ак жолуң ачылсын!» – деп кайын журту бата беришет. Бул «эми өзүнчө аял ала бергин», – дегенди билдирет.

Эри өлүп, кошок кошкон ургаачылар – салттуулукту сактоосу. Аялы өлүп, аялын кошкондор кездешпейт. Ал – чанданын чанда көрүнүшү.

Башына чөп сындыруу – тамаша ирээтиндеги ырым-жырым. Мисалы, көпкө келбей жүргөн, колунан эч нерсе чыкпай турган адамдардын күтүүсүз келип калышы, бирдеме бере коюшу өңдүү жоруктарын көргөн-билгендери: «Ой, башына чөп сындыралычы», «Сен да келет экенсиң ээ», «Сенин колуңан да бирдеме чыгат экен, ээ», «Түш көрдүкбү?», «Түшүңө биз кирдикпи?» ж. б. деп, чын эле кичине чөп сындырып, күлкү, оюн-чыны аралаш башына койгон.

Ай көрүү – бул жөрөлгө, ырым-жырымдын бир түрү. Айдын жаңырышын көрөөрү менен ургаачылардын аны алкап, жүгүнүп коюш шарты бар. «Бала-бакыра, эл-журт аман-эсен болуп», аялдардын алдын бала бассын, артын мал бассын», «айдан аман чыгалы», – өңдүү бата-алкоолор айтылат.

Айдын туулушу – жан-жаныбарга төлгө. Эгер ай кырданып калса, ал айдын жан-жаныбар үчүн ачыктыгы, жаандын жаашы, ысык-суугу ойдогудай болушу.

Ай казан сымал асылып калса, өзүнө тынч, жан-жаныбарга, журтчулукка анча тынчы жоктугу. Күндүн көзү көрүнбөй, жаанчыл, бороон-чапкын болоору. Жаанчыл, жут, суук, тумандуу келет. Албетте, бул – элдин баамдоолорунан өткөн далилсиз чындык.

Жаанды болтурбоо, же жаанды токтотуу үчүн түлөө берүү ушундай шарттардан улам пайда болгон.

Ай жаңыргандагы айтымдар:

«Жесирге – жемиш
Жетимге – жеңиш.
Жөөгө – улоо,
Жалкоого – мээнет,
Жалгызга – эрмек,
Иштерманга – кут,
Сараңга – жут.
Ушакчыга – уу,

Ак ниетке – туу,
Бакылга – тар
Бапырга бай ай бол,
Оомийин аллоакбар».

(Белек Солтоноев)

АДАМ МҮНӨЗДӨРҮ

Адамдар ар кандай жаралат. Табият аларга түрдүү мүнөздөрдү тартуулайт. «Уулду туудум, уятын туубадым; кызды туудум, кылыгын туубадым», – деген макал айтылат. «Курсактагы баланын кул болорун ким билет, карындагы баланын кан болоорун ким билет», – бул да турмуштан калпынган көрүнүштөрдөн болуп саналат. «Уяда эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» – бул да жашоо-турмуштан калпынып алынган. Кыскасы, адам баласында «Ар киминде бир кыял, ал кыялды ким тыяр» дегендей, эркек-ургаачыларда бирден кыял-жоруктары бар. Андай жекече касиеттерин – киши мүнөздөрүн төмөнкүдөй мүнөздөөнүн тааныш-билүүчүлүк мааниси бар.

Сары эсеп – адам мүнөзүнүн бир тыкыр түрү. Ал баскан-турганынан «чыгым чыкты», – деп санап турушу аркылуу башкалардан айырмаланат. Жанынан бирдеме кетип калаарын, ал өзүнө зыян экенин алдын-ала билип-туюп карыш жылбайт. Аны эл: «О, кокуй, ал эмгиче эсептеп койду, андан жарытылуу бирдеме чыкпайт», – деп турушат. Сары эсеп сараң, кызыл кулактарга жакын.

Тобокелчи – алды-артын анча ойлонбой, ал үчүн анча жан кыйнабай, өзүн-өзү эркин сезген адамдын мүнөзү. Алар: «Тобокел тууду», «Бара көрөбүз», «Корккон да кудай дейт, коркпогон да кудай дейт» – деп, олжолуу болгонго да, олжосуздукка да кайыл. Барга-жокко бирдей караган адамга мүнөздүү.

Бүйрө өзүн тыкан кармап, киреше-чыгашага сарамжалдуу болот. Бапырап-тапырап, берешен болуп кетпейт. Бас-

кан-турганы орундуу, мамиле-катышка өзүнүн жолун билет. Зыңкыйыңкы тартып, кийим-кечени да өз боюна тандап, чактап киет. Муну адамдык мыкты мүнөздөрдүн бири катары кароого жарайт.

Сылык – адамдын оң касиеттеринин бири. Ал чон-кичинеге, улуу-кичүүгө, мансаптуу менен карапайымдарга бирдей мамиле жасоочу. Анысы абалы сөзүнөн баамдалат. «Сиз» деген – сылык сөз, «сен» деген – сенек сөз дегендей, анын сөзү сыйда, баскан-турганы орундуу көрүнөт. Жүрүм-туруму башкаларга үлгү боло алат. Муну сыпайы адам менен алмаштырууга болот.

Кыйды – адамдык терс мүнөздөрдүн бири. Дайыма таныш турат. Баскан-турганы арамзалыктан айырмасы болбойт. Алды-артын качырып жүрөт. Митаам менен алмаштырууга жарайт. Экөө биринин мүнөзүн бири кайталап турат. «Суусардын изин баспайт», – дешет андайды.

Кыянат – пайдасынан зыяны оодук. Жүрүп турган ишке, оң таасирге өзүнүн залакасын тийгизет. Ичтен бүлдүрүп, ийгиликтүү аракеттерди иритет. Ичи тар, жакшылыгы жок, адамдык сапаты терс, кара мүртөз, кара өзгөй адамдардын мүнөзү биринин акмакчылыгын бири толуктап алат.

Сынчы. Мындай адамдын эки тараптуу мүнөзү эске келет. 1-ден, кара кылды как жарган калыстыгы, ар нерсени тупатуура чечүүсү, жүрөгүндө ала, жүрүмүндө кара жоктугу көз алдыга тартылат. Бул – оң көрүнүшү. 2-ден, кыйынсынма адаты менен бирөөлөргө сын тагып, өзүн-өзү башкалардан өйдө көрүп, өзүнчө кыйын боло бергендери да бар. «Сынчынын сыңар өтүгү майрык», – деп коюшат андай адамдарды.

Чечен. Мындай адамдардын да эки топтогу мүнөзү бар. 1-ден, таңдайынан чаң чыгып, жер чечегин безегени, кулактын кычуусун кандырганы, оозунан бал тамганы, куюлуштура сөз берметин тизгени алдыга тартылат. Сөздү элден алып, элге так өзүндөй берген адам. Куйма

кулактар алардын айткандарын айткандай көкүрөккө жат кылышат. 2-ден, кур чечендик, кандайдыр айтканы угумдуудай туюлат. Кайра айтуучусу жок, жугумдуулугу аз, маңыз чечендер болот.

Шыпыр, калпычы – адамдын терс сапаттарынын бири. Мындай адамдар каратып туруп калп айтып карап турушат, туура эмес айтып басып кетишет. Сөздүн толук маанисинде алганда, алар бир нерсени сөзсүз аткарам деп жалтанбай айтат да, мындай чыга беришет. «Ал ошондой шыпыр болучу», – деген атка конушат. Калпычы-шыпыр, алдамчы – бир мүнөздөгү жексурлар. Кээде анын шыпыр экенин билип-туюп туруп, сызга отуруп каласың.

Жылпыш. Бул – кандайдыр мүнөзү жумшактай сезилип, ич ара байланыша келгенде эле туруксуздугун көрсөтө коюучу адам. Адатта, андайлар бир чети өңдүү-түстүү келет. Кийимдери да алгылыктуу көрүнөт. Эрки бошураак, «алдасам» деген ою ордунан чыкпайт. «О, кудай урган, жылпыштаган неме экен. Убадаң талаага кетээр бекен?! – деп, адам өзү эле коомайланып турат.

Такымчы. Бул – бергенин, өткөргөнүн, жасаган соодасын өндүрүү үчүн, жан алакетке түшкөн адамдын мүнөзү. Ал артыңдан-алдыңдан калбайт, алаары колго тиймейин жаны тынбайт. Бул бучкакчыл деген маани берет. 2-ден, бирдемени аягына чейин түшүп алууда улам такып, улам сурап, улам бышыктап туруучу пенде.

Мылжың. «Жашыңда калжаң болсоң, карыганда мылжың болосуң» (Макал). Адамдык мүнөздөрдүн начарларынан. Кеп-сөздүн маанисин түшүнө-билбеген, түшүндүрө айта албаган, ырааттуу ой түйүнү жок, туруксуздугун сырткы турпатынан да, өңү-жүзүнөн да көрсөтүп коё турган адамдын түркүмү.

Кежир – адамдык мүнөздөгү терс көрүнүш. Тил албаган, башкалардын кеп-сөзүнө ынанбаган, өзүнүн оюнун баркына, баачасына жетпеген, оң жыгыл десе, сол жыгылган пенде. Ал – тил алчаактын карама-каршысы, «Кежигиси кыйылган кежир», – деп коёт.

Какшыкчыл (кер какшык) – бул бирөөнү шылдыңдоо, келеке кылуу, сөз менен чымчылоо максатында акырын жылдыра мактап, кекээр сүйлөгөн, б. а. какшыктап сүйлөгөндү жакшы көргөн адам. Какшык айткандан алар ыракат алып, табасы канат.

Кырс – өзүнүн оюндагысындай болбогондорго карата сыртын салып коюу. Бул кичине мансабы барларда арбын жолугат. Кырстык андай адамдарга жанаша да, жараша да түшөт. «Ой кырс неме, аны ал жактырбайт» – дейбиз. Деп, өзүбүз да тарткынчыктап турабыз.

Орой. «Сокур орой, таз кыйык» (макал). Адамдагы жагымсыз мүнөз. Бетке чаап айтуу, улуу-кичүүгө, үйдө кимдер отургандарга карабай, үнүн бийик чыгаруу. Албетте, андайлык адеп эмес. Оройго адам оңой менен даай албайт. Шагым сынып калабы деп ойлойт.

Оолукма – бул туруктуулугу жок адамдарга карата айтылат. Бир сөздө, бир орунда турбаган, бир жерде көнүш албаган өзүнүн эрк-акылын эркине багыштаган адам. Андайлар кетем дегенине кетет. Барам дегенине барат. Ал – жээликменин бир түрү. «Тим кой, ал оолугуп калыптыр, оолукмасы басылсын» дешет.

Шылуун. Бул шайдоот мүнөздөгү адамдардын тобуна кирет. Оң-тескери мүнөзү бирдейлер бар. Алам дегенин алат, жулам дегенин жулат. Бөркүн алып кел десе, башын байланып келүүчүлөр мына ушулардан чыгат. Кыскасы, алар – жегичтер-шылуундар, көбүнчө башкалардын эсебинен өзүнө артык жем арттыруучулар; Байланып кет десе, артынып кетүүчүлөр.

Куйту – тескери мүнөздөгү адам. Мындайлар эки адамды бири-бирине чагымдайт. Бийликтегилерге ичтен кошомат кылат. Ошол чагымы аркылуу күн көрөт. Айрымдар ошондой сапаты үчүн өз кызыкчылыгына пайдаланат. Куйту – көшөкөрдөнүү, элдин эң коркунучтуу душманы болуп эсептелет. Мүлтүлдөк адам ушул топко кирет.

Көйрөң – эр мүнөзүнө кирет. Бул сылаңкорозго жакындашат. Анын көйрөңдүгү, баскан-турганынан, минген атынан, кийим-кечелеринен баамдалат. Ошолор аркылуу адамдардан айырмаланып келет. Өзүнүн көйрөңдүгүн, жеңил кыялдыгын өзү билгизүүгө атайын аракет-кыймылда болот.

Кыз кыял. Бул – адамдагы жакшы мүнөз. Эркек-ургаачылардын табиятындагы үлгү болорлук көрүнүш. Орой, тажаал, тайбас, таскак өндүүлөрдүн тескериси. Көбүнчө улан, жаш жигиттерди кыз кыялга салыштырабыз. Мунун бир чети – уялчаактык. Мындай адамдардан назиктикти, коңурдукту, адептүүлүктү, ыймандуулукту, тазалыкты күтүп турабыз. «Ал – жигиттин гүлү», – деген сымал ой-пикирлер мына ушундай адамдарга карата айтылат.

Коркок. Мунун бир мүнөзү суу жүрөк. Бул – табиятындагы көрүнүш. Жалгыз басуудан коркуулар бар. Түн ичинде эшикке чыгуудан коркуулар бар. Бала кезинен бирдемеден чочуп калып корккондор бар. Өлүктөн корккондор болот. Жаш чагынан жүрөгүн майтарып, коркутуп коюулар болот. Коомдук мүлккө кол салуудан, аны өзүнүн менчигиндей жеп-ичүүдөн, бирөөлөргө ушатуудан коркуулар бар. «Ал кудай урган, бирдеме кылуудан коркот», «Жедеп суу жүрөк болуп калган» сыяктуу кептер айтылат.

Чоркок – эчтекеге эби жок, жан бактылык мүнөз. Кара жумуш кыла албайт. Оңтойлуу бирдемелерди кармай, оңдой албайт. Чоркок бирдеме жасоого, үйрөнүүгө, окууга, үй-тиричилигине кол кабыш кылууга өзүнүн эби жоктугун, солдоюп тура берип, турмуштан куржалак экенин көрсөтүп коёт. Мындай сапаттар эр-аялда тең болот.

Сараң – адамдардагы терс мүнөздөрдөн. Уламыштарда чык татырбас Чынарбай, Карынбай өндүү сараңдар тууралуу айтылат. Колдо бар туруп, ажат ачпоочулук, сокур тыйын үчүн бүгүлүп түшүүчүлүк. «Дүнүйө бир тыйындан куралат», – дечүүлөр. Сараңдык мүнөздөр көбүнчө байларда жаралат. Тууган-урук, жээк-жааттарга чык татырбайт. Өз

малын аяп минбейт, арык-торуктарынан, өлгөнүнөн союп жейт. Малын аяп, туз да бербейт. Конок келсе качат, же «ооруп» калат, өзүнөн чоң чокой кийип, тиричиликтеги бардык ишти шордуу аялы бүтүрөт. Малынын туягын да тамагын да аяп, башкаларды оокатын кылдырууга жумшабайт. Сасык бай, сараң бай, колтукчу бай мына ушулардан чыккан.

Көк (көк бет). «Ат мыктысы боз болот, эр мыктысы көк болот» (макал). Мунун оң сапаты бир ишти аткарууда, аягына жеткирүүдө кастарын тигип, башын байлап коюучулугу. Бул эр мүнөзү катары бааланат. Бирок ургаачыларга көктүк жарашпайт. Эринин ырысын кыркуу, үйдүн кутун кетирүү катары бааланат: «Көк талды отунум дебе, көкбетти аялым дебе» (макал). Эркектерге деле ашкере көк беттик, ашыра эле көгөрүп калуучулук да анча жарашпайт.

Кенебес – адамдардагы шалакылык мүнөздөрдүн бири. Ар нерсени учурунда барк албоо, күндөлүк турмуш-тиричилик үчүн түйшөлбөө, «баары ушундай болот», – өңдүү өзүндө белгисиз сезимге жетелетүү. А, мүмкүн, бул эринчээктикке, аңкоолукка, жан бактыга барып такалат. «Ал кенебестиктин кесепетинен кетирди», «Кекебей жүрүп, ушул акыбалга келди» сымал сөздөр артында айтылат.

Кеп жебес – адамдагы терс мүнөз, Бирөөлөрдүн айткандарына кошулбаган, өз оюн түк бербеген адам. Оң сөзгө тескери жооп ыйгарган, өзүнөн оңдуу акыл чыкпаган пенде. Бул кежир, макоо мүнөздөгүлөр менен тутумдашат. Кеп жебес – кепке-сөзгө конок бербес адам.

Көрө албас – ичи тар адамдарга таандык сапат. Бирөөнүн иштерине ийгилик каалабайт, көргүсү да келбейт. Атайын ал жактан четтеп өтүп турат. Бирөөлөргө терс ойпикир айтат. Ниети таза эмес экенин өзү эле билдирип коёт. Бул негизи кызганчаак, арампороз, кара өзгөй сымал мүнөздөр менен жакындашат.

Жалакай – чабал мүнөз адам. Көзгө токтомдуу, көкүлгө тете аткарганы болбойт. Ар нерсеге тийди-качты, башын

баштайт, аягын таштайт. Аны аткарууга алы да, эрки да келбейт. Ач-токко да, ысык-суукка да, бар-жокко да байымы жок. Туруктуу жумушу болбогон, көпчүлүктүн нчинде эптеп күн көргөн жан.

Элпек – адамдардагы мыкты касиет. Элпектик, ак көңүлдүүлүк, пейили тазалык, кары-жаш болобу, жумшаган жакка дароо аттанып кетүүчүлүк, ар ишти өз учурунда, оңтоюна келтире бүткөрүүчүлүк анын адамгерчилик сапаты болуп саналат.

Момун – «Кой оозунан чөп албаган» (Эл сөзү). Бул – бирөөлөргө кылча зыяны болбогон, өз оокатын өзү кылган адам, Момундуктун бир аты – жооштук. «Кудай момун» дейбиз. Көптүн арасында куудуң-шумдугу жок, коймаарек жүрө берүүчүлөр. Бирок ашкере момундук адамга зыянын тийгизет. Ошондуктан кээде «Жамандын бир аты момун, жоош» дейбиз.

Копол – анын бир сапаты олдоксондук, иш-аракеттери, баскан-турганы сыйда эмес. Аткара турган нерселерин өтө одоно жүргүзөт. Адептүүлүктү анча үйрөнө албагандар. Тигил-бул жумуштарга шымаланып кете албайт. Коомайлана четтерээк көрүнөт.

Дөдөй – адамдын терс сапаттарынан. Түшүнүгүнүн, ой жүгүртүүсүнүн начар көрүнүшү. Түшүндүрө да албайсың. Түшүнүүгө чама-чаркынын жөндөмсүздүгү. Логикалык жактан начарлыгы. Бир сөздү айтып баратып, башкага чалып кетүүчүлүк. Кээде өз оюн-пикирин туура табуучулук.

Чыйрак – адамдагы шайдоот сапаттардан. Өзүн жыйнактуу, тыкан алып жүрүүчүлүк. Ар ишке жөндөмдүүлүк, шамдагайлык кылуучулук, өз убагында бүтүрүүчүлүк. Тың, бышык келип, «Чегедек отундай тырсылдап», жашоо-тиричилигинде өзүн куунак алып кармоочулук.

Илээнди – жашоо-тиричиликке бош, кош көңүл мамиле кылуучулук. Жайбаракаттыкка өзүн моюн сундуруучулук. Ишти баштап, аны жарым-жартылап, таштап коюу-

чулук. Үй тиричилигинде шалаакылык, «Илээнди аял жарытпайт», – деген сөз бар.

Сабырдуу. «Сабырдын түбү – сары алтын» (эл сөзү). Бул – адамдардагы жакшы сапаттардын бири. Ар нерсеге токтоо мамиле кылуучулук. Майда-чүйдө сезимге ооп кетпөөчүлүк. Ойлонуп, төрт тарабын өлчөп, токтоолук менен маселе чечүүчүлүк.

Ач көздүк – пендечиликтеги жаман адат. Бирөөлөрдөн алсам-жулсам, ошол менин оокатым болсо дечүүлүк. Азыркы замандын айрым адамдары, мисалы – сүткорлор, алып сатарлар, кызыл кулактар жасап жаткан не бир терс аракеттер буга далил боло алат. Мындайларды эл «көзүнө-көр топурак көрсүн!» – деп каргашат. Алар эл-журттан бөтөнчө самашат.

Куу – терс сапаттардын бири. Куулук-шумдук эгиз айтылат. Кууланууу – бирөөлөрдү сызга отургузуу. Аны айбанаттардын митайымы түлкүгө салыштырат. «Куу түлкү» – демек, дароо алдап кетүү. Бирөөлөрдүн мүнөзүндөгү бош сапаттардан пайдалануу.

Жел таман – көбүнчө аялдарга карата айтылуучу терс сапаттардан. Айылчы. Түтүндү түрө кыдыруу, бир орундан жай таппоо. Ушундан улам ушакчы аталуу, өзүнчө эле бассам-турсам деп жээлигүүчүлүк.

Тапан – ар бир сөзгө карата какшык, шылдың, шакаба, мыскыл аралаштыра айткан адам. Мында «кур тапан», «алчы-таасын жеген тапан», «беш-алты абышканы кичирейткен тапан» сымал сөздөр айтылат. Арийне, чоң-кичинени көзгө илбей, дайыны жок сүйлөгөндөр да бар. Андайлардын тапандыгынын татымы болбойт. Айталы, Мидин, Райкандар, Байдылда айткандай:

«Куйкумдуу кепти курч айткан,
Сөөгү жок эттей сулп айткан,
Күтпөгөн жерден күлдүрүп,
Күлбөстүн тишин ырсайткан»

адамдар эле. Алар да тапан атка конушкан. Булар даана таланттуу тапандардан болушкан.

Көр жеме – эркектердеги эң жаман адаттардын бири. Аялынын, бала-бакыраларынын баскан-турганынан, кылган ишинен өөн табуу, отурса-турса да сын тагуу. Кулакмээсин жеп туруу. Илгери бир зайып эринин ушундай мүнөзүнөн улам «мына кетем», «ана кетем», – деп жүрүп, деле эри тажатып жибергенде: «Айтпачы сөздүн бекерин, аз калды менин кетээрим», – деп, чыдай албай кетип калыптыр.

Чыр. Бул – адамдардагы терс адаттардан. Акты кара дечү, иштин чын-бышыгына жетпей, өзүнүн оюн кара өзгөйлөнүп таңуулоочулук. Көпчүлүк орундарда, оюн-зооктордо, аласа-береселерде, атайын талаш-тартышуучулукка аттанып түшүүчүлөр. Ушундан улам «Баланча чыр» атка конуучулар.

БААТЫР, ЭР МҮНӨЗДӨРҮ

Эр кумары не болот?
«Эр кумарын сурасаң,
Алман жайган кыраан куш,
Кара көз сулуу кыз болот».

(Накыл)

Бул – адам мүнөздөрүнөн анча айырмаланбаган баатырлардын жекече сапаттары. «Ат эриндүү келет, эр мурундуу келет», – дегендей, эрдин бир маниси баатыр болуп эсептелет. Баатырларды эл-журту жаратат, Алар ошондой адамдары чыккандыгы аркылуу сыймыктанышат. Т. а. элдик улуттук баатырлар, уруу баатырлары, эмгек баатырлары, ар бир аймактын эли-журту үчүн күйөрман баатыр аташкан, баатырга тете адамдары бар. Мына буларды эр мүнөздөрүнөн таба алабыз. Адатта, бул – тирүүчүлүктө адамдык сапаттын ар кылдыгы. Эр жигитке таандык касиеттер эл ичинде түрдүүчө сыпатталышы. «Эр» деген туюнтманын

артында көбүнчө сыймыктанууда шарттуу бөтөнчөлүктөр жалпылана айтылат. Ошондой эле жүүнү бош жагдайлары да белгиленет. Эл – улуу сынчы. Алардай төп айтуучу эч бир күч жок. Ошондуктан, адамдар да, айбандар да, жандуу, жансыз жаратылыш да, алардын көз электеринен өтүп турат.

Даанышман адамзат пендесинен чыгат. Жаратылыш ага акылды, кооздукту, сулуулукту, келбетти ченебей берген. Төрт тарабы төп келгендер бул ысымга татышат. Пендеде улуттан, ар элден, жерден, уруудан, уруктан, аталардан мындайлар арбын жаралган. Албетте, Кыргыз Атадан чыккан элибиздин даанышмандары ондоп, жүздөп саналат. Баатырлардын, журт билермандарынын, эл мыктыларынын бир аты – даанышмандар. Аларга эл-журту, анан жалпы журтчулук сыймыктанат. Ага санжыра-санаттар жооп берет. Кыргыз элинин оозеки тарыхында буга чейин булардын аттары айтылып, терс каармандар катары баяндалып келген болучу. Ат-Башылык, нарындык Кайдуу уулу Чоко менен (баатыр деп да коюшат) Бабакан уулу Карач ажы, кочкордук Бай уулу Калыгул олуя, Ормон улуттук баатыр, көлдүк Кыдыр аке, Садыр Аке, оштук Алымбек датка, Курманжан датка, таластык Жанкороз бий сыяктуулар ж. б. у. с. көп инсандар – журт даанышмандары. Андан берки заманда канча даанышмандар жаралды. Алардын айдыңы канчаларга таралды.

Берешен – дүнүйө капарлар, жоомарттык жолунда элге мүлкүн үрөгөндөр. Буга дейре мындай адамдар болгон. Санжырада ар уруунун, уруктун, бир атанын балдарынан мындай адамдар чыккан, алар атайын аттанып-түшүп, журт баккан. Ошончолук алган, кайра элге берген. Уккан кулакка караганда кеминдик Жантай уулу Шабдан баатыр берешен аталат. Ага мисалдар көп ... Шабдан баатыр Мекеге жөнөмөк болот. Эл-журту менен коштошуп, акыркы жолго аттанып жатканда, Калмырза ырчы жолуна тура калып:

«Аман барып, амал кел,
Асыл Шабдан кеменгер.
Жүз боз бээни сойсо да,
Жүз жолу Шабдан койсо да,
Оң менен солдун ичинен
Сендей чыкпайт экинчи эр», – дейт.

Ошондо баатыр: «Алып чыккылачы жанагы капчыкты», – дейт. Колуна ала коюп: «Ме, тос колуңду?!». Ырчы шып илип алат. Жан-жөкөрлөрү: «Олдо, баатыр ай?!» – дешип, капчыктагы дилдени карматып жибергенге ичтери ооруп калат. «Эчтеке эмес, эр азыгы менен бөрү азыгы жолдон», – деп коёт Шабдан баатыр. Ага канчалык олжолор түшкөн. Аны бей-бечараларга таратып турган. Ошондуктан «берешен» деп, алыс-жакындан ага каттап турган.

Көсөм. «Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот» (макал). Алыс-жакынды, азыркы-келечекти баамдай, аңдай, дааналай, далилдей билүүчү. Адамдагы көрөгөчтүк. Баарына акыл-ою жетиктик. Даанышман, көсөм биринин сапатын бири кайталайт. Толуктап турат. Бул – алдын-ала туючулук, ошого карата иш кылуучулук, эли-журтуна акыл-кеңеш айтуучулук. Мындай адамдар «туурадан кеп тапкан, туюктан жол тапкан» инсан катары бааланган. Бул эли-журтун ар кандай тоскоолдуктардан тоготпой алып чыгат дегенди туюндурат.

Барпы (кадырман). Барпы – кадыр. Кыргызда «кадыры сиңген», «кадыры артык», «журт кадырманы», «кадыр салып», «кадырын сыйлап өндүү сыпаттоолор бар. Ариет, мындай сыпаттоолорго анын керт башынын адилеттүүлүгү, кара кылды как жарганы, кичине-чоңго бирдей алынганы, «өзүмдү өзүм, өзгөнү жатым» дебегени чоң себепкер. «Карыны кадырлоо, улууларды урматтоо» ушундай сапаттардан улам калат. Мындай сыйга жетүүбүз керек.

Күлдүргүч (куудул). Бул – чыныгы жигиттердин асыл сапаты. Жумгалдык Куйручук, Мидин, көлдүк Жоошбай, нарындык Көкөтай, чүйлүк Шаршен, таластык Райкан сыяктуулардын тамашалары күндү батырган, таңды атырган. Т. а. таңдын атканы, күндүн батканы билинбеген. Таң-тамашаларды көркүнө чыгаруучу. Боорлорун эзип коюучу. Бул – ашкере шайырдык, күлкүгө карк кылуучулук... Мидин өтө куудул болгон: «Кээ бирөөлөрдүн алган темасы чегирткенин үнү, жарганаттын жүнү, ушуну изилдеген имиш күнү-түнү». Ал бул аркылуу окумуштуу болуучуларды сындаптыр.

Ак маңдай жаркын жана жайдар – эрдин асыл сапаты. «Маңдайы жарык», «ыманы ысык», «жайдары жүз» сымал салыштыруулар буга төп келет. Булар адамды өзүнө тартып, кыз кыял сезилет. Биз мырза десе эле жаштыкты, сөөлөттүүлүктү, дөөлөттүүлүктү, мансаптуулукту эске тутабыз. Чыныгы мырзалар, жалпыга бирдей ыманы ысыктар. Мына ушулар «менин эле өмүрлүк жарым болсо» дечүүгө татыктуулар.

Дардаң – жайдарынын карама-каршысы. Эр мүнөзүндө ала көөдөктүккө жакындашат. Бул – ички дараметтерин бүтүндөй сыртка чыгаруучулук, сыр жашырбоочулук. Анын зыянкечтиги болбойт. Адамга жакшылык ыроочулукка даяр. Ал «Дардес», «Дардалактап кетет», «Дардаңбай» сымал сыпаттоолорго эгедер.

Арамза. Бул – эр мүнөздөгү терс көрүнүш. Митаамдыктын, кыйдылыктын үлүштөрү бар. Аткарылуучу кыймыл-аракеттеринде кытмырдык кылуучулук. Мунун «өгүз арамза», «желке арамза» өндүү аталыштары бар.

Жалкоо. «Жалкоого – шылтоо» (макал). Бул – эр жигиттеги терс көрүнүш. Ал жан бакты адамдарга карата айтылат. Бекерпоздор, «жатып ичээриң бар болсо, жардылык жанга тынч экен» дегендер. Аны эл «кежигеси кыйылгыр», – деп коёт. Кежир, жөнүк, сыйкы, шалтаң, кайкы:

«Кайкы болот ал акмак,
Кара чака табалбай.
Коё берет акырын,
Катынын эптеп бага албай.
Андай сыйкы адамга
Азаматтар байланбайт.
Ачык-айрым азамат,
Аргымак аттай шайдаңдайт».

(Токтогул)

Сыйкы сыяктуулар эрдин жалкоолук мүнөзүн толуктайт. Булардын касиеттери бир болуп саналат.

Бузуку. Бул – адамдагы адамгерчиликтин терс көрүнүшү. Адамдардын кыймыл-аракеттеги, жашоо-тиричиликтеги оң жагдайларын солго, эки адамдын ортосуна айлантуу. Ичтен чагымчылык кылуу. Мында «Араларын бузуку аралады», «Ал жеткен бузуку», «Ал адамга жакшылык кылбайт, дайыма ошентип отурат», – деген сөздөр артында айтылат.

Жалтаң – эр жигиттеги жумшактык. Туура сөздү бетке айтуудан айбыгуу. Бирөөгө тике сүйлөөдөн жазганууу. Мындайды айрымдар: «Ал музоо кезинде сүздүргөн», «Жүрөгүн майтарып койгон», – деп коюшат. Негизи, зыяны болбогон, өз оокат-тиричилигин ойлогон адам катары бааланат.

Кобур – татыксыз көп сүйлөгөндөр. Басса-турса өзүнчө бирдемелерди айтып, ага да анча маани бербейт, көңүл бурбайт. Ал эмнени айтып атканы тууралуу өзү да этибарга анча албайт. Кобурдун бир аты – бабыр. «А, кудай урган өтө эле бабырак бирдемелерди кобурап...», – деп коюшат ал жөнүндө. Уккан-көргөндөрүн элге айтат. Анын кеби анча иликке турбайт.

Айгак – бирөөлөрдүн бүткөрүүчү, бүткөрүп койгон жөнсүз иштеринин бетине чыгуучулук. Ачык айтуу. Ал

жөнүндө элге жаюу. «Айтам» деп коркутуу. Айтып коюу, мындайынан ак пейил, эр, терс көрүнүштөргө калыс туруу.

Сүткор – жекече баюунун ыгын мыкты билген эр. Сүт – «малдын сүтү», кор – «тойбогон» (малдын сүтүнө тойбогон) деген маанини берет. Адатта, кыргыздарда көк жамырап чөп чыгып, желинде сүт булактап, ал ак жердин чөбү катары бааланган. Айран-сүт көлдөйт. Аны эл ичет, ирегеден ит ичет. Жандын боору агарат, өтмө мааниде айтканда сүткорлор – мына ушундан бирди эки, экини төрт, төрттү сегиз, андан он алты, т. а. мал эсеби аркылуу соода-сатык кылуу менен байыган эрлер. Сүткорлор, кызыл кулактар, алып сатарлар – бир мүнөздөгү адамдар. Алар жалпысынан бир түшүнүктү берүүчүлөр. Азыркы коммерсанттар, бизнесмендер – булардын туундулары. Баюу, артыкча жашоо үчүн алдыртан элди алдап, туйтунуу жолун издөөчүлүк. Анын кынытына кирүүчүлүк. Эрлердеги мерездик, таш боордук, таш жүрөктүк өңдүүлөр эр мүнөзүнүн терс жагдайларын эске салат.

Ат качырбас боз айгыр. Эл улуу сынчы, улуу калыс, мына моминтип тескеп туруучу:

Ааламдан да ашмак бар,
Адамдан да ашмак бар.
Аргымак күлүк ойнотуп,
Мингениңе мас болбо,
Алтын жака асыл тон
«Кийгениңе мас болсо,
Акыл бар – деп ар сөздү
Билгениңе мас болбо».

(Накыл)

Карыялардын алдыртан айткан акыл-ойлору – эр-азаматтар, калк баатырлары үчүн үлгү, тыянак, мыйзамченем. Бул айрым аймактарда «Ат качырбас боз айгыр» деп да айтылат. Илгери «ат жакшысы боз, эр жакшысы көк»

дечү. Ушундан улам «ат качырбас» адамгерчилиги артык, чоң-кичинеге бирдей, тегиз, айкөл, бардыкка сүйкүмдүү кишилерге, эл мыктыларына, калк кайрымдууларына карата багышталган. Кыргыз тарыхында Санчы сынчы тууралуу кеп бар. Олуя адам болот. Ошол жарыктык сарбагыштан чыккан Болот бийге (Анжиян, Аркага дейре акимчилик кылган киши болгон) Таалаке деген зайыпты алып берип жатып: «Мындан абалы жатын чайкаар», анан «Ат качырбас боз айгыр» төрөлөт. Андан Баш койкоң төрөлөт. Тукумуңдан арстандар чыгат. Алар бийлик талашып, бир жерге тура алышпайт. Ар кайсы жерге көчүрүлүп, бийлик ээлери болот», – дейт. Айткандай, Болоттон Эсенгул төрөлүп, ошол Ат качырбас боз айгыр аталат. Андан Ниязбек туулат. Баш койкоң ошонусу болот. Т. а. мындан сегиз бала төрөлүп, «Ниязбектин сегиз бек. Телегейи тегиз бек» Ат-Башы, Нарын Куланак, Көл, Кочкор, Чүй ичин бийлешет...

Баш койкоң – атагы алыс-жакынга бирдей угулуп, бардыкка даана таанымал сынчы ушундай аталган. Сегизбектин кенжеси Ормон кан болуп саналат. Эрге таандык Берен, Барак (жаалуу Барак, өөк Барак), Кунарлуу булбул, эр чечен, жетик сымал мүнөздөр оң мааниде, айрымдары өтө даңазалуу айтылып келүүдө.

Киши баласы үчкө бөлүнөт: адам, кадам, мадам. Биринчиси – адам, алар силер сыяктуу, башына бөөдө өлүм туш келсе да, наркын жоготпойт. Экинчиси – кадам, алар кыска өмүрүн уурулукка сарп кылгандар, ичи тарлык, көрө албастык менен ооругандар, ага-тууганга залалы тийгендер. Үчүнчүсү – мадам, алар – эки жүздүүлөр: көздү көрсө мактайт, көзүң жокто жамандайт. Кишилерди бири-бирине чагып, аларды тытыштырып кумардан чыгат. Булар – адам эмес, башы жумуру, буту айры жаныбар кейпин кийгендер.

ЗАЙЫПТЫК САПАТТАР

«Биринчи байлык – ден соолук,
Экинчи байлык – ак жоолук,
Үчүнчү байлык – бар соолук».

(Накыл)

1. Айкөл, пакиза, нур чырайлуулар – булар жалпы жонунан чүрөктөр, т. а. сулуулар деп аталат.

2. Сезимтал, толукчул, тунук, таза, сүйүүсү бар, акылдуу, өз жарынын азап-тозогуна чыдай билгендер.

3. Жамандыкта-жакшылыкка ноюбагандар. Ак ниеттүүлөр.

4. Жайдары жүз, шайыр, сөз тапкыч, каада-салттуу, нарктуу, жайыл дасторкон, үйүндө куту төгүлгөндөр.

Алтын согончок, жез шыргый. Аялзатынын эң мыктысы. Көрк келбетин, шыңга боюн жез шыргыйга теңеп, кадырлап-барктап, ызаат кылышкан. Ак уул, кызыл кыздын энеси алтын согончок деп бааланган. Илгери эл эгеси ордо үйгө башы ача, асемдүү жез бакан койгон. Аны менен ак ордонун түндүгүн көтөргөн. Мунусунда да купуя маани бар. Жез шыргый үйгө көрк берип турган. Демек, мыкты аял жез шыргыйдай үй көркү, үйүндүн тиреги дешкени да.

Аркар эмчек, агылгөй тараз. Бала-бакыралуу болсо дагы келишимдүү тараз бою, келин сыны кетпейт. Керилген сымбатынан жазбайт. Ошондон улам мындай ургаачыны кайберендин ыйыгы аркарга теңеген. Алла таала зайып затына бөлгөн акыл эске да ашыгыраак эгедер болгондон улам акылгөй атанган. Адеби адам баласына жагат. Элге, тууганга мамилеси дайыма адамгерчиликтүү.

Ак көрпө жайыл. Жүрүм-туруму айыпсыз, ала жипти аттабайт. Баш кошкон эрин абдан кадырлайт. Күйөөсүн күкүктүн баласындай багат, өзү оор басырыктуу, келбеттүү келет. Ата салтын, каада, үрп-адатты жакшы билет.

Үйүнө кадыр-барктуу коноктор көп келет. Эри дайыма зайыбы менен акылдашып иш кылат. Ошондуктан эринин иши дайыма алга жылат.

Ак жоолук делбир. Ашкере чырайлуу. Жарык маңдайы, жаңырган айдай каштары, узун кирпиктүү бото көздөрү, кырдач мурду, ак жуумал жүзү, кызыл эриндери, койкойгон мойну бирине-бири төп келет. Өрүлгөн узун чачы, кыргый куш мүчөсү сымбатын арттырып турат. Келбетинен кемтик таппайсың. Дайыма жарашыктуу кийинип жүрөт. Үй оокатка тың, бүйрө.

Жайыл дасторкон. Колу ачык, пейили кенен, бардар. Ушунусу менен элге жагат. Казаны оттон түшпөйт. Дасторкону дайыма жайылуу, аш-тамагы жайнап турганы турган. Келим-кетими көп. Саймачы, оймочу да. Ушакайыңга кызыкпайт. Абысындары урматташат.

Жабылуу кара инген. Көп сүйлөбөйт, кишиге катуу айтпайт. Арбын убактысын үй-тиричилиги менен алпурушуп өткөрөт. Бала-бакыралуу, карапайым келет. Текебер, кесир дегенди билбейт. Элге да, эрге да бирдей мамиледе болот. Эрдин табылгасына көтөрүлбөйт. Бар болсо мактанбайт, жок болсо чүнчүбөйт. Кенен оокатка да, тартышка да бүйрө. Ийнеси баш болгон бактылууга жолугат.

Баш койкоң. Койкоңдоп эл бийлөөгө катышат. Өңдүү-түстүү келет. Тил табышып сүйлөшө билгенге кыйын. Кыял-жоругу, жүрүм-туруму эркек мүнөздүү. Эрин да, үйбүлөсүн да теске салып башкарат.

Дүнүкөй тоту. Табылгынын зайыбы. Илгеркилер чүпүрөк зайып да дешкен. Эски-уску, керексиз чүпүрөк-сапыракты дүнүйө көрөт. Аларды көзү кыйбайт. Ал эми табылганын зайыбы дегени, эрдин колунан бак-дөөлөт тайыса жүдөп калат. «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт» деген. Ошол төө мингендин гана зайыбы. Жөө жүргөнгө – жүк!

Дүр кабак чабдар. Дайыма кабагы бүркөө, урушка жакын. Дитине бирдеме жакпаса итатайы тутулуп, кайырын чайыр кылат. Эрдин да, бала-бакыранын да сазайын берет. «Кыялыңа өз атаң, тууган энең гана чыдабаса», – деп айтайын десең, ак уул, кызыл кызды төрөп койгон. Уул-кызы чоңоюп, энесин кой дегиче, кайран эри карып калат.

Ай чырайлуу, ача тил. Алла таала ага чырайды аянбай берген. Бирок, кемиткесин тилинен чыгарып, акылын бас кылган. Колунан түзүк иш да, аш да келбейт. Тилинин заары кара чаар жыландын тилин калпый кесип, желимдеп алгандай эле бар. Тууган-туушканга, коңшу-колоңго да тили тиет. Бир эрди өмүрүнчө карып кылат.

Эчки сан тыйтак. Түтүндү түрө кыдырган айылчы, узун ушакчы. Эчки сымал эрбең-эрбең, жаны жан албайт. Сырт келбети дагы жагымдуу болбойт, көзүң тойбойт. Эки айылды эриктирбейт, бир айылды бириктирбейт. Этегин үзө басып, түтүн чыккан үйлөрдү аңдыйт.

Суу мурун сөпөк. Аты эле айтып турат, болгону ургаачы эле... Ушакчылыгы, айылчылыгы жок. Бирок дайыма жүдөмүш. Үй-жайын, казан аягын ирээттүү, жөндүү билбейт. Өз боюна да жакшы карабайт.

Элдин аялдарга берген тескери мүнөздөмөлөрү

«Үтүрөң тентек» – мындай аял жини кармаганда балдарын сабайт. Көтөрүнүп төркүнүнө кетип калган албуут долу аял. «Алып бергениң ушулбу?» – деп, көйнөк-кечесин айрып да жиберет.

«Ит ыркырак» – эри менен ынтымагы жок, ыркырап уруша берүүчү, башкаларды да беттен алган чатак аял.

«Мышык чыркырак» – бирдеме эле болсо чыркырап ыйлап, көзүнүн жашын көлдөтүп жиберүүчү аял.

Зайыптардын саламдашуусу (учурашуусу). Алар да мусулманчылыктын шартында: «Ассалоом алейкум», – деп

салам берет. Ага «Валейкума салам», – деген жооп кайтарылат. Жөнөкөй которгондо:

– Саламатсыздарбы?

– Саламатчылык – деген түшүнүктү берет. Албетте, улууларга аялзаты кол бербеши ыктымал. Аялдар аялдар менен жең учунан кармашып:

– Арбаңыз, – десе,

– Бар болуңуз – деп жооп берет. Андан ары:

– Эсен-аман жүрөсүзбү?

– Өзүңүз эсен-амансызбы?

– Бала-чака тынчпы? Уулуң, кызың чоңоюп жатабы?

– Өзүңүздүн бала-чака тынчпы? Зайыптардын бир сөз менен саламдашуусунун жалпы үлгүсү мына ушундай. Мында да көрүшүүлөр, өбүшүүлөр болот. «Мал-жан тынчпы?» – деген суроолорду көбүнчө эркектер айтышат. Анткени мал-жанга эркектер эгедер. Андан ары улуулата эл-журт ичиндегилер суралат. Аялдардын ич ара учурашуунун мыкты вазийпасын түштүк кыргыздар: анжияндыктар, ичкиликтер, алайлыктар, аксылыктар нашаасына чыгарышат. Аларда «сен» дегенге караганда улуу-кичүүсүнө карабай «сизди» арбын колдонушат. Эркектерге «сиз» деп кайрылуусунда аркы бир боордош өзбек, тажик элдеринин зор таасири бар. Аркалык кыргыздарда (Түндүк кыргыздарда) учурашууда башка элдердин ымаласы күчтүү келет. Эркектер-аялдарда баш ийкешүүлөр, колун көтөрүп коюлар бирдей шекилдүү...

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ

ТЕРИДЕН ИШТЕЛГЕН БУЮМДАР ЖАНА АТ ЖАБДЫКТАРЫ[2]

Теричилик

Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Бул – терини түрдүү ыкмага салып, жасалга-колдонмо буюм-тайымдарына жердик кылуу. Терини жергиликтүү жердик катары урунуу. Иштетилген терилер түктүү жана түксүз делинип экиге бөлүнөт. Терини колдон иштетүүнүн жыдытуу, малмага салуу, ашатуу, ийлөө, жибитүү, өңдөө, бордоо, боёо, ыштоо, тилүү жана башка ушул өңдөнгөн түркүн жолдору бар. Мына ушундай ар кыл ыкмаларды таасын колдонуу менен түркүн буюм-тайымдар жасалат. Тери буюмдарын кармоо элибиздин күндөлүк жашоо-турмуш шартына тыгыз байланышкан.

Малдын, кайберендин жана аңдардын терилери көчмөндүү элдин буюм жасоолору үчүн өтө зарыл ролду ойногон. Мына ушундан улам «Тогуз катар торкодон токту бучкактын териси өтүптүр» деген калк накылы чыккан.

Азыркы учурда теринин баркы ого бетер артылууда. Жалаң гана териден жасалган кийим-кечектердин түрлөрүнө: тон, чыптама (өпкө кап), ичик, шым, тебетей, малакай, тумак, көн буюмдары, кепич, маасы, кол кап, мөкү, көкжеке, кур (кемер), томого, каргы өңдүүлөр кирет.

Ошондой эле шири идиштери: көнөк, көөкөр, көнөчөк, сабаа, чанач, супура, тулуп, чыны кап сыяктуулар тоолук элдердин сынбаган-бүлүнбөгөн, урунууга нап берген идиштери болот.

Ал эми ат жабдыктарына да малдын, кайберендин терилери бирден-бир жердик болот. Тилүү, каптоо, каюу,

[2] Китептен: Акматалиев А. Териден иштетилген буюмдар жана ат жабдыктары. – Фрунзе, 1990. – 107 б.

оюм түшүрүү, наар жана өрүү өңдүү сыналган өнөрү аркылуу тери буюмдарын жүзөгө ашырган элдик чеберлердин эчактан бери келе жаткан жөрөлгөлөрүн жаземдебей улаган усталар жана уздар азыр да бар.

Жашоо-тиричилигибизде тон, желетке, чыптама (өпкө кап), кемер кур жасоого көңүл бурушкан. Мында кийимдин жасалышы боюнча ар кыл өзгөрүүлөр байкалат. Бир кездерде тери кийимдеринин белине, көкүрөк тушуна, этекжеңдерине чейин көрпөдөн «жээк» кыюуланган. Мындай кадимки пальто формасындагы кийип чыккан кийимдерге көбүнчө топчу да, илгич да кадалуучу. Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде, ага чейин тери менен жүн кийимдерин колдон иштетүү өөрчүгөндүгүн көрөбүз. Албетте, буга бир эсептен кыйынчылык жашоо-турмуш себепкер болду.

Турмуштун гүлдөп өсүшүнө байланыштуу, минтип, малдын терисинен элдик кол өнөрчүлүктүн мурунку жөрөлгөсүн сактап, кийим-кече кылып кийүү таламдары улам барган сайын тарууда.

Элет жерлеринде гана көрпө-саксактан ичик жасашат. Аны баш кийим катары баалашат. Күндөлүк жашоо-тиричилик жагдайын тике багыттаган түркүн тери буюмдарынын саны да баштагыдан абдан азаюуда. Бирок, мал киндиктүү кыргыз жергесинде көөкөр, көнөчөк, сабаа, төтөн чанач сыяктуу идиштерди урунуунун зарылчылыгы аябай бар.

Азыр жылкы чарбасын өстүрүп, анын өндүрүмдүүлүгүн арттырууга багыт берилүүдө. Ала-Тоону түптөп отуруп, желе байлап, кымыз ачыткан, боз үй тиккен кыргыз элинин төрт түлүгү шай турмушу мындай шири идиштерин мындан ары өнүктүрүүгө ойдогудай мүмкүндүк берет.

Биз тоолуктар, төрт түлүк өстүрүп жаткан элбиз. Атабабаларыбыздан, тээ түпкү чыгышыбыздан бери малдын терилеринен түркүн буюмдар кармалуучу. Азыр уйдун, жылкынын, топоздун, төөнүн терилерин анча баалабай ба-

ратабыз. Ал эми жандыктардын терилеринин жүнүн жыдытып, жаргагын ыргытып жиберебиз.

Акыйкатта, булар – ошол элдик көөнөрбөс нускалардын түбөлүктүү жердиги. Бардар турмуштун гүлдөп өсүшүнө байланыштуу баары даяр. Мына ушул малдын, кайберендин терилеринен мурдатан келе жаткан көркөм өнөрдүн жөрөлгөлөрүн андан ары өнүктүрүүнү сүрүп чыгарды. Аны сактап, кийим-кечек тигип кийинүү четке кагылууда. Күндөлүк тиричилик жагдайын багыттаган ар кандай тери буюмдарынын саны баштагыдан абдан азаюуда.

Кыргыз элинин тоолук турмушу мындай кийим-кечеге, идиштерге качан да болсо муктаж. Муну мындан ары тиричиликтик буюм-тайым жана элдик өнөр катары өнүктүрүүгө шарттар боло албай жатышын эч качан жашырууга болбойт. Демек, сабаабыз челекке, көөкөрүбүз мискейге, чаначыбыз конистрага, супурабыз клиенкага, тулубубуз баштыкка алмашып, айтор, даяр нерселерди гана колдонуудабыз. Кыргыздын өзүнүн улуттук буюмдары кылымдар бою көчмөндүү турмушубузга байланыштуу болгондуктан булар азыркы мал чарбачылыгы өрүш алган элибиздин эмки жашоосуна да айрыкча маанилүү. Аларды көчүп-конуп, талаа-түздө жүргөн турмушубузда урунуу өтө ыңгайлуу.

Буларга куюлган тамак-аш эч качан өзүнүн даамын, сапатын бузбайт, кайра жакшыртат, кымыз куюлган чаначта, бышылгын сабаада гана даана даамына чыгат.

Темене – «Темене тартып төө алат» (макал). Бул чеберлердин уздук куралы. Муну менен өрө кийиздерди тигүүгө, жууркан төшөк көктөөгө, тери буюмдарын жөрмөөгө болот. Усталар аны муңайым темирден ийнеден жоон кылып жасашат.

Ийрек – теринин бетиндеги челин, этин, майын ала турган аспап. Аны чеберлер эки башын жумуру жыгачтан саптап (50-50 см), ортосуна быдырлуу тишин чыгарып, оюндагысындай кылып жасап алышат. Ийрек тим териге

көркөм оюм-чийим түшүрүүчү бүрү да бар. Ал жыгачтан жумуру сапталган шибеге сымал болот.

Чеберлер ийректин ичке жана жоон түрүн колдонушат. Аларды ар бир чебер өзүлөрүн көөнүнө жаккандай жасап алышат. Кандай болгондо ойдогудай оюм-чийим түшөөрүн акыл таразасынан алар кылдат өткөрүп, аны абалы ийрек аркылуу чийип көрүшөт. Жоон ийректи болжолунан тайдырбай ысытып туруп, ошол оюм-чийимдин үстүнөн катуу бастырат. Ошондо көркөм оюм кашкая түшкөнүн көрөбүз. Муну чеберлер териге тырмак изи түшкөндөй кургаган чакта жүзөгө ашырышат.

Терини жыдытуу – теринин түгүн алуу, кайыш кылуунун башталыш аракети. Бул байыркы ыкмалардын бири. Чеберлер жаңы сыйрылган төөнүн, топоздун жана уйдун терисин жайып, күнгө бир аз тоборсуткан соң аны шар сууга бастырышкан, мындан бир аз убактан кийин теринин жүнү колго келбей жыдып калат. Терини бир топ күнгө төрт бүктөп ороп коюу менен да жыдытып алышкан.

Ашаткы – «Кырк эчкинин териси, Ашаткыга жатыптыр, Чыгы менен катыптыр» («Манастан»). Терини ашатуу үчүн жарма, ачкыл, айран жана улпактан аралашмасы колдонулат.

Ашатуу – терини колдо иштетүүнүн алгачкы аракети. Жаңы сыйрылган терини жайып, күнгө бир аз тоборсуткан соң, анын чел эти алынат, ал үчүн жандыктыкына (кой, эчки, кийик) орок, бодонукуна (төө, уй, топоз) кол күрөк керектелет. Андан кийин жарма, айран, улпактын аралашмасынан жасалган ашаткы төгүлөт.

Адатта ачыган айранды, кара тузду жана улпакты, кээде ачкыл жарманы аралаштырып, жандыктын терисинин бетине текши жайып коёт. Же жандык союлары менен туз сээп, күнгө кургатат. Анан ун аталасына айрандан кошуп, же кошпой деле өзүнчө жалатып, 5-6-күнчө бүктөп коёт. Тырмап көргөндө эти сыйрыла из түшүп калганда терини жууп туруп, коңур кургак кылып кургатат. Бетине 5-6 күн

ашаткыны жаңылап, күндүн илеби сууганча жайып, кайра алып, бүктөп койсо, күнгө жайылган жандыктын терилери ийине бат келет. Бул ыкмалар терини ашатуу деп аталат. Тери ийине келгенде нымыраак бойдон баканга арта салынып, көлөкөгө жайылат.

Терини малмага салуу – кайыш жана кол булгаары жасоонун башталыш ыкмасы. Терини колдо иштетүүнүн бир түрү. Андыктан чеберлер терини суудан алып чыгып, кайрадан күнгө тоборсутат.

Чоң жыгач челекке айранды, тузду жана улпакты аралаштырып, ашаткы кылат. Ага ал чылгый терини салат. Бул малмалга салуу же бодонун терисин ашаткыга салуу деп аталат.

Кайыш булгаары жасоо үчүн бодонун, кайберендин кээде майда жандыктын териси да малмага салынган. Тери малмага салаарда челденет. Аны калыс аралаштырып турат. Тери ашаткыны боюна тарткандан кийин (5-7 күн) алынат. Челектен чыккан терини кайрадан агын сууга шапшыйт. Анан талкууга алынат. Бетине 5-6-күн ашаткы жаңыланып, илеби сууганда бүктөп коёт. Тери ийине келгенде нымыраак бойдон баканга арта салынып, көлөкө жерге жайылат.

Азыр айрым чеберлер бодонун сыйрылган терисине акиташ салышат. Мында теринин калыңдыгы бир элидей болуп көбөт. Анын жүнүн бычак менен шыпырат. Же болбосо суу куюлуп, белгилүү өлчөмдө ун салынып, туз татыган чоң челекте жыйырма-отуз күндөй жаткан терини тез-тез аралаштырып турат. Анан муну тоборсуган чакта алып, талкууга үч сааттай ийлегенде, кадимкидей эле аппак кайыш пайда болот. Мындан жалаң гана ат жабдыктарынын бөлүктөрү кармалат.

Өрмөчү уйдун чылгый терисин бир күнгө тузга коюп, анан ички бетине керосин сыйпайт. Чоң уйдун терисине бир жарым литрге чейин керосин төгүлөт. Аны бүктөп койсо, түгү өзү эле жыдып калат. Күнгө көргөзбөй, улам

сызга таштап, талкууга сала берет. Качан өзүнүн нымы кургаганда эле даяр ак кайыш болот. Ошентип тери ийленип бүткөндөн кийин ага автол сыйпап, нымга таштап койсо, кайыш иштөөгө жумшак болот.

Кайыш баш-аягы эки-үч күндө эле даярдалат.

Тери ката түшсө, кыртышы сынат. Эгер тери нымда жатса, майды тез кабыл алат. Терини колдон иштетүүдө чеберлердин дагы мындай ыкмасы бар: уйдун терисин сыйраары менен бетине акиташ себет. Анан жүнүн жыдытат. Эгер бычак тийгизсең, теринин кыртышы, сапаты бузулат. Андан кийин тери малмага салынат. Ага салынган тери калыңданат. Малма жылуу жайда турушу керек. Аны улам көрүп турат.

Убактысы жеткенде (20 күндөй) алып, көлөкөдө эки күнчө сергитет (күн көрсө, ал дароо курушат). Эки күнчө талкууга алынат. Ийине канчалык келип, тери жумшак болсо, аны пайдалануу ошончолук жеңил келет. Мындан ак кайыш пайда болот. Тери иштелип болгон соң, андан ыңгайына карай ар кыл идиш, буюм, ат жабдыктары жасалат.

Ийлөө – «Булгары ийлеп, шым кылса, Өңү сонун кулпурса, Уздун чери жазылат» (Токтогул). Бул – терини колдо иштетүү. Тебелеп, ушалап, жумшартып, талкууга коюп, бодонун, жандыктын терилерин ийине келтирүү.

Ийлөөнүн эки түрү бар. Майда жандыктардын, жандыктын (кой, эчки) жана кайберендердин терилери кол учунда эле ийленет. Бодонун, бугу-маралдын терилери атайын талкууга түшөт. Терини ийлөө жолу менен кол булгаары (көн), кайыш (ак кайыш) чанач жасап, ат жабдыктарынын бөлүктөрүнө узанышып, каада-салттуу буюмдарды жана элдик кийим-кечектерди тигишкен.

Талкуу – кайышчынын тери ийлөөчү кол дүкөнү. Тактап айтканда, жыгачтан жасалган кол аспап. Ага тери чылгый да, өңдөлгөн түрдө да ийленет. Ал кол талкуу деп да аталат. Муну чеберлер жумуру жыгачтан ортосун кенен

оюп, кырларын быдырлуу араа тиш (азуу) түрүндө жазашат.

Анын бир же бир жарым кулачтай ок жыгачынын баш жагы да азуулуу болот. Ийленүүчү терини бир адам талкууга бүктөп, улам оодарып берип турат. Экинчи адам ок жыгачты өйдө-ылдый сүргүлөп ыкшайт. Чеберлер бир метрдей аштама жыгачтан да ачылуу талкуу жасап, жеке адам өзү эле ага терини коюп, тизелери менен кайышты алмак-салмак басып да ийлейт. Чеберлер тери былпылдагыраак болгон чакта талкууга коёт. Катуу кургаган тери талкууга келбей сынып калат. Табы менен талкууга түшкөн чылгый терини эки күн басуу керек. Баш-аягы он күндө ийге кирген кайышты чеберлер тилет да, ат жабдыктарынын бөлүктөрүн өрө баштайт.

Кайыш. «Сылып-сыйпап үйрөттү, Кайыштан чылбыр сүйрөттү» (Тоголок Молдо) . Бул – малдын, кайберендин терисинин ийленген түрү. Ат жабдыктардын негизги жердиги, жүнү алынып, же ашатылып ийленген тери. Чабылган ээрди каптоодо чылгый тери керек.

Жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, канжыга, тердик, желдик, чылбыр, үзөнгү боо, камчы өңдүү бөлүктөрү бүтүндөй териден турат. Үй жыгачтарын көктөөдө, чарык, кепич, маасы сыяктуу бут кийимдерин тигүүдө, кемер кур, бычакка кын кылууда жана башка буюмдарды кармоодо кайыш керек.

Кайыш жасоодо терини жыдытуу, терини малмага салуу, терини ашатуу, терини талкууга алуу ыкмалары колдонулат. Кайыш ак кайыш, күдөрү кайыш деп эки түргө бөлүнөт да, муну жасоо аракеттери бири-биринен айырмаланат. Айрым чеберлер кайыш өрүмдөрү үчүн кунаажындын терисин тандашат. Өгүздүн териси өрүмгө анча жарабайт. Мунун өркөчү менен соорусу калың, калган жерлери жука болот да, тилим бирдей түшпөйт.

Кайышчы – кайышты такай колдо ийлөөгө машыккан адам.

Күдөрү кайыш. «Чын күдөрү болсун деп, балбандарга тарттырган». Бул – колдо иштетилген булгаарынын бир түрү. Айрым чеберлер толгоп тартып, керип коюп, талкууга коюп да ийлешет. Ал иштетүүгө ийкемдүү кайыш.

Илгери сыйрылган теринин түгүн дароо кырып, чийкилей да ийлешкен. Ийи жеткен мындай эң жука кайышты боёкко салат. Андан кийин анын ички бетин түрпү миздүү таракча менен кайчылаш утур-тетир сүргөндө кадимки баркыт сымал жыш түкчө пайда болот. Мындан сыйда бут кийимдер, мээлей, намыян сыяктуулар тигилген. Күдөрү кооз көрүнөт да абдан бышык болот, өңү тез оңуп кетпейт, суу да өтпөйт.

Терини өңдөө – «бордоо», ал – борду бышырып, майдалап сүртүү менен теринин бетин агартуу. Ашаткыга ойдогудай кирген тери балбырап жумшарат. Ийине келген теринин жүн жаккы бетин күбүп, самындап жууйт да, эки кишилеп бучкагынан кармап силкип, күнгө коюп, кайрадан кургатат. Бордоо алдында чебер үчүн омоктуу болуш үчүн чийге, тааргa, же кийизге терини жайып тазалайт.

Терини өңдөө куралы кол чалгы менен орок болот. Улам терини сүрүп, кайра бор себелеп, кайра сүрүп акыры теринин өңүн агартат.

Көн буюмдары

Бодонун терисинен колдо иштетилген булгаары. Андан салттуу буюмдар: жагдан, чыны кап, ат жабдыктары: жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, тердик (кичим) жасалат. Кепич, мөкү, маасы, көкжеке өңдүү бут кийимдер тигилет.

Эндейлете жана каттала тигилип, ал күмүш, жез, мис, калай, коло сыяктуулар аркылуу шөкөттөлөт. Көндү кол булгаары деп айтышат. Чеберлер төөнүн, топоздун, уйдун, бугунун, буйболдун терисин жыдытат. Же тери сыйрылаары менен туз сээп туруп, төрт бүктөп коёт. Кээде муну кадимкидей эле шар сууга бастырышат. Теринин өңүн бу-

руу үчүн казанга чылайт. Сууга салынган темир «кусуп» башкача айтканда теринин өңү өзгөрөт. Ошол терини он беш, жыйырма күнгө ышка коёт. Ачуу ыш ичине жедеп сиңген терини сууга шапшыйт да, кайрадан ыштайт. Мында тери мурунку абалын таптакыр өзгөртүп, калыңына тартып, кадимки булгаары өңдөнүп буржуйуп калат.

Көңдүн ийи сууга салуу менен ышка коюу. Андан тери ийленет. Бул буюм-кечектерди жасоого жердик даярдоо иш-аракети. Мындай ийлөөнүн эки түрү бар: майда жандыктардын жана кайберендердин терилери кол учуна ийленет. Бодонун, бугу-маралдын терилери болсо талкууга коюлат. Көн кургатылат. Даяр көндөн көбүнчө кепич, маасы, өтүк өңдүүлөр ултарылып, кемер кур, жагдан, чыны куту өңдүү буюмдар жасалат. Ээр, тердик, желдик тышталып, ага «чийме сынпос» түшүрүлгөн. Көн булгаарыга муңайым темир чөгөрүлүп, күмүш жалатылат. Акак, айнек, каухар, жакут, зумурат коюп тогуз төбөлөйт.

Азыр элдик чеберлер көн жасоого анча кызыгышпай калды. Айрым чеберлер ак кайышты көнгө (кол булгаары) айлантуу үчүн жаз айларынан мурдараак тоо талдын кабыгын алып келип кургатып, жаргылчакка тартып, аны кайнатат. Чыгарып туруп, тери күйбөгөндөй сууганда ал кайнатманы анын бетине төгүп ороп коёт. Аны анан талкууга бир аз ийлейт. Ошондо кол боёк сиңет да, мала кызыл өң берет. Ал жаанга калса да, күндө турса да, эч качан катпай, иштетүүгө да өтө ийкемделет.

Эми муну кара өңгө айландырыш үчүн ага ачыган кара жарманын үстүнкү тунган суусун куюп алып, дат баскан темирди бууга салат. Чеберлер айткандай, «темир кусат» (темир жарманын суусунун өңүн өзгөртөт). Мында тери көк-кара өңгө бурулат. Муну да бир аз талкууга алат. Мындай жол аркылуу өтө көмүрдөй кара болбосо да, өңүн өчүрбөгөн кол булгаары (көн) пайда болот. Көн жасоонун көп түрлөрү бар. Албетте, бул көп ыкмалардын ичинен бир ыкмасы болуп саналат.

Жагдан – бул көн буюмдарынын бир түрү. Тиричилик менен зерчиликтин күчү менен көз уялта кооздолгон. Буга кымбат баалуу буюмдар, адеми кийим-кечек салынат. Жагдан жүктүн астына коюлат. Муну үкөк, сандык, абдыра деп да айтышат. Ал ар кандай көлөмдө жасалат. Анын ичи жыгач үкөк өңдүү келип, сыртынан кол булгаары же шири менен капталат.

Же болбосо кол булгаары, ширинин өзүнөн бүткөрүлгөн жагдан да кездешет. Анын маңдай бети зергерчиликте бай чегеленип, күмүш бөрктүү гүл мыктар урулуп, куйма кооз топчулар чөгөрүлүп жасалган жагдандар бүгүнкү чемодандарды элестетет. Мунун да кадимки үкөктөй, сандыктай кулпу салгычы болот. Үкөктөй тактайда жасалган жагдан да сырткы оңтоюна карата капталат.

Жалаң кол булгаарыдан жасалуучу жагдан бычылып, ичи шири идиштериндей кептелип, ийине келет. Ага чөгөрүлгөн шөкөттөрдүн формасы куйма келет да, кемерге, көөкөргө, чыны капка түшүрүлгөн көркөмдүктөргө аябай үндөшүп «мүйүз», «кыял» оюмдарынын элементтеринин ич ара айкалышканын элестейбиз, чийме сынпосту дагы даанарак көрсөтүү үчүн зергерлер күмүш зымчаларын имерип, атайын из калтырышат. Жагдан сандыктын кооздугу түрдүү формада түшөт. Анда көнгө түшүүчү кооздук ыроолонот. Жашык темирге күмүш жалатылып, ошол күмүш топчуларга майда көркөм оюм-чийим түшүрүлүп, ага «себет төгүү» жүзөгө ашат. Көбүнчө жагдандын маңдайкы бети гана мыкты көркөмдөлөт. Анын төрт бурчуна жана бекитүүчү илгичтерине да зер жалатылат. Же күмүш жалатылган темирлер кесилип, ал оймолонот, чиймеленет.

Жагданга да айнек, акак, жакут, зумуруд, инжи жана башка асыл таштарды чөгөрүшкөн. Мындай «тогуз төбөлөнгөн» анын тегерек четине улуу зергерлер «сиркелетүү» («сиркелетүү – конок, таруудай майда-майда тоголок күмүш») коюшкан. Буюмга чөгөрүлгөн андай көркөм шөкөттөр көбүнчө төрт бурч, тегерек көрүнөт. «Күн карама»,

«жылдызча» өңдүү чабылат. Алар өз ара түшүрүлгөн кооздуктарды бири-биринен айырмалап турат.

Томого. Бул – алгыр куштардын көзүн жаап коюучу тоголок тарткан булгаары бөрк. Кушка туурга отурганда (үйдө) жана ууга чыгаарда кийгизилип, аңга салынаарда башынан алынат. Булгаарыны же көндү (кол булгаары) алып, эки бөлүк кылып, топудай тегерек бычат да, экөөнү беттеп, тарамыш жип аркылуу кайып тигет. Чеберлер мунун төбөсүндө сыйдаланган булгаары чачыгы-чогун жасайт. Алкымы сагакталат. Томогонун өзүнө тегерете күмүштөн жана жезден жакшынакай шөкөттөр чабылат. Ал көркөмдүктөр көрчөгөгө окшошуп турат.

Оттук кап. Булгаарыдан кичинекей баштык сыяктуу капталып, төрт бурчтуу жасалат. Анын ичине от тутантчу өсүмдүктөрдүн бүрүнөн ийленип алуучу кебездей жумшак нерсе салынат да, ортосунда топчулагычы болот.

Адатта, усталар оттук каптын түбүн кылдат кадайт да ал мында идиштин да, от жаккычтын милдетин аткарып калат. Оттук кап – ширеңке жок чактагы тоолуктардын айлакерликте ойлоп тапкан от тутанткан, очок тамызган асыл табылгасы. Буга да көн булгаары сыяктуу наар түшөт. Күмүштөн, жезден жана башка жердиктерден шөкөттөр, көрчөгөлөр чабылат. Анын курга илине турган боосу болот. Оттук кап – талаа буюму. Ал төтөн, мергенчилердин башка эң зарыл буюм-аспаптарынын катарында дайыма жүрөт.

Мунун эки-үч түрү болгон. Аларга да чийме сынпос берилет. Ал түшкөн көркөмдүктөр чыны капка, жагдангa үндөшөт. Жөнөкөй оттук каптын четтерине «көпөлөк» өңдөнгөн оюм түшүп, мунун ортосуна төрт чарчыланган чийим берүү салтка айланган. Ийме сынпостун араларына түшкөн көркөм шөкөттөр берки көн буюмдарына түшкөн кооздуктарды элестетип турат. Оттук капка наар түшүрүлөт. Зергерлер оттук таштын темирине күмүш жалатышат.

Ага шири идиштерине түшкүдөй «тиш-тиш» кейиптенген «чийме сынпос» шарттуу көрүнөт.

Каргы – тайгандын мойнуна тагылуучу кур. Чеберлер аны булгаары же кайыштан узундугу 30-35 см, туурасы 3-4 см, эки учунда тегерек темир же чагарак же төңөлүк бекитип жасашат. Кыраан тайгандар үчүн сырткы бетине ар түрдүү күмүш чөгөрүшөт. Оюм-чийим түшүрүп, ар кандай кооздолушу да мүмкүн. Уучулар жетелеп жүрүүгө каргынын чагарагынан ичке кайыш боо-тартма (сыдырма, жүгүртмө, танап) өткөрүп, алгыр тайганды кыраан куштардай көпчүлүк тааныгандай көркөмдөө өнөрү болот.

Булгаары – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн жердиги, көркөм буюм жасоону иштетүүнүн ийкемдүү түрү.

Кыргыздар да мурда өтүк, кепич, маасы, ат жабдыктарын жасоо үчүн атайын булгаары даярдашкан. Ал үчүн бодо мал, кайберен терисин жыдытып, малмага салып ашатып, чөлдөп, ийлешкен. Теринин ийи жеткен кезде ат кулак, ышкын, кымыздык, ындыз сыяктуу өсүмдүктөрдүн түбүнө (тамырына) кабыкка (талдын, сары жыгачтын ж.б.) боёгон. Боёлгон тери тебеленип же талкууга салынып ийленген да, боёктун өңү өчпөс үчүн ачык таш кошуп, тобор-суганда кургаганча ийленген. Бул азыр заводдон чыгат да, жаралуучу буюм-белектин кагазга эскизин (үлгүсүн) түзүү шарттуу көрүнөт. Азыр булгаарынын бир нече түрү болуп булар ич ара көркөмдүктү түшүрүүгө өтө оңтойлошот. Ошого карап, чийилген эскиздеги кооздук түшүрүлөт. Натыйжада эскиздердин негизинде булгаары бычылат. Элдик чеберлер тери бетине түрдүү кооздуктарды дароо эле чийим шибегелер менен түшүрүүгө маш болушса, абалы булгаары буюмдун формасын келтирип тигишет. Ал колдонмолук эмес көбүнчө белектик-жасалгалык мааниге ээ болот.

Азыркы булгаары ашкана идиштеринин милдетин аткара албайт. Алсак, чеберлер заводдон чыккан даяр булгаарыдан чыны кап, түрдүү формада кутуча өңдүүлөрдү кармап, ал белек-бечкекке берилет.

Азыр булгаарыны иштетүү – мындан чыгарма жаратуу. Кол менен басып, басма кылы менен көркөмдүк түшүрүү. Демек, мында элдик ыкманын аздыр-көптүр бөтөнчөлүктөрү сакталат. Бул «басма ыкмасы» деп аталат. Мында чийим шибеге колдонулат.

Чеберлердин экинчи бир узануусу бир сызык аркылуу чийим түшүрүү. Бул түр да элдик мүнөзгө эгедер көрүнөт.

«Чаптама ыкмасы» бар. Бул «басмырлап түшүрүү» деп аталат. Өзүнөн-өзү эле айтып тургандай алдынкы булгаары тилинип коюлуп, анын үстүнө башка булгаарыдан оюмчийим түшүрүлөт. Демек, бастырылат. «Булгаары бетине боёк жабуу» ыкмасы азыр да көп колдонулат.

Булгаарыны «кайып тигүү» ыкмасын чеберлер кол учтарынан аткара алышат. Ал кадимки эле «көктөө жолуна» окшойт. Мында чырашталып тигилет. Булгаары кармаган чеберлер жарым-жартылай зергер.

Булгаары бетине күмүш, найзильбер, мельхиор, датчалбас жез, мис, кооз сыяктуу түстүү металлдарды чабуу, чеберчиликтери азыр жандануууда. Буюм бетин «тогуз төбөлөө» (айнек, асыл таш, пластмасса чөгөрүү) сыяктуу салттуу нускаларды кармай баштоо – узануунун кан жолун нарктуу тутуу.

Булгаарыга көркөмдүк түшүрүүдө анын бетин көркөмдүк түшүрүүдө зор мааниге ээ болот. Ал үчүн чеберлер момду пайдаланышат. Ал суу өткөрбөйт. Теринин касиеттин узакка сактайт. Мына ушуну менен таза теринин бетин сүртөт.

Булгаары бетине «чийме сынпос» түшүрүүдө чеберлердин узануулары үчүн эң мүнөздүү ыкма – пресске басуу. Мында темир клиша колдонулат. Аны жасоодо цинк темирдин бетине басмаканалык боёктор аркылуу оюм-чийим түшүрүлүп, анан азот кислотасына салынып темирди жедирүү жолу менен жүзөгө ашат. Тактап айтканда, темирдин боёк бар жери өйдө чыгып, боёк тийбеген жери азот кислотасына сүртүлүп жоюлуп калат. Мына ошонун неги-

зинде рельефтик (бетине түшкөн кооздук) «чийме сынпос» пайда болот. Андан кийин пресс белгилүү өлчөмдө ысытылып, алдына жумшак резина төшөлөт. Буюмга ченеп бычылган тери коюлат да, үстүнө клишан катуу кысуу менен бастырылат. Ысыкта бир нече секунда тургандан кийин булгаары бетиндеги көркөм оюмдар кашкаят.

Чеберлер аппликация ыкмаларын да колдонушат. Мунун да үлгүсү кагазга түшүрүлөт. Аппликация-куранды-лоо, кол өнөрчүлүктө бул – «курак». Мында түрдүү түстөгү терилер кесилет да, ирээти менен чапталып чыгат.

Чеберлер ал жөнөкөй ыкма менен китеп тышын, куттуктоо папкасын, кыздардын кол баштыктарын, кур өңдүүлөрдү арбыныраак жасоодо. Булгаары чеберлеринин негизги аспап куралдарына чийим шибеге, шибеге кирет.

Булгаарыга наар түшүрүүдө «мүйүз», «бармак бооч», «кыял» оюмдарын негиз тутушат, булгаарынын табияты кабыл алгандай оюмду майда үзүл-кесилсиз берүүбүз керек. Мында оюмдан оюм жаралып, чөптүн сабактарын, гүлдөрдүн бутактарын жана таажыларын, бак-даректардын жалбыректарын символдоштурууга болот.

Албетте, булгаарыга түшкөн кооздукту башка жердиктер кайталай албайт. Төтөн, күрөң, сары булгаарыга өң сиңирүү чеберчилик. Чеберлер жердиктин негизги касиеттерин таанып билет.

Булгаарыны боёнун бөтөнчөлүктөрүн алар билишет. Азыркы боёктордун жугушу үчүн теринин сырткы бетин тазалоого өзүнчө майы болот. Демек, булгаарыга шавель кислотасы пайдаланылат. Булгаары күйүп кетпес үчүн өз өлчөмүн билип турушат. Боёлгон теринин үстүнөн жылтыратыш үчүн мом сүртүлөт. Ал боёкту актайт, суу жугузбайт.

Шири – жүнү бычак менен алынып, ашатылбай ышталган тери. Чеберлер мындан көнөк, көнөчөк, көөкөр, көндөө, сабаа өңдүүлөрдү жасашат. Аларды «шири идиштери» дейбиз. Көчмөндүү турмушта сынбас-бөлүнбөс кол-

донууга чыдамдуу идиштерди урунуу кыргыз элинде укмуштай өнүккөн.

Шири идиштеринин ийи – ыштоо. Шири идиштерин жана буюмдарын кармоодо көп тери керек. Бир уйдун терисине ыштык жасап, аны түтөтүп отурбайт, бодонун онжыйырма чакты терисин алып биринин артынан бирин ыштап, ыштык дайыма иштеп турганда гана көнөк, көөкөр, көнөчөк, сабаа өндүү идиштерибиз түгөлү менен колдон чыгарылат.

Тарамыш – чеберлер бут кийим ултарууда, үй буюмдарын тигүүдө уйдун, топоздун көбүнчө жылкынын жибек тарамышын колго чыйратып алган жип. Союлган малдын тарамышы кургагандан кийин эки жыгачтын ортосуна салып, аны жанчып, жумшартып, бирден тарамдайт. Майда тарамдарды беттеп чыйратат. Өзүнчө учуктап алат да, кадимкидей ийненин, темененин көзүнөн өткөрүп тери буюмдарын шибеге аркылуу көктөй баштайт. Ал тигилүүчү буюмга жараша жоон же ичке да чыйратылышы мүмкүн.

Кээде буюмду кайып тигүүдө ага төөнүн чуудасы кошо чыйратылат. Усталар уйдун же жылкынын тарамышын чылгый кезинде кесип алып, аны менен түндүктүн алкагынын кошулган жерин чырмап бекитүүдө да тарамыш керектелет. Түндүктүн чамгарактарынын бириккен жерин да тарамыш менен чырмап коёт.

Кептөө – шири идиштерине узануунун бир түрү. Буюмдун кейпин чыгаруу. Бул – көөкөр, көнөк, көнөчөк, көндөөл өндүү шири идиштердин ийнин, моюнун, булуң-бурчтарын атайын ийри шиш аркылуу ийине, көркүнө келтирүү. Демек, чылгый териден идиштер түрдүү формада бычылат. Ал чылгый теринин ичине кум аралаш топурак шыкап көрүү кептөө деп аталат. Тактап баяндаганда, тоборсуган чылгый терини керектүү идишке ылайыктап бычып тигип, тегерек алкакты оозуна коюп бекиткенден кийин ичине жумшак топуракты, топурак аралаш кумду абдан толтура шыкап, сыртынан кол менен чыпкалап ой-

догудай формага келтирүү. Мисалы, көнөктүн түбү жалпак, чоргосунун түбү жоонураак, учун төмөн карай ийилтип, оозун тарыраак, бөйрөктүү кылып кептейт да, аны мелүүн көлөкөгө коёт. Ал тоборсуган соң четин, арча, шилби сыяктуу катуу жыгачты карандаштай мукур учтап алып, адегенде болжол менен түшүүчү түрдүүчө кооздуктун чийиминин издери түшүрүлөт. Андан кийин аны ошол эле чийим шиши менен катуу батыра басат. Буюм абдан кургагандан кийин ыштыкка коюлат.

Сабаа – бул кымыз ачытылуучу шири идиш. Шири идишинин эң ичтүүсү болуп саналат. Чеберлер аны жасоодо уйдун же жылкынын терисин пайдаланышат. Албетте, төөнүн терисинен да сабаа жасоого болот. Бирок, кымызды ойдогудай ачытуу үчүн аны дембе-дем бишкектеп бышып туруу зарыл. Анда төө териси шор тартып андан начар жыт пайда болот. Жылкынын же уйдун чылгый терисинин жүнү жыдытылбай бычак менен алынып, эт, чел, майларынан алынат.

Сабаа да колдон келсе көркөм жасалган. Илгери зергерлер идиштин оозуна күмүш, мис, жез өңдүүлөрдү чөгөргөн, тери оюмдарын өзүнчө кесип алып, анын моюнуна, төрт бурчуна, көөдөнүнө баскан.

Көөдөнүн, ийинин жана моюнун бычуунун өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Ал көк шал деп аталган көк боёк менен боёлгон коңур кургак териден бычылган. Сабаанын чети өзүнчө, эт жагы өзүнчө шибеге-темене менен тарамыш аркылуу көктөлөт. Сырткы тарабы кооздук үчүн жылкынын кара, ак туу куйругунан алмаштыра (эше) коюлат да, кылчык жүндөн чыйратылган жип менен тырмаштырыла жөрмөлүп, бир нече сутка ышталат. Теринин челин таптаза алып жеткилең ыштаса, сыртынан кымыз кадимкидей калкылдап көрүнүп турат. Бул идиштин ичтүүлүгүн ар кандайча жасоого болот. Орточо сабаанын төрт бурчунун түбүнүн узундугу 82-90 (70-120) см, кууш тарабынан оозунун эни 20-22 (15-20) см, эки эндүү, эки энсиз жагы-

нан кошулган жеринен жогорку бийиктиги болжол менен 80-105 (80-100) см, болот. Сабаа – эпчи тарапка тактага коюлат. Эркечтин чаначы менен ичтеш чакан сабааны уздар арбын жасашат. Сабаанын өзүнчө бишкеги болот. Ал аркылуу күрпүлдөтүп-шарпылдатып, көбүртүп-жабыртып ойдогудай бышылат. Ошондо бал кымызы тандайга татыйт. Ошондуктан, элде «кымыздын ийи бишкекте» деген сөз бар.

Сабаа 1,5-2 айда кайтадан ышталып туруусу керек. Сабаа кымыз менен кошо б.з.ч. эле пайда болгон деп болжолдонот. Сабаа азыр да кымыз жасоочу чарбаларда урунулат. Ал эми кээ бир жерлерде бээнин сүтү чакага саалып, челекке ачытылат. Бул кымыз сабага ачытылгандай болбойт.

Көнөк. Бул – шири идиштеринин бир түрү. Бээ саачу, кымыз куючу, кыскасы актын касиетин узакка ойдогудай сактоочу шири идиш. Муну көркөмдөп жасоочу көпчүлүк чеберлер анын орточо бийиктигин жана диаметрин 26-32 сантиметрден ашырышпайт.

Чакан көнөктүн сыйымдуулугу 10-12 литрге барабар. Түп жагы оозунан бир аз кененирээк келет. Идиштин чоргосу 18-20 см (болжолдо сөөм, карыштай) коюлган жыгач алкак кайрылып кайып тигилет. Көнөк көчмөндүү турмушта чакалык милдет аткарган. Ага суу, сүт, айран, жарма, бозо сыяктуу суюктуктар куюла берген.

Нооматы келип турган күр жайлоодо боз үй тигилип, окчун жайда желе байланып, кыз-келиндеribиз көнөктү карууга илип, желени карай кыялай басуулары кыргыз элинин салтын, маданиятын, жайлоо келбетин көрсөтүп турат.

Көнөктүн ичтүүлүгү менен катар анын жасалуусу түрдүү формада болот. Айрым көнөктүн чоргосу чайнек менен чөөгүндөй түбүнөн моюну узун келип, өйдө караса, кээ бир көнөктүн чоргосунун көзү төмөн карайт.

Кээ бир көнөктөрдүн түбү менен оозу бирдей кенендикте болот. Түбүнөн оозу бир аз куушураак көнөктү да

чеберлер кармашкан. Бул идишке «кочкор мүйүз оюмун», «кыйма оюмун» көбүрөөк түшүрүп келишкен. Көөкөргө, көнөккө, сабаага, көнөчөккө түшкөн «чийме сынпостор» ич ара бири-бирине катыш жасай беришет. Шири буюмдарынын көркөмдүгү белгилүү болуп турат. Ал бардык идиштерге бирдей түшөт.

Көнөк бээ сааганга өтө ыңгайлуу, колго токтомдуу, денеге жумшак. Ошондой эле калдырап, саан берип жаткан бээни чочутпайт. Ал эми бир чочуган же үрккөн мал экинчи жолу аягына адам жолотпойт, саадырбайт, чалпоо болуп калат.

Башка көн идиштердей эле терини ийлеп, ыштап, кептеп жасайт. Ага бээ саайт, кымыз куят, куюлган актын касиети ойдогудай сакталат. Чоргонун жоон түбүнө чыпка коюлган. Көнөктүн оозуна 3-4 смдей (2 элидей) жыгач алкак кайрылып тигилип, эки жагынан өрмө кыл боо тагылат.

Маселенин дагы бир жагы – шири буюмдарыбыз турмуш-тиричиликке гана байланыштуу сөзсүз эле керек эмес. Бул – элдик кол өнөрчүлүгүбүздүн өзүнчө кайталангыс түрү. Аны нарктуу нуска катары сактообуз, кайрадан өөрчүтүүбүз үчүн да маанилүү жагы бар. Тери буюмдарына түшүрүлүүчү көркөмдүктөрдү азыркы муун көрбөй да, түшүнбөй да кылышты.

Көөкөр – шири идиштеринин кооз түрү. Атайын кымыз куюга колдонгон. Аны жасоо үчүн чеберлер уйдун, төөнүн терисин тандашкан. Калың жеринен (эки капталынан) алешем кылып кургатып алып бычышкан. Көөкөр кармоодо аймактык айырмачылыктар бар. Мисалы, жаңы сыйрылган уйдун терисинин жүнүн кырып алып, аны шилтеге салат. (Шилтеге салуу – комуз кактын түбү менен чиенин (карагандын бир түрү) түбүн казып келип, аны казанга кайнатып, ошого терини салуу). Ал үч-төрт күндөн кийин аябай былпылдап жумшап калат. Аны казандан чыгаргандан кийин ошол жумшак боюнча бычып

тигет. Ичине кум салып, анан тоборсуп калаар чакта өзүнүн мүйүз сындырыгы аркылуу (чийим шибегеси) көркөм оюм-чийим келтирет. Тери ичиндеги куму боюнча кургайт. Көөкөрдүн ийинин, моюнун жана түбүн көркүнө келтирүү үчүн ийри шиши болот. Демек, кептөөдө шиш, кум зарыл. Ал буюмдун кебин ойдогудай келтирет. Ага оюм-чийим батырыла түшөт. Кумун төгөөрү менен ал дандайган көөкөр болуп калат.

Төө тери өтө калың болот. Жибитүүдөн чыккандан кийин муну негизинен кол күрөк менен челдейт. Көөкөр болуп бычылган теринин сырткы кыртышын өзүнчө, ички эт жагын өзүнчө шибеге менен тигет. Ал көөкөр кейпин бергенден кийин теринин ичине топурак, кум, көбүнчө кум аралаш топуракты шыкайт. Көпчүлүк көөкөрлөрдүн формасы – оозу кууш, моюну узун, түбү кенен, жалпак жана ийиндүү келет.

Чеберлер көөкөрдүн көлөмүн ар кандай жасашат. Анын чоңуна алты-сегиз литр суюктук сыят. Идиштин бир, бир жарым литрдик эң кичинеси да тигилет. Көөкөрдүн ийинин, моюнун, булуң-бурчтарын атайын ийри шиш аркылуу көркүнө келтирип, шыкалган топурак тоборсуур менен ага көркөм «чийме сынпос» түшүрүлөт.

Буга түшкөн оюм-чийимдердин же көркөм көчөттөрдүн элементтери негизинен «ийрекке», «мүйүзгө» («кочкор мүйүзгө»), «кыял», «жарым кыял» оюмдарына окшошот. Ушундай эле кымыз куя турган шири кумарага (чайдөш түспөлүндөгү чорголуу идиш) да «кыйма», «кара тырмак» мүнөздүү келет.

Тери кичимге – көн тердикте «кыял», «мүйүз» оюмдары шарттуудай сезилген менен булар дагы кооздуктарды жаратуу ыкмалары окшош болгондуктан бири-бирине өтүшүп отурат. Орточо көөкөргө 4-5 литр суюктук куюлат.

Зергерлер көөкөрдүн булуң-бурчтарына, ийнине, моюнуна күмүш, мис, жез, коло, калай өндүүлөрдү чегелеген жана чөгөргөн. Ал түшкөн шөкөттөрдүн формасы ар кан-

дай көркөмдүктө болот. Көөкөрдүн кепкегине да түстүү металлдарды чөгөрүп адатта, жезден чагарак салынган. Анын кайыш боосу болгон.

Көөкөрлөр ар кандай формада жасалып, кыз-келиндерге арналган көөкөрлөр андан бетер сыйдаланат да, «чийме сынпос» менен аруу кооздолот. «Токту берип ыштаткан, торко менен тыштаткан» – деп, идиш ышталып турган. Көөкөрдү тыштап да коюшкан. Ал көштүн сынын чыгарган. Тарых жана этнографиялык музейлерде көөкөрдүн ондон ашуун түрү бар. Андагы түшкөн «чийме сынпостор» бири-биринен айырмаланат.

Эки ийинисиз эле узун тал моюндуу, тегерек келип, ийин ордуна боо тагылган көөкөр да жасалган. Буга түшкөн көркөм оюм-чийимдер жалпы алганда «байчечекей» өндөнүп, чийим ичинен кайра «чийим сынпос» чыгып, ортолору «тоок көздөнүп» кетет.

Адатта, көөкөр кош ийиндүү болот. Моюну узунураак келип, койкоюп турса, ошол көркөм көрүнөт. Мунун муунак-муунак сызыктардан туруп берилген «табак-табакча» оюм-чийимдер үч-бурчтукту түзүп, алар чийим шибеге аркылуу «ийректелсе», анда да буюм кооз болот. «Көк шибери жайкалган, Көөкөрдө кымыз чайкалган» (Темиркул Үмөталиев) деп сүрөттөлөт. Көөкөрдүн мейман дасторконунун четине койкоюп турушу, андан таңдайды тарткан ынак кымыздын куюулушу элибиздин сыйкордугунун күбөсү болгон. Демек, элдик кол өнөрчүлүктүн салтында түркүн буюмдун бетине көөкөрдү элестеткен көркөм оюмду берүү жөрөлгөлөрүн чечмелей келгенде ал токчулуктун символун туюндурат.

Ыштоо менен ширн идишке айланып, дайыма катуу абалын сактайт. Шири идишти жылына бир-эки жолу ыштообуз зарыл. Зергерлер мындай көөкөрлөрдүн булуң-бурчтарына, ийини жана мойнуна да күмүш, жез, мис, коло өндүү асыл заттарды чаап, көркөм көрчөгөлөрдү чегелей

турган. Андай көөкөргө чөгөрүлгөн шөкөттөргө да элдик оюм-чийим беришкен.

Мыкты көөкөрлөр көлөмүнө карата кош ийини «кочкор мүйүздөнүп» түшкөн оюмдары таза жана так, моюну койкоюп узун да, кыска да болуп, жалпы көрүнүшү жыйнактуу келип, көргөндүн көөнүнө толгон.

Албетте, мал чарбачылыгы бар жерде көөкөр сөзсүз керек. Андан ардактуу меймандарыбызга кымыз куюп сунуп, кыргыздын каада-салтын туюндуруп туруубуз керек.

Сыйымдуулугу төрт-беш литр көөкөр жасоодо уйдун терисин жибитип, жүнүн кырып, ички челдерин алып, эки бөлүктөн турган кеп жасап, ошону жатак алдырып, көөкөр түспөлүн берүүгө болот. Мында эки беттүү жыгач калыпты алганда тери кургаары менен көөкөр формасын сактап калат. Ыштоо үчүн карагайдын таарындысын пайдаланса жарайт. Мунун кепкеги чөйчөктүк да, кепкектик да милдет аткаргандай кармалса болот.

Көнөчөк – шири идиштеринин бир түрү. Муну да чеберлер көнөктөй, көөкөрдөй эле ыштап, бычып, кептеп өзүнүн формасына келтиришет. Көнөчөктүн көлөмү-сыйымдуулугу ар кандай болот. Бирок, көнөктөй анча ичтүү эмес, чаканыраак келет. Ага орточо үч-төрт литр суюктук сыят.

Адатта каймак жыйноочу, ак куючу, карагат терүүчү идиш болуп саналат. Идиштин оозу түбүнөн бир аз кууш келет да, ашканадагы ала баканга илүү үчүн кылдан же кайыштан боо тагылат. Көнөчөк уйдун желининен да жасалат. Буга кооз «чийме сынпос» түшөт. Андагы көркөмдүк берки шири идиштерден анчалык айырмаланбайт. Тактап айтканда, биринин кооздугун бири толуктап тургандай туюлат.

Айрым чеберлер терини союлары менен жылуулай жүнүн алып, чиеге кайнатып, кан жылымык кылып туруп, терини ага боёп, түнөтүп коёт. Эртесинде керип, кургатып туруп, аны бычып тигет. Анан ичине топурак шыкап,

кептеп, тырмак изи түшкөндөй кургаган чакта сыртынан темир шиш менен чийим түшүрөт. Анан идиш ыштоого коюлат.

Чанач – шири идиштин бир түрү. Ал башка шири идиштерге караганда жашоо-тиричилигибизге кеңири кирип, алгылыктуу көрүнгөн идиштердин бири. Ат жалын жеңил сезип, Ала-Тоону мекендеген көчмөндүү элибиз үчүн бул идиштин турмуштук ролу качан да болсо зор. Мунун жердиги териден болуп, беркилердей эле сынбайт, бүлүнбөйт. Идиш урунууга бышык болот. Көөкөрдү, көнөчөктү, көнөктү жана сабааны бычып-тигүүдөн бул кескин түрдө айырмаланат.

Чанач үчүн, адатта, эчкинин териси керектелет. Мууздалган малды ала баканга асып, терисин суюк сыйрып, терини жибитип, чылгый кезинде жүнүн бычак менен шыпырат. Анан аны чеберлер колдо аябай ийлешет. Былпылдап ийине келген терини ыштыкка коёт. Болжолдо ал он-он беш күн ыштыкта турса, тери ышты өзүнө талаптагыдай сиңирет.

Чаначтын ийи – ыштоодо. Анын сапаты ушул жеткилең ыштатуудан билинет. Мында идиш кызыл-күрөң тартат да, жагымдуу жыт уруп, андан куюп ичкен кымыздын өзүнүн жекече касиети билинет. Суюктуктун даамы узакка сакталат. Буюм абдан эскиргенде ышы кетип, бозомук тарткан чакта гана ага сүзмө, сүт, айран, жарма, бозо өңдүүлөрдү куюшат. Чаначка да башка шири идиштердей бардык суюктук куюла берет.

Чаначтын көлөмү ар кандай болуусу ыктымал. Ал союлган жандыкка байланыштуу болот. Аны «кол чанач», «серке чанач» жана «чоң чанач» деп айтат.

Мурун элибиз төөгө артууга өтө чоң чанач жасашкан. Ага атайын шаа мүйүз эркечтин жана торпоктун терисин пайдаланышкан. Кол чанач жүнү кыркыла элек улактын терисинен жасалып, канжыгага байланууга аябай тыкан келген. Узак сапарга чыкканда кыргыздардын канжыга-

сында кол чанач сөзсүз болгон. Демек, чанач – салттуу жана барктуу идиш. Аны жасоо жана идиш катары урунуу бүгүн да, эртең да элибизге ылайыктуу.

Ыштык – шири идиштерин ыштай турган жай. Аны кармаган адамды ыштыкчы деп атайт. Ыштыкты жасоонун бир нече ыкмалары бар. Баяндай келсек мында ыштыкчы абалы чуңкур казат. Ага улай ийри-муйру каналча жүргүзөт. Эки башы ачык муну жылчыксыз жабат. Бир башынан кирген түтүн, берки башындагы кептелген шири идишке таамай уруп, быкшып, түтөп турат. Ушинтип, ыштыктын укмуштай быкшып, түрмөктөлө түтөп туруусу зарыл. Болбосо ыштыкчы жардын кырына, көтөрүнкү жерге же кашатка узундугу 3-4 метрдей ийри-буйру ийинче (чуңкур) казат. Анын үстүнө тереңдиги 2,5-3 метрдей тегереги 155 см аңгек казылат. Аңгектин ичине ача бакандар орнотулуп, ага ышталуучу терилер илинет. Ошол чуңкурдун кырларына (четине) шыргыйлар сайылып, анын баштары алачык сымал байланат. Үстүнөн жогорудагыдай өсүмдүктөр менен жыш жабылат. Тери идиштерин ыштоодо ыштыкчылар, бөтөнчө, карагайдын тобурчагын, сары самандын, чийди, төө тамандын тикенегин, кызыл куурайды, жылгынды жана ушул өңдүү түтүнү ачуу жана таасирдүү өсүмдүктөрдү колдонушат.

Арийне, мында отун түтөп жатып, бир кезде «дүрт берип» кетпеси үчүн ыштыктагы ийри-муйру айрыкча ышталып жаткан буюмду ошол жалбырттап кете турган жалындан сактоого ылайыкташкан. Ыштыктын андай болушу түтүндүн жойлоп жүрүшүнө оңтойлуу шарт түзөт. Ыштыктагы оттун алоолонуп күйүп кетпей, быкшып түтөп, ыш чыгарып тургудай өз өлчөмүндө ал сууга чыланып турат.

Супура – териден жасалган ашкана буюму. Бетине ун, талкан, тару-конок сыяктуу майдаланган эгин-тегин элөөдө жана камыр жаюуда да супура пайдаланылат.

Чеберлер муну жасоо үчүн жандыктын терисин жыдытат. Аны алты-жети күн малмага салат. Терини алешем кылып кургатып, керип-чоюп, аябай ийлейт. Анан бучкактарын кесип салат, өңдөйт-бордойт. Ал төрт бурч же тегерек болуп бычылат. Четтерин жарашыктуу жээктейт. Супураны төрт бүктөп, сыртынан тагылган боосу менен байлап, аш алабаканына, же кереге башына илип койгон. Эчкинин териси катып калгандыктан андан супура жасалбайт. Албетте, койдун териси урунууга алгылыктуу келет. Супурадагы ун-талкан эч качан сүрсүбөйт.

Ат жабдыктары

Ээр-токум, ээр-турман (ат токулгасы) – атка токуп минип кетүүгө керектүү буюмдардын жана шаймандардын жалпы аталышы. Ага: ээр, үзөнгү, канжыга, жүгөн, нокто, чылбыр, көмөлдүрүк, басмайыл, чап олоң, куюшкан, желдик, тердик, ичмектен сырткары көрпөчө, ат жабуу, үртүк, камчы кирет. Аталган буюм-тайымдардын ар биринин өзүнчө аткара турган милдеттери бар. Жасалышы жана санжырасы жагынан эркектердин ат жабдыгы, аялдардын (кыз-келиндердин) ат жабдыгы деп айырмаланат, аларды чебердеп көркөмдөп жасоо, урунуу элибиздин маданий-материалдык турмуш-тиричилигине жараша болот. Көчмөндүү турмушта уюткулуу журтчулук зергерчиликтин күчү менен ат жабдыктарын укмуштай сынпостоткон жана шөкөттөткөн. Ат жабдыктардын көз тайгылткан даана кооздугу жана нарктуулугу күйөөгө узатуучу кыздын аттанаар атын токууда бөтөнчө көрүнгөн.

Мурунку чеберлер кайышты жана көндү ийлешсе, азыркылар ат жабдыктарын узанууда заводдун булгаарысына ак кайышты каттап кайып жана кайышты өрүү ыкмасын колдонушат да, ага көбүнчө күмүш ордуна жез, мис чөгөрүшөт. Ат жабдыктары негизинен өрмөчүлүк менен кайышчылык өнөрлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Буга узануучу усталарды – зергер, ат жабдыктарынын чеберлери,

ээрчи, өрмөчү, кайыкчы жана кайышчы деп бөлүшөт. Ат жабдыктарын жасоонун жердиги катары жыгач жана булгаары колдонулат. Ат жабдыктарын түгөл бир колдон чыгарган чеберлер бар.

Айырмач – жыгачтан жасалган ээрдин бир түрү.

1. Кичинекей балдар (4-6 жаштардагы) атка минүүгө өбөк болгон, аны көчмөндүү турмушта өзүнчө тай-кунанга мингизүүгө көнүктүрүүгө атайын токулган ээр. Мында айырмачтын кашы менен артын бирдей кылып, бири-бирине кайчылаш аштала жасалат. Ат үстүнөн бала жыгылбаш үчүн мунун капталдарына туурасынан баланын балтырын кыспагандай жалпак жыгачтар бекитилет. Айырмачтын үстүнө көпчүк салынат. Үзөнгү ордуна тебүү үчүн көбүнчө териден же кийизден кооздоп жасалган салаягы (темингиси) болот.

Айырмачтын кайчылашып аштalган бети кол жеткидей кооздолот. Усталар ага жыгачка таандык оюм-чийимди түшүрүшөт. Ал оюм-чийим адатта чагаракталып, «кочкоректенип» кетет. Мында чийимди каалга бетиндей тереңдете баспообуз керек. Буга түшкөн жыгач оюму «ит куйруктанып», «бармак боочу» сыяктанып, көпчүк-көрпөчөдөн анын кашы койкоюп көрүнүп турат. Зергерлер бул токулгага да күлдүрө күмүш жабышкан. Ээрдин алдынкы жана арткы гана кашы минтип кооздолушу зарыл. Кызкелиндерге арналып жасалуучу айырмач ээр өзүнчө айырмаланып, көчкөндө бурчтарынан бери чегеленген булгаары тердик, муз желдик суу чайпалбас жоргого токулганда, ат жарыктык сынына чыгуучу.

2. Алдындагы жана арт жагындагы тик жыгачтарын бири-бирине кайчылаштырып жасайт. Бул – унаага кийиз салып токуп, жүк артууга ылайыкташкан ээрдин (ыңырчактын) бир түрү. Көчмөндүү турмушта минтип ээрдин ар кандайына узануу абдан өнүккөнүн тарых музейлериндеги экспонаттар далилдеп турат.

Илгери чабылган айырмачка кичине жошо сүртүп коюшчу, ал ак жыгачтын өңүн өзгөртүп, кир көтөрүмдүү кылган. Атайын сырдап койгондой буюмдун өңүн ачкан. Албетте азыр муну урунгандар өтө азайды. Мал киндиктүү элет жерлеринде ташынып-көчүүдө анча-мынчалар токубаса, кийинки муундар муну музейден гана көрүп калышты. Айырмачты эми өнөрканалардан өзүнчө буюм жана белек катары чыгаруу зарыл.

Ээр – ат жабдыктарынын ана башы. Анын жердиги карагайдан, жапайы талдан, мырза теректен болот да, ал ат минүүдө адамга отургучтук милдетти аткарат. Ээр байтеше менен сомдолот. Сомдолгон кем-карчы маки, бычак аркылуу чебер жонулуп, жымсалдоодо түрпү менен түрпүлөнөт.

Ээр чабуунун үч түрү бар:

Оймо ээр тоголок жыгачтардан чабылат. Муну усталардын басымдуу көпчүлүгү кармайт.

Аштама ээр, бул төрт бөлүктөн турат: ээрдин эки капталы, ээрдин кашы, ээрдин чарасы болот. Анын чарасы уюл жыгачтан чабылат да, кашына катуу жыгач тандалат.

Курама ээр (Пайгер ээр) – көп бөлүктөрдөн турат. Муну чаптама ээр деп да коёт. Чеберлер көбүнчө кучмач ээрине узанышат. Муну айрым жерлерде ак каңкы деп да аташат. Бул кыргыз ээри болуп саналат. Ал – ээрдин өзүнчө өзгөчөлөнгөн түрү. Алдынкы кашы жазы жана тегерек формада да болот. Кыскасы, бул – эр ээри. Эр эңиш, улак тартыш, тыйын эңмей сыяктуу оюндарына токулат.

Айрым аймактын ээр чабуучулары буюмдун жердиги үчүн бака теректи, сай теректи, көк теректи, кара жыгачты жана тоо кайыңды да көбүрөөк пайдаланышат. Жоон долоно, акчечек өңдүү жыгачтардын ийин тапса, ээр үчүн табылгыс жердик болот. Мисалы, бака теректи кыйып келет да, өлчөп төрт-беш ээрдик жыгачты суу кезинде бир учурда сомдоп, аны темир челекке салып, үч-үч жарым саат кайнатат да, көлөкөдө кургатып, ага солидол сыйпалат. Мында ал жарылбайт, шамал өткөрбөйт. Солидолду

жыгач сиңирип алат да, кургаганда суу кирбейт. Капталган теринин ичиндеги жыгач чирибейт.

Бизде хожент ээринин (Тажикстанда Хожент деген жердин ээрчилеринин чапкан ээри) формасы да сакталган. Ээр чоң, карчыттуу жана чаралуу келет да, кашы кичине, ачакейи кенен, моюну букталуу көрүнөт. Чеберлер өзү жасап алышкан иштөөгө оңой, ээрдин кашын чыгара турган кичине ийгиси болот. Ал каш кыргы деп аталат.

Чен бирдиги менен алганда жыгачтын (чүркөнүн) узундугу 60 см кыйылса, мунун 2 см кетип, 58 см ээрге чакталат. «Жыгач кессең узун кес» деген сөз бар. Туурасы 40 см болуп, каштын башы менен алдынкы актасы 38 смге, мунун кобулу 18 смге, кобулдун арты 22 смге барабар. Ээрдин чарасы менен тээги арткы актанын башы жана чаранын алды менен беш см келет. Актасынын (тарагынын) узундугу 42 смди түзөт. Анткени, аттын сээри-өркөчү бийик келет.

Аттардын жону ар кандай болот. Кыр жон ат, кой жон ат бар. Мунун жону тоголок болот. Ээрчилер мындай бөтөнчөлүктөрдү эске ала узанышат. Мында чаранын айланасы 80 см, анын калыңдыгы 3 см, орточо 1,5 см, ээр кашынын ички моюну 15 см, моюндун этегинин калыңдыгы 4 см болсо гана максатка ылайыкташат.

Жергиликтүү карагайды кыйып келип, кабыгын албай, кенен бир жылдай кургатат. Анын эки учуна солидол сүйкөп коёт. Анткени, ортолоруна чирик өткөрбөйт. Мындан 55 см орточо ээрге, 60 см чоң ээрге чакталат.

Жыгачты кесип алып, сомдоп туруп, суу ичине өтүп, сары суусу менен чайыры чыкканча кайнатат да, анан чаба баштоо керек. Улам чаап, улам кургак жерине жеткен кезде кайнак суудан куюп, чаба берет. Ээрдин алдыңкы актасын айрым чеберлер 18,5-19 см кылат.

Себеби, уй терисинин калың жери жана жука жери бар. Ошого карата арткы актасы 24 см болот. Андан ке-

миткенде аттын жонуна токтому болбойт. Эгер мындан кең болсо, атты жоорутат. Ээрдин кашынын узуну 12 см келет.

Же болбосо талды кыйып келип, дароо сомдой коюп, ага солидолду сыйпап таштаса, ал сиңет да, жыгачка ачык күрөң өң берет. Мындай жыгач көпкө жатып, май сиңди болот. Айрым чеберлер ээр чабууда чыканак ченди колдонушат.

Же сары талды кыйып келип, абдан кургатат. Анын кабыгын аарчып, көбүнчө күнгө коюп, анан чаба баштагандар бар. Болбосо талды кыят да, ал эки-үч жыл катары көлөкөдө кургатылат. Мында аздан кармап чаап, кайра таштап, ойдогудай кургатып чаппаса, кийин токулганда кыйшайып, кажып кетет. Ошондуктан, бир топ ээрди чабууну бир мезгилде баштап коёт да, кезек-кезек кармап отурат.

Тал, теректи кыйып келип, андан тактай жасоо керек. Ээрдин бөлүктөрүнүн өзүнчө үлгүлөрү боюнча тактайды араалап, татаал жерлери керки аркылуу жымсалданат. Мында уста анын эки босогосун чыгарат. Ал жыгач желим аркылуу чапталат да, ага тарамыш коюлат. Анан ээрдин чарасы менен эки каптыргасы өзүнчө бириктирилет. Ага эки босого карматылат. Арткы шынаасы жана ээр кашы орнотулат. Мунун бул бөлүктөрүн бириктирүүдө бодонун, төтөн жылкынын жибек тарамышы керектелет.

Ээрди кайыңдан чапкан усталар бар. Тоголок кайыңдын бир жак тарабын тегиз тактай кылып чаап, анан бир жак башынан 31 смге, артын 37 смге ченеп, сызгыч менен сызып, калган ашык тарабы чабылып таштылат. Анан ортосун оёт. Мунун алдынкы каш жагы 14 смдей болот. Арт жагы 11 см тереңдикте болот. Чабууга татаал үстүнкү бети бейтеше менен алынат. Анын орто жери аталгы керки аркылуу жыгачтын каршысынан чабылып, ийине келет. Демек, ээрдин чарасынын калыңдыгы бир гана см болуш керек. Ал эми ээрдин чарасынын эни 37 смге барабар келет.

Ээрдин алдынкы актасы 4-5 см, мунун калыңдыгы бир см, арткы актасы 15 см, мунун калыңдыгы 1,5 смдей келет.

Ээрдин эки капталы 20 смдей болушу зарыл ошондо ээрдин узундугу (жаздыгы) 40 см келип, каштын бийиктиги 25 см, чаранын, жаздыктан бийиктиги 15 ммди түзөт.

Мында ээрчи ээрдик кайыңды кыйып келээри менен даroo чабат. Аны чоң казанга бир саат кайнатат. Ошондо кайыңдын сары суусу чыгып, жыгач бышык болот. Суусу бат кургап, кийин урунууда жарылбайт, же токунууда жешилип, кажып кетпейт.

Ээр кашын бүркүт томогосундай чыгаруу көркүү көрүнөт. Ээрдин кооздугу көрпөчө салбай, басмайыл тартканда атты да шаңдандырып, ойдогудай оюлган каптарга соорусунан караганда аттын кош кулагы шамдай көрүнүп туруусу керек.

Илгерки усталар таптаза чаап бүткөн ээрлерин сорпонун майына ичирип, отко кайсап алса, эмкилер веретено майын сыйпайт, же автол сүйкөсө да жарайт. Суу жыгач жарылбай, боюнча тартып, кайра мүнөздүү катып, мыкты кургайт.

Айрымдар ээр чабууну көк теректи бүрдөй электе кыйып келүүдөн баштайт. Аны кышында даярдайт. Өсүмдүктүн кабыгын аарчыбаса жарылбай тура берет. Мында болжоп, көлөмүн алып, чаап кирүү керек. Сомдолгон ээр эки айча көлөкө жайда жатат. Ал жарылып кетпеси үчүн жыгач желимди сүйкөп коёт. Чеберге сомдолгон ээрдин кургаганы билинип турат. Ээрди чабууда абалы эски ээрдин көлөмүн өлчөп, адегенде ат өркөчүн баспагандай кылып, анын үстүн чаап алат. Эң аягында кашы кармалат. Айрым чебердин ээр чарасы үчүн чүпүрөктөн бычып алган үлгүсү болот.Ал өлчөм катары колдонулат. Бул эки түрдүү ээрдин чабылышына чакталат. Ээр чарасынын кездеме үлгүсү эки бүктөлгөндө тептең болуп, төптүктү жана тактыкты сактап турат. Албетте, мындай көрүнүштөр чебердин колунун

кылдаттыгын, буюмду таза кармоосун, устачылык абийирин сездирет.

Тактыкты талап кылып, математикалык өлчөм болгондо гана буюм таза кармалат. Мында ээрдин бир актасы 45 см, арткы актасынын куюшкан бекитээр жери 11 см, өркөч үстү 16 см, мунун арты 21 см, жалпы алганда 36 см, асты 30 см, анын асты 19 см, чарасы 38 см, анын айланасы 95 см, ээр бели 45 см болот. Мында кашынын айланасы 32 смге барабар. Ээрдин кашынын моюну 16 см, каш башынан тартып, алдынкы актанын учуна чейин 31 см болушу керек. Анын калыңдыгы бир жарым, чарасынын калыңдыгы 1 смдей болот. Ал эми ээр кашы эки кулактан турат да, айланасы 15 смди түзөт.

Илгери ээр чабуучулар үчүн чен бирдиктери болгон эмес. Алар ээрдин ички бетин карыштап чыгарган. Мындай чапкан ээрдин ички бети 17 смден башталат да, бели (отуруучу ортосу) 15 смге барабар болот. Ээр бөлүктөрү так өлчөнөт да, чебер алардын өзүнчө схемаларын түзүп чыгат. Ээр көкүрөгүнүн калыңдыгы 4 см, кашынын, моюнунун айланасы 17 смге өлчөнөт. Кашы кичине болуп, моюну бийик, бели кичирээк ээр көркөм көрүнөт.

Ээр чабууну жүзөгө ашырууда көркөм шык эле жетишпейт. Аны кармап жатканда дилден туюп турушубуз керек. Адам дилинде уста болушу зарыл. Дээринде чеберчилик жатса, көркөмдүк ага жардамчы боло алат. Ээр чаап жатканда алдына ат тартылып, ага кандай токулат, муну көкүрөк сезип турууга тийиш. Демек, адам сезип турган нерсени бирөөлөргө өткөрүштүн өзү кыйын. Мындай чакта форма, сырткы көлөм, кооздугу бир гана көрүнүш болуп саналат.

Кыргыз ээрин жасаган уста менен алармандын ортосунда ички жылуу сезимдер болушу зарыл. Чапкан ээрлерибиз аттын белин жоорутса, аларды жыйнап алып, өрттөп коюшкан.

Начар ээрлерди азыр дүкөндөргө чыгарып, туйтунуп жатабыз. Арийне, бул көз боёмолоо, өнөрдүн кадырын түшүрүү болуп эсептелет.

Талды кышында кыйып коюш керек. Мында тал-теректин түп жагы каттуу болуп калат. Аны чебер ээр көлөмүндөй араалап алат. Суу бойдон чаап, суу бойдон каптайт. Мында жыгач жарыла электе тери жыгачты тырыштырып, кадимки кайыш сыяктуу кургатат.

Ээрдин чарасы ээр кашынан төмөнүрөөк болушу керек. Чеберлер куш баш ээрин арбын кармашат. (Куш баш кашынан улам айтылса керек). Эки актасы (желдик келе турган жери) кайкыраак болуп, аттын жону түспөлдөнүп кетет. Ээрдин жону билинээр-билинбес, аттын жонуна тиер-тийбес болушу керек. Ошондо аттын үстүндө чарчабай тынч жүрөбүз. Ал өтө эле бийик болсо, дөңгөчкө мингендей болуп калабыз.

Ээр эңкейиште табарсыкты какпоого тийиш. Өйдөдө артына шыпырылып кетпеши керек. Айрым ээрлерди байкасаң адам жалаң ыңырчакка мингендей болот. Ээр чарасынын эки тарабына кооздук жана сынбасы үчүн бир элидей эки нукча коюлат. Мындай көрүнүш ээрдин алдында да болот. Ал көрпөчөнү алга тартпай турат.

Ар бир ээрчинин ээр чабууда өзүнө таандык тактыктары бар. Ал анын жекече узануу чыйыры болуп калат. Тактап айтканда, айрым ээрчилер чабылуучу ээрдин узундугун 54 см кыят. Бир тарабын түз чаап, аны чалкасынан салып туруп, арткы актасын 36 см, алдын 32 см кылып, ошол сызык боюнча эки капталын түптүз чабат. Ошондо каштын башы менен алдыңкы актасынын учуна чейин 28 см болушу керек.

Ээрди чалкасынан коюп, чарасынын учунан 6 см таарып салса, арткы актанын башы чыгат.

Каштын башы 6 см келсе, алдынкы актанын башы көрүнөт. Мында, актанын узундугу 42 смди түзөт. Алдынкы актанын туурасы, көмөлдүрүк бекитүүчү жери дагы 6 см

болушу керек. Ошондо арткы акта менен чаранын түбүнө чейин 19 смге барабар. Демек, мунун борбору 18 см, туурасы 36 см, кашынын туурасы 8 ммдей болот.

Чеберлер көбүнчө орточо ээрдин үлгүсүн алышат. Орточо ээрдин калыңдыгы 1,5 см болууга тийиш. Колдон келишинче жука чабуу зарыл, чаап бүтөөрү менен актасына дароо рейка уруу керек. Ал талтайып да, же куушурулуп да кетпейт, көлөкөдө тап менен мыкты кургайт.

Ээрдин жердигине теректи кыйып келээри менен чаап болуп, аны соляркага салып коюу керек. Ал жыгачтын сары суусун, шорун жана чайырын өзүнө тартып алат. Солярка ойдогудай сиңгенден кийин жыгач өтө жакшы кургап, урунганда кажып калбайт.

Албетте, усталардын минтип көркөм буюмду кармоолорундагы ыкмалары анын башкалардан айдан ачык айырмаланган өздүк тажрыйбасы жана чыгармачылыгынын түшүмүн айкындап турат.

Айрым чеберлер топ ээрлердин сомдоосун бир мезгилде баштап алат. Аларды ыңгайына карай биринен сала бирин кармап отурат. Ошондо төрт-беш ээрди бир гана учурда колдон чыгара алат.

Ээр кашын усталар уй туяк, шалпык кулак, төө таман, көөкөр каш өңдүүлөргө бөлүп узанышат. Алсак, көөкөр каш каштын эки уурту кадимки көөкөрдүн бурчундай, ийиндүү болуп, же ийиндүү кишидей имериле көрүнүп турат.

Айрым чеберлердин чапкан ээринин кашы шалпык кулак деп аталат. Мында каштын эки ууртун эңкейтип коёт. Маңдайынан караганда ал копол көрүнүп калат. Ээрдин чарасынын алдынкы актыргысына, тыйын эңиште, эр эңиште, улак тартышта согончок чап илинип түшөт. Ошондуктан, усталар атайын улут оюндары үчүн ээр чабышкан. Анын көчүк басаар чарасы жайыгыраак келет да, актыргасы кенен болот.

Ээрдин моюну кыска болсо, бир моюн адамдай көрүнүп калат. Ал эми кашы узунураак, өзүнүн ченемине келип, суйкайыңкы болуп турса, аргымак аттын же туурунда таранып олтурган кыраан куштун моюнун элестетет. Акыйкатта, ээрдин моюну так ошондой болгондо гана кашы көрпөчөдөн койкоюп көрүнүп турат.

Ээрдин эки каптылы – үзөнгү илээр жери дөңүрөөк болушу зарыл. Ал аттын эки далысынын чуңкурчаларына кынаптала кирип, демек, ат мында бөйрөк жоор болбойт.

Ээрдин баш-аягы аты жок менен чыканак аркылуу өлчөнөт. Ал чыканак чен деп аталат. Ээрдин чаты (арткы актасы) туура карыш болсо, аттын белин баспайт. Ээрдин алдыңкы сээри, башкача айтканда, алдынкы актасы сөөм болушу максатка ылайыкташат. Ээрдин үстүнкү эки капталы устанын өлчөмү менен туура эки карыш болот.

Көл тарапта ээрдин жердигин тал менен теректен тандашат. Мунун ичинде кара талдан даярдалган ээр кийин кажып кетпей, урунууга өтө бек келет. Терек ээр утурутетири чабылат да, муну да кармоонун ички-сырткы сырлары бар. Демек, тал, теректи кыйып келээри менен дароо чаба коюп, биротоло чабылган ээрди бир жерде кургатат.

Кургоо учурунда жарылып кетпеши үчүн аларга солидол сыйпап таштайт. Анан биротоло чабылып, кургап бүткөн ээрди уста уйдун чылгый териси менен каптаганда ал чап кармайт.

Алар көбүнчө кучмач ээрге узанышат. Анын кашын чеберлер туурда таранып отурган куштун томогосундай өтө көркөм чыгарганы менен көрүүчү сынакейлерди өзүнө тартат. Ээрдин узундугу 55 см, эни 46 см болгондо ал карчыттуу болуп, жылкыга токууга талаптагыдай шартташат. Ээр далынын күзгүсүнө бирдей жатып, арты аттын бөйрөгүнө кынаптала түшөт. Андыктан, ээрдин астыңкы тарагын эки жарым эли, арткы тарагын үч эли, ээр каптыргасына чейин сөөм кылып кармообуз керек.

«Бир эле ээр аттын алты жерин жоор кылат», – дешет тажрыйбалуу чеберлер, – ошолордун бирөө жоорубаса ошол ээрчи деп аталат. Жаман ээр аттын өркөчүн шиштет. Ээр эки бөйрөгү менен эки далысын басат да, аттын белине тиет.

Айрым усталар көңүлүнө жаккан эски ээрди аттын белинен алып анын бөлүктөрүн карап, көңүлгө түйүп, өлчөмүн ченеп, ээр чабууну баштайт. Ал ээрдин түспөлү барабара көкүрөккө жатталып калат.

Күзүндө талды кыйып, анан чоң ээрлердин узундугун 55 см кылып ааралап алып, кабыгын аарчыбай бетине гудрон (кара май) сыйпап, көлөкөгө коюп, эки-үч айдан кийин кургаганда аны чаба баштаган ээрчилер бар. Мында ээрдин ар бир бөлүгүнүн кагазга чийилген өлчөмү сакталат. Тактап айтканда, см менен берилген кагазда ээрдин бөлүктөрүнүн үлгүлөрү так болот.

Усталар чоң ээр, орточо ээр, кичине ээр деп муну көлөмү боюнча бөлүп узанышат.

Ээрдин кадимки нускасын чабуу үчүн эски ээрлерди иликтеп, алардын үлгүлөрүн так алууга аракеттенүү керек.

Ээрди курап да жасашат. Ал курама ээр деп аталат. Мындайынан алганда «курап жасоо – усталык, туюк чабуу жөнөкөй эле өнөр», – дешет. Деген менен бул эки ыкмага тең устанын колу тиет.

Куранды ээр кармоо – татаал аракет, түйшүктүү келет. Мунун сыры желимди ичире жана аны жасай билүүдө турат. Тарамышты тарап, желим аркылуу аны курандылап ичирүү керек, ичирүү – желимди коюу жабуу.

Эски анжиян ээрди таап, аны атайын ажыратып, ички бириктирилген ыкмаларын байкаса, мурунку усталар буюмдун түбөлүктүүлүгүнө назар ташташкан. Ал ээр сегиз бөлүктөн турат. Ээрдин эки капталы, кашы так ортодо болуп, акырек тең эки бөлүк, чарасы үч бөлүк, эки капталы эки, ортосу бир бөлүк болуп түшөт. Бири-бири менен жешилбөө үчүн мына ушул бөлүктөргө усталар мүйүздөн,

сөөктөн жээк кылып коюшкан. Кайын кабыктарын жаап, өзүнчө кооздук берген.

Анжияндык кыргыздардын ээри туурга конгон туйгундай сындуу келип, «сыры кетсе да, сыны кетпейт». Ал жылкынын белинен омоктуу орун алат. Жеңил да, бышык да келет. Көпчүлүк усталар жалпы журтчулукка бирдей жаккан мына ушул ээрдин үлгүсүн алууда.

Ат жабдыктарын кармоого ышкысы артылган чеберлер бир топ сынган ээрлерди чогултуп алып, мына ошолордон үлгү жаратат. Мыкты усталар чапкан же кураган ээрлерине өзүнчө талап коёт. Ат оонаганда, улут оюндарында (эр эңиш, улак тартыш ж.б.) токунганда сынбоого тийиш. Улам убакыт өткөн сайын ээр ич ара чапталышып, жыгач өзүнүн ички касиеттерин кармап, бышыктала бериши зарыл.

Албетте, бул буюмдун жердигинде, аны табы менен кургатып, иштете билүүсүнө шартташат. Чебердин айлакердиги мына ошондо билинет. Демек, үстү адамга тынч, алыс-жакын жүргөндө бел оорубайт. Элдик оюн-шоокторго атайын токунууга жасалып калгандай туюлат. Анткени, улак тартышта улакчы ээрдин кашына алат. Эр эңиште балбандар ээр кашын кармашат. Бири-биринин колдорун каштын ачакейине басышат.

Азыркы усталардын көбү ээрдин кашын жакшы беките алышпайт. Натыйжада, бак-даректардын бутактарына, сарайларга киргенде босогого каштары илинип, сынып калат.

Каштын жасоо, омкорулган каштын ордуна каш салууда айрым усталар жан киргизип коюшат.

«Сынбасты уста жасабайт, өлбөстү кудай жаратпайт», – дейт. Кандай гана буюм-тайым болбосун өзүнүн чегине жеткен сапатта болушу талап кылынат. Ээр жерден бирдеме эңгенге оңтойлошот. Кой-эчки жана башкаларды өңөргөндө үзөнгү шак бутка илине калып турат.

Ат майдандарында тамандуу үзөнгүгө салмак болот. Кандай гана буюм кармаба, аны берилип, каалоо менен жасап, ал буюмду сактап, барктап урунуубуз устанын кадырын арттырат.

Айрымдар мурунку усталардын кармаган ээрлеринин сүрөтүн тартып, чийимдерин так алып, мына ушунун негизинде өзүнүн чаба турган ээринин ченемин табат. Демек, мингичке токууда мына бул үлгүнү пайдаланган чеберлер бар. Тактап айтканда, ээрдин жердик коёр каптыргасы 44 см, кашынын бийиктиги 32 см, чарасынын бийиктиги 26 см, ээрдин алды (өркөчкө тийүүчү жери) 30 см, анын үстү жагы 19 см, ээр кашынан чарасына чейинки узундугу 55 см, чарасынын туурасы 41 см, чаранын ээр кашынын түбүнө чейинкиси 41 см, арткы каптыргасы 36 см болушу зарыл.

Ээрдин алдынкы чагарак илгичи 9 см, арткысы 18 см, экөөнүн туурасы 9 см келет.

Ээр чабууда усталардын бири-биринен айырмасы ээр өлчөмү боюнча 5-1,2 см эле боло алат.

Адам ат менен ат жабдыктарынын кадырына жете урунуусу бул буюмду жасоого шык болот.

Күмүштөн башка жалтырак металлдар сыяны өзүнө кабыл албайт. Шөкөттөрдүн жүзүн ачпайт. Чапкан кооздуктарда усталар эркектер менен аялдардын эски ат жабдыктарынын нуска катары калтырылган үлгүлөрүнүн ортосунан өзүнө форма-түр тапканы көрүнөт.

Узануунун бөтөнчөлүктөрү аспап-куралдардын ар түрдүүлүгүнө байланышат. Аны ар бир чебер өзүнүн көөнүнө жаккандай жасап алышат. Мүйүз балка жука темирлерди чабууга шартташат. Чөлмөк шибеге, чүмөк шибеге десе да болот. Ал кайыш менен булгаарыны беттей кайып жатканда чымыратып тартып турат. Сабы мүйүз илме шибеге болот.

Талас өрөөнүндө ээрдин эки түрү бар. Анын бири кудаяр деп аталат. Муну Кокон ээри деп да коюшат. Мунун

кашы жалпак келет (сүйрү, калак баш сымал кашы бар ээрлер Талас тарапта арбын болот). Ага оюм-чийим шөкөттөрү, гүл мыктар чабылат. Зергерлердин ээр кашына жука металлдарды чаап, бетине оюм-чийим түшүрүү салты азыр да сакталган.

Мындан сырткары Анжиян, Куш баш ээр эл ичине таралган. Бул таберик-нуска катары жүздөгөн жылдары колдонулган буюмдар өзүнүн көөнөрбөс үлгүсүн, өлбөс-өчпөс өмүрүн жана сын-сыпатын сактап кала берет.

Ээр чабуу жеңил-желпи иш эмес. Ээрдин накта үлгүсүн табуу үчүн гипс менен калыбын алган чеберлер бар. Азыр жылкылардын жаңы тукуму өстүрүлүүдө. Мына ошого карата ээрдин жалпы өлчөмү өзгөрүшү да мүмкүн.

Биз үлгүнү эски-жаңы кылып сактообуз керек. Ошондо орточо алганда ээрдин эки актыргасы 43-45 см, өркөчтүн үстү 15-16 см болууга тийиш. Чоң болсо, өркөчтү басат, кичине оюлса, атты жоор кылат.

Ээрдин арткы бел басаары 20-22 см, чарасынын туурасы 40 см, киши отура турган жеринин алды 12 см, эки актырганын ортосу 30-32 смге барабар. Арт жагы 34-35 см болот. Ээр кашы өзүнчө жасалат. Минтип жасоодо жыгач да үнөмдөлөт. Кашы менен кошо чапкан ээрдин жыгачы жумуру болууга тийиш. Анан ээрге үч бурчтук кашты аштап, желимдеп коёт. Мында ээрдин чарасынын жукалыгы 15-18 см болот. Бул чебердин өтө кылдаттыгын баамдатып турат.

Мунун жердигин уста теректен тандаса, мында жыгачтын суу же кургак экенин даана билүүсү керек. Суу чакта чапса, жыгач кургаганда куушурулуп, өзүнөн-өзү кысылып, кичирейип кетээри түшүнүктүү. Демек, жыгачтын туурасынан жыйрыла турган касиети болот. Мында абалы анын ичин оюп алып, үстүн сыйдалайт. Ошондо жыгач мээлүн кургап, улам чаап, улам коюп олтуруп, өз өлчөмүнө келтирет.

Ээр каптоо – ээрди каптоо төрт бөлүктөн турат. Абалы алды, эки каптыргасынын баш-баштары, чарасы, үстү капталат. Териге өзүнчө өң берүү үчүн кадимки кара тушту (сыяны) пайдалангандар бар. Аны чылгый теринин ич жагына сыйпайт. Ошондо ал сырткы өңүнө чыгат. Ансыз ээр кадимки жыдытылган карындай чел болуп, ээрдин жыгачы көрүнүп калат.

Кол кайык аркылуу жүзөгө ашырууда капрон жиби бар резина аралашкан жазы тасма курду тилип, эки катын ажыратып алса болот. Ошону кайыш менен булгаарынын ортосуна беттей коюп кайыйт. Кайык жипке капронду пайдалангандар бар (өзүнчө чоң түрмөк, дүкөндөрдө сатат). Тилинген кош кат кайыш булгаарыны дискага кыпчытып, жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшканды алты-жети күндө кайып бүткөндөр бар. Ошондо бир ат жабдык жарым айда колдон биротоло чыгат.

Ээр каптоо – бодонун чылгый терисин чабылган ээрдин сыртынан бычып карматуу. Мында ар бир чебердин өзүнө таандык ыкмалары баамдалат. Чебер терини челекке муздак сууга жыдытып, жүнүн бычак менен алат. Кайрадан туздап, челекке эки күнчө салып таштаса, тери чыйралат да, калыңдыгын да, сапатын да сактайт. Чылгый терини чабылган ээрдин сыртынан бычат да, өзүнүн мыгы менен урат. Тери чылгый чагында каптalса, ээрди чап кармайт.

Чылгый теринин өңүн буруш үчүн азыркы чеберлер кара лакты, көк, жашыл жана кызыл боёкту да пайдаланышат. Терини чала ийлеп, туз жаап, ысык сууга салып, күнү-түнү коюп да жыдытууга болот. Абалы ээрдин ичи, анын эки каптыргасы капталат. Ээр каптоо үчүн чеберлер кайыңдан мык жасашкан.

Ээрди сынпостоо – капталган булгаарыга кооздук түшүрүү. Түшүрүүчү сынпостон мурун ээрди булгаары менен каптайт. Мунун каптыргалары да булгаары болот. Ал тердикти жаап турат. Ошого чебер ийрек менен оболу кичине (ичке) оюм түшүрөт. Анан жумуру сабы бар ийректи чебер

отко ысытып алып басат. Мында усталар өзүнө таандык көркөмдүктү берет. Ээрге жана тердикке түшүргөн чийме сынпостор «мүйүзчөлөнүп», «кыялданып» «карга тырмактанып» кетет. Айрымдардын ээр каптоодо да жекече ыкмалары бар. Мында чылгый тери менен капталган ээрдин кашын өзүнө каптап, анын үстүнө тигип коёт. Себеби, ал жыртылганда кайра тигүүгө оңтойлуу келет. Кара булгаарынын ичин кийиз же нооту менен ичтеп, четине нечен түрдүү кайык түшүрүп, жээктери кийиз, тукаба өндүү бышык жердиктер менен да кыюуланат.

Ар бир өнөрдүн түрлөрүн табы менен кармаган зергерлер жигит (эр) ээринин эки капталынын этегине ак жип (илгери жибек тарамыш) менен энин жарым элидей кылып, жээк коюшат. Ага эни эки элидей карыш ичке балык жон наар келтиришет да, анын ичинен ийрек менен ийрек сымал тиш-тиш түшүрүшкөн. Мындай «чийме сынпос» кооз көрүнгөн.

Айрымдары муну өзүнүн «кыял оюмдары» менен да наар кылып түшүрө алчу. Ийректей эле «чийме сынпосту» түрлөнтүп жиберүүгө оңтойлуу жылдызча, тоок көз, тегерекче, толкун сыяктуу аспаптар кол булгаарыга кооздук ыроолоонун мыкты шарты экенин баамдайбыз. Бул көркөм көчөттөр ээрдин эки капталына бипбирдей түшөт. Мында ээрдин кашы оюм-чийим түшкөн моюнунан өйдө өзүнчө капталып, алкымынан булгаары чачы чыккан. Албетте, эски зергерлердин берген «чийме сынпостору» бирин-бири кайталабай, кайра түрлөнтүп кетишчү. Анткени менен кимдин «чийме сынпостору» экенин эл билип турчу. Ушундан улам усталар ат жабдыктарына узанууда терини колдо иштетүүнүн асемдүү сырларын мыкты билишкен.

Сынпостоо – тери (көн) буюмдарына көркөмдүк түшүрүү, башкача айтканда, териге оюм-чийим берүү салты. Бул – ээрге, тердикке, көөкөргө, көнөккө, көнөчөккө, сабаага, чыны капка, жагданга, мөкүгө, кепичке, көк жеке-

ге, маасыга жана башка салттуу буюмдарга, кийимдерге элдик оюм-чийимдерди салуу.

Чеберлер катуу чийден оюм-чийим түшө турган форма (калып) даярдап, чылгый терини анын үстүнө коюп, аны оор нерсе менен бастырып, ыштыкка бир-эки күн койгондо чылгый тери кургаган. Алиги чий өткөрүлгөн форманы алганда көркөм оюм өзү түшүп калган. Мына ошол наар же чий сынпос (чийме сынпос) деп аталган. Азыр атайын оюм-чийим түшө турган темир форманы булгаары үстүнө коюп, пресске бастырат. Мында пресстеги ысыктык булгаарыны жибитет да, чийме сынпос, наар түшүп калат.

Ээрди шөкөттөө – ээрдин бетине түстүү металлдарды чабуу. Темирге күмүш жалатып, көрчөгөлөрдү берүү менен ээрдин бетин кооздоо салты. Мында да ар бир зергердин өзүнө таандык чеберчиликтери баамдалат. Тактап айтканда, ээрдин алдыңкы, арткы акталары күмүш менен жээктелет.

Ээрдин көкүрөгүнүн асты-үстү жана ээр кашы айланта туташ чабылган күмүш алкактарга «чапкылоо», «сыя төгүү», «кесүү», «оюм кылуу» өңдүү көркөм ыкмалары менен кооздуктар түшүп, атайын көркөм калыптарга куюлган жылдызчаланган көрчөгөлөр (топчулар) чабылат.

Ээрдин алдынкы бетине чөгөрүлгөн кызыл, жашыл, көк, сары түстөгү асыл таштардын төгөрөгү эшилген майда күмүш зымчалар жана торчолор аркылуу «тогуз төбөлөнөт». Мындай кооздук ээрдин кашынын эки ачасында да күйгөн жылдыздай жаркырап көрүнүп турат.

Зергерлердин кыз-келиндер үчүн токулган ээрлерине узанууда бөтөнчөлүгү бар. Анын эр ээриндей тегерек кашы болбойт. Ыңырчак сымал алды-арты бирдей көрүнүп, муну көк менен да, жыгачтар менен да кураштырып жасоого болот.

Зергерлер ээрдин алдыңкы-арткы беттерине туташ күмүш чабышат. Четтерине «араа тиш», «толкун», «чычкан изи» сыяктуу көркөмдүк жүгүртүшүп, анан кооз оюм түн-

шөт. Ал «мүйүз», «кыял», «карга тырмак», өндүү оюмдардын элементтерин таасын сактайт. Буга да эр ээриндей жашыл, сары, кызыл, көк асыл таштар, айнектер чөгөрүлүп, «чапкылоо ыкмасы» менен атайын из түшүрүп, көркөм чиймеге «сыя төгүп» кооздолот. Жука күмүштү кайчылап, оюм кылып чаап, шөкөттөгөн усталар да болот.

Алды-артына бирдей сүйрү каш чыгара чаап, укмуштай шөкөттөөчү усталар Талас, Кетмен-Төбө, Жаңы-Жол, Ала-Бука, Чаткал тарапта көп чыккан. Андай ээрлерди кооздоо, албетте, беркилерден айырмалануучу бөтөнчөлүктөрү бар.

Ээрди токуу – атты минүүгө даярдоо. Абалы кийиз ичмеги салынат. Ичи кийиз шөкөттөлгөн тердикти салат. Анын үстүнө ат жабуу түшүп, кош желдик бастырылат. Мурун куюшкан, анан көмөлдүрүк, кийин басмайыл тартылып, жүгөн катылат. Белине ээрди кондурганда туурда турган куштай көрүнүп, ат соорусунан караганда эки кулагы шамдай даана көрүнүп, ээр аттын өркөчүн баспайт. Мында кучмач ээрдин кашы шаңшыган бүркүттүн томогосундай сергек сезип, таранып отурган алгыр куш элестейт.

Ак каңкы ээрдин куш башын жээктей атайын көркөмдүк үчүн чөгөргөн күмүш, мүйүз, сөөк көрчөгөлөр кара баркут көрпөчөдөн кашкайып, седептей агарып, көрпөчөнүн кыюусуна жарашык берип турат.

Кыз-келиндердин ээр токумунда эркектердикине караганда күмүш шөкөттөр өтө бай чабылгандыктан ат жарыктыктын төрт туягы гана көрүнөт. Толук септелген кызды аткарган ат да күмүш септелгенсип чайпалып калат.

Ээрден башка ат жабдыктардын бөлүктөрүнүн кооздолгон түрүн жалпооч же жалпоочтонгон ат жабдык деп атайт. Жетектеген атка ээр токулбайт. Ал эми ээр токулган атты жетектеп жүрбөйт. Анткени, саландап жүргөн үзөнгү термелген аттын бутуна тийип, майып кылуусу ыктымал. Демек, ээрчен атты жетектеп жүрүү зарылчылыгы туып калса, үзөнгү канжыгага байланып коюлат. Жалпоочтун

составына ээрдин кирбегени да ушуга байланышат. Жалпоочтолгон атка өтө шөкөттөлгөн ат жабуу жабылып, жетектелген ат. Албетте, мындай жасалгалуу ат менен бирөөлөрдү куттуктаган, же бирөөлөргө тартуулаган. Ал шаан-шөкөттөрдө токула турган.

Жүгөн – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Ал жылкынын башына катылат. Албетте, жүгөндүн өлчөмү ар кандай болот. Даана жүгөндү колдон чыгаруу үчүн анын тумшугунун эки жагы 16 смден 32 см, эки ооздук келүүчү жери 6 смден 12 см, жүгөндүн оң жаагы 33-35 см; сол жаагы 80-82 см, сагак 40-42 см, сагактын илүүчү жери 14 см болууга тийиш. Мында ат жабдык кайыштын жазылыгы жүгөн, көмүлдүрүк, куюшкан үчүн да бирдей 2-2,5 см болуп тилинет.

Албетте, күмүш чабылган жабдыктарындагы (көмүлдүрүк, куюшкан үчүн да) кайыш, булгаарынын жазылыгы менен жез, мис чөгөрүлгөн жабдыктардын эни бирдей эмес. Мисалы, азыр чеберлер жүгөнгө, көмөлдүрүккө, куюшкангa чөгөрүүдө. Ошондо орточо жүгөндүн жаагы 54-54 см, мунун тумшугу 42-44 см болушу керек.

Кайык өрүм ыкмасы менен бүткөн ат жабдыктарынын негизги бөлүктөрүнүн (жүгөн, көмөлдүрүк, куюшкан) жазылыгы 3 смден ашпоого тийиш. Ооздук эки бөлүктөн турат да, эки чагарагы жүзмө аркылуу кайышка тутумдашат. Чагарактын айланасы 260 градус болуп, ооздуктун жагалмай канаты 9 см келет.

Жүзмө – бекиген ушундай чагарагы бар шакекче аркылуу бири-бирине илеше бекип, ойдогудай элпек кыймылга келип турган кош темир. Жүгөндүн өлчөмүнө карай узартылып жана кыскартылып турат.

Кыз-келиндер токуна турган ат жабдыктарынын бөтөнчөлүктөрү өзүнөн-өзү кашкайып турат. Андай өзгөчөлүктөрдү атка катылган жүгөндөрдөн айрыкча баамдайбыз. Мисалы, усталардын колунан чыккан ат жабдыктар негизинен эркектерге таандык болуп эсептелет. Жүгөндөрдүн

маңдайындагы купасы (көрчөгөсү) анын астында чачылары бар. Бул ушул эле жөнөкөй көрүнүш аркылуу купулга толот.

Ал эми илгери көчмөндүү турмушта кыз-келиндеребиз катынуучу жүгөндөрдүн тумшугу кадимкидей конус кейиптенген кичинекей күмүш калакчалары менен майда зымчалардан турган чачылары бар элечектин кыргак сымал шөкөттөрү тартылган. Аны ар бир зергер өзүнүн учкул кыял чабыттары менен таң калаарлык даражага жеткендей көркөмдөгөн. Жүгөндүн мындай көркөмдөлгөн тумшугу аттын чекесинен кыргакталып, эки кулактын ортосу аркылуу кежиге менен бириккен.

Шөкөттөргө айнек, асыл таштар чөгөрүлгөн. Ошол күмүш «топчулардын» беттерине «себет» төгүшөт, «чапкылоо» ыкмасы менен из түшүрүшөт. Ал кооз оюм-чийимдер кайберендердин сөлөкөттөрү кейиптенет. «Бугу мүйүз», «марал мүйүз», «кулжа мүйүз», «куш канат», «ит куйрук», «түлкү куйрук» өңдөнүп, күмүштү көркөмдөө өнөрүнүн жогорку чегине жетет. Жүгөндүн маңдайына, эки жаагында купалар томпоктоло кыр чыгарыла чабылат. Буюмдун маңдай «купкасынан» төмөнкү четинде 6,5-7,5 см чачы, үстүндө 3 см «жүрөкчө» болот.

Жүгөндүн эле өзүнчө бир нече бөлүктөрү бар. Бул тумшук, сагак, эки жаактан турат. Өрүмчүлөр буларды бири-бирине тутумдаштырууда тээк (эки жыгач) коюп, өрүп кетет. Буга тээк коюп отурбай, өз ичинен эле өрүм чыгарып, өрүп кетүүгө да болот. Булардын ортолоруна тээк коюлгандыктан катуу кайыштан өрүм аралары бошураак көрүнүшү ыктымал. Ал сүткө же сууга салынып өрүлүүчү. Муну кургак өрүүгө болот. Себеби, антпесе заводдун кайыш өрүмү өтө катуу болуп калат.

Тизгин – жүгөндүн бир бөлүгү. Мингичти башкаруу үчүн ак кайыштан эни 1,5-2 смдей, узуну 225-240 смдей тилинет. Анын учтары ооздуктун эки жагындагы чагаракка «чаян түйүм» менен байланат.

Көмөлдүрүк – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Ээрдин алдыңкы эки актасына бекитилип, чагарак менен туташып, аттын омуроосуна тартылуучу каттай кайылган кайыш же өрүм. Ал өр таяна бастырганда ат токулгасын артка жылдырбаш үчүн тагылат. Көмөлдүрүктүн бир учу чагаракка бекитилип, экинчи жагы сагак менен биригет. Мунун да жүгөндүкүндөй сүзмөсү, балдагы менен олоң тили бар. Көмөлдүрүктүн эки тарабында чачысы сеңселген «купалары» болот. Көмөлдүрүктүн учундагы чачылуу жүрөкчө, сүзмө чагарак аркылуу байланышкан. Анын чекебели да кайыштан чачыланат. Үлгү катары жасала турган көмөлдүрүктүн оң капталы 48-50 см болсо, аттанаар сол тарабы 40-45 см, ошондо илгичи артык башы менен 18-20 см болот.

Көмөлдүрүктүн көркөмдүгү анын жүрөкчөсүнүн ар кандай формада шөкөттөлүшүнөн көрүнөт. Ал шөкөт тегерек, томпогой да келет. Демек, асыл таштарды чөгөрүп, анын тегерек-четтерин күмүш торчолоп, ага өзүнчө көзчөлөрдү чыгарып, кудум төөнөгүч, тамандуу шакек, куткундуу билерлик кейиптентип кеткен формасы да бар. Күмүш жалаткан көмөлдүрүктүн жүрөкчөсүнө атайын «зооткер» түшүрүү да салтка айланган.

Ат жабдыктарынын бүтүндөй бөлүктөрүнүн шөкөттөрүнө акак таш жана ага тете заттарды чөгөрүп, «тогуз төбөлөө» чеберчилиги күмүштү күлдүргөн зергерчиликтин доорунда мыкты өнүгөт. Аларга «сыя төгүү», «чапкылоо» ыкмасы аркылуу түшүрүлгөн элдик оюм-чийимдер «мүйүзчөлөнүп» да, «кыялданып» да берилет.

Азыркы чеберлердин кармаган көмөлдүрүгүнүн узундугу бир метр 40-50 смден кем болбоо керек. Ээрдин алдыңкы актасына урулуучу шакекче 6 см, учтуу мыкча аркылуу бекийт. Жүрөкчөнүн узундугу 5,5-6 см, туурасы 2,8-4 см келет. Ал кайышка үч жеринен чабылып, жүрөкчө бекиген кайыштын учунда 5-7 смдей сеңселген беш-жети тал чачысы болот.

Басмайыл (тартма). Бул – кайык жана өрмө аркылуу бүткөрүлгөн ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Унаага токулган ээр-токумду бекитүү үчүн колдонулат. Анын бир учунда жазы темир тегерек тогоосу болот. Ал ээр-токумга экинчи тарабындагы ошондой тогоосуна кайыштан тилинип улаштырылган ичке боо аркылуу курчалат. Басмайылдын ээр бастыргычы кайыштан болот да, калган тарабы бүтүн эки метрден ашпаган «беш кашка», «жети кашка», «суйсалма» өрүмү бир кош өрмө кайыштан жасалат. Көрпө бастыруу үчүн быштан же ак быштан курчалат. Басмайыл боору өрүмдөрдөн турат да, болжолдо 74-78 смдей өлчөнөт, ал кош өрүмдүн жазылыгы 1-1,5 смге барабар. Быштандын жазылыгы 6-6,6 см болушу зарыл. Ал эми басмайылдын тарткычы 1м 50 см, жазылыгы 1,5 смге барабар.

Айрым жерлерде солоңдорду куюшкандын салпынчагы дейт, кайыш түймөлөрү аркылуу бүткөн басмайыл да болот. Аны беш жерден түйүп чыгат. Ошондуктан аны беш кумпа деп атайт.

Зергерлер басмайылдын күмүш жалатылган тогоосуна «айчык», «из», «толкун», сызык сыяктуу көркөмдүктөр келтирип, түрлөнтүп жиберүүчү. Кадимки темир тогоого күмүш зым тартып жалатып, өзүнчө кооздук жараткан усталар да болгон. Тогоонун бекиткен башына, басмайылдын кайышына төрт чарчы элидей жерине да күмүш чабуу салты бар.

Ал урулган шөкөттөрдүн ортосунда да тегерекчелеп, анын ичи «чымын канаттанып», «жылдызчаланып» өзүнөн-өзү эле кереметтенип, кубулжуп тургандай сезилет. Басмайылдын тогоосу үчүн калыңдыгы 2,5 мм жез же коло керектелет.

Тогоонун туурасы 6 смге барабар. Аны зергерлер кооздоодо жарым айлана формасындагы темиринин четтерин жон-жон келтирип, ич жагынан оюм-чийим түшүрүшөт. Мындай окшоштуктар кайыш кире турган жеринде да болот. Мында темир бетин тешип коюу, ачык коюу, көзөп

коюу, чегелеп (мыктап) коюу өңдүү чапкылоо жолдору аркылуу басмайылдын тогоосу көркүнө чыгат. Андай кооздук кайышка да чабылат. Албетте, уста узанууга ышкысы артылса, аракет жок жерден жаралат.

Басмайыл негизинен «жээк», «беш кашка» жана «жети кашка» өрүмдөрүнөн турат. Аны өзгөртүп 13 тал (тилим) аркылуу эки четин «суйсал өрүм» кылып, ортосуна «жээк өрүмдү» берүүгө болот. Мунун ортосу дагы «кош өрүм», эки тарабы (жээги) «жылан боор өрүмү» болуп түшөт. Демек, бул – татаал өрүм. Ал камчы өрүмдүн тобуна кирет. Майда өрүмдөр деп аталат.

Басмайылдын кошундуларын өрүүдө өзүнчө түйүн чыгаруучу чеберлер бар. Албетте, жүгөндү, көмөлдүрүктү, куюшканды өрүүдө да мындай ыкманы колдонсо жарайт. Бул тогоону көк менен бекитүүгө караганда сыйда көрүнөт.

«Калмак өрүмгө» 12 тал алсак, анда да эки чети «жээк өрүмү» болуп, ортосу «суйсалма өрүмгө» өтөт.

Куюшкан – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Токулган ээрди эңкейиште аттын (унаанын) моюнуна кетүүдөн сактайт. Мунун эки учу ээрдин арткы актасындагы чагарагына бекитилет. Куюшкан да кайыш же өрүм аркылуу бүткөрүлөт.

Анын ашкере шөкөттөлгөн кошундусун төрт-алты-сегиз талаа чыгарып көркөмдөгөн зергерлер да чыккан. Мунун чок ортосуна күмүш жалатылган томпойгон темирди көмкөрүп, анын четтери чегеленет. Ага асыл таштарды чөгөрүп да шөкөттөшчү. Андан алтыга чейин талаалангган кошундунун беттери «чымын канат», «жылдызча» же «байчечек» өңдүү оюм-чийимдерге жыш толгон. Айлакер усталар куюшкандын кошундусун сегиз талаалата да бере турган. Ат жабдыктарынын бул бөлүгү аттын бели менен соорусуна кайыла салаалап, күнгө чагыла түшкөн.

Куюшкандын куткуну (чычаңы) 20 смден 40-42 смге барабар. Анын кошундусу – куткундун ортосу 24 смден 48-50 смге жетет. Ал кошунду менен чагармактын байланыш-

кан аралыгы 70-140 см болот. Мында куюшкандын солондорунун бирөө 10-12 см келип турат. Айрым зергерлер ат жабдыктарына узанышууда өзүнүн бөлөгүрөөк чыйырын салат. Мисалы, ушул куюшкандын эле ондон ашуун көркөм шөкөттөрү бар. Мунун кошундусунун бир канатынын эле ар бири үчтөн-төрттөн, үч-төрт жерден бутактантып чыгышы да мүмкүн. Алардын ар бирине ар түрдүү өндөгү таштар чөгөрүлгөн.

Жалаң куюшканга бир нече кошунду шөкөттөрдү кармаган зергерлер чыккан. Ошондо ал солоңдорлор ат соорусунун эки тарабынан жарашыктуу түшүп, сынакөй көрүүчүлөр токулгалуу атты тегерене карап чыгышкан.

Куюшкан-токулгалуу жылкынын сынын чыгаруучу ат жабдыктарынын көркөм бөлүгү. Азыркы куюшкандын алты сүзмөсү эки чагарак аркылуу бекийт. Чагарак – айлана түрүндөгү шөкөт. Анын бат жешилип кетпөөчүдөй болгон быдыр жолчолору бар.

Куюшканды өрүүдө жана анын бөлүктөрүн бири-бирине кошууда татаал аракеттер жүргүзүлөт. Аны айрым эле өрүмчүлөр жүзөгө ашыра бербейт. Мында 16 тал (тилим), 32 тал (тилим) болуп түшсө, «калмак өрүм» (айрым жерлерде моңолдор өрүм) өңдөнүп кетет. Антип айтканыбыз, өрүм «кош өрүм» болуп көрүнөт. Мында адегенде биринчи оң колдон солду карай имерилет. Солдон экөө оңду карай имерилет. Оңдон үчөө солду көздөй бири тээк болуп түшөт. Ошондо өрүм бөлүктөрү кошулуп келе жатканда анын эки чети «суйсал өрүм», ортосу «жээк өрүм» болуп түшөт.

Буюмду «балык жон өрүм» (нарындыктар бул өрүмдү ушундай атайт). Талас тарапта «жон өрүм», «жом өрүм» же «нокору өрүм» дешет, айрым аймактарда аны «үч өрүм» деп коёт. Аны «кош өрүм» кылып да өрүүгө жарайт. Ат бүктөлө түшүп чуркаганда куюшкан ат соорусун карсылдата чапкылап, соору ак көбүктөнүп кетет. «Күлүккө таккан куюшкандай шакылдап», – деген салыштыруулар бар. Ушундан улам ат чабышта, улак тартышта, кыз куу-

майда, тыйын эңмейде токулган ээр-токумдун куюшканы узартылып коюлат.

Үзөнгү – ат жабдыгынын бир бөлүгү. Унаа үстүндө тыкан, түз жана тең салмакта жүрүүдө, аттанып-түшүүдө бутка таканыч болуп, теминүүгө ылайыкташат да, ээрдин эки капталына тагылат. Коло үзөнгү, темир үзөнгү, күмүш үзөнгү (күмүш жалаткан) деп аталат. Үзөнгү жыгачтан да, мүйүздөн да жасалган. Мунун бутка таканач таманы (темингиси), эки жак капталы (жаактары) (15-20 см), боо өткөрүүчү тешикчеси (3-3 см), таралгасы 6-8 см болот. Үзөнгүнүн ээрдин оң жак жана сол жак капталына кайыштан каттай боосу (үзөнгү боо) болот. Үзөнгү көбүнчө калыпка куюлат.

Үзөнгү куюу үчүн жасалуучу калып негизинен беш бөлүктөн турат. Аны усталар үч күндө куюп бүтөт. Ошол бир нече бөлүк темир кайра жик жиги менен куралып кепшерленет. Калып жасалгандан кийин усталар аны 400-500 градуска ысытат. Тактап айтканда, жезди чопо чөйчөктө эритет. Эгер үзөнгү калып муздак болсо, эритилип куюлуп жаткан эритме анча чуркай албайт. Калыптагы жатакка эритме куюлуп жатканда буга илгери сорпо куюшчу. Мунун калыптан чыгарууга оңойлугуна карап, азыркы усталар автол колдонот.

Үзөнгү колодон да куюлат. Бирок, куюлуп жаткан колонун суюктугу муздап келе жатканда сынбасы үчүн буюм эки бөлүк куюлат. Үзөнгүгө сары жездин жана колонун тазасы керек. Таза жез тунук келет. Үзөнгүнү туюк куйбоо керек. Мында жез муздаганда кысылып, үзөнгү сынып да калат. Демек, усталар үзөнгү куюлуучу металлдардын ич ара айырмачылыктарын айра таанып, иштетүү сырларын таасын өздөштүрүшкөн.

Үзөнгү да түрдүүчө кооздолот. Мунун ар кандай формалары кездешет. Күмүш жалатылган үзөнгүлөргө кадимкидей көркөм оюм-чийимдер түшүрүлөт. Үзөнгүнүн таманы жазыраак келип, өзүнчө сызыкча болуп, үстүнкү бут

коё турган жагы «араа тиштенип», асемделе келтирилип, бул да өзүнүн жекече көркөмдүгүн тартуулайт. Анын жаагы мүмкүн болушунча ичке келет.

Үзөнгүнүн кайыш аркылуу бириккен жери төрт чарчыланып, ага да «сыя төгүү» өңдүү кооздуктар берилет. Мында элдик оюм-чийимдин түрлөрүн элестеткен көркөмдүктөр кесилип, жабыштырылып да шөкөттөлүшү ыктымал. Үзөнгү таманынын алды тешиктүү, калпак тешиктүү болот.

Колдо куюлган үзөнгүгө күмүш жана башка түстүү металлдарды жалатууга, анын бетин торчолоого болот. Мында үзөнгүнүн кайыш өткөрө турган көзү менен таманына өзүнчө форма беришкен.

Чеберлер заттарды эритүүдөгү алардын ич ара айырмачылыктарын мыктап билишет. Мисалы, кызыл жез коюу келгендиктен ысыкка өтө чыдамдуу келет. Ал көптө барып эририн зергерлер туят. Коло ысыкты анча сүйбөйт, бат эле мөлт эте түшөт. Болжолдо коло 400-500 градуска (жыйырма минутада), сары жез 600 градуста (жыйырма беш минутада), ал эми кызыл жез 800-900 градуста (отуз мүнөттө) эрийт.

Минтип заттарды таасын эритүү чоктонуучу көмүргө, көөрүктүн басымына байланышат. Үзөнгүнү чоюп, жезден сомдоп туруп никелдештирип кооздоого да болот. Буга күмүш жалатып, анын үстүнө күмүш зым аркылуу кооз оюм түшүрүү салты да болгон.

Үзөнгүнү «теминги» деп да айтабыз. Ал теминүүдөн, унааны айдоодон айтылышы мүмкүн.

Тердик – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Ээрдин астына, ичмектин үстүнө салынуучу, унаанын жонун ээрге бастырбай, каптал жыгачтарынын жонго түшүүчү басымын жумшактоо үчүн колдонулуучу токум. Токулушу боюнча кыз-келиндерге жана эркектерге арналып, булгаары менен кийизден жасалат. Тердиктин ичи адатта, боз кийизден болот.

Кыз-келиндердин тердиги өлчөмү боюнча (140-150 х 50-60 см), эркектердики (90-100 х 50-60 см) чоңураак келет да, өтө чебер кооздолуп, кыргактары сыйдаланып, баркыт же манат менен кыюуланып, кундуз бастырылган. Тердиктин нарктуусу булгаарыдан тышталат да, анын эки этегине темир көчөт сымал чөгөрүп, ага күмүш жалатат. Антип чабылган шөкөттөрдүн формасы тегерек, сүйрү, томпок, иймекей келет да, атайын «куш тумшук», «каркыра канат», «карга тырмак», «мүйүзчө», «кыял» сыяктуу көркөм оюмдарды элестетет. Ар бир шөкөттүн өзүнчө куйма калыбы болот. мындай тердиктин кооздугу ээрдин каптыргасынан жана көрпөчөдөн көрүнүп турат.

Булгаары тердиктин асем топчулары үч-төрт түрдөн турат. Ал ирээти менен булгаары бетине кадимки саймага, чырмакка, өрмөккө, килемге түшкөн көчөттөрдөй шарттуу түшүп чабылат. Андай көркөмдүктөргө эки-үч жеринен муунактуу «төрт бурчтук», «тегерек көрчөгө», «жылдызча» жана «чымын канат» өңдүүлөр кирет. Чабылган андай шөкөт топчулардын араларына «чийим сынпос» түшүрүлсө, андан бетер көркүнө чыгат.

Ошондой эле анын төрт бурчуна жана ортосуна башка өңдөгү булгаарыдан оюм келтирип, кайып тигип баскан чеберлер да бар. Булгаары тердиктердин жээктери да булгаары аркылуу төкмө чачыланат.

Көндөн тердик жана ээр тердиги жасалат. Капталган ээрдин эки жагы кадимки кыргыз тердигинин энине чакталып, же ошол кийиз тердиктин кыюусуна барабар келет. Сорпо майы (кана ичирилген) майланып, (май сиңди болгон) наар түшүрүлгөн кол булгаары бир аз убакыттан соң жүзүнө чыгат. Муну эч кандай наарсыз эле ээр тердигинин жээктерине эле «тырмак изи» түшүрсө болот. Мында көркөмдүктүн жөнөкөй түрү деле кандайдыр сыйда көрүнөт.

Чеберлер «чийме сынпос» менен ээрди кооздоп буюмдун түбөлүктүүлүгү үчүн төө терисин пайдаланышкан. Бүгүнкүлөр заводдон чыккан кара жана күрөң булгаары ме-

нен ээрди, ээр тердигин каптап, ага өзүнүн «жекече кыялын» түшүрүү менен анын чеберчилиги көрүүчүлөрдүн купулуна толууда.

Наар түшүрүү – салттуу көн (шири) буюмдарына жана ашкана идиштерине көркөмдүк берүүнүн эң эле эски ыкмасы. Мында кыз-келиндер токуна турган тердикте түшкөн наар башкалардан айырмаланат. Бул түр өтө сыйда, ичкерээк, назик көрүнөт. Эч кандай кыйынчылыкты колдонбой, буюмдан өөн-бучкак келтирбей, бир четинен мөмө шак бутактантып, же болбосо «бадам», «мүйүз», «жүрөк» оюмдарынын элементтерин «кыялданып» таштоочу чеберлер уюткулуу кыргыз элинде кезегинде көп чыккан. Азыр алардын айрымдарынын аты-жөнү айтылбайт. Ак кагазга жазылбайт. Албетте, бул адамды өкүндүрбөй койбойт. Мунун кыз-келиндерге жана эркектерге таандык үлгүлөрү да бар. Ал булгаары менен кара кийизден жасалат.

Айрым жерде таар тердик да болгон. Тердикке боз кийиз ичтелет. Кыз-келиндердин тердиги өлчөмү боюнча эркек тердиктен чоңураак келет да, анын бети саймаланат. Жээктерине «кыял», «кайкалак» көчөттөрү түшүп, ал баркут, манат, нооту менен кыюуланат. Ага илгери кундуз да бастырышкан.

Ичмек – аттын белин жумшактоо үчүн тердиктин алдына коюлуучу чакан жумшак кийиз. Ичмек болжолдо (70-70 см) төрт чарчы боз кийизден болот.

Желдик – ээр токумдун бир бөлүгү. Тердиктин үстүнө коюлат. Бул – ээрдин эки капталына кынала өлчөнүп жасалган кош кийиз. Муну чеберлер эки-үч каттап катуу шырып жасайт. Анын кайыштан кошогу болот. Бышык болушу үчүн мунун сыртына көбүнчө булгаары капташат. Көчмөндүү турмушта кыз-келиндер токулуучу желдиктин бурчтарын жылдызчалап чегелеп, ээрдин астынан жалтылдап көрүнүп тургандай кылып койгон. Ал «муз тердик» деп аталат. Муну айрым жерлерде «ээрдин жаасы» дейт.

анын оң жагы ээрдин оң актасына, сол жагы ээрдин сол актасына кынаптала түшө турган белгилери болот.

Канжыга – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Ат үстүндө ар кандай нерсени байлануу жана бөктөрүү үчүн ээрдин арткы эки жагындагы чагаракта «чаян түйүлгөн» жарым кулачтай ичке кош кайыш. Аны ийлеген кайыштан тилет да, кез-кез майлап турат. Көчкөндө бешикти, же баланы өзүнчө өңөрүүдө аялдардын ээринин эки капталынын алдынкы четине да атайын жазы кайыш тагылган. Олжолуу адамды «кош канжыгалуу» деп айтат.

Тушамыш (чидер) – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Унаа отко коюлганда алыс кетпес үчүн атайын анын алдынкы эки бутун (кишен, тушоо) же алдынкы эки жана арткы бир бутунун бакайынан бир аз өйдөрөөк жерине (тушарына), алдынкы буттар кенен шилтенбей тургандай кылып байлаган. Мындай чидердин узундугу 1,5-2,5 карыштай болуп, эки учу унаанын алдынкы буттарына мүйүз, жыгач тээктери узуну 4-5 см менен бекитилген. Өзгөчө азоо унаалардын алдынкы эки буту менен арткы бир буту чидер менен тушоолонгон. Тушамышты (тушоону) же чидерди майда тал кайыштардан өрүп да, кайып да жасашат. Тактап айтканда, чидер үч бутту, тушоо эки бутту тушамыш болуп саналат.

Камчы – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Унааны бастырууда камчылануу үчүн колдонулуучу курал. Камчы: табылгы сап камчы, элик сап камчы деп айтылат. Камчы сапка көк да, күмүш да, жез да, калай да курчалат. Аны бел көк же беш шакекче дейт. Ал төрт-алты курдай сапка имерилет.

Камчынын камчылана турган жагына түрдүү түстөгү булгаары каптап, анын башына, түбүнө төкмө чачы чыгарылат да. Ал 7-9 талдан болот. Нукумдай жеринен көзөлүп, ичке кайыштан бүлдүргө (25-30 см) өткөрүлөт.

Ат үстүндө камчы түшпөскө бүлдүргө, адатта, ортон колго илинет. Ал демейде мыкка, же боз үйдүн керегеси-

не илинет. Камчы башына калай же күмүш кадалат. Аны камчы бөлүк же бөрктүн калайы же бөрктүн башы дейт. Камчынын алаканына көбүнчө кара жана күрөң булгаары капталат. Мунун узундугу 25 смге барабар. Анын да узундугу 3 смдей 9-11 талдын чачысы бар. «Алаканы күмүштөн, Жылан боор камчы алып» (эл ыры) деп сүрөттөлөт. Чакан камчынын сабы 42-45 см болууга тийиш. Камчы саптын ортосунда да узуну 5 смдей төкмө чачысы болот.

Камчынын алаканы менен белине күмүш чегелеп, зергерлер элдик оюмдун мүнөздүү түрү «жылдызча», «куш тырмак», «мүйүз», «ийрек» «кыял» сыяктуу элдик оюмдардын элементтерин түшүрүшкөн. Ат жабдыктарына узанып жаткан азыркы чеберлер көбүнчө жезден, калайдан «тумарча» же «төрт бурчтук», же «тегерекче», «көрчөгө» уруп коюшат.

Камчы жасоодо өрүмү, сабы жана алаканы – үчөө сындан өтөт. Алакан формасы ар кандай болушу шарт. Алакан чыгаруу жөнөкөй, бирок көркөм көрүнүү керек. Бышык да болот. Жөнөкөйлүктүн бир түрү кооздук. Тактап айтканда, алакандын маңдайына көрчөгө чаап, анын учу түшкүн менен бекитилет.

Эликтин шыйрагын, табылгыны, ыргайды, текенин мүйүзүн камчыга сап кылат. Текенин мүйүзү, албетте, аялуу нерсе. Бул оңой менен колго тийбейт. Мунун маңдай жагын араалап, анын узунун камчы сапка ченеп, дагы узунунан тилип алат. Аны жумурулап сууга салып кайнатып жашытып, асты-үстү катуу немеге жаткырып, оор нерсени үстүнө бастырып коёт. Эгер мүйүз жакшы катпаса, кайра мурунку нугуна түшүп, ийрейип кетет.

Камчынын кооздугу анын алаканын берүүдөн жана чегелөөдөн билинет. Ага эки кат калың булгаары тандап, өзүнчө үлгүгө салынып бычылып, четтери кайылып, ортосунан камчы өзөгү өрүлүп тагылат. Камчы сапка алакан шакекчелер, же көк аркылуу бекилет. Аны кандай түрлөн-

түп жиберүү устанын чеберчилигине байланышат. Албетте, азыр табылгы табыш кыйын.

Камчы сап үчүн бук жыгачын пайдаланабыз. Бул жыгач бышык келет да, эч качан өңүн өзгөртпөйт. Бирок, азыр белек катары чыгып, дүкөндөрдө сатууда турган камчылардын сабы жоон жана кыска. Негизи бүктөй кармаганда камчы саптан 5-7 см ашып туруусу керек.

Ат жабдыктарына урулуучу шөкөттөр

Жүзмө (сүзмө) – ат жабдыктарына чабылуучу шөкөт. Учу илмекей, сүйрүрөөк келген томпогураак шөкөт. Мунун узундугу 6-7 смге, туурасы 2-2,5 смге барабар, иймекей учу кайышка имериле чабылат. Куюшкандын эки жак «сүзмөлөрүн» бириктирген чагарагы бар. Мунун аттын соорусуна түшүп турган кайышка чабылган «кош солоңдору» болот. Куюшкандык кайыш кошунду аркылуу биригет. Ат жабдыктарынын бул бөлүгү да өтө зергерчиликте шөкөттөлөт.

Темирге күмүш жалатуу менен күмүш сүзмө чабылган. Азыр чеберлер жез, мис, калай сүзмөлөрдү жасап, ат жабдыктарын ошону менен шөкөттөп, кайыш беттерин зерчелеп жатышат.

Тогоо (сагалдырык) – кайыштын көзчөсүнө бел курдай кирип бекип турган төрт бурчтуураак шөкөт. Тогоонун узундугу 8 см, туурасы 6 см, ортосундагы бел курдай олоң тилинин узундугу да 3 смге барабар. Катылган жүгөн чагарак аркылуу бекитилет.

Купа – күмүш шөкөттөрүнүн бир түрү. Купа – металлдан тоголок шарча түрүндө жасалган кооздук. Ал төрт чарчы да, ортосу томпок, казан көмкөрүк да болот. Зергерлер кара темирге күмүштү жалатуу, жезден калыпка куюу, өгөөлөө аркылуу жасашып, көбүнчө ат жабдыктарына, үйдүн салттуу эмеректерине, көн буюмдарына, асем жасалгаларга чабышат. Купа 2-2,5 см болот. Көркөм шөкөттөрдү чарбусу деп да атайт.

Кошунду – куюшканга чабылуучу шөкөт. Ал узуну 6-7 см, туурасы 2 см «Н» тамгасы формасындагы кош шөкөт. Анын ортосунун узундугу 2 смге, туурасы 1 смге барабар. Чынында кошунду деген термин мына ушундан калат. Муну кайышка алты мис мык аркылуу чаап бекитет. Ал эми сүзмө, солондор, эки купа бир эле жеринен чабылат.

Куюшкандын аттын эки соорусуна түшүп, тогоого кирип-чыгып турган кайышка эки жерине чабыла турган сүйрүлөнгөн шөкөттү «солоңдор» дейбиз. Мунун узундугу болжолдо 5 смдей, туурасы 2.5 смдей болот.

Ооздук – жүгөндүн бир бөлүгү. Ал эки бөлүктөн турат. Анын ар биринин узундугу 12-13 смдей болуп, тизгин бекилген чагарагы бар. Шакекче аркылуу бир-бирине илише бекип, ойдогудай элпек кыймылга келип турган кош темирди усталар өзүлөрү жасап алышат.

Ат жабдыктарына узануу

Каюу – жердикти (кездемени, таарды, булгаарыны, кайышты ж.б.) бири-бирине кептеп тигүү. Мисалы, кездемени, таарды терс кайып тиксе, булгаарыга ак кайышты беттеп кайыйт.

Кайык – ат жабдыктарына узануунун бир түрү. Тигилген тигиш. Жүгөнгө, көмөлдүрүккө, басмайылга, куюшканга булгаары кайышты жана ак кайышты беттеп, чыйратылган тарамыш же кебез жип менен кайып тигүү. Муну менен каптаган ээрди да кайып бүткөрүүгө болот. Өтүк, маасы, көкжеке, мөкү, кепич өңдүү бут кийимдерди, жагдан, чыны куту, көөкөр, көнөчөк, көнөк, сабаа, көндөөл өңдүү тери, шири идиштерин тигүүдө да кайык өнөрү колдонулат.

Кайыкчы – кайышты беттеп кайыган чебер.

Өрүмчүлүк (өрүм, өрмө) – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Кайышты жана көктү тил аркылуу ат жабдыктарын жасоо жана «татаал өрүм» деп экиге бөлүнөт. «Жөнөкөй өрүмгө» «үч өрүм» («жон өрүм», «жом өрүм»,

«жарым өрүм»), «беш кашка өрүм», «алдаяр өрүм», «нокору өрүм», «жети кашка өрүм», «беш кашка өрүм», «мурунтук өрүм», «жөрмөм өрүм» өңдүүлөр кирет да, өрүм жалаң кайыш аркылуу жүзөгө ашат.

Татаал өрүмдөргө камчы өрүмдөр кирет. Ага: «жылан боор өрүм», «терме өрүм», «музоо тиш өрүм», «суйсал өрүм», «бугу өрүм» жана башкалар кирет, өрүмдөр үчүн көк жасалат.

«Беш кашка өрүм» үчүн беш тал кайыш жоонураак тилинет. Ал «беш өрүм» деп да аталат. Ал эми «жети кашка өрүмдү» «жети өрүм» деп коёт. Мунун кайышы саал ичкерээк тилинет. Тигиндей тилинсе, жоон көрүнүп калат. Эки өрүмдө тең бир тал кайыш аркак болуп, өтө сыйда да, жөнөкөйүрөөк да көрүнөт.

«Он өрүмдү» «кура таш» деп да айтат. Анын төбөсүндө саал жал сымал кыры болот. Айрымдар аны «жон өрүм», «жом өрүм» деп да жүрүшөт. «Жал өрүм» десек да болот. Он тал кайыш тилингендиктен «он өрүм» дейбиз. Ал сууга тийсе эле аралары алжайып, жалы ырсайып, өрүмдүн баштапкы сыйда абалы сакталбайт.

Мындан да татаалыраак он бир тал аркылуу өрүм жаратылса, «котур өрүм», же «он бир өрүм» дейбиз. Өрүм талдары тигинден кичирээк тилинет. Талдын агы пайдаланылган жоондугу «жети кашка өрүмүнүн» жарымындай келет да, талдар экиге бөлүнүп, бир жагы бештен, бир жагы алтыдан болуп, алты талдын бирөө бешөөнү карай өтүп турат. Ошентип, бир талы аркак болуп түшөт.

Мында кайыштын тартымдуулугу эске алынат. Тактап айтканда, кайыш калың да, жука да болбошу керек. Калың тал томпоюп, бири-бирине кыналышпайт, жука тал ичке көрүнүп калат. Демек, тилинүүчү кайыштын калың-жукасы, бирдейлиги эске алынат. Өрүмгө байланыштуу кайыштын да, көктүн да, тасманын да жердигин абалы тандап, тегиз тилип алуу зарыл.

Он бир талдан кармалса «нокору өрүм» деп айтылат. Мунун кайышын тандоосу, тилүүсү «он бир өрүм» сыяктуу келет. Өрүмчү ченеп алып, канча карыш тал өргөндөн кийин канча болот, муну билип алат. Өрүм он бир өрүмгө окшошот. Мунун талдары да экиге бөлүнүп, бирөө аркак катары оңдон солго, солдон оңго өтүп турат. Мисалы, жүгөн бир нече бөлүккө бөлүнөт. Анын узун жагына чебердин колу менен алты карыш, сагалдырыгына беш карыш тал тилинет. Алсак, «жети кашка өрүм» алты карыш тилинип, өргөндө беш карыш болот. Өрүлбөй турган жери бир карыш келет.

Тизгинди тилип, бир жагына бурап, бирдемеге катуу керип, анын учу «чаян түйүм», «окоро түйүм» кылынат.

«Он беш өрүмдө» бир жагы жети, экинчи жагы сегиз тал кайыштар өрүм учурунда сегиз жагы жетиге айланып, эки тал сыртына калып, алдынан жети тал жагына өтүп турат. Кайра да сегиз жагы жети жагына айланат. Өрүм алды тегиз түшүп, токулганда аттын жонун өйкөбөйт.

Өрмөчү (өрүмчү) – өрмө (өрүм) өнөрүнүн чебери.

Өрмөчүлүк (өрүмчүлүк) – ат жабдыктарына узануудагы элдик эски ыкмалардын бири. Бул көркөм кол өнөрчүлүгүнүн татаал түрүнө кирет.

Мунун негизги жердиги бир гана кайыш жана көк болот. Өрмө буюмдарын жасоонун маңызы көзгө илээшпеген көктүн тал-тал ичке, тегиз жана өтө кылдат тилүүсүндө болуп саналат. Ошол тилим талдар бир жеринен үзүлбөсө, өрүмү кооз чыкса, бул өрүмчүлүктү аныктайт. Өрүм кайыш менен көктү тилишке да байланышат.

Көк – өрүм (өрмө) буюмдардын жердиги. Жүнү жыдытылып, челденген чылгый тери жана андан тилинген талдар.

Союлган серкенин терисин дароо тасма кылыш үчүн үзөнгүнүн көзүнөн сабы жумуру ыргайдын учун өткөрүп, бир адам кармайт. Экинчиси эки элиден тилинген терини кичине калган үзөнгү жылчыктан өткөрүп, чирене тартат.

Ошондо теридеги чели да, суусу да, майы да сыгылып чыгып, жалаң тасмасы калат. Мына ошол камчы өрүмүнүн жердиги болот. «Тартканда тасмадай» деген сөз бар. Ал мындайынан таза да, сыйда да көрүнүп, жаралган өрүм кооз түшөт. Ачык айтканда, көк жыдытылса, тасма жыдытылбайт да, мал союлаары менен ушинтип, үзөнгү көзүнөн өткөрүлөт. Камчыларга тасма тилим керектелет. «Жылан боор өрүм» үчүн узундугу үч карыш тасма тилинсе, ал өрүлгөндө эки карыш болуп калат. Камчынын түшкүнүн бекитиште өрүмдөн бөлөк өзүнчө тасма тилинип, шибеге менен ичиндеги өзөккө каттай тартыла сайыла бекитилет. Ал тери буюмдарын көктөөчү, бекитүүчү ичке тасма камчы көгү. Жалпысынан ушинтип «тасма» деп да айтат.

Көк тилүү – өрүмдү баштоо аракети. Татаал өрүмдөрдүн жердиги көбүнчө кийиктин терисинен болот. Ал камчы өрүмүнө бир өңчөйлүк кылат да, мунун тилиниши текши келип, өрүмү таасын түшөт.

Же болбосо чеберлер тайлактын, кийиктин, торпок, музоонун жана эчкинин сыйрылган терилерин нымдуу жайга коёт, же шар сууга үч күндөй бастырат да, жүнүн бычак менен шыпырат. Тегиз жерге тоборсутуп керип, суу бүркүп жумшартып тилсе, «көктүн талы» делинет. Көк менен кайыштан жасалуучу буюмдарды тигүүнү көктөө дейбиз.

Көк камчы өрүмдөй эле эшик чий согууда, керегени, бут кийимди көктөөдө да кадимкидей колдонулат. Бодонун терилеринин бир жери калың болот, бир жери жука көрүнүп, текшилиги бирдей эмес. Илгери, өрүмчүлөр даакысы түшкөн арык тайдын терисин камчы өрүмдүн негизги жердиги кылышкан.

Айрымдар көк үчүн жаңы союлган кулундун, жабагынын жана музоонун терилерин алат. Негизи тайдын териси калыңдык кылат. Анын боорунан тилип алса болот.

Көккө керектей турган терини жылуу бойдон жылуу сууга салуу зарыл. Же терини шар аккан сууга байлап коюу керек. Ал бир жумага жетпей, колго келбей жыдыйт.

Муну түз жерге кергенде тери калдайып, тегиз кургап калат. Мында көктү тилүүнүн эки ыкмасы бар. Адегенде жөнөкөй эле бычак аркылуу тал-тал тилип алат. Анан аларды сындырыкка салып өткөрүү керек. Мында көк текшиленип, көк талдары сыйда кетет. Ошон үчүн анын өрүмү кооз көрүнөт.

Керме (жаа) – өрмөчүнүн өрүмдү жүзөгө ашыруучу кол куралы. Ал – жарым айлана түрүндөгү жыгач. Чебер өрүмдү баштоодо кермеге (жаа) кайыш өзөктү керип алат да, аны суулап, анан ак самындап (илгери мал майы менен) жибитип, сыдыргыга алып, күч менен кырдырганда, керилген өзөк жылмаланат. Анан тилинген көктүн талдарын өрүү аракеттери башталат. Мыкты чеберлер отуз-кырк тал көктү көз алдыда бирдей калыпта тиле да, өрө да алат.

Чеберлер тоо текенин мүйүзүн алып, аны сууга кайнатып, түздөп жаа формасын берип ийишкен. Ал бир калыпта катып, урунгулуктуу болгон. Тактап айтканда, өрүмдүн өзөгү үчүн пайдаланылып калган эски кайышты алып, (анда өрүм өрүлүп бүткөндөн кийин да, камчылануу учурунда да өзөк чоюлуп кетпейт, өрүм аралары ачылбайт) өзөктүн бир башын жаага бекем бекитип алат.

Эми жаанын экинчи башын күч менен катуу басып туруп, атайын жасалган илгичине илет. Айрымдары өрүм жаасын ат тырмоонун тишинен жасап жүрүшөт. Болот темир ийилгич келип, өзөк менен өрүмдү көрүүгө оңтойлуу болот.

Жыгачтан да жаа жасалат. Мында теректен тал бышыктык кылат. Талды суу кезегинде кыйып, эки-үч күнү күнгө коюу зарыл. Ойдогудай кургаган тал кийин жарылып кетпейт. Улам барган сайын ийилип турган жерин сууга салып коюп турат. Сууга салынган жыгач жибип, жарылуудан сакталат.

Сындырык – өрүмчүнүн негизги куралы. Анын негизги жердиги мүйүздөн болот. Айрым жерлерде муну эмен, өрүк өңдүү жыгачтардан да жасап жүрүшөт. Аны көбүнчө

табылгыдан, кайыңдан да кармоого болот. Демек, өзөк менен өрүм ошол сыдыргыга салынып сыйдаланат.

Жөнөкөй өрүмдөр

Беш кашка өрүм – жөнөкөй өрүмдөрдүн бир түрү. Чеберлер муну беш тал кайыш менен жүзөгө ашырышат. Же болбосо өрүм үчүн жуп сан кылбай чеберлер 5-7-9 тал тилет да, төрт талдын, тогуз талдын ортосунан бир тал аркак болуп жүрөт. Мында беш тал көктүн экөө бир жагына, үчөө бир жагына оңду-солду болуп отурат. Айрым чеберлер «беш кашка өрүмүн» жети талдан тилет. Ал үчтөн алып басылат да, бирөө аркак болуп түшөт. Муну чеберлер көбүнчө басмайыл үчүн колдонот.

Жети кашка өрүм – жөнөкөй өрүмдүн бир түрү. Чеберлер муну жети тал кайыш менен өрүшөт. «Жети кашка өрүм» менен «беш кашка өрүмдү», «жалпак өрүмдөр» дейбиз.

Нокору өрүм – жөнөкөй өрүмдүн бир түрү. Жон (үч кыр) өрүмдүн бөлөкчөрөөк ыкмасы. Мындан он эки тал кайыш тилинет. Бул экиден басылат. Алдынкы бети (алаканы) аттын соорусуна кынапталып, баары текши түшөт. Демек, 12 тал алтыдан экиге бөлүнөт. Ал экиден басылып, бирден өтүп, экинчи жагы (капталы) дагы ошондой болот.

Адегенде «нокорунун» «жом» өрүмдөй кырын чыгарыш үчүн өрүмү «беш кашка өрүмдөй» башталат да, үч тал кайыш бир жакта, төрт тал кайыш бир тарапка келип, бирөө аркылуу басат. Эми эки жагын чыгарыш үчүн эки жагынан эки тал басылып, ошол экөө менен улай кете берет. Ошондо жонуна (жомуна) беш талдан кайыш такай жүрүп отурат. Талдын жетөө-жондун (жомдун) эки жагына өрүлүп барат.

Ал эми жүгөндүн өрүмүнө он эки талды төрттөн бөлүп, экиден талды өрүмдү тегеретип келип, бирден басып, сегизден үстүнө чыгарып, экөөнү кайра имерип өрүү ыкмасы да кездешет.

Каз тамандай өрүм – эски өрүмдүн бир түрү. Өрүмчүлөр 7-9-11 тал көктөн тилет. Муну менен басмайыл өрүшөт. Мисалы, жети талдан тилип, өрмөнүн ортосуна кобул (жик) түшпөй, туташ өрүлүп, «жылан боор өрүмүнө» окшош, жалпак түшөт.

Жом өрүм (үч кыр өрүм) – жөнөкөй өрүмдүн бир түрү. Жалаң гана кайышты тилүү аркылуу буюмду жүзөгө ашыруучу өнөр. Мында чебер 12-14-16 талга чейин жазы да, ичке да тилет. Өрүмдүн бул ыкмасында көк астынкы бетинен каз тандайлашып, бири-биринен шарттуу өтүшөт. Анда талы үзүлүп-кесилип калса, өрүм түк жанбайт. Себеби, «жом өрүмү» үч кырдуу, кайыштын ар бир талы үстүнкү кырдан кезек-кезек өтүшүп, алдын карай айланып турат. Бул өрүм кооз да, бышык да болот. «Жом өрүмү» менен жүгөн, көмөлдүрүк куюшкан, чап олоң жасалат.

Чеберлердин өрүмдөрүнөн ич ара өзгөчөлүктөрү байкалат. Жом өрүм он-он эки талдан да турат. Буюмду ого бетер сыйдалоо үчүн жука кайыштан он эки талды тилип, жүгөн өрсө, анын жому (жону) экиден он талдан, жону бир-бирден кетет. Муну Ат-Башы, Нарын тарапта «балык жон өрүмү» деп да айтышат. «Балык жон» өрүмүнө он эки тал кайышты алат. Ал алтыдан экиге бөлүнөт. Ошондо ортодон баштап өргөндө аягы өйдө төртүнчү тал кайра башынан ылдый үчүнчү болуп түшүп, ал жон үстүнө чыгат. Ошол эле тараптан четки талды алып, экөөнүн үстүнө чыгарат да үчөөнүн астына кайра түшүрөт. Анда бир жагы жети, бир тарабы беш тал болот. Ал жети талдын үчүнчүсүн оңдон солго оодарат. Ошол эле оң жактагы эң четки талды алып, эки талды басып, үч талдын астынан өткөрөбүз. Мына ушул ыкманы өрүмчүлөр таасын аткарганда гана өрүмдүн асты жалпак, үстү жон болуп калат.

Калмак өрүм – жөнөкөй өрүмдүн эң эски ыкмаларынын бири. Ага болсо он эки көктүн үчтү-астына бирден тал аркак болуп түшүп отурат да, бир кыр чыгат. Мында куюшкандын кошундусуна чеберлер жыйырма төрт тал ти-

лет. Анын кандай жупталып кеткени жиксиз болот. Бул өрүмдө тал кайышты тоголок кылыш керек. Андыктан сууга салып, сыдыргыдан өткөрүлөт.

Калмак өрүмдүн экинчи түрүндө аны эки талдан алты кыр чыгарып өрүүгө болот. Ат жабдыктарына кайышты 1 метр 30 см кылып тилсек, өргөндө 90 смге кыскарат да, ал орточо токулгага чак келет.

«Калмак өрүмдөн» «калмак байлоо» деген келип чыгат. Чебер тилинген көктү жумурулап, тоголок эшип алат. Аны өткөрүштүрүп байлап турат. Мындай караганда «чаян түйүмдөй» көрүнүшү ыктымал. Буга «түйүм өрүм» окшошот. Ал «өткөрүп түйүп» өрүү. Мунун көгү эки бүктөлүп, бири-бирине каршы өткөрүлүп түйүлөт.

Албетте, булардын «калмак байлоо» түйүмү татаал келет. Буга, үндөш «жарым өрүмгө» өрүмчүлөр тогуз тал кайыш тилишет да, буюмга карата ал жазы да, ичке да болууга тийиш.

Ат жабдыктарынын жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл, чап олоң өңдүү бөлүктөрүн жалпысынан «калмак өрүм» деп да атайт. Анткени, өрүмдөр жазы болот да бир бүтүмдү түзөт.

Бирок, калмак өрүмдүн камчы өрүмгө таандык түрү да бар. Мында өрүмчү кайыштан сегиз тал тилет да, өрүмү төрт кыр болуп түшөт. Аны айрым жерлерде «казак өрүм» деп аташат. Мындай көркөмдүктү нарындыктар, атбашылыктар «суйсал» дейт.

Албетте, булардан «калмак байлоо» түйүмү татаал келет. Буга, үндөш «жарым өрүмгө» өрүмчүлөр тогуз тал кайыш тилишет да, буюмга карата ал жазы да, ичке да болууга тийиш.

Татаал өрүмдөр

Жылан боор өрүм – бул камчы өрүмдүн негизги түрү. Буга өрүмчүлөр көбүнчө жыйырма төрт тал көктү тилип, ич ара алмаштырат. Акыйкатта, татаал өрүмдү жүзөгө

ашырууда өрүмчүнүн ашкере кылдаттыгы айкындалат. «Жылан боор өрүмү» жана «суйсал өрүмү» биринин кооздугун бири арттырып турат. Эгер өрүмчү татаал өрүмдөрдүн бир талынан эле жаңылса, өрүм таптакыр эле тескери жакка кетет. Демек, үзүлгөн тал улаштырылбайт. «Жылан боор өрүмүндө» он алты талдан өрсөк көк сегизден экиге бөлүнөт. Анда экиден көктү бирден көк басып отурат. Буга сегиз сай түшөт да, ал өтө кооз көрүнөт.

Ич-ара салыштырып айтсак «суйсал өрүмү», «жылан боор өрүмү» сыяктанганы менен айырмасы үч көктү бир басып отурат да, ага алты сай түшөт. Буга 10-12-14 тал кылып тилүүбүз керек. «Жылан боор өрүмүнө» 16 тал көк тилсе, сегизден экиге бөлүнөт да, экиден басылат. Эгер он эки тал көк тилинсе, ал талдар алтыдан экиге бөлүнөт. Экиден басылып, бир талы аркак болот.

«Терме өрүм», «суйсал өрүм», «жылан боор өрүм» 12 талдан тартып, 24 талга дейре төп басылат. «Жылан боор өрүм» менен «терме өрүмдүн» түшкүнү он бир тал менен бекитилет.

Түшкүн – тал-тал көктүн камчы өрүмү болуп түшүшү. Айрым өрөөндөрдөгү чеберлер он бир талдан «котур өрүмдү» жана он алты талдан «нокору өрүмдү», сегиз талдан төрт кыр кылып, камчы өрүмүн бергендер да бар.

Мыкты өрүмчүлөр 16 тал көк аркылуу бир эле камчыга өрүмдүн беш түрүн: «жылан боор өрүмүн», «терме өрүмүн», «каз таңдай өрүмүн», «суйсал өрүмүн» жана «жарым суйсал өрүмүн» табышмактантып да өрүп кете алат.

Терме өрүм – камчы өрүмү, татаал өрүмдүн бир түрү. Ал көбүнчө жыйырма төрт көк менен өрүлөт. Аны бирден басып, бирден өткөрүп, төрт кыр кылып коёт.

Камчы үчүн мында алты тал аркылуу да өрүүгө болот. Бир көктү бир көк басып, бирөө үстүндө, бирөө астында кезмектешип жүрүп отурат. Тал ирээти менен жупташат да, ал сегиз курдай терилет. Мындай ыкма үчүн чеберлер ондон жыйырма талга чейин көк тилүү керек. Анда тал-

талдар өтө ичке түшөт да, жыйырма көк ондон экиге бөлүнөт. Бир көктү үстүнөн, бир көктү астынан алат. Буга сай түшпөй, өзөктү айланта жүрүп отурат.

Же болбосо, өрүмчүлөр он тал көктү экиге бештен бөлүп астынан, бирден көктү үстүнөн басып отурат. Ал эми 12 тал менен термени экиден басууга да болот. Эгер 12 тал көк болсо, ал сегизден бөлүнүп, бирден жиги аркылуу карама-каршы басылып терилет да, текши «боорсок көз» (чарчы) болуп түшөт. Бул өрүм камчылануу бышык да, сокмоктуу да келет.

Чеберлер кээде камчы өрүмүнө он эки эле тал көк тилип, мында өрмөчү экиден бир тал кылып терет да, сегизон тал болсо, бирден-бир кылып басат. Айрым өрүмчү өрүмүн он талдан баштайт. Ал бештен экиге бөлүнүп, бирден көтөрүлүп, бирден басылат да, он тал тең бөлүнүп, экиден көтөрүлүп, бирден басылат. 12 талдан баштап, 32 тал көк менен бүтөт.

Акыйкатта, 32 тал өрүм колу тетик, өнөрү жетик, көзү курч, зерикпей отурган, өз ишин сүйгөн чыныгы чеберлердин колунан келет. Мында өрүмчү «бурай басты», «илме басты» жана «буудай басты» деген эки колдун он манжалары тең аракетке келүүчү эң татаал өрүмдөрдү аткарат.

«Терме» – терип өрүү деген сөздөн чыккан. Айрым чеберлер бул өнөрдү жүзөгө ашыруу үчүн 10-12-14-16-18-20-22-24 тал көк тилет. Мында тал көктөр бири-бирине кайчылаша түшүп отурат. Өрүм төрт тор өңдөнүп көрүнөт да, муну менен басмайылдын ортолорун да өрүүгө болот. Бул өнөр «терме өрүм» деп аталганы менен «калмак өрүмгө» жакын.

Музоо тиш өрүм – татаал өрүмдөрдүн бир түрү. Жортуулга камчылана турган камчылардын түшкүнү сокмоктуу болгон. Түшкүндүн сабын чеберлер күздө кыйылган табылгы же ыргайдан сапташат. Камчы түшкүнүн көбүнчө жылкынын, торпоктун терисинен өрүшөт. Өрүм сегизден тартып, жыйырма талга дейре жуп сан менен өрүлөт. Өрү-

лүүчү көктүн талын күндүн табына кургаткандан кийин ашаткыга салып ийлеп, күдөрү түрдө аябай ийленген жаага керилип коюлган жумуру өзөктүн үстүнөн өрө баштайт. Ал кадимки терме өрүмдөй бирден терилип, бирден басылат. Натыйжада, көгү жоон тилинип, өрүмү жыш түшүп, музоонун тишиндей төрт чарчы көрүнөт. «Музоо тиштин» берки «суйсал өрүм», «жылан боор өрүм» өңдүү татаал өрүмдөрдөн айырмасы байкалып турат. Мисалы, «суйсал өрүмдө» бирден терилип, үчтөн басылса, «жылан боор өрүмдө» бирден терилип, экиден басылат. Демек, «музоо тиш» бирден басылып, бирден өрүлгөндүктөн учунан да, ортосунан да такыр жанбайт.

Айрым өрүмчүлөр «музоо тиш өрүмүн» алты тал эле кайыштан өрүп кирет. Мында ортосуна өзөк коюлуп, өрмөсү анча сыйда болбой, одуракай көрүнөт, өрүмдүн ыкмасы оңой келет. Анда алты тал үчтөн экиге бөлүнүп, өрүмү сол колдон бир талды алдыга коёт да, оң колдогу көктү үстүнөн басат. Муну көк менен да чеберлер алты тал аркылуу өрө алат. «Музоо тиш өрүмүн» «торпок тиш» деп да айтабыз.

Алдаяр өрүм – камчы өрүмү, татаал өрүмдүн түрүнө кирет. (Илгери Ысык-Көлдүн «Чоң-Өрүктү» деген жеринде ат жабдыктарынын Алдаяр аттуу чебери чыгат. Айрыкча анын татаал өрүмдөрүнө калк куштарланып, «Алдаяр өрүмү» деп аташкан). Мында экиден тал көк сегиз кыр болуп түшөт. Бул «калмак өрүмгө» окшойт. Мында өрүм он көктөн турса, ал бештен эки жакка бөлүнөт, бирден көтөрүлүп, бирден басылат да, он тал тең бөлүнүп, экиден көтөрүлүп, бирден басылат.

Өрүмчүлөр жыйырма төрт көктүн ар бир үч талын бир тал менен бастырып өрүп беришет. Эгер тилинген көк жоонурааак келсе, үч талды экиден бастырып өрүү, эң эле сыйда көрүнөт. Демек, тал көктөр ичке жана көп болсо, муну үчтөн бастыруу керек. Ал эми камчыдан 70 см көктүн өрүмү (түшкүнү) 40 смге барабар.

Өрүмчүлөр көктүн узун-туурасын так өлчөп тилишет. Эгер өрүмдү отуз алты тал аркылуу жүзөгө ашырса, мында көк канчалык ипичке тилинсе да, түшкүнү (өрүмү) ошончо жоон көрүнөт.

Суйсал өрүм – камчы өрүмү, татаал өрүмдүн бири. «Суйсал өрүмдүн» «каз таңдай өрүмү» менен окшоштугу байкалып кетет. Бул да төрт талдан төрт жолу жупташат. Андыктан ага өрүмчүлөр он алты тал көктү тилишет. Эгер «суйсал өрүмү» 18 тал тилинсе, тогуздан экиге бөлүнөт да, үчтөн басып отуруу зарыл.

Айрым чеберлер «суйсал өрүм» үчүн он эки тал көк тилип, мында ар бир талды бирден алып, бир капталына алты көктү үчтөн бөлөт. Анын түшкүнүнө жеткенде башка көктөрдү басууну токтотуп, узун эки көктүн эки капталына экиден төрт көктү өткөзө барат. Эми мунун бир капталын «жылан боор» кылып өрүш үчүн чебер үч көктү бир басып, калган бир капталындагы үч көктү бирден алат. Ал эми жалаң «терме өрүм» кылыш үчүн көктү экиге бөлүп, эки капталындагысынын ар бирин бирден басуу керек. Мунун түшкүнүн бекитүүдө баардык көктү бирдей пайдаланат. Өрүмдөр бири-бирине өтүшөт. Алар ар кандай аталат.

Чыбырткы өрүм – майда өрүм. Буга 12-15 талдан көк тилинет. Илгеркилер эң майда жана сыйда өрүмдөрдү «чыбырткы өрүм» деп да коюшкан. Негизинен булар камчы өрүм болуп, мунун бири «суйсал өрүмдү», «жылан боор өрүмү» алмаштырат. Көгүн 8-12 талдан жоонураак тилип, «музоо тиш өрүмүн» өрүүгө болот.

Жөргөм өрүм (уй мурун, бул уйдун таноосуна окшоштугунан ушундай аталат) – төрт-төрттөн төрт кыр болуп түшөт. Өрүмдө өзөктү чыңай кериш керек. Аны бир-эки күн коюп, өзөктү катырып алып өрүшүбүз зарыл. Эгер көгүбүз узун болсо түшкүнүн өзү менен кошо тилип бекитет. Эгер көк кыска болсо, кошумча көк улаштырылат.

Түшкүн негизинен үч эли (5 см) болот. Эгер 8-12 тал көк тилинсе, көктү төрттөн же алтыдан экиге бөлүп, анан

бир жак четинен бир көктү алдынан орой үстүнө карай ордуна келгиче бири-бирине бастырып алып кетет. Демек, көктүн бирөө астына, бирөө үстүнө келип турат. Өрүм оң жагынан башталса, сол жагына барат. Сол жагы оң жагына келет. Ошентип, бирин-бири басуу аркылуу алмаштыра өрүм түшөт.

Өрүм аракети көккө байланышат. Буга кийиктин териси табылгыс жердик. Ал тегиз да, бышык да келет. Анан торпок менен тайдын терисинен көк жасалат. Тайдын териси тегиз болгону менен андан торпоктуку бышыктык кылат. Терини чылгый кезинде чиритпей жыдытып алат. Теринин узунун чыгарып (илгери түз жерге, азыр тактай бетине керет), катуу керип, ошол боюнча кургатып коёт. Мында теринин туурасын катуу чойбой тегиздеп алат.

Көктү тиле билүү, аны сыдыргыга салуу, кыртышын кыруу – мына ушулар өрүм талдарынын кынаптала түшүшүнө өбөлгө түзөт. Ансыз өрүмдөгү көк менен көк алжайып калат. Майдараак талдын болушу өрүмдү кооз көрсөтөт. Ачык айтканда, эң мыкты эски үлгүлөрдү таасын жасоонун өзү чеберчилик, ал бирөөлөрдүкүн кайталоого жатпайт. Демек, шарттуу кайталоо да оңой кылдаттык эмес.

Камчы өрүмүн «суйсал өрүм» кылып өрүүдө сегиз тал кайыш тилип, талдары сыйда экиден басылып, бири үстүнө чыгып отурат. Түшкүн аягын «чаян түйүм» кылып, өрүмдүн учу 5 см калганда тал көктөр бирден астына калып, бирден үстүнө чыгып, «суйсал өрүм» башка формага өтөт. Андай ыкма кийин түшкүн жанып кетпөөсү үчүн чеберлер ойлоп тапкан айлакердиги.

Түшкүн – камчы өрүм. Анын узундугу 34-36 см болуп, муну өрүүдө өрүмчүлөр чеберчиликтен чеберчиликке көтөрүлүп отурат. Түшкүндү бекитүү өтө жооптуулукту талап кылат.

Түшкүндүн чачысынын алдынан, ортосунан жана учунан өрүмү жанбас үчүн чеберлер өзүнчө түйүм берет. Анын

узуну 2,5-3 см болот. Мындай камчылар абдан карылуу, камчылануга да бышык келет. Аны камчынын сокмогу деп да атайт. Сокмокко койдун коргоолундай коргошун түйүп бекиткен усталар да бар.

Мыкты камчыны «булдурсун» деп коёт. Аны көбүнчө жоопкерчиликте камчылана турган. Ал берки камчыларга караганда түшкүнү да чоң болот. Элик сап, табылгы сап камчыларды шөкөттөө менен бирге ага «кош түшкүн» чыгарган чеберлер да жолугат. Айрым жерлерде булдурсун үчүн торпоктун же уйдун боор терисинен көк кылып тилип, бекем тартып алып, бир көктү эки тал көктүн арасынан өткөрүп отурат. Башкача баяндаганда, анда оң тарабынан да, сол тарабынан да бир көк эки көктүн арасынан өтүп отурат. Түшкүндү кедергиге (сыдыргыга) самындап тартканда тегиз төрт кыр көрүнүп, ал эч качан жанбайт. Түшкүндүн өрүмү өзгөрбөйт. Элдин айтымында жердеги тебетейин камчы менен илип алганда түшкүнү (өрүмү) ийилип коюучу эмес экен, көк канчалык ипичке тилинсе, ошончолук сыйда көрүнөт. Кылдат чеберлер түшкүн жанбашы үчүн камчы чачысынын түбүнөн, ортосунан жана учунан түйүм чыгарышкан.

Түшкүндөө – камчы өрүм учун бекитүү. Майда өрүмдүн учун жанып кетпегендей түйүү. Өрүмчүлөр өрүм бүтө жаздап калганда өзүнчө ичке көк тилип алып, өзөктү шибеге менен көзөп, андан өткөрүп, көктүн эки учун теңдеп туруп, көк илме чалма (ычкыр – ичкур) чалынат. Ал чалмадан эки көк, илмесинен да эки көк түз өрүлөт. Ошондо өрүм оролуна айланып, пружина сымалданып түшөт. Анан өзөктү экиге бөлүп, анын ортосуна көктү кийирип, көктүн учу аркылуу кайышты бекитип коёт... Мындай түшкүн камчылануда бышык болот.

Өрүм, чынында, бир нече тиликтерден куралып, ал биригип, өзүнчө буюм жаратат. Буга темир шөкөт чабуу кандайдыр бекердей туюлат. Анда, биринчиден, шөкөттөр жакшы кармалбайт; экинчиден, ошол шөкөттөрдүн чабыл-

ган жери өрүмгө туура келбей, тилик (тал) кайыш үзүлүп калышы ыктымал; үчүнчүдөн, өрүмдүн ичинен өрүм чыгып, кайталана берсе, ал кооздук, өнөр, чыгарма катары каралат. Эми ага дайыны жок эле бирдемелерди чаба берүүбүз көркөмдүктүн наркын төмөндөтөт.

Эгер күмүш болсо, ага «зооткер» түшүрсөк, анда буюм үчүн түбөлүктүү кооздук жаралат. Темир шөкөттөрү кайык ыкмаларына гана кынаптап чапса, ойдогудай кармай алат. Эгер өрүмгө биз сөзсүз кооздук түшүргүбүз келсе, өрүмгө кара булгаары бастырса жарашаар эле. Кайыкчылыкта да кара кайышка ак кайыштан «тап бердирип», шөкөт ордун көркөмдөгөндөр бар.

Ат жабдыктары тууралуу жазууда Канташов Капар, Беков Көчөрбай, (Тянь-Шань району), Молдокабылов Абдыжапар (Нарын шаары), Усупбаев Талипбек, Бейшенбиев Кулжанбек (Кочкор району), Асанбаев Абдыкадыр, Алдаярбеков Айсаракун (Ат-Башы району), Токтосунов Базарбай (Тоң району), Бекешов Асек (Түп району), Исраилов Садык, Өмүрзаков Мажит (Кемин району), Алиев Орозбек (Фрунзе шаары), Апышов Рыспай (Талас району), Чотонов Абдыракман (Ленинполь району) өндүү усталардын жекече узануу ыкмалары пайдаланылды.

ЖЫГАЧЧЫЛЫК[3]

Жыгачтан ар кандай кооз буюмдарды жасоо кыргыздын байыртан берки жөрөлгөлөрүнөн болуп саналат. Жыгаччылык элибиздин турмуш- тиричилигине кенен карымкатыш алып келген. Анткени менен элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бул түрүнүн эски эстеликтери бизге эң эле аз санда жетип отурат. Айыл арасынан азыр мындай мурастарды чала чарпын гана кездештирип жүрөбүз. Көбүн эсе мунун айрым үлгүлөрүн музейлерден учуратууга болот.

[3] китептен: Акматалиев А. Жасалга өнөр чеберчилиги. – Фрунзе: «Кыргызстан», 1982. – 41-55-беттер

Жыгач затынан кооз буюмдарды жасоо салттарын, айрыкча, жемиш бак-даректарынын чордонун Түштүк Кыргызстандын аймагынан табууга болот.

Биз элес алган жыгач оюмдары элибиздин кол өнөрчүлүгүнүн көркөмдүктү көздөгөн башка чыгармачылык түрлөрү менен артыкча байланыштардын бар экендигин байкайбыз. Мындай үндөштүктөр, төтөн, оюм-чийим түшкөн кийиз, тери, темир буюмдарынын беттеринен ачык чагылат.

Даанышман чеберлердин «жыгачтын дарты кыйын, мунун түбүнө жеткен киши болгон эмес. Жыгач сыры сени бир кызыктырса, баш тарттырбай таштайт. Жыгачтын түркүн сырлары үчүн баш отуңду берип коёсуң», – деген накылдары кийинки муундарга нуска болуп калган. Анткени, жыгачта башка заттар кайталагыс, чынында эле жыгачка гана таандык, кооздук керемети адамды суктанта турган жагдайы сезилет. Айтор, чебер менен жыгачтын, адамзат жана жаратылыштын бири-биринен ажырагыс мыйзам ченеми бар.

Көчмөндүү турмушубузда боз үйдүн ички калган жасалгалары менен бирдикте жыгаччылык органикалык тыгыздыкта болуп, жашообуз үчүн эстетикалык татым берип турган.

Жыгачтан боз үйдүн уук-керегеси, босого-таягы (таяк босого, баш босого, каалга), үй эмеректери: жүк тактасы, сабаа тактасы, асыл буюмдар катылып, жүктүн көркүн чыгаруучу сандык, тамак-аш (нан) салынуучу үкөк, кымыз бышуучу бишкек, кийим-кечек, тамак-аш, идиш-аяк илинүүчү алты бутактуу алабакан, ээр балдар минишке, тайкунанга токулуучу ээр-айырмач, чыны кап, челек, сузгу, капкак, аяк, табак, чөйчөк, кашык өңдүү идиштер жасалган.

Жыгаччылыкта узануу эркектерге гана таандык болгон. Чеберлердин бул түрүн «жыгаччы» деп да аташат. Алар көбүнчө кардар адамдардын атайын өтүнүчтөрү боюн-

ча узанышкан. Колдорунан таасын чыккан буюмдарын бирөөлөргө тартуулай да алышкан. Чеберлигине карата аларды «кырмачы», «ээрчи», «уукчу», «керегечи», «түндүкчү» деп бөлүүгө болот.

Эл ичинде «жыгаччы карыбайт», – деген ишеним айтылат. Анткени, жыгач затын иштетип жатканда буркурап жыпар жыт берип турат. Атайын кооз жасалгалоого жана күндөлүк турмуш-тиричиликке пайдаланууда жергебиздеги карагай, арча, тал, терек, кайың, өрүк, жаңгак, эмен сымал жыгачтардын уругу табылгыс жердик болуп эсептелет.

Жыгаччылардын негизги аспаптарына балта, байтеше, керки, анан ийги эле кирет. Буюмдун жасалуучу ыңгайына карата жана башка куралдар да керектелиши ыктымал.

Чеберлер жонгон жыгачтарына өзүлөрү оюм-чийим түшүрө алышкан. Антип жыгач бетин жылмалап оюм берүү салты чебердин кимдигин аныктай алат. Колунан көөрү төгүлгөндөр абалы тактай бетине түшүрүүчү оюмду шибеге аркылуу негиздеп, анан текенин мүйүзүнөн жасалган учтуу таякча менен кайрадан катуу баса чиет. Түшкөн жыгач оюму чагарак имерилип, төп келип, көбүн эсе кыргыздын негизги «мүйүз оюмун (кочкор мүйүздү) элестетет. Оюм кебүнчө рельефтүү болот. Бул жыгачтан жасалган буюмдардын нарктуусу сандыктан жана үкөктөн бөтөнчө сезилет.

Боз үй – улуттук мүлк

Боз үй – элдин зергер акылынан чыккан, чебер колунан жасалган, теңдешсиз улуттук мүлк.

Элибиз такай шамал менен жарышып, көчүп-конуп, турмуш өткөрүп жүргөнү белгилүү. Мал чарбачылыгын аркалап, каалаган жерге, мейли тоодо, мейли түздө жашоого оңтойлуу шарт түзгөн мындай үйдү жаратып алууга жашоо-тиричилик өзү эле мүмкүндүк берген. Калк жашаган жайларда үйгө керектүү жыгачтар чыккан. Кыргыздар боз үйдүн мындай кейпин келтириш үчүн кылымдар

бою турмуштук тажрыйбаларын, акыл-ойлорун жана кол эмгектерин жумшаган. Ташынып-көчүүдө жеңил боз үйдү каалаган жайга кондурууга ылайыкташкан. Ал жаан суусун тез агызат. Табияттын ар кандай таасир-күчүнө туруктуу келет. Ичине от жагууга жана жылуулукту сактоого оңтойлуу шартташкан.

Азыр ата конуш аймагыбызда үйлүк жыгачка жана кучмач ээрден бөлөк көркөм буюмдарды жасап, жашоо-тиричиликке такай колдонуу кескин түрдө кыскарууда. Бүгүнкү чеберлер уук, кереге матап, түндүк ийип, жыгач комуз чабууда өз өнөрлөрүн калкыбызга айкын көрсөтүүдө. Кыргыздар жашоо шартына ылайык боз үйдүн жүктөмө түрүн өнүктүргөн. Ал айрым учурда «Кыргыз үйү» деп аталат. Боз үйдүн жүктөмө түрүн «сайма алачык» менен «алачык» сыяктуу көчүрүп жүрүүчү жайлардан андан ары өнүктүрүлгөн формасы деп болжолдоого болот. Боз үйдүн жыгач тулкусуна узангандар элибиздин чыныгы архитекторлору экенин көрөбүз. Жайып тиксе, тең салмакты сактап, кыз такыясындай келишимдүү келет. Бүктөп койсо, бир төөлүк жүк, көчүп-конууга ылайык, тоолуктардын сыймыктуу мүлкү – боз үйдүн көлөмү ар кандай болот.

Үйдүн жыгачы «алты канат», «төрт канат», «жүз баштуу», «сексен баштуу» деп айтылат. Бул боз үйдүн чоң-кичинесин далилдейт. Тигип-чечүүгө жана көчүп ташынууга, ички эмеректерин жасоо максатка ылайыктуу болот. Боз үй «тигилиши мыкты», «бүркүттүн томогосундай», «такыя түндүк», «жыгачтын маталышы мыкты...» сыяктуу жалпы элдин калыс сынынан өтөт. Фабрикадан чыккан малчылардын боз үйү кырк-элүү баштан ашпайт да, тигилиши, көркөмдүгү, жасалуу ыкмасы боз үйгө анча коошо бербейт. Илгери кыргыздар көчмөндүүлүктө ара-чолодо керегесиз эле «сайма алачык» да тиге коюшчу.

Боз үйдүн негизги бөлүгү жыгачтан турат. Ага уук, кереге, түндүк, босого-таяк, каалга жана бакан кирет. Үзүк, туурдук, түндүк жабуу биригип келип өргө кийизди түзөт.

Боз үй эшик чий, канат чийлерсиз асемдүү тигилбейт. Ал эми жип-шууларында эшме-сызма боолору болот да, ансыз боз үйдүн жабдуулары бекитилбейт.

Бүгүн көл кылаасында, Нарын, Талас өрөөндөрүндө боз үй жасалгасына узануу жакшы жанданып баратат.

Боз үйдүн жыгачынын негизги жердиги тал уругу болуп саналат. Мунун бири ак тал өтө бышык келет. Көл башында жана тескей тарапта анын жапайы түрү жыш кездешет. Бул өтө ичке анан түз өсөт. Жыгаччылар мунун көчөтүн тигип, атайын үй жыгачы үчүн өстүрүшүүдө. Турпан тал айдама талдын түркүмүнө кирет. Анын көчөттөрү да башка тараптан алып келинген. Эчки талды болсо жергиликтүү тал деп аташат. Тоолуу таштак жерлерде аз чыгат да бутактанып, эң бышык өсөт. Мындан сырткары көбүнчө арык, өзөн жээктерин бойлой өскөн жапыс жана бышык жер талы бар. Бул да бутактарын чыканактатып, укмуштай дуулдап чыгат. Андан да кара тал өзүнүн бышыктыгы, бийик жана октой түз чыккандыгы аркылуу айырмаланат. Мунун да көчөттөрүн тигип алууга болот. Аң ичине, арык жээгине чыккан сары тал жергебизде сейрек кездешет. Бул анча узун эмес, муну кереге, түндүктүн чагарагы үчүн кыйса болот.

Чеберлер теректи да бир топ түрлөргө бөлүп узанып жүрүшөт. Анын ийкемдүүлүктөрүнүн бири бака терек болуп саналат. Туурасы кучак толуп, бул жоон-жолпу келет. Демек, мындан төрт кырлап тилип, үй жыгачка узанса, ойдогудай болот. Көчөт терек дагы жергебизде көп өсөт. Ак терек да көчөт терекке кирет. Бутактана чыккан менен көп теректен морт болот. Биз жогоруда санап кеткен тал-теректин түрлөрүн узануунун ыңгайына карай уук, кереге, түндүк, босого таяк үчүн оңду-солду узана беришибиз керек.

Боз үйдүн жыгачына жергиликтүү карагайды да иштетип жүрүшөт. Мында жыш, ичке өскөн балатылар кургаганда мүйүздөй катуу келип, уук-керегеге сонун жарайт. Кызыл карагайдан да узанса болот. Бутаксыз жана түбү

сыйда келген бул жыгач бышык да болуп, мындан маталган үй жыгач жылмакай, сулуу көрүнөт. Буларды кесип келээри менен кабыгын ыкчам аарчып, көлөкө жайга жөлөп коюш керек.

Тал, теректи күз айларында кыйыш зарыл. Бул чакта өсүмдүк маңызын төмөн карай тамырга тартып турган чагы болот. Ийин тапса, үй жыгачты четинден да жасаса болор эле. Бирок, ал морт, жарылмалуу келет. Карагайдан бутаксыз шоолдап өскөн Алай арчасы матоонун ар кандайына туруштук бере алат жана бышык да болот. Боз үйдүн жыгачын кайыңдан да матаган чеберлер бар. Бирок, кайың көчүп-конууга оор келет.

Үй жыгачынын негизги бөлүгү кереге жана уук болуп саналат.

Кереге болсо боз үй жыгачынын уук бекитилүүчү төмөнкү бөлүгү. Мисалы, талаптагыдай боз үйдүн керегесинин диаметри 2,5 – 3,5 см., узундугу 230-300 см, баш-аягы бирдей жумуру (56-60 даана) саканактардан (таякчалардан) жасалат. Саканактардын баары бир аз ичин көздөй ийилип, маталат. Саканактардын ар бири 14-18 см аралыкта бири-бири менен кайчылашкандай кылып, эки жагы түйүлгөн көк менен бекитилет. Кереге жайылганда саканактардын кайчылашуусунан төрт жагы бирдей көзчөлөр пайда болот. Саканактардын баш (жоон) жагынан 70-80 см жеринин ички бети алакандалып (жалпайтылып), ага 6-12 издүү сай салынат. Керегенин ар бир канаты узуну боюнча 18-20 көздөн, бийиктиги (туурасы) боюнча 10 көздөн турат. Жыйылган керегенин бийиктиги 2 см, эни 75 см болот. Жазганда бийиктиги кичине төмөндөп, эни 2-2,5 мге жетет. Керегенин уук байланчу жогорку ачакейлери «кереге баш», анын карама-каршы төмөнкү бөлүгү «керегенин аягы» делет. Кереге канаттарын бириктиргенде алардын четки саканактары бири-бирине дал келип ашталганда, канат боо менен орой чалып байлап коёт. Боз үйдүн чоңдугу

кереге канаттарынын санына жараша болот. Боз үйдүн эң кичинеси 4, эң чоңу 12 канат үй максатка ылайыкташат.

Ал эми **уук** болсо түндүк менен керегени бириктирип турган боолуу узун жыгач. Орточо алганда ууктун алаканын (билегинин) керегеге байлануучу жагынан узундугу 45-55 см, эни 2-3,5 см келет. Анын аягында көзөнөкчөсүндө жүндөн эшилген, же терилген уук боосу болот. Уук керегеге ошону менен байланып, бекийт. Уук учу 2-2,5 смдей төрт кыр учталат. Ууктун жалпы узундугу 2,5-3 метрдей келет. Көчкөндө ууктар сынбасы үчүн анын учуна көбүнчө кийизден жасалган «уук учтук» (уук кап) кийгизилет. Боз үйдүн башкы босогосунун (босого жыгачтын) үстүнө төрт кыска эшик уук сайылат.

Керегенин жайылышы аркылуу боз үйдүн көлөмү менен көркү аныкталат. Эгер боз үй тегерек болбосо, шамалга байымсыз болмокчу. Мында шамалдын таасир эткен күчү аз болуп, боз үйдүн цилиндр формасын тандап алышкан. Бул үйдүн ичин иреттөөгө, жайлашууга да ойдогудай турмуштук жагдай түзөт. Тактап айтканда, казан-аяк, ашкана, көшөгө (уул-келин жата турган жай), төр, жүк, Боз үйдүн ичинин ашкана тарабы «эпче», эр бүлө жайлашкан тарабы «ыпча» деп бөлүнөт. Боз үйдүн ушундай формасында үй эмеректери сыйымдуу келет.

Усталар керегенин жыгачынын ийриликтерин аныктоодогу жыйылып жана жайылып калышындагы мыйзам ченемдүүлүктү даана билишет. Ошондуктан, бөйрөктүү болгондуктан «Боз үй тигели, эл көп батат» дешип, жакшылык-жамандыкка боз үй тигүүбүз бекеринен эмес.

Чакан боз үй үчүн керегенин жыгачтарынын ийрилигин усталар атайын өтө чоң кылып маташат. Ушундан улам боз үйлөрдүн симметриялуулугу, көркөмдүгү келип чыгат. Натыйжада чоң боз үйдүн жыгачын кичине боз үйгө тигүүгө болбойт. Демек, усталар жасалуучу боз үй чоң келсе, анын жыгачынын ийрилигин кичине, ал эми кичине

боз үйдүн жыгачынын ийрилигин чоң кылып жасап келишкен.

Боз үйдүн жыгачын кармоодо чеберлердин төмөндөгүдөй жекече ыкмаларын белгилей кетебиз. Уук, кереге, түндүктүк жыгачты матоодо «кызытуу» адаттагы ыкмалардан болуп саналат. Мында уук-керегелик жыгачтын учу чыкпагандай арык казылат. Ага эскиби, жаңыбы койдун кыгын толтуруп, аны көк түтүнү көтөрүлгөнчө кор кылат. Анан ага жыгачты сойлотот. Албетте, мындай ыкманын опурталдуу жагдайы да бар, жыгач чычала болуп күйүп, талдар коромжуга учурашы шексиз. Кээ бир тал какшып, станокко салып басканда «карс» сынып калат.

Усталардын үй жасоочу жайы өтө жөнөкөй келет. Аны «тес» деп аташат. Бул аркылуу уук, кереге маталат. Метрден ашып-ашпай, баса турган жагы жалпак, экинчи учу жумуру билектей жоон жыгач «тестин баскычы» делинет. Чебер муну сол капталына салып, ачакей «теске» аштап, салмак кучкач ээрдин кошундусундай эби менен басканда, алиги тал каалагандай ийилет. Мындай ыкманы колдонуу аркылуу маштар ууктун «тизгичин», «сызманы», «жабык башты» жана «кереге көз» байлана турган тарабындагы ийгини ойдогудай имерип алышат. Тестин баскычысыз ууктуу, керегенин көзүн, түндүктүн чамгарактарын ийүүгө эч мүмкүн эмес. Уук учун, кереге көздөрүн көзөөчү куралды «үшкү» дейт. Жыгач чеберлеринин «тарткы» деген аспабы да болот. Мунун эки тарабы миздүү, колго эптүү эки сабы бар. Ошол тарткы менен ууктун жана керегенин билегине жол сызык түшүрүлөт. Тарткы түшүрүлгөн кереге, уук кооз көрүнөт. Жыгаччылык негизинен керки менен бүтөт.

Таластыктар эчки талды «самби тал» дешет. Кесилген карт талдардын ордуна чыбырчыктап, «жамырап» майда талдар дүркүрөп өсөт. Муну кыйып алып, нымдуу жерге атайын жыш тигип таштайт. Ал камчы саптай түз өсөт, өтө ийилгич келгендиктен, аны кыйып келип, кабыгын

аарчыбай туруп кургатат. Тал адатта күзүндө кыркылат. Анын кабыгын аарчыса, жыгач жарылма болуп калат. Кыштай жаткан талды жазда сууга бир жумадай таштап койсо, абдан жибийт. Андан кийин кабыгы аарчылат да, «теске» түшөт. Башкача айтканда, тарткынын учурунда жыгачтын кабыгы жарылып кетет. Райондун айрым айылдарындагы мындай ыкманы эске тутуу зарыл. Кыйылган тал жети күндүн ичинде аарчылат да, «теске» коюлат.

Жыгаччылыкта боз үйдүн түндүгүн кармоо ар бир эле чебердин колунан келе бербейт. Уук, кереге жасоого караганда түндүк ийүүнүн түйшүгү ашып түшөт. Түндүк боз үйдүн тигилишинде тең салмакты кармап, анан көз тойгондой көркөм көрүнүшү аркылуу калктын көз элегинен өтөт.

Түндүкчүлөр жеринен сейрек учурайт. Бул болсо өнөрдүн өтө сыпаалыгын жана оордугун аныктайт. Алсак, азыркы түндүкчүлөрдүн көбүнүн станогу тегерек дөңгөлөк болот. Оболу талды же теректи кыйып келүү керек. Жогоруда айтылгандай корго салынып кызытып алынат. Түндүктүк жыгач жоон болгондуктан аны кызытууга экиүч саат убакыт кетет. Дөңгөлөктүн төрт-беш жеринде чынжыры, башы иймекей үч лому болот. Жаактык жыгач кызытылгандан кийин дөңгөлөккө чынжыр жана ломдун жардамы менен жаадай кылып керип бекитилет. Бул бир айдан кийин ордунан козголот. Түндүктүн экинчи жаагын жасоодо да ушундай эреже кайталанат. Буюмдун жаагы жыгачтын шартына жараша эки-үч бөлүктөн турушу да ыктымал. Ошентип, тегерегин (айланасын) бүтүрүп алгандан кийин түндүктүн чамгарагы салынат. Демек, түндүктүн жыгачы эки жаадан турат. Түндүктүн көздөрү ысытылган атайын шиш аркылуу көзөлөт. Кээлери түндүктүк эки жаакка темирден эбелек жасап, анан аны зым менен бөрктөйт. Илгери темир каат кездерде ага кара шири коюшчу.

Түндүктүн чагарагынын үч-төрт калканы болот. Түндүктүн төрт талаасына кооздукка шакек коюп, ага түрлөнтүп, оюм-чийим түшүрүү нускасы бар. Кулжанын мүйүзүн же күмүш чегелген түндүктүн чамгарагына шакек койгон зергерлер да биздин элибизге таандык. Түндүк көздөрүнөн ууктун учу чыкпас үчүн бөрктүү төбөлөмө коюлат. Түндүк үчүн кайың да табылгыстай сезилет. Түндүктүн дагы бир башка жекече ыкмасы бар. Арийне, түндүк үйдүн очогу, боз үйдүн борбору. Муну жасоо үчүн баарыдан мурда, кара жыгачты керектейт. Анткени, ал абдан катуу жана үйдүн тең салмакта тигилишин талаптагыдай сактайт. Ошентип, тепе-тең жара бөлүнгөн түндүктүк жыгачты узун челекке төрт сааттай кайнатат. Мында былпылдап, жумшарган жоон жыгачты чөп тырмоочу ат машинанын дөңгөлөгүнө бекитет. Шамалдуу жайда бир канча күнгө как кургаган эки жаак эми үйдүн формасына карай ортосунан кыйылып ашталат.

Илгери чеберлер көлөмүнө карата түз жайга төрт-алты балбан казык кагып, түндүктүн жаасын ошого жатак алдырган. Жаа аябай кынапталышы үчүн анын айрым жерлерине жыгач шынаа урулган да, түндүк болсо жаткан жайында кургатылган.

Ашталган түндүктүк эки жаа темир шакекче аркылуу экиден төрт бурама менен карматылат. Түндүк көзүнүн аралыгы төрт сантиметрден болот. Ал 22-23 миллиметр болгон кол бургу аркылуу көзөлөт. Төрт чарчы көзөнөккө төрт чарчы уук учтары сайылат. Мында уук имерилбейт. Шамалда түндүк айланбай, бири-бирине тирешип, туруктуу абалды сактоо үчүн мунун беш көзүн онго, бешөөн солго бурай көзөйт. Мурда, башкача айтканда азыркыдай техникалык жарак-жабдыктар дээрлик жок кезде чеберлер түндүктүн бөлүктөрүн жылмалоо үчүн кумдуу кийиз менен сүртүүчү. Азыркы чеберлер наждакты (өгөө кагаз) пайдаланышат.

Кырмачылык

Жыгаччылыкты иштетүү өнөрүндө кырмачылык орчундуу орунду ээлейт. Анткени, муну кесип туткан жыгач усталарды «кырмачылар» деп аташат. Кырмачылык аркылуу бүткөн буюмдарга негизинен жыгач идиштери кирет. Ал идиштердин ата башы ***«чаркы табак»*** болуп эсептелет. Мунун ичи көлөмдүү келип, сүт каймактатат. Бир топ адам тегерек тартып, тамак-аш жешке да болот. ***«Чара табак»*** чаркы табактан да ичтүүлүк кылат. Жыгач идиштеринин ичинен көлөмдүү болгондуктан муну мейманга эт тартууга пайдаланышкан. ***«Кесени»*** көпчүлүк жерлерде «аяк» деп аташат. Мындай кара аяк суюк аш, суусун ичүүгө шарталган. Айран, кымыз, бозо куюлат. Балдардын ***«чөйчөгүн»*** кыргыздар ***«кумура»*** дейт. Тайпак табак менен кумура экөөнө каймак, май, бал, татымал, эжигей курут өндүү тамак-аштарды салууга колдонушкан. ***«Желпүүр табак»*** арпа, конок, таруу өндүү дандардын кебегин желпий турган идиш. Аны ***«чоң тайпак табак»*** деп да атообуз керек, муну менен аш тартууга жарайт. Кырмачылык аркылуу бүткөн идиштерге «кашык», «сузгу» (чөмүч) да кирет.

Кырмачы алгач жасалуучу буюмдун көлөмүнө жана ыңгайына карата жыгачын даярдайт. Ал сомдолуп, буюмдун түспөлүн бериш үчүн керки менен эле балта керектелет. Кырма идиштерине түшкөн кооздук «кеште» деп аталат.

Бир учу түркүккө такалып, бир учу кыруучу жыгачка кагылган беш темир мыктан азуусу бар ок жыгач кырмачылардын станогу болуп эсептелет. Муну «дүкөн» дейт. Кыруучу курал «ийги» бир метрдей таяктын башына бекитилет. Кыруу учурунда таяныч үчүн ийгини басып турган жыгач «туур» деп айтылат, ал эми дүкөндү айлантып турган кош жыгачты «тепки» дейт. Эки бутун алмак-салмак эпилдетип, тынбай баскан адамды «дүкөндүн тепкичи» деп коюшат.

Кырмачылыкта байтешенин ролу зор. Элдик кырмачылыкта кырылып бүткөн буюмду жымсалдоодо анын кырындысын пайдаланган. Бир дүкөндүн иштөөсү үчүн экиүч киши керек. Дүкөн кол механизмдеринин эң жөнөкөй түрүн көрсөтөт. Ал эми кашык, сузгуну чабышка байтеше, керки эле керек.

Кол өнөрчүлүк десек, ак калпакты тиккен уз, кыргыз калкын дүйнө жүзүнө таанытканүч кылдуу **комузду** жасаган чебер оболу көз алдыбыздан өтөт. Ошол комуз ээси кереметтүү күүлөрдү черткен залкар комузчулардай эле эл мүдөөсүн өтөгөндөй туюлат. Элдик касиеттүү аспап кыргыз жергесинин кайсы гана булуң-бурчтарында көрүнбөйт! Чет өлкөлөргө чейин сувенир катары учкай жортуулдап жүрүшү кайсы гана кыргызды толкундантпай коёт! Бүгүнкү комуз чабуунун ыкмасында кыйла өзгөрүүлөр бар.

Кыргыз ССР Театрлар коомунун өндүрүштүк устаканасынын комуз жасоо цехинде иш мындай башталчу: бир метрден ашуун «эмил» деген жыгачтын кесиндисинин сыртын сыйдалап сүрүп, аны комуз үлгүсүнө коюп, карандаш менен шарт чийип алат. Анан колго жазылыгы сегиз гана миллиметр келген «Змейка» деген араа аркылуу арыдан бери айланта араалап чыгат. Эл ичиндеги мурунку чеберлер араа ордуна көбүнчө керки, ийги менен бычакты колдонушкан. Жалпы түзпөлү көрүнгөн комуздун эми ичин оюуга көңүл бурулат. Ал үчүн ченөө керек. Чеберлердин буга өзүнчө үлгүсү болот. Ал «Искене» (жыгач устасынын жалпак, бир башы курч жабдыгы) деп аталат.

Комуздун курсак жак бөлүгү өтө эле жука тактай менен капкакталат. Мындан кийин моюн чыгарып, эми үч кулакты тагууда ченебегендей чеберчилик зарыл. Комуздун тээги тыкан коюлуп, кылын керип тагаары менен «кылдыр» дабыш берет. Кыл демекчи, анын ордуна азыр алтынчы номердеги жилка (жасалма кыл) колдонулат. Комуз кылына сойгон койдун ичегисин таптаза кырдырып, аны кадик колдо бипбирдей чыйрак ийрип, кургатып, кадимки чарык

жипче түрүп алыша турган. Ошол ичеги кылдын үнү аябай ачык жана мукамдуу чыкканы талашсыз. Албетте, колго канчалык чебер ийрилсе деле ичеги тырмала бергендиктен үзүлбөй койбойт. Ага караганда фабрикадан чыккан балык кайырмагынын жиби бышык келет. Демек, бүгүн ичеги кылды жасоонун анчейин деле зарылчылыгы жок.

Мында чеберлердин комуздун үн тембрин табуулары кыйын болгондуктан муну кылдат байкоо зарыл. Ошондуктан, чебердин угуму мыкты болуш керек. Негизги үндү капкактын ичи, айрыкча, тээктин алды берет. Комуз кооз, колго кармоого эптүү жана сыпаа болушуна көңүл бурулат. Бир колдон биротоло чыгарылып жаткан аспаптын урунчулуктуу болушу зарыл.

Комуздун жаны – жыгач жана кыл. Жыгачка кыл кайыш менен мыксыз тартылбайт. Комуз капкагы желимделет. Азыркы салып жаткан элдик аспаптарга лак, же палитура жабылат.

Азыр бул өнөрканада жеке эле кыргыз комузу гана жасалбайт. Элдик көп аспаптар жаралууда. Алардын ичинде оркестр үчүн прима деген скрипка өндүү үч кылдуу кыякты айта кетсек болот. Мурун айыл арасында мунун башка түрү болгон. Кыргыз элинин музыка тарыхына ташка тамга баскандай из калтырган Күрөңкөй, анын уулу Мураталы, Тураптардан тартып, андан берки изин суута элек музыканттар да тартуучу кыл кыяктар бар. Бул өздүк көркөм чыгармачылыгына катышкандардын атайын талаптары боюнча жасалат. Бул элдик асыл аспаптардын төл башы жыгач комузду арбын чыгарууга бүгүн айрыкча назар бөлүнүүдө.

Комуздун кубулжуган мукам үнүн дагы мыкты чыгаруучу атактуу чеберлер жыгачтын ар кандай сапаттарынан мурунтан бери эле кеңири пайдаланып келишкен. Жаңгак жыгачынан да, тал менен карагайдан да таңшыган ак таңдай комуздарды жасаган усталар чыккан. Кызыл арчадан чабылган комуздун жыты буркурап турат.

Кыргыздын жөнөкөй аспабы азыр аалам алкактарын аралап жүрөт. Ошол үч кыл комуздун кылдарына тил киргизген комузчулардай эле жыгач затына жан берген чеберлердин өнөрүнө да элдер кол коюшкан.

Кыргыз комузун, баарыдан мурда, кыргыз чеберлери ойдогудай чабаарын боолголойбуз. Анткени, бул улуттук аспаптын биздин каккан жүрөккө, жүргөн канга эң эле тыгыздыгы бар. Күүнүн мукам үнү, мунун ички укмуш кайрыктары биздин эт жүрөккө, назик жүлүнгө кабылдап турат. Арийне, аспаптын кереметтүү сыры чебердин ниетин жарып өтпөй туруп, аны кол жетпестей жасоого мүмкүн эместигин таасын чеберлер өзүлөрү далилдей алат.

Кыргыздын элдик аспабы да доор талабына жараша кээ бир өзгөрүүлөргө дуушар болду. Азыр электр гитаранын кубулжуган үнүнө кимдер гана суктанбайт. Алсак, комуздун, ооз комуздун өркүндөтүлгөн түрлөрүн жаратуу менен бирге «кыян приманын», «кыян альттын» катарына да өзгөртүү киргизилди. Кыргыздын кыл кыягынын диапазону оркестрге келбейт. Жогорудагы аракеттер мындай кыйынчылыктардан кутултту. Кылдан комузду ажыратууга мүмкүн эместей кыргызды комуздан бөлүп кароого эч ылаажы жок.

Кыргыздын **кыл кыягынын** табиятында анын капкагынын териден болушу жеринен шарттуу көрүнүш – жаргак тери үнгө үн кошоору шексиз. Демек, кыл кыякка да альт-прима өзгөчөлүктөрүн берип, оркестрдеги топ аспаптардын катарына кошулду.

Комуздун чарасынын жана көөдөнүнүн өлчөмү жана калыңдыгы да бирдей турат. Андан соң жыгачтын жикжик сызыктарынын аралыктары жарыш жатышында. Комуз бетинин жиги ушундай сызык-сызык түз келиши менен үндү бийик өткөрүүчү касиетке эгедер. Үн ар кандай таралат. Боз үй коолдоп үндү өткөзөт. Эмеректүү үй үндү өзүнө тартат да, дабыш коңуруураак чыгаары шексиз. Ал эми ээн үйдө кош жаңырык болору шексиз. Ай талаада үн

чар тарапка кетет. Жыгач жиктери кыйшык болсо, үндүн толкуну да даана чыкпай такалаары бышык. Кеп комуздун көлөмүндө эмес. Жыгачтын касиетин билүүдө.

Комуз чабууда, албетте, абалы жыгачы тандалат. Анын жарыш сызыктарынын аябай арбын болушу зарыл. Демек, жарыш түз сызыктары жыш чыгат да, үндүү келери шексиз. Эгер жыгачтын жарты сызыгынын аралыгы кең көрүнсө, анын артын этият жонуп, жукартуу керек. Аспап жалаң эмен жыгачынан жасалууда. Комуз үчүн өрүктөн өтөөрү болбойт. Арча комуз да мукамдуу угулаары белгилүү. Эми өрүктөн комуз жасоону өркүндөтүү керек. Комуз кылына чыйратылган койдун ичегисинин үнүндөй үн болбосун ар бир комузчу ырастап берет. Ошондуктан, элдик аспаптын үнүнүн оригиналдуулугун сактап калуубуз зарыл.

КИЙИЗ БУЮМДАРЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ[4]

Ала кийиз, шырдак, аяк кап, жабык баш, үзүк, туурдук, эшик тыш эндүү буюмдары жана боз үйдүн жалпы эле кийиз, кездеме жабдуулары кооздолгон. «Кыргыз кийизге туулган» деген сөз бар. Бул «Кыргыз кийизге жан киргизет» дегенди туюндурат. Андай кооз буюмдарыбыз кылымдарды кыдырууда.

Кийиз

«Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку» (макал). Бул элдик көркөм кол өнөрчүлүктө жүндөн уютулган жердик. Боз үйдүн жабуусуна, шырдакка, аяк капка, жабык башка, ала кийизге, кементайга, калпакка жана башка көркөм оюм жана көчөт түшүрүүнүн түбөлүктүү материалы. Кийиз өрө кийиз, ала кийиз, шырдак (шырдамал, оймо теке) жана башка буюм-тайымдардын кийизи болуп бөлүнөт.

[4] Китептен: Акматалиев А. Кийизчилик. Чий чырмакчылык. Түймөчүлүк. Эшмечилик. Куракчылык. – Фрунзе, 1990. – 80 б.

Кийиз жасоо үчүн чеберлер кылчыктуу күзгү жүндү тандашат. Уютулуучу жүн кыска болушу зарыл. Узунун кырчып-кырчып кыскартат. Талпакта аябай сабалган жүндү токулган чийдин үстүнө белгилүү өлчөмдөгү калыңдыкта тарамдап жаят. Кайнак сууну текши сээп таштап, чий менен орой түрөт. Дагы кайнак суу сээп, аркан-жип менен аябай чырмап таңат да, бир топ адам тепкилейт.

Чийдин арасынан үксүйүп жүн чыга баштаган чакта гана кийизди тепкилөөнү токтотуу керек. Демек, кирген кийизди чийден алып, ага кайрадан ысык суу сээп, үч-төрт адам катар чөгөлөй отуруп, кайта-кайта имере тоголоктоп билектейт. Билектөө – кийизди колдо ийлеп, ийине келтирүү, «кийиз басуу» деп аталат.

Айрым аймактарда муну «талдырма» деп аташат. Бул – уютулган жүндү кичине киргизип, аны боёп туруп, оюм берип, анан кайра алдына жүндөн коюп, алиги оюм берген кийизди анын үстүнө жаткызып, кийизди кайрадан киргизе басуу. Ошентип, уздар мындай караганда буга шырдак оюмдарына окшош кооздук беришкени байкалат.

Албетте, кийиз уютуу бир эле адамдын колунан келбейт. Ал эми шырдактык кийизди уютуу үчүн да күзгү жүн пайдаланылат. Мында да жүндү өтө майдалап тытып анан сабайт. Жүндү чийдин үстүнө көп калың кылбай тегиздеп жайгаштырат да, кылчык жүнгө ысык сууну чени менен себелейт. Эгерде жүн уяң болсо анда көп ысытылбаган жылуу суу гана керектелет. Себеби, ысык суу мындай жүндү эзип, жараксыз кылып коюшу же билектеп баскан чакта ал жакшы кирбей, көпшөк кийиз болуп калышы мүмкүн.

Жабык баш, шырдак болуучу кийиз даяр болгон соң аны ыраңдуу кылып боёобуз зарыл. Адатта, шырдак жасалуучу кийиз ачык кызыл, көк, сары, жашыл түстөргө гана боёлот. Аны муздак суу менен эрикпей жууй билиш зарыл.

Качан кийиздин ысыгы толук кайтып, колду күйгүзүп албагыдай болгондо, боёк эч жукпай калган учурда гана бир топко чейин билектеп басып, кайра дагы жылуу

суудан сээп, акырында он-он беш мүнөт гана басуу сунуш кылынат. Мында кийиз мурдагыдан да бышык чыгат да, кийин соң көпшөктөлбөй, чыйрак сезилип калат.

Кийиз – оюм түшө турган буюмдардын түбөлүктүү жердиги. Анын жасалуу ыкмасы башынан аягына дейре билгичтик жана кылдаттык менен иштөө ар бир уздан талап кылынат. Муну жасаарда абалы ага ылайыктуу жүндү тандап алган жакшы. Азыр ага күзгү жарым уяң жүндү уздар арбын пайдаланууда.

Көркөм оюмдар. Оюм (оймо-чийме)

«Табак оюму» билдирет табакташты,
«Бадам оюму» билдирет талапташты,
«Жүрөк оюму» билдирет жүрөктөштү,
«Омуртка оюму» билдирет тилектешти.

(А. Ногойбаева)

Бул – жердиктин бетине чеберчилик менен түшүрүлгөн кооздук, сүрөт, түр, сөлөкөт оюм (кооздук) кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүнүн бүтүндөй түрлөрүндө каражат катары колдонулат. Бул үй жасалгабызда, кийимкечектерде, кыз-келиндерге таандык зер асем нускаларда, салттуу эмеректерде, идиш-аяктарда, ат жабдыктарда, көн (шири) буюмдарында кеңири колдонулат.

Уюткулуу элибиздин мындай даанышман ой жүгүртүүсүн, көптөн күткөн тилегин жердик бетине чагылдырылган ар кыл буюмдары жарык дүйнөнү көркөмдөп таанып-билүүнүн санжыралуу салтына жатат. Албетте, көркөм оюм-чийимдердин кооздук каражаттары көп. Алардын жаралуу мезгили боюнча көп кырдуу, терең сырдуу экенин көрүп турабыз. Буюм бетине түшүрүүчү көчөттөрдү кандайдыр бир нерсеге окшоштуруп, ал элестер салттуу элдик өнөрдү көркөмдөштүрүүнүн негизи. «Орнамент» (латын сөзү) бизче «кооздук», «көркөмдүк», «чырайлуулук» делет. Көрүүчүлөргө жылуу сезим калтыруучу муну бизче «оюм-чийим» жана «көчөт» менен алмаштырабыз. Ал

кооздук көзгө толумдуу, так ыргактуу болуу менен нерсенин түрүн ачык көрсөтөт.

Оюм, ал – музыка, анын кубулма сызыктарынын кереметтүү оймокөй кыялдары кандайдыр бир түбөлүктүү ырдын ыргагына окшошуп турат. Албетте, алар бири-бирине окшошот же окчун айырмаланат. Ошентип, оюмдар ар кандай доорлорго тушугуп, ага карата өзүнүн өнүгүү-өсүү жолдорун өткөрүшкөн.

Кутмандуу калк арасынан өнөрү даарыган айлакер чеберлер чыгышып, алар жөп-жөнөкөй колдорунан адамзат таң каларлык буюмдарды жаратып, кардар калың журтчулуктун мүдөөсүнө татышкан. Түк муюбай узанышкан жана узданышкан алар өнөрлөрүн колдон-колго, муундан-муунга өткөрүшкөн.

Оймочу – көркөм оюм жаратуучу жана аны пайдалануу менен ар кандай аруу буюм-тайымдарды ойдогудай жасоочу чебер, уз. Чынында чыгармачылыгы ташкындаган таасын оймочу суу баштарынан чыккан. Айтып жатканыбыз оюм чыгаруу үчүн чебер изденүүгө, чыгармачылык толгонууга, ойлонууга караганда даяр үлгүлөрдү дароо эле чие коюш оңой турган. Ал үлгүлөр колдон-колго бат өткөн.

Уздун баары оймочу эмес, тартайгандын баары оюм эмес. Оймочу уздуктун негизи болот. Ошондуктан, даяр үлгүнүн аркасында борду ала коюп, кийиз бычкандарды оймочуга көрсөтө алабыз. Өзү даана оюп, өзү бир колдон таасын чыгаргандар оймочу болуп эсептелет.

Ала кийиз (карала кийиз). «Кыргыз кийизге туулган» (макал). Түр-оюм түшүрүлүп жасалган кийиз буюм. Кийиз буюмдарынын толук жердиги жүн болгондуктан элибизде кийиз буюмдары арбын. Бул адими буюм катары бааланат да, узак убакыт урунууга шартташкан. Ала кийиз (карала кийиз) деген ат илгери кара жана ак койдун жүнүнөн эле түр түшүрүүнү түшүндүргөн.

Жазгы жүндүн баары эле боёкко жакшы кириши мүмкүн эмес. Кылчыктуу, жарым кылчыктуу жүндү да боёкко

абдан кандыра салып, муздак суу менен жакшылап жууп алышыбыз зарыл. Бирок, ал мындай караганда бир аз бозомук тартып калышы да ыктымал.

Уздардын айтымында бир койдун жүнүнө (болжол менен алганда) бир чоң чака суу, 200 грамм боёк туура келет. Эгер жүн малыш койдуку болсо, ага 300, 350 грамм боёкту сарптоо максатка ылайыкташат.

Орточо ала кийизге 10 кг кара жүн керек. Мунун түрүнө бир жарым кг жүн чыгымдалат. Оюм жашыл, кызыл, ак, сары өңдөргө тармакталып кетет. Мында «үй мүйүз» оюмун, чарчыланта берүүгө да болот.

Алар кийизге түшүүчү көркөм оюмдардын ички дүйнөсүн, өңү-түсүн ачат. Мында оюмдун четтиги кара кийизден жалаң берилип, айрым чеберлер муну да «ала мончоктотот».

Алар кийиздеги «ала мончоктотуу», бул шырдак оюмундагы «араа тиш», «бычак учу», «ит куйрук», «бадам» сыяктуу негизги оюмдарды айырмалоочу мамилеге ээ көрүнүш. Анан кийиздик оюмду бере турган четтеги төрт бурч ак-карадан «ала мончоктолот» да кадимки кийиз оюмдары берилет.

Эгер кара фондо оюм кызыл жүндөн тарамдалса, анда ал ак жүн аркылуу «жээктелет...». Мындан ар бир кийиз оюму бири-биринен айырмалануу үчүн ошол «ала мончокту» (оюмдарды бөлүп туруучу көркөм белги) жүргүзүү зарыл. Кийиз ак, кара, кызыл өңдөрдөн турат. Уютуу учурунда алар биринин супсундары бирине өтүп, кандайдыр кара күрөңдөнүп, кара малаланып, же кызгылттанып боёктору кереметтенип, жаратылыштын бир нооматына келип турган таланттуу сүрөтчүлөрдүн сыйкыруу чыгармаларындай сезилген өтө эле жагымдуу таасир калтырып турат.

Буюмдун четин кара жүндөн тарап туруп, эки элидей сарыдан четине «жээк» берип, жашыл менен кызылдан түшкөн «бадам» оюмунун караларын сары өң аркылуу берүүбүз керек. Мына ушул үч өңдү ич ара айырмалата берүү

менен табак оюму, «бармак башы» оюму сыяктуу кооздуктарды текшилеп тептештире берүүгө да укмуштай машыгышкан уздар бар. Минтип, кызыл-жашыл өңдү кийизчиликте жапырт колдонуп, азыркы учурда жапырт салтка айланууда. Андыктан бул эки колорити күчтүү өңгө мала сарыны данакер катары пайдалануубуз керек.

Албетте, ала кийиз үчүн күрөң, мала сары, көгүш, кара өңдөр мүнөздүү болот. Анда көбүнчө «кочкор мүйүз оюмунун» төбөсүнөн «карга тырмак» чыккан оюм элементтери жаралат да, буюмдун ортолугу кадимкидей табакча сымалданып кетүүсү керек. Мунун ичинде шырдак оюмдарынын элементтери көбүнчө «мүйүз оюмдары» аркылуу мүнөздүү келет. Андыктан ак өңдү ала кийизге арбын пайдалануу буюмдун бетин «ала чакмактантып» (чакчайтып) таштайт. Оюм уюлданып, чагаракталып, үзүл-кесилсиз берилүүсү зарыл.

Ала кийиздин кооздугу, оюмдун майда-майда берилүүсү менен бардык өңдөр ич ара жуурулуша аралашып, ортодон бир өңдүн чыгуусу менен ойдогудай бааланат. Ал ак да, кызыл да, күрөң да, көк да, жашыл да эмес ортодон бир өң чыгаруубуз зарыл. Башкача айтканда, көп боёктордун сүрөтчүлөрдүн пейзажын элестете алышы керек.

Эгер көркөм буюмда ак, жашыл, кызыл, сары өңдөр болсо, анда көк жашыл менен, ак кызыл менен жупташат. Мунун четине «чагырмактан», «ит куйруктан», ак-кызылдан «аламыч» түшөт да, буюм ортосунда төрт табакча үзүлкесилсиз берилет. Фону кызыл өңдүү ичинде «куш мүйүздүү» үстүнөн «кайкалак» (мүйүздүн башка түрү) түшөт. Ал «карга тырмак» менен да айырмаланат. Минтип айтып жаткан себебибиз мыкты оймочулар жөнөкөй оюмдарын түрлөнтүп жиберүүгө өтө кылдат келишет.

Так баяндаганда, «кош мүйүз оюму», «карга тырмак оюму» менен биригип, табакчаны түзсө, экинчисинде тик берилген «ит тырмак оюму», «кош мүйүз оюму» аркылуу биригет. Ушинтип, буюмдун ортолук табакчалары ирээти

менен пайда боло берет. Ал эми төрт бурч берилген бул табакчалардын эки четтеринде үч бурч (тумарча) «жарым табакча» оюмун элестетет да, ал жашыл, ак түстө беттелсе, жарашыктуу көрүнөт. Мында ууздар шырдак менен ала кийиз оюмдарынын негизги элементтерин бири-бирине алмак-салмак колдоно берет.

Жалпы жасалга буюмдарынын ичинен көпчүлүктүн көңүлүн тегиз тартып туруучу эмоциялык ачыктыкты, тактыкты, мыйзам ченемдүүлүктү өзүнө сиңирип турат. Абалы буюмга тандалган кара жүндү тазалап алат. Аны сабап, чийге чабактап, бышыра электе эле жууйт. Мында кийиз былбырап калат.

Оюм түшкөн ылдыраган кийизди кара кийиздин үстүнө жаткызып алат. Эми жаткызылган оюмдун аралары, ички кычыктары ар түрдүү жүндөр менен толтурулат. Ачык айтканда, оюмдун ичине оюм жаралат.

Койдун күзгү, бөтөнчө, кара койдун жүнү мыкты болот. Уяң жүн бышырганда анча кирбейт. Анткени менен боёкту ырас кабыл алат.

Чеберлердин чечмелөөлөрүндө майда оюмдар түшсө, ал «кызыл оюм» деп аталат. Эгер кийиз бетине кесек оюмдар болсо, «чоң оюм» дейт. Буюмдардагы негизги оюмдарды (ала кийизде оюмду) «түр» деп атасак да болот. Араларын ачык жана так көрсөтүү үчүн живописттик маанай берүүдө уздарда кооздукту тааный билүү касиети бар. Мисалы, «бадам оюмдун» четине «бычак учу», «араа тиш» түшөт.

Аянттуу буюмда төрт табакча орун алат. Ал «жалпы оюм» аркылуу берилет да, негизги оюм өтө майда көрүнөт. Ар бир баракча төрт бөлүктөн турат. Анын ар биринде үч-төрттөн оюм элементи кездешет. Ал табакчаларда «бугу мүйүз» оюму да орун алат. Демек, көркөм оюмдарды мындай берүү биз үчүн илгери энесайлык кыргыздардын буюм үлгүлөрүн элестетет. Аны кызыл, көк өңдөрдү беттеп, көркөм оюм берген көлөмдүүрөк буюмда өңдү да ача, ич ара жупташтырууларын табууда уздар кол боёкту коё туруп,

күрөң менен ак жүндүн өзүнүн нукура бөтөнчөлүгүн уздукта колдоно билишет.

Айткандай, буюмдун жердигинин нукура болушу көркөм кол өнөрчүлүктүн элдик салтына коошуп турат. Демек, буюмдун өңүн жердиктин өзүнөн издөөгө болот.

Кара койдун, боз койдун, кызыл койдун, күрөң койдун, көк койдун кыркылган өз жүнү эле боёктун милдетин аткарат. Натыйжада буюмга түшкөн оюм көчөттөрдүн өңү өтө эле ачык алачакмактанбай, коңур, басмырт баамдалып, көп боёкторду ич ара сиңирип, таланттуу сүрөтчүнүн «сыйкыруу кистисинен» жаралган жаратылыштын бир кооз көрүнүшүн элестетип келет.

Шырдамал – кийиз бетине түрдүү ыскыт (жээк) басуу. Кийизге көбүрөөк өңдү ич ара айкалыштыруу аркылуу жалпы оюмдун бир бүтүм ыргагын карап тургандай жаратуу – узчулуктун жүзү. Мында кара, ак кийиз бетине кызыл, ак, көк, сары, жашыл, күлгүн – мына ушул беш түстүн ар биринин бөтөнчөлүктөрүн өзүнчө талдап, тактап жана ачыктап, бири-бири менен кыйыштыра берилет. Мисалы, буюмдун бетине үй-үй (табакча-табакча) болуп, «мүйүз оюмдарынын» түрлөрү түшөт.

Анын жердиги көбүнө кара кийизден тандалат.

Демек, уздар уяңыраак жүндү «айнага» жууп (илгери шакар самынга), аны ийрип, кайра оң жипти бөлөк, сол жипти бөлөк үч кабаттап чыйратып, анан боёкко кандырып алат. Мында жүндү боёнун өзүнүн жол-жобосу сакталат. Жүндү боёк менен кошо кайнатат. Түнөтүп коюп ал муздаган чакта жүн боёкту боюна тартат. Ошондо соруктуруп жаят. Ал эми кийиз жасоодо жүндү тытып, аны жууп, анан чийге чабактап, айтор, мында эски ыкмалар сакталат.

Жалаң кийизге «ыскыт» басуу – албетте, татаал көрүнүш. Ал эми андагы беш-алты өңдү өз ара кыйыштыруу аркылуу көркөм оюмду сары саптоо андан бетер чыгармачылыкты талап кылат. Чындыгында шырдамал үчүн негизги үлгүнүн ата конушу Чаткал, Аксы, Ала-Бука, Жаңы-

Жол тарапта болот. Айыл ичинде кара кийиздин өзүн эле төө жүнүнүн жиби менен шыруу адатка айланган. Мына ошону көрүп чеберлер түрдүү түстөгү «ыскытты» түшүрүп, аны шырдамалга айландырып, өзүнчө уздук нуктап, чыгармачылыкта өнүктүрүп жатканы даана көрүнүп турат.

Эгер шырдамалдын четине «кош кайкалак» оюму түшсө, андан кийин эндей кийиздин өзүнө баскан бадам, ит куйрук, араа тиш оюмдарына кийин келген буюм ортолугуна төрт «табак оюмунун» тегереги «ит куйрук» менен курчалат. Ошондо негизги «табак оюм» төрт бөлүктөн болот да, анын ар биринде «кош мүйүз», «кочкор мүйүз» оюмдарынын элементтери айкалышат. Мына ыскыттын боёгу сары карадан же кара актан, кызыл карадан болушу дагы узчулукту далилдейт.

Шырдамалдын четтиги үчүн кийиздин «жагалмай канат оюму» берилип, ортосуна «эндей ыскыт» басылган буюмдары да көп жолугат.

Натыйжада, уздар шырдамалдык ыскыт жипти үч кабаттап чыйратып туруп боёп алат. Мында боёкту да ич ара бөлүп пайдаланат. Адатта, кара кийизге кызыл (ток кызыл – коюу кызыл), бышты (күлгүн кызыл, ачык кызыл), сары (ток сары, коюу сары, ачык сары); көк (ток көк) боёлгон жип келеби боюнча кургатылат да, тоголок жүйрүлөт. Аны «бир сүрп» (бир тоголок), эки сүрп (эки тоголок) деп коюшат. Эми муну кийиз бетине басыш үчүн койдун күзгү жүнүнөн (илгери төөнүн жүнүнөн) ийрип, чуу жип (чууда жип) кылып алат.

Албетте, шырдамалдык кийиз эки кат болот. Демек, биринчи бети тандалма кара жүндөн уютулат. Ал эми алдыңкы кийиз сыртына кабатталат да, ар кандай өңдө боло берет. Жээктик жиптер бирөө сол чыйратылганда таңдай болуп түшөт.

Шырдамалдын ичине «кош мүйүз оюму» үч элидей берилет да, анан «суу» түшөт. (Суу – оюм – көчөттөрдүн араларын ажыратуу). Ыскыттын боёгу өзүнчө өңдү берип ту-

рат. Ал ортолук оюм менен четтик оюмду бөлүп көрсөтөт. «Четтик оюмга» «чоң чеке» деген оюм мүнөздүү болот (бул шырдакка да түшөт). Ортолук оюмдун араларында өзүнчө «суу» (аламыч) бар. Ал алты элидей эндүүлүктө келип, кош мүйүз менен «ит куйрук» оюмдарынын элементтеринен турат да, көбүнчө сары өңдө берилсе оюмдун жүзүн ого бетер ачат.

Уздар көлөмдүү шырдамал жасашса, ортолук оюму үч тактадан болуп, аны «табак оюм» дейт. Үч тактанын ар биринде ич ара алтыдан ички оюм бөлүнүп чыгат. Аны «алты оюм» деп атайт. Ал гүл сымалдангандан «гүл оюм» десе да болот. Анда ар бир тактаны бөлүп турган «салмочка» (чагаракталган мүйүз оюмдардын элементи) бар.

Шырдак

Шырдак (шырдамал, оймо текей) – кийизден жасалган жерге салынуучу буюм. Элдик оюмдарды пайдалануу аркылуу жаралган кийиздин көркөм түрү. Узчулуктун ана башын биз шырдакты (шырдамал) кармоодон билебиз.

Шырдак, оймочулук өнөрүнүн канышасы. Ал – ар түрдүү өңдө оймолонуп кооздолгон кийизди беттештирип, «милте» (жээк, «ызгыт», «басыткы») коюп, жөрмөбөй шырылып, жерге төшөлүүчү көркөм үлгү. Койдун тазаланып сабалган кылчык күзгү (кээде күзгү менен жазгы жүндү аралаштырып), ак менен кара жүндөн өзүнчө жука бышык кийиз уютулуп бычылган кийиздин бирөө оюм, экинчиси фон болуп түшөт.

Шырдак ар кандай көлөмдө (өлчөмдө) жасалат. Чакан жасалашы азыркы турмушта аябай шарттуу көрүнөт. Буюмдун өтө эле жазы жасалышы азыркы архитектуралык жактан бөтөнчөлүгү бир бөлмөлөргө анча жарашык тартуулабайт. Ага түшүрүлүүчү түр анча алжайбай, бирибири менен тыгыз айкалышып турушунун өзүн негиз катары көздөөбүз керек.

Шырдак бүгүн салып койсоң төрдүн, жыйнап койсоң жүктүн, илип койсоң дубалдын көркүн ачууда. Демек, элдик көркөм өнөрдө шырдакчылык байыртадан бери кыргыз калкынын тарыхы менен өзөктөш өнүгүп, бүгүн да, эртең да, андан ары да кыргыз кыз-келиндеринин аруу колдору тиери шексиз чындык. Азыр үйүндө шырдак урунбаган кыргыз баласын табуунун өзү кыйын.

Илгери уздар шырдактын тышын оюп, кийиздин өзүндөй кара жүндүн тандамасынан бышырып, аны төө жүнү менен шырып беттеген. Ошондой эле ал боёксуз ак жана кара койдун жүнүнөн шырдакты да карала кийиздей кылып жасаган. Алар мала кызыл боёк менен агыш кызыл боёкту арбын пайдаланышкан. Бул боёктордун сапаты жакшы келип, такыр оңбогон, супсунга да чыкпаган.

Ар бир аймактардын өз ара өзгөчөлүктөрүнө, түбөлүк туткан кесипчилигине жана жеринин жекече шартына ылайык шырдак оюмдун өзүнө таандык касиеттери жана бири-бирине окшоштуктары билинип турат. Албетте, бул элдер арасында жеринен бери карым-катыштын бардыгын, үрп-адаттардын биримдигин, жайлоолору ортоктош экендигин, соода-сатыктарынын болуп тургандыгын, өз ара алыш-бериш байланыштары болгонун өзүнөн-өзү баяндайт.

Шырдакты шырдамал, төрбөлжүн, түр кийиз ж.б. оймо теке, ободо деп да аташат.

Буюмдун өңүнө сары, кызыл, күрөң, кара өң бири-бири менен кынаптала айкалышып, алар көркөмдүктү байчечекейдей ажырата алышат. Мына ушундай эле уздардын буюмдун жердиги менен боёгун кооз сарысаптай билүүлөрү уздук жүздөрүн даана көрсөтөт. Шырдакка түшкөн кооздуктар чыгырыкташып, ич ара катар имерилип, кудум көркөм жыгач оюмдарына окшошот.

Элдик уздар мурунураак шырдак жөрмөмүнө (шырыгына) жапырт төө жүнүн пайдалана турган. Азыр алар койдун уяң жүнүнө фабриканын кыркынчы чарык жибин аралаштыра ийрип, шырыкка учук сапташат. Азыркы койдун

жалаңкат жүнүнүн тартымы өтө начар, ал бырт этип үзүлчөөк келет. Демек, төө жүнү, төтөн, анын чуудасы керек. Ал чыйрак, албетте, төө жүнү шырыкка бүгүн табылбайт.

Айрым учурда чеберлер бирөөлөрдүн көркөм үлгүлөрүн дал өзүндөй кайталашат. Анткени, ал баарыга текши жагып, бирдей бааланат. Бирок, шырдак жасоодо айрым үлгүлөрдү өзгөртүүгө туура келет. Демек, ал үлгүлөр ага анча жага бербейт.

Бирөөлөрдүн шырдак оюмдарын антип өзгөртүп жиберүүдө чыгармачылык бар. Оюм-чийим элдин жалпы чыгармачылыгы болот да, ага ар бир чебер өзүнүн жекече мамилесин жасоого гана акылуу. Ар бир көркөм оюм-чийимдерден уз өзүнүн жекече кыял чабыттарын гана көрсөтө билиши керек. Ошол адамдар сөзсүз элдик оймочу катары таанылат.

Он алты табактуу шырдактар он алты көздүү шырдак деп да аталат. Анын ичинен төрт табакча «жүрөкчө» болуп түшөт. Мунун ар биринде «кочкор мүйүз оюмунун» ич ара тирелишкен элементтери кездешет. Шырдактын төрт бурчундагы төрт «жагалмай канат» буюмдун жалпы танабын кооз көрсөтүп турат. Мында «кыял оюму» менен да төрттөрттөн төрт табакча төп келтире түшүшү мүмкүн.

Мында кеп оюмду көркөмдөп, ич ара айкалыштыра берүүдө эмес, кийиз буюмдарын бышык уюта билүү да баага өтөт. Айрымдар ошол жагына көңүл коёт. Тактап айтканда, анын шырдактары буржуюп, колго токтомдуу баамдалат. Ага «шырык» түшкөндө ого бетер ширелип, буюм бышык болот да, урунгулуктуу келет.

Демек, көркөм оюмдарды өзүнчө чыгармачылыкта өзгөртө албаганы менен чеберлер, чебер аткаруучулар кооздуктарды ойдогудай төптөштүрүп берүүгө өтө чебер экени эске алынат.

Түр шырдакка алты-жети өңдү сиңире берүүнүн өзү эмне деген айлакердик. Мында шырдак четине кызыл, сары, жашыл өңдөрдү берип, анан «аламыч» катары «бы-

чак учу», «ит куйрук», «бадам» оюмдарын түшүрүп, алар четтик (жээктик) оюм менен борбордук оюмду ачык ажыратып турат. Мындай шартта шырдактын жээгине «жүрөкчө оюму» мүнөздүү келет. Уздар – көркөм оюмдарында өзүнүн жекече кыял чабыттары аркылуу «буруп кетүү» өзгөчөлүктөрүнө эгедер. Мындай касиет анын чыгармачылыгы болуп саналат.

Албетте, буюмдар бир нече кезден (табак, такта) турат. Элдик оюм элементтери ичин көздөй кайрылса, айрымдары оюмдарын эки тарабына түшүрөт. Ошондо төрт оюм биригип, бир табакты (көздү) түзөт. Ал оюм элемент ортолору «көөкөр» болуп көрүнөт. Ошондо сары-көк коюмдарга «ыскытты» кызылдан келтирет. Мында бир оюм көзүндө «карга тырмак оюму» менен «кочкор мүйүз оюму» бар. Эгер шырдак көзүндө төрт табакча берилсе, мунун «карга тырмак оюмунун» эки тарабына «гүл оюм» түшөт да, ошол төрт оюм табакчасынын ортосу «каркыра оюм» болуп калат. Кызыл-кара өңдөр беттешсе, ыскытынын кызыл болушу керек.

Кадимки «бадам оюму» (түштүктө «багжагай оюм, айрым аймактарда «кош чагарак») буюмдун четине түшсө, ортолук оюм (борбордук оюм) «аламыч» аркылуу ажырап, «канат оюм» (жагалмай оюм) «мүйүз оюм» (кош мүйүз) менен биригип, четтик оюмду түзөт. Мында татаал оюмдары буюм ортолугунан билинет. Ал табакча-табакча болуп берилет да, анын аралары «колтук оюмду» пайда кылат. Бул табак оюмдун жарымы болот. Ошондо колтук оюму үчүн карга тырмак оюму эки сыңар оюмдун төрт ушундай оюмуна тутумдашат.

Кээде уздар муну өзгөрмөлүү формага келтирүү үчүн ошол «карга тырмак оюмдун» ордуна «ача оюму» менен алмаштырат. Айрым учурларда аралары ачык калбоого «мандалак оюму» пайдаланылат. Андан ары шырдак оюмдары өзгөрүлө берет. Бул оюмду түрдөнтөт. Бир түрдүүлүктөн түр шырдакка өтөт. Жээгине жогорудагыдай «кош ба-

дам оюмун» чыгаруу менен (үстү кадимки «бадам оюму», алды «мүйүз оюмунун» чалкасынан көрүнүшү – «багжагай оюму», «мүйүз-чагармак» болуп көрүнөт) «ит куйрук оюму» «аламыч» аркылуу бөлүнүп, буюмдары үч табакчанын четтерине колтук оюму катары «сыңар мүйүз оюму», «бармак боочу оюму» сымал көркөмдүктөр түшүрүлөт.

Айрым жерлерде «сыңар мүйүздү», «теке мүйүз» деп да коёт. Мына ушундай татаал оюм-чийимдерди шырдак бетине төп, так сыйдырган уздар ушул эле көркөм оюмдарды ич ара өзгөртүү аркылуу шырдактын бөлөкчөрөөк түрүн пайда кылышат. Алсак, кийиз буюмдун, чечмелей келгенде «жээк оюму» үчүн адаттагыдай, «бадам оюму» түшөт. Ага «бычак учу» (араа тиш) «аламыч» катары кетет.

«Колтук оюм» үчүн «куш оюму» бар. Чети төрт ача оюмунун ичинен «кош мүйүз оюму» аркылуу үч табакча биригип, шырдакты пайда кылат. Абалы бири-бири менен ич ара айкалыша турган оюмдардын шарттуулугун билип, ага карата ача билүүчү өңдү тандап алыш керек. Четтик оюмдардын көбү ортолук оюмга түшпөйт. Алсак, «жагалмай канат» (канат оюму), «бычак учу» үч табакчанын (ортолук оюмдун өзөгү) четтеринде төрт «карга тырмак оюму», «мүйүз оюмдарынын» үстүнө чыкса, төрт «карга тырмак оюму» ошол мүйүз («кош мүйүз оюму») менен ичтен айкалышса, ошондо үч табакча бир шырдактын кооздугуна татыйт. Мында сары-кара, кара-кызыл өңдөр беттешип, өнөрдүн нукуралыгын көрсөтөт.

Эгер ала кийиз уютуп, же шырдак оюп берсе, үч үй (такта) аламыч аркылуу тегеретилет. Ар бир такта табакча болуп көрүнөт. Мындан төрт «ача оюм», «кош мүйүз» менен биригет. Алардын өзөгүнөн өзүнчө төрт оюмдун элементтери чыгат. Мындай көркөмдүктөр көпчүлүк жерлерде жолугат. Антип «аламачтантып» жиберүү менен буюмтайымды кармоонун салттуулугу анча жеткиликтүү боло албашы ыктымал. Ага караганда колтук оюм үчүн «куш

оюму», «ача оюм» (мында оюм баштары кычкач өңдүү берилет да, ал көбүнчө табакчалардын четинен орун алат) менен айкашат, табакчанын төрт бурчунан көрүнөт. Анын четинде «бычак учу», «аламыч» болуп түшөт.

Дегинкисин табакчада «ача оюм», «кош мүйүз» («кочкор мүйүздүн» үстүнө «карга тырмак оюму», «ача оюму» өңдүүлөр түшкөндө «кош мүйүз» өңдүү көрүнөт. Демек, мүйүз оюмдары бирине-бири өтөт). Ачык айтканда, табакчалардын өзөгүндө төрт «кочкор мүйүз оюму» ич ара тирелишип, алар өз-өзүнчө үй түзгөндөй көрүнөт. Мына ушундай бөтөнчөлүктөрдөн улам уздар «сары шырдак» жасашат. Анда сары-кара өң берилет да, сары өң чечет. «Кара шырдакта» кара-кызыл түс бар да, кара өң өзүнө оодарып турат.

Кыргыздын кызыл шырдагында көк-кызыл өңдүн «аламычы» ак карадан тандалат. Мында кызыл түс нооматына келет. Азыр жашыл шырдакты уздар арбын кармоодо. Кызыл өңдү жашыл өң өзүнө багындырып, күңүрттөнүп коёт. Чынында бул анча жарашпайт.

Шырдактарда ортолук оюмдар көбүнчө төрт табакчалардан берилет да, ар биринде төрт «мүйүз оюму» бир бүтүмдү түзөт. (Мүйүз оюму кыргыз чеберлерине бай көркөм каражат боло алат. Ал саймада да, килемде да, өрмөктө да, чырмакта да чабалекейдей катыш жасашат). Демек, «борбордук оюмдун» четинде жарыш табакчасы «колтук оюм» болуп түшөт.

Ат-Башы, Нарын шырдактарынын бөтөнчөлүктөрү бар. Кийиз калың уютулуп, сырттан (кара кийиз менен) кийизге беттей шырык түшөт. «Милте» оюм араларына өзүнчө кайылып, түшкөн шырык жалгыз аяк жолду элестетет. Урунуудан кийиз көпшөктөлбөйт. Оюмдар аянттуу алынат, шырдак өңдүү жасалат. «Ит куйрук», «бадам», «бычак учу», «кочкорек» өңдүү оюмдар «аламыч» болуп, «түр шырдак», «бир түрдөгү шырдак» делинет.

Кийизди бырчылдатып, өөн-бучкак өңдөнтүп жиберүү салты илгери болгон эмес. Демек, четтик (жээк) оюму үчүн «теке мүйүз» (тоо теке мүйүз) оюму сымалданат. Бул – текенин башынан улам пайда болгон көркөм оюм. Ал Нарын бөксөлөрүндө кездешет. Ошондо «аламыч», «бадам оюм» болуп, ар бир табакчада эки «кочкор мүйүз», эки «карга тырмак» менен биригип, чети «жагалмай канаттанат». «Ортолук оюм» менен «четтик оюмдун» араларына «ит куйрук оюму» болушу да шарт. Тактап айтканда, шырдак четине чалынган жээк милтесинен кийин «аламыч» түшөт. Анан жээк оюму берилет. Ага түшүүчү оюмдун каражаты арбын. Кайра аламыч келет да, борбордук оюм орун алат. Мында жалпы оюмда «колтук» түшпөйт. Шырдак жасоодо жалпы оюм салттуулукту жана шарттуулукту билгизет.

Табак оюмдар да мына ушундай үзүл-кесил берилиши зарыл. Оймочулар ушул үлгүнү сактап жана аны андан ары өнүктүрүп, үйрөнчүктөрүнө нускалап келген. Арийне, шырдак жасоодо ага ар бир үйдүн төрүнөн орун берүүдө. Мүйүздү өөн-бучкакка көп учуратып, көп боёкторду колдонуу туура эмес. Ал жасай келген буюм кудум куракка окшошуп калат. Билбегендер аны «килемдей кооз экен» дешет. А чынында бырчылдата кесилип, түрдүү өңдөр сиңген кийизди курандылоо – көркөм оюмдун ана башы шырдак өнөрүнүн нагыз нускасын кармоо касиетине ээ боло албайт. Төрт өң гана (ак-карадан «аламыч», негизги оюм кызыл-көк гана болушу зарыл). Ушул өңдөр шырдактын жүзүн ачып келген. Мындай өзгөчөлүк жабык башта да болот. Мында буюм бир беткей эмес, чымчык чаар, куракчылыкты элестетет.

Мындай көркөм оюмду каражат кылып буюм-тайым кармоодо салттуулукту актап, бир дем менен узданган уздар өзүлөрүнүн үйрөнчүктөрүнө чоң эне, таене, кайын эне салттарын кайра жандандырууну колго алуулары зарыл. Анткени, алардын кол башында өнөр өзү эле алгыр куштардай ойноктоп турушкан.

Улуу жолун туткан байбичелердин айтымында кармаган буюмун көргөн адамдардын көңүлүнө асемдик сезимди аралатпай туруп, аны таануурга болбойт, таңуулай да албайсың. Ал эми узданууу жана узануу үчүн ыклас-ынтаа керек. Ансыз чеберчиликтин көркөм табитин козгоочу күчкө ээ эмессиң. Максаттуу иш-аракеттердин жанданууусунда даана көркөмдүктү тааный билүүбүз керек.

Айрым шырдакчылар буюмга «жүрөкчө оюмун» негиз тутушат. Мында кийизди каттай ойгон жалпы оюмдун ичинде төрт «жүрөкчө» бир табакчаны түзүп, андагы ар бир жүрөкчө ичинен майда мүйүздөнүп, балаты өндөнүп кетет. Шырдак оюмдарынын ортосун мындай төп келтирип берүүдө буюмдун ажарын көк-кызыл түстөр чечет, ак-кара ачат, жашыл түс чачат. Демек, жашыл өң оюм ыргагына кошулбай, башкача «обонду созуп» тургандай туюлат.

Мында көк боёк-сыя көк жана жөнөкөй көк болуп экиге бөлүнөт. Сыя көк азыр анча оңбойт. Жөнөкөй көгү оңуп кетет. Ошондуктан, айласыздан жашыл боёкту кармоого туура келет.

Шырдак үйдүн ичине кенч катары кызмат кылат. Өнөр кийизден чыгат. Үй ичин жыйып-тергенди аял өзү билет. Аларга ар кандай оюмдар түшөт. Даана оймочу – шырдакчы, анын чыгармачылыгы башкача болот. Алар бирөөлөрдүкүн көрүп, өзүнүкүн ага салыштырып, алымча-кошумчалап, айтор, көркөм оюмдун башаты элдики деп санап, ал кооздукка кыялданып, жекече элестерин берет.

Арийне, түп-тамырынан тартып эч ким оюм-чийим чыгара албайт. Даана шырдакта кийиз бетине түшүрүлгөн кооз түр шайкештене берилет. Айрым уздар «жалпы оюмду» негиз тутуп, шырдак жасашат. Мындан ыргактуу «табак оюму» пайда болот. Буюмдун жалпы танабы килем сыяктанып, бирок, уздук учкул кыялдары кийиз бетинде кереметтенип кетет. Мында оюмдун элесинде курч ойлоп табуучулук жана нагыз чыгармачылык айдан-ачык айкындалып турат.

Чынында шырдак оюмуна жана анын жасалашына гана көбүнчө көңүл бурбоо керек. Баарыдан мурда, анын бычылышына өзүнчө маани берүүбүз зарыл.

Кээ бирлери өздүк узчулук ыкмасында кийизди бычуунун жана аны шырдак бетине жайгаштыруунун башкалардан айырмаланган жагдайлары бар. Алардын оюму өзүнчө бири-бирине окшошуп, жалпысынан таңдайлашып түшөт. Мындай жасалган шырдакты «таңдай шырдак» деп атоого боот. Мунун үч жерине «аламыч» салынат.

Шырдактын жалпы бетине да өзүнчө таңдайлашып турат. Анан мындан бөлөкчөлөнүп, кереге көзчөлөнүп жасалган шырдактарды да арбын кармагандар жолугат. Мында көзчө шырдактын үч жеринде болот. Оюмдун араларында эки таңдайчасы көрүнөт. Мунун эки четине «тумарча» түшөт. Анын аралыктарынын сегиз жеринде «аламычы» болот.

Адатта, эки кийизди беттеп оюуда анын четтеринен өөн-бучкак чыкпайт – дейбиз. Демек, беттебей эле бир кийизди төрт бурчунан өөн чыгарбай ойгондор бар. Мында буюмдун төрт бурчунун көркөм оюму түшөт. Ооба, кээде залкар оймочулар да көбүнчө шырдак оюмда четтеринен кынтык чыгарышы ыктымал. Ал турсун айрымдары буюм «аламычын» узун кылып алат. Аны бычып туруп кескенде мындан да өөн болушу мүмкүн.

Айрым жерлерде оюм кийизге жээк коюу салты да өзгөрүлүп баратат. Фабрикадан чыккан онунчу жана кыркынчы жипти каттай чыйратып, оюмду ошону менен кармагандар кездешет.

Ат-Башы, Нарын аймактарында уздар көбүнчө оюм менен жээкти кошо кармашат. Оюмду жөрмөп, анан жээк басылганда шырдак шырыксыз эле көркөм көрүнөт. Анда шырдак оюмуна баскан жипти гана жээк деп, ал эми өрмөк өнөрү менен бүткөн буюмдардын арасын бириктирип турса, аны милте деп аташат. Натыйжада, жээги кошо шырылган шырдактарга сөзсүз шырык керек. Албетте, бул

жээкти басууда уз аттуулар чеберчиликтен жанбоосу зарыл. Анткени, айрымдар шырдак жээктерин өтө кесек кылып илишет. Демек, ошондо жээк көңдөйлөнүп, сөөмөйдүн башы батып, тигишинен кеткендей болот да, ал урунууга анча бышык боло албайт. Ошондо көркөм оюмдун башын томкортуп-омкортуп, бир жээги кырданып, шооналары көрүнүп турат.

Кийинки чактары шырдак оюмдарынын өңүн, жупташкан боёкторун ачуу үчүн «чаар жээк» коюп жүрөт. Ал ак-кара жүндөн ийрилип чыйратылат. Эгер оюм кызылкөк болуп жупташса, анда «кызыл жээк» басуубуз даана жарашат да, ал элдик мүнөзгө эгедер. Ал эми «аламычтын» сызыкчасын ак-кара, чаарала жээктер бири-биринен айрымалайт.

Айрым шырдактар нукура элдик ыкмада бүткөрүлүү менен буюм кийиз килем, килем шырдак деп аталууда. «Жарым кыялдын» элементтери мында көбүрөөк кездешет да, даана жүздү ача турган түркүн боёкторду уздар укмуштай чачырата беришет. Бул бир эсептен түр шырдак деп аталат. Анткени, анда көп өңдөрдү ич ара айкалыштырат. Анда көркөм оюмдардын элементтерине карата боёктору шайкештенет. Шырдак чакан, урунууга жыйнактуу келет. Төрт тарабынан төп келишип, буюм узчулуктун жогорку чегинде кармалганы баяндалып турат.

Шырдактагы көркөм оюмдарга полго төшөлүүчү буюмдар да үндөшөт. Булар бир бүтүмдү түзүп, бир аруу колдон чыкканы көрүнөт. Демек, «жети өлчөп, бир кесип», көркөм оюмдун маанисине чыгара бычып, милте коюп, узчулуктун ар намысында жана чеберчилигинин жогорку чегинде кармалганы баамдалып жатат.

Мында оюмдары бар шырдактарды килем шырдак дейбиз. Ал даана эле шырдак болуп саналат. Мунун «аламычы» калпактын өөнүнөн да жаралат. Кийиз бетине майдалай төрт чарчы түр берилет. Оюмдар четине төрт элидей кара кийиз, жээгинин үстүнөн төө өркөчтөнгөн (тоо

кыркалары сымал) ак кийизден ичке «араа тиш» түшүп, алардын булуңдарында жана ортосунда тегерек өзөгү бар кызылдан, сарыдан, көктөн өң байчечекей гүл сымал түргө алып келет. Мындай көркөмдүктөр шырдак оюмдарынын арасында да болот.

Шырдак оюмдарында төрт жүрөкчө, төрт гүл, төрт мүйүз сымал бир табакчаны түзүп, ал эми шырдактын четине бул көркөм оюмдардын жарымы гана түшөт. Буюмдун четине кызыл-сарыдан гана милте коюлат. Демек, мындай буюмдун жердиги көбүнчө өөн-бучкактардан турат да, ал дубалга тартууга шартташат. Албетте, андай аракеттер элге эң керектүү буюм-белектерди арбын чыгарууда көркөм үлгү боло алат.

Кээде шырдактардын башына «сыңар ийин» түшүп, ал буюмда төрт чарчы болуп берилет. Ал кара-актан «кочкор мүйүз» оюму менен «сыңар мүйүз» оюмунун айкалышынан көрүнөт. «Жүрөкчө» оюмунун, «куш канат» оюмунун, «табакча» оюмунун элементтери ич ара имериле берилип, ортолук оюму сары көктөн тандалып, четтерине «бармак башы» оюму менен «ит куйрук» оюму өңдүүлөр түшсө, буюмдун жалпы көрүнүшү бир өңчөй колоритти түзөт.

Шырдакчылыкта милте, басыткы, жээк тарам-тарам кан тамырдай сезилет. Ыскытты өңдөштүрүп басуу уздун жекече изденүүсүнө байланышат. Бул үчүн кылчык жүндүн уяңын алып, аябай кылдап, ийрип алат. Ак жүн, сары, кызыл, күлгүн кызыл боёкторго сугарылат да, чыйратылбаган үч кат жипти өзүнчө оң-сол кылып, үчөөнү бириктирип чыйратат. Мисалы, жип оңго ийрилсе, солго имерилет; сол ийрилсе, оңго чыйратылат. Ал эми ыскыт кылып кийиз оюмдарынын ортолорун бириктиргенде оң-сол таңдайча болуп түшөт. Мында шырдак буюмдары үчүн четки, жээк (кат кийиз) четин бекитүү (чалынган жип) үчүн уяң жүн жоонураак ийрилет. Жашыл-сары, кара-ак өңдөрдү эки каттап, таңдайлата басат. Уздар ыскыт басуучу ичке

шооонаны кылчыгыраак жүндөн ийрип, 70-80 смдей узундукта чыйратып учуктап алат.

Талас тарапта шырдак буюмдарына ыскыт басуу, шырдак сыртын жабуу аракеттери Чүй өрөөнүндөгү узчулукка үндөшөт. Уз уяң кара жүндү ойдогудай уютуп, аны ыскыт менен кошо басат. Ошол шырык өңдөнүп калат.

Негизги шырык Ысык-Көл, Нарын тарапта болот. Алар беттелген эки оюмду өзүнчө кол учунан жөрмөп алып, ыскыт басып, оюм элементтеринин өзүнөн жол чыгарат. Ал шырылган шырык деп аталат.

Арийне, мыкты чеберлер кийиз боёкко кылдат мамиле кылышат. Түстү тааный да, ички бөтөнчөлүктөрүн ача да билишибиз зарыл. Мисалы, ток кызыл деп күрөң кызылды айтат. Ал эми саргыч кызылды ач кызыл дешет. Күлгүн кызылды пушту кызыл дейт. Көк өңдү кара көк, коюу көк деп бөлүшөт. Ач көк болсо суюгураак келет. Ушундай эле жашыл түстү да бөлүп аташат. Демек, шырдак, ала кийиз буюмдарына ач кызылды ток (коюу көк) менен, же тескерисинче, ток кызылды, ач көк (суюгураак көк) менен беттеп, буюмдун жүзүн ачат. Ач сары ток жашыл менен айкалышат.

Айрымдар, мисалы «бадам оюмду» негиз тутат. Демек, оюм бак-даректардын жалбырактарын элестетет. Буюмдун «четтик» оюму үчүн «бадам» оюму үч бурчтук формасында келтирилет да, бир эле ушул оюмдун он беш-он жети майда элементтери бутакталып кетет. Анан «бадам» жана «ит куйрук» оюмдары түшүп, «араа тиштен», «аламыч» орун алат.

Орточулук оюмду уз кайрадан «бадам оюмдан» тандайт. Албетте, мындай түр менен кыргыздын кызыл шырдагын жасаса абдан жарашат. Ошондуктан, муну эндүү кармоо максатка ылайыкташкан.

Чеберлер негизги оюмдан туунду оюмду жаратууга маш келишет. Анда шырдактарда четтик оюм жекече кыялдан жаралса, ортолук оюмдары, адатта, табакча-табакча болуп

түшөт. Ал «кочкор мүйүздөрдөн» турат. Кара-актан берилген «чагармак» шырдактын аламычы болуп, буюмду акактай көрсөтөт. Албетте, «чагармак» – бул өзүнчө көркөм оюм. Айрым аймактарда «мүйүз оюму» (кочкор мүйүз) менен алмаштырышат. Ал эми «жарым чагармак оюму» «ит куйрук» оюму сыяктанат.

Ошентип, ортолук менен четтик оюмдун ич ара көркөмдүк катышында так ритмди, ачык колоритти, оюм-чийимдеги тең салмакты, өзүнчө жупташуу каситтерин сактай алат.

Демек, «чагармак», «кочкор мүйүздүн» бир түрү катары сезилет да, ал ала кийиздерде жана шырдактарда «аламыч» катары ак-кара, сары-кара, сары-ак түстө түшөт. Так ушундай шартта гана кызыл-көк, кызыл-жашыл өңдөргө жупташкан кийиз оюмдарынын буюмдук жүзүн ача алат.

Эгер «салбай оюм» шырдактын ортолугунан орун алса, анын четки оюму үчүн «бадам оюмун» пайдалануу ойдогудай болот. Аны «кыял оюму» менен алмаштырса да жарайт, ошондо ортолук жана четтик оюмдун чекелерин аттын кашкасындай айырмалоо үчүн «бычак учу» (араа тиш), «чагармак» өңдүү түрлөрдөн «аламыч» түшүрүүбүз буюмду жарашыктуу көрсөтөт. Эгер ортолук оюм менен четтик оюм, «кыял» менен «мүйүз» оюмдарынан турса, алардын араларына аламыч катары «бадам оюмун» пайдалануу керек.

Мындан сырткары, уздар шырдак жасоонун башка кооздугун да сунуш кылышат. Анда буюмдун четине кадимкидей «аламыч» келет да, анан «кочкор мүйүз» же «каркыра канат» оюмдарын түшүрүп, буюмдун ортолугуна «жүрөк оюмун» табакчалантып таштоо максатка ылайыкташат. Албетте, эки оюмдун жана табакчалардын аралары-на сөзсүз аламыч түшөт.

Майда берилген оюмдардагы тактык жана төптүк уздардын чеберчилигин аныктайт. Көк-кызыл өң шырдакта беттешет да, негизги оюм менен четтик оюмунун ортосун-

да аламычтын милтеси кызылдан чалынып, ак-карадан «бычак учу» түшөт. Мында «аламычтын» четтик жана ортолук оюмдарынын четинде сарыдан жээк болот. Тактап айтканда, эки четинде «бычак учу», «араа тиш» түшүп, ортосунда төрт бурч толкун өңдөнүп кетет. Ушундай эле «аламыч» шырдактын четине түшөт. Буюмдун четки оюмунда «жолборс тырмак» орун алат. Анда «кочкор мүйүздүн» элементтери бар.

Ортолук оюмдун үч өзөгү жалпы оюм аркылуу берилет. Ошондо «кыял», «кош мүйүз» оюмдарынын өз ара айкалышкан, бири-бирине кыйышкан элементтери жүзүнө чыгып, ал четтик «жолборс тырмак» оюмуна шайкештенет.

Мында кыргыздын кызыл шырдагы эске түшөт. Анда «куш оюму» буюмга негиз болот да, ал он табактан түшүп, ага «жүрөкчө оюму» биригип, четине «кыял оюму» берилет. Мыкты шырдакчылардын бөтөнчөлүктөрү анда көк-кызыл өңдөгү оюмдар ак-кара аламыч аркылуу ажыратылып, ал аламыч, ортолук оюм менен четтик оюмдун араларын бөлүп, четтик оюмдун эки жагына келет. Мында «табак оюм» жалпы оюмда түшөт. Кийиз күзгү кылчык жүндөн уютулуп, сөзсүз шырык түшөт.

Албетте, кийиздин көлөмүнө жана формасына карата көркөм оюм болот. Кийиз көлөмдүү болсо, оюмдарды түрлөнтө жана майдаланта бере алабыз. Анда чебер үлгүсүз оюп, төрт чарчылап, формаларын өзгөртүп берүүгө болот. Бирок, түшкөн оюмдар көбүнчө жүрөкчөлөнүп, такталанып кетет. Анын четин «бадам оюмдатып» алат. Албетте, мында кызыл-жашыл түстөр бирин-бири жеңе албайт. Мында сары-жашыл өң беттешсе, маанайды бир аз ача алат. Демек, борбордук оюм сары-жашыл, четтиги кызыл-жашыл келсе, «араа тиш» (бычак учу) ак-карадан болсо, анда да буюм бир аз ачык көрүнөт. Анда буюмдун эң чекесине милтелик жип катталган жээк түшөт да, анан бир гана өңдө кызыл-көк, кызыл-кара, кара-сары, кызыл-жашыл, караак эки кийизди жалпы оюм аркылуу каттай оюп, чоң шыр-

дак жасоого болот. Алсак, мунун четине «жарым кыял» менен «жагалмай канат» оюмдарынан алып, шырдактын четтик (айрым жерлерде жээктик оюм деп атайт) оюмун беришет. Муну менен катар туташ балаты кейиптенген үч бурчтук оюмдун (жарым кыял десе да болот) ичинен өзүнчө оюмдар чыгып, алар бири-бирине шарттуу тутумдашып отурат.

Шырдактын узунунун борбордук (ортолук) оюмунан кийинки четинде тарам-тарам «жагалмай канат оюму» түшүп, оюмдун ортолугу жалпы алганда жарым ромбик жана ромбик болуп көрүнөт. Мындай шырдактарда аламыч түшпөйт. Андай көркөм оюмдары кызыл шырдакка да мүнөздүү болуп саналат.

Буюмду «кыялдантып», жалпы оюм менен берип, четки жээктери «сыңар кыял» менен «бадам оюмдары» болсо, ортосу «табак оюм» түшөт. Мында «мүйүз», «бармак боочу» оюмдарынын элементтери көрүнүп, уздар шырдактарына «жарым кыялды» көп пайдаланат. Ал «сыңар кыял» болуп калат. Демек, четки оюмдун аралары «бармакча оюму» аркылуу «аламончоктолот», «шахмат оюмун» берип, кийиздин өөнүнөн кайрадан буюм жараткан уздар бар.

Айрым аймактарда шырдактарга четтик оюм «тумарча» болуп түшөт. Ар бир «тумарча», «сыңар мүйүздүн», «кош мүйүздүн», «кочкор мүйүздүн» элементтери аркылуу айкалышат. Анан аламыч (суу) жүргүзүлөт да, ортолоруна көбүнчө «такта оюм» келтирилет. Бул «туташ оюм» (жалпы оюм) менен чечилет. Мыкты шырдактарда төрт «кочкор мүйүз» оюму туташ оюмдун бир табакчасын түзгөндө, «мүйүз оюмдарынын» баштары ачакейленет да, андан экинчи мүйүз башы бөлүнүп чыгат.

Ал эми бир эле табакчада төрт «жүрөкчө оюмунун» элементи болсо, анын ар биринин ичи «кочкор мүйүз оюмунан», сырты кош «ит куйрук оюмунан» тутумдаш турат. «Каркыра канат оюмунун» башы «сыңар мүйүз оюмунан» келет, анын чети «ит куйрук оюмдан» болсо, ортосуна

«бармак боочу оюму» мүнөздүү. Бул көркөмдүк шырдактын четки оюмдары үчүн берилет.

Туш кийизге да «жүрөкчө оюмун» табакчалантып берүүгө болот.

«Мүйүз оюмдарынын» элементтерин арбын пайдалануда элдик оюмдардын элементтерин жалпы оюм аркылуу табакчалантып, ортолугу, четтери «аламычтанбай» тумарчалантып, тутам оюмдарды пайда кылат. Анын бир табакчасынын ичинде төрт бөлүм туташат. Мунун ар биринде «ит куйрук», «кочкор мүйүз» оюмдарынын көркөм элементтери «кыялданып» кетет. Анда оюм майда берилет, ал өз ара төп келет.

Буюмга кара-кызыл өңдүн айкалышы илгерки кыргыздардын кара шырдагын элестетет. Жалпы алганда үлгү алма шагынын бутактанып кеткен түрүн көрсөтөт. Ага аксарыдан берилген аламычтын ар кандай элементтери жарашат.

Ал эми четтик оюмдардын кооздугу ортолук оюмга үндөшүп, оймочунун чыныгы чыгармачылыгын айгинелейт. Албетте, бул кийизди дайны жок бырчылдата кесүүдөн, бир нече өңдөрдү ирээтсиз эле келтирүүдөн сактайт.

«Туташ оюм» – кийизди өөн-бучкаксыз, кесинди-үзүндү келтирбей шар оюп кетүү ыкмасы. Бул эски салттуу шырдактын ортосуна төрт табакча болуп түшөт да, анын четтери үч бурч болуп, мындан, адатта үч жүрөкчө чыгат. Айрым уздар мындай ыкма аркылуу он үлгү кармаса да, ага түшкөн көркөмдүк он бөлөк көрүнүшү, чынында, оймочунун талантын даана далилдейт.

Шырдактын өзүнө «табак оюмунун» четин өзүнчө табакча жана тегерек жүрөкчө кылып берүүгө да болот. Аныcы ортолук оюмга окшошот. Уз шырдак оюмдарынын араларын ачык калтырбай, оюмдун элементтерин толкун-толкун өңдөнтүп, өзүнчө туунду элементтерден берсе, оюмдун көз тайгылткан кооздугу өзү эле пайда болот.

Кыргыздын кара шырдагында буюмдун ажарын кара өң өзүнө оодарып турат. Кара кызыл, сары жана ак түстөрдүн ар кандайы айкалышат да, шырдак төрт бурч болот. Аны аламачсыз эле жасаган уздар да болгон. Кезегинде арбын кармалган шырдактарга кара жана боз койдун кылчык күзгү жүнү талаптагыдай жердикти түзгөн.

Көрөгөч чеберелер буюмга, эгер кызыл жана жашыл өңдү (мала кызыл, ач жашыл) беттей шырдак жасаса, анын аламычын сөзсүз ак-карадан тандашат. Мында да оюм ортолук оюмдун кооздугун толуктап турат. Милтенин (жээк) жибин уз кызылдан чалат.

Илгери кара шырдакты ала шырдак деп аташкан. Ага ала кийиз (карала кийиз) дегендей ак-кара өң гана беттешет. Мында «табак оюмдун» эки четине жүрөкчө кылып, ортосуна эки жарым жүрөкчөнү пайдалана шырдак жасаса, ал көпчүлүктүн купулуна толот.

Бүгүн шырдактар туштук катары дубалга тартууга шартташууда. Араларында «кош мүйүзү» бар «капкан оюмун» түшүргөн четтик оюмдары ортодогу «гүл», «түр», «табак оюмдарын» өзүнө оодара алат.

Мында уздардын «жеке кыялы» эки эле өңдөн турат да, буюмдун аламычы «араа тиш» өңдөнүп берилет. Ошондо «сыңар мүйүз оюму» арбын колдонулат. Мындай бөтөнчөлүк түр жана бир түрдөгү шардактардан байкалат. Мында төрт жүрөкчөдөн төрт «табакча оюмунун» элементтери бөлүнүп, бир эле буюмда эки табакча өзөгү менен чыгат. Ошентип, катар табакчалардын ичиндеги көрөм элементтер оюмдун өзөгүн түзүп, аларды төрт тарабынан төп келиштире берүүсү аркылуу анын жараткан кийиз буюмдары көргөзмөлөргө коюлуп, көпчүлүктүн көңүлүн буруучу даражага жетүүдө.

Шырдактар элдик оюмдардын өзүнчө бир тутумдашкан туюнтмалуу мазмунун түзөт. Шырдак четтерине «кыял оюму» түшүп, аламычы үчүн «кочкор мүйүздүн» кичине түрүн (уздар айткандай «козу кочкор мүйүз оюму») кел-

тирилип, «табак оюмдун», «тогуз төбөлөнгөн» өзү ийрек-ийрек болуп келип, анан төрт мүйүздүн баштары тийишип турат. Ал мүйүздүн учтары чагарак көрүнүп, ошондо төрт мүйүздүн төбөсү биригет.

Шырдактын беттерине «жагалмай канат» оюмун да берүү мүнөздүү келет. Албетте, минтип шырдак жасоо – элдик эски оюмдарды жакшынакай сарысаптоо. Бирдемелерди оюп, уз өзүнүн оюна чапкандай өзгөртүп жасап, кайрадан жаңыртып, ошол өзүнө жакса, аны кийизге түшүрүү, мындайча айтканда, өзү жараткан оюм элементтерин өзү кайра чечмелеп берүү чыныгы чеберчиликти далилдейт.

Кээде уздар шырдактарда ыскыттардын учтарын чагармактатып коёт да, жабык баш үчүн жаралган көркөм оюмдарды пайдаланат. Анткени, анда «жалпы оюмдун» шарттуу бөтөнчөлүктөрү бар.

Шырдактын мерчемдүү оюмдарына сары-караны беттеп кооздук түшүрүүсү – салттуулукту сактайт. Илгери сары боёкторду өсүмдүктүн тамырынан алышып, кара койдун жүнү өзүнүн өңүн өзгөртпөгөн. Ошондой эле ак, кара жүндү нукура пайдалануу аркылуу да ала кийизге шырдак оюмдары түшүп, анын аламычы «ала мончогунун», «бычак учунун» ак-кара болушу ошондон улам салтка айланган.

Эски шырдактар жалпы оюлат да, эки табакчадан турат. Айрымдар аны «гүл тал» оюму дейт. Аны чарчы табак оюм менен беришет. Анын алымычы «Ж» формасындагы өзүнчө оюм элементи болот. Мында бир чарчы табакта төрт «куш оюм», «гүл оюмдун» учу, «мүйүз оюмдун» башы, «кош мүйүз», анан «карга тырмак» оюмдары биригет. Бирок, бир мүнөздүү көрүнүш мында буюмдун борбордук оюму менен четтик оюму ич ара өң жагынан бири-бирине анча коошпой калган учуру болот. Жалпы алганда, бардык уздарга таандык касиет өңдү айкалыштырууда баш аламандыктар байкалат.

Чакан оюмдар түшкөн шырдактардын борбордук оюму менен четтик оюмдардын араларын бөлүп туруучу аламыч-

тарынын өтө кенен берилиши кооздукту, албетте, төмөндөтөт. Ак-кара аламыч сары-кара аламычка караганда кийиз буюмунун табиятына коошпой турат.

Деген менен уздардын эски оюмдун үлгүлөрүн такай пайдаланышы, кийизди мыкты уютуулары, кийиз буюмдарын көлөмдүү кармоолору, «кош мүйүз» аламыч түшүрүүлөрү, аламычсыз кызыл шырдак жасоолору жана ушул сыяктуу бөтөнчөлүктөрү даанышман өнөрдү улоо салтын баяндай алат.

Жабык баш – «Жабык башы» кундуздун жана токсон үй болду» («Манас»). Бул көбүнчө кийиз оюмдары менен жасалып, боз үйдүн ички уугунун билегине тегерете тартылуучу көркөм буюм. Боз үйдүн көрүп отура турган ички кооз жасалгаларынын эң негизгилеринин бири. Мунун түрдүү үлгүлөрү бар. Мисалы, четине шырдактыкындай эки кат кызыл жиптен чалынып, жээк коюлат. «Бычак учуна» жана эки четине дейре көбүнчө ак менен кызылдан сөөмкарыштай «кыял», «жарым кыял», «бадам» оюмдарынан «ак этек» берилет.

Жабык баштын ортолугуна көбүнчө шырдакка таандык «сабак оюмунун» жана «түр оюмунун» бирин ирээти менен көчүрүү зарыл. Жабык баш, адатта, кадимкидей шырдактык шырык аркылуу шырылат.

Боз үйдүн аянтына карата тегерете бычылган бул буюм эки же төрт бөлүктөн турат.

Айрым учурда ак өргөөлөргө илгери кош жабык баш да тартылган. Албетте, бул бир эсептен ал үй ээсинин дөөлөтүн жана даражасын көрсөтсө, эң негизгиси ошол боз үй тиккен чебердин узчулук дараметин айкындайт.

«Жабыгын ачык ойдурган,

Жабыгынын жээгине,

Жалпы кундуз койдурган» (Жеңижок) – дегендей уздар жабык башты жасоодо көркөм үлгү катары мына муну пайдаланууда: адатта, жабык баштын четине кызыл жана карадан жээк түшүрүп алат. Анан ак-карадан «араа тиш»,

«бычак учу», «ит куйрук» оюмдары берилет да, кызыл-карадан кош «бадам оюмун» келтирет. Кайрадан кара-актан жогорудагы оюмдардын бирөө түшүп, андан кийин эки-үч элидей кызыл жана кара өңдө жээк берилет. Эми берилүүчү «аламычы» түшүп, ал кызыл өңдө жээктелет. Мында оюмду айырмалоодо, аны кооздук даражасына ойдогудай келтирүүдө жеке эле «араа тиш» (бычак учу) сыяктууларды арбын бербей, «ит куйрук оюмун» да, «бармак боочу оюмун» да, «кыял оюмун» да, «бадам оюмун» да ортолук оюмдун ыңгайына карата пайдалана берүүнүн зарылчылыгы бар.

Албетте, кийизден оюм түшкөн көркөм буюмдарды шыруу, ак-кара, көк-кызыл өңдөрдү ирээттүү колдоно билүү буюмдун жүзүн ойдогудай ачат. Же кийизге чымкый кызылдан жээк берип туруп, кызыл-көктөн «жүрөк оюмун» же «табак оюмун» түшүрүп, астына кайрадан кызыл өң менен жээктеп, ак менен чымкый көктөн «бадам оюмун» эле берип койсо, андан бетер жакшы көрүнөт.

Жабык башка көк менен кызылдан «капкан оюмун» түшүргөн уздар кездешет. Демек, ал табакча сыяктуу тегерекче-тегерекче келет да, ар бир тегерекче өзүнчө курчалып, кудум кош жаактуу капкан сыяктанып, үзүл-кесилсиз уламыштар берилип кетет. Бул да «жалпы оюм» аркылуу жүзөгө ашып, үзүл-кесилсиз улаштыра берилип кетет. Бул да «жалпы оюм» аркылуу жүзөгө ашып, шырдак оюмдарынын нукура үлгүсүн билгизет. «Капкан оюмдун» ортосу төрт мүйүзчөдөн турат. Мунун четтик оюму «бычак учу», «ит куйрук», «бадам» оюмдардан болушу ортолук оюмду ого бетер кооз көрсөтөт. Тиш-тиш өңдөнтүп аламычтантып берген «ортолук оюмдун» табакча-табакча болуп көрүнүшү, буюмдун өзүнө таандык көркөмдүгүн белгилүү чекте ача алат.

Жабык башта азыр жашыл-кызыл өң арбын беттешүүдө. Анда «кыял», «кочкор мүйүз» оюмдарынын эле-

менттери ич ара ширелишип, мындайынан караганда көркөм буюмда «ийрек», «ит куйрук» оюмдарынын негизги элементтери да элестеп кетет.

Боз үйдүн ички жасалгасынын жалпы танабын «ак этек» ачат. Ал көбүнчө ак, кызыл өңдө берилет. Адатта, боз үйгө баш баккан адам шырдак оюмдарын өзүнө камтыган жабык башка үңүлөт. Эгер «табакча оюму» аркылуу берилсе, мунун ичинде «мүйүз», «кош мүйүз», «сыңар мүйүз», «кочкор мүйүз», «бадам» оюмдарын кыялдантуу керек. Анда табакча-табакча болуп түшкөн ортолук оюмдун аралыктарын «бадам оюму» бириктирип, ал көк менен кызылдан беттешсе, кооздуктун элдик мүнөзгө эгедер наркын билгизет. Анда ак-карадан кыялданта берилген «ак этек» түшөт да, ал буюмдун башындагы «бычак учуна» үндөшүп кетет. Буга жүрөкчөлөнгөн көркөм оюмдун четтерине «ит куйрук оюмун» кыйыштырып, анын четине «бадам оюмун» берсе, ал «ак этек» болуп көрүнөт.

Жабык башта «табакча оюмунун» ичинен «мүйүз оюмун», «бармак боочу оюмун» кыялданта берүүбүз туура болор эле.

Табакча-табакчалардын араларын «бадам оюму» бириктирип турса, ал көк-кызылдан беттештирилсе, андай буюм сөзсүз кооз көрүнөт.

Кийизге жүрөкчө болуп түшкөн көркөм оюмдун четтерине «ит куйрук оюмун» кыялдантып, четтик оюмга «бадам оюмун» берсе, ал «ат этек» болуп саналат.

Оймочулук

Оймочулук – буюм бетине кооздук түшүрүүдөгү элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Кыргыздар өзүнүн оюм-чийимдерин ар кандай шарттарда жараткан. Демек, ала тоолор, арсак-арсак зоолор, арстан тиш аскалар, күмүш өзөндөр, гүлдүү өрөөндөр, торгой көз булактар, карагай-черлер, көз кайкыткан мейкиндиктер, мал жайыттар,

алакандын отундай адыр-белестерди курчаган кыйма-чийме жолдор жана ушул сыяктууларга шыктануу аркылуу жаратылганы баамдалып турат.

Оюмдун жүзү, албетте, кийизде ачылат. Чебердикте «кочкор мүйүз оюму» ар дайым «четтик оюмдун» ордун ээлейт. Буюмга өзөк болот да, буюмдун ортолугу бүтүндөй «мүйүз оюмдардан» да болушу шарттуу көрүнөт.

Жалаң «мүйүз оюмдарын» көркөм каражат кылып, кийиз кармоодо анын аламачын «бычак учулап», «чагармактап», же «жарым кыялдантып» ак-карадан жупташтыруу гана буюмга кооздук ыроолойт. Мындай кылдаттык кызыл-көк беттешкен көркөм оюмга укмуштай жагым берет.

Уздар айрым учурларда «мүйүз оюмдарынын» ортолорун сары-көк түстө тиш-тиш кылып да көрсөтө алат. Анда төрт «кочкор мүйүз» оюму табакчаны түзөт да, алардын четтери «араа тиш» (бычак учу) «жарым чагармак» оюму аркылуу курчалышы ыктымал. Мында «табак» оюму оюмдун бир нече элементтеринин туундусу болуп көрүнөт. Анткени, төрт-беш эле табакча көзгө толумдуу бир оюмду жарата алат. Демек, бир эле табакчадан турган чакан үлгү жаратууга да болот. Мында чеберлер оюм баштарынан оюм чыгарууга да уз келишет.

Көпчүлүк чеберлер «кочкор мүйүз» оюму өңдүүлөрдүн баштарына «карга тырмак» оюму сыяктууларды берип жүрүшөт. Көркөм оюмдардын түпкүлүктүү наркын сактаган жана улап жаткан уздар жердиги манатка да, ноотуга да кооздуктардын өзүнчө кыялданган жакшынакай формаларын сактайт.

Кээ бир аймактарда жабык башка да көркөм сайма көчөттөрүн түшүрөт. Мунун четине кадимки туш кийиздей эки кат кызыл жиптен чалынып, жээк коюлат. Эки четине ак менен кызылдан сөөм карыштай айырмалана турган сайма көчөттөрү берилет. Бул боз үйдүн аянтына карата тегерете эндүүрөөк бычылып тартылат. Жабык баштын

аламачын «бычак учтантып», «чамгарактантып», же «жарым кыялдантып» ак-карадан жупташтыруубуз буюмга кооздук берет. Мындай уздук кызыл-көк беттешкен көркөм оюмдарга таандык.

Айрым учурларда «мүйүз оюмдарынын» ортолорун сары-көк түстө тиш-тиш кылып да көрсөтүүгө болот. Анда төрт «кочкор мүйүз оюму» бир табакчаны түзөт да, алардын четтери «араа тиш» (бычак учу), «жарым чагырмак» аркылуу курчалат. Мында «табак оюму» оюмдун бир нече элементтеринин туундусу болуп көрүнөт. Анткени, төрт-беш эле табакча көзгө толумдуу бир буюмду жаратат.

Бир эле табакчадан бир чакан үлгүнү жаратууга да болот. Мында чеберлер оюм баштарынан өзүнчө оюм чыгарууга да уз келишет. «Кочкор мүйүз оюму» өндүүлөрдүн баштарына «карга тырмак» сыяктууларды берип, көркөм оюмдардын түпкүлүктүү наркын сактаган жана улап жаткан уздар жердиги манатка да ноотуга да кооздуктардын өзүнчө кыялданган жакшынакай формаларын сактайт.

Жабык башка да көркөм сайма көчөттөрүн түшүргөн аймактар бар. Мунун четине кадимки туш кийиздей эки кат кызыл жиптен чалынып, жээк коюлат. Эки четине дейре ак менен кызылдан сөөм-карыштай айырмаланган сайма көчөттөрү берилет. Мында да жээк (четтик) жана борбордук (ортолук) көчөттөр түшүрүлөт. Бул боз үйдүн аянтына карата тегерете эндүүрөөк бычылат.

Аяк кап – кийизден жасалган ашкана буюму. Буга жыгач идиш-аяктарды сакташат. Аяк каптык кийиз бычылат да, шырдак сымал беттей оюлат. Бул буюм көчмөндүү турмушта кенен керектелип, боз үйдүн эпчи тарабына керегеге эки кулакчасынан илинген. Мунун жөнөкөй түрү жалаң кийизден жасалган. Коозу кадимки оюмдун четине көбүнчө ак-карадан «араа тиш», «бадам оюму», «ит куйрук оюму» өндүүлөр берилет.

Кол боёктор

Боёк – элдик көркөм кол өнөрчүлүктө териге, жүнгө, кездемеге өң берүүчү зат. Андай боёк жергиликтүү өсүмдүктөр – ышкын, чүкүрү, анар, жапайы тал, карагат өңдүүлөрдүн тамырларынан, жалбыректарынан алынат. Тамыры менен кабыгы боёого жарай турган өсүмдүктөр кутмандуу кыргыз жергесинен көп табылган.

Көркөм оюмдардын жана көчөттөрдүн өңдөрү ар кыл. Демек, бул түстүн көп түрдүүлүгү. Албетте, асман тунук, көпкөк, чөптөр жашыл, кар болсо аппак. Ал эми түстөрдүн айкалышууларында алар адамдын ден соолугуна, маанайына кандай таасир этээрин биз билебиз.

Үйдү жыйнап-тербөөдө түстүн ролу чоң. Бөлмөлөрдү көркөм жасалгалоо да мына ушуга байланышат. Мисалы, ачык түс бөлмөнү кенен кылып, күңүрт түс тескерисинче, тарытып көрсөтөт. Түстөрдү тандоодо бөлмөнүн эмнеге ылайыкташтырылгандыгын, бийиктигин, жарыктын түшүшүн, көркөм буюмдардын жайгашышын бөтөнчө эске алуу зарыл. Уктоочу бөлмөгө көбүн эсе көгүлтүр түс туура келет.

Балдар жатуучу бөлмөнү ачык түстөр менен сырдайт. Ошондой эле буюм-кечектер аркылуу жасалгалоо да талап кылынат. Мында жарыкты жана кооз жасалганы туура пайдалана билүүбүз – ден соолукка аяр мамиле жасоо дегендик.

Жасалга-колдонмо өнөрүн жаратууда туура тандалып алынган боёктор өзгөчө маани ээ. Түстүн адамга эмоциялык таасир бере тургандыгын дайыма эстен чыгарбоого тийишпиз. Башкача айтканда, түс жасалга өнөрүн түзүүчү ар бир сүрөтчүнүн жана элдик чеберлердин жекече чыгармачылыгынын ажарын ачат.

Азыр кездемелерди боёодо химиялык боёктор кеңири колдонулат. Муну менен жердикке түс берүү үчүн атайын жасалгаланган жайлар талап кылынат. Демек, сырьену (чийки жердикти) боёнун ыкмаларын таасын жүргүзө ала

турган фабрикалык шарттар болуу керек. Жөнөкөй эле үйдүн шартында химиялык татаал жол менен боёну иш жүзүнө ойдогудай ашырууга мүмкүн да эмес.

Жипти, жүндү, терини, таарды, кездемени сапаттуу боёшко уксус жана туз кислотасы өңдүүлөр өтө зарыл.

Боёкторду же химикаттарды дүкөндөрдөн өз убагында каалаган өлчөмдө сатып алыштын өзү бүгүн өтө кыйын. Ошондуктан, жердикти кол менен боёого туура келет. Тактап айтканда, чеберлер өсүмдүктөрдүн жалбырагынан, кабыгынан жана тамырынан ар кандай боёкторду даярдашат. Муну пайдалануууда ар бир уздун жекече мамилеси, өзүнчө табылгасы бар.

Тажрыйбалуу чеберлердин божомолдоолоруна караганда өсүмдүктөрдүн сабагын, тамырын, жалбырагын жана кабыгын чогултуу кечки убактарда жүргүзүлөт. Мында акыркы күн нуру өсүмдүктөрдүн боёк болуучу касиеттерин күчүнө келтирет. Боёктук жердикти бардык өсүмдүктөрдөн жайдын акыркы айында гана алуубуз зарыл. Боёк өсүмдүгү күн тийбеген жайда гана кургатылат. Мындай эң жөнөкөй ыкма менен буюмдун жердигин каалагандай боёп алууга болот. Бул – колдо боёонун эң ишенимдүү жолу.

Биздин жаратылышыбыз боёк болуучу андай өсүмдүктөргө өтө бай. Табигый боёктор менен боёлгон кездемелер, таарлар, терилер жана жүндөр эч качан өңүнөн өчүп кетпейт. Жууган сайын кайра жүзүнө чыгып турат.

Жүндү же кездемени сары өңгө келтирүүдө көбүнчө чычырканактын тамыры, тоо гүлдөрү пайдаланылат. Жердикти кызылга боёшко чалкандын тамыры, жашыл түскө боёшко анын сабагы жана жалбырагы керектелет. Ошондой эле чеберлер мала кызыл, даана кызыл өңдөргө келтириш үчүн анардын кабыгын да пайдаланышат. Ал эми жүндү кара күрөң түскө келтирүүдө жаңгак мөмөсүнүн кабыгы керектелет. Кызыл пияздын кабыгы менен ак жүндү саргыч кызыл жана күрөң кызыл түскө келтирип алууга болот.

Чеберлерибиз жүндү же жипти боёодон мурда анын кирин кетириш үчүн таптаза жууп алышат. Жүндү, жипти жана кездемени аппак кылыш үчүн да атайын кир жуугуч каражатты же ак ташты пайдаланышат. Аки таш жүндү же жибекти талаптагыдай агартуу менен бирге боёктун негизги корушу үчүн да ойдогудай мүмкүнчүлүк түзөт. Боёло турган жердикти муздак жана ысык суу менен бир нече жолу чайкап да алышат.

Буюмдун жердигинин нукура болушу көркөм кол өнөрчүлүктүн элдик салтына коошуп турат. Адатта, жипти боёгонго таза идиш керек. Азыр уздар көбүнчө эмаль идишти пайдаланып жүрүшөт. Боёктун түсүн өзгөртүп жиберүүчү идиштер да бар. Түрмөк жипти самындуу жылуу сууга салып, акырындык менен 20 мүнөттөй кайнатат, жипти тынымсыз аралаштырып, эгер суу боёктуу болуп кетсе, аны төгүп таза суу менен алмаштыруу зарыл. Жипти чайкап, ошондон кийин гана боёсо болот. Жуугандан кийин кургатпай туруп боёкко салса, жип тегиз боёлот. Жаңы жипти жууп жиберип, анан боёсо боёкту жакшы алат.

Боёкту идишке салып, үстүнө кичинеден кайнак суу куюп, бүртүксүз болгуча аралаштыруу керек. Анын үстүнө бир пакет боёкко 0,5 литр кайнатылган ысык суу куюлат. Тынымсыз аралашырып, идишке алдын ала 40-50 градус суу куюлуп, боёк эритмесине туз же ачык суу кошулат. Боёлгон жип толук муздаганга чейин боёкто турат.

Бир эле түрмөк жипти 3-4 өңгө боёго болот. Бирок, жиптин бир учун боёп кургатып, анан башка түстөгү боёкко дагы бир бөлүгүн боёп кургатып, анан үчүнчү боёкко дагы бир бөлүгүн боёого мүмкүн.

Жип тегиз боёлсун үчүн боёк эзилген сууга салынган жип көрүнбөй калганы жакшы. Эски жипти боёдо так, темгилдерин жууш керек. Жүн жиптердин ашыкча майын кетириш үчүн жууп, жылуу сууга чайкайт. Дагы кетпей калган жипти каралжын түскө гана боёт. Жүн жип чатышып калбашын үчүн аны түрүп, бир нече жеринен жип

менен бош байлап, ашык жоон жипке тизип, анан боёш керек. Боёодо жиптин жердик түсүн жана кайсы түскө боёо керектигин эске алуу керек. Боёодо жалгыз уяң жүн боёкко жакшы кирет. Ал эми кылчык жүндү боёгондо, аны боёкко абдан кандыра салып, муздак сууга жакшылап чайкайт. Антпесе, кылчык жүн боёлгондо бир аз бозомук болуп калат.

Бир койдун жүнүн (3 кг) боёгонго орточо 10 литр суу, 200 грамм боёк керектелет. Боёк үчүн ар кандай өсүмдүктөрдүн кабыгы, жалбырагы, ашы, тамыры ж.б. колдонулат. Айрым уздар боёодо алардын жаңысын да, кургатылганын да пайдаланышат. Күчүн жоготуп койбос үчүн өсүмдүк көлөкө жерге кургатылат.

Тажрыйбалуу чеберлер өсүмдүктүн боёк эритмесин алуу үчүн аны көлөкөгө кургатып, жанчып, майдалап, 100 кг өсүмдүккө 1,5 литр суу куюп жарым сааттай жаап коюшат.

Боёгу жакшы чыксын үчүн сода кошсо да болот (1 литр сууга 1 чай кашык). Андан кийин анда-санда аралаштыруу менен 1,5 сааттай кайнатылат. Алынган экстратты куюп алып, өсүмдүктүн үстүнө дагы суу куюп, 1 саат кайнатылат. Анан эки эритмени бириктирип, тундуруп куюш керек. Ага боёлуучу жипти салып, эки саат кайнатса жип боёлот.

Боёгондон кийин боёкту бекитүүчү же каалаган түскө киргизүүчү зат кошулбаса боёлгон жип, буюм көп учурда бозомук же ачык-күрөң түскө ээ болуп калат. Ачык түстү алуу үчүн ачык таш, күңүрт (кочкул) түстү алуу үчүн көк таш колдонулат. Кээде туз, ачык суу, кайындын гүлү ж.б. пайдаланылат. Мисалы, жазында карагайдын ийне жалбырагын жыйнап, аны менен жипти боёодо көк таш кошулса, жашыл, жаш төө буурчагына ачыкташ кошсо, сары: анардын кабыгына көк таш кошсо кара күрөң түс келип чыгат.

Түрдүү түстөгү кездемелерди же жиптерди керектүү өңгө келтирүү үчүн чеберлердин айла-амалдары, көп жыл-

дык тажрыйбалары болгон. Алсак, кызыл-көктөн кызгылт көк, кызыл-күрөңдөн күрөң-кызыл, кызыл-сарыдан кызгылт сары, кызыл-карадан кочкул күрөң, кызыл-жашылдан күрөң, сары-көктөн жашыл, сары-күрөңдөн ачык күрөң, сары-карадан кара, жашыл карадан жашыл кара, жашыл-кызгылт-көктөн жашыл күрөң, көк-күрөңдөн кочкул күрөң, көк-боздон (сур) чымкый көк, күрөң-боздон кочкул күрөң, боз-кызылдан күрөң бозомук, боз-жашылдан бозумук жашыл, боз сарыдан-саргыч жашыл түстөр пайда болот.

Ал эми кайсы өсүмдүктөрдөн кандай кол боёгу алынаарын да чеберлер мыкты туюшкан. Мисалы, ышкын жана анын кургатылган тамырынан (түбүнө) кочкул сары, козу кулактын жалбырагынан кочкул кызыл, карагайдын кабыгынан, шилбинин кургатылган кабыгынан сары өң пайда болот.

Боёо – элдик кол өнөрчүлүктө жүнгө, териге, кездемеге түркүн түс берүү. Буюм-тайымдарды кызыл, жашыл, көк, кара, күрөң, түймө чачыктарын топтоштуруп, түрдүү кооздуктарды жаратышкан.

«Боёгун жакшы кандырган,
Боосу терме кажары,
Адамдын көзүн талдырган», – деп айтылат.

Боёкчу – ар кандай жердикти жана буюм-тайымды боёнун ыгын таасын билген чебер.

Боз үйдүн негизги жабдуулары

Боз үйдүн жабдуулары – узанылуучу жана узданылуучу көркөм буюмдардын жалпы аталышы. Мында үй жыгачтарына негизинен уук, кереге, түндүк, босого-таяк, каалга жана бакан кирет. Үзүк, туурдук, түндүк жабуу биригип келип, боз үйдүн өрө кийизин түзөт. Боз үйдүн эшик чийи, канат чийи, чагдан чийи болот. Үйдүн жипшууларына эшме, сызма боолору кирет да, ансыз боз үйдүн жабуулары бекитилбейт.

Боз үйдүн ички жайланышы – эмеректердин үйдүн ичинен орун алышы. Эгер боз үй тегерек болбосо, шамалга байымсыз көрүнмөк. Мында шамалдын таасир эткен күчү аз болсун үчүн айлакер элибиз боз үйдүн цилиндир формасын тандап алышкан. Бул үйдүн ичин көркөмдөөгө, эмеректерди ирээттүү жайланыштырууга да ойдогудай жагдай түзөт. Тактап айтканда, казан-аяк, ашканадан өйдө көшөгө (уул-келин тартып жата турган жай) жайгашат. Төр, жүк, кийим-кечек, ала бакан, үй эсинин отурган жайына кийин ээр-токум орун алат, анан эшик ачылат, ортодо коломто, анда тулга турат. Боз үйдүн ичинин ашкана тарабы «эпче», эр бүлө жайгашкан тарабы «ыпча» деп бөлүнөт.

Өрө кийиз – боз үйдүн жабуусу. Түр салынбай, боёлбой, ак менен кара жүндөн калың жасалган кийиздин бир түрү. Өрө кийиз көбүнчө боз үйдү жабууга ылайыкталат. Ал көбүнчө күзгү жүндөн уютулуп, мунун бир жагы боз, экинчи жагы кара болсо аз сөзсүз бышырылат. Өрө кийиз өргөнү тигүүдөн байкалат.

Албетте, боз үйдүн өнүгүшүндө жүндүн мааниси өтө зор. Демек, үйдүн жабуусу анын боо-чулары жана ички жасалгалары үчүн да ошончолук мааниге ээ экенин билебиз. Тактап айтканда,боз үйдүн жабуусу төрт бөлүктөн турат. Аларга туурдук (тутуусу), үзүк, түндүк жабуу жана эшик тыш кирет.

Орточо үйлөр негизинен төрт туурдукка, эки үзүккө чакталат. Алардын чоң-кичинеси, узун-кыскасы үйдүн көлөмүнө карата бычылат. Мисалы, 12 канат үйдүн 6 туурдугу, 3 үзүк жабуусу болгон.

Үзүк. «Үзүгүн аппак бордоткон, этегин чачы тордоткон» («Манас»). Үзүгүнүн жээгине, үч эли кундуз койдурган» (Жеңижок).

Бул – боз үйдүн өрө кийизинин бир түрү. Уук үстүнөн келүүчү көлөмдүү жабуусу. Боз үй алдыңкы үзүктөн жана арткы үзүктөн турат. Бул да койдун күзгү жүнүнөн уютулат да, жабыла турган үйдүн чоңдугуна жараша бири-

бирине окшобогон төрт бурчтуктай бычылат. Бул жолдо үзүк баш жагынан узундугу 180-200-190-110 смдей, этек жагынан (ылдый) узундугу 730-325-750-850 смдей, жандарынын бийиктиги 180-330-200-250 смдей келет.

Үзүктүн чети бүйрүлүп калбасын үчүн жылкынын жал-куйругунан, топоз менен эчкинин кылтагынан чыйрак эшилип жээктелет. Эки үзүккө алтыдан 12 боо тагылат. Үзүк боолор өрмөктөө эни 5-6 смдей терилип согулуп, ар биринин учу чачыкталат.

Эни 20 смдей болгон ак кийиз менен кызыл кийиз оюмдары «милтеленет». Ал « үзүк жээги» деп аталат. Ага бекитилген «төтөгөнүн» этеги тегерете чачыланат. Мунун экиден төрт жерине «карга канат», «карга тырмак» өндүү түр түшөт.

Абалы алдыңкы үзүк жабылат. Анын үстүнө кайчылашып түшкөн төркү үзүктүн алты боосу керегелерге байланат. Кийиздин агын жана калыңын арткы үзүк үчүн пайдаланат. Аянты жагынан эки үзүк бирдей болот. Үзүктүн жалпы аянты үйдүн чоң жана кичинесине карай аныкталат. Алдыңкы үзүктүн башкы жана ортоңку боолорун туурдуктукундай сызмадан да, термеден да жасайт. Ал эми этек боосу эшилген жиптен тагылат. Үйдүн аянтына карай боо-чуларды төрттөн-бештен да тагууга болот. Арткы үзүктүн боолору эшмеден, термеден, сызмадан болот да, этек боосу эшме жиптен келет. Арткы жана алдыңкы үзүктүн үстүнө жана кырка этектерине кызыл кийизден же кызыл таза кездеме оюмдан «төтөгө» болот.

Туурдук – боз үйдүн өрө кийизинин бир бөлүгү. Туурдуктун этек жагы жазы келип, ууктун белине чейин жабуучу баш жагы кууш болот. Анткени, боз үй керегеден өткөндөн кийин улам жогорулаган сайын кууш көрүнөт. Ал – үйдүн кереге жабдуусу. Анын узундугу 1,80 – 2 мдей, 4,5-5 мдей бычылып, ал төрт бөлүктөн турат. Буга көбүнчө эчки менен топоздун кылтагынан кара-ак, кызыл-ак жип эшиле жээктелет. Аны «туурдуктун жээги» дейт. Туурдук-

тун эшме, сызма, терме боолору кадалган эки башы уукка бекитилет. Ал боолордун учтары «төкмө чачыланат» же «топ чачыланат».

ЧЫРМАКЧЫЛЫК

Чырмак – «... Тасма чийдей тарттырып,
Кырк-элүү кыз-келинге,
Кырмызы менен чырматкан»... («Манас»)

Бул – ак чийдин бирден талдап түрдүү түстөгү жүн менен чырмоо аркылуу көркөм оюм түшүрүү.

Чырмакчы – чийди чырмоо аркылуу кооз буюм жасаган уз.

Чырмакчылык – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Чийди түрлөнтүп кооздоп, турмуш-тиричиликте аны адими буюм катары кастарлап кармоо байыртан бери келе жаткан салт.

Башка элдерде жок, канатташ жашаган кыргыз менен казак элдерине гана мүнөздүү, анткени менен такай тигип, тоо арасында жайдыр-кыштыр көчүп жүргөн биздин калкка бөтөнчө таандык боз үйдүн ички кооз жасалгасынын ажарын ого бетер ачуучу өнөр чыгармачылыкты илгертен бери уздар укмуштай сарысаптап кармап келишкен.

Чий чырмап, аны токуу – боз үйдүн керегесинин сыртынан калоого канат чий, тамак-ашты жана казан-аякты орундаштырууга чыгдан чий (ашкана чий), үйдүн эшигинин бышык болушу жана элпек ачылып-жабылышы үчүн эшик чий деген салтта жүзөгө ашып келген.

Чийди торчолоп, чыны кап да токулган.

Кутмандуу кыргыз калкыбыздын жашоо-тиричилик ыңгайына карай ойдогудай колдонууда чийдин көркөмдүк татымын билген. Ошондой буюмду ойдогудай кооздоп жасоого мунун эң эле ийкемдүүлүгүн эл эзелтен бери эле жогору баалаган.

Чийден асемделип кармалган буюмдарды калк узак убакыт урунушкан. Чий улам кургаган сайын чыйралат. Илгери кийиз уютуп ийлегенге, тамак-аш койгонго, идиш-аяктын кабын жасоого чий шарттуу түрдө керектелген.

Көркөм көчөт түшүп чырмакталган чий буюмдары улам убакыт өтүп, эскирген сайын жүзүнө чыгат. Турмуштиричилик шартка жараша мунун жасалуу түрлөрү көп. Аларды ала-чий, орогон-чий, чырмак чий деп бөлүүгө болот.

Көркөм кол өнөрчүлүктүн башка түрлөрүндөй эле чийди чырмап согууда анын ар бир талына түрдүү түстөгү жүн (кээде жүн жипти да ороп-чырмап) аркылуу түшүрүлгөн оюм-чийимдер кандайдыр адамзат туюнтууга ыкмалдуу бир сюжет-композицияга бириккени көрүнүп турат. Мындай кабыл алынган оюм-көчөттүн стили жана мүнөздүү белгиси, адатта, кийиз оюмдарына, таар термелерге окшошуп кетет.

Албетте, тал чийди бирден кармап, аны түрдүү жүн менен чырмап, өз дүкөнүнө алып согуу өнөрүндө ошол уздун чыгармачылык жөндөмдүүлүгү аныкталат. Кыбыр бүткөн андай ишти зерикпей баса отуруп иштөөсү, андан көңүл толумдуу бир буюмдун бүтүмү жогору баалана турган.

Баарыдан мурда, токулган чий боз үйдүн ойдогудай эптүү тигилүүсүнө тийиштүү түрдөгү бирден-бир колдонмо жасалга катары пайдаланылат.

Албетте, бардык эле боз үйлөргө токулган чийлер бирдей кооздукта боло бербейт. «Беш кол тең эмес» дегендей өткөн заманда ар адам алына чактап, жашоо үчүн сөзсүз боз үй көтөрүүчү, кедейлер жана жупуну жашагандардын боз үйлөрүнүн дээрлик канат чийине, чыгдан чийине, эшик чийине эндей эле согулган ак чий каланган. Колунда барлар ак өргөө көтөрүшкөн.

Азыркы боз үйлөрдүн баарын «ак өргөө» деп атайбыз. Анда айыл ичиндеги кары-жаш жапырт чий чырмакка чыкырылган. Алардын түйшүгү өтө күчтүү болгон. Ушундай

биргелешип аракеттенүүдө уздан-уз, устадан-уста чыккан. Мындай кайра-кайра кармаган чий чырмак сыяктуу өнөргө кол учтары көнүккөн, көчөттөр көкүрөккө жатталган.

Арийне, андай ашарлар кийиз басууда, шырдак шырууда, килем согууда, кереге матоодо, боз үй көтөрүүдө көп болуп келген.

Айткандай, кол учуна кармалган бир тал чийге түрдүү түстөгү жүндү илбиреңки созуп эпилдетип, бирдей чырмай баштоочу жупуну эле аракеттин аягы тоолук элдерге мүнөздүү жана толумдуу бир түшүнүктү туюндурган.

Тигил же бул элдик көркөм оюм-көчөттү кашкайта келтирип таштоонун өзү канчалык мыкты өнөр экенинен биз ар дайым сыймыктана алабыз.

Кийинки мезгилдерде чий чырмакчылык өнөрү жалаң боз үйдү кооздоо жаатына карата гана багытталбайт. Ал архитектуралык жактан заңгырата салынып жаткан бүгүнкү үйлөрдүн бөлмөлөрүнө жаңы жасалгалоо менен катар көркөм белек-бекчектик маанисине ээ болуу каситтерине эгедер болуп саналат. Мындай өтө чакан кооз белек-бекчек буюмдарына чийден токулгандардын ар кандайлары кирет. Мисалы, жанда алып жүрүүчү баштыктар (сумкалар, салфеткалар, календарь илгичтер, гезит-журнал салгычтар, телевизор жана радио жапкычтар, дарек папкалар жана ушул өңдүүлөрдү айтабыз. Муну менен бирге үйдүн ичин жасалгалоо жагдайына ылайыктуу белектик туштуктар (панно) сыяктуу чакан кооз буюмдар да кирет.

Азыр жеке гана там үйдүн ичин жасалгалоочу мындай буюм-белектердин нускалык саны артылбастан, ар кандай тарыхый даңазалуу даталарга карай да уздануулар болуп жатат.

Чий чырмакта уздардын узануу аракеттерин бир азга эле карап отуруу адамды зериктирет. Ошондой машакаттардын натыйжасында бүткөрүлгөн асыл буюмдун көркөмдүгү, албетте, көз жоосун албай койбойт.

Чий чырмакчылык – адамдын жекече чыгармачылык оюнун түшүмү. Илгерки элдик чырмакчылар ага атайын үлгү колдонушкан эмес. Тигил же бул көркөм көчөттү чий аркылуу берүү үчүн алар көз өлчөмүн гана кадиктеген. Абалы кабыгы ааарчылган бир тал чийди алып, оюмдун көчөттүн кайсы жери түшөөр аралыгын сарысаптап өлчөп, аны ичке ийне аркылуу тырс тешип, өзүнчө белгилейт. Анан ага ылайыктуу назик тытылган созулма ички түйдөктүү жүндү бирдей калыңдыкта кол учунда эпилдете чырмашат. Мында жүн оролгон ар бир тал чий бири-бирине окшоштой түшөт.

Азыр уздар жана кол өнөрчү – сүрөтчү-прикладниктер белек-бечкек үчүн чакандап жасап жаткан буюмду адегенде кагазга үлгү катары түшүрөт. Тактап айтканда, чий чырмоонун экинчи мына ушул маанилүү ыкмасында, ушинтип, атайын үлгү колдонулат. Бул адис-сүрөтчүлөрдүн чыгармачылык мамилесине байланышат.

Бүгүнкү талапка ылайык буюм-белектердин оболу кагазга тартылган үлгүсү көркөм кеңештен өтөт да, аны дал өзүндөй чебер аткаруучулар жүзөгө ашырышат. Мында уздар как кылып кургатылган чийдин муунактарын бычак менен этиет кыргандан кийин чийди сапаты боюнча үч топко бөлөт. Демек, чийдин өтө ичкеси, орточосу, анан жоону болот. Ал атайын тартылып берилген кагаз үлгүгө жараша өлчөнүп кесилет да, эми чий актай согулат.

Чийди согууда мурунку элдик ыкма сакталат. Антип ак чий согулганга чейинки андай аракеттер негизги иштерди бүткөрүүнүн өбөлгөсү болот.

Токулган ак чийди көрүп, үлгүсү түшкөн катуу кагаздан оюлуп-кесилген үлгүнү (траферет-шаблонду) анын үстүнө жаткызып, «гуаш тембра» деген боёк менен сүртөт. Арыдан-бери кургаган боёк чийди кайра жандырып, бир талдан ирээттүү кармап, ошол трафарет аркылуу түшкөн из боюнча керектүү өңдөгү жүндөрдү чырмашат.

Чий чырмалып бүткөндөн кийин кайрадан токулат. Мындай ыкма менен көбүнчө юбилейлик даталарга карата тез даяр болууга зарыл атайын тапшырмалар аткарылууда. Мындай чий чырмак аркылуу кадимки сүрөттөрдү түшүрүп жасоого көбүрөөк көңүл бурулууда. Бул буюмдар туш кийиз ордуна дубалдарга тартылууга шартташат.

Чий – элдик көркөм чыгармачылыкта кол өнөрчүнүн түбөлүктүү жердиги, чыгармачылыкты жүзөгө ашырууда негизги материалы.

Чий өсүмдүгүнүн бышкан маалы августтун экинчи жарымына туура келет. Өтө ката элек чийдин түбүн жумшак кезинде ыгы менен жулуп, мээлүүн жерге кургатат.

Чийди түбүнөн кетмендеп казып алууга да болот. Согуу жана чырмактоо алдында абалы боолап коюлган мунун кабыгы аарчылат. Нымдуу жайда жаткан чий чирип кетиши ыктымал.

Күнөстүү Кыргызстанда чий өтө көп өсөт. Бул жердик республикабыздын Тоң, Ысык-Көл, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Ат-Башы, Жумгал, Тянь-Шань, Түп, Алай-Куу, Чоң-Алай сыяктуу аймактарынан арбын даярдалууда. Кенес-Анархайда да бул мыкты өсөт.

Бирок, айдоо аянтынын кеңейишине, жердин эрозиясына байланыштуу чийдин өсүшү улам убакыт өткөн сайын суюлуп баратат. Албетте, бул чийди даярдоону бир кыйла оордотот.

Чийсиз элдик чыгармачылык нукуралыгына жетише албайт. Ошондуктан, элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бул түрүн бүгүнкү күндүн талабына ылайык кенен өркүндөтүү үчүн жер ыңгайына жараша айрым аянттарга атайын чийди белгилүү өлчөмдө өстүрүүбүз максатка ылайыкташат.

Чий токуу – бир метрдей бийик эки казыкчага узата коюлган түндүк бакан же ошол өңдүү жыгач – тал чийлерди токуунун элдик дүкөнү. Чийди токуунун салттуу жөрөлгөсүндө токула турган жердик шоона төөнүн чуудасынан, же койдун узун-кылчык жүнүнөн ийрилип, чый-

ратылган. Ага тандалып алынган сайдын бирдей томпогой сүйрү таштарынан жыйырмадайы белинен байланат.

Чийдин талы бирден-бир кезеги менен дүкөнгө коюлган сайын шоонага чырмалып, саландаган таштар бири-бири менен алмашып турат.

Азыр чий боюнча көркөм өнөрканалардагы чырмакчылар шоона ордуна чыйратылган кебез жипти, таш ордуна эки жагына муунагы бар темирди колдонушат. Ал шоонадай байлоого эптүү, таштай кармоого сыйда болот. Токуучу жипти жоон-ичкелиги жасалуучу буюмдун үлгүсүнө, чийдин түрүнө жараша ылайыкташылат. Токулган чийдин аяк-башына кара жиптен «ийрек» түшөт.

Чырмакчылыктын көркөм көчөттөрү

Чырмакчылыкта деле негизинен эзелтен берки элдик мүнөзгө эгедер, төтөн, килемчиликке, өрмөчүлүккө такай колдонулуп келген көркөм оюм-көчөттөр сакталган. Бирок, мында бир бөтөнчөлүк көркөм көчөттөр чийге сындырылып түшөт. Тактап айтканда, тегерек тартып жумуруланбай бурч чыгарылып берилет. Андайларга: «кош мүйүз көчөтү», «кочкор мүйүз көчөтү», «туур мүйүз көчөтү», «сыңар мүйүз көчөтү», айтор, мындай мал чарбачылыкка байланыштуу көчөт-оюмдарды илгерки чырмакчылар арбын колдонушкан. «Каркыра көчөтү», «куш канат көчөтү», «карга тырмак көчөтү», «жагалмай көчөтү» сыяктуу канаттууларды элестеткен кооз түрлөрү да болот. «Ит таман», «ит куйрук», «тогуз төбө», «кырк шак», «табак оюм», «чөмүч оюм», «бадам» өндүү көчөттөр да чий чыгармачылыкта таасын колдонула берет.

Мындай көркөмдүктөр, айрыкча, Түштүк Кыргызстанда жашаган чырмакчыларда арбын учурайт. Ошондой эле «кереге көз көчөт», «ала мончок көчөтү», «комуз тили көчөтү», «килем көчөтү», «сайма көчөтү» жана башкалар. Ачыгын айтканда, мындай килемге таандык көркөмдүктөр чий чырмакчылыкта жүздөп саналат.

Ал эми бүгүнкү чеберлер – «гүл көчөтү» (гүлдүн байчечек түрлөрү), «атлес көчөтү» (атлес – шайынын түрү), «тынчтык көчөтү» (көгүчкөндүн жана кептердин сүрөтү), «көөкөр көчөтү» жана «кумара көчөтү» (карапа, шири) сыяктууларды көбүрөөк колдонушууда.

Көчөттөр бири-бирине өтөт. Оюм көчөттөр бирин-бири алмаштырат. Оюмдан көчөт, көчөттөн оюм жаралат. Бирок, бардык эле көчөттөр оюмдук милдетти аткара берет. Демек, оюм элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бүткүл түрүнө бирдей катыш жасайт. Ошондуктан, оюм биринчи, көчөт экинчи планда турат да, көркөмдүктүн ээси болгон уздун бир аты оймочу деп аталат. Мына ушундай оюм жана көчөттөрдү көркөм каражат кылып чеберлер салттуу үлгүлөргө узанышат.

Канат чий – чырмалган же эндей чийден токулган боз үйдүн керегесинин сыртынан каланууучу жабуу. Анын узундугу боз үйдүн аянтына карата аныкталат. Ал эми бийиктиги чыгдан (ашкана) чийдей келет. Эки башына үчтөн алты боосу болот. Алар ыңгайына карата уукка, керегеге жана босогонун таягына байланат.

Канат чийдин баш-аягы ийректелет. Эгер көркөм оюм түшүрүлүп чырмакталса, анда чийдин баш-аягы кара жүн менен чыбыкталат.

Керегенин сыртынан калоочу чийди үйдүн чоң жана кичинесине карай эки бөлөк согот. Канат чийди кызыл, көк, жашыл, сары, ак ж.б. ар түрдүү түстөгү жүндөн түр салып чырмап жасашат. Ал «чырмак чий» деп аталат. Чийди жибек менен да чырмашкан.

Өткөн мезгилдерде 10-12 канат ак үйлөргө тасма чийди да колдонушкан. Бир кылка ичке чийди «тасма чий» деген. Ага көркөм көчөт түшүрүшкөн. Жалаң ичке чийди тандап алып, түрдүү жибек менен чырмап, кооз көчөт берген.

Албетте, тасма чийлерди чырмоо – татаал көрүнүш. Уздар эки канат чийди минтип чырмап бүтүрүүгө эң кеминде 4-5 чырмакчы болжолдо 5-6 ай убакытты сарптаган.

Канат чийге көркөм оюм-түр түшүрбөй, түрдүү түстөгү жип менен жыш эле чырмактап да жасашат. Аны «чыбыктоо» же «тап бердирүү» деп атайт. Мисалы, канат чийди «мүйүз оюму» менен бериш үчүн ар бир чийдин эсеби алдын-ала такталат. Чырмалуучу ошол бир талдын баш-аягынан чени да узга белгилүү болот.

Эгер уздун көңүлүндө уялап жүргөндөй муну төрт өңдө берүүгө тийиш десек «мүйүз оюмунун» башын же анын чеке-белин так көрсөтүүдө кайсы түстөгү жүн канчанчы тал жүн аркылуу кошулат. Оюм менен ак чийдин аралыгы кандай берилет, оюмдун кылда учу менен аягы кандайча кошулат, ошондо узун-туурасы метр, бир метр 80 см бийиктиги бар буюмдун жалпы аянтына канча тал чий, жүндүн түрүнөн канча өлчөмдө кетээрин чырмакчылар баамдайт. Ар бир чырмалган тал чий белгиленип турат.

Канат чийди чырмоо менен согуу үчүн буюмдун мыкты үлгүсү катары аракетти мына мындан баштоого тийиш. Чийдин аяк-башы, адаттагыдай, кара жүн менен чырмакталып, ал «ийректелет». Эми түшүрчү көчөттүн фонуна кызыл өңдү тандайт. Анан көктөн «мүйүз оюмун» бергенде, буюмдун ортосу үч бурчтук келет. Анын ичине сарыдан көчөт түшүрүп, жогоруда биз айткан ушул шарттуулук дал өзүндөй кайталанат. Кызыл менен көктүн айрым жерлери сары аркылуу жээктелет. Ал андан бетер буюм жүзүн ачат.

Адатта, чий буюмдарына түшүүчү көркөм оюм-көчөттөр бурч чыгарылып, сындырылып түшкөндүктөн «мүйүз оюмдарынын» башы «бармак боочу оюму» баштанып калуусу да ыктымал. Мына ушундай «канат чийдин» өзүн жогорудагы үч өңдү айкалыштырбай эле ак-кара аркылуу да берүүгө болот. Албетте, мындай бири-бирине карама-каршы эки өң өтө «алачакмактанып» калары белгилүү.

Болбосо, кара ийректен кийин канат чийдин жээгин «сарыдан» берип, буюмдун четтигине кызыл-кара «бадам оюмун» түшүрүп, анан «салбай оюмун», «табак оюмун», «омуртка оюмун» келтирүү салтка айланган.

Мындай көрүнүш Нарын аймактарында кулач жаюуда. Мында оюм-көчөттөрдүн ортолору омурткаланып, өз ара шуруланып, «тап бердирилип», төрт бурчтук, тумарчаланып, кошуу (+) белгиси өңдөнүп, «ала мончоктонуп» турат.

Көркөм буюмга «ала мончок» берүү көбүнчө чий чырмакчылыкка, өрмөкчүлүккө жана килемчиликке бөтөнчө таандыктай туюлат.

«Тап бердирүү» – буюмдун өңүн буруу жана ачуу, айрым жерлерине өзүнчө өзгөчөлөнгөн ачык белги берүү. Маселен, чийди чырмап чыбыктап, аны ак чийге аралаштыра токуу, өрмөктү эндей таар согуп баратып, айрым жерлерине түз түшүрө чалып кетүү, токулуп жаткан килемдин бир өңчөй жерлерине башка өң келтирүү жана башка ушул өңдүүлөр – тап бердирүүнүн ачык далили.

Жоон чийди жүн менен чырмоо – тасма чийге караганда оңой болгон. Жалпы эле көчөтү бар чий үйдүн ички жасалгасына кошумча кооздук берип, жайдын күнү үйдүн ичин чаңдан коргоп салкындатат. Кышкы күнү сууктан сакталган. Үйдүн эптүү тигилишине да шарт түзгөн.

Демек, чий чырмалса, чырмалбаса да кыргыздар чийсиз боз үй тикпеген. Анткени, чийсиз боз үй коолдоп, ички көрүнүш жоголуп, ысыкты да, суукту да өткөрө берет.

Кыргыздарда «Кереге чийдей болбойт, келин кыздай болбойт» деген кеп бар. Үйгө калана турган чийдин бийиктиги орто эсеп менен 1,60 – 1,70 см болот.

Чыгдан (ашкана) – ичине идиш-аяк, тамак-аш коюлуучу чийден жасалган боз үйдүн эпчи жаккы бөлүгүнөн орун алат. Бул бийиктиги болжолдо 120-150 м, узундугу 2-2,5 метрге жетип, кооз чырмак оюм салынып да, жөнөкөй да токулат. Өң жагы уукка байланган чыгдандын эки жагында үчтөн алты кулагы болот да уук-керегеге байла-

нат. Босого тарабы ашкана оозу (чыгдан оозу) чий аркылуу тосулат. Бул урунтуктуу болсун үчүн аяк-башы 10-15 смче кездеме менен капталып, өйдө жагындагы жердикке жарашыктуу сайма көчөттөрү түшүп, түрдүү мончоктолгон «топ чачы» тагылат.

Чыгдан чырмакта «көчөт» берүүбүз тийиш болсо, канат чийдей ар бир тал чийдин эсеби алдын-ала такталат. Ошентип, кол учу, көз майынан чырмалган талдар биринен кийин бири тизмектеше байланып, бара-бара оюмдун ажарын чыгара баштайт.

Албетте, мындай ыкма бир гана боз үй көтөргөндө чыгданга, канат чийге жана эшик чийге түшкөн көркөм оюм менен көчөттөрдө келтирилет.

Чыгдан чийдин баш-аягы канат чийдей кара жүн менен чырмакталып ийректенет. Эгер көчөттөрдүн фону сары болсо, анда кызыл, көк өңдөр буюм бетине үстөмдүк кылат. Мында да четтерине «бадам оюму», «мүйүз оюму» түшүп, буюмдун ортолугу табакчаланып, анын ичине келтире турган көчөттөр «жарым ийректелет».

Табакча-табакча болуп түшкөн көчөттүн четтери шарттуу түрдө башка ылайыктуу көчөттөр менен бутактанып кетет. Табакчанын төрт тарабын «ала мончоктоп» койсо да болот. Албетте, ошол «табак оюмдун» көчөтүнүн чок ортосуна дүйнөдөгү тынчтыктын символу болгон ак кептерди символ катары соболонтуп койгон чырмакчылар да бар.

Ашкана чийдин ичине түр шырдактай көркөм көчөт берүүдө чырмакчылар, эгер буюмдун фонун жашылдан тандаса, чагаракталып түшүүчү көчөтү кызыл болсо, мунун элементтеринин сыртын сөзсүз мала сарыдан жээктеп кетүүсү керек. Мында түр чыгданда төрт элементтен турат да, мунун ичинде «араа тиштелген» ак-карадан «аламончогу» буюмду өңүнө чыгарат.

Түрдөнтүп берүүдө ак, сары, кызыл, көк, жашыл – беш өңдү бири-бирине жупташтырууда чырмакчынын чеберчилиги ого бетер артылат.

Мыкты көркөм көчөттөрү бар чырдак оюмдарынын табакчаларындай көчөт үзүл-кесилсиз түшөт да, адатта, көк-кызыл өңдөр беттешип, ар бир табакчада «кайкалак», «кочкор мүйүз» оюмдары көчөт болуп берилип, алардын ортолоруна үч курдай «омуртка» же «чымын канат» көчөттөрүн келтирүү аркылуу буюмдун кооздугу берилет. Ал маңдайынан караганда килем көчөттөрүн да элестетет.

Анткени, чий бетиндеги көркөмдүктөр тааргa, килемге таасын түшөт жана чий буюмдары менен үндөшөт.

Чыгдан баштарындагы сайма чырмак көчөттөрүнө жупташат. Анда «тогуз төбө», «мүйүз», «жагалмай канат» өңдүү оюм-көчөттөр ирети менен кайталанып, чачысы кадимки тегирич, күзгү кап, текче сыяктуу буюмдарыкындай болот. Буга «кылыч байлоо», «тор чачык» өңдүү көркөмдүктөр мүнөздүү болот. Көчөт табакчалары бир чечүүчү ойду туюндурат. Натыйжада, эл арасында «бул жүрөк оюму менен бүтүптүр», «буга мүйүз оюму түшүптүр», «мунусу болсо табак оюму» деген бүтүм ойлор айтылат. Ансыз негизги оюм менен четтик оюмдардын жүзү ачылбайт да, ички кооздуктарда чатышуулар, «өзүм билемдиктер» баш-аламандыктар пайда болот.

Жалпы алганда чырмакта кочкул кызылга же тескерисинче, мала кызылга кочкул кызыл «жээк», «аламыч», «ала мончок» болсо ошондо буюмдун өңүн башкача ача алат.

Чыгданда «кырк шак» көчөтү көңүлдүн борборуна алынат. Ал көк өңдө берилсе, фону кызыл көрүнүп, көчөт ортосун сары түс аркылуу ачат. Буюмдун четтери ак менен курчалат. Так ушундай көчөт түшүрүү ыкмасы канат чийде да дал өзүндөй төптүктө сакталат.

Эшик чий – боз үйгө кирип чыгууда эшиктин элпек жабылышы үчүн жылкынын жазы көгү менен токулган чий. Боз үйдүн бир бөлүгү. Түшүүчү көркөм көчөттөр анча деле чакмактанбай, буюмдун четки ийреги кийизге беттей тиги-

лет да, мында негизги кызыл-көк, кара-кызыл, кара-сары, кара-ак сыяктуу эки өңдө гана жупташат. «Мүйүз оюму», «такта», «шайы» өңдөнгөн көчөттөр эшик чий үчүн өтө мүнөздүү көрүнөт, чийдин төптөшүп, жакшынакай чырмалып токулганы, кайчы көктөлгөн көктөр ууктун алдынан көрүнүп турат. Мунун көркөм көчөттөрүнүн четине түшкөн «аламончоктору», «араа тиш», «тумарча» кейиптенет.

Ачып-жабууда абдан бышык болушу үчүн аны согууда атайын жылкынын жазы көгү колдонулат да, буга деле чыгдан (ашкана) жана канат чийге таандык көркөм көчөттөр түшүрүлөт.

ТҮЙМӨЧҮЛҮК (ЧАЧЫКЧЫЛЫК)

Түймө – боёлгон түркүн жүн жиптен (майда тилинген кайыштан) жасалган чачык, түйүм, кооздук. Түймө (чачык өнөрү) – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

Чачык – боёлгон жүн жиптен жасалган буюмдар. Мунун «чаян түйүш», «кылыч байлоо», «өрмө чачы», «түймөч чачы», «төкмө чачы», «иймек чачы» сыяктуу ыкмалары бар. Боз үйдүн тегиричине, аяк капка, күзгү капка жана текчеге (секичекке), чыгданга жана ушул өңдүү буюмдарга да таандык чачыктын өзүнчө түрлөрү болот.

Элдик өнөрдүн бул түрүндө түйүү, тордоо, чачылоо жана чалуу деген терминдер алмак-салмак айтылат.

Түймөкчүлүктүн жүзөгө ашкан түрүн элибизде чачык деп аташат. Ал төкмө чачы, түймө (коңгуроо чачы) чачы болуп экиге бөлүнөт. Мунун негизги жердиги жүн.

Чачык – элдик түймөчүлүктүн бир түрү. Ал эки ыкма менен жүзөгө ашат. Түймө чачыны керип алып, бир баштан түйүүнү бир эле уз аткарат. Төкмө чачыга эки же андан ашуун адамдын колу тиет. Бирөө чачыктын эришин эпилдетип өткөрсө, беркиси катуу чыйратылган жипти калыбынан жылдырбай алмаштырып турат. Ошентип, чый-

ратуусу келишкен жип тегиз селкилдеп, төкмө чачысы көңүлгө тойгондой элести тартуулайт. Төкмө чачыда «чок» болбойт.

Түймө чачыны да кылдырооч, тегирич үчүн пайдаланабыз. Муну колу билгендер түрлөнтүп жиберишет. Албетте, мында түймөчүлөрдүн ыкмалары бири-биринен айырмаланат.

Мурунку уздардын узданууы ыкмаларынын бөтөнчөлүктөрүнүн бири саймаланган түймө чачыга шуру да өткөрүшкөн. Андай кооз буюмдарды айыл арасынан азыр да кездештиребиз.

Түймө чачыны жасоодо түймөчүлөр ар бири үчтөн тал жипти он төрт жолу чалып, 42 тал жипти жаңылбай түйүп, анын торчосуна 8 тал жипти колдонушат.

Тор чачык – түймө өнөрүнүн бир түрү. Түймөчүлөр анын адегенде керенесин (кыюусун) түйөт. Ал төрт катар кыюлангандан кийин эки тал жиптерди төкмө чачы кылып алат. Мунун ар бири төрт-төрттөн байланышат. Ал кайрадан эки-экиден ажырайт. Ошондо түйүлүп жаткан чачынын көзөнөкчөлөрү төрт чарчы өңдөнүп, байчечекей гүлүнө окшошот. Тор чачыктын эң жөнөкөйү төрт көзөнөкчө менен бүтөт. Анан 10 тал жиптен эки элидей (4-5 см) «чогу» чыгат. Чачыкка төрт кат жип пайдаланылат.

Кылыч байлоо – түймөчүлүктүн бир түрү. Муну негизинен Ат-Башы, Нарын аймагындагылар арбын кармашат. Ал көбүнчө боз үйдүн тегиричи, күзгү кап, текче, кылдырооч, сайма жабык башынын жээгине тартылат. Мында ар бир алты талдан жипти үчтөн кайчылаштырып байлоо керек. Анын «өрмө чачысы» бар.

Мында алты тал чыйратылган жип экиден үч сыйра өткөзүлөт да, андан текши көзчө (торчо) чыгарылат. Мунун аягына адаттагадай, топ чачысы түйүлүп, буга болжол менен 100-150 чукул тал жип керектелет. Муну «чок» деп атайт.

Чаян түйүн – элдик түймөчүлүктүн бир түрү. Чаян түймөдө абалы жипти ыскыттай чыйратып, муну бир нече каттайт. Анан жасалуучу буюмдун болжолундай ченеп, кесип-кесип алат да, аны сыртынан жиптер менен түрлөнтүп оройт. Эми анын илгичи жасалат.

Болжолдоп алганда ууктун учуна илгидей кылып, ал көзөнөкчө жип аркылуу бектилет. Анын аягына чаян түйүндү берүү үчүн эшилип алынган үч жип бири-биринен арчындалып өткөзүлөт да, аягына узундугу нукумдай, сөөмдөй топ чачык жасалат. Демек, алдынан эки айрыкча (бутча) мууну топ чачыктан көрүнүп тургандай ар биринин жогорудагыдай түйүшү чыгат. Андан соң чаян түзүлгөн үч жип үч илингичи аркылуу кайрадан биригип, эми бул жерде «чаян түймө» менен топ чачысы пайда болот. Мунун ар бир айрыгынан дагы үч бутчанын төрт чаян түйүмү жана эки илмесинин этеги да топ чачы аркылуу бүтөт. Ал боз үйдүн ички себи үчүн колдонулат.

Айткандай, ууктун эки же төрт тарабынан илинүүчү кооздукту уздар чаян түйүп жасашып, эшикти ачып-жабууда эпкин аркылуу жылааажындай жагымдуу үн бергендей ага кичинекей коңгуроолорду тагышат. Демек, илингенде «чаян түйүм» жана топ чачылары бажырайып салаңдап турган мындай буюмду айрым жерлерде «уук учтук» («дабыш бекет») деп аташат.

ЭШМЕЧИЛИК

Эшме – койдун тытылган жүнүнөн, эчкинин, топоздун кылтагынан, жылкынын куйрук-жалынан түйдөктөп, чыйратуу менен жип кылуу. Малдын түгү эшмечиликтин негизин түзөт.

Эшмечи – эшмени жүзөгө ашыруучу чебер.

Эшмечилик – кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Бул байыртан бери көчмөндүүлүктө, күндөлүк турмуш-тиричилик жагын көздөп, жалаң мал-чарбачылыгына байланышкан.

Калк боз үйдүн боолорун, бирдемелерди байлоо жана жүктөө үчүн муну кыргыз аялдары жапырт кармашкан.

Эшменин үч түрү бар: жалаң жүндөн эшилүүчү жипшууларга боз үйдүн: уук боосу, түндүк боосу, туурдук боосу, үзүк боосу анан кырчоосу сыяктуулар кирет.

Жалаң кылдан көбүнчө чылбыр, аркан эшилет. Анан калган жүндү бөлүп, желе, кулун-тайга нокто, козу-улакка көгөн эшишкен. Кап, баштык, уук боолору да ошондой эшилген. Кыргыздын кылчык койлорунун жүнү эшмечилик үчүн негизги жердик болгон.

Бир нерсе тигүүдө жип-ийне же шибеге өткөн жерден өтүп кетпей такалып калсын үчүн учу түйүлөт. Ал түйүн деп аталат. Чие байлоо сыяктуу байлоонун түрлөрү пайда болгон.

Булар ыңгайына жараша колдонулган жана керегине жараша өздөштүрүлгөн. Мисалы, бут кийимдин боосу илмек байланат. Анткени аны кайра чечкенге оңой болот.

Казык баш чалып байлоодо да илмек болот. Мында жип оңой чечилет.

Ал эми атты үч буттап отко койгондо чылбыр аттын арткы бутуна күрмөп байланат. Күрмөп байланган түйүн өзүнчө чечилип кетпейт. Анда да учу илмек болот, кол менен кайра оңой чечилет. Ошентип, көчмөндүү турмушка байланыштуу жипти байлоонун ар кандай ыкмалары өздөштүрүлө баштаган.

Бара-бара жиптен өрүп, эшип, түйүп, буюм жасоону үйрөнө башташкан. Жоондугу, узундугу, чыйратылышы, челдениши, текшилиги, чыйрактыгы, бышыктыгы – оңуп кетпеши аркылуу жиптин сапаты өлчөнөт. Жиптин чыйрактыгы жана бышыктыгы бири-биринен ажырагыс касиет. Эгер жипти чойгондо кайра жыйрылса, анда ал жип бышык, мындай жиптин сыны бузулбай, узак мезгил көөнөрбөйт.

Эшме буюмдары

Аркан – жылкынын жал-куйругунан, эчки-топоздун кылдагынан эшмечилик өнөрү менен бүткөрүлгөн жүк жүктөөчү, кайтарылган малга тагылуучу жоон жип. Анын узуну 12 кулачка жетет. (Аны эшүү чылбыр бел кырчоону, желени эшүү менен окшошот). Даакы кыл аркан жылкынын куйрук-жалынан болот да, ал урунууга өтө бышык келет.

Бел кырчоо – боз үйдүн туурдугунун ортосунан тегерете курчалган узун жип. Ал жүндөн, кылдан да болот. Кыл же жүн таралып, түйдөк кылынат да, кол менен катталып, аркан менен чылбырдай эшилүүчү жиптер чыйратылат. Толгоосу солго имерилет. Үч адам толгойт, бирөө эшилип жаткан бел кырчоолук аркан-жипти түрөт. Муну жасоо – эшмечиликтин татаал түрү. Бул тогуз-он эки жиптен турат да, бел кырчоонун узундугу боз үйдүн көлөмү менен өлчөнөт.

Аргамжы – эшме өнөрү аркылуу бүткөн буюм. Аркандын кыскараагы. Бир нерсени байлоо, таңуу үчүн пайдаланылат. Ал да аркан сыяктуу кылдан, топоздун, эчкинин кылтагынан кыл аралаштырыла эшилип жасалат.

Чылбыр (кыл чылбыр) – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Ал эшмечиликте кармалат. Ал минген унааны байлоо, отко коюу, жетелөө үчүн колдонулат. Чылбыр 2-2,5 мдей узундукта жасалат.

Абалы жылкынын туу куйругу, жалы, топоздун куйругу таралып, түйдөк кылынат. Кол менен эки катталып эшилип коюлат. Ал жиптер оңго чыйратылат да, толгоосу солго имерилет. Үч адам толгойт, бирөө эшилип жаткан жипти түйөт.

Кыл чылбыр 9-10 жиптен турууга тийиш. Болжолдоп алганда ал үч кулач болуп өлчөнөт. Эшкен убакта мунун жарым кулачы кыскарат да, эки жарым кулач чылбыр урунууга сыйда келет. Унаа чылбыр аркылуу мамыга

казык бош чалынып, күрмөлүп байланат. Атты тушоодо жана өрөөлөөдө көбүнчө күрмөлөт.

Көгөн – эки казыкка керилип, козу-улак, кой-эчки байлоочу эшме аркан. Ортосу желенин арасына кыпчылып кармалган, бир учу көзөнөктөлгөн, экинчиси томпоюп чоң түйүлгөн эки кат эшме жип буурчакка жандыктар каршы-терши тизилет. Бир көгөндөгү буурчактын саны болжолдо 50-60ка дейре болот.

Уук боо – кереге баштардын кайчы чалып, уук менен тыкыр байлап беките турган эшилген жип. Же аркак салынып, түрдүү жиптер чалынган ичке сызма. Ал уук башындагы көзөнөккө бекитилет. Мунун узуну бир метрдей (кулач) келет да, көчкөндө жыйналган ууктардын баштары ушул боо менен имере чалынып байланат.

КУРАКЧЫЛЫК

Куракчылык илгертеден калган жасалга өнөрү. Ал – ата-бабалардан калган салт. Көркөм кол өнөрчүлүктө үнөмдүүлүктү сактоонун негизги шарты. Илгертен курак ыкмасы менен кооздолгон жана өтө кылдаттык менен пайдаланылган буюмдарга кадимкидей колдонмо-жасалга үлгүлөрү кирген.

Куракчылык – түрдүү түстөгү кездеменин, теринин, кийиздин, таардын өөнүнөн кураштырылып жасалган буюм жана буюмду кармоо ыкмасы.

Куракчы – курак куроо боюнча уз.

Курак – бычмачылык, тикмечилик өнөрүнүн бир түрү. Бул термин айрым аймактарда курама деп да аталып жүрөт. Анын негизги себеби, бир боордош өзбек жана тажик элдери менен бул ичкилик кыргыздардын эзелтен этнографиялык тыгыз байланышта экендигин күбөлөндүрөт. Курак – кыздардын себинин да негизин түзөт. Уздар мындан жууркан, төшөк, жаздык, көшөгө, табак кап, кашык кап,

күзгү кап, чай туткуч, текче, дасторкон өңдүү буюмдарды жасашкан. Курак буюмдары жүктүн көркүн чыгарат.

Курак ат жасалгасын түзгөн. Илгери кулакчын кылып жасап, аттын башына кийгизишкен. Демек, кулагынан куйругунун учуна чейин курак менен жасалгаланган атка мингизип алып күйөөгө узап жаткан кызга чоң энеси насаат ырын айткан.

Курак буюмунун жердиги элдик аш-тойлордон жана кыз берип, уул үйлөнгөндө аларга тигилген кийимдердин, даярдалган септин кыркындыларынан болгон. «Тилеги – ушул адамдардай узакка жашап, уул үйлөсөк, кыз берсек» деген ниети куректан сезилип туруучу.

Жаздыкка жана келиндин көшөгөсүнө турна көчөт түшүрсө, тескерисинче жерге салынуучу курак төшөккө ал көчөт колдонулган эмес, бүгүн курак ыкмасы менен жасалгаланган буюмдардын саны жана сапаты мезгилдин учкул талабына жараша өзгөрүүгө ээ болууда.

Курак буюмдары баркыт, жибек, кыжымы, парча, атлес сыяктуу баалуу жердиктен жасалып, сапаттуулугу жана көркөмдүүлүгү артылууда. Элдин турмуш-тиричилигинин жакшыруусу менен жаңы буюмдар пайда болгон. Аларга диван жапкыч, керебет жапкыч, сын алгы жапкыч жана кресло жапкыч сыяктууларга байланыштуу жаңы терминдер чыкты.

Күзгү кап, текче жана жаздык (балыш), туштук өңдүү саймаларынын ички кыюуланган четинен кийин «кунаба курак» (карышкыр көзүнө окшош) өңдөнтүп, куракты окчун-окчун берет. Кайрадан майда «боорсок көз куракты» (төрт чарчы), «тажатма куракты» түшүрүп, эми буюм жердигинин ортосуна «илме дос» саймасы түшөт. Ал көркөм көчөттөрдү анча коюулантпайт, «бадал бутактана» алуу көрктүү болот.

Үйдүн саймачылык өнөрүнүн башка буюмдарга да эриш-аркак көркүнө-көрк жаратуучу ыкмалардын негизгиси азыр курак болуп саналат.

Курактын катта курак, айырма курак, бөрү көз курак, турна курак, каркыра курак деген түрлөрү бар.

Булардан сырткары уздардын кылдаттыгын сынаган түрү кунаба курак болуп саналат. Мындан курактын эң эле майда, муну тигүү-бычуу өтө татаал экенин түшүнөбүз. Кунаба деген сөздүн өзү курак деген түшүнүктү билгизет.

Бычып-тигүү өнөрүндөгү түр ушул куракчылык дегендиктен муну кайчылап, тумарчалап, бирине-бирин туташтырат.

Курак негизинен учуктуу ийне аркылуу жүзөгө ашат. Тигүү машинага караганда ийне менен кездемени кыюу жеңил болот жана нарктуудай туюлат. Арийне, курак куроо – ийне менен кудук казгандай. Анткени, жогоруда айткандай, күзгү каптагы, текчедеги, балыштагы, жаздыктагы, туштуктагы курактар өтө майда, даана, сыйда да түшөт.

Көрпөчөдөгү, жер төшөктөгү курактарды катта курак (чоң курак) дейбиз, же жөнөкөй курак деп аталат. Курактын жердигин илгери илатас дечү. Ал ак сүрп менен кара иластан турат. Мындан сырткары кызыл кочкул, ачык кызыл иластан «култук», «маңгыс» жана көз салынат. Бул – жогоруда көрсөтүлгөндөй элдик куракчылыктын көркөм көчөттөрү болуп саналат.

Курак элибиздеги байыркы өнөрлөрдөн болуп саналат. Куракчылар «омуртка», «ийрек» жана «жылдызча» деген өндүү көркөм көчөт түрлөрүн курак буюмдарында такай кармап келүүдө.

Курак, бул – жоктон бар кылуучу өнөр. Абалы, ошол ар нерселерден түшкөн өөн-бучкакты тегиз бычып алышыбыз керек. Мунун бирөөнү чоңураак, бирөөнү кичирээк кылса ал курагыбыз жасалуучу буюмубузга түз түшпөйт. Ийриленип, сөлпүлөнүп, куракчылар айткандай жинди курак болуп калат. Эгер ошол куралып жаткан жерине бирди жарымы чак келбесе аны тегиздеп (өзүнчө курак курап) алышат.

Азыр чеберлер адегенде эндүү кездемени бычып, текшилеп алышат. Анан түрдүү түстөгү ошол жердикти бир баштан тигүү машинасына коёт. Алар көөнүнө жаткан түрдүү көчөттү ошол буюм-тайымга ылайык түшүрүүгө көңүл бурат. «Омуртка», «ийрек», «жылдызча» өндүүлөрдү келтирүүгө кездеменин өңү өтө жарашык берет. Курак буюмга кара-ак, кара-кызыл, көк-ак түс ажар ачат.

Курак буюму бүгүн жеке туш кийизде, күзгү капта, текчеде, туштукта, балышта эле эмес, азыркы курулуп жаткан үйлөрдү жаңыча жасалгалоодо да колдонулууда. Шырдак үстүнө курак төшөк салынууда. Дивандын, керебеттин үстүнө жапкыч кылынууда.

Жасалуучу буюмду өтө эле «ала чакмактатып» берүүнүн анча зарылчылыгы болбойт. Куракта элдик саймачылыктай «суусу» (куракта көчөт араларын бөлүүчү белги) үчүн ак менен сары өң укмуштай ачып кетет.

Ал эми куракчылар баардык өндөрдү пайдаланып, алардын айкалыштарын билүүгө чебер келишет. Куракта кооздук өзүнчө «табакча-табакча» болуп келип, «суусу» ак, сары өң аркылуу тегеректелет.

Курак көчөттөрүнүн түрүн уздар ар түрдүүчө кыла берүүгө мүмкүн. Бүткөрүлүүчү буюмдун көчөттөрү мындай карасак «кыял» өндөнүп да кетет. Уздар жүзөгө ашырган курак төшөк, туш кийиз, керебет жапкыч, сын алгыга тарткыч жана жаздыкка койгуч сымал буюмдар ыгына карай сындырылып түшүрүлөт.

Курак төшөктөрдү жээктеп туруп, четин кырка тумарлап коёт.

Мындай төшөктү өйдө-төмөн кылганда бүктөлбөйт жана бырышпайт. Куракты талаптагыдай кооз түшүрүү үчүн өндү арбын тандап, аларды чаташтыбай айкалыштырып, өөн-бучкакты кылдат тиге билүүгө машыгуу керек.

Каттама курак – негизги куракгардын бири. Мында ак-кара кездемелердин өөнү буюмдун негизги жердигин

түзөт. Каттама курак калама, каттама нан өңдөнүп, курак биринин ичинен бири чыгып кеткендей элести берет.

Чий куракты да арбын пайдаланып жаткан уздар бар. Бул кунаба куракка (тажатма курак) окшош, өтө майда алынат. Демек, анда кездеме өөнү өтө ичке болот. Образдуу айтканда куракчылар ширеңкенин чийиндей ипичке өөндөн да керектүү буюм жаратышат.

Мында төрттөн бир «топ» болуп мунун ортосуна «тумарча» келет. Ошондо жаздыкта беш топ болот да, алардын чекесинен карчыга канат (каркыралардын учуп бараткандагы элеси) айланта берилет.

Мунун чекесине «турна канат» катар айлантылат. Ал турналар катар учуп бараткандай элестейт. Биз айтып жаткан курак өнөрүнүн бүтүндөй түрүнө «каркыра канат» дайыма келтирилгендиктен аны куракчылылыктын «суусу» катары карайбыз. Мында «суу» курак көчөттөрү бири-биринен айырмаланып, алардын ажарын ого бетер ачып турган көркөм каражат болуп саналат. Уздар «жылдыз» куракты да жүк буюмдарына да кеңири пайдаланып келүүдө.

Курактын табиятына кошо турган өң кара-актан болот. Кара-сары түс да курак буюмдарына узданууга талаптагыдай жооп берет. Кызыл кездемени чарчы-чарчы кылып, көчөттөрдүн ортосуна «көз» катары салууга мүмкүн. Муну тиккен учурда бир көзүн ак-кара, экинчи көзүн сары-кара кылып тизмектештирип тигип, анда беш-алты көз түшүрүлөт. «Көз» (көзгө түшүрүү) курактын чок ортосундагы көркөм белги.

Жаздыкка «кирпик курагы» кооздук тартуулайт. Төрт чарчыланган топ куракка көздүн кирпиги сыяктуу муну айланта коёт.

Ал эми «бөрү көз» курагы көрпөчө үчүн түшүрүлөт. Мында өөндүн ортосунда чоңураак кара-кызыл өңдү жупташтыра коюп, анын чекесине «суу» берип, кызылдан чекесине кара түс түшүрүлүп, анан бир элидей тасма (жээк) түшөт.

Мунун негизги жердиги өөн бучкак болгону менен талаптагыдай туш кийизди куратап жасоодо сөзсүз метрлеп кездеме бычууга да туура келет.

Айрым уздар куратарын жалпысынан «мүйүз» курак кылып да берет. Мында, биринчиден куракта бир өңчөй өң айлантыла куралып, төрт көз бир «үйдү» түзөт. Ал өң «айлантыла» тигилгени үчүн ортосу уюлгуп, гүл өңдөнүп кетет. Анда алты өң болот. Алардын ичинен кызыл-көк өң үстөмдүк кылат. Андан эки көздү сол айланканда, эки көздү оң айланканда ал жогорудагыдай уюлгубай ортодо даана өң мүйүз болуп түшөт. Анда төрт өң ич ара шарттуу жупташат. «Жылдызча» куракта ички көчөттөрү менен боёк түрлөрү «бычак учтары» бөлүп турат.

Даанарак баяндаганда, гүлдөнтүп күн карама сымалдантып, ачык, күлгүн, сары, мала түстөр тандалат да, ар бир куракта алты бурчтантып чыгаруу аркылуу өзүнчө «үй» түзүү чеберчилиги көрүүчүлөрдү магниттей тартат.

Бир табакчада 12 сары, 8 кызыл, 4 күрөң, 1 көк (көзчө) биригет да, ар түрдүү түстөгү мындай табакчаларды «суу» курчап жана бири-биринен бөлүп турат. Айрым курак элементтери 6 кызыл өңдүү келип, 1 карадан көз болот да, четине сарылап «суу» жүргүзүп же ак менен короолоп койсо да кооз көрүнөт.

Короолотуу – курак өнөрүндө табакчаларды бири-биринен бөлүү. Ал «суу» катары милдет аткарат.

Кыйкындан (өөн-бучкак) чыныгы өнөр жаралбайт. Анткени ал калдык. Таштандыга ыргытылат деген менен курак пайда болот. Азыр жеке буюм-тайымдардын эле эмес өнөр-жай өндүрүшүнүн калдыктарын, өөн-бучкактарын кайрадан иштешип, буюм жаратуу, элге керектүү товар катары каралат.

«Кереге куракта» сары, кызыл, жашыл, көк, ак өңдөр ортодон орун алат да, күлгүн, кара, кызыл-сары, чеке-четтик көчөт катары түшөт. Анда кесинди-кыйкым ромбик

формасында берилет. Ал эми төрт гүл сымалдын аралары-на «омуртка» курак түшөт.

Уздар сарымал түстөрдү тандашат да, ар бир куракты 6 бурчтантып чыгаруу аркылуу өзүнчө «үй» түзүү чеберли-ги жаралат. Мында сары (тоок сары, ач сары, мала сары) түс өзүнө оодарып турат. Мындан сырткары төрт бурч (эни бармак басым болот) өңдү алып куроо салты да уздук кыл-даттыкты билдирет.

Куракчылардын айрым курак элементтери алты кы-зыл өңдө келип, бир карадан «көз» болот да, четине сары-дан «суу» жүргүзүлөт, же ак менен короолоп коёт.

«Каттама курак» мындайынан кунаба курактай көрү-нүшү мүмкүн. Бирок, бул кунаба куралтан бир аз чоңу-раак болот. Мында «кыйкымы» (кыйыгы) азыраак коюлат. Тактап айтканда, «кыйкым – кайчы менен кыркып чыгар-ган жердиги». Демек, 5 катар кара, 4 катар кара-ак курак чыгат.

«Бөрү көзү курагы» жогорудагы куралтан айдан-ачык айырмаланып, төрт чарчы болот да, бир аз чоң көрүнөт. Мындай курактар Түндүк Кыргызстандын уздарына да ке-нен тараган.

«Сегиз пара курагы» тегирмендин барасынан улам пайда болгон. Мында эки өң беттешет. Мисалы, ак-кара, ак-сары, кызыл-кара өңдүүлөр бири-бири менен кыйышат.

Мунун араларын «бөрү көз» курагы бөлүп турат.

Ал эми «он эки пара курагында» уздар эки өңдү ай-калыштырат. Муну боз үйдүн «жабык башы», «тегиричи» ордуна тартууга болот. Алакандан отундагы кыйма-чийме издерден улам жаралат. Муну чоң бычып, жер төшөктөр-дү майда бычып, текче, жапсар баштык, күзгү кап жасаса болот.

«Майда калит курагы» төрт табакчадан турат. Жөнө-көй куралтардын катарына кирет.

«Катта калит» – «чоң кулпу» деген түшүнүктү берет.

«Тал курак» да бар. Мындан көчөт элементтери төрт катар түшөт. Ал эми «каттама курактан» айырмасы анда 8 катар көчөт элементи чыгат.

«Жылдыз курак» аты эле айтып тургандай буюм көчөттөрү жылдызданып кетет. Бул түндүк-түштүктү бирдей аралаган кооздук болуп саналат.

«Баргек курагы» бышкан өрүктүн данегин чагып, өзүн ак кылып кургатып алынганын уздар символдоштуруп «көчөт курагын» пайда кылуусу. Мындай курактy Баткен, Лейлек тарапта азыраак кармашат.

Ал жөнөкөй курактын катарына кирет.

САЙМАЧЫЛЫК ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК[5]

Уз – көбүнчө аялдардын көркөм буюмду жаратуучу чебери. Ага оймочу, саймачы, түймөчү, чырмакчы, бычмачы, токуучу, өрмөкчү жана башка элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн салттарын толук сактап кармагандар кирет. Ал кооздолуучу буюм-кечеге аздыр-көптүр жаңылыктарды жана толуктоолорду киргизүү менен чебер-аткаруучуларга (шакирттерине) насаатчылык кылат.

Узчулук – көбүнчө кыз-келиндерибиздин жумшак нерселерди кармоодогу көркөм чеберчилиги. Аларга: оймочулук, саймачылык, түймөчүлүк, чырмакчылык, бычмачылык-тикмечилик, эшмечилик, токуучулук, өрмөкчүлүк өңдүүлөр кирет.

Көркөмдүк – адамдын бир гана тышкы келбетине же кийимге эле эмес, буюмга да, үй жасалгаларына да тиешелүү касиет. Натыйжада, ар бир адам көркөмдүктү түрдүүчө кабыл алып, ирээттүү жашоого дилгирленет. Элибиздин үрп-адатын, салт-санаасын чагылдырган не бир сонун кооздуктарды жаратууда эзелтен чеберлерибиз карек отун чачыратып келген.

[5] Китепте: А.Акматалиев. Саймачылык элдик кийим-кечелер. (окуу куралы). Фрунзе – 1990. – 90-б.

Сайма (кеште) – кандайдыр бир заттын (нерсенин) сөлөкөтүнө окшош уйкаш элементтерин (көчөттөрүн) кездеменин, теринин, кийиздин, таардын жана башкалардын бетине ырааттуулук менен кайталаган кооздук. Ал оюмчийим, сайма, курак түрдөнүп турат.

Саймачы – жердикке көчөттөрдү (кештени) түшүрүүчү уз.

Саймачылык – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Эл ичинде кездешүүчү адими буюмдарындагы формасы ар кандай, мазмуну терең сайма көчөттөрү бүгүн да көөнөрбөй, чеберлердин чыныгы уздугун жана ашкере таланттуулугун дааналап көрсөтөт. «Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп синди өсөт» – дегендей кыз бала тестиер чагынан тартып, жалаң сайма саюу менен алектенүүчү. Бул – тоолуу калкыбыздын турмушунун элестүү белгилеринин бири. Элдик колдонмо – жасалга өнөрүндө негизги орунду ээлеген саймачылыктын өнүгүшүнүн өтө мерчемдүүсү өткөн кылымдарга өзгөчө таандык. Ал эми жыйырманчы кылымдын башынан тартып элибизде саймачылык өнөрү андан бетер кеңири кулач жаят. Элдик өнөрдүн башка көркөм түрлөрүндөй эле саймачылык да элибиздин көчмөндүү турмуш-тиричилигин, кесибин, калк мүдөөсүн жан дилинен чагылдырып келет.

Саймачылыктын элдик санжыргалуу салты абалы боз үйдүн ичи-сыртын кооздоодо жаралганы чындык. Ал кийиз оюму, чий чырмагы, таар термелери, килем көчөттөрү, тор чачыктары менен кошо боз үйгө улуттук өз алдынчалыкты тартуулап турат. Бул өнөр аркылуу боз үйдүн эшик тышы кооздолгон. Ашкана башын саймалоо-кештелөө элибизде адатка айланган.

Жүк жыюуда тактанын үстүндө алтыгат коюп, андан өндөштүрүп жуурканлар кертимделип жыйылат. Анан жаздыктын (балыштын) чети, ортосу саймаланган. Айрым аймакта боз үйдүн жабык башы кездемеден болот.

Бир кездерде боз үйдүн керегесине жалаң гана кийиз тартылган. Андыктан үй ичи жылуу, ары таза турган. Анан мындай кийиз бетин аста-секин кооздоо жышааны башталат. Төтөн, жүндөн, анан кебезден ийрилген жипке дүйүм өсүмдүктөрдүн тамыры менен жалбырагынан колго жасалган боёкту сиңирип, башкаларына караганда алгач ак кийиз бетин саймалоо өңдүү жупуну аракеттери барабара талапка ылайыкташат.

Сайма өнөрү оболу ушул туш кийиз бетинен көрүнгөн. Андан кийин уздар жалаң кийимге эле эмес, соккон таардын, ийлеп өңдөлгөн теринин (жаргак) беттерин да кештелеп саймалашат.

Боз үйдүн керегесине кыдырата илинип, саймасы аркылуу кооздукка – кооздук жалгаган: күзгү кап да, кайчы кап да, самын кап да, текче (секичек) жана ушул өңдүү буюм жасалгалардын кийизден, териден, таардан басымдуу болуп келген. Илгерки элдик салтыбызда, наркыбызда каркырадай калың көчтү баштоочу, үлпөт менен күйөөгө аттануучу бийкечтердин ат үстү саймаланган үртүк, тердик, көрпөчө өңдүүлөр болгон. Көшөгө кеп такыя, белдемчи, кемсел, элечек, мындан сырткары күлгүн жигиттердин адеми кийимдери да түрдүү саймалар менен кештеленген.

Саймачылык өнөрүнүн баалуу жердиги кийинчерээк баркыт, нооту, манат өңдүү бышык кездемелер болуп калган.

Боз үйдүн ичин, сыртын жасалгалоодогу уздардын айрым жогорудагы кооздуктары менен жаңы шартта үйдүн жасалгалоо жагдайына байланыштуу күтүүсүз өзгөрүүлөр кирип, уздар керебет тарткыч, кийим жапкыч, сүлгү, эшик пардоо, бет аарчы сыяктуу буюмдарды ак болотнойго (ак сурп) «ийне сайма» ыкмасы аркылуу ар кандай чөптөрдүн (гүлдүн) формаларын бажырайта бере баштады. Мында орус, украин, белорус элдеринин сайма ыргактарынын мыкты үлгүлөрү арбын учурайт.

Кыргыз саймалары өзүнүн ачыктыгы жана кооздугу, көп кырдуулугу аркылуу ойдогудай баркталат. Мындай биз кесе айтып жатканыбыз баарыдан мурда, канатташ жашаган бир тууган элдердин сайма көчөттөрүнүн өтө окшоштугунан, ич ара жуурулушуп жана жупташып кеткенинен баамдайбыз. Ирис жип болсо, укмуштай туш кийиздерди сайып таштоого болот.

Азыр болгар саймасына жаштар жапырт аттанышууда. Өзүбүздүн жашоо-тиричилигибизди символ аркылуу түшүндүргөн кыргыз саймаларынын табиятына ал такыр коошпойт. Мында жашыл өң үстөмдүк кылып, үйдүн, гүлдүн, куштун, айбанаттардын сүрөттөрүн көркөм көчөт ордуна түшүрүүлөрү кыргыз баласына серт көрүнөт да, асылдуулукту сүйүү сезимин козгой албайт. Өнөр тарыхында кийиз саймачылыктын жердиги болгон. Туш кийиз – үйдүн жылуулугу үчүн тушка тартылган. Анан анын бети акырындык менен саймаланган.

Өңдөлгөн жана кол боёкко боёлгон жаргак териге, бир өңчөй күзүктөлүп согулган таарга сайма саюу салттуулугун өзүнчө өздөштүрүү менен бүгүн жаңы шартта калыбына келтирүүгө, унутулган түрүн кайра жаратууга, аны жаңыча өнүктүрүүгө бел байлаган уздардын изденүүлөрү өз жемишин берүүдө.

Тактап айтканда, ал изденүүлөрүнүн негизги саймачылык жаңычылыгына (новатору) барып такалат деп айтканыбыз, буюм-тайымдарда түп тамырынан бери саймачылыктын өзүнө таандык жолу, аны кармоо ыкмасы пайда болууда.

Алар азыр бул өнөрдүн элдик салттуулугун жана профессионалдуулугун бири-бирине тутумдаштыра алып барышууда.

Буюмдарга түшүрүлгөн четтик жана ортолук көчөттөрү килемге, чийге, таарга берилгендей шарттуу көрүнөт. Мында эки көчөттүн ич ара катышынын мыйзамченемдүүлүгүн кылдат туюнтуп, сайманын көркөм көчөтүнүн

«суусун» толкундантып, төө өркөчтөнтүп, кош сызыктантып, шакекчелентип, өзүнчө түрдөн түр чыгарып кетүү мүмкүнчүлүгү бар. Кээде шибеге ичке, жиби жоон болуп калышы мүмкүн.

Уздук чынында көчөттү таңдайлаштырып саюудан билинет, ошондо чийим боюнча жиптүү шибеге бир айланып чыгып, кайра ошол из аркылуу сайылуусу керек.

Жердикке түшкөн сайма кайберен соңуркап оттой турган кумай чөбүнө окшошот. Ал кандайдыр эшилип, чыйратылган жип сыяктуу таңдайлаша түшүп, өзүнчө кооздук ыроолойт. Көп жылдар урунулуп, жердиги таптакыр эскирип, өңү өчкөн сайын саймасы жүзүнө чыга келет. Антип таңдайлаштырып сайып берүү менен катар боёкторун күрөңдөтүп жана көгүштөнтүп, коңур түр түшүрүү сайма өнөрүнүн сыйкырдуулугун айкындайт. Биз мындан Ала-Тоонун жыпар желин, дүйүм гүлдөрүн, үлбүрөтүп желпип кетүүчү назиктигин жана жумшактыгын туя алабыз.

Көрүүчүлөр жана сынакейлер үкүнүн солоңдору сымал андай өңду дал өзүндөй назик жана мээримдүү кабыл алат. Албетте, басмырт өң да көчөттөрдүн көркүн өзүнө шарттуулукка ачат. Ал буюмду өтө эле «ала чакмактатып» жибербейт. «Ала чакмактатуу» – саймачылыкта ак, сары жипти арбын колдонуу.

Кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүнүн табиятында бул «күтүүсүз чакыйбай», андай касиет буюмда басмырттыкты, коңурдукту, сылыктыкты жана муңайымдуулукту сездирип, тилектештикти, жүрөктөштүктү айгинелеп турат.

Арийне өнөр да элибиздин мүнөзүн, улуттук бөтөнчөлүктөрүн аныктайт. Анткени, карапайымдыкты, коңурдукту, жоомарттыкты, меймандостукту, кичипейилдүүлүктү, басмырттыкты алатоолуктардын табиятына жазган. Бул пейилибизди башкаларга түк алмаштыра албайбыз.

Саймаларда совет доорундагы кыргыз элинин адамзат таң калаарлык гүлдөөсү чагылдырылат. Себеби, көрүүчү-

лөргө таңкы кызгалдактай нооматы келип, жетилип тургандай турмуш элестетилет.

Көркөм көчөт аркылуу элибиздин үрп адаты, пейили, дили жана сезими көрүнүп турат. Көрүүчүлөргө кызгалдактай, жалындап тургандай туюлат. Албетте, бул уздардын таалайы болуп саналат.

Саймачылыктын да адамзат менен тагдырлаш узак өмүр жолу бар. Уздарыбыз аны өздүк тажрыйбасы аркылуу акырындык менен түзгөндүгү, чогултуп, сарамжалдап алган тактыгы жана тазалыгы билинет. Ошол көркөм буюмдун үлгүсүнө канча бир чеберлердин көз нуру, көкүрөк мээрими, акыл табы сиңирилип, жасалга-колдонмо өнөрүнүн кайталангыс салттуулугу жаралган.

Бүгүн жана эртең ушундай өнөрдүн элдик түрүн сактап калуу, анын унутулганын кайра калыбына келтирүү, жагымдуу жактарын талаптагыдай жандандыруу милдеттери күн тартибинде турат.

Элдик саймачылыктын дагы дааналаган касиетинин бири – алардын түстөр менен чебер иштеши. Демек, кызыл, көк, жашыл жана башка түстөр өз ара чеберчиликке айкалышып, буюмдардын ажарын ачып турат. Мында биринин өңүн экинчиси басып кеткен түстөр эч качан жаңаша колдонулбайт.

Дагы бир өзгөчөлүк – буюмдун көлөмүн сезе билүү. Жасалып жаткан буюмдун жалпы көлөмү менен сайма көчөттөрүнүн көлөмүнүн ич ара катышы туура чечилет. Буюмдун көлөмү менен ага түшкөн көркөм көчөттөрдүн өзүнчө мыйзамченемдүү байланышы бар. Эгер сайма көчөттөрү чоң-чоң түшсө, буюмдун бетинен бери чыгып кетет. Тескерисинче, кичине сайылса жердиктин бетине жутулуп, анча билинбей калат.

Бүгүн саймадагы жаңычылдык жердикке жана боёкко байланышат. Буюм-тайымдардын жөнөкөйлүгү, жупунулугу сындан өтөт. Түс, өң буюм-тайымдын ажарын ачат. Сайма үлгүлөрүнө түшкөн «мүйүз», «кыргак», «жарым

кыял», «бармак боочу», «гүл» оюм көчөттөрүнүн ич ара жупталышында ак өңдөрдү алачакмактатпайт. Күрөң, кара түс күңүрттөтпөйт, сары өң өзүнө калган түстөрдү оодарып албайт. Көк, кызыл түстөр илериңки келип, уздардын өзүндөй коңурдукту, сылыктыкты, адептүүлүктү, ата-эне салттарын баамдатат.

Узчулуктан жаралган нускалар мамлекеттик сүрөт, этнография, тарых музейлеринде турат. Элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелери буюм-тайымдары менен чет өлкөлөрдөгү көргөзмөлөргө такай катышууда.

Кыргыз саймасынын дагы бир бөтөнчөлүгү – анын бышыктыгы. Анткени ал тыгыз сайылат. Чоң энелерибиздин, тайэнелерибиздин, эжелерибиздин качандыр бир кармаган саймалары күнү бүгүнкүдөй жаркырап турат. Мында көчөттөрдөн мурда анын жердигинин көөнөргөндүгүн көрөбүз. Бул – биздин сайманын эң бир салттуулугунун, өмүрүнүн узактыгынын далили.

Демек, жогоруда айткандай, алкак кергичти алып, жердикти керип, илме шибегени кармап, түрдүү түстөгү жиптерди тандап, ар кыл көркөм көчөттөрдү тырсылдата сайып, адамдын ой-пикирин кылтактай турган кооздукту жаратуу ыкмалары биздин өнөрдүн салттуулугун аныктаган. Мында буюмдун жердиги баркуттан, кийизден, териден, таардан, трайкеден, сатинден болот да, ага карата көркөм көчөттөрдүн ич ара айкалыштары түр жиптер аркылуу кереметтенип турат.

Албетте, ар бир аймактын өзүнүн бөтөнчөлүктөрү болот. Ал жер шартына, элинин кесибине, башка улуттардын маданиятынын таасирине ич ара байланышат.

Теңир-Тоо бөксөлөрүндө, Көл кылаасында, сары өзөн Чүйдүн ичинде, Талас өрөөнүндө узданган уздар туш кийизди бөтөнчө кастарлап кармоочу. Ал аруу буюмубуз наркка өтүп, аттык баада турган. Деле ушул туш кийиз эле эмес шырдак, ат жабдык, чыгдан, шалча, килем, зер-

ден кармалган асем жасалгалардын ар бири бирден карага татыган.

Ал улам убакыт өткөн сайын уникалдуу чыгарма катары баасы да, баркы да артылып барууда. Анткени, салттуу нуска кармаган уздардын саны улам барган сайын азайып баратат.

Сайма көчөттөрүндө кийиз оюмдун, чий чырмакчылыктын, өрмөк согуунун жана килем токуунун кооздук түрлөрүнүн ич ара кереметтүү айкалыштары ширелишип кетет. Мында үлгүсү эскирген саймаларга түшкөн көчөттөр кайта табылгыстай сезилет. Азыр чеберлер болгар саймасына көбүрөөк назар таштоодо. Төтөн, жаштарыбыз буга бөтөнчө назар таштап кетүүсүнүн бир жактуу себептери бар. Мында уздар чыгармачылыкта издене албайт. «Крест саймасы» аркылуу элдик саймачылыктын салттуу көркөм көчөттөрү ийкемдүү түшпөйт. Азыркы саймачылар антип кооздук жаратууга анча аракеттенбей, түйшүктүн жеңил тарабына тап коюп жатышат.

Эгер ар кыл көркөм өнөрдүн өнүгүү тарыхына көз сала келсек, анда элдердин ортосундагы тарыхый-маданий байланыштардын өсүшүнө ылайык кай бир өнөр да бир элдин экинчи элге оошконун, бирине-бири жукканын, ич ара байытканын көрүп турабыз. Бул өзү бөгөт болбос көрүнүш, аны ал турсун биз бир жагынан колдообуз керек.

Маселенин экинчи жагы, биз үчүн бөтөнчө маанилүү, ошол жаңыдан кирип, орун-очок алып жаткан өнөргө биротоло ыклас коюп жатып, өзүбүздүн нукура улуттук кыртыштан өнүп чыккан өнөрүбүздү унутуп коюшубуз, акыйкатта, жакшы жорук эмес.

Биз айтып отурган «болгар саймасын» ала турган болсок анын өнүп-өскөн кыртышы европа элдерине таандык көрүнүш.

Жалпы эле ошол региондо жаралган жана жашаган элдердин мейли архитектурасын, мейли жасалга өнөрлөрүн албайлы, аларда «крест ыкмасы», архитектурасында

готикалык стиль өкүм сүрөт. Үч бурчтуу бийик чатырчалуу үйлөр – мына ушунун баарынын түпкү тамыры бир кубулушту пайда кылат. Башкача айтканда, муну ошол региондогу элдердин дүйнөнүн формалар аркылуу кабыл алуудагы өзгөчөлүктөрүнүн бири катары карайбыз.

Ал эми чыгыш элдеринде, асыресе, биздин оюм-чийимдеribиздин тили көбүнчө символдорго, ой жүгүртүүнүн эпикалык формаларына туура келет. Ошонун бири бизде сайма өнөрүбүз болуп көрүнөт. Саймачылык элибиз өзүнүн узак кылымдык жолунда өз тажрыйбасы аркылуу акырындык менен түзүлүп, чогултулуп алган нукура өнөрүбүз. Ошол сайманын үлгүсүнө канча бир уздардын көз нуру, көкүрөк мээри, акыл табы сиңгени байкалат.

Ошентип, элдик колдонмо-жасалга өнөрүнүн кайталангыс бир тармагы түзүлгөнүн билебиз. Максат, ошол өнөрдүн элдик түрүн сактап калуу жана андан ары жандандыруу, унутулганын кайра калыбына келтирүү жаатында болушу зарыл.

Илме сайма аркылуу буюм жаратууда уздун чеберчилиги менен катар жердик сарпталат, ал аябай аяр жасалат да, өтө бышык болот. Ошончолук жай бүткөрүлөт да, бул өнөрдүн тузуна даана татып турат.

Буюмду арыдан-бери бүткөрө коюу ал нукура узчулук, даана чыгармачылык эмес, алаколдуулук, өнөрдү барктабоочулук, ага «доо» кетирүүнү билгизет.

Ал эми кутмандуу калкыбыздан чыккан чеге чеберлер андай көркөм көчөттөрдүн сандаган түрлөрүнүн санжырасын айтып, чечмелей алышат. Албетте, саймада түпкүлүктүү кыргыз турмушу чөгөрүлүп жатат.

Албетте, сайманын жасалышы жердикке байланышат. Саймачылыкта жердик – ал буюмдун фону. Азыркы чеберлер сайма үчүн баркытты арбын пайдаланып жатышат. Кара жердикке түшүрүлгөн кочкул кызыл, коюу жашыл өңдөр бири-бирине жутулуп кетет да, бөлмөнү ого бетер күңүрттөнтүп таштайт. Андай көрүнүштөр ар кандай жасал-

галардын жалпы фонуна коошо албайт. Арийне, мындай терс көрүнүштөр көркөм кол өнөрчүлүгүбүздүн өсүшүн басаңдатпай койбойт. Бирок, муну биз салттуу өнөрүбүздөгү убактылуу «агым» катары баалайбыз.

Албетте, бардык нерсе эскирет, баштапкы нугун өзгөртөт. Өнөр ээси узданат, иштүүлүгүн көрсөтөт. Көкүрөгү жай бербеген сезимдерин сайманын бетине чөгөрөт. Ушул учурда эле колунан келишинче өз нускасын башкаларга үйрөткөнгө аракет кылып, өнөрүн соңкуларга калтыргысы келет. Бул өзүнүн өнөрүн муундан-муунга, ооздон-оозго, колдон-колго жоготпой өткөрүп келген элибиздин табиятындагы касиет, мыкты сапат.

Маселенин экинчи бир жагы биз үчүн маанилүү. Демек, анын өнөрүн алып калууга куштар чөйрөнүн өзү болушу шарт. Баарыдан мурда, жаштардын, анан жалпы коомчулуктун кызыгуусу керек. Аны жан-дилинен колдоо керек. Анткени, азыр көпчүлүк айылдарда уздар бар.

Салттуу буюмубузду – элдик нусканы, эски даанышман үлгүлөрүбүздү жерүү – «эски», «мунун доору бүттү», «бул өткөндү көксөө» деп, ата бабанын салтын, үрп-адатын жерүү түпкүлүгү жакшы жорук эместигин турмуш өзү калыстайт. Өкүнүчтүү мындай жоруктардан улам биз элдик көп нускалардан айрылып отурабыз.

Көбүн азыр табылгыс кылып өзгөртүп да жибердик. Түпкү көркөмдүгү эми кайдан табылат, анын орду толбойт. Көпчүлүк чеберлер өз өнөрлөрүн кийинкилерге таштай албай кеткени абдан аянычтуу. Ошондуктан, эми өнөрдү кайра жаратуучулар – жалындуу жаштар, кийинки муундар.

Саймачылыкты кайрадан калыбына келтирүү үчүн бул өнөр боюнча үйрөнчүктөрдүн өз алдынча мектебин уюштуруубуз керек. Буга «сүрөт», «чийүү», «кол эмгеги» сабактарынын мааниси зор. Саймачылыктын салттуу жагдайларына бүгүн талаптагыдай назар таштабоо – сайма өнөрүнө балта чабуу. Мында «уруя сайма», «беш кеште сайма» тууралуу сөз болуп жатат.

Көбүнчө ак жердикке түшкөн ушундай сайманын түрлөрү азыркы муундар үчүн кандайдыр жаңылыктай, же кереги жоктой сезилиши ыктымал. «Уруя көйнөк этинде, кызыл эндик бетинде». Мында уруя сайма деген түшүнүктү берип турат. Дааналап баяндаган уруялап саюу – жердик бетине жыш саюу, буюмдун эки бетине бирдей көркөмдүк түшүрүү, көчөт келтирүү.

Көркөм кол өнөрчүлүктө бул тарыхтын жандоочусу болуп, кыйла кылымдардын сыноосунан өткөн тажрыйбасын, акыл-оюн чагылдырат. Салттуу буюмдардын көөнөрбөс үлгүлөрүн изилдөө-иликтөө, аны үйрөнүү ал элдин атам замандан берки ой-санаасын, чыгармачылык мүдөөлөрүн билүүгө жардам берет.

Саркештеп – «сары кештелеп» деген сөз. «Кеште» – сайма, мында сары жип менен ак жердикке сайган кооздук түшүндүрүлөт.

Көк кештеп – «көк кештелеп» деген сөз. Мунун түшүндүрмөсү да жогорудай болот. Айрыкча, саймачылыктан чындыктын үлүшү шайкештенип турат. Анын көркөм көчөттөрүнө өсүмдүктөр – бак-даректар, алардын жалбыректары, бутактары, сабактары, гүлдөрү, чөптөрү, талаалары, суулары, айбанаттары – мына ушулар ич ара айкалышып, мындан биз эстетикалык ырахат алуу менен өзүбүздүн киндик кан тамган жерибизди түбөлүктүү сүйүү сезимибиз көрүнүп турат.

Буюмга түшкөн кооздуктар өзүнчө табакча (короочо) түзүп, бүткөн ойду туюндура турган элес тартуулайт. Улуу чеберлердин жөрөлгөлөрү менен ошол короо (табакча) эмне үчүн көркөм көчөт менен берилгенин чечмелей алабыз. Анда адамдын жашоо-тиричилигинен бир элес символдошот. Мисалы, күр жайлоо, көк конуш, коңур короо, анда кой, кермеде уй, төштө жылкы, суу боюнда желе, аланда топоз. Чеберлер мына ушул кыргыздын жайкы мелт-калт турмушун уздук кол аркылуу өзүлөрүнүн буюмдарында чөгөрөт.

Сайма көчөтү – саймачылыктын негизги кооздук каражаты. Бул буюм бетине орнамент (түр-оюм) түшүрүү дегенди түшүндүрөт. Ошентип, көчөт – бул бүтүм оюм-чийимди ирээти менен алмаштырып, жердик бетине түшүрүү дегендик.

Саймачылар тигил же бул сайма ыкмасы аркылуу буюмга мындай көчөттөрдү түшүрүүдө баш-аламандыкка чалдыкпайт. Сөзсүз шарттуулук жана ырааттуулук жолжобосун сакташат. Албетте, анда да боёк (өң, түс) бирдей маанеге ээ болот.

Саймачылар негизинен кызыл-көктү, кызыл-сарыны, кызыл-жашылды, кызыл-акты берип, анан кайра кызыл-көктү, кызыл-жашылды ж.б. айтор, көркөм көчөттөр тактыктан жана ырааттуулуктан түк жазбайт.

Негизги элдик сайма көчөттөрүнө: «мүйүз», «айчы», «бадам», «тырмак», «гүл» өндүүлөр кирет да, Түштүк Кыргызстандын, Түндүк Кыргызстандын журтчулугун бирдей аралаган. «Добу талаа», «көөкөр» (түштүкчө), ушул сыяктуу түрлөрүнөн башка айбанаттар менен өсүмдүктөрдүн шарттуу сөлөкөттөрү да сайма көчөттөрүнөн жана көчөттөр үчүн колдонулган оюм-чиймелерден сезилип турат.

Түштүк Кыргызстандын уздары саймачылыктын салттуу түрлөрүн ойдогудай улантып жатышат. Ал сайма көчөттөргө; «тал барки» (талдын жалбырагы), «ит таман» (төрт бөлүктөн турат, анын ар биринин үчтөн элементи бар. Мындай элемент «карга тырмакты» да элестетет.), «бадам» – анын жарымы «калемпир көчөт» болуп көрүнөт.

Айрым уздардын айтымында, «бадам көчөттөрү» бадыраңдан пайда болот.

Саймачылыкта «калемпир көчөт» (муну М.В. Рындин «мурч» деп атайт да, башкараак элестейт) да арбын пайдаланылат. «Анар көчөтү» көбүнчө «комуз тили» деген наамда таралат. Албетте, анын бир нече варианттары бар. Аны жердикке жоон алып да, ичке алып да сайса жарайт.

«Тогуз дөбө» – сайма көчөттөрүнүн канышасы. Бул сегиз жылдыз болуп да түшөт. Мунун элементтери «бычак учтанып» («араа тиштенип»), он эки жылдыздай көрүнөт. Ал төтөн, балыш, жаздык өңдүү буюмдардагы кооздуктун жүзүн ачат. Ал айтып тургандай «балаты көчөтү» бутактанып, ийне жалбыректары жана тобурчактары өзү эле элестүү сезилет.

Түштүк Кыргызстанда саймачылардын көркөм көчөттөрүн сарысаптоосунда канатташ элдер менен болгон маданий байланыштар билинет. Мисалы, «комуз тили» (өзбекче чарвача, чарва – хозяйство) XIX кылымда Ташкент саймаларында арбын учурайт. Чайнек койчу (түпкүч), «чайнек» («чайнек көчөт») өзбектердин сайма буюмдарында арбын пайдаланылып келүүдө. «Сүлөөсүн тырмак» тажик саймаларында бар.

Буларды чеберлер килем үлгүлөрүнө да колдоно беришет. Мына ушундай бай түрлөрдү ич ара айкалыштыруу аркылуу узануу өзүбүздүн чеберлердин чыгармачылык татымын көрсөтөт.

Атактуу уздардын аты-жөнү кошо айтылып келе жаткан көркөм көчөттөр бар.

Айрым саймачылар көркөм көчөттөр үчүн бай каражатты өзү жашаган чөйрөдөн алышат. Жаратылышы кооз жайлоолор, чытырман чыккан айгыр жалдуу арчалар, шоолдоп бой тиреген карагайлар, дүйүм гүлдөр уздарга элес берет. Ошол айтып бүткүс ажайып көрүнүштөр бүгүн да, эртең да чыгармачылык адамдардын көкүрөгүнө жанып, көркөмдүк шыкты тартуулап турат. Көпчүлүк уздар мурун мунун үлгүсүн чийип алат.

Чийип алган сайма көчөтү сайганда так түшөт.

Ошентип, элдик сайма көчөттөрүнүн салттуулугунан жанып, бир нерсенин сүрөтүн түшүрүү, анын тегерегине көчөт элементтерин берүү көбөйүүдө. Айрым сайма буюмдарында «достук» деген жалпы мазмун даана берилет. Андай буюм бетиндеги сайма бир бүтүн учкай түшүнүктү

тыкан түзүп турат. Анын чеке-бели элдик оюм-чийимдин саймага таандык түрү менен кештеленет.

Жөнөкөй кездемеге он-он беш өңдүн кашкая ачылып, анча жыш да көрүнбөй, көчөттөр ашык-кемсиз жыйнактуу жана айкын-элестүү бүтүшү менен бир чети купулга толот. Саймачылар көчөт ордуна «Кремль», «ак кептер», «спутник», «Восток кораблдери», «ВЛКСМдын значогу», «Октябрьттын значогу», «пионердин значогу», «Жеңиш ордени», «Жайлоо», «Боз үй» өңдүү даяр теманын сүрөтүн саймачылыкта түшүрүүлөрү өнөрүбүз үчүн анча мааниге ээ эмес. Албетте, булар чынында нагыз элдик сайма көркөм көчөттөрүн символдоштуруп түшүрүү табиятына түк коошпойт.

Сайма шибеге – саймачынын аспабы. Чеберлер илме шибегенин сабын жумурулатып жасаган, кармаганга эптүү болуп анын бармак, сөөм ортонун кармоочу жагы жалпак келет.

Ийне – чеберлердин куралы, учу учтуу, башында учук саптай турган көзү бар. Мунун ичке, жоон, орточо түрлөрү бар. Анын жоонун темене дейт. Ийне жасаган, сынган ийнени кепшердеген усталар да чыккан. Анын жердиги ак учук – ийненин көзүнөн өткөрүлгөн жип. Ийне курч темирден тандалат.

Сайманын негизги түрлөрү

Ийне сайма – сайманын бир түрү. Ийне сайма – жөрмөп саюу. Ичке ийне менен сайма сайса, сайым элпек кетет да, түшкөн көркөм көчөт ошончолук сыйда көрүнөт. Мыкты саймачылар учуктук жипти кыска сапташат. Бул ийнени сайып, учукту тартууда анча чубалжып чачышпайт.

Адатта, жипти оң кол менен уч жагынан кармап, учуктун учун чыйралтып, ийнени сол колдо учунан тутуп, өйдө мандайга көтөрүп, ийне көзүнөн өткөрөт. Бул – учукту саптоо.

Сайма саюуда оң колдо учуктуу ийне болот. Сол колго жердикти кармоо зарыл. Ийнени оң колдун үч манжасы (башбармак, сөөмөй, ортон) менен эптүү кармайт. Ал эми сайманын жердиги энине карата тизеге басып, сөөмөйгө ороп, атайын алкакка керип туруп да саюуга болот. Мына ушундай жолдор сайма саюу деп аталат.

Жөрмөмө сайма – ийне сайманын бир түрү. Чебер бул саймада бир нече майда таякчаны оңго карай жантык сайып чыгат. Анын узундугу жана бири-биринен аралыгы 1-1,5 смдей болушу зарыл. Муну кайрадан солго карай так ошондой жантык саят. Сайылган сайма көчөтү мында үч кошкон түрүндө көрүнүп калат. Жөрмөмө сайма да майда сайманын катарына кирет.

Басма сайма – ийне сайманын бир түрү. Мында чеберлер адаттагыдай, жердиктин алдынан учук өткөрүшөт. Абалы башынан баштап белгилүү аралыкты (көбүнчө бир смдей) аягына дейре бир сайып алат. Аны кайра башынан дагы үч-төрт жолу сайып тартат. Эми ортосунан эки курдай тигил сайылган жиптерди байлай саят. Сайма учуна жетип, жогорудагыдай сайылган жиптерди кайра байлай саят. Жарыш сайып алууну кайрадан баштайт. Демек, басма саймада жарыш саюу байлай саюу менен атайын чийилген көркөм көчөттөрдүн жолу боюнча жогорудагыдай ыкма кайталана берилет.

Басма сайма менен кийим жапкыч, терезе парда, кребет жапкыч, сыналгы жапкыч, газет салгыч жана ушул сыяктуу үйдүн жасалгасынын жүзүн ачуучу буюмдар сайылат.

Басма сайма менен көркөм көчөттүн ордуна көбүнчө гүлдөрдүн түрүн саюу жүзөгө ашып келген. Уз басма саймасын саюуга отурууда эрикпей улам жердигин карап кылдат саят. Мисалы, сайылып жаткан көчөттөрдү толтуруп жатканда, ошол тапта байкабай жипти катуу тартып алса, сайылып жаткан кездеме бырышып калышы мүмкүн.

Ал эми сайым өтө эле бош таштaлса, жиби чыгып калат. Ошондуктан, саймачы жипти катуу да, бош да тартпайт.

Мындай сайманы баштаганда кездемеге жиптен узунураак бир таякча алат да, түшүрүп жаткан көчөттүн, гүлдүн көлөмүнө жараша белгилүү бир шартта кайрадан үстүнөн бастырып жүрүп отурат. Мына ушул көчөттүн-гүлдүн ичин толтуруп бүтмөйүнчө ушул эле ыкманы кайталап кете берүү керек.

Басма саймасынын да башка саймалардан бөтөнчөлөнгөн кооздугу бар. Ал жердикке бышык болуп түшөт. Жердик эскирип, жыртылып калганда да басма сайманын жиби ошол бойдон сакталып кала берет. Албетте, ар бир чебердин чыгармачылык «кыялдануусу» ар башкача сезилет. Бирок, кээ бир уздар көрүп сайганды жакшы көрүшөт. Жиптердин өңүн көк, ак, кызыл, кара жана жашыл менен ич ара жупташтырып берүүдө өзгөчө мамиле керек.

«Илмедос» – ийне сайманын бир түрү. Саймачы мында саюучу учукту жердиктен ичке алат. Эки башынан (аралыгы бир смдей) илмек өңдөнүп улап илип, улам улаштырып тартып отурат. Муну бир нече курдай кайталаганда сайманын чети «жөрмөмө саймадай» болуп, ортосу «кереге көз» өңдөнүп калат.

Түштүк Кыргызстандын аймактарында жашаган элдер балыш, жаздык, текче, туштук өндүү жүк жана жасалга буюмдарын такай саюуну салтка айланткан. Бул сайма берилген көчөт-чийимдерди толтурууга өтө эле ийкемдүү келет.

Терс кайык – ийне сайманын бир түрү. Саймачылар жердикке көркөм көчөттөрдү өтө майда түшүрүшөт. Түшкөн жиптин көзгө илээшпей өтө майдалана берилиши аркылуу сайымды бири-бирине улантып (конфигурациялантып) сайып кетүүгө тийиш. Анын ички бети үч кошкон кейиптенет (кайчылашкан кошуу сызыктарын кыргыздар «үч кошкон» деп айтышкан).

Көптүрмө сайма – ийне сайманын бир түрү. Мында жердикке түшүрүүчү учук жипти эң майда кылып сайып, ал бирдей түшүрүлөт. Сайма тик бурчтанып, оюм-чийимдин ичине ойдогудай түшпөй калышы мүмкүн. Мындайча айтканда, көптүрмө саймага түшкөн көчөттүн көрүнүшү чийге, килем бетине өрмөккө берилгендей «сындырылып» кетет. Ошондо жердиктин эки бетине сайма бирдей түшүүгө тийиш. Муну менен сүлгүнү, бет ааарчыны (жүз ааарчыны), керебет тарткычты, кийим жапкычты саймачылар кезегинде жүзөгө көп ашырышкан. Натыйжада, аны бир эсептен кыргыздар «эки жүздүү сайма» деп аташкан.

Чыраш сайма – ийне сайманын бир түрү. Бул – буюмдун чекесин чыраштап бекитүү дегендик. Мында буюмдун четинен «жээк» (0,4-0,5 смдей) алынат. Андан ошол жээктен буюм четин кабыштыра (1-1,5 смдей) аралыкты кыйгач кайып кетет.

Учук эми кайчылашып, кайра мурунку сайган жердин сол жагынан чыгат. Андан кийинки учук улам кайра мурункунун сол жагынан чыгууга тийиш. Ошентип, сайма оңдон солду карай жылып отурат.

Демек, буюмдун чети «көптүрмө сайма» сымал чыраштала түшөт. Башка саймаларга караганда мунун түйшүгү арбын. Башкача айтканда,чыраш көбүнчө оюлган (бычылган) эки жердикти бириктирүүдө да, теринин тигишин бастырууда да колдонулат.

Жипти алдынан айланта чалып, бирде оң тарабынан, бирде сол тарабынан ийнени сайып өткөрүп отурат. Ошондо эки кош көзөнөкчөлөр пайда болот да, улам кийинки көзөнөкчөлөрдүн алмак-салмак ортосунан ийнени сайып өткөрүп отурат. Ушундан кийин эки оюмдун же кесилген жердиктердин жиги билинбей саймаланып өзүнчө кооз көрүнөт.

«Чыраш саймасы», «илме дос саймасын» саюуда өзүнүн татаалдыгы менен айырмаланат. бул ыкма менен тери, кийиз буюмдарына кооздук түшүрүүгө болот.

Чеберлер калпакты, кементайды, тонду, тери шымды жана ошондой эле боз үйдүн ички жана сырткы жабдууларын жана жасалгаларын кыюуда, же жээктөөдө «чыраш саймасын» такай колдонушат. Азыр ал негизинен ак калпакты тигүүдө колдонулууда. Ак калпактын төрт талаасын үлгүгө салып бычып алып, аны «чыраш саймасы» менен сайып, андан кийин калган төрт талаасын бириктирип, жалпы саят. Мындай ыкма менен бүткөн калпакты өзүнүн калыбына салып үтүктөп койсо, жарашыктуу көрүнүп калат.

Кергич – жыгачтан төрт чарчы же тегерек кылып жасалып, бетине сайма сайылчу жердик кериле турган алкак. Ал төрт кыр жана жумуру жыгачтардан болот. Бирине-бири кийгизиле тургандай сырткысы чоңураак, ичкиси кичирээк эки алкактан да жасалып, алкактын ортосуна кездеме кысылып бекитилет. Чоң кергич (40х75) бир гана жыгачтан туруп, кездеменин четтери ага чырашталып бекитилет.

Сайма кездеменин керилген бөлүгүнө түшүрүлгөндөн кийин анын четиндеги чыраш сөгүлүп, улам жылыштырылып, кайра жөрмөлүп, бекитилип турат.

Илме сайма (шибеге сайма) – элдик сайманын нукура түрү. Мунун аспабы – жыгач керме жана илме шибеге. Мында уздун колунда илме шибеге кергичтин алдынан сол колун алып, жибек жип шибегеге илинет да, кездемеден тырс-тырс өтөт.

Сайманын жаңы аспабы бар. Бул – илме сайма машинасы (тамборный шов). Ал тигүү машинасына окшошуп, тигиш кездеменин сыртына калкып, түшкөн сайманын өзү кадимки шибеге саймадай болот. Андан сырткары «килем сайма» бар. Мындай караганда муну жүзөгө ашыруу ыкмасы украиндыктардын элдик саймасына үндөшүп кетет. Анткени менен уздар элдик көчөттөрдү кандим көрсөтүүсү аркылуу ачык айырмаланат.

Айрым аймакта уздар туш кийизди так ушундай ыкмада кармап жатышат. Сайма шибегесин усталар жасап беришет. Ал тигүү машинасынын шибегесине окшош болот.

Демек, буюмдун жердигин кермеге керет. Ошол кездеменин ич тарабын керип алып, анан шибегенин көзүнөн жипти өткөрүп, кадимкидей тырсылдатып саят. Сайма бети түктүү көрүнөт да, жүн килемди элестетет. Муну менен элдик көркөм көчөттөрдү түшүрүү ошончолук кооз да көрүнөт.

Туш кийиз (туштук) – сайма өнөрүнүн жүзүн ачуучу асыл буюм. Ал үйдүн керегесине тартуу үчүн оюм-чийимдери жана көркөм көчөттөрү менен саймаланган асем үлгү. Мунун узундугу 2,5-3 метрдей, туурасы 1,5-2 метрдей, четинен эни 40-50 смдей болсо, ошол жасалгага ылайыкташат. Адеп туш кийиз кийизден кармалган. Демек, кийизге оюм-чийим көчөт түшүрүлүп жасалган да, чети кундуз менен басылган. Баш жагына шуру, бермет, маржан өңдүүлөр асемдеп тигилген. Кийин алар ар кыл тукаба, парча, баркыт сыяктуу кездемелерге өткөн.

Туш кийиздин ич жагы астарланат (ичтелет) да, жээги саймаланбай, чети кара кызыл жана башка түстөгү калың жердик менен (5-7 см) жээктелип, ал ийрек же ромбик түрүндөгү кош тигиш менен шырылып, чети чий баркыттан, макмалдан жасалып, бетине сайма көчөттөр түшүрүлөт.

Туш кийиздин ортосу четинин өңүнө карата тандалат. Чети кандай жердиктен болсо, ошол жердиктен анын дал ортосуна (кээде эки, төрт бурчуна да) тумарча ортолук (капкалдырык) коюлат.

Уздар кыргыздын элдик салтын, көркөмдүгү менен ыкмасын сактоо менен катар мыкты туш кийиздин үлгүсүн жаратууда анын чекесине «кыял оюмунун» элесин берген бир узун «жээк» көчөтүн жүргүзүү керек.

Башка кездемеден каттай шырылып төрт элидей тилке да, жээк койсо да болот. Анан анын ортосундагы өндүү көчөттөрдүн өзүнө таандык түрү жогорудагы көркөмдүк-

кө жупташат. Мында ар бир чийимдин ичин да илме саймалап толтуруу керек. Ошол көчөттүн ажарын ачуу үчүн ага «суу» («ала мончок») жүргүзүлөт. Анда кызылга-сары, же кызылга-акты айкалыштырат. Эми көчөттөргө карата жиптердин өңү тандалат.

Четки чийимдерине кызыл жана көк өң тандалат, анын ичи сары-кызыл, ак-кызыл менен «чаар ала мончоктолот». Эгерде жашылдан чийим түшсө, анын сыртынан кызылды берип, ичин сары өң аркылуу ачат.

Көмүрдөй кара жердиктен жашыл көчөттү окчундатып көрсөтүү үчүн анын сыртынан ачык кызылды жүгүртүп, ичине болсо кызыл-сары өң аркылуу айырмалайт.

Туш кийиз капкалдырыгына ошол көчөттөрдүн өзү үч булуң болуп түшөт. Капкалдырыксыз туш кийиздер да жасалат. Эгерде туш кийиздин жердиги кара баркыттан болсо, муну эң четине кызылдан бир кат эле жол (суу) түшүрүп алуубуз керек. Анан «бычак учу» сымал түрдү сары менен сайып, аны да кызыл жип аркылуу кара жердиктен айырмалайт. Анан туш кийиздин четтик көчөтүн түшүрөт. Ал уздун өздүк чыгармачылык мамилесине карата тандалат. Мүмкүн катар «жарым бадам», «жарым кыял», «бармак боочу» өңдүү оюмдардын элементтерин бутак тарамдатып, аларды кызыл, сары, көк өңдөр менен (анча коюлатпай) ирээттүү көчүрүп, шибеге менен бир сыйра чебер сайып кетүү зарыл.

Туш кийиздин четки саймасы менен ортолугун айырмалап турган өңдүүрөөк «ала мончок» өзүнө «жээк» түшөт. Анда кызыл, сары өңдөрдөн турган кооздуктар «тап бердире» (сейректете саюу) сайылат. туш кийиздин ортолук саймасына түшүүчү көркөм көчөттөр буюмдун жердигине байланышат. Жогоруда түшкөн түрлөргө карата өңдү саймачы өзү тандайт.

Мүмкүн катар мунун көркүн чыгара турган көчөттөр «бугу мүйүз» өңдөнүп бутактанып, «кулжа мүйүз», «тоо теке мүйүздөнүп» чагарактанып, алма, алча, алмурут шак-

тары сыяктанып ийилип, тескей гүлдөрүндөй бажырайып, адамдын ниетине чаап турат. Бул көчөттөрдү бири-биринен имериле аккан күмүш өзөн кейиптенип, сайманын «суусу» айырмаланат.

Адатта, сайманын «суусу» ак, сары жиптерден болот да, бул бутактанып кетет. Ортолук көчөттөрдүн алдына түшкөн «ала мончок» эшилген алтын-күмүш» сымал өзүнчө «кыялданып» кетет.

Көчөттөн көчөт таралат, оюмдан оюм жаралат. Мыкты кооздуктар адамга акыл кошот. Адатта, туш кийизге, жалпы эле саймага түр берүүдө, оюм түшүрүүдө уздар «көрөкөрө көсөм болушат. Буюмдун башына эки курдай кызылдан «суу» жүгүртүп алып, анан «жарым бадам оюмдун» ортолору толтурула сайылып, буга бир кат эле жип берип, кайрадан бир кат сары-кызыл жип «ала мончок» өңдүү келет.

Саймачылыкка түшкөн шырдак оюмдарын ичке учтанта «кыялданта» берүүбүз зарыл. Ортолук көчөткө түшкөн ар кыл көчөттөргө төө өркөчтөнгөн эки элидей жарыш «суу» жүргүзүлүп, анын араларына да түр түшүрүлөт. Албетте, мындай сайма өнөрүнүн жүрүп турган каны «суу» болот да, ал буюмдун ортолук көчөтүнөн кийин да берилет.

Туш кийизге түшкөн көчөттөрдүн көркүн бөтөнчөөк чыгаруу үчүн буюмдун кырка четине «суу» жүгүртүп алса да болот. Демек, бул сайманын кооз каражатын көкүрөккө тагуучу көз мончок сымалдантып «төө өркөчтүү», «көл толкуну» сыяктуу сайып чыгуу керек. Ал сары жана жашыл өңдөн турат. Берилүүчү негизги көчөттүн чети да ак жана жашыл жип аркылуу алмаштыра кайрадан «суу» жүгүртүлүп кетет. Мында көчөттүн көркүн ак ачат.

Туш кийизге кош капкалдырык кылса, ал буюмга ого бетер жарашык оодарат. Туш кийиздеги кызыл өңдүн үч түрү берки мала жашыл өңдөрдү өзүнө имерип, ага көк жипти кошуп саюу андан бетер кооз көрсөтөт. Жердиги кара тукаба болуп, кызыл өң көбүрөөк орун алса, сайма

буюмунун жүзү ачылат. Муну менен катар уз сары, ак, жашыл, көк өңдүү гүлдүн, чөптүн жана башка өсүмдүктөрдүн жалбыректарын көркөм көчөткө элемент кылып, өңдү ич ара ойдогудай айкалыштыра алган уздун буюмунда шырдак оюмдарынын элементтерине караганда нукура саймачылыкка таандык көчөттөр көбүрөөк көрүнөт.

Ал көчөттөрдүн ар бири төрт элементтен турат.

Туш кийиздин ортосун четинин өңүнө карата тандоого болот. Чети кандай жердиктен болсо, ошол эле жердиктей аны дал ортосуна (кээде эки бурчуна да) тумарча ортолук коёт. Эгерде буюмдун жердиги кара баркыттан болсо, мунун эң четине кызылдан бир кат эле жол түшүрүлөт. Анын «бычак учу оюмун» көчөт кылып, сары менен сайып, аны да кара жердиктен кызыл жип аркылуу айырмалайт. Туш кийиздин көчөтүнө «жарым бадам», «жарым кыял», «бармак боочу» өңдүү оюм элементтерин бутактантып тарамтарам кылып, аларды кызыл, сары, көк өңдөр аркылуу анча коюлатпай бир сыйра ирээттүү көчүрүү зарыл. Буюмдун четки саймасы менен ортолук саймасын айырмалай турган өңдүүрөөк «ала мончоктото» өзүнчө жээк түшүрүп, анда кызыл, сары өңдөрдү «тап бердире» гана саят (Саймачылыкта «тап бердире» – көчөттү коюу эмес, сейректете саюу).

Буюмдун ортолук саймасындагы көчөттөр буюмдун жердигине түшкөн көчөттөргө үндөшөт.

Айрым туш кийиздерге «кош мүйүз», «кочкор мүйүз», кыргак (дандын кылканы сымал) сыяктуу кооздуктар түшөт да, ортолук көчөткө, «кыял оюмдарынын» элементтерин арбын пайдалануу керек. Анын борбору тегерек тартып, «багжагай оюм» сымалданып кетет. Ал «карга канат көчөтү» менен үндөшүп турат. Аны айрымдар «кош кайкалак» дейт. Кеп көркөм көчөттүн аталышында эле эмес, көркөмдүк бири-бирине өтүшүп, кооздуктан кооздук жаралса, ошол өнөрдүн салты болуп саналат.

Ортолук көчөттөрдө да «кош мүйүз», «кочкор мүйүздүн» орун алышы керек. Мында «мүйүз оюмдары» ичин карай имерилип турат. Ал «чагарак мүйүз көчөтү» деп аталат. Ошондо туш кийиздеги бир эле тегерек табакча бир нече курдай шарттуу жана ыргактуу кайталанат. Анда төрт мүйүз буюмунун («кош мүйүз» деп да айтса болот) четтери кыргактанып (кылкандалып), төрт «кош багжагай көчөтү» менен өз ара тутумдашып, бир табакчаны түзөт. Аны «сабак көчөтү» деп атаса жарашат. Бир эле буюмдун ичинен «илме сайманы» (шибеге сайманы) «илмедос» (ийне сайма) менен айкалыштыра кармай алуу. Бир эле үлгүдө ушул эки ыкма эриш-аркак түшөт.

Бир беткей кызыл кездемеге «кыргак көчөтүн» дандын кылканы сымалдантып, элдик «сыңар мүйүз оюмунун» элементин ага негизги каражат кылып, бир гана сары-көк түстөрдү айкалыштыруу аркылуу буюмдун өзүнө таандык өңүн ача жана жупташтыра алууга болот. Мында кездеменин бетине түшкөн көчөттөрүн анча жыш албашы керек.

Ошондой эле сайманын жердикте өтө суйдаң болушу да буюмга анча жарашык алып келбейт.

Сайма көчөттөрү түшкөн туш кийиздерде чеберлер поэзия менен көркөмдүктүн ыргактарын шайкештирип, аны чечмелей алат. Мындайча айтканда, ырдагы көркөмдүктү саймага оодара алат. Саймадагы кооздукту ырга айланта алат. Демек, чеберлер поэзия ыргактарынан көркөм көчөттүн ыргактарын таба да, ала да билишет.

«Адамдын көөнү ачылбайт,
Аралап басып жүрбөсө.
Апийим, пахта, жүгөрү,
Жердин көркү гүлдөсө» –

деп, мына ушундай көрүнүштөрдөн өсүмдүктөрдүн гүлдөп, бүрдөп, байчечегин ачып турган учурун элестеткен көркөм көчөттөр шибеге сайма аркылуу чачырата берилүүдө.

Мында узчулуктагы чеберчилик ыр-күү, тил, аспап-курал менен эмес, эт жүрөк аркылуу ар кыл буюм-тайым беттеринде оюм-көчөт түшүрүлө берилет.

Натыйжада, анын сайма көчөттөрү жана кийиз оюмдары жалпыга түшүнүктүү тилге айланат. Мисалы, кийиздин көчөттөрүн түрдүүчө чечмелөөгө болот.

Алсак, тынчтыктын символу болгон эки көгүчкөндү тиктештирип, төрт бурчуна арфанын белгисин түшүрсө, бул – «биздин нур заманыбыз ыр», күүнүн кучагында турат», – деген маанини берет.

«Жүрөк оюму» эки бөлүнүп түшүрүлөт да бирок, анын жээги эч качан үзүлбөйт. Анан «суу» берүүнүн өзү эле толгон ойду камтыйт. Көпчүлүк учурларда баамдабай эле кыпкызыл же башка өң менен кийиздин «жээгин» бере коюш туура болбойт. Анткени, көчөт көп нерсени чечет. Мисалы, бөлөк түшкөн «жүрөк оюмунун» бир жибин ак, экинчисин сары түс басат. Демек, ак жип – ак тилек, сары – кусалык, сагыныч.

Ал эми жээгиндеги көчөттүн үзүлбөгөнү – жүрөк жүрөккө дайым тартылып турганы. Көгүчкөндөрдү көгүш менен басып, канаттарынын тарамдарын майда саюу аркылуу түшүрүшөт.

Көрүүчүлөр сыдырата да, кыдырата да караганда мыкты туш кийиздер «тогуз төбөлөп», акташ чөгөргөн зер буюмдардай жаркын элести тартуулайт. Албетте, андайды «Кызыл сайма» деп атайт. Кызыл кыжымынын ортолугунда кара жердикке сайылган туш кийиздин четине кызыл, көк, ак, сары өңдөр өз ара айкалышкан гүлдүн, гүл сыяктанган чөптөрдүн дүйүм жалбыректарынын кереметтүү элестери тартылуусу зарыл. Анан сайманын ак-кызылдан берилген көркөм көчөттөрүнүн араларын бөлүп, өзүнчө түр түшүрүү салты да жакшы сакталуусу керек.

Туш кийиздин ортолук көчөттөрү жыш берилип, алар кандайдыр «куш канат» өңдөнүп, түрдүн ичинен түрлөр,

кооздуктун ичинен кооздуктар уланып, туунду катары элес тартуулап турат.

Мында уздар кызыл-сары, күрөң, жашыл, ак, айтор, саймачылык өнөрүндө бүтүндөй пайдаланылуучу түстөрдү ич ара ширетип, кереметтенте беришет. Андан кийин ал көркөм көчөттөрдү ачыш үчүн «ит куйруктан», «суу» жиберип, «жарым бадам оюму» кызыл жип менен торчолонуп, анын араларына кайра актан «суу» чуркатса болот.

Саймачынын чеберчилиги буюмдагы ошончо өңдөрдүн ичине кызыл түстүн жүзүн ача жана ага берки өңдөрдү сыйкырданта «багынта» билгендиги жогору бааланат. Жасап жаткан буюмда оюм-чийимди «буруп кетүү», «өзгөртүп берүү», «ага өзүнүн жекече мамилесин жасоо» – өндүү жагдайлар уздарда көрүнөт.

Айрым жерлерде аны капкалдырык деп аташат. Ал буюмдун борбордук көчөтүнүн чок ортосунда, эки четинде жайлашса, туш кийиз «илме сайма» (шибеге сайма) ыкмасы аркылуу жүзөгө ашса, эндүү буюмда кийиз оюмдары менен сайма, чырмак, өрмөк, токуу көчөттөрүнүн өз ара айкалыштары болсо, мында четтик көчөт (жээк көчөт) «куш канат» менен «карга тырмак» берилсе, алар өз ара алмашса, араларына «суу» жүргүзүлсө, мына ошондо буюм салттуу болот. Демек, кара баркытка уздук татым менен жашыл, сары, кызыл, көк өңдөр бири-бирине чабалекейдей катыш жасайт. Чеберчиликке түстөрдү сарысаптоо, аны ич ара кыйыштыруу көңүлдүн борборунда, кол учунда ойноктоп туруу керек. Мына ушуга байланыштуу борбордук жана четтик көчөттөр түшөт да, сайма үлгүлөрүнүн ажарын ачат.

Туш кийизде кийиз оюмдары басымдуулук кылуусу зарыл. Анда шырдакка таандык «бармак боочу» («бармак башы») бармак менен сөөм биригет, «карга тырмак» үч тырмактын ортоңкусу жок ага «жарым кыял» тутумдашат да, көчөт табакчасынын ортосунан, жүрөк оюмунун элементтери берилет. Тактап айтканда, борбордук оюмдун

башына «кыял оюмун» берүүсү да буюмдун нукуралыгын баамдатат. Албетте, сайма көчөттөрү менен оюмдары ичке алынат.

Уздук чыгармачылыкта үлгүнүн нукура жердигин иштете берүү бөтөнчөлүгү болот. Жасап жаткан буюмдагы оюм-чийимди буруп кетүү, өзгөртүп берүү, ага өзүнүн жекече мамилесин жасоо өңдүү жагдайлар таасын көрүнөт. Алсак, көлөмдүү кармалган туш кийиздер үйдүн көркү, көргөзмөлөргө көпчүлүктүн назарын өзүнө буруучу ажайып кооздук, үйрөнчүк уздар үчүн үлгү катары асыл милдетти аткарат. Мисалы, үч тумарча (үч бурчтук) көрүнөт.

Туштa тартылуучу буюмдун формасын уздар текчеден (текичек, текче, секичек, жапсар баштык) алат. Мисалы, ушул өңдүү туштукка түшкөн көчөттөрдө жайдын толукшуган учуру тоо гүлдөрү жайнап, жайлоо нооматына келип турган кез элестейт. Ошондо дүйүм топ гүлдөрдүн кычыктарында саратан конуп алат. Ал «жай саратан» деп аталат. Мына ушул учурду уздар сайма аркылуу элестүү берүүгө да умтулушат.

Мында көчөт үчүн беш топ гүлдү алып, анда түгөйлүү сегиз саратанды кондурат. Алар бизге учуп-конгондой элестейт. Демек, буюм чачысына да жай саратанынын сөлөкөтү түшөт. «Жайлоодо жай чилдеде баскан изиң – саратан болуп кетет» деген ойду пайда кылат. Кыргыз жери күнөстүү, жайлоо толукшуп, кайда бассаң көңүлүң көтөрүңкү, делебең бийик, жүрөк кылы чертилип, адамга чыгармачылык шык ыроолойт. Демек, жергебиздин табиятын сайма көчөтүнө өзгөртүп берүү аркылуу уздар алдыга тартат.

Жаңычыл саймачылар тармал терини тарамдап, мына ушундай мамыктай жумшак кылып, аны чечмелегенде буюм бетине боз торгойлорду символдоштурат. Мындан сайма көчөттөрү таралат. Андан поэзия жаралат. Андай буюм жээгинде «секиртме саймалар» орун алат. Кадимки боз торгой жашыл токойдо береке-бейпилдикти даңазалап тургандай туюлат.

Буюмдун чети, чеги жок көк асмандай. Албетте, ал көк жердиктен турат. Ортосу көрпө болуп, анда «торгой уялары» бар.

Арийне, бул майда-чүйдөдөй, бирок, адам ниетине түшө турган маанилүү көрүнүш. Мунун төрт тарабы тор чачыкталат да, учу топ чачыкталат. Ушундай эле сайма ыкмасы менен бүткөрүлгөн текчелер да болот. Ыргайдын мөлтүрөгөн кызыл мөмөлөрү бышып, адамга укмуштай сезилет. Ошол көз жоосун алган учурун уздар сайма аркылуу берет. Ортосундагы табакча анын мөмөсүн символдоштурат. Четинде сайма аркылуу берилген таңкы шүүдүрүм элестейт. Тактап айтканда, эртең менен күндүн нуру арсак-арсак чокулардан шыкаалай баштагандагы ыргай мөмөсүнө түшкөн шүүдүрүм так ушундай, мончоктой болот. Ошондой майда саймалар «торгой көздөнүп» кетет.

Албетте, туштуктардын аянты бирдей берилсе, көчөт табакчалар так түшөт. Чакан буюм төрт табакчадан турат да «төкмө чачы» менен кооздолот. Бир табакчада төрт элемент бар. Мындан «мүйүз», «карга тырмак» оюмдары аркылуу билинет.

Буюм чети кызыл аскалардын башында күн нуру чалган кезин баамдаткан учурлар бар. Жердиги көк, ал асман ачык дегендей ой, бейкуттукту билгизет. Мындагы көк менен ак тазалыкты да, тунуктукту да көрсөтөт. Демек, көк, ак нерселерди көргөндө өзүбүздүн маанайыбыз да жаркын боло түшөт.

Бир эле туштукта үч капкалдырыктын чыгышы оңой уздук эмес. Анын учунда үч «топ чачык» түшөт. Табакча-табакча болуп, көркөм көчөттөрү «мүйүз оюмдарынын» негизин түзүп, кызыл өң дүйүм гүлдөрдү символдоштурат. Муну териден (булгаарыдан-шабырадан) жасап, бул үч илтик болот. Бул канаттуунун коозу тоту кушту элестетет. Чечмелегенде ургаачысы, эркеги, баласы – үчөө болуп бир бүтүмдү түзөт. Уздук туюм да жарык дүйнөнүн ичинде эс тандырган, көздүн курчун кандырган укмуш сулуулуктар

болот. Алар көңүлдү чайкап, эс алууга шарт түзөт. Аны жан дүйнөң менен кабыл аласың, ырахатка бөлөнөсүң. жарык дүйнөнүн кооздугунан түшүнүк бар.

Чынында тоту куштун өзүн сайма аркылуу тартып эле койбой, ага өзүнчө форма берүүдөн, символдоштурууга аракеттенүүдөн «жарык дүйнө өзү эле кооз», – деген түшүнүк ачылат.

Капкалдырык – туш кийиздин ортолугунун чок ортосунан орун алган үч бурчтук формасындагы сайма. Айрым аймактарда муну турма деп атайт. Капкалдырыкка туш кийиздин ортолук (борбордук) жана четтик (жээк) көчөттөрүнүн көркөм элементтери так өзүндөй түшүшү шарттуу көрүнөт.

Күзгү кап – кыз-келиндердин өздүк буюмдары салынуучу баштык. Ага атыр, күзгү, самын, шуру, эндик өңдүүлөр салынат. Күзгү каптагы көркөм көчөттөр туш кийизден айырмаланат. Күзгү каптын капкагы, этеги тор жана топ чачыланат. Кылыч байлоо менен да кооздолот. Үстүнкү кулакчыны аркылуу кереге башына илинет. Ага түшкөн ар кандай көчөттөрүнүн чекесин уз ак-сары жип аркылуу «ала мончоктойт». Негизинен көркөм көчөттөр кызыл жип менен сайылып, анан өңдү дагы даанараак ачыш үчүн анын четинен сары, ак өң курчалуу керек. Ошондой эле түшүрүлгөн көчөттүн эки булуңундагы кызылдын ичи эки курдай сары, ак менен алмак-салмак айландырат.

Уздардын түшүргөн «кыялынын» ортосунда да «суу» жүгүртүлүп, өңдү ача билишет. Күзгү кап менен текче бир бүтүндү түзөт.

Түшкөн сайма көчөттөрүнүн чекесин ак жип аркылуу текчедей «ала мончоктоп», ак көркөмдүк текчеге окшошуп, экөө үйдүн ички жасалгалары үчүн эриш-аркак көркөмдүктү тартуулайт.

Же саймачылар орточо күзгү каптын көлөмүн 100х50 см кылышат да, мунун жээгин мүмкүн катар кундуздашат. Бетине сайма көчөттөрү түшкөн күзгү кап илгери кийиз-

ден да, таардан да, териден да жана калың кездемеден да жасалган.

Күзгү каптын жана текченин эң эски үлгүлөрүндө алтын түспөлдүү муунак-муунак сымча түзүлгөн төкмө, түймө чачылар сеңселип турат. Ага түшкөн көчөттөр «көөкөрчө», «жүрөкчө», «комуз тили», «бугу мүйүз» өндөнөт. Алардын араларын «суу» ажыратат.

Күзгү кап илгери таш күзгүгө чакталып, сүйрүрөөк жасалган. Кийинки күзгү каптар ачык каптан айырмаланбайт. Алардын жердиги жана ага түшкөн көркөм оюм-көчөттөр бири-биринен анча өзгөчөлөнбөйт.

Турмушта буларды буюм катары аздектеп колдонуу улам барган сайын басаңдоодо. Тек гана боз үйдүн жалпы сайма жасалгасынын бир бөлүгү катары керегеге тартылуу аркылуу кооз көрүнөт.

Айрым күзгү каптар мурунку салттуу буюм-тайымдардын негизинде жаралуу менен туштукка үндөшүп, аны менен бир бүтүндү түзөт. Андагы тор чачык боз үйдүн керегеси өндөнөт да мүмкүн жабык баштын же тегиричтин элесин да билдирет. Буюмдун чок ортосундагы табакча сайманы «түндүк» десек да болот. Жалпы алганда көркөм көчөт түндүктүн чамгарагын элестетет.

Текче (секичек, текичек, нишап) – кыз-келиндердин тебетей, элечек, көйнөк, чыптама өңдүү өздүк кийим-кечектерин коюучу буюм (баштыкча). Текче күзгү каптын үстүнө тагылат. Текче териден да, кийизден да, кийин баркыттан да жана шайы өңдүү таза кездемелерден да тигилген. Узундугу 75 см, туурасы 30-40 см тигилип, тегереги чачыланып, бети кооз саймаланат. Анын төрт бурчуна боо тагылып, экөө керегенин башына, экөө уукка байланат. Мындай текченин эки жагы ачык болуп, буюм ошол көңдөйчөгө салынган. Мунун жээгин да бир элидей кундуздайт. Ар бир буюмдун өзүнчө өзгөчөлөнгөн жүз ачаар көркөмдүгүн уздар сарысаптай алышат. Мунун жердиги үчүн көбүнчө кара же күрөң баркыт тандайт. Буюмдун

(75-40 см) четине «бычак учун» берип, анан сары өң менен кош жарыш сызык айланта «суу» жүргүзүп алат.

Эми «кыял» оюмун кызыл жиптен берип, анын четине көк жипти курчай саят да, кайрадан толкун өндөнтүп, кызыл, сары, кара жип аркылуу «ала мончок» («суу») жүргүзөт. Ушундан кийин төрт чарчыланып бадырайган сайма көчөттөрү бутактанып, «кочкор мүйүз» оюму өндөнүп, булардын аралары күн карама же байчечекей, тынчтыктын символу – ак кептер кейиптенген көчөттөр сайылат.

Мында саймачылар сары өңдү кызыл өндөн айырмалоодо жашыл өңдү айланта алуу менен буюмду көркүнө чыгарат. Демек, төрт ири, төрт майда көчөттөрдүн арасына эми «тогуз төбөлөнгөн» «сууну» актан толкундата жүгүртүү керек. Ал кара жердикти көркөм көчөттөрдөн өзүнчө бөлүп көрсөтөт.

Мунун ичинен бутактанып окшошкон майда көчөттөрдүн элементтери чыгат да, алардын араларын жашыл өң бөлөт. Анан буюмдун чок ортосуна «күнкарама көчөтүн» ак жип менен берип, ал кызыл, жашыл өң аркылуу бөлүнөт. Анын ортосун кылдат сайып, кызыл, сары өңдө түр берүү ыкмаларын саймачылар өтө көрөгөчтүктө жүзөгө ашырышат. Ага түшкөн сайма көчөттөрүнүн чекесин ак жип менен күзгү каптай «ала мончоктотот».

Түштүк Кыргызстанда күзгү кап менен текче курак менен айкалыша жасалат. Туштук төрт «кочкор мүйүздүн» башында төрт карга тырмак чыгып, бурч-бурчунда «карга тырмак» өзүнчө берилсе, кара жердикке кызыл өң жарашып, чакан туштукка бир эле табакча көрүнөт. Мунун четине «жагалмай канаттан» «жээги» чыгып, аралары «карга тырмак» көрүнөт. Топ чачылары, тор чачыктары анын көркөмдүгүн арттырып турат.

Көшөгө – боз үйдүн бир капшытын бөлүп, далдалап турган буюм. Бул абалы жөнөкөй эле болуп, боз үйгө шартташкан. Ал дагы бара-бара кооздоло баштайт. Жука кездеменин узундугу 2,5 метр, туурасы 2-2,5 метрче тигилет да,

үстүнкү кыюусуна илмектер кадалып, ага ичке бүчүлүктөр өткөрүлүп, илмектин эки учу ууктарга, мыктарга кере тартылып байланат.

Көшөгө кыздын себи менен кошо келет. Жаңы үйлөнгөндөр салт боюнча көшөгөнүн ичине жатышат. Буга да узчулукка таандык сайма көчөттөрү көбүнчө илме сайма менен түшүп, туш кийиз өңдүү үйгө жасалга берет.

Жаздык (балыш) – сайма аркылуу бүткөн жүк буюму. Сайма өнөрүнүн жүзүн ачуучу бул жаздык (балыш) башка жаздалат. Жүктүн үстүнө же өзүнчө катар жыйылат.

Сайма жана курак аркылуу бүткөн мунун кичинекейин (30х45 см) балыш, ал эми узун келип, эки адам жаздануга ылайыкталса (110х50 см), аны жаздык деп атайт.

Буюмдун маңдайкы бетине «илме дос» саймасы менен «тикме сайма», «тогуз төбө», «ай кеште», «кайкалак», «тескери кайкалак», «допу талаа» өңдүү көчөттөр жупташа түшүп, жөнөкөй кездемелер менен тышталып, ичине көбүнчө кебез салынат. Илгери жаздык бөз жана таар менен да тышталып, ичине саман, чөп да салынган.

Саймачылар муну жасоодо үлгүлөрүн колдон-колго арбын өткөрүшөт. Алар буюм бетиндеги көчөт өңүн байчечекейдей ача билүүгө өтө чебер келишет. Буга көбүнчө кызыл, көк, сары, кара өңдөр ич ара такай катышат.

Түштүк Кыргызстандын Лейлек, Баткен, Ноокат, Алай өңдүү (ичкиликтер жашаган жакта) аймактарында бөтөнчө мүнөздүү бул кооз буюм азыр да өтө мыкты өнүгүп, жүктүн жарашыгын берип турат.

Балышка (жаздыкка) көчөт түшүрүүнүн бөтөнчөлүктөрү көрүнөт.

Биринчиден, буюм үч табакчадан турат да, анын саймалары жыш берилет. Табакча четтерине ак жиптен «суу» түшүрүлөт. Анын ичине «кош кайкалак», «сыңар мүйүз», «ит куйрук» көчөттөрүн берүү салтка айланууда.

Экинчиден, ар бир табакчада курак өнөрү менен «илме дос» эриш-аркак катышкан кездери бир. Андан «каркыра

курак» ак-карадан түшөт да, анын ичине «суу» чуркатып, төрттөн эки көчөт айкалышып, ортосунда өзөктөн өзүнчө «карга тырмак» көчөтү орун алат. Эгер «каркыра курактын» ордуна ак-кызылдан ошого окшош көчөттөр түшсө, ал «бычак учу», «араа тиш» болуп өткөрүлөт.

Кашык кап – кашык салынуучу чакан сайма буюмдарынын бири. Анын да кооз саймасы жана оймосу болот. Буюмдун жердиги көбүнчө кийизден, таардан, кездемеден тандалат. Ал көркөмдүк үчүн аяк кап, күзгү кап, кайчы кап сыяктуу эле кереге башына илинет. Кээде кашык капка ара туулган козунун, улактын, чаарчыктын терилери да пайдаланылат. Ага да көркөм сайма көчөттөрү түшөт.

Мына ушундай майда буюмдан улам «кыргыздын үйүндө кырк баштык бар» деген сөз бар. Демек, кереге башы сайын баштык илинип, алардын ар биринин турмуштук мааниси жана ич ара кооздуктары бар. Уздар кайчы капка деле көркөм көчөт түшүрүүдө ушундай кооздуктарды пайдаланууга болот.

ЭЛДИК КИЙИМ-КЕЧЕЛЕР

Элдик кийим-кечектер көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Мунун күндөлүк жашоо шартыбызды жана көркөмдүктү көздөй турган жагдайы бар. Жаштарыбыз сыймык катары кийип жүрүүгө жарашыктуу сайма көчөттөрү менен кийиз оюмдарынын элементтери айкалышкан түрлөрү элибиздин көлдөй чалкыган пейилин, жергебиздин бай табиятын символдоштурат. Ал башка элдерден айдан-ачык айырмаланып, өзүбүзгө гана таандык бөтөнчөлүгүбүздү белгилей алат.

Кыргыздын элдик кийим-кечектери – маданиятыбыздын негизги көрүнүштөрүнүн бири. Ал турмуш-тиричилик шартынан, чарбачылыктан, зарылдыктан улам жаралып, өзгөчө туруктуу келип, көп кылымдар бою жашап келди. Мына ушул туруктуулукка таандык болгон өзгөчөлүк

аркылуу тигил же бул элдин байыркы же кийинки мезгилдеги маданияты жөнүндө сөз козгоп, ага карата айрым салыштырмалуу ойлорду айтууга болот. Мындай мураска кыргыз эли да бай. Элибиздин кийимдери үлгүгө бай. Анын чебер тигилиши, асемделген кооздугу эзелтеден эле даңаза болуп келе жатат. Ал тууралуу маалыматтар жазма адабияттарда сейрек кездешкени менен элдик оозеки чыгармачылыкта ачык айтылат. Элдик казынанын ыйык мурасы катары бизге келип жеткен кыргыз элинин баатырдык эпосторунда бул кийимдердин ар кандай түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө ойдогудай маалыматтар бар.

Элдик кийим-кечектер бычмачылык-тикмечилик өнөрүнө кирет. Бычуу – турмуш-тиричиликке зарыл ар кандай үй оокаттардын, буюм-тайымдарды, кийим-кечектерди териден да, таардан да, кездемеден да, кийизден да жана башка жумшак нерселерден жасоого даярдык көрүү, тигүү, жөрмөө иш-аракетинин башталышы. Бычмачы уз адам. Ал кийим-кечектердин бардык түрүн: көйнөктү, бешмантты, шымды, чапанды, чепкенди, ичикти, тонду, калпакты, тебетейди, элечекти, малакайды жана башкаларды бычып бере турган чебер. Айыл арасында мындай ар кандай нерселерди бычып-тигүүчүнү бир эсептен «иштүү» деп да аташат. «Бычмачынын кадырын тикмечи арттырат» деген сөз бар. Элдик кийим-кечектерди жана башка буюмдарды жүзөгө ашыруучу ыкма – тикмечилик.

Кыргыздын элдик кийим-кечектери адамдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата бири-биринен айырмаланат. Ошондой эле жалпы окшоштуктар аркылуу элдик маданиятыбызды даана даңазалайт. Жаркын маанайыбызды төп келтирип турган ушундай кийимдерибизди элге керектүү буюм катары көп нускалап чыгаруунун, дүкөндөргө сатууга коюунун зарылчылыгы бар. Анда бычмачылык-тикмечиликтин, саймачылыктын, тери иштетүүчүлүк, чачык чалуучулук, кийизчиликтин карым-катыштары билинет.

Кыргыздын кийим-кечектеринин үлгүлөрү бай. Жердиги бышык болот, чебер тигилет, кооздугун жана шаңдуулугун эзелтен бери карай элге даңазаланып келген. Элдик казынанын көөнөрбөс мурасы катары бизге жеткен мунун мындай үлгүлөрүн эми мыкты үйрөнүп, элге кайрадан тартуулоо милдеттери чечилери шексиз. Биз каз элечексиз, кош этексиз, сайма кемселсиз, акылман, уз энебиз Каныкейди кантип элестете алабыз. Мында бизге өткөн турмуш чагылып, жеке эле Каныкей энебиз эмес, Эр Төштүктүн Кенжекесин, Семетейдин Айчүрөгүн, Кожожаштын Зулайкасын, Алмамбеттин Аруукесин, Курманбектин Айканышын, Олжобайдын Кишимжанын жана башкалардын келбетин жана ай чырайын алдыбызга тарта албайбыз. Элдик кийимсиз алардын сулуулугу, улуулугу, баатырлардын баатырды, карыя-байбичелер мерчемдүү чекке жетпей, кооздуктун бир татым тузу кемигенсип турат. Азыркы жаш муундар тууралуу да мына ушундай асыл пикирдебиз. Адатта, адамдын ажары, ички дүйнөсү, сырткы формасы менен ич ара айкалышып турмайын асылдуулук тууралуу сөздүн болушу максатсыз. Натыйжада, «Адамдын көркү чүпүрөк» дейт.

Кийим-кече менен жүрүм-турумдун ортосунда кандайдыр байланыш болот. Кийим да кандайдыр бир деңгээлде биздин жүрүм-турумубузга чоң таасир этет. Көчөгө кийилчү кийимдер бир жагынан адамды токтоо же, тескерисинче, шайыр, көтөрүңкү болууга мажбурлай алат. Мисалы, көшүлгөн узун көйнөк кийген зайыптын кадимкидей басыгы өзгөрүлүп, кыймыл-аракети назиктелет.

Кийим аркылуу бирөөгө жагасың, көпчүлүктөн көрүнөсүң, адамдардын сыйлоо сезимин козгойт. Кийимдин адамга тийгизген тескери таасири – адамдын жүрүм-турумунун кийимге, анын сырткы облигине, айлана-тегерегиндегилерге ал кандай таасир тийгизээрин да баамдайсың.

Киймине карап, адамдын эстетикалык табитине, маданиятынын канчалык деңгээлде экендигине баа берүүгө бо-

лот. Маданияттуу, салабаттуу көрүнүү үчүн модалуу кымбат баадагы кийим кийишет. Акыйкатта, адамдын баскан-турганы, манерасы, адамдын жүрүм-турум маданияты да чоң мааниге ээ.

Өзүнүн сырткы кебетесин, боюн карап, багып жүргөн аял өзүнө жарашыктуу гана кийимди тандай алат жана адеп сактап жүрө алат.

Баш кийимдер

Баш кийимдер – башка кийилүүчү кийимдин жалпы наамы. Ар бир элдин, жердин шартына, салтына жана жынысына карата баш кийими ич ара бөтөнчөлөнөт. Кыргызда калпак, тебетей, малакай, топу, элечек, шөкүлө, кеп такыя өңдүүлөр болгон. Баш кийим аба ырайына ылайык, жылдын төрт мезгилине жараша кийип жүрүүгө шартташтат. Малдын, аңдын терилеринен, кийиз кездемеден бычып тигилген.

Ак калпак – Ала-Тообузду символдоштурган баш кийим. Муну тигүүдө абалы жүндү кылдайт. Саксагыраагын майдалап кыркып сабайт. Уютулган жүндү басып кургатып, кайра бышырган соң борду улам сээп, улам басып, кайра үбөлүктөп, кийизди катуу кылат. Абалы башка чакталып, калпактын төрт талаасы бычылып, ортолоруна «милте» коюла тигилет.

Айры калпак же төрт талаасынын кошулган жерлери жана жээгин «кыюулап», төрт жеринен кичине шара тилик калтырат. Ал – тилик калпак. Төрт талаасы кыюуланбай, ак жип аркылуу бириктирилип, эки жеринен чоңураак тилик калтырылат. Туюк калпак – жүн калпак сымал уютулуп, улам катуу басып, аны үбөлүктөп, кайра бышырып, төбөсү топ-тоголок, этеги тегерек түргө келтирилет.

Кыз калпагы – ак жүндөн жуп-жука кылып, этегин эркектердикиндей тайкы, тегерете жээгин үстүнө көздөй имерилте бычат. Ага үкү таккан, ийне сайма аркылуу көркөм көчөттөрдү келтирген.

Калпактын кол саймасы «секиртме», «тап бердирме» деп аталат. Мында уздар эки ыкманы жүзөгө ашырат. Биринчиси бычылган калпактын төрт талаасын бири-бирине «милтелеп» (жээктеп) кошот. Экинчиси, анын кыюусун (алкагын) тигет. Андан кийин учук аркылуу ичин жөрмөп, топ чачыгын («чогун») чыгарат. Акырында тигүү машинасында анын кырын жүргүзөт. Калпак бөрктүү болушу керек. Бөрксүз калпак телпек кейиптенип калат. «Калпакпы же телпекпи» деген сөз бар. Чынында кийизи өтө жука болсо, башка токтому жок болуп калат.

«Сайма калпак» – кийизге берилген көркөм көчөттөр ого бетер назиктелип, уландар жана кыз-келиндерибиз кийип жүрүүгө шартташат. Буга «кыял» көркөм көчөт-оюм элементтерин уздар чөптөрдүн сабагынан, мөмө-жемиштеринин шагы ийилген бутактарынан алат. Ал сөзсүз бир нерсеге окшошуп, мындан бизге «бармак боочу», «ит куйрук», «ийрек», «бычак учу» өңдүүлөр өзүнөн-өзү элестейт.

Элдик оюмдун элементтери экинчи бир оюм-көчөттүн туулушу үчүн көркөм каражат болот. Оюмдан-оюм, көчөттөн-көчөт чыгат. Ошондуктан, көркөм оюм – ойдун кумары болуп көрүнөт. Бул ар бир уздун изденүүлөрүнө жана жаңыча узданууларына негиз түзөт.

Тебетей – көрпөдөн, суусар, сүлөөсүн, түлкү, кундуз өңдүү баалуу аң-терилеринен тигилген тегерек баш кийим. Анын төрт талаасы төрт бөлүк бычылат.

Тебетей тышы жаш өзгөчөлүктөрүнө карата тигилет. Кара, күрөң тыш улгайгандарга, кызыл, жашыл, көк кездеме жаштар кийүүгө ылайыкташат. Тебетейдин ичине кебез менен жүн салынып шырылат. Анын дубайнасынын ортосунда да жүн же кебез имериле салынып тигилет. Кийимдин төрт талаасы бириктирилип, капшыра тигилгенде төбөсү төрт бурчтук өңдөнөт. «Бөрү атаар уулду бөркүнөн тааны» дегендей илгерки тебетейлер мындан да бөрктүү тигилген. Анын тышы дубайнага кийгизилип, көрпөнүн

учуна кайрылуучу. Чети тышына бириктирилген соң көрпө сырт жагына имерилет.

Кыргыздын кызыл манаттан, жашылдан, көк баркыттан тышталган кундуз тебетейлеринин төбөсүнө булая үкү тагылат, шуру, бермет өңдүү асыл заттар тизилип, көз жоосун алгандай кооздолот. Эркектердин тебетейлеринин төбөсүнө топ чачыктан көбүнчө «чок» тагылат.

Көрпө тебетейдин тышы шырылып да, шырылбай да жасалат. Суусар тебетей шырылбай, эндей жасалганы жөндүү болот. Ал эми түлкү тебетейди шырып да, шырыбай да тигет. Тебетей бурчтуу чыкса бөрктүү жана көрктүү көрүнөт. Тебетей кыры (көрпөсү) этектүү, жазыраак болушу зарыл. Мында кийимдин төрт бурчу көрүнүп турсун. Ошондо тепек тебетей болбой, бөрктүү келип, буюмдун жекече жүзү ачылат. Баш кийим жаш өзгөчөлүктөрүн аныктайт. Тактап айтканда, тебетейдин төбөсүн шырып тигүү жаштарга таандык. Ал эми шырыбай тигүү улгайгандарга ылайыкташат. Деле көрпө тебетей шырылмайын көркүнө чыкпайт. Кутмандуу карыялар казанбек тебетей кийишкен. Ал саксак көрпөлөрдөн жасалып, төбөсү шырылган эмес. Мында тебетейдин төрт талаасын мурун тигип алып, анан көрпөсү куралып тигилип, экөө биригет. Теринин ичиндеги кыркага жүн салыш керек. Кебез ооруураак сезилет.

Малакай – элдик баш кийимдин бир түрү. Көбүнчө карыяларга мүнөздүү кийим болгон. Уктаарда кийип жатканда башты жылуу сактаган. Ал өңдөлгөн (бордолгон) жана ышкын түпкө, анарга боёлуп, түктүү териден аңтара тигилген. Малакайдын көрпөдөн бир-эки элидей «кыюусу» болот. Кыюусуз тигилген малакайга кездемеден же көрпөдөн «милте» (жээк) коюлат. Аны тигүүдө жана кийүүдө аймактык айырмачылыктар бар. Кудум малакайга окшошкон баш кийим кийген элдер да кыргыз жергесинде кездешет.

Топу – тегерек баш кийим. Топу ар кандай кездемелерден төбөсү кууш бычылып, бүйрүлө тигилет. Ак кездеме

менен ичтелип кештеленген. Кыздар төбөсү бийик жана кууш топу кийишкен. Бара-бара ал ар кыл түстөгү жердиктен төбөсү менен алкагы тегерек жана жапыз тигилип, зер, бермет, шуру, акак менен асемделип, үкү (канаты) тагылган.

Кийин топу бир түстүү кездемеден эле төрт бурч сымал жээги бир бүтүн келип, төбөсүндөгү төрт талаасы саймаланган.

Эркектердин топусу ак, кара, жашыл, көк өндүү кездемелерден тигилип, анын тегерек, төбөсү бөрктүү (чокчо) сымал түрлөрү бар.

Калпак менен тебетейдин ичинен такай кие турган тегерек топу «ичмек топу» деп аталат. Ал тебетей менен калпактын ичин кирдетпеген. Карыялар топучан отурууга шартташкан. Топу көбүнчө баркыт, чийбаркыт, трайке сыяктуу адеми кездемелерден тигилип, кырбуусун өзүнчө, төбөсүн өзүнчө бычып алып, колдо бүрүп да, машинада кыйып да кармайт. «Темчиме топу» – төбөсү чокчо ак топу. Аны уздар учуктуу ийне аркылуу тепчип, ага «секиртме сайма» (бири-бирине улаштырылбай сайылган сайма) сайышкан. Ак топу ичмек топудай такай малакай, тебетей менен калпактын ичинде жүрбөй, атайын төрт бүктөп жанда ала жүрүп, же үйдө бир жерге коюп, баарыдан мурда, сөөлөт катары кийүүгө шартташкан.

Топу шырылып жасалат. Жердиги кыйгач бычылып, анын өлчөмүн болжоп, төбөсүн өзүнчө тегерек кылат. Жердигин тик кесип жасаса, аны канчалык теңесең да жарашыгы болбой калат. Ичи менен сыртын бириктире тигип, ичине кичине кебез жалатып, кырка жээги кыйгач шырылышы зарыл. Анын төбөсү өзүнчө шырылып, жээги экөө биригет. Ички тигиштери билинбес үчүн жердикти кыйгач алып, кыйык коюп, кайып коюш керек. мында кара баркыт менен кыжымы топунун жарашыктуу жердиги болот. Анткени, аны улгайгандар кийишет.

Айрым аймактарда жашыл, көк, сары, күрөң кездемелерден топу тигип жүрүшөт. Чынында чекирейип, адамдын жүзүнө башкача жарашык тартуулап, анча сыйда көрүнбөйт.

«Такыя топу» – кыз балдардын топусу. Ал көбүнчө жашыл, кызыл, көк өңдөгү кыжымыдан, тасбаркыттан жасалат. Бул баш кийимдин төбөсү менен алкагы жапысыраак жана тегерегирээк тигилип, төрт талаа (төрт бурч) болуп жээктелет. Төбөсү томпок, ортосу учтураак көрүнөт. Топуга тегерете көркөм көчөттөр түшөт. Ага «кыял оюм», «бычак учу оюм» өңдүүлөр мүнөздүү келет. Же андай көркөм көчөт-оюмдардын ордуна акак таш, шуру, бермет өңдүү асыл заттар ийректеле тизилип, алтын-күмүш торчолор менен курчалат. Топунун «бүрмө топу», «кайырма топу», «малакай (макабай) топу» сыяктуу түрлөрү бар. Бул баш кийимди кийүүдө да, тигүүдө да Кыргызстандын аймактык бөтөнчөлүктөрү байкалат.

Элечек – ургаачылардын баш кийими. «Элечекти» – «илеки» деп да атайт. Ак кездемеден тегерете кат-кат болуп оролот. Баш кийимдин баш кеп, сала коймо, ээк алмай, астыңкы жана үстүңкү тартма, тумарча, бадам сыяктуу негизги түрлөрү бар.

«Кеп такыя элечек» чечкенде анын кеби бузулбас үчүн астынан кийилет. Кийип-чечүүнү жеңилдеткен элечектин «сала коймосу» (желке жагы) менен «ээк алмайы» болот. Аны жыккында ага тирек болуучу мунун «астыңкы тартмасы» (бөлүгү) кыска (25-30 см) келет. «Үстүңкү тартмасы» (же жыгымы) элечектин бардык оромун тыкан кармап турат. Элдик салтта аялдар муну жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык кийишкен.

Улгайгандардын элечеги жөнөкөй оролот, көлөмдүү көрүнөт. Сыртынан чоң ак жоолук менен жабылган. Аза күткөн (же жесир) аял кара бүркөгөн элечек кийген. Ал

эми өлгөн кишинин жакын туугандары ашы өткөнчө элечектин ээк алмайынын бир жаагын бошотуп жүргөн.

Колуктулар кийген элечектин маңдайы шуруланат. Бул шуру тартма элечек деп аталат. Элечек күмүш калдыркан, желбирөөчтөр менен да чебер кооздолуп, кыргакталат.

Кыргак – шөкүлөнүн, такыянын, элечектин эң сырткы курчоосу. Ал ар кыл эндүүлүктө ар кандай кездемелерден саймаланып, асемделип жасалат. Кыргакка алтын, күмүш, акак чөгөрүлүп, негизинен элечекти кооздоо менен катар анын жанып, чубалып калуусунан сактаган. Ал көркөмдүгүнө жараша: алтын кыргак, күмүш кыргак, сайма кыргак, оймо кыргак, бермет кыргак же шуру кыргак, жибек кыргак, кымкак кыргак деп айтылат. Алтын же күмүш жипчелер чырашталган кыргактардын кырка этегине (узундугу бир эли) алтын, күмүштөн майда желбирөөчтөр төкмө чачы сымал кырка тизилет. Элечек кооздолушу жана кийилиши, калк арасында таралыш таржымалы боюнча жергиликтүү өзгөчөлүктөргө эгедер.

Эң эле апакай койкойто оролгон, чүчтөдөй чакан элечек – сурп элечек. (Сурп болсо жөнөкөй кездеменин бир түрү). Боёлбогон, агартылбаган жибек кездеме элечектин жердиги болгон. Чеберлер, артисттер жана өздүк көркөм чыгармачылыгынын ышкыбоз коллективдери элечектин жакшынакай үлгүлөрүн сактап, андан ары өнүктүрүүдө.

Кеп такыя – элечектин астынан кийилүүчү баш кийимдин бири. Кеп такыя элечектин ички оромун терден, кирден жана чаңдан сактайт. Байбичелер аны жылуулук үчүн жоолуктун ичинен да кийип жүрүшкөн. Андай кеп такыя көбүнчө кызыл, жашыл, көк, кара манаттан жана баркыттан жасалган. Кеп такыя маңдайы тегиз, эки жак (каптал) жагынан жаак (кулакчын) түшүрүлүп, артынан (желкесинен) сала коймо (куйрулчук) чыгарылат. Үч кабатталып, тышы колдо токулган ак бөздөн тышталып, ичи

гүлдүү чыттан астарланат. Ортосуна өрмөктө согулган тасма салынган. Төбөсү тигилбестен, жип өткөрүп бүрмөлөнгөн же байланган (кездеменин өзүнөн төбө чыгарылган). Кеп такыянын жаактары, маңдайы, сала коймосу сайманын «терс кайык», «илме» («илме дос»), «туура сайма»), «басма сайма» деген түрлөрү менен «мүйүз», «ит куйрук», «ийрек», «кыял», «куш канат», «бармак боочу», «кочкорек», «гүл» өндүү көркөм-оюм-көчөттөр кештеленген. Чекесине бермет, шуру, топчу жана башкалар тагылып, жылаажын, шамалбак кадалган. Ал белден ылдый карай төгүлүп турган олоң чачты чаңдан жана ар кандай тоскоолдуктардан сактаган.

Ал башка ылайыкталып, элечектин четинен этеги чыгып калбагыдай ак жердиктен шырылып жасалган. Аялдар мойну талыганда элечегин алып, кеп такыясы менен жүрө берет. Ал элечекти баштан алууну жана кайра аны кийүүнү жеңилдетет. Элечекти терден сактап, шырылган кездеме чыккан терди сиңирип алган. Ошондо элечек сарала болбой, бат-бат жуулбай, өңү өчпөгөн. Кеп такыяны кийүүдө да аймактык айырмачылыктар бар.

Күйөөгө жуп аттанаарда кызга кийгизүүчү кеп такыянын эки жагындагы кызыл жердикке сайма көчөттөрү «терс кайык» менен өтө майда берилет. Анын ажарын «ала мончоктолушу» ачат.

Түштүк Кыргызстандын Алай, Совет, Ноокат тарабында жашаган уздардын жасаган кеп такыялары – баш кийимдин даана үлгүсүн көрсөтөт. Мында анын жаак учтарындагы тор чачыктарына шуру, каухар, асыл таш «акак мончоктолот», «коңгуроо» кулакчындын учтарынын жээктерине зер тартыла берметтелген. Кийимдин маңдайы сөзсүз кыргакталат да, кийимдин куйрулчулугуна (чач жапкычына) өзүнчө «жээк» түшөт. Анын учтары тор чачыкталган жана шуруланган. Кийимдин жердиги, ага түшүрүлгөн көркөм көчөттөрүнүн түрлөрү, боёгу бири-бирине айкашып жана үндөшүп турат.

Шөкүлө – конус формасында тигилген баш кийим. Аны күйөөгө аттанган кыз атасынын төрүнөн кийип чыгат. Шөкүлөнүн төбөсү (бийиктиги 22-30 см), кулакчаны же жаагы (узундугу 18х22 см), желкеси (узундугу 33-45 см), маңдайы (4-6 см) болот. Шөкүлө мурун ак кийизден тигилсе, кийин ортосуна жүн салынып, сырты кызыл же кочкул кызыл, жашыл же кочкул жашыл, көк же кочкул көк манаттан, ноотудан тигиле баштайт. Матадан ичтелип, ага кундуз, түлкү, суур өңдүү аң терилери кыюуланат. Кийин баркыттан шырып тигүүгө өтөт. Төбөсүнө же каптал тарабына тоту куштун, кыргоолдун, каркыранын, үкүнүн канаттары тагылат. Шөкүлөнүн төбө алкагына зер чөгүлөт.

Шөкүлө салт боюнча кийин сиңдилерине сакталат. Демек, кыз турмуштанган жерине кийип барат. Үч-төрт күндөн кийин шөкүлөнү кайра берип жиберет. Бул баш кийим боз үйдө текчеде (секичек, текичек) турган, же сандыкта сакталат. Шөкүлөнүн көз уялткан көркөмдүгүнө желбирөөч, сөйкө (сырга), бой тумар, акак мончок (моюн мончок), төөнөгүч сыяктуу зер буюмдары айкалышат. Шөкүлө кийген колукту Ак кууну элестетет. Ага кемсел шымчан, кемер курчан, ак калпакчан күйөө куп жарашкан.

Шөкүлө жасоодо азыр калың катуу кагаздан бийиктиги 35-40 смдей бычып, ак барчадан, кызыл баркыттан тыштап, ага сайма саят. Түрдүү шурулар менен көчөт түшүрсө болот. Шөкүлөгө илгери көбүнчө кундуздан жээк түшүрсө, эми шартка жараша норка жээктелүүдө. Анын үстүнө көйкөлгөн узун ак жоолук жабылат.

Мурун шөкүлөнүн жээктерине чеберлер жалбырска (чычкан жүнүнө окшош) ара туулган кулундун терисин да пайдаланышкан. Минтип кийимдин түрдүү терилерден жасалышы, кызды күйөөгө чыгарган үйдүн жашоо-шартына да байланышкан. Кундуз жээктелген шөкүлө байлыкты көрсөткөн.

Сырт жана ич кийимдер

Элдик сырт жана ич кийимдерди адемилеп бычып-тигүү жана аларды кийип жүрүү элдик нарктуулукту көрсөтөт. Сырт кийимдерди кыргыздар баш кийит катары баалашат. Сырт жана ич кийимдерге: чепкен, чапан, тон, кементай, ичик, кемсел, шым, кош этек, чыптама сыяктуулар кирет.

Чепкен – элдик кийимдин бир түрү. Сырт кийим чепкендин жердиги таардан, кездемеден болгон.

Эркектерге арналган суп чепкен – төөнүн, тайлактын жүнүнөн чарык жиптей ичке кылып ийрип, аны оңго-солго чыйратып, өрмөк аркылуу таңдайлаштырып, эндүү согот. Муну бычып, жалаңкат ичтеп тиккен, («Суп чепкен кийдиң сурак жок, сурабай эгем койгон жок») (макал). Аны «төө чепкен» деп да атайт. Кийим мала күрөң тартып, ачык маанайды берип, ошончолук бышык болот. Койдун жүнүнөн, кебезден ичкерээк ийрип, жалаң ак же эки-үч өң жипти күзүктөп, аркак салып согулуп да чепкен тигилет. Чепкен чапандай көөлгүй кенен тигилет, ичтелген, ага жүн же кебез калыңыраак салынат. Ага бир гана бүчүлүк менен топчу кадалган.

Азыр чепкен-чапан, чапан-чепкен деп аралаш мааниде колдонулууда.

Мал чарбачылыгын аркалап, көчүп-конуу менен жашоо-тиричиликтерин өткөргөн кыргыз элинде жалаң жүндөн жасалган чепкендер нарктуу болгон. Тепме чепкенди таар чепкен деп айтат. Тепме чепкенге күзгү койдун жүнүн ийрип, өрмөктө кезек согулган таарды кайнатып, кадимки кийиздей киргизет. Аны тепкилеп басат. Ал сыйда көрүнөт.

Кездемелердин жердигине карата – бөз чепкен, нооту чепкен, чийбаркыт чепкен, баркыт чепкен, кымкап чепкен, барча чепкен, трайке чепкен деп айтыла берет. Булар тигилишине карата басма чепкен, шырыма чепкен, жалаңкат чепкен деп айтылат. Азыр өнөр жай ишканаларында

чепкен менен чапан тигилүүдө. Анда бул эки сырт кийимдин айырмалары анча баамдалбайт. Булардын негизги жердиги – кездеме.

Чапанга караганда чепкенди көбүрөөк тигүүгө көңүл бөлүнүп, жалаңкат эле ичтелген тукаба, баркут, чийбаркут чепкендерге көркөм сайма көчөттөрү түшүрүлүүдө.

Кыз-келиндер үчүн тигилген чепкендин жердиги адеми кездемелерден тандалат. Анын жакасына, өңүрүнө, этек-жеңдерине баалуу аң терилерин бастырган. Ал үй ичинде, эс алуу жайларында дөөлөт катары жамынууга шартташкан. Кийим жердиги кара, жашыл, көк, кызыл тас баркыттан, чий баркыттан тандалып, анын өңүнө карата көркөм көчөттөрү тандалат. Кара баркытта кызыл кочкул көчөт кандайдыр басмырттыкты пайда кылат. Ага «ит куйрук оюмун» чийип, сайма көчөттүн геометриялык жактан татаал айкалыштарын берүүгө да болот. Мында чийимди жоонойтпой, бирдей ичкеликте алып, кыялданта берилет.

Чепкендин-чапандын жакасына өзүнүн энине карата көчөттү ичкерээк берүү кооздуктун максатына ылайыкташат. Ал эми өңүрүнө, этегине жана жеңинин учуна түшкөн саймалар бирдей көрүнөт. Кийимдин эки каптал этегиндеги көркөм көчөттөр буюмдагы жалпы кооздукту өзүнө оодарып, тегеректеле шарттуу имерилип, көңүлдү өзүнө бурат.

Ошондой эле кара баркыттагы түшкөн саймалардын жээгиндей берилген, анча жыш салынбаган негизги көчөттөрдү толкун сызыктар, же «чычкан изи» сымал актан «суу» көчөттөрдүн араларын бөлүп турган жол берип, буюмдун ажарын ачуучу кооздук түшөт. Мисалы, буюмдун жердиги көк баркыттан турса, мунун жиби кызыл кочкулдан тандалса, «бычак учу оюмунун», «бармак боочу оюмунун» жана «мүйүз оюмунун» элементтерин ич ара шарттуу алып, алардан бутакчаларды, сабакчаларды чыгарып, көл толкуну сыяктуу «кыялдантып» кармалат. Анын тегерете курчоочу «суусу» сары-кызылдан болууга тийиш. Эгер кы-

зыл кочкул, күрөң кызыл сымал өң сайма көчөттөрүнүн негизин түзсө, анда анын жүгүртүлүүчү «суусу» же «ала мончогу» көчөттөрдү айырмалап турган түр актан болсо, «чакчайыңкы» келип, түшкөн көчөттөрдү өзүнө оодарып алып, адамга анча жагымдуу таасир калтырбайт.

Чапан – элдик кийим («сарпай» – «чапан» деген түшүнүктү берет). Анын жердиги башайыдан, сатинден, ноотудан, бөздөн, матадан, трайкеден жана башка ушул өңдүүлөрдөн тандалат. Жеңи менен бою бир бычылып, ага жүн же кебез салынып, жука кездемелерден ичтелет. Чапандын ичи-сыртын бирдей шырыйт. Элибизге каптама чапан мүнөздүү болгон. Кийим мында кенен бычылып, ичи шырылган, сырты капталган. Чапанды бычып-тигүүдө да жергиликтүү өзгөчөлүктөр байкалат.

Кементай – «Ак олпогун жамынса,
Кийгенине жарашкан,
Астындагы Аккула,
Мингенине жарашкан».

(Жеңижок)

Ак олпок – кементайдын бир түрү. Ал жоокерчиликте кийиле турган сырт кийим. бул элдик кийим. Мунун жердиги – кийиз. Ал орточо калыңдыкта болот. Ар түстөгү кийиздерден чепкенден узун жасалат. Кементайдын учасы менен өңүрүнүн бириктирилген жери жана бардык тигиштеринин арасы тон жана ичиктей милтеленет. Анын жээктери айланта өңдөш кездемелер аркылуу кыюуланат. Кементайлык кийиздин жүнүн кылдап, ойдогудай бышырып бычат. Андай кементай бышык болуп, суу өткөрбөйт, кийин кирип кетпейт. Тикесинен койгондо кадимки ноотудай жыгылбайт. Ак кементайдын жакасы, жең учтары, өңүрү менен этеги карыштай түрдүү түстөгү баркуттар менен кыюуланат.

Кементай кийинчерээк көбүнчө ак кийизден жасалган. Анын мындай үлгү болорлук түрүн эске тутуубуз за-

рыл. Айрым кементайдын да кудум ичиктики өңдүү кайырма жакасы болот. Бул кара, көк, күрөң баркыттардан тандалып, жаканын этегине топчулук (бүчүлүк) тагылат. Кийимдин жакасына тегерете көркөм көчөткө «бадам оюмун» келтирип, муну «илме сайма» аркылуу кызыл жип менен кыялданта берсе анын ортолорун эндей калтырат. Четинен ак же сары өң менен жээктеп сайса, түшүрүлүп жаткан көчөт кашкаят. Жеңи да сөөм-карыштай баркут менен кыюуланган кементайга жогорудагы көркөм көчөттөр дал өзүндөй түшөт. Кийимдин өңүрүнүн өзүнчө этегине тегерете кара жиптен «ала мончоктоло» «көбөө» (жээк) келет. Аралыгы карыш, сөөмдөй ага жарыш жүрөк тушунан, этек үстүнөн карадан «секиртме сайма» менен «суу» берилет. Жаштарга ылайыктуу кементайларга кур курчоого да болот. Ал бир, бир жарым эли (2-3 см) колдо чалынган чааралекей ич курга (ычкырга) окшошот. Анын төрт, алты жеринде ак жүндөн ийрилген, чыйрак чыйратылган, бадырая челденген барпайган топ чачыктары төгүлүп турат.

Тон – «Тон кадырын ээси билет» (макал). Бул койдун терисинин жүнү ичине каратылып жасалган кышкы сырт кийим. Муну «бостун» деп да атайт. Тери тон сөөлөткө да кийилет. Анын бучкактарын да жерге таштабайт. Андан курап көлдөлөң, балдарга кийим-кечек бычса болот. Малдын, кайберендин жана аңдын терилери көчмөндүү элдин турмуш-тиричилигинде тигил же бул буюм-кечелерди жасоого өтө керектүү жердик болгон.

Койдун терисинен түгүн ичине каратып тигилген чолок бешмантча тонду тышта жүргөн адамдар киет. Ал тон өпкөнү жылуу кармап, «өпкө тон» деп аталып, эл ичине кеңири таралган. Айрыкча, өпкө тонду аялдар кие турган.

Тон – өңдөлгөн (бордолгон) тон (ак тон), ышкын түп жапкан (боёлгон) тон (сары тон) деп айтылат. Карыялары-быз көөлбүтүп кийүүчү тондун жакалык көрпөсүнүн жүнүнүн узундугу эки-үч элидей келип, ал тармал кара көрпөдөн болушу нарктуу. Анын өңүрү жана этек-жең жүнү

кыска кара көрпөдөн тандалат. Кара кыжымдан, чий баркыттан эни карыштай же андан жазыраак «көбөө» коюлат. Эгер көрпө кыжымы көбөөлөнсө, ага элидей «жээк» коюлат. Тондун этек-жеңинин, өңүрүнүн көрпөсүнүн жүнү жайкалып чыгып турушу керек.

Тон топчуланбайт. Кол башында түрлөнүп чалынган, топ чачыланган боо аркылуу байланат. Мындай сырт кийимдин ичи да кара көрпөдөн болууга тийиш. Тондук тери боёдон өткөндөн кийин аны кийгенде кийин куучуйуп тарып кетпеши үчүн керип-чоюп, колдо ийлеп, булуң-бурчтарын керип тырмактап бычат.

Жооого аттанганда кийүүчү тон туулга тон, чарайна тон деп аталат.

Кийинчерээк бүйүрмө тон чыкты. Анын этеги кенен, бели беш-он жеринен бүйрүлүп, көкүрөк тарабы денеге чакталып бычылат.

Көбөөлөрүнүн эни эки элидей келет да, жүнү кыска, ак, кара көрпөдөн болот. Мында көбөө кийимдин этек-жеңинен, өңүрүнөн сырткары төштүн эки жагына да бастырылат. Бүйүрмө тондун жакасы пальтонукундай келип, буга көбүнчө темир илгич кадалат. Антип көбөөлөнбөй, бүйүрмөлөнбөй эле жакалуу же жакасыз этек-жеңи кенен тигилген тондор элдик мүнөзгө эгедер. Тонду тигүүдө жана кийип жүрүүдө да аймактык айырмачылыктар билинип турат.

Ичик – элдик кийим. Ал кездемеден тышталып, кара саксактан ичтелет. Анын сыртын өзүнчө, ичин өзүнчө тигип алат. Текши кыюланбаган ичиктин этек-жеңи кийгенде куучуюп калат. Ичиктин ичи ар кандай өңдөгү терилерден болушу мүмкүн. Ичи кара ичиктин жакасы кара көрпөдөн болууга тийиш.

Ал эми ичик тигүүдө этегин жайылта кенен алып, түз бычат. Ар нерсе бир беткей, жөнөкөйлүгү аркылуу көркөм көрүнөт. Мисалы, түлкү ичиктин жакасы түлкүдөн болот.

Көрпө ичиктин жакасы көрпөдөн эле салынышы зарыл. Эгер аң жана кой-эчкини, козу-улактын терилеринин өөн бучкактарынан куралган курак ичик жасасак, анын жакасы көрпөдөн эле болот.

Жердиктин карадан болушу сырт кийимдердин көркүн ачат. Мында ургаачы ичиктер өзү эле сыйдалыкты баамдатып турат. Анткени, жакалык көрпө терилер анча узун болбой, жылбырскыланып, четине кундуз бастырылат.

Ичик жакасы өзүнүн көлөмүнө жараша жазы болот. Алсак, зайыптардын орто ичигинин (48-50-өлчөм) жакасынын жазылыгы болжолдо сөөм, узуну беш карыштай болот.

Ичикти ичтөдө – ичи-тышын өзүнчө тигип алып, аларды үч боюн өз ара бириктирет. Анда сыртын өзүнчө «көбөөлөп», тери менен кездеме бириктирилет.

Ичикке ийин коюлбайт. Үч бой тери менен бириктирилгенден кийин жака салынат. Зайыптар үчүн ичик тышына баркут, кыжымы, эркектер үчүн жүндүү кездеме, трайке мүнөздүү келет.

Ичик тигүүдө аймактык бөтөнчөлүктөр бар. Мисалы, Нарын тарапта биринчиден, жакасы аркылуу айырмаланат. Анда көрпө менен кундуз эриш-аркак бастырылып, бир аз жазыраак жасалат. Экинчиден, ичиктин этеги куучуйбай, кенен алынат. Үчүнчүдөн, алар ичиктик сыртты тандай билишет. Айрым жерлерде чийбаркыт, жашыл-көк кыжымылар менен эркек ичигин тыштап жүрүшөт. Мындай көрүнүш тебетей тышта да баамдалат. Эгер жердиги жакшы болсо, кийим өзгөчөлүктөрүн өзү эле баяндап турат. Жең менен жака ойдогудай орнотулса, кийим көрктүү көрүнөт.

Кийинчерээк бүйүрмө ичиктер да тигилди. Ага топчу ордуна илгич кадалат. Салттуу кийим «эркек ичик», «аял ичик» болуп бөлүнөт. Жаш козу-улактын жана түлкү, сүлөөсүн, суур өңдүү аң терилери аял ичикке шартталат. «Карышкыр ичик», «кашкулак ичик» эркектерге таандык. Элибиздин каада-салтында баш кийит катары бааланган,

аны жасоо жана барктап кийүү бөтөнчө мал киндиктүү, суугу күчтүү, тоолуу жерлерде көп кездешет.

Кемсел – элдик кийим. Анын тышы калың кездемеден, таардан тандалат, ал эми ичи жука кездемеден ичтелет. Ал тизени жапкандай бычылып, жеңи узун да, жеңи чолок да болот. Кийимдин жалаңкатталган же жүн, кебез (астарланып) салынган түрлөрү да бар.

Кемсел чепкендин ичинен кийилет. Көркөм көчөттөр менен саймаланат. Жаштар кийүүгө мүнөздүүсүнүн жердиги кара, көк, күрөң баркыттан, чий баркыттан тандалууда. Жөнөкөй кемселдердей тик жака болот. Түшкөн көркөм көчөттүн элементтери негизинен «бармак боочу» келет. Анда «кыял оюмунун» араларын «сегиздик» (888888) формасы бөлүп турат. Кемселдин эки өңүрүнүн учунан жүрөк тушунан ылдый этекти тегерете жээктей жазылыгы бир жарым, эки элидей (3-4 см) көчөт көрүнөт. Бул көркөмдүк кийимдин тик жакасына, жең учтарында да тегерете берилет. Адатта, кемселге кемер кур курчалууга тийиш. Мындай тик жака кемселдин кездеме курунун энине жана түшкөн көчөткө жогорудагы кооздуктардын дал өзү кайталанат.

Кемселди «беш бел» деп да атайт. Себеби, анын этеги төгүлүп, бели кыналып турат. Мындай беш жеринен бел кыналып, этеги жайылып турган кийим тизеден беш эли узун болот. Кийүүчүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнө карай сайма көчөттөр түшүрүлөт.

Кийимдин жердигине карай ага берилүүчү көчөттөр аныкталат. Эгер буюмдун жердиги кара, күрөң өңдөрдөн турса, анын өңүрүнө түшүүчү көчөт үчүн ак менен кызылдан «суу» салып, ортосуна жашыл өң чуркатылат. «Суу» түшүрүлүп жаткан көркөм көчөттөрдүн араларын ачып, ажарына чыгарат. Анан сары өңдө «чабалекей канат» сымал көчөт берип, андан кийин анын учуна көк жана кызылдан «суу» жүрөт.

Кийимге кайырма жака ордуна сайма көчөттөр түшүп, анын булуңчасына келтирилген кооздуктар белдемчи жана чепкен сыяктууларга түшкөн көчөттөрдөн анча айырмаланбайт.

Кемселдин «беш белине» чөнтөк салынат. Бул колтуктан чөнтөктүн оозуна чейин кынала тигилген тигиштер. Чөнтөк түз түшөт. Кыйгачыраак кылып кемселдин тик жакасы салынат. Аны өзүнчө бычып алат. Кийимдин топчулуктары ичилик менен жасалат. Ичилик – ичинен ичтөө, ичинен тордоо деген түшүнүктү берет. Кемселдин этеги кенен, бели-белге кыналып турушу зарыл. Тактап айтканда, кемсел эки жеңден, жакадан, үч бойдон турат. Үч бой – эки каптал, бир бели. Мында үч бойду бириктирип тигип, жака салып, анан жеңдери тигилип, чөнтөк тигиштери болот. Танап коюу – курсакка ылайыктап кынап тигиш түшүрүү. Ансыз жаканын түбү калдайып, кийим бойго чакталбай калат. Кемсел ичи көбөө менен кошулуп, үч бойго биригип турат. Буга жукараак ийин коюлат.

Кымкап кемсел – алтындын буусу тыт табегине кошулуп согулган аялдарга таандык кемсел. Лампик – аялдардын шуудурап кир жукпаган, кийитке жүрүүчү кемсели. Кыл – торко кемселдин жердиги. Ал кербендерден сатылып алынган жүндөн токулган кездеме.

Жакасы тик, кыз-келиндердикиндей бели кыпчараак келген кемселдер да тигилет. Ага топчу же илгич гана тагылат. Анын жакасына көркөмдүк берүү салтка анча жатпайт. Жаканын түбүнөн ылдый өңүрдү жээктей бадырайта сайма көчөттөрү түшөт. «Мүйүз», «ит куйрук», «бычак учу», «бармак боочу», «кыял» өндүү оюмдун элестүү элементтери кара күрөң же көк жердикке ак өңдө берилсе, анын эки жагынан жарыш жээк чыгаруу жарашык ыйгарат.

Шым – элдик кийим. Кең багалектүү болот. Жердиги кездемеден да, териден да, таардан да болгон. Ошондуктан, кездеме шым, тери шым, таар шым деп айтылат.

Кой, эчки, теке, аркар, кулжа, жейрен өндүү жандыктардын жана кайберендердин терисинен жаргак шым (кандагай), тери шым (чалбар) жасалган. Жаргак шым жука жана жеңил болгондуктан жылуулукта, улут оюндарында кийилген. Жаргак шымды тигүү үчүн эчкинин, текенин, аркардын, жейрендин терисин чылгый чагында жүнүн бычак менен алып, малмага салышкан. Ашаткыны боюна абдан сиңирип, ийлengенден кийин аны ышкын түп, чүкүрү, эңилчек сыяктуу өсүмдүктөрдүн тамырынан, сабагынан жана кабыгынан алынган кол боёктор менен боёгон. Анын багалеги тикесинен нуку-сөөмдөй шара тилинген.

Бычылган шымдын бөлүктөрүнүн тигиштерине чыйратылган кебез жиптен каттай ыскыт (милте, жээк) коюлуп, тиштетилип тигилген.

Жаргак шымдык бышык кездемеден эки элидей көбөөсү коюлат. Шымдын багалегинин шара тилигинин эки өңүрү жана этегине көркөм оюмдун элементтери менен сайма көчөттөрү түшүрүлөт. Ал кооздуктар кездеме шым жана кемселге түшкөн көчөт-оюмдарга үндөшөт. Ал көбүнчө ботонун жибинен ипичке ийрип, чыйрак чыйратып, челдеп, түрдүү ыраңга боёп, анан ийне сайма аркылуу жүзөгө ашырган. Мындай шымды «кештелүү шым» дейт.

Тери шым (чалбар шым) ичи түктүү келип, суук мезгилдерде кийилген. Анын жердиги көбүнчө кой-козунун терисинен болот. Аны адегенде челдеп, ашатып алып, анан өндөп (бордоп) ышкын түп жабат. Же ошол өндөлгөн боюнча эле бычылат да, тигиштери көк, кара өндө милтеленип, анын багалегинин учу да адими кездемеден төрт-беш элидей көбөөлөнөт. Же негизи боруктун кыркма терисинен бычылат да, багалегине бир карыш кара баркыт кармап, бели, бел боосу ычкыр (колго чалынат) чачысы менен (папик) кооздолот.

Таар шымдын жердиги – жүндөн. Буга көбүнчө төөнүн, койдун жүнүн алып текши ичке ийрип, жиби чыйрак чыйратылат. Бул өрмөктө башка таар буюмдарындай эле

эндүү согулат. Жердик өлчөнүп бычылат да, анын тигиштерине кош каттала чыйратылган башка өңдөгү жиптен милте коюлат.

Кыргыздарда тепме шым да болгон. Анын жердиги тепме чепкендей даярдалат.

Кездеме шымдын жердиги чий баркыт, баркыт, трайке өңдүүлөрдөн болот. Жаштар кие турган шымдын шара тилик багалектерине жаргак шымдыкындай көбүнчө көк, кызыл, жашыл жиптер менен сайма көчөттөрүн жана көркөм оюмдарын түшүрсө жарашыктуу келет.

Шымдарга ычкыр (ич кур) байланат.

Ал чалынат, анын жиби алты талдан башталып, жыйырма сегиз талга жетет. Ал түрдүү өңдөгү жиптерден чалынгандыктан кооз көрүнөт.

Ычкыр көп тал менен чалынабы, же аз тал менен чалынабы, ал ийрилген жиптин жоон-ичкесине байланышат. Ычкырды жөнөкөй чалууну жүзөгө мындайча ашырса болот. Жети илгек (манжа баштарына илинүүчү жиптин туюк учу) эки эселенгенде он төрт тал болуп, аны чалууда эки кол тең аракеттенет. Мында бир колдо үч илгек, экинчи колдо төрт илгек болот. Эми үч илгек бар колдун чыпалагы менен төрт илгеги бар колдогу жипти илип, үч жипти бир жакка өткөрүп кетет. Ошондо жиптер алмашып, чыпалактагы жип аты жокко, аты жоктогу жип сөөмөйгө, сөөмөйдөгү төртүнчү жип жиптер арасынан кайра алмашып, чыпалакка келет. Ычкырдын эки башы топ чачыланат.

Белдемчи – ургаачылардын белден ылдый тартынуучу кийими. Анын жердиги тас баркыт, чий баркыт, нооту, трайке, лампүк өңдүү кездемелерден болуп, этеги көйнөктөй жазы, жогору жагы белге тыкан кыпчаланат. Ага кашат коюлуп, кийим эки учалуу тигилет.

Адегенде бычып, сыртын өзүнчө тигип алып, анан көркөм көчөт түшүрүлөт. Буюмдун четинен жазылыгы төрт элидей узун көчөт кылып «Кыял оюмун» үзүндүлөбөй жүргүзөт. Эгер ал кызыл өңдө болсо, сыртынан жашылды

айлантып, көчөттүн жүзүн ачуу керек. Мунун этек көчөттөрүнүн эни сөөм-карыштан ашпайт. Мында көркөм буюм үчүн кызыл, жашыл, сары, ак жиптер сырдуу айкалышат.

Белдемчинин этегине, жогорку өңүрдөн жазы көчөт түшүрүп, ага кызыл-сары өңдү айкалыштырып, анын ичисырты «аламончоктолот». Анын жээктерине түшкөн сайма көчөттөрүнүн чети кундуз, көрпө же аң терилери менен карматылат. Буюмдун жердиги, тигилиши жана көркөмдүгү аны кийүүчүнүн жашына ылайыкташат. Байбичелер кийүүчү белдемчи көбүнчө кебез, жука кийиз, жүн, жаңы же ара туулган козу-улактын өңдөлгөн терилери менен ичтелет.

Бул кооз буюмдун бир нече түрлөрү бар. Анын бели төрт элидей келип, эки өңүрү, этек-жээги жазылыгы нукумдай сайма көчөттөрү аркылуу кооздолушу керек. Буга түшүрүлүүчү көркөмдүк «кочкор мүйүздөнүп», ич ара көл толкуну жана дарак бутактанып көрүнөт.

Белдемчинин көчөттөрүн берүүдөн мурун абалы эки тарабына кош жээк түшүрүп, анын ортосуна өз-өзүнчө толкун сызыктар берилет. Андан соң көчөт эндүүрөөк түшүп, ал кабыргаланып, балаты бутактанат. Белдемчиге да чепкен, кемсел, чыптама сыяктууларга түшүрүүчү сайма көчөттөр дал ошондой кайталанышы ыктымал. Бул буюмдун алардан айырмалуу жагдайы мында сайма көчөттөрүн алдынкы өңүргө эки эсе эндүү саюу зарыл. Албетте, тигил же бул элдик мындай кийим-кечектерди саймалуу кылып жасоо аны кийүүчү адамдардын жаш өзгөчөлүгүнө байланышат. Мындай буюмдарга жээктей толкун сайма түшүрүп туруп, араларына тегерек секиртме сайма берсе, мында да кооз көрүнөт. «Бадам оюмдун» өзүн эле сайып койгон учурлар да кездешет.

Белдемчи саймасынын жээгине «көзчө», «ийрек» сайып алып, үч-төрт элидей кундуз же ага тете аң терилерден бастырып, айырмалоо үчүн актан кичине кыйык күбөлөп, анан сөөмдөй (10-12 см) негизги сайма көчөтүн кызыл

жиптен түшүрсө, аны сары менен жээктесе, кайра актан көбөөлөп, кайрадан жээгине «көзчө», «ийрек» берсе да болот. Буюмдун эки этегине бутактантып, өзүнчө көчөттүн бир бүтүмүн сары, кызыл өң аркылуу кыялдантып, бадырайта келтирсе да жарашат. Белдемчинин жердиги башка сырт кийимдеринен айырмаланат.

Баатырлардын жоо кийимдеринин бири катары алды жактан тартылып, казаттарга аттанганда ичти жана табарсыкты сактоо үчүн да жасалган. Анын жердиги металлдан, териден, калың кийизден, көн булгаарыдан болгон.

Белдемчинин сайма көчөттөрүн жалаң шуру бастырып, жүзөгө ашырууга болот. Мында буюмдун өңүрүнүн майда шурулары төрт бурч «тумарча» болсо этек-жеңдеринде тизилген шурулар «омуртка» өңдөнүп кетет. Буюмду тартынууда анын анча оор сезилбешине шуру менен түшкөн көчөттөр анча жыш болбош керек. Белдемчи бели төрт-беш элидей жазы болсо, адатта ал топчуланат. Белдин эни тайкы жасалса, боо эле тагылат.

Анын боосу да ычкырдай (ич курдай) көбүнчө кызыл, жашыл, көк, ак сыяктуу өңдөр менен кол учунда чалынат. Башы папиктелип, топ чачыланат. Буюмду шурулап кооздоо жердикке жана анын өңүнө тыгыз байланышат. Азыр уздар белдемчини көбүнчө баркыттан жана тас баркыттан жасап жатышат.

Белдемчи – аялдардын төрөп-түшкөндөн кийин белден төмөн тартылуучу сырткы кийим. Белдемчини илгертен эле келиндин өз энеси кызынын «жээн көрүү» тоюнда тартуулаган. Ошондой эле ал, биринчиден, көчмөн кыргыз аялдары үчүн белин бекем буудуруп, тазалыкты жана ден соолукту сактоочу кийим болсо, той-тамашага кооздукка да тартынуучу. Ошол себептен, аны саймалап, этегине суусар, кундуздун терисинен кармап кооздошкон. Муну түркүн кыйыктан да курап жасашкан. Белдемчи тартынуу азыр кайрадан жанданууда. Эгер жердиги сары, күрөң баркыттан тандалса, ага жашыл өң талаптагыдай жупташат.

Ошондо жашыл жиптен эки жолу «суу» салып, ага актан «ийрек» берилип, анан «куш канат» сайылса, «секиртме» (сирке төктү) түшөт.

Белдемчиге берилген көркөм көчөттөрдүн жалпы эни беш элидей (7-8 см) келип, анын четине бир-эки элидей кундуз карматуу наркка жатат. Булуңчасына жашылдан сайылган «кош мүйүз» оюмунун элементи жалпы кооздукту өзүнө оодарат. Белдемчинин жээгине «милте» коюлат. Анын боосу чалма болот.

Бүчүлүк жасоо үчүн кездемени тешкенде, кийим бузулат. Натыйжада, кемселдин үч жеринде, белдемчинин бир жеринде чалмасы болот да, анын төрт учу «топ чачы» менен чоктолот. Белдемчинин бешманты туюк жака, тегерек жака келет. Демек, жеңинин учуна гана көркөм көчөттөрдү саюу керек.

Илгери аялдар өпкө-боорун, белин жылуу кармай турган белдемчини кийүүчү. «Белдемчинин белине карышка жакын кийиз коюп, этегин өтө кеңири кылып бычып, атка мингенде тизени жаап тура тургандай кылып тиккен, саймалап, көбүнчө тукабадан же баркыттан тигер эле, дейт атактуу тилчи, профессор Хусеин Карасаев, – Колунда барлар жээгине кундуз кармачу. Белдемчи оронуп, белин кынай тартып байлап койгондо, аялзатын сынына да чыгарчу жана өпкө боорду да жылуу алып жүргөн». («Ала-Тоо» журналы, №4, 1984-жыл).

Адаттагыдай, кундуз жана башка аң терилерин жээктеп туруп, анын четине саймадан бир сыйрадан «жээкти» түз түшүрүп алуу шарттуу. Эми көркөм көчөттүн кош жээги жарыш сайылат. Андагы көчөттүн элементтери жазыраак «жагалмай канаттанып», тарам-тарам болуп, учтары сүзүшкөн экинчи «кабырга көчөт» менен айкалышат. Бул көркөмдүктөрдү кайрадан бир сайым «жээк» бөлүп турат. Буюм-этегинин ортолук көчөтүн айырмалап, анын ажарын ачуу үчүн актан «чычкан изин» же «тап бердирип», анан жагалмай канаттанган көчөттү кайрадан берсе болот.

Аң терилеринен кош жээк бастырып, анын ортосундагы сөөм нукумдай жерге түшкөн көркөм көчөттөр, анча коюуланбай, «кыял» же «бадамча» кейиптенип берилсе, албетте, буюмдун жүзү ачылат. Ал көйнөктүн сыртынан тартылат да, чыптама менен бир бүтүмдү түзүп турат.

Буюм текчеде болгон. Кээде кереге башына же төр алабаканына да илинет. Үйдүн ички жалпы жасалгасы үчүн башка кийим-кечектердей эле анын да жүзү бар.

Чыптама – кыз-келиндерибиз кош этек менен жуп кие турган, иштелген же жалаңкат тигилген, жеңсиз, бели жабылгандай кийим. Ал денеге чак тигилет. Бойдун көркүн чыгарат. Көгүчкөн төш чытырап, бели кыпчаланып, чыптама этеги жамбашты жая кененделип кетет. Көйнөктүн кош этектери көлбүп, кыз кылактап, ал өзүнчө ак шоокум болуп көрүнөт.

Укмуштай кооз саймаланып, же көбөлөнүп тигилген чыптамалар, көбүнчө чий баркыттан, тас баркыттан, тукабадан, трайкеден тигилет.

Чыптама сайма көчөттөрү үчүн «кыял», «бадам», «ит куйрук» өндүү оюм көчөт катары берилип, анын тегерегине «суу» жүргүзүлөт. Жалаң түрдөн түр чыгара бири-бирине чиркешкендей «бармак боочу», «сыңар мүйүз» өндөнгөн же тимеле улаштыра бутактантып кеткен көркөм көчөттөр «суусуз», «ала мончоксуз» эле сайылышы да ыктымал. Жалпы алганда чыптамага да, чепкенге, кемселге, белдемчиге түшкөн көчөт оюмдар берилет.

Эгер кийимдин жердиги көк кездеме болсо, ага түшкөн көчөттөрдүн өңү кызыл менен жашылдан тандалса, кызыл өң буюмду ажарлантат да, жашыл өң кездемеге жутулуп кетет.

Кош этек көйнөк – элдик кийим. Улуттук мүнөздү айкындайт. Төтөн, ак, сары, көк жибектен тигилет, кыргыздын кыз-келиндери кийишет. Бычылган көйнөктүн жакасынын кылда учу бир элидей бүйүрмөлөнөт да, төшү туюкталат. Топчусу артына кадалат. Белине чак чыптал-

ган анын этегинин учу жарым элидей кайрыла тигилет. Анын этегинен өйдө сөөмдөй, жазылыгы беш элидей бүйүрмөлөнгөн эки жеңи басса-турса желпилдейт. Илгери кош этек көйнөктүн этек-жеңдерин кызыл-тазылдоого айрыкча көңүл коюлган.

Мээлей (кол кап) – жүн, тери, жаргак, булгаары, таар, түймө, нооту өңдүүлөрдөн туюк же салаа чыгарылып жасалган колго кийилүүчү кийим. Мээлей кебез, тыбыт, жибек жиптерден эки, үч, беш салаа чыгарылып да согулат. Ал суукта же кээде сулуулук үчүн да кийилет. Кыз-келиндердин кол кабына «кыял», «гүл», «такта», «мүйүз» өңдүү кооз сайма көчөттөрү түрдүү өңдө түшөт.

Бут кийимдер

Бут кийимдердин жердиги тери. Ултаруу – өтүк, маасы, кепич, мөкү, чарык өңдүү элдик бут кийимдерине узануу.

Өтүк – бут кийим. Элдик эпостордо көк жөкө, жекесан, унуке, накери, кырмызы маасы деген бут кийимдердин аттары көп кездешет. Ошондой эле алардын кандай шарттарда жана максатта кийилгендиги да кеңири айтылат. Булардын ичинен эң баалуу жана асемдүүсү – көк жеке өтүгү. Эпосто болсо көк жеке өтүк мындайча сыпатталат:

Жасалгалуу өтүктөр, дегеле кийимдерди алтын, күмүш чөгөрүп кооздоо ыкмасы II-VI кылымдарда Борбордук жана Орто Азия, Жакынкы Чыгыш аймактарында жашаган көчмөн элдерде айрыкча таралганы тарыхтан маалым.

Ат жалында күн өткөргөн элибиздин тынымсыз көчөттөрүндө жекесан коңгуроо тагылган төө жетектеп, күмүш жабдыктуу ат минип, ала тамак шөкүлө, чачпактардын шаңгыраган үнүнө үн коштуруп жыбылжыган жылаажындуу «көк жеке» өтүк, намеркен маасы кийишкен кыз-келиндер өздөрү жашаган айылдын көркү болушкан. Ушул келтирилген азын-оолак маалыматтарга таянып, байыркы элдердин бут кийимдери «көк жеке» деп аты калып өзү

унутулган, бул «көк жеке» кара малдын терисинен иштетилген булгаарыдан жасалып, кайыш менен тигилген. Атка минип, түшүүгө да ыңгайлуу болуш үчүн тумшугу учтуураак келип, жогору карай азыраак кайкалап турган. Таманын жана апкытын кабатталган кайыш менен калыңдатып, өкчөсүн бийик жасаган. Алдыңкы бетиндеги атайын жасалган оюкка же кончуна коңгуроо тагылган. Ошондой эле кончу узун келип, тизени жаап турган. Ал эми кончтун арткы жагы кыйгач кесилип, атчан жүрүүгө, отуруп-турууга ылайыкташтырылган. (Өтүктүн мындай көрүнүшү 1978-жылы Чүй өрөөнүндө X-XII кылымдарда гүлдөп өнүккөн байыркы Невекент шаарынын калдыктарын казганда табылган. Табыт үчүн атайын жасалган «ассуаринин» сыртына тартылган адамдын кийген кийимине даана байкалат). Аны ултарууда адегенде анын кончун, башын жана апкытын бычып, үчөөнү бириктире илме шибеге менен кайыйт. Эми кеп жыгачты салуу үчүн ич таманды жаткызып алып, өтүктүн башы жана апкыттын жээктерин үч тамандын үстүнө керип, узундугу 1,5 смдей жыгач мык урат.

Чеберлер кайыңды араалап, тапка кургатып, жука тигип, бир башын эки кыр учтап, жыгач мык жасап алышат. Андан кийин сырт таман коюлуп, урулган мыкты өтүктүн ич таманы кармап өтүк така урулат. Кайың мык сууга тийсе, ого бетер көөп, бекиткен жерин катуу бекитет. Ал эми темир мыкты дат басат.

Өтүк узун кончтуу, такалуу болгондуктан кончуна чийме сынбоз (булгаарыга түшкөн кооздук) берилген. Ал башка көн буюмдарына түшкөн оюму-чийимдерден анча айырмаланбайт. Кыз-келиндердин өтүгүнүн өкчөсүнө өтүкчүлөр жылаажын коюшкан. Ал басып турганда кулакка угулар-угулбас жагымдуу үндү берген.

Өтүктүн накери, мөкү жана башка түрлөрү болгон.

Маасы – бут кийим. Бул өкчөсү жок, чулгоо оролуп кепич менен кийилет, кончтуу келет. Анын жасалышы-

на, жердигине карай намеркен маасы, кыром маасы деген түрү бар. Алар оң жана сол бутка ылайыкталып, айырмалуу (эки жактуу) жана эки бутка бирдей (бир жактуу) тигилген. Чеберлер кол булгаарыдан кашыктай сыйда маасыларды ултарып, ага чийме сымбоз түшүргөн. Бул бут кийим эркектердин маасысы, ургаачылардын маасысы болуп эки түрдө ултарылат.

Жигиттердин жана кыз-келиндердин кийген маасыларынын кончунун алдынкы бети «чийме» сынпоз болгон. Андай элдик мүнөзгө эгедер көркөмдүктөр өтүк, жагдан, чыны кап, көөкөр, кичим (жердик) ээр өңдүү көн жана булгаары буюмдарына түшкөнгө өтө үндөшүп турган. Буга «наар» (чийме сынпоздун бир түрү) берүүдө чеберлер «мүйүз кыял» сыяктуу көркөм оюмдардын элементтерин учтантып, ойкуштатып беришет.

Кийинчерээк маасы жандыктын терилеринен иштетиле баштайт. Булгаарыдан тигилет. Кийин жердиги жука болгондуктан, ага өсүмдүктөрдүн сабактарын, бак-даректардын, мөмө-жемиштердин бутактарын жана жылдызчалантып сайма көчөттөр кылып бир өңдө келтирүүдө.

Ошондой эле башка өңдөгү булгаарыдан оюм чыгарып, аны маасынын маңдай бетине жабыштыруу же коюп тигип кооздук берилүүдө.

Азыр өнөр жайлык негизде көп нускада чыгарылган бул бут кийимге көркөм көчөттөр атайын сайма сая турган машина менен түшүрүлүп, дүкөндөргө такай чыгарылууда.

Кепич – бут кийим. Кол булгаарыдан ултарылат. Ал бүчүсүз, боосуз болот. Өтүк, маасынын сыртынан кийилгендигинен башы иштелет да, четтери тарамыш менен кайылат. Бут кийимдерди ултарууда, үй буюмдарын тигүүдө малдын, көбүнчө, жылкынын жибек тарамышынан колдо чыйратылган жип. Жаңы союлган малдын тарамышы кургагандан кийин эки жыгачтын ортосуна салынып, жанча жумшартылат. Бирден таралып, тигилүүчү буюмга жараша жоон же ичке чыйратылат, эшилет. Кээде буюмду ти-

гүүдө тарамышка төөнүн чуудасы кошулат. Апкыты катуу болсун үчүн арасына жука жыгач салынган. Таманы анча бийик эмес өкчөсү жыгач мык менен ичи таманга бекитилет. Кепич жеңил болсун үчүн такасынын ичин көңдөй кылып да ултарат. Жигиттердин жана кыз-келиндердин кепичтери шири буюмдары сыяктуу ар кандай оюм-чийимдер менен кооздолот. Кепич – өтө бышык бут кийим. Кыздардын кепичине ичке жиптен жашыл шалы бастырылган.

ӨРҮМЧҮЛҮК ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ[6]

ӨРМӨК СОГУУЧУЛУК (ӨРМӨЧҮЛҮК) – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Бул – өрмөк менен ийрилген жиптер ар кандай турмуш-тиричиликке ылайыкташкан ар кандай буюмдарды жасоо ыкмасы. Албетте, мал чарбалуу кыргыздын көркөм өнөрүндө чыйратылган жиптен түрдөнтүп таар согуп, андан буюм жасоо аракеттери да укмуштай өнүккөн.

Согулган таардын эң жөнөкөй түрүн кара таар дейт. Бул эришине аркак жипти жүгүртүү менен эле жүзөгө ашат. Тааарга кооздук берүү жүгүртүлгөн жиптер ар түрдүүлөп күзүктөлүшүнө байланышат.

Өрмөк менен бүткөн буюмдардын көлөмдүүсүнө жана адемисине жерге төшөлүүчү, дубалга тартылуучу шалча кирет. Боз үйдүн ички жасалгасы жана сызма боо-чууларына тегирич, уук тизгич, кереге чалгыч, үзүк боо, туурдук боо, жел боо, кереге таңгыч, саканак таңгыч өндүүлөр кирет. Үй буюмдары: кап, куржун, ат жабуу, такта жабуу, көпчүк, ээрге салгыч, баштык, жем баштык жана таар кийим-кечелери да бүткөрүлгөн.

Таар кооздолуп да, кооздолбой да согулат. Анын көркөм түрү терме (кара терме), кажары (букары) терме жана

[6] Китептен: Акматалиев А.Өрмөкчүлүк жана токуучулук. – Фрунзе, 1990. 3-52-б.б.

беш кеште деп бөлүнөт. Таардын мындай түрлөрүн кыргыз жергесинин бардык аймактарынан жолуктурабыз.

Ал эми Түштүк Кыргызстанда, Талас облусунун айрым жерлеринде кажары (букары), беш кеште согуу ыкмасы мүнөздүү болсо, кара терме Ысык-Көл, Нарын тарапта мыкты өнүгөт.

Өрмөк согуучулук элибиздин мал чарбачылыгына тыгыз байланышып, байыртан берки көркөм кол өнөрчүлүктүн кооз түрүнө киргендиктен мындан таар согуу ыкмаларында элдик аймак боюнча айырмачылыктар бар.

Таар буюмдарынын татаал жана кооз түрлөрүн жаратууда чеберлер элдик оймочулардай жекече чыгармачылыктагы кыял чабыты фантазиясына анча чоң маани беришпеген. Албетте, түр түшүрүп, өрмөк согуу көркөм өнөрдүн бөлөк тармактарына караганда баш катырма жагдайы да баамдалат. Мында башка уздардай оюм-чийим чыгармачылыкта анча колдонулбайт.

Айткандай, дароо көкүрөккө жаттап, тал жиптерди бири-бири менен чаташтырбай, көчөттү дапдаана берүүсү аркылуу гана өрмөкчүлүк өнөрү баамдалат.

Кыргызда «кыйначу адамыңа өрмөк соктур, же төө кайтарт», – деген сөз бар. Ушундай татаал аракеттен улам ушул сөз чыкканы көрүнүп турат. Таң аткандан баштап (өрмөк, адатта, ак жайда, узун күндө курулат) күрөң күүгүмгө чейин какайып, өрмөчү өрмөк үстүндө отурат.

Ошондой түйшүк аркылуу көз алдында кулпунган адеми буюмду бир колдон чыгаруу бир гана биздин элибизден чыккан уздарга таандыктай сезилет. Буга жеринен кутмандуу кыргыздын кыз-келиндери баштарын тигип коюп, түк жаземдебей, чарчабай-чаалыкпай баса отурушкан.

Өрмөчүлүктө түйдөк жип, түрмөк жип деген өлчөм колдонулат. Түрмөк ар кандай көлөмдө келет. Орточо түрмөктө төрт-беш ийик жип болот. Жипти жоон ийирсе, андан шалча, кап, куржун өңдүү таар согулат. Ал эми төө чепкендин, үртүктүн, ат жабуунун жибин ийрүүдө, албет-

те, кылдаттык керек. Буларга таңдай түшүрүлө согулат. Ат жабууда чебер терме көчөттөр түшүрүлөт.

Өрмөчүлүктө оболу күзүктөлгөн ар бир тал жиптин эсеби тапатак алынат. Аны чеберлер жадыбалдай жатка билишет. Ошондо канча түйдөк жип кетээринен алар жаңылбайт.

Кайсы өңдү кандай чалганда кандай түр менен кетээри өрмөчүлүктө айдан ачык билинет. Ал эми өрмөктү адеп курган кезде анын күзүгүн кармаганда да жиптин ар бир талынан жаземделбейт.

«Терип согуу» – өрмөктөгү жиптердин талын санап, эриш-аркакты айкалыштырып өткөрүү аркылуу таар буюмга бир кооздукту (көркөм көчөт) түшүрүү дегендик. Терип-согуунун татаал ыкмасы түрдүү жиптерден турган эришке байланышат. Кээде өрмөчүлүктө эки түр менен эле терип соксо, жети-сегиз өңдөгү жипти бир учурда чаташтырбай кармоо ыкмалары бар.

Азыр атайын боз үй көтөрүүгө байланыштуу өрмөкчүлүк жергебизде өнүгүүдө.

Өрмөктө так эсеп керек. Өрмөкчү өрмөккө олтуруудан мурун ага түшүрүүчү көркөм көчөттөргө атайын ой толгоо жүргүзүп, тере турган түрдү алдын-ала элестете алат. Мурунтан арбын согулуп, таанымал болгон эл ичиндеги эски көчөттөрдүн кандайын көрбөсүн карап отурап, аны жазбай баштап кетүү өрмөкчүлүктүн наркы болот. Ал эми кагазга гана түшкөн ар кандай жаңы көркөм көчөттөрдү жаземдебей шыр терип согуп кетүүгө өнөрдүн салттуу жөрөлгөсү болот. Терип-согууда өрмөктү так күзүктөө зарыл.

Өрмөкчүлүктүн көркөм көчөттөрү

Көркөм каражаттары негизинен килем көчөттөрүнө окшошот. Ошентсе да, «баргекче», «казан кулак», «кырк мойнок», «бычак учу», «бачайы көчөт», «алтымыш жиптүү ай көчөт», «токсон жиптүү тар көчөт» жана башка

ушул өңдүү көркөм каражаттарды өрмөкчүлөр-термечилер өрмөчүлүккө кеңири пайдаланып келишкен.

Адатта, буларга «тай туяк» оюму түшөт да, ачык сары, көк өң менен четине «бычак учу» берилет. Ал «араа тиш» аркылуу да кооздолушу мүмкүн. Тактап айтканда, Түштүк Кыргызстандын уздарынын узданууларына ылайык төмөндөгүдөй негизги көркөм көчөттөрү бар.

Алсак: «тай туяк көчөтү». Бул 15 – 25 тал жиптен терилет да, тайдын изи сымал түшөт.

«Тайлак таман» (түр тайлактын изи өңдөнүп турат).

«Тогуз төбө» – «кочкерек» «кайкалак» көчөттөрү үчүн 60 тал жип керектелет.

Ал эми 90 жип аркылуу «кырк шак» көчөтү терилет. Булардан «бычак учу» айдан ачык айырмаланат (орус балтанын башын, бычак учун элестетет). Мындайынан караганда ал шырдак оюмундагы «араа тиш», «бычак учу» болуп саналат.

Айткандай, «кочкорек», «кайкалак», «кочкор мүйүз» көчөттөрү бири-бирине окшош. Айрым аймактарда булар аралаш айтыла берет.

Өрмөкчүлүктө «тогуз төбө» алты, беш жылдыз өңдүү берилет. «Тай туяк», «тай таман» көчөтүнөн айырмаланып, алты бурч болуп, ал чарчы көрүнөт.

«Ит таман көчөтү» мындан сөлпү келип, иттин таманын баамдатат.

Өрмөчүлүктө жүз ачаар көчөттөрдүн бири «кош мүйүз» ромбиктин эки жагында берилет да, ал «чыгармак» менен «шак» көчөттөрүнө окшошуп кетет.

«Башайы көчөтү» ромбиктин ичинде өзүнчө көчөттүн татаал элементин пайда кылат. Бул Түштүк Кыргызстанда кеңири тараган.

Өрмөктө «кыял көчөтү» алты элементтен турат. Мындан сырткары «сыңар мүйүз», «жарым чырмак» болуп көрүнүшү ыктымал.

«Ал мончок» терме өнөрүндө чабалекей сыяктуу элпек, бардык жерде катышып жүрө берет. Өрмөкчүлөр мына ушундай көркөм каражаттарды узчулугуна бай каражат катары өздөштүрүп, аянттуу буюмдарды жасап жатышкандыктарын көрөбүз.

Терменин кажары (букары) түрүндө көркөм көчөттөрдүн бирине «табакча» кирет. Мунун бештен эки тиши тумарчадан бөлүнүп чыгат да, ал төрт бурчтукка эки канатчадан чыгат. «Таракча көчөтү» үч тиштен да болушу мүмкүн. Аны айрымдар «айрыкча» деп да аташат.

Кажарыда көчөттөрдүн эң татаалы «чатышма» («чатыраш») болуп саналат. Көчөттүн он-он беш элементтери бутактана берет. Эки четтери төрт бурчтукту түзүп, көчөттөрүнүн аяк-башы ирээтсиз, андан майда таракчалар чыгат. Мындай «чатышма» түрдү чанда өрмөкчү-термечилер гана сого алышат.

Кыргыздарда килемден мурда өрмөк өнөрү чыкканы баамдалат. Өрмөкчүлөр таар четине ак-карадан өзүнчө өрмөктө согулган буюм жээги жасалат. Анын четинде «каркыра изи» түшкөнү билинип турат. Мунун борбордук көчөтүндө 91 жиптүү «тор көчөт» түшөт. Ичинде «кайкалак», анын ичинде «жолборс көзү» бар.

Табакчалардын ортосунда «колтук» түшөт. Ансыз «жолборс көзү» көчөтү пайда болбойт. Табакчалардын ортосу «тумарча көчөтү» аркылуу бири-биринен айырмаланат. Мында буюм четине «пара көз» көчөтүн түшүрүп алып, анан ак-кара өңдө «тескери кайкалак» берилет. Ортолук көчөтүнө «61 жиптүү ай көчөт» келип, андагы кош кайкалактын ичи «бычак учунан» турат. Термеде ар бир табакчанын ортосунда «колтук» бар. Ансыз «61 жиптүү ай көчөт» түшпөй калат.

Ушул эле күзүктөлгөн өрмөк аркылуу билек көчөттөрдү түшүрүүгө мүмкүн. Мында «кычкач», «чөмүч сабы» өңдүүлөр берилет да, мунун ортосуна «бычак учу» түшүп,

көчөттөр «жеке сабак» («жалгыз сабак») менен биригип, өзүнчө сабакчаларды пайда кылат.

Ал эми үчүнчү түрүндө 41 жиптен «40 мойнок көчөтү» өрмөкчүлүктө биринчи чыккан деген кеп бар.

Өрмөкчүлүктүн негизги ыкмалары

Терме – өрмөкчүлүк өнөрүнүн көркөм түрү. Анын көркөм көчөттөрү ар кыл болуп, кештелердин негизи менен сөлөкөттөрү бири-бирине так жана төп айкалышып, өрмөк согуу өнөрүнүн накай жасалгалык жагдайын көздөп турат.

Терме өрнөктүн эриш жиптерин өрүп согуу, көркөм көчөт келтирип согуу деген түшүнүктү берет. Термеде 3 смден 70-75 смге чейинки эндүүлүктөгү буюмдар согулат. Ага боз үйдүн боо-чуулары: уук тизгич, кереге баш чалгыч, үзүк боо, туурдук боо, жабыш баш боо (түндүк боо, тастар боо) жана салттуу үлгүлөр – кылдырооч, тегирич, кереге таңуу, шалча, ат жабуу, ээрге салгыч, куржун сыяктуулар кирет.

Терме кара терме, кажары (букары) терме болуп бөлүнөт. Кара терменин бир жүздүү терме, эки жүздүү терме деген түрлөрү бар. Кара термеде жиптин кызылы да, карасы да терилип согулат. Анткени, өрмөктү күзүктөгөндө кара жип күзүктүн бир тарабына, кызыл жип күзүктүн экинчи тарабында болот. Ошондуктан, согулганда кызылы да, карасы да көркөм көчөт үчүн терилет.

Кара терме таарларга көбүнчө «ай көчөт» менен «тор көчөттү» арбын пайдалангандар бар. Мында «тор көчөттү» кайра кайталап биринин ичинен бирин тутумдаштырып чыгуу менен бара-бара «тор көчөт» болуп көрүнөт. Ал эми «ай көчөттө» ошол көчөттөр сыртынан төрт тарабына карай кайталана берилет.

Демек, терме – тал жиптерди чалуу аркылуу кооздук түшүрүү. Кооз көчөттөр аркылуу жүзөгө ашкан боз үйдүн боо-чууларынын бири баш чалгыч (кереге чалгыч), үзүк боо, туурдук боо, жабык баш боого он үч жип, жел боого (түндүк боо) жыйырма беш тал жип күзүктөлөт. Жел боо-

ну ар бир уз өзүнүн көркөмдүк табитине тарткандай жасалгалап алууга болот. Уздар мунун бетинин ичине чачы жасап, седеп тагып кармоо аркылуу көркөм көрсөтөт.

Уук тизгич үчүн жупташкан жип беш тал эле болот. Уздар эки жүздүү терме үчүн «ит таман көчөтүнө» (иттин таманындай салаа-салаа болуп көрүнөт) тогуз жипти керектейт. Өрмөкчүлөр таар көчөттөрүнө «баргекче көчөттү» көбүрөөк колдонот. Жайлоодо болуучу баргек гүлүнө окшогон аны көбүнчө боз үйдүн боо-чууларына көркөм көчөт кылып беришет.

Термечи – өрмөктө көркөм көчөттөрдү түшүргөн уз.

Бир жүздүү терме – көркөм көчөттү буюмдун бир жак гана бетине түшүрүү. Мисалы, тегирич, кылдырооч, кереге таңгыч өңдүү өрмөктө эндүү согулган буюм-тайымдарга бир жүздүү терме бөтөнчө мүнөздүү келет. Ал эми уук тизгич, кереге чалгыч, туурдук боо, жел боо өңдүүлөрдү эки жүздүү терме менен да, бир жүздүү терме менен да согууга чеберлерде мүмкүнчүлүктөр бар.

Эки жүздүү терме – буюмдун эки жагына тең көркөм көчөт түшүрүү. Өрмөчүлүктө ал – көркөм көчөт түшүрүүнүн татаал түрү. Мунун өрмөгү, адаттагыдай эле курулат. Мисалы, боз үйдүн жел боосун (түндүк боо) согуу үчүн өрмөктөгү күзүк байланбаган жипти – сол жип (ургаачысы), күзүк байланган жип – оң жип (эркеги) дейбиз да, эми оң жип, сол жип деген терминди колдоно беребиз. Ошентип, өрмөктү сого баштаганда бир жүздүү термеде ак жипти жүгүртө баштасак, ал сол жип деп аталат да, анда күзүктөлбөйт. Эми кара жип оң жип деп аталып, ал күзүктөлөт.

Демек, эки жүздүү термеге көркөм көчөт берүү керек болсо, кара жип эки курдай күзүктөлүп, анан бир курдай күзүктөлбөйт. Андан кийин кара жип эки ирээт күзүктөлбөй өтөт да, эми ак жип кайра күзүктөлөт. Ошол эле ак жип кийинки жолу кайрадан күзүктөлбөй калат. Кыскасы, мына ушундай ирээт каалаган өлчөмгө чейин кайталанат.

Термечилер эки жүздүү термеге «ийрек» деген көчөттү түшүрсө, мында аркак салаарда күзүккө байланган оң жип терилет. Сол жиптеги кара жипти бармак менен басып туруп, аркакты өткөрүп алат. Анан кайра аркак өткөрөрдө ал ирээт кайталана берет. Бул ыкма менен өрмөкчүлөр көбүнчө кереге чалгычты, уук тизгичти, жел боону (түндүк боону), эшик боону жүзөгө ашырып келе жатышат. Эки жүздүү терме менен уук тизгич, кереге чалгыч, туурдук боо, жел боо (түндүк боо) өңдүүлөрдү да жасашат.

Кажары (букары) – «Кажары согуп түр кылдың, Кармаган үйүң гүл кылдың» (Жеңижок). Бул – өрмөкчүлүктүн бир ыкмасы. Терменин бир түрү. Түштүк Кыргызстандын Жаңы-Жол, Ала-Бука, Чаткал, Ноокат, Алай, Алайкуу тарапта кажары (букары) терме таарлары арбын кармалат. Анын өңдөрү ачык, көчөттөрү төп, көркөмдүгү так келет. Мында жип түгөйсүз күзүктөлөт. Ал түгөйлөнбөгөн жалгыз жиптин бирөө кара, бирөө кызыл болсо буга ким кайсы кештени (көчөттү) кааласа, өзү билгендей сого берүүгө болот.

Ат жабуу үчүн уздар «кыйдым» деген кештени арбын түшүрүшөт. Мындай көркөм көчөт кыйгач кетет да, бешжети тал жип керектелет. Муну шартка жараша шалча катары согуп, дубалга тартууга болот. Керебет жапкыч, диван жапкыч, жүк жапкыч өңдүүлөр жасалат. Жерге төшөйт. Буюм жалаң жүндөн ийрилип согулуп, урунууга бышык келет.

Кажары термеде таардын үстүндөгү жүзү (берки бети) кара термедей көчөттөрү жылма болот. Ал эми астыңкы бетинен (арткы бети) жиптери калкып калат. Ойдогудай кооздолуп жасалган терме таарлар үйдүн ички жасалгалары үчүн да өтө ажардуу болот.

Кажары таарын согууда чеберлер абалы өрмөк четине көбүнчө «тумарча» көчөтүн берип, ал адатта, ак-карадан болсо, анан «чычкан изи» жүгүртүлөт. Андан соң уздар «тарак көчөтү» (кадимки чөп жыйнай турган «төрт илик»),

«тумарча», «жарым тумарча» түрлөрүн терип, кайрадан «сыңар мүйүз көчөтүн», «жарым тумарча» көчөтүнө айкалыштырат. Булардын ортолорун «чычкан изи» ажыратып турса, буюмдун жүзү байчечекейдей ачык маанайды берет. Андай согулган тааргa жалаң «чычкан изин» түшүрүү аркылуу да көркөмдүк тартуулоого болот. Ошондой эле көркөм көчөттөрдүн четине кызыл «жээк» берип, алардын ортосуна да «суу» жүргүзүлсө, буюмдагы кооздуктар ойдогудай шартташат.

Беш кеште – өрмөкчүлүктө буюмга көркөм түр түшүрүүнүн бир ыкмасы. Өрмөк согуп жатканда жипти сыйдалап илип кетүү. Жүндөн жипти ичке кылып ийрип, чыйрак кылып чыйратып, түрдүү түскө боёп алат да, өрмөктү болсо, адаттагыдай эле курат. Анын эни жасалуучу буюмга карай ар кандай келет. Мында өрмөктүн «эришин» актай согуп баратканда уз түрдүү жиптин бирөөсүн үстүнкү эриш жипке илип-чала тыкан байлай барат. Бул кадимки «көптүрмө сайма» менен бүткөндөй болуп көрүнөт. Мында «адыргыны» көтөрүп, «кылычты» согуп, «аркакты» кайра өткөрүп туруп, берки түр жиптерди үстүнкү жипке байлап турат. Муну менен өрмөкчүлөр боз үйдүн боо-чууларын, куржунду, ат жабууну, туштукту, шалчаны жана башка ушул өндүү жасалга буюмдарын аруулата кармай алышат.

Беш кеште, бул – өрмөкчүлүктүн саймасы. Мындай үлгүнү Түштүк Кыргызстандын Ленин, Базар-Коргон, Ноокат, Баткен, Фрунзе, Алай, Алайкуу, Токтогул, Жаңы-Жол, Ала-Бука, Чаткал тарабында жашаган уздар арбын жасашат.

Өрмөктүн каражаттары жана аспап куралдары

Өрмөк – ийрилген жүн жип менен көркөм өнөрдү жүзөгө ашыруучу кол дүкөн (шайман). Өрмөктү курууга эки киши керек. Төрт чарчы жерге төрт казык кагылат да, ал боюнча бир адам жипти илип, жүгүрүп өтүп турат. Экин-

чиси, бир жерде отуруп, ар бир жипти өңү менен чаташтырбай өңү менен күзүктөйт.

Өрмөк – улам аркак өткөрүлгөн сайын эркек (өрмөктүн үстүнкү жиби) жиптеринин ар биринин арасы менен ургаачы (өрмөктүн астынкы жиби) жиптерин өткөрүп, астын-үстүн кылып алмаштырып туруучу эң орчундуу бөлүгү. Өрмөктүн эриш жери казыкта жүгүртүлүп жатканда күзүк өтөт. Эриш жиптердин ургаачылары күзүккө илинет да, эркек жиптери болсо илинбейт.

Өрмөкчү адыргыны өзүн көздөй тартып, кырынан тургузганда эркек жип күзүк жиптин арасы менен өйдө чыгып, адыргыны жалпагынан ары жылдырганда ургаачы жиптин арасы менен төмөн түшүп турат.

Күзүктөлгөн эриштерди согууда үч бут мара болот. Эриштин эки тарап жыш жиптери бат-бат алмашып, арасына аркакты кысып алат. Өрмөктүн токулган бөлүгү жылган сайын күзүк да, күзүк көтөргүч да (можу, иймек) күйөөнү көздөй жылдырылат.

Өрмөкчү – өрмөк аркылуу таар жараткан уз.

Түйдөк (түрмөк) – кыркылган жүндү тытып, сабап туруп түйдөктөлгөн жүн; майда тытылып, ийрүүгө ылайыкталып созулуп, тоголоктолуп түйүлгөн жүн. Түйдөктү ийрүү учурунда сол колдун ортонуна иле турган анын буйласы болот.

Ийик – жүндөн, кебезден жип ийрүүчү аспап. Анын сабы катуу кургатылган талдан жана тобулгудан тандалат. Ал сап төмөн карай ичкертилип, узуну 30-35 см, жоондугу 7-10 мм болот. Тегерек таштан, коргошундан, оор металлдан же карападан ийик көзөлүп, сабынын жогорку учуна кийгизилет.

Ийик саптын жогорку учу көзөлүп, ага ичке чий, же катуу жыгач өткөрүлөт. Ал ийиктин буйласы деп аталат. Ийрилип ийик баштын алдына тоголок түрүлгөн жип салмактанганда ийик баш алынат да, тоголок жип чыгарылат. Муну бир баш алмай жип деп айтат.

Ийик ийрүү – ийикти көзгө илээшпей чимирилтип, жүндү ичке-жоон бурап толгоо. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктө шырдак шыруу, милте (жээк, ыскыт) чалуу, өрмөк согуу, килем токуу жана түймө түйүү өнөрү жалаң ийрилген жүн аркылуу гана жүзөгө аша алат. Оң-тетири ийрилген жалаңкат жипти кайра каттай ийирсе, мында жип чыйрак түшөт.

Жип – элдик көркөм кол өнөрчүлүктө жүндөн ийрилип, буюм-тайымдарды тигүүдө, согууда, токууда, түйүүдө, эшүүдө, жөрмөөдө, пайдаланылуучу буюм. Муну койдун, төөнүн жүнүнөн ийрүү нарктуу болот. Ал ийрилүү, чыйратылуу, эшилүү аркылуу жүзөгө ашат. Аны менен кийиз шырылат. Андан өрмөк согуу, шырдак шыруу, килем токуу көчөттөрү түшүрүлөт, чий чырмалып, тор буюмдары түйүлөт.

Мунун бош жип, чыйратылган жип, челденген жип, эшилген жип, шоона жип өңдүү түрлөрү бар.

Шоона – ийрилген жиптин жоон түрү. Ал койдун кылчык жүнүнөн, төөнүн чуудасынан, эчкинин кылтагынан ийрилип чыйратылат. Үйдүн кийиз тутууларын, өңдөлгөн, согулган жана токулган буюмдардын жердиктерин тигүүгө, шырдак шырууга пайдаланылат. Шырык шоона болсо (ичке ийрилген) шырдак менен кийим-кече жөрмөөгө колдонулат.

Эриш жип – өрмөктүн узатасынан кеткен тал жиби. Анын үстүнкү жиптери жана астынкы жиптери бар. Үстүнкү жип (эркеги), астынкы жип (ургаачысы) деп айтылат.

Аркак – «Эришине жараша аркагы» (макал). Бул – согууда эриштин эркеги (үстүнкү жиптери) менен ургаачысынын (астынкы жиптери) ортосунда каршы-терши жүрө турган жоон шоона. Аркак эриштен тез өтүп турушу үчүн ал, адатта, сүйрүлүнө түрүлөт.

Өрмөктүн адыргы менен кылычы жана үч марасы (үч буттуу жыгачы) өрмөктү өйдө көтөргөндө мунун күзүгүнүн

бири өйдө чыгып, бирөө ылдый түшүп турат. Бул экөөнү айрып турган чыйратуусу келишкен тизгиндеген жиби бар. Ал согуп жаткан жакты жазы, ичке кылбай, бир калыпта алып турат.

Өрмөктүн күйөө жиби – өрмөктү чаташтырбай согуш үчүн жиптерди чыбыкка үстүнөн топ-топ кылып байлоо, андыктан эриш жиптин ортосундагы жиптерди арбыраак, четки жиптерди аз-аздан бириктирип байлайт.

Асма (үч мара) – курулган өрмөктү өйдө көтөрүп, согууга ыңгайлуулукту түзгөн башы бириккен үч буттуу жыгач. Мунун ортосунда өрмөктү өйдө көтөрө турган илгичи болот. Адатта, өрмөк ак жайда курулат. Күн ысыкта ал саябалык милдетти да аткарат.

Адыргы – өрмөк согууда колдонулуучу жыгач курал. Узундугу 40-45 см, жазылыгы 15-17 см, калыңдыгы 3,5 см, баш-аягы, эки кыры бирдей жукартылып тактайдан жасалат. Адыргынын эки учунда көзөнөгү болот. Мындан кудум жүн сабоодой эки таякчанын ичке жагы өткөрүлүп, нукумдай жоон башына такалат. Күзүктүн жардамы менен адыргы аркылуу өрмөктөгү эриштин үстүнө астынкы жиптерин, үстүнкү жиптерин астына алмак-салмак өткөрүп турат. Мунун ар бир өтүшүндө аркакты эриштердин арасына кысып калтырат.

Адыргынын жердиги талдан да, теректен да, карагайдан да, арчадан да болот. Ал кыйылып келинери менен чеберлер аны кадимки тактайдан жонуп, көлөкө жайда кургатып, кем-карчы бычак аркылуу тегизделет. Адыргыны аракетке келтирүүчү жүн сабоодой эки таякча ыргайдан да, талдан да, табылгыдан да болот.

Кылыч – өрмөк согуучу тактай курал. Кылычтын узундугу болжолдо 45-55 см, жазылыгы 15-17 см, калыңдыгы 3-5 см, бир кыры жукартылган сабы бар бычак түспөлүндө болот. Адыргы аркылуу улам өрмөктөгү эриштин астынкы жиптерин үстүнө, үстүнкү жиптеринин астына алмай-тел-

мей өткөрүп, бул кылыч менен эки-үч салмактуу сокқондо аркак жип эришке кынаптала түшөт.

Таар буюмдары

Шалча – дубалга тартылуучу, көчкөндө эмерек таңылуучу, жерге төшөлүүчү эндүү жасалган таар буюму. Мунун аймактык айырмачылыктары бар. Шалча согуу – таталал көрүнүш. Оштук өрмөкчүлөр анын жибин жүндөн да, кебезден да ийрип, өрмөк курушат. Мында согулган тасма таардан шалча жасалат.

Шалча көбүнчө төрт чарчы жасалат. Буюмдун жээктери кыюуланат. Жүк үстүндө же үйдүн дубалына тартууга атайын арналган шалчаларга чачылар тагылат. Ал жөнөкөй – кара таар (бир өңчөй түстө) түрүндө да болот. Көркөм (кара-ак, кызы-жашыл, сары-көк, кызыл-көк) түстөрдүн айкалышуусунан токулган терме, кажары (букары), беш кеште таарынан тигилген түрлөрү да көп кездешет.

Шалчаны терип согууда өрмөктүн эни 32 смге дейре жетет. Анын четине «такта» берилсе, ал түр болуп саналат да жөнөкөй эле согулат. Андан соң «кайкалак көчөтүн» түшүрүү ылайыктуу болот. Ал 9 ммден эки четине келет. Анан «жарым кайкалак көчөтүн» түшүрүү керек. Тактап айтканда, ал көчөт толук түшсө, «кырк шак» деп аталат. Анан кайра 7,5 см «такта» берилет. Ал көк менен кызыл өндөн турат. Эми 5,5 смден кайрадан «кайкалак көчөтүн», кайрадан «такта көчөтүн» же «чычкан изин» түшүрсөк, буюм көркөм көрүнөт. Ошондо шалча 34 см эндүүлүктө болсо «такта» – 2 см, «чычкан изине» – 0,5 см, «седепче көчөтүнө» 2 см, кайра «чычкан изине» 0,5 см, «такта» 7 см, «тул кеште көчөтүнө» 7,5 см, дагы «чычкан изи» менен «такта» 7 см, «кайкалак көчөтүнө» 6 см, кайра «такта» 3,5 см берүү зарыл.

Шалчага терменин мындан башкача көркөм көчөттөрү түшкөн чактары көп кездешет. Анын бирин эндүү шалча үчүн узуну 3 метр 85 см, туурасы 2 метр, өрмөгү 28,5 см

болуп түшөт. Мындай аянттуу термеде адегенде 4 см «сыра» деген жөнөкөй көчөт кетет. 13 талдан 26 тал менен «чычкан изи» («суусу») берилет. Муну жалпысынан «такта» деп атайт. Анан 8 см «тогуз төбө» келет да, мунун четтерине «суусу», анан «тактасы» түшөт. Ал 1,5–2,5 смден 4 смге чейин болот. Башкача айтканда, буга 9 жиптен 10 жип келет. «карга тырмак көчөткө» 13х13=26 тал жип берилсе, ал 4,5 смди түзөт. Четки «тактасы», «суусу» менен кайрадан башталат. Буга 22х22=44 чыйратылган жип сарпталат. «Ийрикке («кочкорек») 5 смге, ага 13х13=26 тал жип керек. Анан четине «суусу» менен «тактасына» 4,5 см (22х22-44) түшөт.

Термеде кандай көчөттү тандоо жана түшүрүү зарыл экендигин термечилер өздөрү ачык билет. Демек, мунун четин «такталап», «суу» («чычкан изин») түшүрүп, кайра экинчи четине дейре такай түрдүү көркөм көчөттөрдү түшүрүүгө болот. Албетте, мындай таар кооз көрүнөт. Аны жогоруда биз баяндап кеткен өрмөктүн курулушунан жана ар бир талдын терилишинен даана көрөбүз.

Айрым шалчаларда өзүнчө өңдү ачуу, күзүктөлгөн эришке көчөттөрдүн сайышы өзгөчөлөнүп турат. Мындай шалчалардын четине «ит тамандан» жээк (четтик көчөт) түшүрүп алат да, анан «башайы көчөттү» табакчалантып берип, алардын четине «кайкалакты» жарымдап түшүрүп, көчөттүн четине «чычкан изин» берүү зарыл. Андай көркөм көчөттөр үчүн ак, кара кызыл, көк өңдөр бири-бири менен беттешсе болот.

Шалча буюмун кармоодогу негизги каражат «тай туяк» менен «ит таман» көчөттөрүнүн араларын эндей калтырып, айрым жерлерине «чычкан изи» (өрмөкчүлүктөгү «ала мончок», «аламыч», ал – негизги көчөттөрдүн араларын айырмалап, «суу» катары жүрүп турган кооздук). Мында бул эки көчөт («ит таман», «тай туяк») алты тумарчаланган элемент бир түшүнүк ойду билдирген көчөттү түзүп турат.

Ошондо бир буюмда жогорудагы көчөттөр өз ара айкалышып, уздун чыгармасы жаралат. Айтса, айрым аймактарда «бачайы көчөтү», «жарым кыял» болуп көрүнөт жана ошондой аталат.

Албетте, уздардын чеберчилиги ал көчөттүн аталышында эмес, ошол көркөмдүктүн өрмөктө түшүшүндө жана буюмдун ойдогудай жасалышында анын «аты эмес заты» аркылуу бааланат. Шалчада «чуурутма», «ит таман», «сыңар мүйүз» эки негизги көчөттүн араларын ачыш үчүн, же өзүнчө четтик көчөтү катары берилиши шарттуу көрүнөт. Шалчага «сыңар мүйүз», «кош мүйүз» көчөттөрүнүн ортолоруна «башайы көчөттү» берүү менен буюмдун жүзүн ачууга болот.

Шалча таарды тогуз төбө деп да атайт. Бул өрмөккө жүгүртүлгөн эриш жипти санап көчөт түшүрүүдөн чыккан. Бул түрдүн бөтөнчөлүгү өрмөктү эндей таар кылып согуп, алардын бетине сайма көчөттөрүн түшүрүүгө да болот. Анын чачыларында шуру төгүлөт. Зымдан чачык чыгарылат. Анда сайма, килем көчөттөрүнүн ич ара кыйыштырылган жалпы үндөштүктөр бар.

Ат жабуу (тикек) – ат жасалгаларынын мерчемдүү бөлүгү. Ээрдин алдына, тердиктин үстүнө аттын соорусуна чейин жабылуучу көркөм буюм. Сынга толуучу аруу буюм ат жабуу өрмөкчүлүк (терме, кажары, беш кеште) менен катар саймачылык менен да аземделет. Демек, эндей таарга жана кездемеге сайма көчөттөрүн көчүрүү үчүн уздар ботонун, койдун жүнүн ипичке ийрип, аны оңго жана солго чыйратышкан.

Ат жабууну кадимки түр жиптер менен саймалаган, четтериндеги түймө чачыктары шуруланып, төкмө жана топ чачыкталган түрүн тикек дейт. Мында буюмдун жердиги ак, сары таардан турат да, ага кызыл, көк өң менен сайма көчөттөрүн түшүрөт. Ал сайылган кештелер балыш-жаздыктарга берилген: «тогуз төбө», «байчечек», «кайка-

лак», «допу талаа» көчөттөрүнө окшошуп жана үндөшүп турат.

Тикектин жердиги кездемеден да тандалат. Анда ага көбүнчө «илме дос» (илме-илме, илип саюу) мүнөздүү келет. Ат жабуу кийиз-көчөттөрдү алмак-салмак түшүрүү Түштүк Кыргызстанда бөтөнчө өнүккөн. Тактап айтканда, мында буюмдун жердиги үчүн чеберлер төөнүн, койдун жүнүн даярдашат.

Кийинчээрек кебезди да ийрип чыйратышкан. Өрмөктү курууда бир өңчөй өңдөгү жиптер гана күзүктөлүп, эриш жип (өрмөктүн үстүнкү-астынкы жиптери) ичке ийрилген. Ага аркак (эриш жиптердин ортосунан өтүүчү шоона жип) өткөрүп, эч кандай көркөм көчөтсүз эндей согулат. Адатта, жүндүн түсүнө карата анын өңү саргыч, ак, кызгылт, кээде кара да болушу ыктымал. Демек, ушул таарга уздар «илме дос», «илме сайма» өңдүү сайма ыкмалары аркылуу көркөмдүктү беришет.

Саймачылар буюмдун четине «төкмө чачы», «тор чачык» берет. «Жээк» катары кажары таарынын ыкмасында ак менен карадан «кош кайкалак көчөтүн» («багжагай») эки элидей эндүүлүктө келтирет. Анын четинде өрмөкчүлүк жана саймачылык аркылуу четтик көчөт көчүрүүгө да болот. Анын эки тарабына «чычкан изин» түшүрөт. «Багжагайдан» кийин буюмдун жердигине сайма көчөттөр сайыла баштайт. Анда көркөм көчөттөр «жарым кайкалактын» элементтеринен турат да, боз дикке түшкөн көк, сары, кара, кызыл өңдөрдү көк (ток көк) өзүнө оодарып, буюм бетиндеги көчөттү ойдогудай чечип коёт.

Ат жабуунун ортосуна түшкөн четтик көчөттөгү «чычкан изи» («суу») өзүнчө «ала мончоктоло» берилет да, анын четтерине теке мүйүздөнгөн көркөм элемент-көчөттөрү болот. Ортолук көчөт эки чоң тегерекчеден, тактап айтканда, табакчадан турат. Андан бутактанып экиден төрт кичине көчөт бөлүнүп чыгат. Табакчалардын ичи-сырты жарым кайкалык жана жылдызчаларга жыш толтурулган. Мында

өңдөрдүн ич ара айкалышы жана сайма ыкмасы биринчи орунга коюлган.

Элүүнчү жылдары улуулардын нускоолору менен бул буюмга жапырт узданууга аттанышкан. Сайманын мындай үлгүлөрү салттуулукта кармоонун көөнөрбөс нускаларын далилдеген. Бул сайманын эски ыкмаларын дал өзүндөй сактоо менен көркөм көчөттөрүбүз элдик нукта, андагы уздардын уздук кызыкчылыктары да элдик мүнөздө болот.

Ат жабуунун четине «чымын канат» түрүн калтырып, ал өрмөктө ак-карадан терилгендиктен бир аз ала чакмактана берилет. Мунун четтик көчөттөрү өтө эндүү болот.

Аттын соорусунан эки жагына жаба этектеле түшүрүлгөндөй бештен он окшош көркөм кабыргаланып, тоту куштун канаты сыяктанып, «жарым кайкалак көчөтүнүн» элементтерин арбын пайдалануу керек. Анын чачылары чыйратылган кара шоонадан төкмөлөнө берилип, атка жабылганда кооздуктун өзүнчө ажарына келет.

Терме таар ат жабуу адеми буюмдардын катарына кирет. Ат жабуунун формасы, жасалышы жана пайдаланышы боюнча бир нече түрлөрү бар. Ал кара терме, кажары терме, беш кеште, пиязы таар түрүндө болот. Эгер сайма көчөттөрү түшүп чети түймө-чачыктала, аны тикек дейт. Мисалы, кажары терме түшкөн ат жабууга үлгү катары «тай туяк» деген көчөттү түшүрүүдө термечи өрмөк күзүгүнө жыйырма алты тал жипти жүгүртүп алат. Ал он үчтөн бөлүнүп, асты-үстү чыгат. Ал жиптер кызыл менен көктөн болсо, абалы бир көк жипти өйдө терип, анын бирөөсүн алдына калтырат. Экинчисинде, үч көк жипти үстүнө чыгарып, бирөөсүн алдына келтирет. Үчүнчүсүндө, төрт көк жипти өйдө терип, төрт кызыл жипти алдына таштайт. Эми беш көк, жети көк, тогуз көк жиптен кийин алты кызыл жипти калтырат. Дагы он көк жип үстүнө чыгат. Кызыл жиптен беш талы алдына түшөт. Мындан кийин төрт көк жип, эки кызыл жип үстүнө дагы төрт көк, анан беш кызыл жип үстүнкү кеште үчүн түшөт. Эми үчтөн кы-

зыл-көк үстүнө, жети кара жип, бир көк жип, беш кызыл жип, тогуз кара жип чыгат. Кажары көчөтү биротоло түшкөндөн кийин анын четинин «секиртмеси» («чычкан изи», «ала мончок», «бычак учу») үчүн үч ак, үч кара жипти күзүктөп кетет.

Үртүк – «Абайы үртүк, ак быштан, Аргымак аттар көрүнөт» («Манас»). Ал – ат жабуунун адеми түрү. Аш-тойлордо байгеге чабылуучу белгилүү жорголорду, күлүктөрдү жана каркыралуу көч баштаган кыз-келиндердин мингендерин кол жеткиздей кооздоо.

Үртүктүк жип көбүнчө ичке ийрилет. Ал терме, беш кеште, кажары түрүндө да согулат. Кымбат жердиктен (нооту, абайы) тандалат. «Абайылап жасалган, кыз-келиндин үртүгү» деп айтылат. Аттын моюнун, көкүрөгүн ороп, капталын жана соорусун жаап, ичи жука кийиз менен ичтелип, чети уздун учкул кыялы аркылуу укмуштай саймаланат да, жээктери төкмө чачыланат.

Куржун – ортосу бириктирилген кош көздүү баштык. Ал ар кандай көлөмдө жасалат. Орточо куржундун бир көзү 50х50 см келет. Муну айланта «милте» (жээк) коюп, чети жана бурчтары чачыланат.

Ал килемден да жасалат. Куржунга түшкөн көркөм көчөттөр тегирич, кылдырооч, кереге таңгыч сыяктанып, эндүү болот. Ал көркөм көчөтсүз таңдайлаштырып да жасалат.

Куржундун килиттери болот. (Килиттөө – куржундун көзүн топчулоо). Ал төрт кат чыйратылган жиптен жасалат. Көчкөндө тайлакка, тай-кунанга чакан куржун тандап коюу салты болгон. Азыр малчылар үчүн муну турмуштиричилигине колдонуу, ачык айтканда, ат үстүнө такай сала жүрүүнүн маанеси зор.

Орточо терме куржунга 38 түгөйлүү жип жетет. Мында бир талдан жаңылса, көчөт түшпөй калат. Куржунда тизгич сымал энсиз кыюуну четине берип, алардын ортолоруна чалма менен «аламыч» (көчөттөрдү бири-биринен

айырмалай турган өзүнчө түр) түшүргөндө жакшы кооздук берет.

Чалма – бул өзүнчө өнөр, ал кол башында жүзөгө ашат. Эгер ак-кара жиптен болсо, бирөөнү чыйратып чалганда, көркөмдүк таңдай болуп калат.

Килем куржунда ортолук төрт чарчыланып, ичин «кочкорек көчөтү» ээлейт да, анын өзөгүндө «ала мончоктор» болот. Ала мончок – көркөм көчөттөрдүн араларын бири-биринен ажыратат да, алардын жүзүн адаттагыдай ачат. Ал кийиз буюмдарына түшкөн «аламычты» – саймалардагы «сууну» элестетет. Мына ушул килем куржунга көчүрүлгөн кооздукту башкараак берүүгө да мүмкүн.

Буюмдун чок ортосунда «сегиз жылдыз» орун алат. Ал «тогуз дөбө» деп да аталат. Алардын учтарына карадан «сыңар мүйүз» («жарым кочкорек») түшөт.

Четине кара-кызыл өңдө «кочкорек» көчөтү түшкөн буюмдар, албетте чырайлуу көрүнөт. Мунун килити чыйрак чыйратылган кара жиптен чалынат да, анын төрт жеринде топ чачысы болот.

Же болбосо килем куржунга көркөм көчөт берүүдө араби килемди согуу ыкмалары байкалат. Анын ортосуна да ак-сарыдан төрт бурч «ала мончогу» келет. Мунун этегинде үч-төрт жерине барпайган «топ чачык» чыгарып койсо, буюм кооз көрүнөт. Килемден токулган куржун, текче (баштык) бокчо, чавадан өндүүлөр үчүн көркөм көчөттөрдү тандоодо биринин кооздугун бири толуктап турат. Демек, тигил-бул буюм үчүн андай түрлөрдү алмак-салмак түшүрө берүүгө болот. Мында үлгүнүн жердиги көк-кызылдан тандалып, ортолук көчөттөрдүн арасына сарыдан «ала мончок» түшүрүп, четтерине да тумарчаланган көчөттөр келтирилсе, андай майда кооздуктар жашылдан берилген «ийрек» («ала мончок») сыяктуу килем көчөттөрдүн ажарын ачып турган түр кооз болуп түшөт. Анын куржун килиттери, чачыктары эшилген чыйрак кара шоонадай болот.

Куржундун эки көзүнүн ортосунда «омуртка», «ашкана» көчөттөрү берилүүгө тийиш. Мында буюмдун төрт-алты жеринде топ чачысы чыгат. Же төкмө чачылап койсо да жарашат.

Селкилердин куржуну – кыздын куржуну, бозойдун куржуну – жигиттин куржуну (мырза куржун) деп эки түрдүү жасалат. Куржунда жети жиптүү «чагармак көчөтү» түшүп, ал көк-кызыл өңдө берилип, четтеринде чычкан изи бар. Анда ак-кара түс мүнөздүү көрүнүп, түрдүү жиптер менен күзүктөө аркылуу терме көчөтсүз эле аркак өткөрүп согуу ыкмасы колдонулат. Куржун кара-ак жиптен да согулуп, жиби кезекте ийрилет.

Боз үйдүн терме жасалгалары

Кылдырооч – «Кыдырата карадым, Кылдыроочу кооз экен» (макал). Бул – боз үйдүн сыртына канат чийи менен керегесинин ортосу аркылуу тегерете жабылган буюм. Кылдыроочу көбүнчө таардан, кийизден тартылат. Албетте, терме кылдырооч нарктуураак көрүнөт.

Кылдыроочтун чети чачыкталат. Ал – тегиричтин бир түрү. Кылдырооч эр жак, эпчи жак деген эки бөлүктөн турат. Көчкөндө бул кооз буюмду шаан-шөкөт үчүн жүктүү төөнүн мойнуна чырмай ороп же жаап коюшкан.

Тегиричке, шалчага, кереге таңууга согулган терме үлгүлөрү кылдырооч үчүн жарай берет. Кылдыроочко да түймөчүлөр (чачыкчылар) жипти бышык чыйратып, ойдогудай челдеп, түрдүү түскө боёп алат. Түймөчүнүн аракети аны мыктылап ийрип, чыйратып, анан чебердеп түйүшүнө байланышат.

Мунун четине «чагырмак» көчөтүн түшүргүбүз келсе, ага кара-актан жети кош жип эриш болуп, андан кийинки көчөткө тогуз көк-кызыл жип керектелет. Андан кийин уз «тай туяк» көчөтүн түшүрөт.

Мында термечилик касиет элдик көчөттөрдү жат билүү, аны өрмөккө ойдогудай түшүрүүсү менен эле өлчөн-

бөйт, эң негизгиси, ошол көркөм көчөттөрдү буюм четине, ортосуна айкалыштыра берүүнү билүүсү керек. Ошентип, «тай туяк» көчөтүнүн чети жарым тумарча болуп чыгат. Ага жуп үч тал жип керектелет. «Тай туяк» көчөтүнө жуп 15 тал жип сарпталат. Адегенде беш көк жипти, анан ортосуна үч көк жипти алып, бирден кызылды терип, четин эки көк, бери четинен бир көк келет. Андан кийин төрт кызылдын, бир кызылдын үстүнөн, эки кызылдын четинен эки көк, алты кызыл, эки көк кайталанат. Мында «жарым тай туяк» элестеп, ал кайра кайталана четинен терилип, толук көчөт пайда болот.

Кылдыроочко жупталган 59 тал жипти алып, үстүнкү жээгине жуп үч, андан кийин үчтөн жипти терип, буюмдун ортолугуна «табак оюм» түшүрөт. Албетте, мунун майда жана кезек түрү кездешет. Термечилер анын майда түрүн өзүнчө «кыялдантып» бере алат.

Бул буюмдун эки түрү бар. Баш кылдыроочтун ар кандай үлгүлөрү болот. Кооз көрүнүшү үчүн мунун башына «бадам», «кыял», «бармак боочу» өңдүү шырдак оюмдар берилет да, асты тор чачыктанат. Так ушундай кылдыроочтун кооз түрү боз үйдүн бел курчоосунан кийин да тартылат. Ылдыйкы кылдыроочтун кийиз оюму кара кызыл өңдө берилип, ал өйдөкү кылдырооч менен айкалышып турат. Кылдырооч ортодогу жалаң термеден болуусу керек. Ошондо бул эшик тыштын четине бастырылган ичке тилкедеги көркөм оюмга үндөшүп калат.

Чеберлер сары, кызыл, ак өңдөрдү өзүнчө жупташтырып, атлас, шайы сымалдантып да көчөт түшүрүшөт. Аны «бачайы көчөт» деп аташат. Мунун четине ак-карадан эки элидей «жээк» түшүрүүгө да болот.

Кылдыроочтун кажары таардан жасалышы албетте, көркөмдүктүн чегине жетет. Мунун четине ак-карадан «кырк шак» көчөтү түшөт. Андан кийин сары өңдө «төрт илик» кара жердикке «ичирилип» берилет. Андан «тумарча көчөтүн» түшүрүп, кайра төрт илик (айры көчөтү)

сыяктуу бачайы көчөттөр кызыл түстө көк фондо көрүнөт. Анын экинчи четинде кайра кайталанат.

Уздарыбыз буюмду кооздоодо боёктун түрлөрүн аяшкан эмес. Мисалы, кийиз оюмдары менен терме көчөттөрүн эриш-аркактай жупташтырып кармаган оймочу-термечи беш-алты өңдү бири-бирине жагызып, сарысаптай алат.

Тегирич – «Тегерете карадым, Тегеричи кооз экен» (макал). Бул – боз үйдүн таар жасалгасы. Ал жабык баштын алдына тартылат. Тегиричке түгөйлүү 44 жип өрмөктүн эки четине келтирилет. Абалы «тумарча көчөтүн» берип, анын ортосуна «кыял көчөтүн» салуу зарыл. Муну «мүйүз кыял» десек да болот. Анткени, ошол «мүйүз көчөт», «чагырмак көчөт» сыяктуу элдик эски түрлөр өрмөккө түшүрүүчү кооздукка өзүнчө «кыял» сыяктантып берүүгө негиз болот. Ушундан улам анын айрым айылдарда «чагырмак көчөт» деп да аталышы тегин эмес.

Термечи ушул мүйүз сымалданган көчөттү терип чалууда көк менен кызыл тал жипти түгөйлөп алат. Жүз эки жиптин теңи эриштин астына түшөт (ургаачы делинет), теңи үстүнөн чыгат (эркеги делинет) да күзүктөлөт.

Айрым өрмөкчү-термечилер өрмөккө көркөмдүк түшүрүү ыкмасын ортосунан бир кызыл жипти терүүдөн башташат. Анан жуп жети жипти таштап, кайра эки жип алынып, дагы жети жип түшүп, кайра эки жипти терет. Ушинтип, мында жалаң түгөйлүү кызыл жиптер гана үстүнө чыгып, бул симметрия сызыгынын (төптөө) сол тарабында кандай терилсе, симметрия сызыгынын оң жагында да дал ошондой кайталанат. Эми жиптин көгү эриштин эркеги болуп үстүнө чыгат. Ошондо мурунку жети жиптин төртөө, мурунку беш жиптин үчөө гана терилет да, жогорудагыдай симметрия сызыгы пайда болот.

Өрмөктөгү териле баштаган «мүйүз-кыял көчөтүнүн» жарымы мүйүз-жарым кыялдын айкалышын (жарымын) согууда кызыл-көктү алмак-салмак асты-үстүнө чыгаруу үчүн жети курдай оңго жана солго төптөштүрүү сызыгы

кайталанат. Тактап айтканда, көк жиптен эки «мүйүзчө» чыгышы үчүн түгөйлүү алты жип бирден кыскарып отуруп, эки жип келет да, ошол эки жип кайра үч курдай бирден оңго кайталанып, экинчи «мүйүзчөсүн» чыгарат.

Тегирич – боз үйдүн өрмөкчүлүк аркылуу бүткөн кооз жасалгасы. Мунун эни болжолдо 20-22, 28-32 смдей жасалат. Ал ууктардын билегинин үстүнөн тегерете айландыра тартылат да, сеңселе тагылган «төкмө чачысы», «топ чачысы», «кылыч байлоо чачысы» түймөлөрү керегенин башына тиер-тийбес болуп төгүлүп турат.

Кылдырооч кереге таңгыч, шалча өңдүү буюмдар үчүн согулган таар тегиричке жарай берет. Алар бирин-бири алмаштырышат.

Тегирич 27 см жазылыкта да согулат. Мисалы, мунун четин жөнөкөй таар өңдөнтүп, андан кийин «ак секиртип» берилет. Дагы четиндегидей эндей таарчадан соң «тай туяк» түрүн түшүрүп, жогорудагыдай кооздуктар кайрадан ирети менен кайталанат. Албетте, бул жүгүртүлгөн жиптердин таасын күзүктөлүшүнө тыгыз байланышат. Ага түшкөн көпчүлүк көчөттөр буга да түшө берет.

Кээде тегирич, кылдырооч, кереге таңгыч бирдей көркөмдүктү тартуулайт. Эндүү терме буюмдары чачык өнөрү менен айкалышат. Бул жалпы эле жүндөн пайда болгон үлгүлөргө эриш аркакталат.

Тегирич кажары термеден да жасалып жатат. Ал энсиз болот. Мисалы, «кыйдым көчөтү» түшкөн болсо, анын кара-кызылдан «суусу» («чычкан изи») берилет. Кызылдан «кыйдым» көчөтү түшсө, карадан «беш иликче» ак-карадан «суу» («чычкан изи», «ала мончогу») болсо, ал буюм ого бетер жарашат.

Же сары-карадан «төө көз», кара-актан «суу», кызыл-карадан он беш жиптен «ээр жүздүүнүн» көчөтүн берүүгө болот. Кайра «чычкан изин» түшүрүп, анан «тор чачыкталса», кажары терме өз өңүнө чыгат.

Тегиричтин эни ар кандай согулат. Бул көбүнчө жүз сегиз жиптен күзүктөлөт да, буюм жээги өрмөктүн эриш учу карадан болот. Мында аркакты жөнөкөй өткөрүп, анан бир курдай кызыл, бир курдай көк алмашып чыгат. Андан кийин көркөм көчөт түшүрүүдө тал жиптерди терүү башталат. Алсак, терип чалуунун биринчи эки кызыл, кайра төрт көк, кайрадан эки кызыл, эки көк, анан төрт кызыл, кайра эки көк, эки кызыл, анан эки көк, эки кызыл дагы эки көк, эки кызыл, анан төрт көк терилгенде «омуртка оюмунун» (көчөтүнүн) башы чыгат.

Кереге таңгыч – жайылган керегенин белинен курчала турган буюм. Ал көбүнчө өрмөк согуучулук жана килем токуучулук ыкмасы аркылуу пайда болот. Буюмдун эни 70 смге чейин жетет. Түштүк Кыргызстандын айрым аймактарында чеберлер мына ушундай энде өрмөк жана килем дүкөнүн куруп, килем жана өрмөк ыкмасы менен кереге таңгыч токушууда.

Мында терменин ортолук көчөтү үчүн уздар, адатта, түгөйлүү жүз жипти кара-кызыл же кызыл-көк өңдө күзүктөйт. Анын четине «кырк шак көчөтүнүн» бир жагы түшөт. Анда түгөйлүү он жиптен турат. Ал көркөм көчөттү ич ара бири-биринен аттын кашкасындай айырмалай турган «чычкан изине» («ала мончогуна») эки четине үчтөн алты тал жуп жип кетет. Анан ак жип менен кара жиптен «секиртме» түшүрөт. Мындан сырткары буга көбүрөөк мүнөздүү көркөм көчөттөр «тээкче» кулундун ноктосунун учуна тагылуучу мүйүз того (сыңар ийин) түгөйү менен бирдей эле жип бир из менен терилет (өңдүүлөр кирет). Ал эми «жээкче көчөтү» жана «бото мойнок көчөтү» үчүн он үчтөн жип тандалат. Кереге таңгыч көбүнчө кылдырооч, тегирич энинде согулат.

Кереге чалгыч – өрмөкчүлүк аркылуу бүткөн боз үйдүн боо-чууларынын бири. Жайылган кереге баштарына чалына оролуп, тегерете курчалган сызма. Мунун эни үзүк боо, жабык баш боо, туурдук боо өңдүүлөрдөй келет. Өр-

мөктүн эриши ошолордой күзүктөлөт да, аларга түшүрүлүүчү көркөм көчөттөр буга да терилет.

Кереге чалгычта өрмөкчү «чатыраш» деген көчөттү согуу үчүн үстүнкү жип (19+19), астынкы тал да (19-19) болот. Өрмөктүн четиндеги төрт кара жип терүүгө-чалууга кирбейт. Дагы төрт тал кызыл жип «чычкан изи» («ала мончок») болуп түшөт. Эми терүүгө түшүүчү ошол 19 жипти гана алабыз. Маселен, алар кара жана ак жиптен болсо адегенде үстүнөн он ак жип, анан эки кара жип териле баштайт. Анан беш ак, алты кара, сегиз ак, кайра беш кара, андан соң ак жиптин баары терилет. Эми тогуз кара, эки ак жип, тогуз кара, жети ак, алты кара, жети ак жип терилет да, кайра жети кара, алты ак жиптер төп жана так терилери менен көркөм көчөттүн жарымы пайда болот. Ошондо жогорудагыдай терүү-чалуу дал өзүндөй кайрадан кайталанат.

Терменин кара-ак аркылуу согулушу аттын кашкасындай ачыктыкты көрсөтөт. Ошондой эле кызыл-көк көчөт түшүрүүдө элдик наркка эгедер көк жиптен үчөө, кызыл жиптен үчөө түшөт, көк жиптен төртөө келгенде кызыл жип илинбей калат. Көк жиптен кайра бешөө түшөт. Мына ушундай ыкма менен кереге чалгыч үчүн «жарым бадам» көчөтү пайда болот. Мунун эки четинде эки талдан төрт кара жип терилбей, ошол бойдон түшөт.

Кереге чалгычтын чети кара-көктөн болуп, 27-30 жуп тал жиптин ортосундагы кызылы экиден бир күзүктөлүп, өрмөккө аркак салынып эле жөнөкөй согулат. Үзүк боо, туурдук боо, жабык баш боолорго деле муну пайдаланса болот.

Тизгич (уук тизгич) – боз үйдүн боо-чууларынын бири. Керегеге жапырт сайылган (тигилген) ууктардын жылып кетпеси үчүн билегине текши кыркалай имере оролгон сызма, терме таар. Мунун өрмөгүнө жети гана тал жип чалынып, ууктун оң-тетири тарабы көрүнүп тургандыктан көбүнчө көркөмдүк үчүн эки жүздүү терме түрүндө согу-

лат. Уук тизгич өрмөк түрүндө да, эшме жип түрүндө да болушу ыктымал.

Үзүк боо – боз үйдүн боо-чууларынын бири. Үйдүн үзүгүнөн (эки үзүккө төрт боо) уукту арта айлантып, керегенин билегине байлана турган боо. Үзүк боо, кереге чалгыч, жабык баш боо – булардын эни бирдей келет. Эриш жиптери өрмөккө бирдей түшөт.

Мунун да терме, кажары жана беш кеште кылып түшүрүү ыкмалары болот. Аны да кара таар, сызма таар кылып, жөнөкөй эле согууга мүмкүн. Буларды терме кылып согууда өрмөкчүлөр «бадам көчөтүн» берүүдө мурун алты кызыл жипти алышат. Экинчисинде көк жиптен ошону илет. Үчүнчүсүндө, кайра кызыл жиптен төртөө алынат. Анан көк жиптен үчөө, кызыл жиптен үчөө илинет да, кайра кызыл жиптен бирөө «секиртме» болуп түшөт. Себеби, «мүйүз көчөтү» үзүлүп калбоо үчүн так ошондой «секиртме» берилет. (Секиртме – көчөт ортолорун кынаптоо). Анан көк жиптен экөө, кызыл жиптен үчөө, кайра түрдүү жип түшүрүлөт.

Эгер тал жиптер кызыл менен көк болсо адегенде анын кызыл жибинен төрттү, кийин көгүнөн төрттү, анан кызыл жиптен төртөө дагы терилгенден кийин көгүнөн экөөнү эле алат. Эми кызыл жиптен экөө эле терилгенден кийин «чагармактын» сыңары пайда болот. Демек, мунун экинчи сыңарын чыгарууда жогорудагы жупташтыруу тартиби дал өзүндөй кайталанат.

Ал эми «чагармак көчөтүнүн» төңөлүгүн чыгаруу үчүн адегенде көк жиптен экөөнү, анан кызыл жиптен экөөнү, кайра көктөн үчөөнү, кызылдан экөөнү, кайра көктөн төртөөнү, кызылдан төртөөнү терет. Аны дагы «калкытма» дегени үчүн экинчи жагында бул ыкма дал өзүндөй кайталанат. «Тумарча көчөтү» бир нече элементтерден турганы менен мында ачыктык жана тактык бар. Тумарчалардын эки учуна «ийректер» түшөт. Четки төрт бурчтуктун ичин-

де «кызыл кресттин» белгиси болот. Бул териде «тумарча ийрек» деген атта тараган.

Уздар «сүлөөсүн тармакты» «такта көчөт» дейт. Бул «Ж» формасын элестетет да, өрмөктүн четтик көчөтүнө кирет.

Таар бетине «беш кеште» көчөтүн берүү узчулукту көрсөтөт. Мында сайма көчөттөрдүн негизинде үч бурчтук формасын түзгөн бир нече элементтерден кездешет. Ал эми «кайчы көчөтү» төрт көздөн турат. Адатта, ат жабуу өңдүү термеге таарга сайма түшүрүү аркылуу бүткөрүлгөн асыл буюмдардын жээгине өзүнчө кара аттын кашкасындай ажайып берген жазылыгы эки элидей (3-4 см) «карга канат», же «багжагай» көчөтү ак-кызыл өңдө берилет. Бул көчөттү көчүрүү Лейлек, Баткен, Фрунзе, Алай райондорунда учурунда укмуштай өнүккөндүгү кароо-конкурстарга, көргөзмөлөргө тарых, этнографиялык жана сүрөт музейлерине түшкөн экспонаттардан ачык көрүнөт.

Бул кештеде болсо «чууртма көчөтү» деп колдонулат. Ал «өрмөкчүлүктүн саймасы» болуп эсептелет. Көчөт өзү айтып тургандай мунун көркөмдүктү түзүүчү элементтери өтө жөнөкөй, муну өрмөк үстүндө чалуу жеңил. Мында көчөт элементтери биринин артына бири ээрчип кете берет. Мунун башы «кош мүйүз» болуп башталат. «Кекилик каш көчөтүн» жаратууда тал жиптерге чалуунун татаал аракеттери байкалып турат.

«Төр кеште көчөтүн» «панжара» деп атайт. Ал кадимки тор чачык сымал анын өзүнчө көзчөлөрү болот. Алар берки көчөт араларына кирип кетет.

Ал эми «кекилик кашта» таракча бар. «Чаян көчөтү» да көп колдонулуп жүрөт. Бул элементтердин аралары торчолонуп берилип, анда «ийрек көчөттүн» элементтери түшөт. Мындай бөтөнчөлөнгөн касиеттер Жаңы-Жол, Алайкуу, Чаткал тараптарда жашаган элдердин жараткан көркөм буюмдарында көп жолугат. Мында үлгүнүн жердиги актан тандалат.

Саканак таңгыч – жайылган керегелердин бири-бирине ашталган саканактарын бириктирип бекитүүчү сызма. Мунун өрмөкчүлүк аркылуу бүткөнүнүн эни уук тизгичтей келет. Бир жүздүү, эки жүздүү терме менен да согулат. Жөнөкөй эле сызма түрүндө да болот. Эшилген жиптен саканак таңгыч кылып да жүрүшөт. Буга түшүрүлгөн көркөм көчөттөр уук тизгичке окшошот. Алар биринин кооздугун бири кайталайт.

Жел боо (түндүк боо) – таар, эшме жип буюму. Ал боз үйдүн боо-чуусуна кирет. Ал түндүктүн эки жагына тагылат, азыр көбүнчө термеден жасап жүрүшөт. Үй тигүүдө, түндүк көтөрүүдө боо башы менен кошо кармалат. Бул көбүнчө уук-керегеге кыстарылып коюлат. Оң-тетири тарабы дайыма көрүнүп туруу үчүн аны эки жүздүү терме кылып согуу максатка ылайыкташат.

Жел боо жөнөкөй эле сызмадан же эшме жиптен деле жасалат.

Эшик боо – түндүк боого окшош согулат. Ал да көркөм көчөттөр аркылуу кооздук берет. Эшик боо түндүктөн арта салынып, баш босогого байланат. Мунун да жел боодой (түндүк боо) оң-тетири тарабы көрүнүп турат. Натыйжада, эки жүздүү терме кылып согулат. Же болбосо мунун жөнөкөй эле сызмадан, кара таардан же эшме жиптерден бүткөрүлгөн үлгүлөрү да болот.

Буюмдун эки четине экиден бир-төрт жип кетет да, ургаачы (астынкы жип) 26 тал болот. Мунун көк жиби алты жип экиден саналат. Эркеги (үстүнкү) да жыйырма алты тал жип келет. Көк жип экиден, алты жип да экиден жупталат. Мында такай көк жип терилет. Демек, аркакты салбай туруп, кол менен астына кете турган бирөөнүн үстүнө чыгарат.

Анан үстүнкү бир жипти түшүрөт. Эми аркак салып согот. Муну кураганда эриштин эки башына каалаган көчөттү түшүрүп, «күйөө чыбыкка» терилүүчү көк жип экиден чалынат. Эркек жип күзүктө түшөт.

Сызма – өрмөктө түрдүү өңдө (кызыл, сары, көк, кара, ак) боёлгон тал жиптерди күзүктөп, көркөм көчөт түшүрбөй эле бир гана аркак салуу менен согуу. Мындан уук тизгич, кереге башын чалуу, кереге таңуу, саканак таңуу, туурдук боо, жабык баш боо, үзүк боо, тегирич боо өңдүү боз үйдүн боо-чууларын, шалча, такта жапкыч жана ушул өңдүүлөрдү көп жасашат.

Айрым аймактарда мындай сызмадан басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк өңдүү ат жабдыктарынын бөлүктөрүн жасашат. Аны өрмөк басмайыл менен куюшкандын алдынан тартышкан.

КИЛЕМ ТОКУУЧУЛУК

Бул – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Түштүк Кыргызстандын эл чыгармачылыгындагы эң сыймыктанар өнөр. Элибизге таандык көркөм мурастардын ичинен бул өткөн кылымдарда эле укмуштуудай тез өнүгүүгө арымдуу мүмкүнчүлүк алган. Өзүнө гана тийиштүү өзгөчөлүгү, кооздугу аркылуу ал Түштүк Кыргызстандын көркөм мурасынын мерчемдүүсү болуп саналат. Андан кыргыздын элдик гармониясы, стилдик мүнөздөрү, боёктордун түстөрүнүн жалпылыгы даана көрсөтүлгөн.

Тактап айтканда, ичкиликтер жердеген Лейлек, Баткен, Фрунзе, Алай, Ноокат жана Тажикстандагы кыргыздарда килемчиликтин өнүгүшүнүн санжыралуу салттары бүгүн да ойдогудай улантылууда. Ал Түштүк Чыгыш, Түндүк Батыш аймактарына акырындап тарала баштаган.

Кыргыздын кызыл калы килеми тууралуу жакшынакай тарыхый маалыматтар бар. Мына ушундай килемдер менен катар (жазылгы өрмөктөй, 80-90 смдей, боз үйдүн керегесинин тышынан тарткыч), аяк кап, кайчы кап, күзгү кап, баштык, чавадан, жапсар, туткуч, куржун, уук кап, кереге кап (уук керегенин учтарына кийгизүүчү баш-

тык), жайнамаз, жабык баш, тегирич өңдүү боз үйдүн ички-сырткы жасалгаларынан сырткары ат жабдыктарына тиешелүү көпчүк (көрпөчө ордуна ээр үстүнө жалаңкат салынуучу эни тайкы килемче), тердик, басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк сыяктуулар да илгери арбын токулган.

Түштүк чеберлери биз санап кеткен мындай түктүү оюмдарды токуу менен бирге муну түксүз (таар) ыкмасында согушуп, турмуш-тиричилик үчүн ушундай эле наркта жана салтта пайдаланууга укмуштай узданып келишкен.

Килем токуучулук – көркөм кол өнөрчүлүктүн массалык мүнөзүнө эгедир түрү. Мында нагыз чыгармачылыкка караганда бирөөдөн таалим алуу, бирөөгө үйрөтүү, мурдатан берки элдик адаттагы көчөттөрдү түшүрүү басымдуулук кылат. Ошондуктан, килемчиликте оймочуларга, саймачыларга жана зергерлерге салыштырганда ойдон нагыз оюм-чийим түшүрүп, уздун стилин айкын көрсөтүп берүү үчүн салтка айланган эмес.

Чеберлер өзүнчө оюнан оюм-көчөт түшүргөнү менен көрүнбөй, ошол буюмга элдик килем көчөттөрүн аябай аяр бергендиги аркылуу бааланат.

Килем көчөттөрүнө такай узданууу түйшүгү кыз-келиндердин баарына таандык сапаттардан болот. Демек, кыз бала эс тартканы өз себин (биз жогоруда санап кеткен буюмдар) өзүлөрү кармап бүтүрүүсү эбактан бери адатка айланган. Демек, ар бир жаш ынтызар дүкөн четинде тып отура калып, көкүрөккө жат көчөттү (оюмду) түшүрүүдөн түк жаңылбайт.

Башаты эл ичинен келип чыккан көркөм өнөрдү азыр атайын килем токуу цехтерде, комбинаттарда бүгүн калк мүдөөсүн канааттандырып, кыргыздын кооз килемин көп санда чыгарууда. Мисалы, Ош бирикмесинин Өзгөндөгү филиалында көптөн бери колдоого аларлык узчулуктун жөрөлгөлөрү бар. Азыр орточо алганда айына кырк беш чарчы метр килемдер чыгууда.

Элдик чеберлердин чоң тобун бириктирген мындай өнөрканалар Лейлекте, Ноокатта райондук турмуш-тиричилик комбинатында бар. Аларда килем токуу цехтери иштеп жатат. Мындан дагы көлөмү ар кандай килемдерди атайын өтүнүч боюнча токутуп алууга болот.

Азыр килемчиликти мындан ары карай арымдуу өнүктүрүү максатында жарым кылчыктуу агыш-көгүш жүнү жана тегерек куйругу бар алай породасындагы койлор чыгарылып, анын продуктуулугу артылууда. Уздар ошондой эле килем үчүн жүнү кылчыктуу, өздөрү өстүрүшкөн куйруктуу койлорду кыркышат. Килемге кылчык жүндүн жазгы кыркымы жакшы болот. Анткени, кылчык жүн узун келип, түйдөктөөгө, ийиргенге жана чыйратканга, сокконго аябай шартташат.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин өнөрдүн бул түрүн кайрадан колго алуу аракеттери жанданат. Кыргыз килемдери базарларга арбын чыгып, айыл арасына кеңири тарайт. Мурунку чеберлер жаштарга уздук камкордугун үйрөтө баштайт.

Килем токмок. «Токмогу күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет» (макал). Бул темирден, же жыгачтан аркагай 12-15тей тиши бар төрт бурчтуу, колго токтомдуу, жумуру кыска сапатуу сокмоктуу курал. Аны менен салмактуу урганда, түк (жүл) жыш кынапталат да, анан килем түгү кол кайчы аркылуу тегизделет.

Килем буюмдары

Килем – түктүү көркөм көчөт салынып колдо токулган, үй ичин жасалгалоочу буюм. Кыргызда негизинен жүл (түк) жана араби килем токулат. Килем аркагы өрмөктөй эле кадимки жүндөн жана мурунку эриш жиптердин калдыктарынан ийрилет.

Араби килем түксүз болот. Анын өзүнчө көчөтү салынып, ал жеңил, бир эсептен бышык жана кооз болот. Ки-

лемге негизинен койдун жазгы кылчык жүнү, эчкинин, топоздун кылтагы, төө жүнү пайдаланылат. Буюмду токууда күзүк, адыргы, күзүк көтөргүч, токмок, бычак, кайчы, күйө, салык, жазгыч өңдүү аспаптары бар. Муну 4-5 адам токуйт.

Кыргыздын кызыл калы килемин согууга үлгү даярдоодо муну эске алуу зарыл. Килемдин ортолугу төрт бурчтанып табактанып, туура тушу «үч тиш», ортоңку узуну «ашкана көчөт» өңдөнөт да татаал көчөттөрдөн «өрөжө» жана «мүшкүл» түшөт. Буга «нампарда» (нан жабуучу кымкап калкандын элеси), андан ары «теке мүйүз», «ит таман» жана «араа тиш», «жолборс таман», «ийрек», «жарты шак» сымалданган көчөттөрдү ирээти менен бөрүүгө болот.

Төтөн, Лейлек, Баткен, Ноокат тарапта жүл килемди токууда төрт тарабына кыркалакей «саамал» түрүн түшүрүшөт. Мунун өзү «өзөк», «эки карын», «эки колдон» турат. «Саамал көчөтү» көбүнчө кызыл-кара түстө болот. Эми килемдин негизги көчөтү «кочкорек» берилет. Муну «путев кочкорек» жана «сыңар кочкорек» деп да аташат. Андан ары карай чыйратылган жиптин өзүнө жараша «күлкөптө», «эчки туяк», «бет мубурчук», «туура мүйүз», «карагай бутак», «нампар көчөтүн» келтирет.

Килем көчөттөрү ич ара татаалдашып отурат. Килемчилер муну жатка жупташтырууга машыккан. Уздар көчөт түйүндөрүн чечүүдө: эки жагына өң чыгарылганы «эки жүздүү кайкалак», бир аз из болуп сайылса, «сыңар кайкалак», түгөйлөштүрүп сайылса, «кош кайкалак», – деп айтып турушат.

Кыргыз килеминин көлөмү ар кандай. Килем аркагына кой-эчкинин жүнүн аралаш колдоно берүүгө болот. Демек, тытылган жүн, адаттагыдай, түйдөктөлүп, өрмөктүкүндөй килемдин эриши үчүн ийрилип, чыйратылган жип сууга кайнатылып, аны эки казыкка жүгүртө керип, ортосуна

жарым кулач жыгачты салып, алиги жипти аны менен күч келтире бурап алат. Ал чантуу деп аталат.

Өрмөктүкүндөй эриштин ар бир талынын аралыгы жүгөрүнүн даны баткандай болууга тийиш. Мында өрмөктөй эки аркак өткөзүп, эки курдай байлайт. Бул килемдин токулушунун башталышы болуп саналат. Килемде да аркак өткөрүүгө өрмөктүкүндөй эндүү адыргы колдонулуп, бирде өзүн көздөй, бирде артын карай тартып турат.

Уздар эстетикалык өзүнүн татымын аркалап, ар бир буюмдун мүнөзүнө карай боёк сарысаптоого умтулушат. Элдик килемчиликте көбүнчө кызыл-көк түс берүү, адаттагы наркка жатат. Кызыл, кочкул кызыл, сөзсүз көк өң менен жымдашып турат. Ошондой эле көк-карага, каракызылга деле жупташа берет.

Килемдин «ала мончогуна» ак, кара, сары өңдөр бири-бирине айкалышат. Мурун уздар өсүмдүктөрдүн тамыры менен шактарынан атайын боёк даярдашкан.

Килем көлөмүнө карата базарда анын баасы бычылат. Килемдин аябай чоңун ордо килем дейт. Бул өтө эле чоң, кирип отурган бөлмөнүн энинен да ашып түшөт. Ал эми килем болсо көбүнчө үйдүн дубалына жана боз үйдүн керегесине тартууга жарашат. Төр килем да көлөмдүү келип, дайыма жерге гана төшөлүп, өтө бышык болуп, кыйла жылдары урунууга болот.

Уздар көргөндүн көзүн тайгылтып, элдик шаан-шөкөттү айгинелей турган каркыралуу көчтө төөнүн жүгүнө атайын жабууга ылайыктуу килемдерди да токушкан. Мындай анча чоң эмес буюмду төө килем деп аташат.

Көчүп-конууда урунууга чакан жайлоо килеми да өтө кооз көрүнөт. Буюмдун орточосу 3,5х2,5 метр келсе, күзүгү үчүн бир кгдай эле кебез сарпталат. Килемде жүндүн арбыны анын түгүнө (жүлүнө) чыгымдалат. Буга элүү-алтымыш килодой жүндү ийрип-чыйратат. Ал эми бир килемди бүтүрүү үчүн анын чөлдөөсүнө, чыйратуусуна, чыңдоосуна,

тазалоосуна, ийрүүсүнө жана түктү тегиздеп кыркындысына бир аз жүн таштандыга чыгат.

Кыргыз килеми союздагы жана чет өлкөдөгү ири көргөзмөлөргө жана жайма базарларга дайыма катышып, этнографиялык музейлерге коюлууда. Эгер аянтты 5х8 метр килем токутуу керек болсо, анда буга баары биригип сексен килодой жүн даярдообуз зарыл. Муну чеберлер төмөндөгүдөй бөлүп жумшашат. Килемдин эришине эчки жүнүнөн дагы он килодой жумшалат.

Килемдер геометриялык элестерге жоомарт келет. Төтөн, килемдердин ортосу, чатыраш же ромб, болбосо сегиз бурчтук түрүндөгү көчөттөргө толот.

Килемдерде кызыл түс көк менен беттешип, ак жана карадан «ала мончогу» түшөт. Кызыл килем өзбек, тажик базарларында үстөмдүк кылып турган. Боёкторунун ачыктыгы, көчөттөрүнүн бири-бирине шайкеш келгендиги, койдун кылчык аралаш жүнүнөн болгондугу жана чоңдугу көрүүчүлөрдү, алуучуларды, өзүнө тартып, буюмдун баасын жогору көтөргөн. Килемге кыргыз көчөттөрү так түшүп, бир бүтүм ойду туюндурган.

Килемдин четине «тумарча көчөтүн» берип, андан кийин «кайкалак көчөтүн» көчүрүп, анан калган түрлөрүн ич ара ирээттүү келтирип, алардын араларын эндей эле жүн калыбында калтырууга да болот. Тактап айтканда, мында кара-кызыл өңдөр ич ара жупташат да, кызыл-көк айкалышса кызыл түс өзүнө оодарып турса, кара-кызыл өңдөрдө кара түс буюмдун жалпы жердигин чечип коёт. Эгер кызыл-ак менен беттешсе, кызыл бөтөнчө таасир берет.

Көркөм көчөт үлгүнүн ортолук көчөттөрүн табакча-табакча өңдөнтүп берүүлөрү уздардын чеберчилик жүздөрүн баамдатып турат. Анда ар бир табакчага «нампар көчөтүн» негиз кылып, алардын араларына «ийрек» түшүрүп отурат. Ал эми анын четтерине табакчанын жарымын келти-

рүү аркылуу кооздук жаратат. Айрымдар көркөм көчөттөрдүн четине жашыл өңдү да жүргүзө коёт. Бул кызыл менен кара өңдүн араларын ачат. Ал сарыдан, актан берилет да, «ала мончок» сымалданып түшөт.

Албетте, мындай кара-кызыл түстөн турган килемдердин көркөм көчөттөрү көк менен кызыл өңдү көбүнчө айкалыштырган Баткен, Лейлек аймактарда арбын учурайт. Анда көчөттөрү эң эле майда көрүнөт. Жүл килеминин четине «казан кулак», «чөмүч сабы», «тайлак таман» (анын ичинде «тогуз дөбөсү» бар), «кыйкач» (бул «суу» ордуна берилет), «килит (кулпу) көчөтү» ирээти менен түшүп турат да, борбордук көчөттөн (негизги көчөт) «бычак учу», «козу тиш», «шапат» (көөкөр өңдүү) кооздуктар түшөт. Анан табакча көчөттөр башталат да, анын ичинде «мандалак баш», «козу тиш», «омуртка оюму» өзүнчө кооздук катары түшүрүлөт.

Жөрмөмө килем – өзүнчө нукура үлгү. Мунун оң-тетири тарабы бирдей көрүнөт. Демек, кажары, терме таарлардан бул айырмаланат да, анын четине «кабырга көчөт» түшүп, ал өзүнчө өрмөк аркылуу согулуп, буюм жээги болуп көрүнөт. «Катар кайкалак көчөтү» берилип, табакчаларынын ичиндеги түрлөр жөрмөмө килемдегиден бөлөкчө көрүнөт. Бул килемдин кооздуктары да башкачараак болот.

Килем көчөттөрү

Килем көчөттөрү – буюм бетине түшүрүлгөн кооздук, түр. Буюм көркөм көчөттөрү аркылуу даңазаланат. Мунун салттуу көчөттөрү көркөм кол өнөрчүлүктүн берки түрлөрүнүн оюм-көчөттөрү менен мыйзам ченемдүүлүктө жалпы үндөшүп турат.

Килемдин төрт жүздөн ашуун көчөтү кездешет. Алар өрмөкчүлүктөгү жана чырмакчылыктары көркөмдүктөр менен айкалышат. Мисалы, «мүйүз оюму» («кочкорек», «кайкалак») килемчиликтеги оюм-көчөттүн негизин түзөт.

«Кабырга», «ашкана көчөт», «тогуз төбө көчөт» өндүүлөрдү азыр арбын учуратабыз.

«Ит таман», «тайлак таман», «жолборс таман», «мышык таман», «машаты» – айтор айбанаттардын изи эски жүн килемде көп кездешет. Алардын ордуна элет жерлеринде «кош кайкалак», «машаты», «казан кулак», «бычак учу», «нампар» жана «шапалак», «кырк шак», «жарты кырк шак», «бото моюн», «пашайы», «кыңыр моюн», «ала мончок», «нокто башы», «тамаша көчөт», «кытай көчөт», «күйдүм көчөт», «кызгалдак көчөт» бар.

Окчун айырмаланган көчөттөрдүн эски-жаңы түрлөрүн бир эле килемге ыргактуу жана ажардуу пайдаланып жатышкан уздар арбын кездешет. Ушундай адаттан тышкаркы жөрөлгөлөрдү ноокаттык, лейлектик, баткендик килемчилер ынтызарлыкта пайдаланышат.

Көркөм көчөттөрдө жырткыч айбандын же канаттуулардын элеси, диндик касиеттер да чагылдырылат. Килемге кызгылт, чыйкандай кызгылт, чыйкандай кызыл, кырмызы түз фон болсо, көк, жашыл же аралаш өндөгү жип көчөттөрдү улам өзгөртүп отурат.

Килем беттериндеги көчөттөрдү дааналап тирмийсең, мында бир айбалтырканды, тигиниси – куусаң куумай жерди, беркисиники кумай өтөктү, аркысыныкы көк канатты, тияктагысы – ковлоч чөмүчтү айтор, тиктеп отурсаң сыр кашыкты элестетесиң.

Килем беттеринде «чаян», «кош кулак», «ала күлүк», «дагыра», «кетмен куйрук» (бүркүттүн түрү), «көк кашка» (өсүмдүк), «көрө» (өрүк, алманын жаш түйүлгөнү), «зарынза» (өсүмдүк)... Айтор, айта берсек анын аягы түгөнбөйт.

Кайсы бир килемдердин чачылары төгүлүп, көчөтү төөнүн коюу жогдорун, кучак мамык самсаалаган чуудасын, күнгө жаркылдаган мөңгүнү, асманда калкыган сур булуттарды элестетип кетет.

Килем токуучулукка жана өрмөк согуучулукка бирдей таандык «кайкалак» башы беш жиптин жүгүрүшү менен башталып, улам бир талдан терилип, андан соң ичине бир жиптен чалынып, анан да ичине бир жиптен жылдырылып, туташтырылып согулат. Албетте, жаратылыштагы тигил-бул элестер чагылышат да, ошол көрүнүш көчөткө негиз болууда. Маселен, «топчу баш» деген өсүмдүктөн улам «топчу баш кайкалак» пайда болот. «мышык таман», «чөмүч», «тал барки», «сегиз писте», «өнөр көчөт»... Мындай көчөттөрдү айта берсек арбын да, ал жалаң элестөөлөрдөн пайда болгон.

Ал эми «аркар туяк», «кой көзү», «кой шыбак», «кылыч көчөт», «кыйгач көчөт», «кыңыр моюн» көчөттөрү менен килем токуу кийинки кездери ушунчалык ургаалдуу өнүккөн. Албетте, булар өз ара бири-биринен кичине-кичине айырмаланбай койбойт.

Килем көчөттөрү көркөм кол өнөрчүлүктүн башка түрлөрүнүн оюм-түрү сымал мезгил талабынын коштоосунда өзгөрүү-өнүгүү жана жаңыруу касиеттерине тушугуп турат. Мындай килем токуучулукта элдик салттуу жагдайдан четтеп, карандай сүрөт тартуу аракеттери ийгиликтен баш аламандыкта алып барууда.

Килемдин толук көчөттөрүнө «каз аякты» («каз таманды») уздар арбын түшүрүшөт. Анын алдына «кош мүйүз» берилет. Буга «каз аяк көчөтү» таажы сымал көрүнүп турат. Бул элементтердин алды төрт бурчтанып, торчолонуп кетет. Мындан «карга тырмак көчөтү» айырмаланып турат. Төрт бурчтук өзөктүн төрт тарабынан кадимки «карга тырмак» түшөт. Ал килемге эң эле ичке берилет.

Килемчиликте «кочкор мүйүз» («кочкорек», «кайкалак») бир эле табакчаланган көчөттөрдүн төрт жеринен «кочкор мүйүз» же «жарым кочкор мүйүз» тутумдашат. «Кош мүйүз кайкалак», «илмек кайкалак», «кайкалак» –

булар бири-биринен айырмалана алат. Бир табакчада ичке төрт «илмек кайкалак» болот.

Уздар килем үчүн «омуртка» көчөтүн арбын пайдаланышат. Анын ортосу «таңдай» саймадай төрт бурчтанып, чакмак сызыктанып кетет. «Омуртка көчөтү» мына ушундай жагдайдан келип чыкканы туюлуп турат. Мунун төрт бурч эң майда элементтери бар. «Жылдыз көчөтүн» сегиз үч бурч түзөт. Мындайынан алып караганда анын ар бири «бычак учу» болуп көрүнөт. Анын тегерегине «суу» түшөт да, өзүнчө кадимки жылдыз сыяктуу көрүнөт. Бул тааргa, кездемеге түшкөн «тогуз дөбөгө» окшошуп кетет.

Килем бетиндеги «тай туяк» көчөтү таар буюмдарына түшкөн ушул түрдөн айырмаланбайт. Бирок, көркөмдүктүн аяк-башы «карга тырмак» өңдөнүп кетет. Килем бетине сегиз элементтен «тогуз төбө көчөтү» берилет. «Тайлак таманда» сегиз үч бурчтук тайлактын кадимки таманы сымал төрт тарабынан чыгат.

Адатта, уздар көчөттү айлана-чөйрөдөн алары түшүнүктүү. Мында «чыт көчөтүн» кездеме бетине түшүргөнү белгилүү. Анткени, анда чыттарга түшкөн ирээтсиз кооздуктар орун алат. Анын аяк-башында «кош мүйүз көчөтү» бар. «Орус көчөтү» да кайдан келгенин өзү эле айтууда. Албетте, көчөт элементтери жоонураак берилгени болбосо элдик «кайкалак көчөтүнө» окшошуп кетет. Кийинчерээк таасирленүү аркылуу бул орус элинин түштүк (панно) сайма, түймө өңдүү буюмдарынан алынганы туюлат. Мында төрт бурчтуктан төрт «кайкалак» орун алат. «Кыңыр моюн көчөт» четтери «араа тиш» (бычак учу) болуп көрүнөт.

«Пашайы көчөт» болсо төрт бурчтуктун ичи-сыртынан «араа тиш» (бычак учу) сымалданган түрлөр түшөт. Ал болжолдоо буюмдун борборуна: ортолугуна «табак-табакчаланып» кетет. Анын минтип, төрт чарчы келип, эки капталында сөйкөнүкүндөй иймеги бар көчөт элементтери түшкөн түрү да кездешет.

«Калкан көчөтү» килемчеликке мүнөздүү келет. Бул төрт чарчы келип, анын ичинде төрт жеринде «ала мончогу» болот. Ичи тактакта болуп көрүнөт. «Чаян», «чаян куйрук» көчөттөрү кудум «беш кештедегидей» сезилет.

Татаал көчөттөрдүн бири килемчиликте «кытай шак» болуп саналат. Болжолдо уздар Кытай элдик оюм-чийимдеринен көчүргөнү баамдалат. Оң жана сол жагында ар кыл, анча деле көркөмдүгү жок сегизден он алты элемент бутактанып турат. «Кош мүйүз», адатта, мунун төрт бурчтукка берилүүчү төрт элементтери бүкүрөйүп кетет да, өрмөк буюмдарында да мына ушул түр арбын кездешет. Кош мүйүздүн бири-бирине түшкөн бөлөк түрлөрү бар.

«Пашайы көчөтүн» бүгүн килемчилер буюмдарына арбын пайдаланышат. Мунун эки түрү бар. Биринчиси, төрт чарчы крест формасында түшөт да, ичтери тегерекчелер аркылуу толтурулат. Анын ортолорунан төрт үч бурчтук бөлүп турат. Көчөттүн экинчи түрү жыбырчык көрүнөт. Албетте, мунун биринчи түрүн уздар арбын колдонууда. Мындан сырткары килем буюмдарынын бетинде «кара калпак көчөтү» (коңшулаш элдин үлгүлөрүнөн алынган), «туткуч», кадимки эле туткучтун өзүн көчүрүү сыяктуу көчөттөрдү түшүрүү салттары азыр кенен жайылып баратат.

Кажары (букары) таарындагы «багжагай» көчөтү так ошондой эле килемде да четтик көчөт катары килемчилер таасын түшүрүүдө. Мындан сырткары «кабырга көчөтү» кездешет. Мындан төрт чарчы элементтер үч бурч болуп, курактай түшөт. Ал төө өркөчтөнүп, толкун болуп көрүнөт да, бул арабы килемде негизги көчөт болуп саналат. Албетте, мындай бөтөнчөлүктөрдү биз Түштүк Кыргызстандын килем токууга аябай куштар аймактары: Лейлек, Баткен, Ноокат, Алай, Өзгөн тараптарынан даана баамдай алабыз.

Чавадан – жаздыктын алдынан башка жаздалуучу, жүккө жыюуда өзүнчө көрк ыроолоочу, сеп катары кызга

берилүүчү килемче. Анын калган бөлүгү бөздөн, таардан тышталып, ичине кебез же саман салынган. Ал кадимки жаздыктык милдет аткарат. Болжолдо орточо чавандын узунуна – эришине 150 тал жип кетет да, анын каттай чыйратылган жоондугу бир ммдей эчкинин кылтагынан аркагы болот. Муну эки метрдей кылып куруп согот. Аны согуу килемдей келет. Эриш-аркагына эки кило, жүлүнө 1,5 килодой – ошондо орточо-3,5 килодой жүн-кылтак кетет.

Чаваданды сокондо эки четине «тумарча» үчүн 14 тал (7+7) жип сарпталат. Анын ичине «ала мончок» келтирилет. Анан «кош кайкалак көчөтү менен «жылдызча көчөтү» түшүрүлөт. Ортосуна «чоң тумарча көчөтү» келсе, негизинен анда «үч жылдызча», алты коргончосу болот. Бул токулганда узуну 90 смге барабар. Ага да кызыл, ак, көк, сары, күрөң өңдөр ич ара жупташат.

ЗЕРГЕРЧИЛИК ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК[7]

Зергер – алтын-күмүш устасы. Тактап айтканда, бүгүн түрдүү түстүү металлдардан (алтын, күмүш, мельхиор, нейзильбер, жез, мис, дат чалбас, болот) кыз-келиндердин азем буюмдары: шашек, билерик, сөйкө, желбирөөч, иймек, искек, бой тумар, оймок, топчу, чолпу, күбөк, кемер, кыргак, чач кап, чач кеп; үй эмеректери: алабакан, такта, жагдан, сандык; ашкана буюмдары: чыны куту, көөкөр, үкөк; ат жабдыктары: ээр, куюшкан, басмайыл, жүгөн, көмөлдүрүк, камчы, үзөнгү, ичмек, тердик; сөөк буюмдары: мүйүз-чакча, картык; аваздык аспаптары: комуз, чоор, кыл кыяк, добулбас, темир комуз, чаңырык, сыбызгы... ж. б. буюмдарды жасаган уста.

Зергерчилик – асыл металлдардан (күмүш, нейзильбер, мельхиор, дат чалбас, жез, мис, коло, калай, кара те-

[7] Китептен: Акматалиев А. Зергерчилик, темирчилик, мүйүзчүлүк. – Фрунзе, 1990. – 99 б.

мир жана башкалардан) кооз буюмдарды жасоочулук. Элибизде күмүш кармоочулук илгертеден бери келе жаткан устакерчиликтин асыл түрү. Узануунун бирден-бир элдик наркы – күмүштү иштетүүчүлүк.

Зергерчиликте күмүштү жана башка түстүү металлдарды кармоонун негизги ыкмаларына «жашытуу», «жалатуу», «эритүү», «зоот түшүрүү» (себет төгүү, сыя төгүү»), «сирке төгүү» (таруулатуу), «чапкылоо», «көркөм куюу», «тордоо», «тогуз төбөлөө», «кертүү», «согуу», «ийүү», «эшүү» (чыйратуу) кирет.

Күмүштүн наркка өтүүчү түрү илгери Жамбы болгон. (Куйма күмүш, сом күмүш, куйма алтын, сом алтын – буларды жалпысынан жамбы дейбиз).

Зергерчиликте илгери тыйындык күмүштөрдөн да ар кандай кооз буюмдарды кармашкан. Албетте, булар таза күмүшкө жатпайт. Андагы аралашмаларды өзүнчө бөлүүдө чеберлер ачык ташты пайдаланышкан. Усталардын айтканына караганда даана күмүш ак алтынга барабар болгон. Ошондуктан, алтын-күмүш деп эгиз айтылган. «Күмүштү» отко тоссо, анын аралашмасы дароо эле карара түшөт.

Зергерлер узануу үчүн күмүш жамбыны көбүнчө Кашкар жана Турпан тараптан алдырышкан. Ошол тараптардан илгери дайыма кире (жүктүү кербендер) келүүчү. Төө-эшектеринин баскан издерин суутпай, кашкарлык кызылкулактар кербен тартып келишип, жергебизди аралай чаап, кебез, бөз, жамбы, жүн, тери алышчу.

Усталарга узаныш үчүн темир табуу кыйын убактар да болгон. Ошондо алар жол боюн карап, үстөкө-босток өткөн ошол жүргүнчүлөрдөн (Кытай жибек жолунан) түшкөн темир-тезектердин ар кандай сыныктарын таап, аны «сугарышып», мындан балта, керки, жуушаң, бычак, маки жасашкан. Аларды эл ичи колго токтотуучу эмес.

Элдик зергерчиликтин негизги аспап-куралдарына: ат жабдыктары үчүн кооздук түшүрүүчү ар кандай калыптар,

шакек, оймок жасоого ыңгайлуу өзүнчө калыптар ой калча деп аталат, сөйкө калыптар, чапкы, тешкич, ойгуч жасалуучу буюмдун ыңгайына карай мындай калыптардан тышкары зергердин өнөрканасындагы эң керектүү узануу жабдууларына күмүштү так өлчөөчү мыскал тараза, күмүштү талкалай турган балка (күмүш балка), күмүштү эритүүчү чөйчөкчө, күмүштү эритүүдө желденте турган түтүкчө, аттиш, күмүш сым тарткычы, күмүштү кесүүчү кайчы, ысыган күмүштү кыпчый турган кычкач (кыпчуур), жыгачтан жасалган кол тиски (кыргыч), көөрүк, дөшү жана көмүр кыпчуур ж.б. кирет. Атактуу чеберлердин аспап-куралдары ыйык деп эсептелген. Усталар буларды курчутуп-бүлөп, чыңап жана таптап алуунун амалын да издеп табышкан. Алар кара койдун канына аспап-куралдарын кез-кез салып турушкан. Майлуу жана жылуу канга сугарылган темирдин мизи түк майтарылбаган жана дат чалбаган.

Демек, күмүш буюмдарга көркөм оюм-чийме түшүрүү салты менен жезге, миске, колого, калайга жана кара темирге кооздук түшүрүү, бирдей болбойт. Бирок буюмга көркөмдүк түшүрүү өнөрү кайсы гана зергердин болбосун өздүк ышкысын түк токтото албайт. Азыркы зергерлер шартка ылайык көбүн эсе кара устачылыка өтүп кетишкени ачык көрүнүп турат. Анткени менен темир бетин тек койбой, ага кооздук берүү элдик чеберчиликке жатат. Демек, бүгүн күмүштөн бөлөк нейзилбер, мельхиор, дат чалбас жана башкалардан буюм жасап, ага көркөм чийим-оюм түшүргөн усталар да чыгууда.

Журтчулукка бирдей тараган металл бетиндеги оюм-чийимдердин негизи «мүйүз», «бармак боочу», «бычак учу», «карга тырмак» жана «кыял» сыяктуу кийиз оюмдарынан бөлөк, сайма, таар, килем, чий, көн, жыгач, мүйүз буюмдарынын көчөттөрүнөн турат.

Зергерчиликте кооздук түшүрүү – буюм-тайымды «сынпоздоо», «чөгөлөө», «шөкөттөө».

Сөздүн төркүнү зер жасалгалары жөнүндө бара жатат. «Кулактары куйма алтын» – мында сөйкө-сырганы айтууда. «Куюлуп түшкөн мурду алтын» – адатта, элечек, кеп такыянын кыргагы зерден болот да, анын калакчалары мурундан түшүп көрүнөт. «Ак үйүнүн куту алтын» – мында үй ичиндеги: алабакан, сандык, жагдан, ат жабдыктары, кыз-келиндердин жасалгаларынын жалпы көрүнүшү көз алдыга тартылат. «Аккари кийген буту алтын» дейт. Аккари – ургаачылардын адеми бут кийими. Ал көн булгаарыдан (кол булгаары – колдо иштетилген булгаары) тигилет. Буга да чеберлер алтын-күмүш жана башка ага тете түстүү металлдарды чабышкан да, бут кийимдин мындай бети жалтылдап турган. «Оромол салган башы алтын», – оромол жоолук.

Негизги кыргак элечек, көп такыялардын жээгинде болот. Мында баш кийимдерге да алтын-күмүш тагууга болот», – деген түшүнүк бар. «Олоңдой кара чачы алтын» – чачка чачкап, чачкеп, чолпу, күбөк, учтук тагылат. Алар сөзсүз зер менен шөкөттөлөт.

Мындагы акындын «алтын» деген кайталоо сөзү күмүш менен да алмашылышы мүмкүн, анткени кыргыздар үчүн алтынга караганда күмүш нарктуу жана салттуу болгон. Мындан биз элдик зергерчиликтин бир учурда укмуштай өнүккөндүгүн билебиз.

Кээде жабдык шөкөттөрүнүн (кайыш бетине чыбалуучу темир кооздук) формасы сөлпү да, узунураак да келет. Мында элдик эски салттуулуктун мүнөздүү белгилери болот. Мунун эки-үч түрүн усталар пайдаланып жүрүшөт.

Эр ээринин ана башы каңкынын формасын усталар эски ээрлерден алат. Муну кичине да, орточо да, чоң да – так өзүндөй кылып чабууга болот. Албетте, ээр да өзгөрүшү мүнкүн. Усталар анын жаңы формасын табууга изденишүүдө. Буга кынаптап тердик менен желдикти шайкештентүү керек. Бүгүнкү айрым зергерлер жез шөкөттөргө

оюм түшүрүүгө, ага «сыя төгүүгө» – «зооткерлөөгө» бөтөнчө умтулушат. Арийне, жездин табияты антип оюм-чийим түшүрүүнү анча жактырбайт. Экинчиден, жез үчүн шөкөттүн өз формасы оюм-чийимсиз эле көркөм көрүнөт. Демек, томпогураак, казанкөмкөөрүк шөкөт колдун салаасындай, кыздын баласындай, сыйда жана шарттуу көрүнөт. «Сыйлоо», «зооткер түшүрүү» – күмүштүн гана касиетин арттырып, анын жаны катары сезилет.

Зер буюмдарын жасоонун каражаттары жана аспаптары

Көмүр – күйгөн жыгачтын өчүрүлгөн чогу. Албетте, көмүрсүз көөрүк үйлөнбөйт. Зергерлер жыгач отундун чогун этиеттеп күлгө айлантпай өчүрүп алуунун сырларын да укмуштай билишкен. Демек, чок болуп күйгөн отундун өчүрүлгөн кара күйүгү устакерчиликти иштетүүнүн эң зарыл каражаты болот.

Адатта, көмүрдү өчүрүү аракети жана орду суу жээгине ылайыкташтырылат. Аны өчүрүүдө кургак жыгач додо үйүлүп, от улуу жагылат. Күйгөн чакта күл болуп калбагыдай, аны улам четинен атайын оюлган чуңкурга көсөө менен шилеп, дароо топурак менен жылчыксыз көөмп турат. Карды текши сээп, же сууну текши бүркүп да, көмүрдү өчүрүп алууга болот. Өчүрүлгөн көмүргө аба кирсе, күйүп калат.

Четин, шилби, кайың, чычырканак сыяктуу катуу жыгачтардан өчүрүлгөн көмүр шыңгыраган дабыш чыгарып, чогунун өнү аппак келип, таптуу болот. Мындай көмүр менен көбүнчө кара темир эритилет. Арчанын, карагайдын, талдын, теректин көмүрүнүн чогу кызгылттанып, табы мүнөздүү келгендиктен зергерлер күмүш, жез, миз, калай өңдүүлөрдү эритишет.

Көмүркөй – аспап-куралдар сакталуучу сандыкча. Аны темирден да, жыгачтан да, шириден да жасаса болот,

ар кандай көлөмдө жасалат. Көмүркөйдө усталардын зергерчиликке, ат жабдыктарына, жыгаччылыкка жана теричиликке, мүйүзчүлүккө, таш чегүүчүлүккө байланыштуу узана турган ар кандай аспап-куралдары менен жасала турган буюмдардын жердиктери сакталат.

Көөрүк (көрүк) – усталардын көмүрдү үйлөтө турган аспабы. Көмүргө көөрүк жан киргизет. Кыргыздар урунган көөрүк «кол көөрүк» же «алаа көөрүк» деп аталган. Бул туюк эки териден, ача жыгачтан, темир түтүктөн турат. Кош багалектүү көөрүктүн сырты түктүү да, жаргактуу да келет. Буга эчкинин, койдун, кийиктин, музоонун жана кулундун терисин колдонушкан.

Көөрүктүн жерге тийип турган эки жагында кармай турган казыкчасы болот. Мунун колго алуучу тарабында «жуушаңча» жыгачы бар. Анда баш бармакка илүүчү, төрт салаага кирүүчү кайыштары бар. Ал ачылып-жумулуп турат. Жел ууртатууда көөрүктү алма-телме көтөрүш керек.

Көөрүк жыйрылып, жел чыкпай тургандай кылып анын алаасын керип туруучу казыкча орнотулат. Көөрүктүн учундагы бирөөнүн жоондугу билектей кош жыгач адегенде темир бурама аркылуу чебер тешилген. Ошол көңдөйүнүн кенендиги баланын билеги баткандай эки тешик бир жайдан чыгат.

Көөрүкчү – устанын көөрүгүн басуучу, балка, барсканын чабуучу жардамчысы.

Күжү. «Күжү күйгүзгөн, күмүштү күлгүзгөн» (макал). Бул – көөрүктүн отту, чокту үйлөп чоктонтуп туруучу бөлүгү. Колго камырдай ийленген чопого майда кыркылган кылтак жүн аралаштырып, кадимки куйма калыптай ийине келтирип, «күжү» жасалат. Түсү бышкан кирпичтей күжүгө тигил ноктолонгон эки ачакейдин тумшугу кирет. Демек, көмүрдү (чокту) үйлөй турган жоондугу карыштай тешиктен кысылган жел чоң басым менен чыгат. Эгер тешик мындан кенен болсо, жел начар үйлөнөт. Такай иш-

телген күжү бир айга араң чыдайт. Күжүнү улам кайрадан усталар жасап алып турушат.

Көөрүк ордунан козголбош үчүн эки ачакейинин чатына жыгач уруп коюшат. Мындай асма көөрүктү ортолук устаканаларды уюштуруудан баштап пайдаланып келүүдө.

Күмүш балка – зергерлердин аспабы. Муну менен күмүштү темир бетине чабат, жашытылган күмүштү сомдойт жана иет. Анын сабы сыйда, кармоого эптүү, күмүштү чабууга элпек, жеңил болуп, түспөлү ар кандай көрүнөт.

Эки тарабы тең чукулдук кейиптенген балка, бир башы тегерек, дөшүдөй, уңгулуу балка, бир башы чукулдук сыяктанган же бир башы керки сыяктанган балкалар болот. Аларды зергерлер өзүлөрүнүн узануу оңтойуна карата жасап алышат.

Кычкач – зергердин аспабы. Муну менен жашыган күмүштү, күжүдөгү чоктонгон темирди кыпчып алып, дөшүгө коёт. Бул жашык металлдан жасалат. Ичке, майда нерселерди кармоого эптүү эки учу учтуураак, жаактары бүкүрүңкү келет да, шакектелип коюлат.

Кычкачтын бөлөк түрлөрү да бар. Мисалы, төрт чарчыланган, анын ички учу быдырлуу келген нерсени шып кыпчып чабууга, мык сууруруга ылайыкташкан. Аны усталар аңыр ооз дешет. Ал аттишке окшошуп кетет. Кычкачтар ар кандай жасалып, кымчуур, чымчуур деп бөлүнөт.

Оюм шибеге – зергер аспабы. Аны ар бир чебер өзүнө оңтойлоштуруп жасап алат. Бул эң эле ичке оюм түшүргөн ийне шибегенин күмүш бетиндеги изин кайталап дааналап түшүрөт. Анын кармап басууга эптүү жыгач жумуру сабы бар. Оюм шибеге аркылуу түшүргөн көркөм чийимге зергерлер «сыялоо» (зооткер), «мина төгүү» өңдүү чебер ыкмаларды аткарышат.

Ойгуч – көркөм буюмдун бетин оюп чуңкурайтууда колдонуучу аспап. Ал таза болоттон жасалат да, анын кармоого эптүү жыгачтан жасалган жумуру сабы бар. Мунун

темир ойгуч, жыгач ойгуч, теринин бетин ойгуч сыяктуу түрлөрү болот. Темир ойгуч менен зергер күмүшкө, жезге, миске, нейзильберге, мельхиорге, дат чалбаска, колого, жумшак темирге түрдүү көркөм оюм-чийимдер түшүрүлөт.

Зым тарткыч – зергердин куралы, аспабы. Бул күмүш, жез сыяктуу ийилгич заттардан ар кандай жоондукта зымдарды чоюп жасайт. Зергерлер аны жасоонун төмөндөгүдөй ыкмаларын аткарышат.

1. Күлбото болуп ийленген чопо топурактан жан аяктай чакан кылып жасалат. Анын түбүндө ар кандай чоңдукта тешиктери болот. Күмүш зымды тартууда бир гана тешиги калтырылып, калган тешиктери чопо менен бүтөлөт. Көөрүктүн чогуна эриген зым тарткычтагы күмүш тешиктин көзүнөн көзгө илээшпей куюла баштаганда ага кайра күмүштү тийгизип тартканда күмүш зым такыр үзүлбөй, ичке болуп созула берет.

2. Зым тартуучу атайын темир калып болот. Анын ар кандай чоңдукта 15-20дай көзөнөгү бар. Адегенде анын жумурланган күмүш көзөнөгүн чоңураак калыпта чоюп-созуп алуу керек. Андан соң андан тарыраак көзөнөктөн күмүш зым өткөрүлөт. Мына ушинтип, жыйырмадай тешиги бар калыптан өткөрүлгөн күмүш зым аттын туу куйругундай ипичке болот да, ал он беш-жыйырма метрге жетет. Демек, мында адегенде зым сомдолот да, андан кийин анын учун ичкертип алат. Көзөнөктөргө саптап алып, «чымчык ооз» аттишке кыпчып, эки буттун ортосуна коюп, өйдө тарткында, зым сыдыргыга салгандай тегизделет. Бул кыргыга салуу деп аталат. Мындай күмүш зым менен элдик зергерлер кыз-келиндердин желбиреөч, сөйкө, билерик, шакек төөнөгүч сыяктуу буюмдарын «тордоо», «эшүү», «чыйратуу» ыкмалары менен кооздошкон.

Мыскал тараза – зергерлердин таразасы. Алтын-күмүш жана башка асыл заттарды өлчөөчү буюм. Мыскал – «өтө такыр өлчөм», «өтө так ченем» деген түшүнүктү бе-

рет. Ал кадимки аптека таразасынан да кичинекей келет. Таасын зергерлер ага алтын, күмүш, себет, жез, коргошун, коло, мина, данакерлерди ж.б. граммдап, миллиграммдап, дециграммдап өтө кылдат тартып, алардын үлүштөрүн так өлчөп, төп пайдаланышат. Муну усталар күмүш тараза деп да аташат.

Түтүк – зергерлердин аспабы. Күмүштү «сиркелетүүдө» (сирке төгүүдө), майда тоголок күмүш жасоодо көмүр үйлөтүү үчүн кодонулат. Муну зергерлер металлдан, жезден, мистен, калайдан жасап алышат. Эгер жыгачтан (талдан, табылгыдан, шилбиден жана башкалардан) болсо, анын жарылып кетпеси үчүн сыртынан зымдан шакекче коёт. Үйлөө менен желдин басымын берүүчү бул түтүктүн аяк-башы бирдей келип, анын диаметри 15-20 мм болот.

Зергерчиликтин негизги жердиги

Жамбы – элдик зергерчиликте уютулган күмүш. Жамбы илгери соода-сатыкта ар түрдүү формада, ар кандай салмакта уютулуп, кадимки акча катары наркка өткөн. Ал тай туяк жамбы, бөйрөк жамбы, төө көз жамбы, уй көз жамбы, чүчпара жамбы, шаңшур жамбы деп көлөмүнө жана түспөлүнө карата бир нечеге бөлүнгөн. Жамбыны темир бетине жалатып, ага оюм түшүрүүдө гана баркы-наркы артылган. Илгери уютма тегерек, же табигый алтын-күмүш да жамбы делген. Жалаң жамбы урунууга анча нап бербей, бара-бара жешилип, жоюлуп жок болуп кетет. Ошондуктан, аны зергерлер «темирдин боёгу» дейт да, темир бетине жалатышып баасын көтөрүшөт.

«Алтын менен күмүштү
Зергер үчүн жараткан.
Аркар менен кулжаны
Мерген үчүн жараткан».

(макал)

Күмүш – алтындын бир түрү. Алтын сары алтын, кызыл алтын, мис алтын жана коло алтын деп ич ара бөлүнөт. Алардын ич ара сапаттары жана айырмалары бар. Ал турмуш-тиричиликте колдонула баштаганда гана билинет. Ошондой эле күмүштүн ич ара касиеттерин зергерлер туюшат. Анын ички сырларын билбей зер буюмдарын жасоо кыйын. Демек, жамбы азыр табылбайт. Ал таза күмүш уютуп актап алуу. Күмүштүн экинчиси – сомдук тыйындар. Аны «Николай тыйыны» дешчү. Ага бир сомдук тыйындар кирет. Күмүштүн үчүнчүсү он беш, жыйырма тыйындыктар. Бул да илгери боло турган. Күмүштүн төртүнчүсү, азыркы күмүштүн ордуна иштетилип жаткан – күмүштү алмаштыруучу жалтырак металлдар. Алар нейзильбер, мелхиор, дат чалбас жана башкалар.

Күмүштү жамбы кылыш үчүн бир сомдук күмүш тыйындыктарын көрүк үйлөтүп, күжүгө коёт. Өзүнүн идиш эриткич чөйчөгүнө бир эмес, үч курдай нашатыр, ак данакер кошуп эритет. Ошондо аралашмалары бөлүнүп чыгып, нашатыр менен ак данакер күмүштү актайт.

Аны уютуп алууда өз калыбына куят. Алардын көлөмүнө карата өзүнчө баасы бар. «Мынча уй, мынча кой, мынча жылкы, мынча эгин», – деп алардын баасы бычылат. Так ушундай акталган ак алтындан тиш салдырууга жарайт. Мисалы бир сомдук күмүштү эритип актаган чендe 50 пайызы нака күмүш. Калган аралашмасы ыпласка айланат. Ал эми 20-15 тыйындык күмүш деп айтылгандын наркка өткөнү бар. Аны акташ үчүн баарын чогултуп, мыскал таразасына салып, бир кадак кылып күжүгө коёт. Ага да нашатыр менен данакер салып үч курдай болжолун таап эритет. Ошондо ичиндеги аралашмасы өзүнчө бөлүнүп чыгат. Андан 25 пайыз гана ак алтын акталып алынат. Мына ошол жамбы күмүшкө айланат. Жамбы күмүштү тиштеп көрсөң жумшактыгы коргошундай эле болот. Өтө ийилчээк, чоюлчаак мындан эмне жасасаң ошонун баары-

на ийкемдүү келет. Эгер табынан кетирип койсо, мыкты болуп баратып эле бир алтынга, бир жезге, бир күмүшкө айланып отуруп, кийин сынма болуп калаары бышык.

Ошол тапта күмүштү эритүү чоктонуучу көмүрдүн табына байланышат. Анан көңүл бир жерде болушу зарыл. Зергерлер узанып жаткан учурда үстүнө адам киргизбейт, Күмүштү күйгүзүп жиберүү же ага чала оюм-чийим түшүрүү – ошол узанууда ой-пикириңди бөлүүдөн болот. Демек алтын-күмүш кармоо асеми өтө тыкыр келет. Мында зергер кыл көпүрөдөн өтүп турат...

Күмүштүн дарычылык касиети бар! Таза жамбы күмүштү таза сууга салып кайнатканда анын дарычылыгы чыгат. Мына ошону ичишибиз зарыл. Себеби, адамдын денесинде темирдин бардык түрлөрү бар. Ошолор түгөнгөндө адамзат картаят. Күмүштүн кан басымы үчүн да пайдасы бар. Ошон үчүн күмүш билерик, күмүш шакек, күмүш сөйкө түрлөрдү салынып тагынып жүрүшүбүз абзел.

Тинтүү да так ушул нака күмүштөн болот. Ал сынган сөөктөрдүн арасынан сыныктарды таап чыгат. Илгери усталар айткандай алтын «эркеги», күмүш «ургаачысы» экен.

Жез – зергерчиликтин жердиги, сары түспөлдөгү металл (латунду, сары жезди зергерлер даана жез, кызгылт сарыны «мис» дешет. Жез дегенде сары жезди түшүнөбүз). Ат жабдыктарынын бөлүктөрүнө (жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, үзөңгү, камчы), салттуу буюмдарга (ала бакан, жагдан, сандык), ашкана буюмдарына (чыны кап, көөкөр, көнөчөк, көнөк) жана башкалардын беттерине чаап шөкөттөөдө жез арбын колдонулат.

Сары жез – таза жез. Күмүштөй чоюлуп пайдаланууга ийкемдүү келет. Үзөңгүнү туюк куюуда да жез бирден-бир жердик катары тандалат. Илгерки самоор, чылапчын, чайнек сары жезден жасалган, аны эритип, уютуп алып, күмүштөй чайкоого (темирди жабуу) жана жалатууга да өтө

ийкемдүү келген. Жез бат эрийт, бат муздайт. Мисалы, бир тегерекче жасай турган болсок, сары жез чоюлуп сынбайт, коло сынып калат.

Чеберлердин үзөңгүнү такай сары жезден уютуп жасашы – таза жездин нарктуулугу. Муну эритүүнүн табын усталар билет. Алсак, «жез өзү эле эмне болуп жатканын шыбырап турат» дешет. Жез эрий баштаганда жашыл түтүн чыгат. Бул заттын чала эригенин билдирип турат. Ал даана эриген кезде анын үстү ак күлгө (карагайдын күлүнө) окшошот. Мына ошол тапта «чий көбүгүн» (үстүндөгү ыпласын) алат. Ошондон кийин кайра ак күл чыгат. Мына ошол боюнча ысык калыпка куят. Эгер калып муздак болсо, эритинди бытырадай чачырайт.

Сары жез азыр шартка байланыштуу күмүштү алмаштырууда. Ал өтүмдүү жана иштетүүгө ийкемдүү, ал салттуу, нарктуу алгылыктуу жердик.

Жез – күмүштүн шакели. Ал да сары жез, мала жез делинип экиге бөлүнөт. Азыр ал буюм-тайымдар жана техниканын тетиктери үчүн арбын колдонулат. Сары жез отко коюп, сууга салсаң кызыл мистей ойдогудай ийилип, иштетүүгө оңой. Жез күмүштөй жашыбайт, эрийт, чоюлат. Аздыр-көптүр анын касиетин сактайт. Бул «күмүштү кармоочулар жезди да так ошондой даражада кармоого болот», – деген ишенимди берет.

Акак (акак таш) – буюмдун жердиги. Элдик зергерчиликте буюм бетине чөгөрүү үчүн колдонулуучу ийне жалбырактуу жыгачтардын ташка айланып, ар кандай түстө кубулган (көбүнчө сары) чайыры. Бул баалуу зат кыз-келиндердин шакек, желбирөөч, бой тумар, сөйкө, билерик, чолпу (чач учтук, топу, эр кемерине, ат жабдыктарынын бөлүктөрүнө «тогуз төбөлөп» («куткуңдап»), кооздоодо колдонулат. «Кызыл шуру, ак бермет, Акак, каухар аралаш» (Н. Жетикашкаева).

Мис – зергерчиликтин жердиги. Кандим зергерлер жеке эле күмүштү эле эмес, анын ордуна колдонула турган түстүү темирлердин ички касиеттерин, өз ара айырмаларын айра тааный алышат.

Мис кызыл мис, мала мис деп экиге бөлүнөт. Мунун ичинен кызыл мис түзүгүрөөк көрүнөт. Ал мурун (Николай заманында) тигил-бул буюм-тайымдарда арбын колдонула турган. Ал эми мала миске жез кошулуп кеткени баамдалат. Кызыл мис – өзүнчө жаралган аралашмасыз мис. Буларды зергерчиликке иштетүүдө касиеттери бирдей билинет. Бирок кызыл мис кичине жумшагыраак көрүнөт. Кызыл мисти отко коюп, жашытып туруп, сууга малсаң кадимки кайыштай ийилет. Мала мис андай болбой, бир аз катуурак сезилет.

Данакер – буюмдардын бөлүктөрүн бири-бирине жабыштыруучу, ширетүүчү, бириктирүүчү зат. Ал бири-бирине окшобогон эки затты бириктирип аралаштырат. Аны бура дейбиз. Муну бүгүн дүкөндөрдө да сатат. Мисалы, жүз грамм таза күмүшкө элүү грамм жезди кошуп, чопо чөйчөккө салып эриткенде данакер ошол заттардагы кирлерди өзүнчө бөлүп чыгарат да, эки затты акактай тазалап, бирибирине бириктирет.

Коло – зергерчиликте буюмдун жердиги. Жездин, коргошундун, калайдын аралашмасынан пайда болуп, аны усталар колдонууга ийкемдүү келет. Негизи алтындын шакели болуп эсептелет.

Колонун эки түрү бар. Ал сары жана ак саргыл түстө көрүнөт да, бул жезге караганда тазараак, анча дат чалбайт. Мындан ат жабдыктарына, салттуу буюмдарга шөкөттөрдү, аялдардын кооз нускаларын жана идиш-аяктарды, салттуу буюмдарды, кишендерди ж.б. жасайт. Бул чоюлбайт, катуу, морт келет. Ошондуктан, ал айыл чарба, өнөр жай техникаларында аз колдонулат. Колодон үзөңгүнү бөлүп-бөлүп куюуга да болот. Коло жездей кепшер боло

албайт. Ал эми күмүштүн, жездин аралашмалары аркылуу башка буюмдарды карматууга жарайт.

Кепшер (кепшердөө) – чорт сынган темир буюмдарды карматуу. Усталар кепшер жасоодо бири-биринен айырмаланышат. Алсак, болжол менен күмүштөн эки эсе, ыроодон (цинктен) бир эсе, же анын ордуна жезден кошуп, өгөөлөп, аларды аралаштырып, уютуп алат. Аны пайдаланаарда четинен кетип, кайра өгөөлөп майдалап, ага ак данакерди (бураны) кошуп, оттун табына кармайт. Муну менен тең бөлүнгөн темир-тезектер жиксиз ширетилет. Металл башка жеринен чорт кетсе да, экинчи жолу ал жеринен түк сынган эмес.

Түстүү металлдарды кепшердөө – чоң өнөр. Сынган буюмдарды жиксиз кадоо зергерчиликте «тогуз төбөлөөдө», «сиркелетүү›› (бул үчкө бөлүнөт: таруулатуу, буурчактатуу, коноктотуу) өндүүлөр жалаң кепшер аркылуу жүзөгө ашат. Анткени менен күмүштөн башка түстүү металлдарды түрдүү ыкмада иштетүүдө күмүштүкүндөй жүздү бере алышпайт. Бирок, тигил-бул нускаларды кармоого болот.

Зер буюмдарын кармоонун ыкмалары

Согуу-сомдоо – зергерчиликтин бир ыкмасы. Бул – темир бетине ар кандай сөлөкөттөрдү түшүрүү. Ал бүгүнкү зергерлерге айрыкча мүнөздүү көрүнүш. Сомдоп-согуп, андан көркөм буюм жаратуу – жаңыча узануунун бир оңтойлуу үлгүсү. Мында оболу кагазга үлгүнү жасайт. Анан атайын жумшак топурактан алып, мунун тескери жагын гипске түшүрөт. Анын үстүнө берилүүчү түргө калай, жез, коло сыяктуулар коюлат да, аны жыгач балка менен акырын ургулап таптай берет. Аны «рельефтик сомдоо» дейт.

Сомдоп-согуунун экинчи түрүндө буюмдун көлөмдүк көрүнүшү бөлүк-бөлүктөрдөн турат да, ал кадимкидей каңдалат. Согуу-сомдоо ыкмасы аркылуу бүгүн коомдук жай-

лар, үй ичи кооздолууда. Ага ар кандай сүрөт түшүрүлөт, даректүү папкалар да ушундан жасалат. Муну мындан ары дагы кенен-кесир өркүндөтүү үчүн атайын окуу жайларында адис чыгаруучу бөлүмдөр жана туруктуу узануучу цехтер бар. Албетте, бул кыргыздын элдик зергерчилигине анча окшошо бербейт. Илгери айрым усталар чайнек, табак жасашкан. Казак-кыргызда муну согуу-сомдоо дегени менен орусча «чеканка» дейт.

Чапкылоо – элдик зергерчиликтин бир ыкмасы. Бул – бетине ар түркүн издерди түшүрүү аркылуу буюмду кооздоо, металл бетине оюм-чийим түшүрүү. Муну бүгүнкү зергерлер арбын пайдаланышат. Алар жез, мис, коло, дат чалбас, нейзильбер, мельхиор, калай өңдүү заттарды тандабай, бирдей даражада иштетүүлөрүнөн билинүүдө. Бул ыкма менен зергерлердин өз колунан жасап алган аспап-чапкылары болот. Алардын көп түрү бар. Аны бири-бирине чаташтырбай, темир бетине даана чаба билүүсү менен буюмдарга кайталангыс кооздук берилет.

Ар бир аспапты жасоодо зергер өзүнүн жекече «кыял оюмдарын» негиз кылып алат. Демек, айыш чапкы деген ошол зер буюмга «жээк» салат.

Оюм-чийимдин кичине-чоңуна карата ат туяк, тай туяк деген чапкылар колдонулат. Учун беш кыр кылып чыгарган кичине-чоң мыктан жасаган «жылдызча» өңдүү чапкы буюмдун түрлөрүн асемдүү кылат. Чаар чапкы оюм-чийимдин тегерегине көп чекит түшүрөт. Чуңкур такта, тоок көз андан да майда чымчык көз өңдүү чапкылардын өзүлөрүнүн өз алдынча, бири-бирин кайталагыс кооздук берүүчү бөтөнчөлүктөрү бар. Зергердин кара чапкы дегени чилдеде кымкарлап жааган кардын кандайдыр жылдыз кейиптенип кеткенин элестетет. Кайчы кулак, кыял ачаке чапкыларынын түшүргөн кооздуктары адамды суктантат. Чеберлерде үч бурчтук менен ар кандай түр бере турган

аспаптардан он чактысы болот. Кээде бир эле буюмга бул чапкылардын баарын жаземдебей колдонууга туура келет.

Өгөөлөө – зергерчиликте узануунун бир түрү. Аялдардын зер буюмдарын, ат жабдыктарынын шөкөттөрүн жасоодо кургак усталардын бир ыкмасы. Бул – күмүштү, жезди, мисти, кесүү, төптөө, оюм-чийим түшүрүү аркылуу жасалуучу шөкөттөрдү ийине келтирүү. Мындай форманы кармоодо устага жердик эмнеге шартталганы өзүнөн эле билинип турат. Жука темирден өзүнчө, калың темирден өзүнчө форма чыгаруу устанын жекече чеберчилигине, узануу аракетине байланышат.

Ар бир устанын ички узануу абийири жана чыгармачылык адеби болушу зарыл. Өгөөлөө ыкмасында жука темир анча нарктуу көрүнбөйт. «Чөөгүндөн жасап коюптур», «Тигинисин самоордон таптаптыр» – деп, эл өзү айгак болот. Сапатсыз болот да, кардарлар албай коёт. Усталар мында азем буюмдардын шөкөттөрүнүн формаларын ар кандай келтиришет. Кургак усталар көөрүккө үйлөтүп, эритип куюп алууга караганда калыбына коюп уруп алууну жеңилдей көрүшөт. Мисалы чеберлер үчүн калыңдыгы 2 мм жез чоң табылга болуп эсептелет. Мында шөкөттөрдүн көркөмдүгү – четтериндеги тиш-тиш түр берүүсү.

Зергерлер «сүзмө», «купа», «тогоо» өңдүү негизги шөкөттөрдөн сырткары кошумча формада элдик «мүйүз», «карга тырмак», «кыял» оюмдарынын элементтери көрүнгөн шөкөттөр кайыш бетине чабылат да, ал жышыраак сезилет. Ал эми куюшкандын солондорлору жазыраак көрүнөт да, шөкөттүн ичинен шөкөт чыгып, андан «көзөнөк чыгаруу» аркылуу көркөмдүк пайда болот.

Жалпы алганда өгөөлөө ыкмасы аркылуу кармалган ат жабдыктары жана азем үлгүлөрү шаан-шөкөттөр үчүн кеңири пайдаланылат. Мында илгерки көчмөн турмушта узанылган каркыралуу көч баштаган кыз-келиндердин жасалгасы жана ат жасалгаларынын мүнөздүү белгилери сак-

талат. Муну биз зер буюмдарынын бардык шөкөттөрүнөн да көрүп турабыз.

Күмүш жалатуу (ширетүү) – зергерчиликтин бир ыкмасы. Бул – күмүштү иштетүүнүн жөнөкөй, бирок, негизги түрү. Адегенде күмүштү жашытуу зарыл. Бул үчүн зергерлер күмүштү темир бетине чабуудан мурун аны отко кармап, улам тап менен жашытып, үлбүрчөктөй жукартышат. Ансыз ал талаптагыдай чыңалбайт. Зергерлер өзүлөрү мыктылап жасап, ширетип алган албарстай өткүр балкасы менен кара темирге кыйма-чийме торчо сызык түшүрөт. Ага үлбүрчөктөй чыңалган күмүштү аяр кармап келип жалатат да, балка менен акырын таптайт. Муну күлдүү чүпөрөк же кийиз менен мизилдете сүрткөндө асыл зат өңүнө чыгып, көз уялта жалтылдап, кадимкидей даана күмүш буюм болуп калат.

Мурун ат жабдыктарынын бөлүктөрүн: жүгөндү, көмөлдүрүктү, басмайылды, куюшканды, үзөңгүнү, көңдү, жыгачты, мүйүздү жана башка буюмдарды шөкөттөөдө темирди торчолоп, ага күмүш жалатуу ыкмасы укмуштай өнүккөн.

Демек, кооздук түшүрүү – бул аялдар себине, ат жабдыктарына, салттуу жана асем буюмдарына темир чөгөрүү, ага күмүш жалатуу жана анын бетине көркөм оюм-чийим түшүрүү. Бул зергерчиликте сынпостоо, чегелөө, шөкөттөө деп аталат.

Кара темирден шөкөт куюунун ар кандай көркөм калыптары бар. Темирди көөрүктө эритет да, өзүнүн калыбына куят. Суугандан кийин аны кайыш бетине чабат. Эми накта күмүштү зым кылып чоёт. Улам майда тешикчеден өткөрүп отуруп, зымдын ичкелиги аттын туу куйругундай болгондо албарстай курч балкасы менен кайыш бетине чабылган куйма темирдин бетин торчолоп, күмүш зымды жаткырат да кичинекей бетине өзүнчө оюм түшүрүлгөн күмүш зымдар жалатылат.

Айрым усталар ушундай ыкмада кыз-келиндердин асем нускаларын, салттуу эмеректерин, ашкана буюмдарын шөкөттөшөт.

Себет – оюм-чийимге төгө турган сыя, зер боёгу. Адатта, илгери темирге жалатылган күмүш бетиндеги оюм-чийимге мөөр түшүрүү ыкмасы кеңири таралган. Аны жалпысынан «себет» деп да айтат.

Айлакер зергерлер күмүш буюмунун түбөлүк өчпөй, кооз көрүнүп калышы үчүн жекече чеберликтери менен «боёкту» («сыяны») өз колдорунан чыгарышат. Аны жамап алуунун ар кандай түрлөрү бар. Мунун ички сырын, кандай касиетке ээ экендигин кээ бир гана чебердин өзү билет. Ошондуктан, ал ыкмалар бири-бирине окшошпойт.

Кызыл жездин, күкүрттүн, коргошундун жана таза күмүштүн кошундусун мыскал таразага так таратат да, бул заттардын бирин көбүрөөк өлчөмдө алат. Алардын баарын аябай аралаштырып, тышы темир, ичи чопо чөйчөккө «эриткичке» салып балкыта эритип, кызыл чок болгон жыгач көмүр менен аралаштырат. Эритме бышкан чакта кара баркыттай жылт-жулт кулпунуп калат. Аны таза темирге куйганда, ал дароо эле колдоюп сууйт. Андан кийин майдалап талкалап, кичине чөйчөкчөгө салат да, ак данакерди кошот. Оюм-чийим түшкөн жайга калакча менен кылдат салып, оттун табына кармаганда ошол чуңкурга толот. Муну абдан кургатып, өгөөлөп койгондо, кол менен даана тарткандай күмүштүн көркөм оюму пайда болот.

Мындай «сыя төгүү» («себеттөө») менен түшкөн тигил же бул күмүш бетине берилген элдик оюмдарды көпчүлүк жерлерде «зооткер» (зоот түшүрүү) деп аташат. Натыйжада ал күмүштүн негизги «саймасы» болуп эсептелет.

Элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелеринде узанып жаткан зергерлер антип көркөм оюмдун четин карартуу үчүн шпосульфиттин эритиндисине күкүрт кислотасынан

кичине кошот. Күмүш буюмду ага салып, болжолдоп кайнатат.

Же болбосо чөйчөкчө кылып кургатып алган чопого миздин (кызыл жез), жездин (сары жез) өз өлчөмүн мыскал таразага тартып алып кайнатат. Бул эки затты бириктирип, эритиш үчүн ага коргошунду кошот. Зергер кайнатып жатканда улам күкүрт кошуп аралаштырып турат. Кайноосу жеткенде ал суюктук жалтылдап калат, ошондо гана аны чыгарып алуу керек. Чыгарар замат жука темирге куюп, катырып алат да, күлбото кылып талкалайт.

Албетте, айрым зергерлер минтип жасалган себетке суу кошуп эзип, аны металл бетине түшкөн көркөм оюмчийимге калакча менен абайлап куюп, кайра отко кармаганда себет агарып ысып чыгат. Аны чычырканактын көмүрүнө көмөт да, алаа көөрүгү менен жай басат. Демек, мында буюм жалпы карайып калат. Зергер «себет» жабылган буюмду өгөөлөгөндө күмүш оюму даана көрүнөт. Чебер ал оюмга дагы жандама чийим түшүрөт.

Коргошун, күкүрт, күмүш – үчөөнүн кошмосунун өлчөмүн таразага тартып, бири-биринен ашык-кем өлчөп, аларды үч-төрт курдай кайра эритип, кайра майдалап, кайра эритип, кайра майдалап алат. Албетте, «сыяны» алтын-күмүш гана кабыл алат. Мындай көрүнүш асыл заттардын касиетин билгизип турат. Минтип мөөр түшүрүү «сыянын» («себеттин») бөтөнчөлүктөрүн көргөзөт.

«Себетти» күмүш бетине түшүрүү үчүн зергер адегенде берилүүчү оюмду чийип, аны аябай жалтылдата тазалайт. Ношотур порошокту сууга эзип, ага күл-майда «сыяны» кошуп, буламыктай суюктукта жууруп, аябай аралаштырат. Аны өзүнүн калакчасы менен оюм-чийимдин үстүнө этиет жаткызат. Аны отко коюп ысытканда мөлтүлдөп эрип чыгат.

Эгер оттун табына өткөрө кармап койсо, себеттин сапаты начарлап, түшкөн мөөр узакка сакталбайт. Түшкөн

«сыя» суугандан кийин өгөө менен тазаланат. Аны жылтыратып, өңүнө чыгаруу үчүн бүгүнкү чеберлердин өзүнчө механизми бар. Алар азем үлгүлөрүндө көбүнчө «ай», «жарым ай», «шөкүлө» сыяктуу түспөлдү көбүрөөк колдонуп келе жатышат. Аларга шуру, маржан чачыктарын чыгарат. Мындан майда гүл өңдүү калакчалар пайда болот. Арийне, мындан зергердин устакерчилик өз жүзү, чыгармачылык бөтөнчүлүктөрү келип чыгат.

«Сыя төгүү» (зоот, мөөр түшүрүү, себет төгүү) – элдик зергерчиликте күмүштү иштетүүнүн негизги ыкмасы. Күмүш бетине көркөм оюм-чийимдерди берүү менен көркөмдөө. Мында ага из түшүрүп алуучу ийне шибегени колдонушат. Андан соң анын сыртына зергерлер дапдаана оюм кылуучу сабы жумуру жыгачтан 2 смдей учу бар чийим шибегени ойгучту пайдаланышат. Эми көркөм оюм түшкөн жерге «себетти» (боёкту) калакча менен салып, оттун табына этият кармайт. Ошондо чуңкурча толот. Муну кургатып туруп, өгөөлөп койсо, кол менен тарткандай кооздук түшөт. Мөөр шакек, мөөр топчу, мөөр билерик деген сөз мына ушундан калган.

Жогоруда айткандай, минтип «сыя төгүү» («себет төгүү») менен зер буюмдарына түшкөн тигил же бул элдик көркөм оюмду Ат-Башы, Нарын тарапта «зооткер» деп айтат. Албетте, бул күмүштүн негизги «саймасы» болуп саналат. Ошондуктан «зооткер», «мөөр», «сыя төгүү», «себет төгүү», «зоот жасоо» деген терминдердин түпкү түшүнүгү бирдей болуп саналат. Мындай ыкманы атактуу зергерлер ойдогудай пайдаланышкан.

Мина коюу – асем буюмдарды кооздоонун бир ыкмасы. Ал «күмүшкө мина төгүү» деп да аталат. Мында күмүш бетине түшкөн чийимге минаны мыскылдап салып, отко коёт. Мина мөлтүлдөп чийимдин ичине толот. Аны кургак чүпүрөк же кийиз менен сүртсө, көркөм оюм жаркырай

түшөт. Минтип күмүш буюмдарды асемдөө эски зергерлердин салты болгон.

Мина боёгу түрдүү түстө болот. Бул бөтөлкө сымал көрүнөт. «Кызыл мина», «сары мина», «көк мина», «жашыл мина», – деп айтылат.

Мина төгүү – «сыялоонун» бир түрү. Аны зер буюмдарына колдонууда абдан күлмайдалап, же сууга чылап, кадимки сыядай кылып алат. Демек, күмүш бетине түшкөн оюм-чийимди минтип «сыялоону» «мина төгүү» же «мина коюу» деп да айтат. Муну менен ат жабдыктарын, асем буюмдарын кооздоого көбүрөөк көңүл бурулган.

Торчолоо (тордоо) – чыйратылган күмүш зымды азем нускалоо. Бул – зергерчиликтин бир ыкмасы. Мында зым түрдүү жоондукта чыйратылат, зым улам ичкертилип, чыйратылган сайын чеберчилик да артыла берет. Илгерки зергердин зым тарткычтарынан айырмаланып, бирок, ага окшоштуруп, заводдон атайын жасалган өзүнчө аспап да бар. Демек, анын отуз беш тешигинен (эң ичкеси 0,3 мм, эң жоону 0,6 мм) улам өткөн сайын зымды отко кызытып алуу керек. Ансыз ал үзүлүп кетет. Ал эми зымды чыйратууда аны атайын түрдө жана эше турган тигүү машинасынын туткасы сымал айлантууга эптүү дүкөнү болот. Муну зергер буюмдун формасына жана колдонулушуна карата кынаптап, түрдүү «оюм-чийимдеп», данакерлейт.

«Тогуз төбөлөө» (асыл таш, айнек чөгөрүү) – асем буюмдарды жасоодогу элдик зергерчиликтин бир ыкмасы. Аны зер буюмдардын бардык түрүнө колдонууга болот.

Акакты, айнекти, зумурутту кадимкидей буюм бетине чөгөрүүнүн эки ыкмасы пайдаланылат. Биринчиси: мисалы, билериктик күмүштүн үстүн оюп, кызыл жалын кылып эритип, айнекти ага куят. Аны зергерлер көп колдонууда. Күмүштөн ага «жатак» кылып алдырат да, күмүш менен данакерди аралаштырып, билерлик үстүнө коёт. Каухар, жакут, акак таштардан чөгөрүлгөн сөйкө, билерик, чач уч-

тук, чолпу, күбөк, желбирөөч, шакектердин беттери жалатылып, өзүнчө асемдүү көрүнөт.

Минтип асыл таштар менен «тогуз төбөлөө» ат жабдыктарына да мыкты көркөмдүк тартуулайт. Күмүшкө акак, айнек жана башка асыл таштар чөгөрүлгөн нускалар жаш өзгөчөлүгү боюнча келин-кыздарга көрк берет.

Сиркелетүү (сирке төгүү) – элдик зергерчиликте буюмду кооздоонун бир ыкмасы. Мында зергер күмүш зымды үшкүгө ченеп кесет. Жыгач көмүрдүн бетин кестик менен этиет жонуп, тегиздеп, үшкүлүү шибеге (учу тоголок) менен жалпак көмүрдүн бетин сыйда оюп, аны кыдырата коёт. Үшкүгө ченеп кесип алынган майда күмүштү көмүрдүн чуңкурчаларына чымчуур менен салып, анын үстүнө жалпак көмүрдү жабат, эриген күмүш жашыл түскө келгенде үстүндөгү жаап турган көмүрдү шилеп, күмүштү жалпак темирдин үстүнө төккөндө топтоголок «кызыл таруулар» мөлт эте түшөт. Ошентип, күмүштөн майда «сиркелер» (таруулар) пайда болот.

Куткундап чыгарган буюмдардын оюмуна майда күмүштү данакерге малып тизип чыгат да, аны көмүр табына коёт. Күмүш күйүп кетпесин үчүн тутанган чокту жез түтүкчө менен үйлөйт. Ошондо күмүшкө аралашкан данакер жалтырап эрип, чыбырчыктаган «таруудай күмүштү» чап кармайт. Кыз-келиндердин кооз буюмдары: билерик, сөйкө, шакек, желбирөөч, оймок, топчу жана башкаларга мына ушундай ыкма арбын колдонулат.

Мисалы, мельхиорду же жезди бир өлчөмдө кесип, аны «бурага» сугарып, кадимки бышкан кыштын үстүнө коюп, белгилүү жылуулуктагы (температурадагы) жалында эриткенде ал топтоголок болуп калат. Тоголокторунун өлчөмү ар башка болушу ыктымал. Анткени, мында буюмдун көлөмүнө жана мүнөздүү белгилерине карата ага берилүүчү «сиркелетүүчү» кооздук аныкталат. Ал канча майда болсо, буюмга түшкөн үлгүнүн ажары ошончолук ачылып, зер-

дик касиети жүзүн кубултуп, зергердин чеберчилиги артыла берет.

Сиркелетүү – өтө тыкыр ыкма. Мөлт эткен таруудай «сымаптар» көзгө ойноктоп турат. Мындай иш зерикпеген зергерлердин колунан гана келет. Ошентип, майда тоголокторду (сиркелер) жасалып жаткан буюмга ширеткенде аны кайрадан бурага чылап, от коюп, анан данакер тийгизет. Ошондо данакер эрип, тоголокту чап кармап калат.

Чөгөрүү – күмүшкө асыл ташты орнотуу (жатак алдыруу). Буюмга акак таш, айнек чөгөрүүнүн бир топ ыкмасын колдонобуз. Мында күмүштү буюм формасына келтирип, ортосун оюп, ага ташты жатак алдырат. Экинчиден, таштыбы, айнектиби жатак кылып, күмүш менен данакерди аралаштырып, буюм үстүнө ширетип коёт.

Күмүшкө айнек, асыл таш чөгөрүү салты менен узанылган асем буюмдарды урунуу, албетте, жаштарга таандык. Ал эми «сыя төгүү» – себеттөө улгайгандар урунуучу буюмдар болуп саналат.

Калып (куйма калып) – металл буюмдарынын үлгүсү, кеп. Ар бир устанын өзүнчө куйма калыбы болот. Элдик зергерчиликте бул буюм-тайымдарды көркөмдөөнүн өзүнчө бир ыкмасы. Тактап айтканда, ал эритилген затты (күмүштү, колону, мизди, жезди) куюучу жатак. Чопо (чопо топурак) бозомук, кызыл, минералдык зат. Тоң районунун Кажы-Сай аймагында «Чопо-Булак» деген жерге усталар атайын барышып, чопо топуракты казып алышкан, чопо сымал топуракты күлмайдалап, торко электен өткөрөт. Ага жүндү, тыбытты жана кылтакты кошуп, аябай ийлейт. Ийлөөсү жеткенде аны чөйчөкчө кылып кургатат. Ал идишке зергерлер жердикти эритишип, ага каалагандай оюм-чийимди түшүрүп алышкан.

Эми эритиндини калыпка куюу үчүн эритилүүчү затты эритүүчү чөйчөкчөгө салып, тапка кармаганда ал бат эле көлкүлдөп эрип, көк жашыл түскө келет. Көк жашыл

түскө келген күмүштүн, жездин үстүнө ак данакерди себет. Сепкенде эритинди бир аздан кийин кара күрөң түскө айланат. Мында бөлүнүп чыккан кирлер анын үстүнө калкып чыгат. Эритиндинин температурасы өзгөрүлө электе калыпка тез куюу зарыл. Антпесе калыптын ичинде аба бошугу түзүлүп, чуңкурчалар пайда болот да куюлуучу көркөмдүк сыйда түшпөйт. Эритиндинин үстүндөгү ыплас калдык чөйчөктүн бетине жабышып калат.

Зер буюмдар

Шакек – колдун манжаларына салынуучу зер буюму. Анын жердиги көп заттардан болот. Алсак, күмүш шакек, алтын шакек, мүйүз шакек, жез шакек деп айтылат. Жасалуу ыкмасы боюнча көздүү (асыл таш чөгөрүлгөн шакек), тамандуу шакек, мөөр шакек, оюм-чийим түшкөнүнө карата кырдуу шакек, жөнөкөй шакек болот.

Буга узанууда уюткан таза күмүштү алып, аны көөрүктө эритет. Балка менен чоюп, жукартып иет, сомдоп шакек түспөлүнө келтирет. Эгер анын эки башын туюктаса, анда күмүш менен ширетет. Андан кийин зергер атайын чийим шибегеси аркылуу оюм келтирет да, буга кооздук берүүдө зергерчиликтин бардык ыкмаларын колдонот.

Бул зер буюмунун таманын кооздоодо «айчык», «мүйүз», «кыял», «жарым кыял», «ит куйрук», «бармак боочу» өндүү оюм менен көчөттөрдү түшүрөт.

Эгерде ал «чапкылоо» ыкмасы аркылуу жасалса, көбүнчө «жылдызча», «кымкар» сыяктуу чапкы көчөттөрүн ромб, кайчылашкан «тоок көз» өндөнтүп оюм элементтерин таасын берүү мүнөздүү. «Из түшүрүлгөн» ал көчөттөр «сыя төгүүгө» өтө окшош келет. Илгери ар түрдүү асыл таш, айнек, пластмасса, чайыр өндүү чөгөрүлгөн шакектерди зергерлер көп жасай турган.

Беш манжанын муунагы сайын күмүш шакектер жаркылдап, буюм зергердин көз таразасынан өткөн.

Мында зергерлер уютулган таза күмүштү алып, аны көөрүккө аяр эритүү керек. Күмүштү күйгүзбөй, тапка этиет кармайт. Жашык күмүш балка менен оңой эле чабылат. Жукартып ийип, сомдоп, шакек түспөлүнө келтирип, андан соң атайын чийим шибегеси менен оюм-чийим түшүрүлөт. Ага «сыялоо ыкмасын» берет.

Айрым зергерлердин шакеги 1 мм эки жаадан турат. Буга чыйратылган зымдан көркөмдүк түшүрүлөт да, анын ачык калган ортолору чыбырчыктата «сирке төгүлөт». Ал сокмо-шакек деп аталат. Ошентип, шакектер «чапкылоо», «сыя төгүү», «таруулатуу», «тогуз төбөлөө», «ийүү» ыкмалары менен жасалат.

Кооз шакектин бири «жетисай» болот. Мурунку түшүнүктө күмүш шакектин бир түрү. Тактап айтканда, шакек кармоодо зергер өзүнчө темирден бир нече сайдан (сызыктан) турган форма (калып) жасап алат. Ал «беш сай» деп да айтылышы ыктымал. Демек, шакек болуучу күмүш, жез (сары жез), мис (кызыл жез), коло, нейзильбер, мельхиор, дат чалбас ж.б.у.с түстүү металлдарды ошого коюп, сомдоп-согуп алууга болот.

Оймок – узчулук куралы. Сөөмөйгө (кээде ортонго) салынып, учуктуу ийнени же теменени жердикке өткөрүүгө шартталган. Оймок көбүнчө металлдан (темир, жез, күмүш) жана мүйүздөн жасалат. Буюм негизинен таман жана жаактан турат. Жасалышына карата «туюк оймок» деп аталат. Буга түрдүү жип менен кооз боо чалынып, учу чачыланып, тигүүчүнүн сөөмөйүнө, кээде ортонуна (манжасына), аты жогуна илинет. Элдик усталар оймокту көбүнчө жезден кооздоп жасашкан. Бизде атактуу узду «жез оймокчон» дейт. «Оймогу кызыл мис болгон, Ойлогону иш болгон» (Калык), «Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачынын мыктысы» (Эр Төштүк) деп даңазаланат.

Төөнөгүч – кыз-келиндердин төшкө тагылуучу азем буюму. Төөнөгүч ар кандай формада жасалат. Ага зергер-

чиликтин ыкмаларынын бардык түрлөрүн пайдаланууга болот. Бүгүнкү зергерлерге мүнөздүү узанууда мындай бир ыкма бар. Алгач төөнөгүчтү күмүш зымдан жөнөкөй эшип, чыйрак чыйратып, дөшүгө салып, балка менен жалпайтат. Анын эки түрү бар. Төөнөгүчтүн ортосуна ар түрдүү асыл таштар, айнек, пластмасса сымал жалтырак заттар коюлат. Ошол таштардын айланасына (тегерегине) курчалуучу күмүш зымды белгилүү өлчөмгө чейин жукартат. Мунун жукартуусу, биринчиден, эки эсе жоон болушу керек. Ага элдик көркөм күмүш оюмду түшүрүү үчүн күмүш зымдарды атайын отко жашытат. Анан кертип-кертип бөлүп, тегерек ооз кыпчуур менен формага келтирет. Ошентип, төөнөгүчтүн бардык бөлүктөрү даяр болгондон кийин, алардын ар бири кайрадан күмүш менен ширетилип, чөгөрүлгөн айнектин тегерегине «сирке» төгүлөт. Күмүштү күмүш менен ширетүү үчүн ак данакер колдонулат.

Күмүштү эшүү ыкмасындай эле күмүштү кертүү-ийүү аркылуу да төөнөгүч жасоого болот. Мындай аземдүү буюмдарды жасоодо зергерлер мельхиорду да пайдаланат. Анда чыйратылган зымды кайрадан эшип туруп, көз салгандай кылат. Ал өзүнчө формада жүрөкчө болуп ширетилет да, анан түрдүү асыл таш, айнек чөгөрүлөт.

Анда жүрөкчөнүн үч жагына тең «сирке» төгүлөт.

Төөнөгүчтү бүчүлүк деп да атайт. Буга узануунун негизги ыкмалары топчу, билерик желбирөөч сыяктууларга абдан окшошот да, тегерек темирдин четтерин күн карама кейиптентип кесип алып, ага күмүш жалатат. Анын ичинен өзүнчө из түшүрүүчү жээк чыгарып, мунун төөнөөчү «олоң тили» чок ортосунда болот. Калган тараптары кадимкидей «себет төгүү» – «зооткер» түшүрүү аркылуу кооздолот. Ага түшкөн көркөм көчөттөр «кочкор мүйүз», «жарым бадам» жана кудум туш кийиз сайма көчөттөрүнө окшошот.

Тептегерек көмкөрүлгөн күмүш топчу түспөлүндө төөнөгүч да жасалат. Мунун төөнөй турган олоң тили ичинен бекийт да, жалаң чапкынын ар кандай түрлөрүн алып, чапкылоо ыкмасы аркылуу түшүрүлүүчү издер «кыял» оюмуна окшошуп, төөнөгүч кооз көрүнөт.

Желбирөөч – моюнга тагынуучу зер буюм (чачык сыяктуу желбиреп, ушундан улам желбирөөч деп аталат). Бул – сөйкөнүн бир түрү. Сөйкөнүн желбирөөчтөрү деп да аталат. Демек, асем буюмдардын эң негиздүүсү. Мыкты шөкөттөлгөн желбирөөчтүн кадимки сөйкөнүкүндөй илмегинде эки канаты болот да, анын бетине кооз асыл таштар чөгөрүлүп, эки учу күмүш чынжыр зымдар менен курчалат. Ошондой эле торчолонгон бир нече сеңселген тал-тал чачылары төгүлүп турат. Ага жумуру сүйрү жука темир илинип, анын сырты ичке эшилген күмүш зымдар менен жиксиз торчолоно кыналат. Мында да жогорудагыдай эле кайрадан күмүш чынжыр менен курчалып, анын араларына шуру тизилет. Андан төмөн учтарына сүйрүлөнгөн жука күмүш кулакчандар түйүлүп турат. Мына ушундай аземделип бүткөн желбирөөчтүн эки канатынын ортосунда да төрт бурчтуу, үч бурчтуу, же жүрөкчө формасындагы зер жасалгасы ошол эки канаттан чынжырланган күмүш зымдар аркылуу биригет.

Мында күмүш бетине из түшүрүүгө, акак таш, айнек өндүрүүлөрдү чөгөрүүгө да болот. Ага «кыял», «жарым кыял», «мүйүз», «айчык», «карга тырмак» сыяктуу оюмдун өз ара ыргактуу элементтеринен турган кооздуктар кылдат түшөт.

Ошентип, желбирөөч ар кандай формада жасалып келген. Анын көйнөктүн сыртынан моюнга тага турган, чаканыраак, башкалардан айырмаланган формалары да бар. Мындай буюмда чыны шуру басымдуулук кылып, жүзүн ачат. Тал-тал бөлүнгөн бул шурулардын араларын бөлүп, беттери өтө майда жылбырчыктата «чегеленген», «сирке-

летилген» жана «тогуз төбөлөнгөн» кооздуктар менен тутумдашат. Кызыл шуру менен зер биринин кооздугун бири толуктайт. Күйөөгө аттанып бара жаткан кызды ого бетер кулпунтат.

Буга катар бой тумардын бүтүндөй бөлүктөрү түшөт. Анда тиш чукуур, искек өндүүлөрү болот.

Сөйкө (сырга) – кыз-келиндеribиздин кулакка тага турган зер буюму.

Анын кулакка илүүчү иймеги, ичке моюну жана сүйрү, тегерек, жумуру, жүрөкчөлөнгөн тоголок сыяктуу түрдүү формада алаканы (солондору) болот. Сөйкө зергерчиликтин «сыялоо», «сирке төгүү», «тогуз тебелөө», «чапкылоо», «тордоо», «эшүү», «сомдоо» өндүү негизги ыкмалары аркылуу жүзөгө ашат.

Сөйкөнүн бир түрү иймек деп аталат. Ал жаштарга ылайыкталып, күмүш зымдан иймекей формада жөнөкөйүрөөк ийилип жасалып, кулактан өткөрүлөт. Ал иймекейден кийин күбөк өткөрүүгө болот. Тоголок томпоктуу кылып ага «себетти» калыңыраак төккөн сөйкө сүйрү да, тегерек да, жүрөкчө кейипте да көрүнөт.

Из түшүрүлүп кармалган сөйкө жука келет. Атайын калыпка салынган сөйкө томпок көрүнүп, ортосу жазыраак болуп, ага өзүнчө кооздук түшөт да, анын аяк-башы бирдей көрүнөт.

«Чапкылоо» ыкмасы аркылуу бүткөн сөйкөлөр ичке, узун келип, ага түшүрүүчү түр «тап бердирме» (чөп башыланып, кооздук жөнөкөй түшүп, сейрек из түшүрүлөт) гана болот. Мына ушундай формадагы сөйкөнүн түшкүнүн бир аз жазыраак кылып, анын бетине, чеке-белине «сирке төгүлөт».

Желбирөөч, сөйкө, бой тумар, шакек, билерик, топчу, кыргак, чолпу күйөөгө аттануучу кыздын зер буюмдарынын жалпы бир бүтүмүн түзөт да, алар кыз себинин ичине кирет.

Зергер бир эле сөйкө желбирөөчкө узанууда элдик зергерчиликтин («сыя төгүү», «сиркелетүү», «тогуз төбөлөтүү», «тордоо», «эшүү», «чыйратуу») кылдат ыкмаларын бүтүндөй колдонот.

Сөйкө желбирөөчтүн бир нече түрү кездешет. Сөйкө катары кулакка тагылуучу чакан сөйкө желбирөөчтүн иймеги берки сөйкөлөрдөй келип, дайыма кулакка тагылат. Ал эми желбирөөч жалаң асыл жердиктен көлөмдүү жасалып, көп машакаттар менен бүтүп, салмактуу келгенгендиктен төшкө тагылып, моюнга илинет.

Сөйкө желбирөөч – жалпы алганда конус формасындагы зым торчолору бар эки кулакка тагыла турган чачыктай төгүлгөн кош шөкөт. Мунун иймеги күмүштөн тандалат. Мында майда чыйратылган күмүш зымчалар иймектин алдындагы конус (тегерек сүйрү) темирдин сыртынан кылдат оролот. Анан анын этегине майда чыны шурулар, көз мончоктор, асыл таштар жана түрдүү түстөгү айнектер кылдат «тогуз төбөлөнүп» куткундалат. Зым торчолору төмөнкү түшкүнүн көздөй ортолору учуна чейин жыш мончоктолуп шуруланып, зерчеленет.

Албетте, желбирөөчкө мына ушундай узануу үлгүлөрү айыл ичинде жолугат. Этнографиялык жана тарыхый музейлерден алардын сакталып турганын көрөбүз.

Желбирөөчтө зым торчолордун кооздукту жаратуу ролу зор.

Муну элдик зергерчиликте «тордоо», «эшүү» деп атайт. Кыздын төшүн жаркылдата турган анын эки канатынын көрүнүктүү жерине «тумарча» жасалат. Анын торчолонгон жана эшилген күмүш зымдары тумарчадан төрт бурчтук болуп чыгып турат. Желбирөөч учтары сөйкө желбирөөчтөн калакча өндөнгөн майда-майда зер аркылуу сеңселе төкмө чачыланат. Мында буюмду «тумарча», «төрт бурчтук» бөлүмүнө түшкөн оюмга «сыя төгүүгө», жөн гана

«сирке төгүп» (тарууланып), «көз мончоктотуп» таштоого да мүмкүн.

Сөйкөнү айчык кейиптентип, майда зымчаларды коюп, же эшип, зергерлер ага кол жеткистей түр-көчөт түшүрүп, алардын арасына бермет коюп, кооздоп да келишкен. Мунун өтө көркөмдөлгөн бир түрү желбирөөчкө өтө окшошот. Элибизде «кулагына сырга болсун» деген сөз бар. Бул туруктуулукту, сөздү тыңдай, талдай билүүчүлүк, сөздү тута билүү касиеттерин символдоштурат.

Албетте, илгертеден эле кызга сөйкө салуу каадасы болуп келген. Сөйкө салды каадасы өтөлгөн соң күйөө бала колуктуга келип, жолугууга, сүйлөшүүгө укугу болгон. Бул үйлөнүп калды деген сөз эмес. Кыз-күйөө жүз көрүшсүн, бир аз жытыгышсын, той камына жетиштүү убакыт болсун деген ой.

Сөйкө салуу, демек, тааныштыруу каадасын өнүктүрүү. Жаңы мазмун кошсо азыркы күндөгү ника кагазын жазуу алдындагы ойлонууга берилген убакыт сыяктуу, жакшы жышана.

Чолпу (чачучтук, учтук) – зер буюму, кыз-келиндерибизге таандык көрүнүктүү септердин бири. Буга узануунун ар кандай жолдору бар. Алардын бири, буюмдун тегерек табакчаларынын ортосунан бир табакча чыгарылып, тегерек-четтери күмүш зымчалар менен торчолонот. Анын бети «сыялоо» («сыя төгүү») же «чапкылоо» («из түшүрүү») аркылуу буюм түшүрүлөт.

Же болбосо асыл таштарды чөгөрүү үчүн анда өзүнчө жатак жасалат. Үч канат чолпунун ортолугу «жүрөкчө», «тумарча» жана «төрт бурчтуу» болуп, мындай кооздук берүү – зергерчиликте жеринен салттуу көрүнүш. Чолпунун ар бир табакчасына кандай көркөм оюмду ыроолош – ал зергердин жекече чеберчилигине байланышат.

Аялдардын бул асем буюмунун көркөмдүгүн андан да жакшыртуу үчүн мында түрдүү түстөгү суу мончокторду

жана шуруларды тизүү керек. Ал күмүш менен кынапталат. Зергерлер буга да түрдүүчө узанат. Абалы, буюмдун «тумарчасын» жасап алат. Ал жазы болот да, ошол тумарча темирдин бетине жаркырата күмүш жалатып, ага кооз оюм-чийим түшүрөт.

Же жамбы күмүштү эритип, ага башка металлдарды аралаштырып, мында күмүштү көбүрөөк кошуп, чолпу жасалган. Күмүш бетиндеги оюм-чийимдер кийизге түшкөн «мүйүз», «кыял», «бармак боочу», «карга тырмак», «айчык» оюмун элестетет.

Чачпак – зер буюму. Кыз-келиндердин (кээде улгайган аялдардын да) асемдик үчүн тагынган кооз жасалгасы, чолпунун бир түрү. Ал үч бөлүктөн турат, башы (чач байлана турган жагы), ортосу (кооздуктар тагылган тарабы) жана учу (чачы), тактап айтканда асем көркөмдүктөр кадалган жагы. Чачпактын жасалышы боюнча ар бир элдин жекече маданий өзгөчөлүктөрү байкалып турат.

Чачкап – асем буюмдардын бири. Ал чолпу менен чач учтукту жаап, чачты чаңдан сактап, кооздук үчүн тагылат. Анын жердиги кара, кызыл, жашыл, көк өңдөгү тасбаркыттан тандалат да, эки өрүм чачка чакталып жасалган. Мунун бетине түшкөн көркөм шөкөттөр да ар кандай болот. Түшкөн көрпөчөлөрдүн формасы түрдөнүп, сайма көчөтү сымал алмаша чегеленет. Чач кептин учу төкмө чачыланат. Анан бой тумар сыяктуу төрт чарчы чач кептин туура эниндей күмүш тактача кадалат. Анын бети оймочиймеленип кетет. Андан өйдө көркөм калыптан чыккан, же кайчыланып жасалган жука жана майда шөкөттөр үчтөрт катар аземделе чөгөрүлөт. Чач кептин башына кайрадан жазы тактача күмүштөр бекитилет да, анын өзүнчө кооздугу бар. Орточо чачкаптын узундугу 40-50 смдей, туурасы 15 смдей келет да, аркалык деп күмүштөн чабылган көркөмдүктү аягына тагат. Анын өйдө жагы төрт каттала узунунан шуруланат. Андан өйдөсүнө чегеленген (чеге де-

ген чегелөө дегенден чыккан) кооздук менен седептер орун алат да, өйдө жагы чачка тагылат. Чач каптын үч чогунун узундугу 5 смдей келип, шурулана чачыланат.

Күбөк – зер буюму. Күбөктүн узундугу 80 см болот. Мунун эки өрүм чачка тагыла турган эки бөлүктө зер шөкөттөрү бар. Анын ар биринде аралары мончоктолгон тоголок күмүш чыйрак жиптерден турган чаян түйүштөрү тизмектешет. Конус формасындагы себет түшкөн сөйкө сыяктуу эки күбөктүн узуну 7,5–8 см, 7,5 дм келет. Бул күбөктүн жалпы көркөмдүгүн арттырып турат. Мунун башында чөйчөкчөлөнгөн көлөмдүү (4 см, дм – 12 см) ичине чыйрак чыйратылган сыртында кызылдан (60 тал, узундугу 12 см), ичинде 60 – 80 тал, узундугу 24 см төкмө чачыктары болот. Аны жибектен да, жүндөн да, кебезден да ийрип чыйратып алат. Күбөккө түшкөн оюм-чийимдер асем буюмдарына (жасалгаларына) түшкөн кооздуктардан анча айырмаланбайт. Анын кош канатындагы оюм-чийимдер бирдей окшоштукта болот. Күбөктүн жиптери кызыл да, сары да, жашыл да, кара да болушу мүмкүн. Буюмду Талас, Кетмен-Төбө, Жаңы-Жол, Ала-Бука, Чаткал тарапта жашаган элдер арбын колдонушат.

Билерик – зер буюму. Мунун эни ар кандай көрүнөт. Дегинкиси, жазыраак билерик көркөм көрүнөт. Билериктин да шакектей өзүнүн калыбы бар. Андан муунак-муунак болуп чыккан күмүш билерик түспөлүн жараткандан кийин, эки башын атайын чарчылап, төрт кырдап, ага тиешелүү чапкылар менен «көзчөлөп», «жылдызчалап» кооздук түшүрүлөт. Мындай билериктин жалпы айланасына чапкылоо аркылуу толкун сызыктарды, же «айчык», «тоок көз» жылдызчаларды сейректете чабат. Ал эми атайын чапкы менен из түшүрүлгөн ушундай эле формада да калыңыраак сомдолгон билериктин ортосуна өзүнчө төрт бурчтуу таман чыгарып, ага «тумарча», «ийрек» сыяктуу оюмдарды жарашыктуу берсе болот

«Сыя төгүп», оюм-чийим түшүрүлгөн билерик жукараак, бирок, эндүү болушу зарыл. Мунун таманы тегерек келип, ага түшкөн оюмдар шакектикине, чолпунукуна окшошот.

Бермет, акак таш, айнек өңдүү асыл жана ага тете заттарды чөгөрүп, тегерете торчолоп кармалган билерикттер айыл арасында көп кездешет. Кыз-келиндердин кооз зер буюмдары менен ат жабдыктарын «тогуз төбөлөөдө» мунун кооздугу анча айырмаланбайт. Мындай шөкөттөө бул буюмдун эки башында болот. Эни чоң, экиден кичинекей төрт асыл ташты экиден куткундап чөгөрсө буюм жүзүнө чыгат.

Жердиги жука билерикти жазы алып, жалай чапкылоо менен кооздук берүүнүн түркүн сырлары бар. Муну майдалап көркөмдөп отуруу килем көчөттөрүнө окшошуп кетет. Алсак, анын четине «көбөйтүү» белгисине окшогон кош сызыкты кайталай түшүрүп, анан «айчыкты» айкалыштырып, арасына «тоок көзчөнү» берип, кайрадан «көбөйтүү» келип, «айчык», «көзчө» кайталанып, мурунку көркөмдүктөр алмаша беришет. «Колуңда күмүш билерик, Колуктум болсоң түбөлүк...» – ууз колдогу жумуру билерик билекти ого бетер көркөмдөйт.

Жез билерик жасоодо адегенде жезди тазалоо үчүн сууну шарактата кайнатып, ага туз менен ачык ташты салуу зарыл. Көк жашыл бөтөлкөдөн алган «заркун» менен сүртө баштаганда жез билерик өзүнөн өзү жүзүнө чыгат.

Топчу – зер буюму. Кыз-келиндерибиз үчүн зергерлер колодон, жезден, күмүштөн, мүйүздөн аземдеп улуттук кийим-кечектерге жакшы жарашкан үлгү жасашкан. Бул да салттуу буюмдун катарына кирет. Мунун бетине зергерчиликтин чеберчилиги менен кооздук түшүрүшкөн. Адатта, топчуну темирден жана мүйүздөн арбын кармашат. Темир болсо ич жагынан кийим-кечеге кадалуучу илгичин жасап, аны кепшер аркылуу бекитет. Топчунун оң бетине ат

жабдыктарын шөкөттөгөндөй калдыркан күмүш жалатып, каалагандай оюм-чийим түшүрүшкөн.

Топчу адатта, тегерек, томпок келет. Эгер муну «чапкылоо» ыкмасы аркылуу из түшүрүп жасаса, «кочкор мүйүз», «кулжа мүйүз», «ит куйрук», «кыял», «жарым кыял», «ийрек», балатынын бутактары сыяктанат. «Жарым мүйүз», «бармак боочу» оюмдары кейиптенип, же айбанаттардын элесин берген кооздуктарда көз алдыга тартылат.

Элибиз үчүн күмүш бетине түшкөн «мүйүз», «кыял» оюмундагы «мөөр топчу» (себет сүртүлгөн) салттуу болуп саналган.

Кыргак – кооз буюмдардын бир түрү. Бул – шөкүлөнүн, такыянын, элечектин эң сырткы кырчоосу. Асем буюм-тайымдар ушул кыргагы менен көркүү көрүнөт. Ал ар кыл эндүүлүктө, ар кандай кездемелерден кооз саймаланып жана кештеленип да жасалат. Кымбат баалуу металлдар менен чөгөрүлүп да кармалат. Демек, элечекти кооздоо-көркөмдөө менен анын жанып, чубалып калуусунан да сактаган. Кыргак кооздолушуна жана жердигине жараша: алтын кыргак, күмүш кыргак, сайма кыргак, кеште кыргак, оймо кыргак, бермет кыргак, шуру кыргак, жибек кыргак, кымкап кыргак деп айтылат да, устанын-уздун устаттыгы менен уздугуна жараша укмуштай чырайланат. Алтын же күмүш жипчелер чырмалган кыргактардын кырка этегине түрдүү формадагы (узундугу бир эличе) алтын, күмүштөн кыюуланган майда желбирөөчтөр аркылуу «төкмө чачыланган».

Күмүш кыргактын күмүш шөкөттөрү томпок, төрт чарчы туташ көрүнөт да, ага түшкөн кооздуктар «айчык», «карга тырмак», «куш канат» сымал көркөм оюм элементтеринен турат. Мунун жээктери да желбирөөчтөрдөй, бой тумардай, күбөктөрдөй майда күмүш калакчалар аркылуу төкмөлөнөт.

Кемер кур (эр кемери) – азем буюм. Зергердин зирек-тигин айкындай турган нускалардын бири. Кадимки курдай белге чактала булгаары, кайыштан жазы тилинет да, каттай тигилет. Анын бетине түркүн формада жазы жашык темир чабылат. Кемер тогоосу маңдайынан караганда берки шөкөттөрдөн калкандуу келет. Ал ичинен темир илгич менен курчалат. Буга чабылган темирди шөкөттөө үчүн калдыркан күмүш жалатылат. Мына ошондуктан ал күмүш кемер болуп калат. Буга берилген оюм-чийимге «сыялоо» («себет төгүү») жана «чапкылоо» («из түшүрүү») аркылуу жүзөгө ашырат.

Адатта, кол булгаарыга чабылган шөкөттөрдөн өзүнчө кооздукта болгон мунун биринен-бири өткөн бир нече түрлөрү бар. Андай көзгө дароо урунаардык кооздук кемердин тогоосуна бөтөнчө таандык. Бул төрт чарчы тегерек болот. Абалы кара темирден формасы алынат да, ага да жука күмүш жалатылат. Төрт башына жылдызчаланган көрчөгө (тегерек кооз шөкөт) урулат. Анын ортосуна жатак жасап, акак таш жана ага тете асыл заттар чөгөрүлөт. Анын тегереги майда күмүш зым жипчелери менен торчолонот. Мындай «тогуз төбөлөө» (акак чөгөрүү) кемер курдун тогоосунун экинчи учунда да так ошол шөкөт өзүндөй кайталанат. Кемердин кайышына тегерете урулган шөкөттөр тегерек, төрт чарчы, сүйрү келип, ал жыш да жана сейрек да чабылышы ыктымал. Мында эки-үч формадагы шөкөттөр кадимки сайма көчөттөрү сымал ирээти менен кайталанат.

Кемерге калкан кейиптенген жазы чөгөрүлгөн күмүш шөкөттөр жарашык ыйгарат. Ага көбүнчө «себеттөө» («сыя төгүү») ыкмасы мүнөздүү келет. Атагы таш жарган зирек зергерлер ойдон-ой жаратат, жоктон бар кылат. Алардын күлүк ою кайда барса, ошол тарапка бурулуп, кыял чабыттарынан зор чыгармачылык шыктануу алып, күтүүсүз кооздуктар жаралат.

Азыр атайын кемер кур курчануу салты жоюлууда. Аны кармоочу зергерлер да суюлууда. Артисттер, өздүк көркөм чыгармачылыктын мүчөлөрү гана муну кастарлоодо. Асыл буюмдарды кармаган айлакер усталардын көзү өтүп, алтын колдору жер астында да, керез катары калган буюмдары эл арасында, коомдук маданий орундарда, тарых, этнографиялык, сүрөт музейлеринде түбөлүккө сакталууда.

Чакча (наскабак) – наспай чегүүчүлөрдүн өздүк буюму. Илгери элибизде мүйүз чакча урунуу салттуу болгон. Ага наспай салынып, чөнтөккө дайыма сакталуучу. Бул чакан идиш күмүштөн да, жезден да, мизден да, калайдан да чүкүрттөлүп жасалып анын бетине кадимки металлга таандык элдик көркөм оюм-чийим түшкөн.

Ашкабактан кургатылып оюлган чакчаны наскабак дейт. Муну көбүнчө Түштүк Кыргызстандын журтчулугу арбын колдонушат. Чеберлер чакчаны жасоодо адегенде жердигин тандашкан. Буюм негизинен төрт бөлүктөн турат. Чакчанын эки капталынан бирөө жашыраак, экинчиси кичирээк алынат да, аларды өзүнүн мүйүздөн же жыгачтан жасалган жатагынан коюп, эки бөйрөгүн чыгарып туруп, ичинен бири-бирине жиксиз бириктирет.

Айрым зергерлер алардын бөлүктөрүн ичтен кабыштырууда ыроо колдонушат. Тактап айтканда, коргошун менен кепшердейт.

Чакчанын моюнунун оозуна кайрыла коюлуучу жери чакчанын курбусу деп аталат. Анын оозу менен моюну гана данакерленип, тыгыны чачыланат да, күмүш, жез, калай миз менен чүкүрттөлөт.Чакчанын эки жак бетине «чапкылоо ыкмасы» аркылуу түшүрүлүүчү оюм-чийимдер негизинен «мүйүзчөлөнүп», ич ара «табакчаланып», «куш тырмактанып», «жарым кыялданып», кудум шырдак оюмдары сымалданып кетет. Чакчанын бөлүктөрүн ичинен

жиксиз бириктирүүдө зергерлердин жекече ыкмаларынын жашыруун сырларын өзүлөрү гана билишкен.

ТЕМИРЧИЛИК

Уста – жердиги катуу буюмдарга узануучу чебер. Устага кара уста (темирчи), зергер (күмүш уста), ат жабдыктарынын чебери (өрүмчү, кайыкчы, кайышчы), жыгаччы (кырмачы, ээрчи, түндүкчү, уук-кереге матоочу), мүйүз уста (мүйүзчү), тери (көн, шири) буюмдарынын чебери (көөкөр, көнөк, көнөчөк, көңдөөл, чыны кап жасоочу) өңдүүлөр кирет.

Узануу – зергерчилик, темирчилик, жыгаччылык, мүйүзчүлүк, терини иштетүүчүлүк, таш чегүүчүлүк. Тактап айтканда, көбүнчө эркектердин металлдан, жыгачтан, мүйүздөн, сөөктөн, таштан, териден жана башка жердиктерден кооз буюмдарды жасоо аракеттери.

Устачылык – темир, күмүш, мис, мүйүз, сөөк, жыгач, тери, кайыш, таш жана башка жердиктерден кооз буюмтайымдарды кармоочулук. Элдик кол өнөрчүлүктүн мерчемдүү түрү. Элдин күндөлүк жашоо-шартын көздөп, салттуу, асемдүү жана ашкана буюм-тайымдарын жасоо үчүн чеберден чебер чыккан. Төтөн күмүштү кармоо доору күн тартибине келип, үй буюмдарын, ат жабдыктарынын асем жасалгаларын аруулата кармоо өзүнчө маданий төңкөрүштү түзгөн. Албетте, мында устакерчилик элдик салтты дагы дааналап айкындаган таптык мүнөздү да көздөгөн. Кийинки муундарга уламыш катары айтылган Дөөтүнүн устакерчилик «кан жолун» улаган, анын «демөөрү колдогон» усталар чыккан. Алар кара темирди камырдай жуурушкан, алтын-күмүштү күндөй күлдүрүшкөн.

Көркөм кол өнөрчүлүктүн табиятында уста болуп калыш көчмөндүү турмушубузда көбүнчө ата салтын улоого шартташкан. Демек, жалаң гана усталарды эле айтпайлы,

колдонмо-жасалга өнөрүнүн бүтүндөй түрүн көз алдыбызга келтирсек чеберлердин алгачкы шыктарын ата-энелери жана ага-туугандары, айылдаштары көбүрөөк ойготконун, тутанткандыгын даана баамдайбыз. Албетте, мында чебердин жекече шыгы, идиректиги, өнөргө кыялдануусу баса отуруп, күндүр-түндүр талбай узануусу зор роль ойнойт.

Ошондой эле айтылган уламыштар, айрым атактуу усталардын алыстан угулган атак-даңкы, алардын эл ичинде сейрек кездешүүсү, азем буюмдары устанын узануусунун андан аркы өөрчүшүнө ичтен тымызын шык берген кездери да арбын болот.

Элдик усталардын бөтөнчөлүгү – алардын узануулары терең сырдуулугу, көп кырдуулугу. Акыйкатта, уста – өнөрдүн ана башы. Көпчүлүк усталар ага дейре эле өнөрдүн калган мындай түрлөрүн: жыгаччылыкты, мүйүзчүлүктү, ташчылыкты, теричиликти, өрүмчүлүктү, кайыкчылыкты, айтор, булардан баарын тең тизгинди кармоого дасыгышат.

Илгерки усталардын узануу шарты ар кандай болгон. Алардын чакан өнөрканалары – дүкөндөрү боз үйдүн ыпча жагына жайланышкан. Айрымдарынын устаканалары үңкүрдө же жер кепеде болгон. Элибиздин көчмөндүү турмушуна байланыштуу усталар жайдыр-кыштыр эле бир жайга жалпак олтуруп узанышкан эмес. Буюм жасатуучулар үйүнө атайын чакырып барып узантуучу. Анда уста керектүү аспап-куралдарын куржунга артына барган. Демек, кардар түшкөндөр өз шартына ылайык устага обочороок өзүнчө боз үй тигип, көмүрүн өчүрүүгө, көөрүгүн басууга атайын киши дайындаган. Мындай шартта усталар көбүнчө кыз себин кармаган. Жумуштун көлөмүнө карата узануу айлап, жылдап кеткен.

Азыр усталардын көбүнүн узануу шарты өзгөрдү. Булар ичи кенен жана жарык, туруктуу узана турган дүкөндөрү бар. Анда бүгүнкү техникабызга ылайыктуу ар түрдүү

аспап-куралдары иреттүү жайгашкан. Илгери алаа көөрүк болсо, ага караганда күжү үйлөтүү жеңил болгондуктан асма көөрүк колдонулууда. Бүгүнкү зергерлер жыгач көмүрдү анча өчүрүшпөй, көбүнчө таш көмүрдү жана «көгүлтүр отту» (газды) пайдаланышат.

Илгери устанын өнөр акысы мурунтан эле бычылуучу. Алардын чеберчилигин баалагандар, албетте, эч нерселерин аяшпай, ат мингизишкен, тон кийгизишкен, алдына мал айдатышкан. Элибиздин салтында аруу буюмдарды «балдарга ыроолошкон», «бирөөлөргө тартуулашкан», «бала жентектеген», белекке беришкен. Ушинтип, «темене тартып төө алган» учурлар устачылыктын санжыргалуу салты жана наркы болгон. Мындай жөрөлгөбүз журтчулугубуздун атамзамандан берки жоомарттыгын айгинелейт. Бирок, уста «өнөрүн сатпайт, кардар бергенин алат», – бул да устачылыктын наркы болот.

Устанын накта белгиси темирди төрт кырдап таамайтаасын чаба билүүсүнөн көрүнөт. Балканы кармай жана темирди чаба билүүнүн өзү эле анын устакерчилигин аныктап турат. Кара темирди таптоодон устанын кимдиги көрүнөт. Айталык, чалгыны, керкини, балтаны таптоо менен мизин текши чыгара билүүдөн баамдалат.

Устанын айлакерлиги ошол темирдин ар кандайын сугаруудан көрүнөт. Бул ар бир курал-аспапты «тапка келтирүү» деген түшүнүктү берет. Бул – ар түркүн темирлерди кесүүгө-өгөөгө жарактуу кылуу. Чынында жашык темир аспап-курал боло албайт. Натыйжада, аспап-курал ийине келтире сугарылып алуу аркылуу алмаздай курч болот. Зирек усталар мунун сугаруусун таба алышкан.

Чоктонгон кызыл темирди улам кичине сууга сунуп, улам четинен ширетип, кайрадан тартып алып, көрүпбаамдап, темирдин курчтугун же мококтугун көз өлчөм, ой таразасынан өткөрүп турушат.

Мунун сугатына даана көзү жетпеген усталар темирди өгөө менен сынайт. Курч темирге өгөө өтпөй, тайгаланып турат. Мунун курчтары гана ал темирди өгөөлөй алат. Ушинтип, градус жок болгондуктан усталар ой-болжолдоо аркылуу гана сугарышат. Мындай даана чеберлер турмушта сейрек кездешет.

Алардын арасында да ич ара сөздөр козголот. Маселен, керки, кескич жасатсаң, «бир күндүк кылып берейинби», «үч күндүк кылып коёюнбу», «беш күндүк кылып таштайынбы», – дешет. Ушундай сөздүн төркүнү да темирди сугарууга тыгыз байланышат. Эгерде усталар керектүү темирди катуу сугарса, ал акыры сынбай койбойт. Усталар «орточо сугардым», «кичине сугардым» дешет. Демек, мунун орточо сугаруусу түзүк көрүнөт. Суукта катуу муздаган темирдин чыдамы анча болбойт.

Сынган-бүлүнгөн буюмдарды жиксиз кадоодон – бүтөөдөн уста көрүнөт. Уста жоктон бар кылып, үзүлгөндү улоого тийиш. Таштандыда жаткан темирди алып, өзүнө буюм жасап алуучу усталар өзүбүздүн уюткулуу кыргыз элинен көп чыккан.

Алар да ич ара «мен кыйынмын» деп мактанышы мүмкүн. Бирок, алардын кармаган буюмдарын эл баалайт. Акыйкатта, эл айгак, элдей улуу, элдей кара кылды как жарган калыс жок.

Металлды иштетүүнүн сырларын усталар билет. Чалгы, орок, жуушаң, бычак, устара, керки, балта сыяктуу күндөлүк керектүү тиричилик шаймандары жана буюмдары үчүн ак курч темир, кара курч темир жана жашык темир деген үч түрү болот. Ак курчтан: кесүүчү аспап-курал, керки, кескич, өгөө, балта, бычак, капкан өңдүүлөр жасалат да, ал эң эле өткүр, бирок муңайымыраак келип, чорт сынбайт.

Кара курч болсо катуу, бирок, морт болот да, буга өгөө өтпөйт. Мындан буюм жасоо үчүн көбүнчө чарыкты колдо-

нушат. Эгер кара курчтан миздүү, өткүр буюмду кармоого туура келсе, анын сугаты өтө муңайым, жеңил сугарылат. Терс сугарса, ал чорт ыргып кетет. Ошентип, анын сугатынын ички кереметтерин усталар таба билишет.

Сугатын талаптагыдай таап сугарса, ак курч да өтө өтүмдүү келет. Илгерки баатырлардын жоо жарагы Наркескен мына ушундай сугарылган. Ушинтип, кадимки алгыр куштай «тапталган» устара, жуушаң өңдүүлөр мокобогон да, көпкө барып анан курчутулган. Жашык темирден көбүнчө така жасалат. Ал таштак жайларда жүрсө, экиүч айдан ашпай түшүп калат. Ал эми кара курчтан ат такаласа, така көпкө чейин чыдайт. Албетте, кара курчка узанууда аны ийип-чоюуда колго аябай күч келет. Ошондуктан, айрым усталар муну кармоодон жадайт да, анын артында, «анын такасы беш эле күндүк», – деген уяттуу сөз калат. Чынында, жашык темир коргошундай ийкемдүү жумшак келип, башталган иш бат бүтөт. Илгери мындай жашык темирден калак, кычкач, кыпчуур, аткуур, депкир, үзөңгү жана ат жабдыктарынын башка шөкөттөрү, түндүктүн чулгууру (түндүктүн көздөрүн төрт чарчы кылып көзөй турган аспап) өңдүүлөр жасалган.

«Темирдин уусун тапкыча, суусун тап», – деген макал бар. Булар менен айыл чарба шаймандары: трактор, араба, тырмоо сыяктуулардын бузулган тетиктерин оңдошот.

Ак курчту алуу үчүн темирдин учун сууга дароо малат. Ошондо ал тез чыйралып, өңү бордой агарып, курчтукка айланат. Анан беш-он мүнөт тышка кармап, күжүдөн чыккан кызыл темир бат эле жашылга айланып, миздеги ак бордой курчту сарыкер түскө айланганда гана сугарылган темир табына келген кези болот. Демек, темирдин мизи сүрүлүп отуруп, сарала сагызган канатына айланат. Так ошондо темир миздин таасын курчуган учуру билинет. Аны ушундан кийин сууга кайрадан малып, ошол бойдон калтырат. Ак курч темир эки курдай эле сугарылат.

Айткандай, кара курч темир өтө катуу, ак курчтай дароо сууга малынбайт. Мунун учун этиет тийгизип, өлчөөсүн уста баамдайт да, кара өң жашыл болгон тапта же кара күрөң өңгө келген кезде темир курчуган учуру болот. Ошондо муну менен усталар молоташ, тегирмен, жаргылчак өңдүү катуу нерселерди көзөгөн. Аны үйдөй таштарга коюп, барскан менен чапканда какжара бөлүнгөн. Мындан аттиш жана кескич да жасалган.

Усталардын баамдоосунда нейзильберь күмүштү мүмкүн катар алмаштырат. Ал эми мельхиор болсо көгүлтүр өңдөнүп, күмүшкө анча окшобойт. Нейзильберди созууда балканын так ортосуна түз чабуу керек. Мында балканын кыры тийбөөсү керек. Аны согуунун-чоюунун өзүнчө жатагы бар. Ошондо гана нейзильбер таасын ийине келет. Чаап жатканда затты кармаган кол менен балка кармаган кол бурулбашы зарыл, кичине эле кылт дедирсе, буюм бузулат. Билерик, шакек, оймок өңдүүлөрдүн ортосу домпок чабылса, буюм көркөм көрүнөт.

Кургак уста – көмүр өчүрбөгөн, көрүк үйлөтпөгөн, күжү күйгүзбөгөн, өгөлөө, ийүү, чоюу, чапкылоо, согуу өңдүү ыкмалар аркылуу буюмдун шөкөттөрүн кармаган чебер. Бул көчмөндүү өнөр келип, басып-турган, отура калган жерден узана алат. Мисалы, тери ийлөө, бирдемелерди жонуу, түймө түйүү, жүн түйдөктөө, жип ийрип-чыйратуу өңдүү аракеттер мына ушундай узануу-узданууну туюндурат.

Темирчиликтеги айрым ыкмалар

Мис – зергерчиликтин жердиги. Мисдин касиети сары жезге окшошот. Анын эриши кеч болот. Алсак, сары жез 10 мүнөттө, мис 18-20 мүнөттө эрийт. Экөөнүн чыдамдуулугу бирдей келет. Ийкемдүүгү жумшак болгондуктан заматта жешилет. Дат чалып, бат эле өңүн өзгөртүп жиберет. Мына ушундай бөтөнчүлүктөрдү эске алып, усталар ат жабдык-

тарынын шөкөттөрүн кармоодон мурун буюмдун үлгүсүн жасап алат.

Ошого салыштырып, жасап жаткан чакта ийне учундай да кемтик кетирбей, так жана таза кармоого аракеттенишет.

Жез калай чайкоо – жездин бетине калай жугузуу. Усталар жездин сары, кызыл түрлөрүн билет. Мындай жаркыраган металлдардан ат жабдыктардын көркөм шөкөттөрүнөн, кыз-келиндердин өздүк кооз буюмдарынан башка мис табак, аптаба, чөөгүн, чайнек өңдүү идиш-аяктарды жана башка ушул сыяктууларды ойдогудай жасай алышкан. Жезди, колону эритүүнүн өздүк ыкмасы күмүштүкүнө өтө окшош болот да, таза жездин өзүнө бирдеме салуу же коюу анча нарктуулукка жатпаган. Демек, жездин ичин калайлоо зарыл. Бул үчүн илгери торко электен өткөн майда кум менен жездин ичин жалтырата тазалайт. Ушундан кийин жездин бетине калайды жука-жука кесип, көрүктүн жалынына кармап эритип, ношотурду себет да, кебезден жасалган куургуч аркылуу сүртөт. Ошондо калай жездин бетине жабышып, ак түскө айланат.

Идишти чайкоо – кара темирдин бетине жезди сүртүү. Металлды кызартып алып, ага ак данакерди сээп, анан жезди жука кесип алып, көмүргө кармайт. Жез эрийт да, темирге таралат. Мында данакер темирдин желими катары милдет аткарат.

Калайлоо. «Жалгыздын куюшканын калайлап, Мен куда болуп мал айдап» («Саринжи-Бөкөй»). Бул – бир эсептен данакерлөө. Бирок, күч келүүчү буюмдар калайланбайт. Ташкалай анча эрибейт. Усталар мындан кез-кез ат жабдыктарынын шөкөттөрүн, чач тарактарын кармаган.

Илгери ачуу ношотурду усталар Кашкар тараптан алуучу. Чоюн казандын сыныктарын чогултуп, көөрүккө коюп эритип, калыбына салып, андан буурусунга тиш куя турган. Бул – зергнерчиликте колдонуучу күмүш түстүү

жука, жумшак, каңылтыр металл. Калайлоо – муну менен буюмду же идишти чайкоо.

Кадоо. «Казан кадаган уста, калк ишине жараган уста» (макал).

а) Бул – катуу буюм-тайымдарды, шаймандарды оңдоо, керекке жаратуу. Сынган, бүлүнгөн, жарылган, тешилген, көзөлгөн нерсени же буюмду жиксиз кынаптап бириктирүү. Кадоодо устанын бөтөнчөлүктөрү билинет. Тактап айтканда, көбүнчө жыгач, темир, калай, жез буюмдарды септөөдө кадоо чеберчилиги колдонулат.

Анын ар кандай ыкмасы бар. Оор, калың жана жоон нерселердин эки жагына бирдей шакшак сымал кадооч нерсе коюшат. Сыйда буюмдардын ички же сырткы кадоосу билинбегендей, жымсалыраак көрүнгөндөй бөрк менен бекитет. Мындай нерсенин кадоосу чыкпасы үчүн бөрктөөдөн мурун анын астына эбелек да коюшат. Кээде кадоонун учун кичине гана кылтыйтып чыгарып, аны балка менен билинер-билинбес бөрктөп да коёт. Албетте, буга оңтойлуу жумшак темир, жез, мис, калай көбүрөөк колдонулат.

б) Мында эки жагына бөрктөлүп урулган мык. Ал жарылган, же капталган катмарын эпкелиштирип кадаш, бекитиш үчүн колдонулат.

Каңдоо – күмүштөн, калайдан, жезден, мистен жана ушул өңдүү металлдан жасалган идиштердин, буюмдардын жыртык, тешиктерин калай, коргошун аркылуу данакерлөө. Бул – калайды арбын пайдалануу. Чайнек, чака, чөөгүн, самоор, топчунун сабагын, оймок, шакек, өңдүүлөрдүн кошулган жерлерин жаракалатып карматуу. Тактап айтканда муну карматуунун алдында ачуу ношотур – кислота менен тазалайт. Ал металлдын кирлерин жеп кетет. Демек, зергерлер ширетүүдө, калайлоодо, чоюн, коргошун, коло өңдүүлөрдү колдонуу сырларын мыкты билишет.

Ширетүү – темир менен темирди кошуп бекитүү.

Кандоо – темир менен темирдин ортосун ак данакер менен сүртүп, жез коюу.

Темир буюмдары

Кайчы – 1) Чеберлердин (темир устанын) устачылык куралы. Күмүштү жана күмүш ордуна колдонуучу жезди, мисти, колону, калайды, нейзилберди, мелхиорду, дат чалбасты жана башка заттарды кесүү үчүн колдонулат. Анын эки жагы калыңыраак темирден тандалат да, бир аз катуу келип, ал элпек кайчылоого шартташкан. Кайчынын кармай турган жагы баш бармак менен сөөмөйгө илингендей шакекче болуп турат. Муну зергерлер «күмүш кайчы» деп да коюшат.

2) Узчулук куралы, жумшак нерселерди (кийиз, кездеме, тери, таар) кесүүчү кайчылардын жаагы элпегирээк келет. Кайчынын кармай турган жагы тегерек шакекче болуп, баш бармак менен сөөмөйгө илинет. Кайчы жаактарынын карама-каршы тургандыгынан, «кайчыла» дегенден ушундай аталат.

Жуушаң – кайчынын бир түрү. Малдын, көбүнчө майда жандыктардын жүнүн кырка турган курал. Ал ак болоттон жасалат да, жаагынын узундугу болжолдоо 40-45 см, калыңдыгы бычак сырты болот. Усталар жүндү кыркууда оң колдун сөөмөйү менен бармагы кенен баткандай кайчы өңдүү тегерек шакекче көзүн чебердеп жасашат. Жуушаңдын учу менен теридеги жүндү текши жиретип алып, сол кол менен жуушаңдын эки учун бүктөй капшыра кармаганда жүн таза жана арымдуу кыркылат.

Кездик – бычактын бир түрү. Бул кыңырак көбүнчө кийиз бычуудагы, ага көркөм оюм чыгаруудагы жука, учу учтуу, өтө курч, кармоого эптүү уздардын маки сымал бычагы. Азыр айрым чеберлер кайчы менен да кийиз кайчылап калышат. Бирок, ал бат эле колду талытып жиберет.

Кийиз калың болгондуктан, кестик оюмдун бурчтарын төп чыгарууга оңүтойлуу келет.

Маки – мизи ачылып жабыла турган, чөнтөккө салууга ыңгайлуу бычактын бир түрү. Усталар муну курч металлдардан жасап, анын кармоочу сабына күмүш жалатышкан жана ага «сыя төгүү» (зооткер) жана «чапкылоо» өндүү зергерчиликтин ыкмалары аркылуу кооз оюм-чийим түшүрүшкөн. Макинин сабы жыгачтан да, сөөктөн да, мүйүздөн да, мистен да, жезден да, калайдан да болот.

Бычак – бир жак кыры миздүү, кармоого эптүү металлдан, мүйүздөн, сөөктөн, жыгачтан жумуру сабы бар аспап-курал. Бычактын сабына чеберлер «сыя төгүү», «чапкылоо» сыяктуу зергерчиликтин түрдүү ыкмалары менен элдик көркөм оюм-чийимдерди түшүрүшөт. Асыл таш, айнек аркылуу тогуз төбөлөйт. Бычакты пайдалануу да адамдардын жаш өзгөчөлүгүнө карата болот. Сабына ар кандай акак таштар, айнек чөгөрүлүп жасалган бычактар күлгүн жигиттерге таандык болот. Мунун чоңун «шамшар» деп аташат. Мүйүз сап, жыгач сап, металл сап бычактарды улгайгандар атайын кын жасатып, жанында алып жүрүшчү.

Бычак кыны – бычактын кутусу. Ал бычак баткандай, анын түсбөлүндөй жасалат. Демек, бычак мизин сактоого жана жанында такай алып жүрүүгө оңтойлуу болот. Бычак ташы булгаарыдан, айрыкча көндөн кармалат да, бычактын сабы андан чыгып турат. Ал сууруп алууга оңтойлошкон. Анын учуна, мизине, уңгу тарабына атайын кооздук үчүн күмүш, жез, нейзильбер, мельхиор өндүүлөр чабылат да, ага көбүнчө «зоот» түшүрүлөт. Анын шөкөттөрүнүн формасы ар кандай болот. Ага түшкөн оюм-чийим металл бетине түшкөн башка элдик көркөмдүктөн айырмасы анча болбойт. Бычак кыны жан курга кайыш же булгаары илмеги менен бекитилип, дайыма сол тарапта жүрөт. Кылыч, канжар, шап, кездиктин да кыны болот.

Устара – атайын чач алуучу бычактын бир түрү. Муну жасоодо усталар курч темирден (ак курч, кара курч, болот) жердигин тандап, аны чоктонтуп, табы менен сугарып, бүлөөгө бүлөп курчутуп алышкан. Кыргыз устарасынын сабы катуу жыгачтан тандалат да, түп уңгусу иймейиңки болот. Мунун мизи менен сырты балык сымал эндүү келет да, сабы үшкүлөнүп, астына жука темир коюлуп, эки тарабы биротоло бекитилип, бүктөп коюуга, мизин ачууга шартташкан. Кээде устаранын уңгусундагы илмекейине же өзүнчө шакекчеге чыйратылган жиптен же кайыштан боо тагылат да, ал кереге башына, же мыкка илинген. Чеберлер устарага көндөн (кол булгаары) кап (тыш) же жыгачтан куту жасашкан.

Шибеге – чеберлердин куралы.

а) Ал теменеден жоонураак келип, учу шиштүү болот. Ага чеберлер жумуру жыгач саптайт. Жыгачсыз темирден эле тегерек иймекей сабы бар шибеге да болот.

б) Уздардын илме сайма саюучу аспабы. Ал жалпак жыгач сапка бекитилип, анын учу иймек болот.

Көзөөч – устачылыктын куралы. Чеберлер металлды, сөөктү, мүйүздү теше турган бургу сыяктуу аспаптарды өзүлөрү жасап алышкан. Анын жердиги кара курч темирден тандалып, көбүнчө сабы темирден болот.

Аткуур – 1) Ашкана буюму. Бышып жаткан этти оодарыштырууда, бышкан этти чыгарууда колдонулат. Анын жердигин усталар муңайым темирден тандашат. Ал көбүнчө төрт айрылуу болуп, этти аткып сайып алууга шартташкан. Эгер аткуур башы өзүнчө темирден болсо, депкир сыяктуу мис менен карматылат. Аткуур кармоого эптүү болушу үчүн учу бычак сабындай жыгачтан жумуру жасалат. Аткуур сабынан бери бүтүндөй темирден болушу ыктымал. Анын сабына зергерлер күмүш жалаткан жана ага оюм-чийим беришкен.

2) Ачакейи бар жумуру саптуу балка түспөлүндөгүсүн өзүлөрү оюндагысындай жасап алышкан усталардын аспап-куралы. Аны менен мык суурулган.

Капкан – аңчылык куралы. Карышкыр, илбирс, аюу, кулжа, теке сыяктуу ири жапайы айбанаттардын ички мүнөздүү жагдайларына карата усталар көлөмдүү капкандарга көп узанышкан. Албетте, мындай капкандардын жаактары катуу болгондуктан, эки-үч адам араң басат.

Усталар капкандарын чаптырып көрүп да сынашат. Анын ийи сугаруудан билине турган. Ошондуктан, капкандын тышкы катмарын жашык, ички катмарын курч бойдон сугаруу үчүн көөрүктүн жалынына тышкы бетин бир аз кармап, аны жашытып, сыртын кургак бетеге менен жоруптап сүртүшөт. Темирдин табына келген кези устанын баамында, ал бетеге чала күйгөн убак деп божомолдонот.

Капканды жасаган адам аны салуунун ыкмаларын да мыкты билет. Капкан салуу учурунда бул да чоң өнөр болгон. Буга атайын аттанып түшкөн капканчылар учурунда бир айыл элди бага турган.

Капкан көбүнчө темирдин ак курчунан жасалат. Капкан чарасынын жумурусун 0,2 дм тереңдете ийүү зарыл. Анын серперине жети смдей жука темирден өз өлчөмү менен жасайт. Мунун жаагы жарым болоттон тандалат. Адатта, буюмдун тээги жыгачтан жасалуучу. Бирок, түшкөн жырткыч чайнап коё тургандыктан айрым чеберлер аны темирден жасап жүрүшөт. Аны ысытып иет да, өз өлчөмүндөгү курч темирден кесип туруп, жаакка бекитүү керек.

Капкан жырткычтардан тартып кемирүүчүлөргө чейин өзүнчө салынат. Темир капкан үч бөлүктөн турат: жаагы, түндүгү жана серпөөрү деп бөлүнөт. Жырткычтарга текөөр берүүчү бул куралды жасоодо усталар анын темирин тандайт. Мунун жаакчасы менен түндүгүнө жашык темирди, ал эми серпөөлөрүнө курч темирди керектейт. Ал болоттон

жасалып, пружинадай шамдагай серпилип турууга тийиш. Уста темирди сомдойт. Серпөөрдүн калыңдыгы үч мм келет. Эгер сугаруусу жетишкен капкан чапкан чакта бир карыш (10-15 см) өйдө секирет. Анын биринчи сугаруусу катуу болот. Жаакты сугарууда он беш градусча ысытат да, аны суу тал менен улам жышып сугарат. Анан улам эки кычкач менен ийип, күчүнө келдиби, же жокпу көрүп турат. Темир сынбай турган болгондо сууга ширетип, мелүүн муздатып алат.

Сугаруу – курчутуу деген түшүнүк. Тап жылдырбай сугарган капкан узак убакытка чейин айбанаттарга салынат. Ал бир жаак, эки жаак тиштүү да болот. Эки жаак капкан өтө катуу келет. Муну такай карышкырга, аюуга, илбирске салат. Бир жаак капкан менен түлкү, суур, коён өңдүүлөр кармалат. Эки жаак капкандын тишине кийиз коёт. Антпесе, курч капкан жырткычтардын сөөгүн талкалай кыя чаап, айбанат бутун жулуп кетет. Ошондуктан, капкандын кандай чабышын кандим аңчылар байкашат.

Капканда тээк, күлтүк (тегерек кийиз, бул капкандын түндүгүнө чак келет), чынжыр, казык, сойгок болот. Мунун чарыш тиби менен кийизинин үстүнөн аң келип басканда тээк тайып, жаактын серпилгич күчү менен кош серпөөрү кыймылга келип, тарс чаап калат. Серпөөрүнө 7 смдей жука темирден тандап, өз өлчөмүндө карыш болоттон жаагын жасашат. Айрым капкандардын тээги темирден да болот. Жыгач тээкти карышкырлар чайнап ташташы мүмкүн. Ошондуктан, муну курч темирден өз өлчөмүндө кесип туруп, жаакка катар бекитет.

Депкир – ашкана буюму. Боорсок бышырууда, сорпонун чий көбүгүн алууда, чөбөгө сызгырууда, шак, курут, эжигей, шакар кайнатууда, аларды аралаштырууда жана сүзүүдө пайдаланылат. Аны усталар жашык металлдан жасайт. Депкирдин башы тайпак табактай көрүнүп, тегерек келип, бети калбыр болот да, узундугу сузгудай келет.

Кармоого эптүү болушу үчүн сабынын учу бычак сабындай жумуруланат. Депкир башы менен сабын бири-бирине көбүнчө мис аркылуу карматат.

Депкирди жалаң жумшак зымдардан майда төрт бурчтап да жасайт. Анын сабы башындагы торго биригип турат да, кармоого эптүү келип, учу иймекей болот. Депкир сабына күмүш жалатып, ага оюм-чийим түшүрүшкөн.

Бараң – усталардын колунан чыккан кыргыз мылтыгы. Оозунан дүрмөттөлүп, шыйрак коюлуп, сай чыгарылат. Мунун илгерки «алма баш», «көк жал», «тыргоот», «ак бараң», «чаар бараң», «алты сай», «кара келте» өңдүү түрлөрү болгон. Бараң ар кандай формада, узун-кыска жасалышына карата мына ушундайча айтылат.

Мылтык үчүн темирдин орточо жашыктыгы керектелет. Бирок, бараңдын түтүгүнүн (стволу) учуна төрт элидей ак курч темирден улап ширеткен. Себеби, дары тээп, окту чыгарып баратканда ошол ак курч темирге жеткенде муздан тайыгандай ок ого бетер катуу тебе чыгат. Атылган ок алыс учушу үчүн, ошентип, мылтыктын учун тарттыра жасайт. Бараңдын түтүк темиринин ичине оңдон-солго карай эки-үч айлантып, сай салат. Бул буралып, октун окторулуп алыс кетээрине шарт түзөт.

Демек, адегенде темирди карыш-карыш кертип, текши кетип, аларды жалпак созуп алат. Мунун калың-жукасы бирдей келет. Катуу темирди төрт эли жумуру жасап, анын ийилбеши үчүн сугарып алат. Буга жалпак созгон темирди шакекче кылып кызартып, ошол төрт эли темирге орнотот. Темирдин узун-кыскасына карай төрт эли темирден 8-9-10го чейин жасап алат. Буларды көөрүккө салып, бири-бирине улай кынтыксыз ширетет. Албетте, буга өтө таптуу чычырканактын жана арчанын көмүрү гана жарайт. Мунун ичи эки жаак тепме өгөөнү темир сүмбөнүн (мылтыктын темир түтүгүнүн сайын тазалай жана майлай турган курал) башына ороп алып, ичин түздөө үчүн ушин-

тип тартат. Ичин биротоло жыпжылма кылышкан кум сүргү тартылат.

Оттук ташты, май ташты, чарык ташты, кайрак ташты таап алып, аларды аралаштыра майдалап, ага аз-аз айнек кошуп, торко электен өткөрөт. Муну колдон жасалган сары желим менен кездемеге «ичирет». Тактап айтканда, ширетет. Табылгыдан, ыргайдан мылтыктын ичине кенен баткыдай сүмбө жасалат. Тигил кум сүргүнү ушунун быдырлуу башына ороп, анын ичине кум сүргү тартат. Мылтыктын ичине сүрүлүп-чийилип баткыдай үч кыр өгөө калыбында курч темирден сай салгыч жасап, мунун кырын анча-мынча тектир кылат. Тектирдин башын оңго-солго бир тарпты көздөй бурап коёт.

Эми он чакты кыска темир сүмбөдөй калтекче жасап, анын түтүкчөнүн ичине жеңил балка аркылуу бири-бирине куудуруп-шишкектетип уруп отурат. Түтүктүн башына чыкканда анын ичине кадимкидей сай түшүп калат. Анан эки ачакей темирден тепме сүмбөнүн (бүлөө ташты торко элекке элеп, желимге ичирип алуу) башына ороп, түтүктүн ичин бүлөгөндө ал жалтылдай түшөт. Ал жеңил жана бышык болгондуктан кызыл табылгыдан тандалат.

Бараңдын кундагы, шыйрагы ыргай менен чыргайдан (ал көк жашыл келип, ыргайдан айырмаланат) жасалат. Мунун башы бурама келип, бир башы бурама аркылуу кундакка чебер бекитилет. Оолаңдын жанына чүрпө салынат. Мунун түтүкчө тешигинин башына пистон (мистон) бекийт. Ага туташ келип, жаак жатат да, ага бириктирген бараңдын балкасы орун алат. Алдында илгич болуп, аны шыкаалап тартканда балка пистонду (мистонду) чабат. Мистон от алып, дарыны күйгүзүп, ал окту айдап чыгат. Анан усталар чарык жип менен тактайга кадимки танап тарткандай түп-түздөн кароол жасайт.

Темир комуз – элдик үндүү аспап. Тилин сөөмөй менен кагып, көмөкөй аркылуу күүгө келтирүү үчүн муну

жасоодо ар бир устанын өзүнүн жекече ыкмасы болот. Комуз үчүн темирдин акурча түрү да тандалат. Адатта, мунун тышкы көлөмүнүн узундугун 4 смдей кылат. Өткүр (курч) чалгынын кырынан ооз комуздун тилин созуп алат да, мунун чыңоосун майда өгөө аркылуу ийине келтирет. Ал эми комуздун жаагын болсо балка менен чаап, буюмду сынына чыгарат. Ошондо комуз тилинин иймегин 3 мм дей ийип, учуна калай жабыштырганда ал салмактуу келип, какканда үнү катуу чыгат.

Же комуз жаагын жезден тандап, темирге күмүштү жалатат. Комуз тилине көбүнчө зым (пружина) керек. Зымды кесип, отко салып, кызыл тап болгондо аны өгөөлөп, жаакка түздөп ченеп кесет. Кайра өгөөлөп, анан кынап алып, кайрадан отко салып, тилин ийип, аны жаакка уруп таштайт. Чынында комуздун жердигин тандай билүүсү устанын устаттыгын аныктайт.

Комуздун жаагы жумшак темирден, күмүштөн, колодон, жезден жасалса, анын тили сөзсүз түрдө курч темирден – болоттон тандалат. Жакшынакай өгөп, табына келтире сугарбаса, үнү жакшы чыкпай калат. Тил кадимки эле чалгы, өгөө же магнит өңдүүлөрдөн жасалса, эң жакшы болот. Өгөө менен жымакайлап, кынаптап сүрүү керек.

Кандим усталар кадимки болот темирди: «кара болот», «ак болот» – деп экиге бөлүшөт да, атайын байкоодон өткөрүшөт. Мунун ич ара болгон айырмасын байкашат. Ак болот комуздун кагылуусу жумшагыраак, муңайым үн берет. Чынында, кара болоттун үнү коңгуроодой бийик жана уккулуктуу болот. Кара болотту отко салса жумшайт, сугарган сайын ал катуулайт, морт да келет. Андыктан аны иштетүүдө усталар шумкар асыраган мүнүшкөрдөй өтө кылдат мамиле жасашат. Темирди өзүлөрү билгендей жибитип, ойдогудай таптап алышат. Демек, анын жаагын жезден да, чоюндан да жасоого болот. Кара болотту комуздун жаагынын узунуна жараша кесип, аны сомдоп алып,

майда тиштүү өгөөсү менен жукартып, жаакка бириктирип, анан анын үнүн текшерүү зарыл.

Темир комузду эски салт боюнча кыз-келиндерибиз каккан. Бирок, темир комузду жасаган усталар эркек болгондуктан алар да кага билген. Өздөрү кага билбесе, анын үнүнүн кандайча чыгышын биле албайт. Темир комуздун жасалышы, албетте, өтө татаал. Аны бардык усталар кармай албайт. Бир темир комуз жасоого караганда бир ат жабдыктарынын бүтүндөй бөлүктөрүнө, же аялдардын асем буюмдарына узануу, арийне, жеңилдей туюлат. Мында абалы үндү таба билүүбүз зарыл. Ага узануу анын жаагын жакшылап жасоодон башталат.

Жаак – комуздун тилинин эки жагындагы үч кырдуу, оозго салып кагаарда тишке тие турган (такала турган) кол кармоочу тегерек чаңгарактан созулуп чыккан кош сызыкча темир. Темир комуздун жаагын усталар муңайым темирден да, колодон да, жезден да, мисден да тандашат. Күмүш да жалатып коёт. Бирок, таза күмүштөн жаак жасабоо керек. Анткени, күмүш өтө жумшак келип, ал үндү анча бере албайт. Кадимки темир жаакка күмүштү жалатуу керек. Мында аны дат чалбайт, жаркырап көрк берип турат. Күмүш жалаткан темир комуздарды таза чүпүрөк менен кез-кез сүртүп коёт.

Үнүнүн кубулушу (жоон, орто, ичке) анын тилине жараша болот. Комуз тилине, курч темир тандалат. Айлакер зергерлер аны көп чабылып жышылып калган чалгынын мизинен алат. Башка темирди созуп, анан өгөөлөп кылоосуна келтиргенче, чалгыны кармоо оңой. Комуздун жаагынын өлчөмүнө жараша кесип алып, кыстыргычка карматып өгөөлөйт. Кош жаактан тилди кошо турган жерине жазыраак жагын кошуп ширетип, тилдин учун кош жаактын учунан кичине ашырып туруп иет. Аны «тилдин учу» дейт. Какканда колго кирбес үчүн тилдин учун тоголокчо кылып, дагы ийип койсо болот. Тилди ийгенде

атайылап кыпкызыл ийди темир менен ийип, аны аяр сугаруубуз зарыл.

Курч темир өтө катуу сугарса, чорт ыргып кетет. Ошондой эле тил өйдө-төмөн ийилгенде чорт сынма болуп калат. Усталардын темир комуздардын үндөрүн бир калыпта жасай алышы өтө кыйынга турат. Комуздун жаагын ийгенде учтарынан бири узунураак, бири кыскараак болуп калышы да ыктымал. Кош жаактын учу бирдей болсо, тишке такаганда экөө бир турат да, комуздун тили какканда бир калыпта үн берет.

Темир комуздун өзүнө жараша үнү да өтө назик келет. Аны каккан убакта дем алуу ыкмасын жакшылап билүү керек. Желди ичке тартканда, чыгарганда кагып жаткан күүбү же обонбу, аны көкүрөк менен ойлонуп, көмөкөй менен акырындап кайрыш керек. Дем алуу жөнөкөй отургандагыдай эле бир калыпта болбосо, бышылдап-күшүлдөп, желди ичине катуу тартса, сыртка катуу чыгарса, комуздун тили үйлөнүп калат да, комуздун тилине чөпкө бубак түшкөнсүп, илешмелер жабышат. Аны жакшы билгендер ичке ийне менен акырын сүртүп илешмелерден тазалап коёт. Билбегендер жоон темене же төөнөгүч менен сүртөбүз деп, тилин майрыйтып же чалкасына кайрып салат. Арийне, темир комузда бардык эле обондор, күүлөр келе бербейт. Баштооч үнүнөн башка төрт же беш үндү араң алат. Анда да көөдөндөн чыккан желдин кысымы менен алат. Өтө жоон үндү да алышы кыйын болот.

Ушундай эле усталар темир комуздун жаагына да бөтөнчө көңүл бурушат. Анткени, комуздун үндү талаптагыдай чыгарышы көбүнчө жаагына да байланышат. Ал жумшагыраак металлдан тандалат. Себеби, муңайым темир ийип-чоюуга ийкемдүү. Аны отко салбай деле иштетсе болот, оңой менен сынбайт.

Ал эми темир комуздун тилине өтө курч металлдар керектелет. Ага болот гана жарайт. Курч темир катуу су-

гатты көтөрө албагандыктан аз-аздан кылдаттык менен сугарып, анан өгөөлөйт. Комуздун дабыштуулугун тилди өгөөлөп жатканда эле билишет. Тил жаакка салынар убактысында ал тилдин көмөкөй жагын кычкачтап кармап туруп, сөөмөй менен чалып серпилтип көрөт. Качан гана «дың-дың» деген коңур үн чыкканда жаакка аны орнотот. Тилди жаакка салганда жаактын төрт кырынын бири сөз-сүз тилге барабар келип, түз жайгашуусу зарыл. Темир комуздун жаагынын узундугу алты жарым же жети смдей талапка ылайыкташат.

Темир комуз менен да «так теке» ойнотулат. Андыктан усталар «так текени» өзүлөрү жасайт. Темир комузга кош тил чыгарышат. Анын бирөө ичкерээк, бирөө жоонураак үн берет. Какканда үнгө-үн кошкондой угулат. Бул кош үндүн бирөө жоонураак, экинчиси ичкерээк сезилип турат.

МҮЙҮЗ БУЮМДАРЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Мүйүз – зергерчиликтин жердиги. Көркөм буюмдарды кармоонун түбөлүктүү материалы. Аларга үй айбандарынан – уйдун, топоздун, кой-эчкилердин, кайберендерден – тоо текенин, кулжанын, бугунун, эликтин мүйүздөрү кирет.

Мүйүз уста (мүйүзчү) – малдын жана кайберендин мүйүздөрүнөн элдик кооз буюм-бечкектерди жасоочу чебер.

Мүйүзчүлүк – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Мүйүз устанын аспап-куралдары башка чеберлерден анча деле айырмаланбайт. Зергерчиликке таандык: кол араа, балка, ийди (ийги), үшкү (көзөгүч), бычак, түрпү, өгөө өндүү аспаптар кирет. Элдик салттуу мүйүз буюмдарына өз бетинче узануу аракеттери чынында эле басаңдап баратат.

Малдын жана кайберендердин мүйүзүнөн чеберлер турмуш-тиричиликке таандык тарак, чакча, ат тушамыш-

тын жана желенин тээги, камчынын, бычактын сабы, түндүктүн чагарагы, ордо оюнундагы абалак, кыз-келиндердин асем үлгүлөрү жасалган. Картык да жасап, бул элдик табыпчылыкта бүткөн бойго жел турганда соруп алууга мүмкүн кадимки оңко (банка) койгондой аспап болгон. Андан наштар жасап, бузук канды сордурган. Ок-дарыларды нымдан, ысыктан сактап, дайыма белдеги курда жүрүүчү куту да мүйүздөн болот. Бүркүт кондуруу үчүн балдак жасалган.

Мындай түрдүү буюм-белектердин кайсынысын кантип даярдап, кандайча кылып жасоо керектигин, мүйүз өзүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүн өзүнөн-өзү «айтып берип» турат. Мүйүздүн бири-бирине окшобогон табияты бар. Ал кооз көрүнүштөрдө чеберге алмак-салмак айкалыштырып, бирдеме жасай берүүгө ишенимдүү жөлөк болот.

Кыз-келиндердин мүйүздөн жасалгалары: сөйкө, желбирөөч, билерик, шакек, оймок, чолпу, тарак, чач бастыргыч, түймө-тор токуучу иймек, төөнөгүч, бой тумар, ачкыч, илгич, бут кийимди кийүүчү кашыкча, мындан сырткары чакча өңдүүлөр төрт-беш түрлөнүп кармалат. Буларды өзүнчө түрлөнтүп чыгарууга формаларын бири-бирине окшоштурбай кармоочу чеберлер бар.

Акыйкатта, мүйүзгө жана сөөккө күмүш, жез, мис, нейзильбер, мельхиор, дат чалбас өңдүү түстүү металлдарды чабуу аракеттеринин аягы тыйылып баратышы адамды тынчсыздандырбай койбойт. Зер мүйүздүн да, сөөктүн да, жыгачтын да, көңдүн да, ширинин да жүзүн ачат. Буларга элдик көркөм оюм түшүрүүдө да нукуралыктар анча баамдалбай баратат. Буюм бетине «тап бердирип» (чала чарпыт кооздук түшүрүү) эле коюу жөрөлгөлөрү көрүнүүдө. Чеберлер муну майдалата кылдат «кыялданта» берүүгө машыгуу керек. Көркөм оюм улам майдаланып, барган сайын чебердин кылдаттыктары артылып отурат. Кичине, чакан белекбечкектерге майда оюм-чийимдер гана жарашык бере алат.

Аны калыпка куюп берүүгө да оңтойлуу болот. Мүйүзчүлөр элге эң керектүү эле буюм-тайымдар менен чектелбей, уникалдуу үлгүлөрдү жаратуулары зарыл. Мындай узануу чебердин аракеттерине чыгармачылык шык кошот. Усталар алардын түбөлүктүүлүгү үчүн кам көрүүлөрү зарыл.

Сөөк менен мүйүздү иштетүүдө мурунку салттуулукту сактоо менен бүгүнкү шартка жараша тема таба билүү аракеттери сүрөтчү-прикладниктерде жана чеберлерде болуп жатат. Сөөктөн ваза жасоо – өзүнчө жүз берип көрүнө турган жасалга буюмдук да, колдонмолук да мааниси бар. Даярдалган сөөккө буюмдун түрүн чийип алып, ошол боюнча өгөөлөп, элдик оюм-чийимдерди түшүрүү үчүн чеберлер бор машинасын (чийип бере турган медициналык аспап) колдонушат. Демек, оюмду берүүдө анын үлгүсүн кагазга түшүрүп, же сөөктүн бетине карандаш аркылуу дааналап алат. Буюм бетине «жагалмай канат» жана «мүйүз оюмдарын» арбын берсе болот. Мында «кочкор мүйүз оюмунун» алдынан «жагалмай канат оюму» орун алып, түшүрүлгөн кооздуктар таза, так, оюмдар ич ара төп айкалышат. Карандаш салгыч, Азия, Африка өлкөлөрүнө таандык эски мунаралардын жакшынакай тарыхый кооздуктары сакталган нерселер чыгып жатат. Түймө шибеге колдонулууга шартташкан. Ал сөөк кутучасына, «ит куйрук» оюмдун ортосуна жалбырак, гүл түшүрүү менен катар аны андай кылбай «мүйүз оюм», «карга тырмак» өңдүүлөрдү берүү, буюмдун түпкүчүндө «кочкор мүйүз оюму», «кыял оюму» менен айкалыштыруу сөөк да элдик көркөмдүктү кабыл алаарын көрсөтөт.

Мүйүз чакча – чакчанын бөлөкчө түрү. Мында мүйүз түспөлүндөгү түбү жазы болуп, насыбай атуучу жагы кууш келип, чачылуу кайыктан бекиткичи (кепкеги) бар. Чеберлер мүйүз чакча үчүн семиз уйдун жана топоздун тунук мүйүзүн керектешет. Анын оозунда жана түптөрүндө жез, мис, күмүш, калай чабылып, зергерчиликтин «сыя төгүү»

(себет төгүү) «чапкылоо» (аспап менен из, оюм-чийим түшүрүү) өңдүү ыкмалары көп пайдаланылат. Ал пайда болгон оюм-чийимдер «карга тырмактанат», «кош мүйүздөнөт». Мүйүз чакчанын булгаарыдан же жыгачтан кепкеги болот да, анын чачылары металлдар менен чүкүрттөлөт.

Мүйүздүн жүзү кыз-келиндерибизди жакшынакай жасалгалай турган өздүк кооз буюмдарында бөтөнчө көрүнгөн. Мисалы, чакчаны жасоодо буканын мүйүзү тандалат. Ал кыска, бирок ичи көңдөй, калың, катуу жана тунук болот. Аны талаптагыдай кургатып, анан сырткы бүкүр бетинен тартып узунуна араалайт. Аны атайын мешке коюп ысытып жумшартып, өзүнүн бастыргычына салып тегиздейт. Чакчанын дайыма ысып турган өзүнүн калыбына салып басат, ошондо мүйүз ысып, калыпка дал өзүндөй түшүп калат. Демек, калып жасоо үчүн анын эки бети болот, ошондо эки мүйүздөн бир чакча жасалат. Эки бетти бириктирүүдө жыгачтан ПВА маркасындагы даяр желимди колдонушат. Ал өндүрүштүк желим болуп саналат. Чакча кум кагаз менен жылмаланат. Атайын тегерек кийизден жасалган механизм аркылуу жалтыратылат.

Мүйүз оймок – асем буюмдун мүйүздөн жасалган түрү. Мүйүз оймок да өтө көркөм көрүнөт. Мында чеберлер буюмдун жердигине мүйүздүн туюк жерин тандашат. Анын түспөлүнө келтирүүдө илгерки зергерлердин жасаган оймокторунун өлчөмдөрү так өзүндөй сакталат. Мунун таманынын тегерек кырбуусуна шакектикиндей көзчө салынып чырайланат. Мүйүз буюмдарынын баарын кармоодо механизм бирдей иштейт. Оймок боосу көк-ак, сары, кызыл, жашыл жиптеринен кол учунда чалынат да, анын учу «топ чачыланат». Ушундай эле ыкмалар сөөктөн оймок, шакек кармоодо да колдонулат.

Мүйүз сөйкө – асем буюмдардын мүйүздөн кармалган түрү. Мүйүз сөйкөнүн формасын ар кандайча кылууга болот. Чеберлер мунун чачыларын (солондору) майда шуру-

дан тизишет. Майда-майда көзчөлөрү бар байчечекей, күн карама өңдөнгөн, үч бурч формасындагы түрү болот. Көөрү төгүлгөн чеберлердин жекече фантазиялары жетелеп, кереметтенип кеткен сөйкөлөрдү илгери арбын жасоочу. Бүгүн шартка байланыштуу айрым мүйүзчүлөр белектик сөйкөлөргө кызуу узанып жатышат.

Мүйүз топчу – асем буюмдардын мүйүздөн кармалган түрү. Мүйүз топчу жана мүйүз седеп турмуш-тиричиликке байланыштуу, көп керектелген. Мында да мүйүзчүлөр буюмду жасоодо мүйүздүн өзүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүн таасын баамдай алышкан. Мүйүз топчунун тегерек, сүйрү, төрт бурч формалары болгон, ага атайын темир илгич сабак салынган же өзүнөн эле тешик буйла кылынган топчулар болгон.

Мүйүз шакек – асем буюмдардын мүйүздөн бүткөн түрү. Мында да мүйүздүн түспөлүнө чеберлер буюмдун жердигин тандашат. Ошол керектүү жерин араалап, циркулярка менен кесип туруп жонот. Анан атайын чарыкка салып, аны өгөө кагаз (наждак) менен сүртүү аркылуу түспөлүнө келтиришет. Шакектин таманын чыгаруу үчүн мүйүздүн ыңгайына карата ал жерин чоңураак кесип алат. Чеберлер мүйүздөн жана сөөктөн шакек жасоодо абалы анын үлгүсүн кагазга түшүрүшөт. Мүйүз шакектин да металл шакектердей бир нече түрү бар: тегерек тамандуу шакек, сүйрү тамандуу шакек, төрт бурчтуу тамандуу шакек сыяктуу формаларын бүгүн арбын жасоодо. Албетте, мындай шакектерди кармоого мүйүздүн өзү эле кереметтүү сырды таап, чеберге кеңеш берип турат. Ал эми мүйүз шакек таманына да айнек, акак, пластмасса жана башка асыл таштардан түрдүү түстө, ар кандай формада «кеп түшүрүлөт», «куткундалат», «тогуз төбөлөнөт», «чөгөрүү» сыяктуу ыкмалар менен кооз оюм-чийим берүү салттарына узануну чеберлер мыкты билишет. Демек, шакек жасоодо чеберлер мында мүйүздүн түстөрүн да тандашат. Анан ке-

ректүү жерин кесиш үчүн өгөө менен араа колдонулса. Эми кол же электр чарыкка салынат. Айрым убакта кагаз өгөөнү да пайдаланышат.

Мүйүздүн жана сөөктүн ыңгайына карай анын таманы чыгат. Мүйүз шакектерди кесип-жонууда чебер мүйүздүн өз оңтоюн эске алууда. Мында шакек таманындагы көзчөлөрүн ар кандай кооздукта шөкөттөөгө болот. Көбүнчө алар шакектердин көзчөлөрүнө ак, сары, көк, кызыл өңдү берүүлөрү мүнөздүү болот.

Мүйүз билерик – асем буюмдардын бири. Чеберлер муну мүйүздүн көңдөй жеринен тандашат. Ал билерик формасына салынат да, ага кадимки күмүш шакектердей асыл таштан, айнектен, пластмассадан жана башка ушуга тете жалтырак заттардан «тогуз төбөлөп» көзчө да салынат. Андай мүйүз билерикке атайын оюм-чийим шибегеси аркылуу кылдаттап, элдик көркөм татынакай нускаларды келтирип коюуга да болот.

Мында чеберлер бүгүн мүйүздү сүртүүчү дүкөнгө коёт. Азыр жасалуучу буюмга өзүнчө көркөм оюм-чийим бере турган механизм бар. Андан соң мүйүз жалтыратуучу жайга келет. Демек, жалтыратуу үчүн тегерек кийизге бышкан кышты эзип, билерикти ошого сүрөт. Тактап айтканда, мүйүзчүлүктө жердикти араалоо, сүрүү, өгөөлөө, оюм-чийим салуу, тазалоо, жалтыратуу өңдүү узануу аракеттери биринен кийин бири кайталана берет. Ошон үчүн жердикти кесүүгө, аны кургак жана нымдуу кылып жалтыратууга, өгөөлөөгө ылайыкташкан аспап-курал – электромеханизм аркылуу кыймылга келет. Буюмга элдик оюм-чийим жана көчөттөрдү түшүрүүчү курал «бор машина» деп аталат.

Мүйүз жердигин даярдоо – мүйүзгө узануудагы чеберлердин жалпы ыкмасы. Алар буюмдун жердигин даярдоо үчүн кандай гана малдын мүйүзү болбосун аны абалы кайнатышат. Мында анын ичиндеги өзөгү, кемирчеги өзүнчө бөлүнүп чыгат да, пластмасса сыяктуу былпылдаган даа-

на массасы калат. Албетте, мүйүздүн түрлөрү көп. Айталык, уч жагы ортосуна дейре туюк мүйүздөрдөн түрдүү канаттууларды жана айбанаттарды: коён, түлкү, аюу, суур, кашкулак, илбирс, бүркүт, үкү, турумтай, торгой, таранчы өңдүүлөрдүн кейпин жасап алууга оңтойлошот. Учтары анча туюк эместерин көңдөй түрүнүн учун таштап, так ортосунан какжара араа аркылуу бөлүп, аны оттун табына жумшартып, тактайга беттеп бастырса, мүйүздүн мындай калыптанып түздөлгөн түрүнөн ар кандай белек-бечкектерди кармоо өтө ийкемдүү келет. Демек, мындан түрдүү канаттуулар менен айбанаттардын сөлөкөттөрүн каалагандай жасап алуга да ойдогудай шарттар түзүлөт.

Мүйүз буюм – белек-бечкектерине узанууда элдик чеберлер мүйүздүн бөлүктөрүн желимдөөгө өрүк, карагай сыяктуу жыгачтардын чайырларын кеңири керектешкен.

Цехтерде жасалган белек-бечкектердин арбыны ар кандай гүлдөн турат. Гүлдүн мыктысы эле байчечекей болот. Аны тоо гүлүнүн «канышасы» деп аташат. Демек, чеберлердин өздүк чеберчилигинде гүл, гүлдүн түрлөрү, гүлгө окшогон кереметтүү көрүнүштөр аларга чыгармачылык дымак берет. Жүз мүйүздү катар койсоң андан чыккан белектердин кооздукту тартуулоо жагдайы бири-бирине эч кандай коошпойт. Бир эле уйдун эки мүйүзү эки башка чырайлуулукту жана өзүнчө кереметтүүлүктү бере алышы ачык-айкын көрүнүш.

Бүгүн мүйүз буюмдарына узанууда бир кыйла жеңилдиктер байкалат. Мүйүздүн жердиги «электропродуховка» деген механизмде жумшартылат да, кол прессине (баскычына) бастырылат. Мүйүз жана сөөк буюмдарын жасоого негизги аспаптарга азыр кескич менен кескич дүкөнү кирет. Анан көбүнчө чарык жана бычак керектелет.

Мүйүз тарак – кыз-келиндердин чач тарай турган буюму. Алар муну мурун кастарлап колдонушкан. Бир эле тараккa майда жана кесек тиш чыгарылган. Буга жаш уй-

дун, топоздун мүйүзү тандалат. Ичине жумуру жыгач салган мүйүзгө малдын майын сыйпап, анан аны оттун табына кактаганда ал былпылдап жумшайт. Муну суутпай дароо эки жыгачтын ортосуна коюп, кайыш менен беттей таңып, үстүнө оор нерсе бастырган. Мүйүздүн чет-бучкагын чебер араалап, кадимки тарак түспөлүн бергенден кийин темир сызгыч аркылуу тарактын майда жана кесек тиштерин өтө этиет сызып, ага кичинекей арааны кылдат жүргүзөт. «Эжем эрге тийсе, эски тарагы мага калат», – деген макал бар. Албетте, бул буюмдун зарылчылыгын билгизет.

Айрым чеберлер – тарак жасоо үчүн тоо текенин мүйүзүн кордолгон кыкка салып, аны бир күндөн кийин алса, мунун сырты күйүп, ичи былпылдап, бычак менен тилүүгө өтө оңтойлошуп калган. Мунун айрым жерлерин кайрак таш менен жылмалап, тарак учтарын чыгарган.

Мүйүз тарактын чоңу 6*12 смге барабар. Тарак тиштеринин узундугу болжолдо 1,5 смдей болууга тийиш. Мүйүздүн чет бучкагын чебер араалап, кадимки тарак түспөлүн бергенден кийин темир сызгыч аркылуу тарактын майда жана кезек тиштерин кылдат сызып, ага кичинекей арааны жүргүзөт. Таракты жеке эле мүйүздөн эмес жаңгактан, өрүктөн, арчадан жана башка ушул өңдүү катуу жыгачтардан да укмуштантып кармаган чеберлер болгон.

Абалак – ордо оюнунда чүкө аткыч. Ал тоо текенин, аркар-кулжанын мүйүзүнөн жалпак, төрт бурчтук түрүндө жасалат.

Ордодо чүкөнү, ханды атуу жана чертүү үчүн колдонулат. Орточо узундугу 8-10 см, туурасы 6-8 см, калыңдыгы 2, 5 см. Албетте, абалактын көлөмү ар кандай болушу да мүмкүн. Ага көп кар баскан карт текенин мүйүзү тандалат. Чеберлер кол араасы менен араалап, тегиздеп, ага малдын майын калың сыйпап, таптуу отко кактайт. Мүйүз былпылдап жумшарганда муну суутпай туруп, үстүнкү бети бир аз чуңкурча, кайкыраак болушу үчүн ага шынаа

сымалданган жыгач коюп тегиз эки жыгачтын ортосуна кыпчытып, кайыш же зым менен таңып, оор ташты үстүнө бастырат. Бир топ күн ошол калыбын сактаган мүйүздүн чеке-белдерин араалап, өгөөлөп, жонуп абалак түспөлүнө келтиришет. Чүкөнү атууга эптүү болуш үчүн мунун баш бармак, сөөмөй, ортон кармай турган эки чети араа, бычак менен быдыр түшүрүлөт. Текенин мүйүзү араа аркылуу кесилет да, керки менен тегизделип, бодур жерлери кайрак таштарга сүртүлө өгөөлөнүп жылмаланат. Абалактын жерге тийүүчү тарабы саал кайкыраак келет. Абалактын үстү көбүнчө тегиз келип, бир аз кайкыраак болушу да ыктымал. Абалак кичине болсо чеберлер үшкүлөп, ага коргошундан кыт куюшат. Өтө оор абалак чүкөнү сындырат.

Кулжанын мүйүзү өтө эле катуу келет да, мындан абалак жасоо кыйын. Ошондой эле абалактын бир жагы жазы, экинчи тарабы кууш келип калат. Буга беш карыштан жогору болгон текенин мүйүзүн тандоо керек. Картаң текелердин мүйүзү тогуз карышка дейре жетет. Абалак үчүн мына ошолор табылгыс жердик болот. Мындай мүйүздүн жарымы туюк келип, жарымынын ичинде өзөгү болот, же көндөйүрөөк көрүнөт. Так ошондой алты карыш мүйүздүн үч карышы, сегиз карыштын төрт карышы калың келет.

Абалактын үч түрү бар: топ бузаар (уратаар) абалак – бул чоң абалак. Шадылуу адамдардын колдоруна токтомдуу келет да, узуну бир нукумдан бир элидей ашыгыраак болуп туурасы төрт жарым элиге чейин жетет. Бул абалак томпойдон эки эсе оор келип, калыңдыгы бир жарым элидей болот.

Орто абалак – чүкөнү чертүүчү абалак, жемек кадоочу, тоорумак тооруучу абалак. Мунун узуну нукум, туурасы төрт элидей келип, калыңдыгы элиден азыраак ашат. Мыкты абалактар «козулук абалак», «койлук абалак», «улактык абалак» деп айтылат.

Балдак – мүнүшкөрлөрдүн ууга алып чыкканда кушту атайын кондуруп жүрүүчү таякча тууру. Ал мүйүздөн жасалган таяныч ача таякча. Балдактын аяккы учу көзөлүп, ал көк менен ээрдин кашына же аңчынын белиндеги жазы кургa тикесинен бекитилет. Таякчанын үстүңкү ачасына бүркүт кондурулган колдун ичке билеги коюлат. Балдакты жасоодо чеберлер ар кандай мүйүздүн жумуру жерлерин тандашкан.

СӨӨК БУЮМДАРЫ

Сөөк – зергерчиликтин жердиги. Көркөм буюмдарды кармоонун түбөлүктүү негизи. Ага малдын (төө, уй, топоз, жылкы, кой-эчки), кайберендердин (бугу, тоо теке, аркаркулжа) сөөгү пайдаланылат.

Сөөк уста – сөөктүн ар кандай түрлөрүнөн турмуш-тиричиликке таандык буюм-кечелерди кармаган чебер.

Сөөккө узануучулук – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Бодо малдын – төөнүн, жылкынын, уйдун, топоздун жамбаш жана жото жилик сөөктөрүнөн кооз белекбуюмдарды жасоо. Мында абалы сөөктүн майын кетириш үчүн аны да мүйүздөй эле сууга кайнатып алат (азыр элдик кол өнөрчүлүк бирикмелеринде болсо сөөктү абалы бензинге салып, перегедроддон отуз пайыздай кошуп кайнатат). Мындан чебер өзүнүн формасына ылайык фигураларды, вазаларды кол учунан эле жасоого жарайт.

Сөөктөн ар түрдүү кутучалар кармалат. Чеберлер сөөктүн ички кемиктерин оюп ташташат. Мүйүз жана сөөктөн кыз-келиндердин асем нускаларын жасоодо чеберлер шуру менен күмүш зымдын ар кандай жоон-ичке түрлөрүн эриш-аркак пайдаланышат. Мындай буюмдар кезегинде көп чыккан. Алар мурас катары этнографиялык, мамлекеттик тарых жана сүрөт музейлеринде арбын сакталууда. Бүгүнкү сөөк менен мүйүз чеберлери улуттук мүнөзгө эге-

дер бир көркөм үлгү түзүүдө оболу анын кейпин кагазга түшүрүп алышат. Ал үчүн сөөктүн, мүйүздүн ар кандай жумурусу тандалат. Азыр талапка ылайык жука-сөөк мүйүздөр өтүмдүү болот. Мындан бардык нерсени каалагандай жасап алууга болот. Сөөктөн асем буюмдардан сыртқары бычак сап, ар кандай тээктер, шимек, топчу, седеп, өндүүлөр кармалат да, аны жасоо аспап-куралдары мүйүзчүлөрдүн аспап-куралдарынан айырмаланбайт.

Сөөк жердигин даярдоо – сөөктөн көркөм буюм жаратуу аракетинин башталышы. Сөөктөн бардык буюмдарды жасоого болот. Бирок, мында кол эмгеги арбын колдонулат. Андан жаралган буюмдардын баасы артылат. Бүгүн сөөк чеберлери элдик нускалуу буюмдарды жаратууда өзүнчө кооз үлгү жана бир бүтүмдүү композиция ойлоп табууда түтүкчө сөөктүн чегинен чыга алышпай жатышат. Ал үчүн сөөктөн ар тараптуу жана тоголок, тегерек буюмдарды жаратууга болот. Андыктан деңиз жаныбарларынын сөөктөрүн пайдалануубуз керек.

Түбөлүктүү буюм-белек жана асем нускаларды жаратууда асыл жердик менен чеберлердин камсыз болушу сөзсүз чыгармачылыкка алып келет. Жыгачтын кандай текстурасы болсо, сөөктүн да дал ошондой ички касиеттери бар. Аны узак убакыт колдонгондо мунун толкун уюл сымалданган кереметтери чыга келет.

Сөөктү боёо – устакерчиликтин бир ыкмасы, жердиктин түсүн өзгөртүү. Ал сөөктү боёдо буюмдарды бири-биринен айырмалоо үчүн атайын өзүнүн боёгу бар. Бул боюнча өзүлөрү ойлоп чыгарып, өндүрүшкө пайдалуу сунуштарды киргизишкен чеберлер бар. Демек, ыкчам чайдын чамасына уксус кошуп, ошого сөөктү бир сааттай салып койсо, ал ошондо күрөң жана кызгылт, кудум ышкын түп өңдөнүп калат. Пияздын сырткы кабыгына уксус кошуп да сөөк боёп алууга болот.

Сөөк сөйкө-желбирөөч – сөөктөн кармалган асем буюм. Ал да кыз-келиндердин шөкөттөөчү буюм-тайымдарынын ичине кирет. Сөөк менен мүйүздүн мунун ички касиеттерин ачып берүүдө чеберлер ар бирин чеберчиликте узанууга жердик оң жолуна буруп турат. Аларга шык берип, ич ара чыгармачылыкка үндөйт. Натыйжада, алар кармаган асыл нускаларда бүгүн да салттуулуктун санжыралары көрүнөт. Сөйкө желбирөөчтү мүйүз менен сөөктөн бирдей кооздукта кармоого болот. Мында бул буюмдун жердигин уйдун шыйрак сөөгүнөн тандашат. Сөөктүн ортосу түтүкчө болот. Ошентип, сөөктүн калыңдыгына жараша атайын араа менен узунунан болуп алат. Анын буюмдун формасын кагазга же сөөктүн өзүнө түшүрүп, айрык ашык жерлерин чарыкка алдырып таштайт. Мында чийилген кагаз үлгү башкы мааниге ээ болот. Анан медициналык бор машинасын пайдаланат (мунун көзөй жана кесе турган ийнеси бар).

Буюм боло турган сөөктүн сырты сомдолот. Андан кийин майда сыйдалоо жүргүзүлөт. Ошондон кийин оюмчийим түшүрүү араКттери башталат. Кум кагазды колго алып, аны этиеттеп сыйдалоо керек. Сөйкөнүн темир, күмүш илмектери бириктирилип, ал жалтыратылат. Чеберлер жалтыратуу жана жылмалоодо тиш порошогун, борду, эң болбоду дегенде кол аачый турган үлпүлдөк кагазды кодонушат. Мында ошол мүйүздүн таарындылары буюмду жылмалатууда колдонулушу мүмкүн. Механизмдин жардамы менен мына ушундай ыкма аркылуу чеберлер асем буюм-тайымдардын формаларын өзүлөрү каалагандай өзгөртүп кармоого чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү бар.

Томпой – абалактын бир түрү. Мунун ордо оюну үчүн эң мурун чыккандыгы элдик эпостордо даана айтылат. Кыргызстандын айрым аймактарында (Түштүк Кыргызстанда, Таласта ж.б.) ордо оюну азыр да томпой менен ойнолууда. Ордо томпоюн жасаган чеберлер да бар. Демек, ордо атууга оң томпой керек. Айрым сологой ордочуларга сол томпой

жасалат. Натыйжада мында оң томпой, сол томпой деп айтыла берет. Ордо томпоюн жасоодо бөктүн үстүнө жана эки жанын бычак сырты кылып чабат. Демек, алчысы терең эмес, тогологураак барып тууралжын тарткан томпойлор тандалат.

Ордо томпою үчкө бөлүнөт: чийки томпой ооруракак келет. Куу томпойду талаадан таап алат. Боз томпой бышкан жиликтен алынат. Негизи атан төөнүн чийки жилигинен омкоруп алган томпойдой болбойт. Ошондуктан, төөнүн, анан жүз уйдун томпоюнан иргелип отуруп бири тандалат.

ТАШ ЧЕГҮҮЧҮЛҮК

Таш чегүүчүлүк – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

Таш – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн түбөлүктүү жердиги. Өндүрүшкө пайдаланылып жаткан каптоочу жана атайын жасалгалоочу таштардын кени табылууда. Алардын негиздүүлөрү мрамор жана гранит болуп саналат. Таш кендерибиз – элдик көркөм кол өнөрчүлүк үчүн жергиликтүү байлыгыбыз. Андан ар кандай буюмдар жаралат. Таш чегүүчүлөр ар кандай таштардан турмуш-тиричилик үчүн эң керектүү буюмдарды – белектерди жасоодо. Элибиздин күндөлүк жашоосунда таштан ар кандай буюмдарды жасоо да учурунда белгилүү өлчөмдө өнүккөн. Алар тегирмен, жаргылчак, молоташ чегишкен. Жип ийрүүчү ийиктин башы да таштан жасалган. Байыркы тарыхый эстеликтерди алып караганда кыргыздар ташчылыкка талбай узангандыгын көрөбүз. Ага оюм-чийим түшүргөндүгү да айкын баамдалат. Азыр антип суу башында ноомат күтүп тегирмен чуркатуу, кол тегирмен катары ар бир үйдө жаргылчак тартуу, таштан ийикке баш көзөө жоголууда. Молоташты пайдаланып «Оп майда, оп майдалап!» – ат, өгүз менен темин басуучулук болсо кескин жоюлууда.

Андай буюмдарды жана шаймандарды элибиздин өткөн турмушунун унутулгус эстелиги катары биз музейлерден көрөбүз. «Таш тогуз кумалактын» түрлөрү да болот. Таш буюмдарынын түпкүчтөрүнө да тигил-бул көркөмдүктөр түшүрүлгөн. Жаргылчак сымал турмуш-тиричиликке эң зарыл буюм-тайымдарга кезегинде кооз оюмдун элементтери чегилгени да баамдалат.

Түркүн таштардын ички-сырткы касиеттерин көрөгөчтүктө таанып-билген усталар «куткуңдалып» жана «тогуз төбөлөнүп» жасалган зер буюмдарына да таштан колдонушкан.

Адамзаттын жашоо-тиричилигин тарыхый жагынан алып караганда ата журтубузда таш доору өтөт. Таш куралдар жасалган, таштан коргондор курулган. Таш идиш-аяктык да милдет аткарган. Ташты-ташка сүрүү менен от тутанткан. Таш эстеликтери да учурунда көп жасалган. Эки таштын ортосуна коюп жанчып, таш менен да майдалашкан. Бара-бара оңтоюна карата чеберлер чеке-белдерин чегип, сыйдалык келтирип, каадалуу буюм катары көрсөтүү үчүн анын көркөмдүк жагына көңүл бурушкан. Ушундан улам эң зарыл күндөлүк таш буюмдардын акырындык менен өнүккөндүгү өзүнөн-өзү көрүнөт.

Таш статуялар – скульптордук эстеликтерде, адамдын түспөлү, кийим-кечелери, курал-жарактары көчмөн элдердин жашоо-тиричиликтеринде кенен пайдаланылганы баамдалат. Тактап айтканда, эң жөнөкөй таш куралдарынын жасалышынан башталып, элибиздин металлды, жезди, колону колдонуу менен бүткөн байыркы кыргыздардын турмушу көз алдыга чалдыга түшөт. Таштан түрдүү курал кармап иштетүү ыкмасынын өсүшүнүн ар түрлөрү болот. Эң эле одоно түрдө жасалган кол чокмордон баштап, кескич, тешкич, жаргыч өңдүү таш курал-аспаптарын жаратууга өтүп, мына ушундай жөнөкөй аракеттердин аягы ташты көзөөгө жана жылмалоого, сөөктү, мүйүздү, жыгач-

ты иштетүү, карапа идиштерин жасоо өнөрүнүн чыгышына мүмкүнчүлүк түзгөн. Маданий коомдук жайларда, гүл бакчалуу орундарда кызыл таштарга кадимкидей элдик оюмдарды чегүү аркылуу улуттук белгилерди, жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү кашкайта туюндуруу өнөрү азыр өркүндөп баратат.

Гранитке көркөм түр берүү – өзүнчө кооздуктук касиетине ээ. Мында «кыял», «жарым кыял» оюмдары таш чеккичтердин жекече чыгармачылык чеберчилигин далилдейт. Мындан сырткары «мүйүз», «жарым мүйүз», «ит куйрук», «бадам» сыяктуу оюмдары аркылуу кооздолгон орундарыбыз борбор шаарыбызда көбөйүп баратат. Демек, мындай ташты иштетүү жана ага көркөмдүк берүү салтын элдик таш чегүүчүлүктүн жаңы шартка жараша өсүп-өнүгүп бара жаткан туундусу катары карайбыз жана баалайбыз.

Адатта, деңиз шарттарында чөгүндүдөн пайда болушкан таштар – элибиздин устакерчилиги үчүн баалуу жердик. Аны акиташ тектеринин арасынан кездешкен байыркы деңиз жандыктарынын ташка айланган калдыктарынан зергерлер оңой эле ажыратып билишет. Мындай баалуу материалдардын бири – үлүлдүү акиташ жеринен пайда болгон таштар. Мунун өңү саргыч, арасында агыш темгилдери билинип турат. Такталап кетип, сайкалдап жылмаланган-дан кийин адамзат таң каларлык табигый кооз оймо-чиймелер элестелет. Темгилдүү таштардан ар түрдүү нурлар төгүлүп, ажайып, өзүнчө көрк берет. Бул таштын дагы бир өзгөчөлүгү: бекемдиги, суукка, күн нуруна, аба ырайынын ар кандай өзгөрмөлүүлүгүнө, кислотага чыдамдуулугу аркылуу айырмаланат.

Бизде мрамор кени көп. Ал абдан тунук, бир өңчөй, майда кристалдуулугу менен өзүнө тартып, өңү сүттөй ак. Араларында кызгылт, саргыч, жашыл темгилдүүлөрү да кездешет. Мындан элдик ташчылык өнөрүбүз өркүндөп

өсүшкө багыт алат. Ой жеткен жерге кол жетсе, Жаргарттын көгүш түстүү мраморун белек-бечкек буюмдарын жасоого колдонсо, эмне деген өнөр!? Анын сайкалдап жылмалангандан кийин көгүлтүр нуру төгүлүп, укмуштай кооз көрүнөт. Скульптурага, молого жана башка буюм-тайымдарга жан киргизет. Албетте, «асыл таштан чыгат» дегендей зергерчилик үчүн андай кооз таштар уюткулуу Кыргызстандын алкагында канча? Мына ушундан улам XIX кылымда орустун окумуштуулары жергебизге келип, улуу тоолордун тулкусундагы таштарды, минералдарды көрүшүп, «Дүйнөнүн геохимиялык лабораториясы экен», – деп суктанышкан.

Жаратылышта кеңири тараган табыгый курулуш материалдарынын бири – гранит таштар. Байыркы гректер гранитти «Архитектуранын королу» деп айтышкан. Аны эбактан бери эле жана ташчылык өнөрүнө кеңири пайдаланышкан. Демек, биздин элдик өнөрдө таш чегүү менен буюмдарды жана шаймандарды: тегирмен, моло таш, жаргылчак ж.б. жасап, алтын-күмүшкө алардын ордуна колдонуучу түстүү металлдарды айкалыштыра кармап, зергерчиликти андан ары өнүктүрүү азыркы чеберлердин асыл максаттары болуп саналат.

Бүгүн таштардан адам сөлөкөттөрү, балбалдар, жаныбарлардын кейиптери, түрдүү буюм-белектер, вазалар жасалат. Аларга, баарыдан мурда, тегирмен, жаргылчак, моло таш, ийик баш, таш чырак, тогуз кумалак, бүлөө, кайрак өңдүүлөр кирет. Борбор шаарыбыздын 6-кичирорайонундагы сай таштары эле ылайыкташып турат. Ал көлөмүнө карата аныкталат. Өтө эле көлөмдүү көрүнсө, жаргылчак эле эмес тегирмен да чегилет. Өтө жумуру келсе, андан таш эстелик, молоташ чексе да жарайт. Майдараактары ийик баш, бүлөө, таш чарык, кайрак жана башкаларга шартташат. Таман алдында тапталган таштарды алып келип иштетип, жалтыратсаң, укмуштай кооз көрүнүп, табигый

касиетинде кубулат. Андан чебер буюм жасай билүү гана керек. Ал эч нерсе менен алмаштыра алгыс көркөмдүктү алып чыгат. Жергиликтүү гранит таштарынын өңү ар кандай. Бүлөө үчүн кара таш, мрамор ташы жарайт.

Таш кескич аспап-куралдар – бүгүн таш кесүүчү аспап-куралдарга «таш кескич» кирет. Мунун башына алмаз бекитилет да, ал «таш кесүүчү дүкөн» деп аталат. Балка негизги аспаптардан болот да, ал берки балкалардан кичине салмактуураак, сабы кыскараак келет. Азыр цех техника аркылуу иштейт. Таш кескич, тешкич, жылмалоочу, жалтыратуучу дүкөндөр бар. Илгери болот темирди түрдүүчө сугарып (майга, кийизге), аны таш чегүүгө ылайыкташтырып алышчу. Аспап-куралдар жөнөкөй болушу шарт. Айыл жерлеринде таш чегүүчүлөр үчүн дүкөндүн анча зарылчылыгы жок. Анда балка, кескич, чукулдук эле керектелет. Кескич ташты жарууга-тилүүгө керектелет. Чукулдукту жаргылчактын, тегирмендин бетинин жылмасын чегип турууга колдонот.

Таш буюмдары

Жаргылчак – дандан талкан, угут ж.б. тартуу үчүн жасалган кичинекей чакан кол тегирмен. Ал кол менен чуркатылат да, ар бир үйдө болгон. Жаргылчак менен арпа, буудай, жүгөрү, конок, таруу сыяктуу дандарды кууруп да, куурбай да тартып, андан ун, талкан, шак, угут кылып алууга мүмкүнчүлүк туулат. Туз майдаланат, илгери эжигей-курутту кургатып, кадимки талкандай тарткан.

Таш мында бирдеме майдалоого жарай тургандай элпек тегереткендей, чакандала чегилет. Муну көчмөндүү турмушта элибиз унаага арта салып, кайда болсо да кошо ала жүрүшкөн. Мунун үстүңкү ташы, астыңкы ташы болот. Анын астыңкы-үстүңкү таштары тегерек келет да, калыңдыгы бирдей болот. Жаргылчактын астыңкы ташы тегеренбейт, анын так ортосунда көзөнөгүндө бар. Анда катуу

жыгачтан же темирден жасалган шимеги болот. Ал үстүнкү таштын ортосуна келип, аны бир окто айлантып турат. Тартылуучу дан ошол шимектүү чуңкурчага (көзөнөкчөгө) уучталып салынат. Үстүнкү таштын бир жак четиндеги көзөнөгүнө кагылган жыгач тутка аркылуу жаргылчак кол менен оңдуу-солдуу айландырылат. Тартылган дан анын алдына салынган супурага түшөт. Жаргылчактын үстүңкү кырбуусу тегерек тартпай, жайпагыраак болгондо ал элпек айланат.

Жаргылчактын беттерин тегирмендикиндей мезгил-мезгили менен чегип туруу керек. Ошондо дан майда тартылат. Ансыз бети жылмаланып дан адырап түшөт.

Жаргылчакка көгүлтүр чаар кайрак сымал таштарды таап, ошону чексе болот. Орточо жаргылчак диаметри боюнча 30-40 см, жем түшө турган чуңкуру (көзү) 5-6 см, тутка кагуучу чуңкурунун тереңдиги 2,5-5 см болот. Ал эми туткасынын узундугу 8-12 смге барабар. Мында үстүңкү таштын калыңдыгы 5-7 см келип томпогураак көрүнөт. Алдыңкы таштын калыңдыгы 6-8 смге барабар. Таш чеккичтердин буюмду чоң-кичине кылып жасашы анын чуркашына, данды майда тартышына байланыштуу. Жаргылчак байыркы неолит доорунда пайда болуп көбүнчө көчмөн элдерде текши таралып, кеңири колдонулган.

Тегирмен – таш буюмдарынын көрүнүктүүсү. Эгинден ун-талкан тартат. Тегирменди куруу үчүн негизинен таш, темир жана жыгач пайдаланылат. Суу барасы аркылуу чуркап турган тегерек кош таштан орнотулган дүкөн. Аны чуркатыш үчүн чеберлер ташын, темирин жана жыгачын тандайт да, оңтойлуу жайын даярдоосу зарыл. Таштын үстүңкү бетине келген темирди бака деп коёт. Мунун моюнуна шимек орнотулат. Ал шимек баканын моюнуна илинет. Бака болсо, барага бириктирилип шар аккан суу аркылуу тегеренет. Тактап айтканда барага суунун шары тийгенде, ага күч келип таш айланат. Чеберлер шимекти

ат арабанын ок темиринен да жасап келишкен. Суу менен жүрүүчү тегирмендин ташын айлантуучу баралары жайгашкан жери тегирмендин күпчөгү деп айтылат. Ал тоголок тартып турат. Баранын жыгачтан жасалган он эки, же он беш калагы болот да, мунун астында узата коюлган жыгачы бар. Бул турум деп аталат. Асты жагын ургаачы турум, үстүңкү бетин эркек турум дейт. Мындан өйдө ноо кетет. Ал беш-алты метрге созулат. Бараны жүгүртүү үчүн чакан арык суунун катуу шары белгилүү өлчөмдө болушу керек. Эгер ноо бийиктикте орнотулуп, суу өтө эле шар келсе, жерди бат эле оюп, кум чайкап кетет.

Тегирмендин кампасы жыгачтан жасалат да, бир куйганда чымчып буума кап (бир центнердей) эгин сыят. Анын башы жазы, аягы кууш келет да, төрт буттуу аштамага асылган. Мунун данды өлчөп түшүрө турган калагы болот. Данды аз, арбындатып берүүгө шартташкан анын жиби түркүктөн өткөрүлүп, ал тээкте бекийт. Тээк буралса, жип чыйралып, дандын түшүүсү азаят. Тээк бошондосо, калак данды арбын берет. Тактап айтканда, чийки данды майдалоодо көбүнчө жип чыйратылат, куурулган данды салууга жип бошотулат. Демек, ошол тээк аркылуу жип бир чыйратылып, бир бошоңдоп турат.

Тегирмен ташы жаткан жайынан тандалат. Тегирмен такай чуркап турган чакта астынкы-үстүнкү бетин апта сайын метилеп турбаса, таш жешилип, бүкүлү данды ойдогудай майдалай албай калат. Акыйкатта турмуш-тиричилик үчүн тегирмен зарыл нерсе. Аны кармоо, такай чуркатуу аракеттерин кайрадан жандандырууга назар ташталууда.

Тегирмен ташы элүү сантиметр калыңдыкта келет. Астыңкы ташы үстүңкү таштан жукараак жана жеңилирээк болот. Үстүңкү таштын ооруураак болушунун себеби, ал данды тез талкалайт. Тегирменчилер жер ыңгайына, суунун шарынын күчүнө карата ташын жасашкан. Айрым чеберлер таштын диаметрин кырк смден бир, бир жарым

метрге чейин жасашат. Тегирмендин астынкы ташын кынтыксыз-кыймылсыз кылып, тактай менен кыстара бекитет. Ал эми талкан салган чакта жемди көтөрүңкү таштайт. Тегирмендин жүрүү темпин аныктоочу шакылдагы катуу жыгачтан жасалат да, ал ташка шакылдап тийип, калаада (кампада) эгиндин калбай калганы жөнүндө белги берип турат. Тегирмендин ташын суу боюндагы көмүлүп турган таштан тандашат. Ачык жаткан таш абдан катуу болот да, аны чегүү кыйын.

Таш чегүүгө балка менен керки түспөлдүү эки миздүү балка керектелет. Таш «Г» формасында чегилет. Анын таманы бодурала болот. Төрт бурч аспап аркылуу эгиндин түшкөн жериндеги тегерегин чегет. Учтугуй курч темир балка менен сайын жана чуңкурун оёт. Тегирмен таштын бетин кескич менен жымсалдайт. Мыкты тегирмендин ташы мүнөтүнө беш жүз жолу айланат.

Тегирменчи – таш чегип, тегирмен чуркатып, аны кесип туткан адам.

МҮНҮШКӨРЛҮК[8]

Биз кыраан куштар дегенде оболу бүркүт баштап, борбашка чейинки ийри тумшуктууларды, каңшаардуу, көзү көрөгөч, үндөктөөгө тилмеч канаттууларды гана эстеп жүрөбүз. Алгыр куштар менен кыраан куштардын ич ара айырмалары аныкталат. Себеп дегенде, «Алыбек алына жараша» дегендей алардын ич ара алгырдык, кыраандык бөтөнчөлүктөрү болот. «Ош – 3000» мааракесине карата кыраан куштарды салуу оюн-зоокторун көрсөтүү белгиленген. Баба салтында бүркүт, ителги, куш, ылаачын, жагалмай, турумтай, үкү, кыргый, борбаш, аладуңган өңдүүлөргө мүнүшкөрдүк кылуу мыкты өнүгүп, аларды кармоо, үндөктөө, түлөккө отургузуу жана таптоо, аң уулоо

[8] Акматалиев А. Кыргыз мүнүшкөрлүгү. – Бишкек: «Учкун», 1999. – 63 бет

сырларын даанышмандыкта өздөштүрүшкөн. Арийне, мүнүшкөрдүк да жаш өзгөчөлүктөрдү аныктайт. Балдарга таандык алгыр таптоочулук, аны салуучулук – жеринен улуулардын нускоочулугу. Алар да тестиер чагынан буга кызыгып, бара-бара бүркүт, ителги, ылаачын, куш өңдүү атактууларын күтүүгө өтөт. Ал эми майда алгырларды кичинекейлерге таптап беришкен жана кармоонун, үндөктөөнүн, таптоонун, аң уулоонун сырларын үйрөтүшкөн.

БУУДАЙЫК

«...Буудайык кармап алганда,
Тапка кирбейт дечи эле.
Тапка кирсе буудайык,
Колго конбойт дечи эле.
Колго консо буудайык,
Туурга турбайт дечи эле.
Туурга турса буудайык,
Үндөккө келбейт дечи эле.
Үндөккө келсе буудайык,
Кармайм деген эменин,
Төш этине тойчу эле.
Табы катуу буудайык,
Анан тапка кирбейт дечи эле...

(«Буудайык» Молдо Кылыч)

Бул – куштардын төрөсү. Жомокко айланган кыраандардын алпы. Жети кесептин (жети кесеп качырганын куткарбастар. Алар: буудайык, адам, кыргый, өрт, суу, жар, мышык) бири. Бүркүттүн зору. Уламыштан айтылган алгырдын паашасы, пайгамбары.

БҮРКҮТ

«Чабыттап барчын жол жүрдү,
Учурап жандар ар түрдүү.
Маңдайкы сары жайыктан,
Көрүнүп калды бир түлкү...»

(Эл ыры)

Бул – кыраандардын алпы. (Төрт жашар бүркүт барчын болот). Мүнүшкөрлөрдүн ата башын «бүркүтчү» деп айтат. Калган кыраан куштарды үндөктөөчүлөр – «мүнүшкөрлөр». Бүркүттүн чабытынан да анын алышы укмуш. Кулач жеткис жазы канатын жайып, аба мейкиндигинде сыдырым жел менен кошо сызып, алыска чабыттайт. Ыраакты эңсейт. Бүркүт чоңду качырат. Бийик жерлерди мекендеп, жашоо-тиричиликтерин өткөргөн алп канаттуу, муну таптоочулардын айлакердиги берки алгыр куштарды асыроочулардан айырмаланат.

Бүркүт салышка жоош жылкы керек. Күнүмдүк жемин күндө таап берет. Обору ачыраак келет. Дайыма колго кондуруп жүрүшкө, кабелтең жылкы бүркүт салууда бүркүтчүдө каруу-күч, кайрат-кубат болууга тийиш. Улам бийикте жашаган бүркүттөрдүн кыраандыгы артыла берет. Күңгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо, Нарын бөксөлөрдүн бүркүттөрүн «Тоо бүркүттөрү» дейбиз да, кыраандыгы айырмаланып тураарлыгын бүркүтчүлөр билишет.

Ийри тумшугу курч, матыра мыкчый кармап, бут-булчуңдары таштай түйүлгөн бүркүт жаныбарларды тайманбай тик качырат. Өткүр тырмактарын өпкөсүнө матырат. Алгырдыкты, жүрөктүүлүктү табият ченебей берген муну уясынан балапан кезинде, же чабыттап жүргөн чагында тор менен (куш күйүт) кармашат.

Уялоо учурунда ургаачылары шаңшып, өзүнчө тынчсызданат. Мыктылары бирден, экиден жумуртка тууп, кырк-кырк беш күндөн кийин балапандарын чыгарышат.

Май айын ортолоп чыккан балапандар жай бою чоңоюп, жай саратанын аяктай учууга жарайт. «Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алаарын» балапандары билет. Суур, кашкулак өңдүүлөрдү уядагы кезинде эле алып жешке умтулушат. Алар чоңоё түшүп, учууга аз калганда башка жаныбарларга тырмак матырууну эңсешет. Балапандар

аңчылыкка көнүккөндөн кийин гана ата-энелери «милдет-терибизден кутулдук» болуп, өзүлөрүнчө чабыт алат.

Кыраан куштар темир канаттан өткөндө алынат. Бүркүтчүлөр мурунтан барып, жолун чалып, канча күндөн кийин торолорун болжоп жүрөт. Ансыз темир канаттын куйруктары сынып калса, «кан куртка» айланат (Канат-куйруктары жакшы өсүп баратып, кайра эле ошол жеринен тырс сынып турат).

Бүркүт кармоонун көп түрү бар. Бирөө кур дүрмөттөп, мылтыкты даярдайт. Бирөө аркандын учун кармап, абалы чочутуп көрөт. Ата-энеси болсо сезип, мындай чыгат. Айрымдарынын ата-энеси адамга капыстан кол салат, туу жондо турганда эңип жөнөшү мүмкүн. Каарына калса, бүркүттөр адамсыңбы, айбансыңбы, ага карабайт. Аркан менен түшмөй болгондо аркандын жогор жагына темир балбан казык кагылат, ошого байланат. Аркандын бир учун бирөө белине байлап түшөт. Мисалы, төрт киши келсе, мындан да мыкты болот. Ылдыйлап баратканда арканды бошотуп, акырын саал жылдырып турат. Эгер эне-аталары келе жатышса, кур дүрмөт менен сездентет. Калдыркан темирди тешип, бири-бирине тийиштире турган кылып, аркандын учуна байлап, уянын так үстүнө туруп, акырын арканды саап түшүрүп, «калдыр-кулдур» калкан калай дабышы уянын дал өзүнө келип, балапан ордунан ыргып кетип, учуп барып, ылдый кондуруу аркылуу да кармоого болот.

Бүркүттүн балапанын кадимкидей тумшугу ичке ийрейип, эки ийини чыгып, текөөрү көрүнүп, канат-куйруктары кудум кыраан кебетеленип, шаңшып, тырмактары менен айбат кылат. Бүркүтчү аны сызмага ороп, өңөрүп алат.

Бүркүт аттуунун мүчөсү бараандуу, обору ач, жемсөөсү чоң келет. Мисалы: ителги, ылаачын, куш бир кекиликти бүт жесе, бүркүт ага араң «бөрү тоют» болот. Бир тоок анын бир күндүк жеми. Бүркүт да, ылаачын да, ителги да ашкере тойсо уча албай калат. Жемсөөсү саландап, учкан-

да өйкөп коёт. Ошондо жапайысын бир-эки курдай бат-бат учуруп, кармап алууга да болот.

Түлөккө отургузуу жырткыч куштар үчүн бирдей. Түлөк – кайра жаңы жүн чыгарып, кыраанды тотуктуруп алуу. Адатта, биздин ата конушта чын куранда (апрель айында) күн жылып, жондон жылуулук өтө баштайт. Ошондо башка куштардай эле бүркүттөр да түлөккө отурушат. Түлөккө коюш үчүн мүнүшкөрлөр жемин азайтып, улам этин карап турат. Бүркүт арыктай баштайт. Серпээр бутун көрөт. Ал акырындык менен шишийт. Бул арыктыгы жетиккендиктин белгиси. Жүнүн шыпыруу үчүн эми жемин өтө эле тыкыр өлчөм менен көтөрөт. «Түнөгүндө куштардын, түлөгүндөй сабалап» (Казыбек). Эти чыңалаары менен жүндөрү жыдыйт.

Бүркүттүн оң-сол чалгыны бар. Анын биринде беш тарап чалгын бар. Уч тараптагы кыскаларын «жергеси» дейт. Ашкере кыраандарынын куйругу он экиден өсөт. Ал эми жалгыз туумаларыныкы он үч болот. Ал кыраандыктын белгиси. Арийне, андай бүркүттөр сейрек кездешет. Он беш – он жети уядан бирөө чыгат, же чыкпай калышы да ыктымал.

Бүркүт түлөктөн толук бошогончо баш оона (август) айы кирип келет. Жаз айларында айбанаттар төлдөп, төлү торолуп, өзүлөрү эттенип, алардын тиричилигинде бейкуттук өкүм сүрүп, айбанаттар аркылуу жаратылыш менмен-синет.

Күз башталып, ууга чыгуу учурунда бүркүттүн жүнү жетилет. Мүнүшкөр жемин ого бетер күчөтөт. «Канча жесе жесин, семирсин, сөөгүн агартсын», – деп турат. Ангыча аяк оона (сентябрь) айы ортолойт. Канат-куйруктары жетилип, кундуздай жүнү жылтылдап, бүркүт абалына келет. Муну «таза түлөк» дейт. Ала түлөктө жаңы жүндөрдүн араларында эски жүндөрү серт көрүнүп калат.

Бүркүттү таптоо башталат. Кам жем берүү – кол башындай жемди туурап, сууга бир же эки чайкап берүү. Кам жем шайы ооп, тор эти кетейин дегенде берилет. Ак жемден кийин сугунтулат. Күн сайын бүркүттүн көзүн карап, санын кармалап, баамдап турат. Саны карышкырдын толорсугунан жоон болсо, ошол бөрү алат. Түлкүнүкүнөн жоон келсе, ал бүркүттү түлкүлүк эле бүркүт дейбиз.

Балбан бүркүттөрдүн саны жоон санынын түбү бир тутам, эки эли, үч элиге жетет. Аны колго алып жүрүүнүн өзү кыйын. Бүркүт ак жем бергенде табына келет. Анын ортосунда ичегисиндеги жаман заңдарды айдап чыгышка жылуу сууга шекер аралаштырып, түтүк аркылуу аткы берсе кыраандын көңүлү ачылат.

Бүркүттүн көзү өтө курч келет. Бүркүт караандардан мурун таанылып, баарынан жогору коюлат. Эми «мүнүшкөр» деп айтуудан мурун «бүркүтчү» дешти арбын колдонобуз. Чоң атам: Аталарыбыздын укkан элек. Ошолор көргөн имиш, – деп баштаар эле, – Кең жайлоо чатырап, күүгө келип, күчкө толуп турган учуру. Ошондо чак түш чен. Түшкү мал келип, бала-бакыралар кой-эчки саап, жалпы тиричилик кой короодо өтүп турган чакта асмандан шаңшыган үн чыгат. Ал кандайдыр айыл үстүндө куюн келе жаткандай сезилет. Заматтын ортосунда көзгө жомоктогу алпкаракуштай туюлат. Короодогу койлор маарап, кермедеги уйлар мөөрөп, желедеги жылкылар кишенеп, асманды жапырт карашат. Желеден обочороок турган туу калган бир чаар бээни эңген бойдон асманга атып чыгып, коздон кайым болуптур».

«Буудайык бүркүттүн бир түрү», – дешет мүнүшкөрлөр. Бүркүт көзүнүн курчтугу жана жүрөктүүлүгү менен башка жырткыч куштардан айырмаланат. Самолёттун канатын мыйрыйта тепкен чындык бүркүт баласына таандык кыраандык. Кийикти эңип, асманга тике көтөрүлүп, би-

йиктикте бири таштаса, бири жерге түшүрбөй, кайра эңип, абада «көкбөрү» тартышкан бүркүттөр бар имиш.

«Шодокондун бүркүтүндөй» деген лакап айтылат. Ал кыраандардын алгыры. Натыйжада, чымчык, көгүчкөн, кекилик, чил, каз, өрдөк, кыргоол өңдүүлөрдү алгандарга караганда кийик, карышкыр, түлкү, сүлөөсүн өңдүүлөрдү куткарбас бүркүт таптоо нарктуу көрүнүш. Мындан «канаттуунун баарысы бүркүт эмес», – деген накыл айтылат. Демек, мүнүшкөрлүктүн ата башы бүркүт таптоочулук.

Байлооч бүркүт деген бар. (Түлкүнүн этин коюп, жемди таштап, ошого жетээр-жетпес кылып байлоочту байлайт. Куу кекиртектин айынан жемге же тиги бүркүт үчүн асмандагы бүркүт келип, тириге (торго, колго) түшөт. «Байлооч бүркүт» байкуш бүркүт, жердиги начар болот.

Бүркүт аттуулар уусун шыпыра барып, мыкчый алат. Катуу кармоонун өзү – ачуусунун келгени. Анан алган аңын бирөөлөрдөн кызганат. Ээсинин колунан талашкан бүркүттөр да бар. Мында да анын ачуусу келет. Алган аңы моюн сунбай, каршылык кылган чакта канаттары аябай кериле жайылып, куйругун жерге төшөйт. Уусун эки колу менен карыштыра кармайт. Колуна кондуруп, «шукшур» (бул мүнүшкөрлөрдүн сөзү, ооз учунан чыйпылдатуу) дегенде ошондо кыжыры аябай кайнайт.

Бүркүттү майып кылуучулар: сүлөөсүн, мышык, үкү, анан элик болот. Анткени, элик байкатпай тээп коёт.

Бүркүттүн башы сары, өзү кара көрүнсө, муну «тынар» дейбиз. Анын шыйрактарында жана тырмактарында кобулдары бар. «Калдыр канат, муз мурут» бүркүт мөңгүдө жумурткалайт. Ак кар, көк музда туугандыктан жүнү өрдөктүкүндөй тыбыттуу, жылуу келет. Суу өтпөй жылтылдап, канат-куйруктары катуу болот. Канаттарын каккылаганда дабышынан мал үркөт.

Ак кырчоонун бүркүтү чөл бүркүтү. Бул биздин Ала-Тоонун эле айланма бүркүтү. Мында бөлөктөрдөн бөтөнчө-

лөнгөн деле белгилери болбойт. Мыктысы канат-куйругу жетилээри менен өз алдынча чабыт алат. Начары тырмагы түшүп карыганча эчтеке ала албайт. Энесин ээрчип, олжосуна ортоктош, жүрө берет.

Бүркүттүн тынары бар. Ал куштан да, кыргыйдан да чыгат. Анын башы сары, тумшугунун канжарында белгилери бар. Бүркүт барчын болгондо агы кетип, жүндөрү карага айланат. Анын адамга баш ийүүсү кыйындайт. Торго байлооч кылып жатып, эптеп кармалат.

Байлооч – торго жем коюу. Жаш бүркүттөр жемди ажыратып жеймин – деп, колго түшөт.

Айтымдарда, бүркүт аттуунун кырк түрү бар жергебизде. Кырктын кырк түрдүү табы, кырк түрдүү жоругу билинет. Мунун ичинде төрт берени бөлүнүп турат. Алар кыраандын укмушу. Төртөө төрт бөлөк касиетке эгедер. Төртөө тең бөрү – карышкыр алат. Калгандары түлкүлүк бүркүттөр.

Бүркүттүн төрт берени бар: «Чөл бүркүтү – «Чөл сарысы» деп аталат. «Калбыр канат муз мурут» – мөңгүдө уялайт.

Жана айткандай «Тынар» – башы сары, өзү кара. Буттарында кыр-кыр кобулу бар, тумшугунда кара белгиси көрүнөт.

«Куу чегирдин» анча кыраандыгы жок. Эл аны кара жолтой дейт. Андан «май чегир» кичине тапка келип, учушу да, конушу да, бирдеме серпиши да түзүгүрөөк.

«Төө комдот» (төөнүн жүгүн табат. Ушундан улам «төө комдот» аталат). Чөл бүркүтү сымал далдайып, жарыктык – бүркүттөрдүн зору. Ал ителгидей тебет да, текөөрү укмуштай катуу, тепкендери соо калбайт. Анын канжары ошол текөөрү, канжыгалуу олжо-буйлалуу болот.

«Жылан көз» бүркүт жыландардын башындай көрүнүп, ал түлкү ала коёт.

«Ур токмок» деген бүркүттүн да түлкүлүк алы бар. Анын эрдиги – ал чоң-кичинесине карабай качырат.

«Ак кырчоонун бүркүтү чөл бүркүтү, ал да түлкүлүк келет. Ак жип байлап койгондой анын канатынын сыртында ак жик бар.

«Канжыгалуу кара кер» – бул да түлкүлүк. Анын канаттарынын алдында эки жүн узун-кыска болуп, кадимки канжыгадай көрүнөт.

«Керегендүү кара көз» – керегендүү (алдырбас, мант берген, жазгырган) түлкүлөрдү алат. Акылдуу кыраандар «Аң качсын, анан алам»- деп турат. Ал канаты менен чабат да, өйдө учуп, качкан түлкүнү жаздырбайт.

«Чөл сарысы», «тоо карасы» – айла жок кыраандар. Бир топ бүркүттөрдүн ичинде экөө өзү эле айырмаланат. Чөл сарысы көбүнчө Алай, Алайкуу тараптан ооп келет. Оң колунда ширеңкенин талы баткандай тешиги бар.

Кабак бүркүтүнүн тумшугу узун, жоон буттары тукулураак, каңшаарлуу. Тескей бүркүттөрүнүн жогдор жүндөрү шуру берметтей бышык келет. Күнгөй бүркүттөрүнүн сонор жүндөрү бир тутам болот.

«Алайдын ак көзү» эчкинин көзүндөй кыткыл-кыткыл тартып турат, жүндүү, саяндуу, тыбыттуу болот.

«Саздын кара чакылдагы» байкуш, өрдөк, балыкка тап.

«Ышкынчы» – бүркүттөрдүн эң шордуусу. Ышкындын башын эңип жейт. Энесин ээрчип, табылгасына тең орток болуп жүрө берет.

Алай, Памирдин «Муз мурутунун» таноосунда кылы бар.

«Баш сырга» деген бүркүттүн таноосу жырык. Табын тарта билсе, чоң кыраан дешет. Аны «Учканда жандар кабылдайт, кабылса тырмак матырат, кара жанын жапырат», – дейт.

Бүркүттө да уядан алганын «кол бала», «кор бала» десек түзүк болор. Тор бала саятчылык аркылуу колго түшөт. Саятчылык аларды кармоочулук. Ал жаратылышта көргөнүн, билгенин, алганын түк таштабайт. Андай табы келип тургандар кырк жылдай салынат.

«Курт чычаар Жумгал бүркүтү» улам түлөккө отурган сайын куйругуна кашка белги салат. Ал түлөктө төрт ай отурат.

Бүркүттүн жумурткадан чегилгени балапан, ал учуп чабыт алганда бозум болот. Андан ары карай ымтүлөк, күнтүлөк, барчын. Андан бир барчын, эки барчын, үч барчын, төрт барчын – деп, кудум жылкыны «асый» деп санагандай кете берет. Бир жумурткадан эгиз балапан да чыгат. Жарыктык, кыраандар үйүгүшүп, жалган куранда жумурткалайт.

Алгырдын жүнүнүн аралары ачылат. Бүркүттүн он тарабынан бир чалгыны, сол тарабынан бир чалгыны түшөт. (Айрым учурда «жергеси» – кыска канаты да түшөт). Эгер жумшак кезинде муну кокус сындырып алса, ал «кан куртка» айланат. Канат өсүп баратып эле, кайра ошол жеринен сынып турат. Түшкөн канаттары кайрадан түшкөн чакта мүнүшкөр өзүнүн табыпчылык-дарыгердик кереметин колдонот. Бүркүттүн канат жүндөрү чыгып, эти көтөрүлгөн сайын жемин тап менен кошуп, ал жылтылдай баштайт.

Тинтүүр кыраандарга карата жасалган табыпчылык, сынықты дарылоо ыкмасы. Тыбырчылабагандай байлап, жарыкка салып, мисалы, бүркүттүн бутунун сынган жеринен терисин тилет. Тинтүүр салып, бычыраган сөөктөрүн терет. Тинтүүр – таза күмүштөн жасалган аспап (Өзү темене сымал, бирок, башы тултугураак келет). Эттин арасындагы кыпын сөөктөрдү көрүп, аны искек аркылуу чымчып алат. Эгер сөөктүн кыпыны эле калса, кайрадан «ойноп» чыгат. Ириң толот, жарага айланып «кулгуна» мына ушундан пайда болот. Кулгунаны айыктырууда табыпчылар ке-

перести сууга эзип, жарага себишет. Сээп, аны жибек жип менен тигет. Тигишке сыйпалган дарыга мумуя аралашат. Аттын туу куйругун кылдат кырганда чаңга окшогон неме чыгат. Аны «кыл данакер» дейт. Ошону чогултуп алып, ага курумшунун күлүн аралаштырып, тигил тиккен жерге жабат. Сыртынан чүпүрөк ороп, кийиз коюп, шакшактап таңып бутун байлап таштайт. Алды жумшак болушу үчүн туурдун үстүнөн кийиз тигет. Бүркүттү кондурганда ал соо буту менен отуруп калат. Кыскасы, он күн ичинде шишиктери шимилип, буту таканчыкка илинип, он беш күндө эки буту менен туурда отурууга жарап калат. Албетте, кыраандын сынган буту бир элидей кыскараак болуп калат.

Бүркүт таптоодо чырга сүйрөтүү (чырга тартуу) дегени бар. Бул – кырааңды тапка киргизүүнүн бир ыгы. Чырга түлкүнүн терисинен жасалган кеп. Аны туюк союп, тулуп кылып, ичине жүн, кебез, саман тыгып, түлкүгө окшоштуруп кургатат. Кыраан алыс отурса, аны чакырат. Анча үйрөнө элек бүркүт үчүн мүнүшкөр чырганы дайыма канжыгасына байлана жүрөт.

Ал эми тирүү көрсөтүү, бул тирүү коён, түлкүнүн куйругун коёндун куйругуна байлап, бүркүткө алдырып, ага жедирүү. Белинен жип менен курчап, аны бирөөгө карматса, коён кыймылдап, бүркүттүн томогосун тартканда «түлкү экен» деп барып, басып калат.

ИТЕЛГИ

«Көзү кара көк шаал бут,
Бул ителги бек албуут.
Атып чыгып асманга,
Аралашат жылдызга.
Кулак тунуп шуулдайт,
Кайра тартып качырса...

(Саякбай)

«Көңүлдү көтөрүлткөн көрк эмеспи,
Ителги имерилген көк асманың»

(Мидин)

«Ителги тегирмендин ташын бөлө тээптир» (Уламыш).

Айткандай, «Куш күйүт» – кыраандарды кармоо. Тордун эн чоңу жүз баш (көзөнөк) болуп, анысы бүркүттөрдү кармоого арналат. Ителгиге, кушка, ылаачынга сексен баш тор туура келет. Бул жибек кендирден жасалат. Тордун көзүнүн чоңдугу: бүркүттүкү – төрт бурчу төрт сөөм, ителгиники, куштардыкы нукум эле келет. Тордун төрт чыбыгы бар.

Жалган курандын (март айынын) аяк ченинде кыраандар кайра тукумдачу жайына келе баштаган учурда алардын ар бир түрүнүн аша турган ашуу белдери болот. Көпчүлүк жырткыч канаттуулар бир жерден эле өтөт. Бүркүт да, ителги да, айтор, кыраандар биринен сала бири учат. Ашууну түптөй келип, жер төлө жасалат. Жер төлө атайын казылган аң. Бийиктиги киши бою болуп, жантайма жердеги үстү жабылуу. Кыраандар кайкып келе жатуучу жерге жайгашат. Мүнүшкөр буга отуруп да, жатып да өтүүчү куштарды күтөт. Сен аларды көрүп турасың, алар сени көрбөйт.

Кармап келген кекиликтин, чилдин бир бутуна танап (узун жип) тагып, айланма кылып, төлөнүн ичине кармай отурат. Ал эми тордун төрт чыбыгын казык аркылуу төрт бурч кереге сымал төрт элидей тереңдикте бош сайып коёт.

Мүмкүн, көзү курч кыраан айланып торду карай бет алат. Жакындары менен танап тартылат. Тордогу кекилик ойсоңдоп бөжүйт. Кыраан аны көрөт, көрөөрү менен (м: ителги) бир тутам болуп куушурулуп келип, кекиликти тордун ичине тебет. Тээп торго чалынат. «Чыгам» деп жулунуп атып, тордун төрт-беш көзүнө чырмалып калат.

Төлөдөн чыгып, торду көздөй басканда шаңшып, жаасына келип, жакындатпай да коёт. Тери мээлейин киет. Аны кол менен кармоого болбойт. Ителги терисин үзмөк түгүл, колунду жулуп алат. Мунун бычагы тумшугунда. Ителги кара мүртөздүгүн карматып, ачуусу, каары сыртына чыгып, канат жүндөрү тикендешип, тиштегилеп, тырмактарын матырат. Моюнунан ылдый куйрук учуна чейин бөлөп ороп, куйрук башынан кур бошоп кетпөө үчүн кайыш менен байлайт.

Кыраан боосу, бул – кыраандын бутун байлоочу кайыш. Чолок боонун эки башы бутка байланып, узундугу сөөмдөй эки эли катуу жыгачтын эки башын, ортосун тешип, чолок боонун эки башы ошого өткөрүлөт. Ал жыгач «айланпа» деп аталат. Анткени, мында боо чырмалбай айланып турат. Жыгачтын ортосундагы тешикке узун боо өткөрүлүп туурга отургузулат.

Алачык – кыраандын үйү. Ал менен туур бирөөлөр тийбегендей, тынчын албагандай тегерек-чети далдаа болот. Балапан кыраан абдан учууга жараганча, же үндөккө биротоло киргиче ошондо турат.

Туур – кыраандын отураар орду. Туурдун түбүнө бир темир казык кагат. Анын башында тегерек (чагарак) темир бар. Андан узун боону өткөрүп, дагы бир темир казык кагып, бир башын ушул казыкка байлайт. Кыраан талпынганда чолок боо эки жакка жибербейт. Анын канат-куйруктары да сынбайт. Эгер узун бойдон болсо кыраан талпына берип, канат-куйруктарын сындырып алат. Боо чалынса, буттарын да майып кылат. Мындай боо тагуу аземи бүркүттө да, кушта да, ылаачында да, кыргыйда да болгон.

Үндөктөө – кармалган кыраанга туурга отургузуп, жем сугунтуу. Үйүр алдыруу. Узун боо менен төмөнүрөөктөн жакын барып, этти көрсөтүү.

Кыраандардын кара көңүлү болот. Ал жонун да сыйпатпайт. Аны ачка коюп, эртеси ушул маалда кайра жем

берет. Кара көңүлү үч күн катары менен жем жебейт. Мээлейди колго алып, аста сыйпагылап, төртүнчү күнү аркан керип, «селкинчек» кылып, ошого отургузат. Таң атканча термелип, уктабай чыгат, эртесинде эрксизден эт чокуйт. Эртеси жем берээр маалда этти алып, туурунда отурган жерден көрсөтөт. Кара мүртөздүгү качып, этке жулунат. Боону кармап, жакын барып, жемди көрүп колго шап отурат. Эми жемди алысыраактан көрсөтөт. Эртеси алыстан шап эле колго конот. Конуп, жемин чокуй баштайт.

Улам күн сайын өзгөртүп үндөктөп отуруп, кыраанды үйүр кылып алат. Ал үй-бүлөнү жазбай тааныйт. Ансыз кыраандар тапка жакшы кирбейт. Алыстан чакырып, үндөктөө зарыл.

Үндөктөө – өзүңө үйүр алдыруу, айтканыңды жасатуу, узун боосуна дагы боо улаштырып, танап кылып, алыстан чакыруу, жем берүү.

Кыраандардын жем баштыгы булгаарыдан тигилип, мүнүшкөрдүн мойнунда асылуу, бешманттын ичинде катылуу болуп, ага этти кесип-кесип салып коёт. Адамдын денесинин деми менен эт жылуу жүрөт.

Адатта, жырткычты «Попу», «попу»?! – деп, «Попу кел, попу кел», – деп чакырат. Эмне деп чакырсаң куш ошого көнөт. Утуру алыстатып отуруп, кыраан үндөккө келет.

«Тир» – мисалы: ителгиге, ж.б. кыраандарга, көгүчкөн, таан, чекир көз чөкөтаан ушул өңдүү канаттууларды тирүү көрсөтүү.

Тир – таптоо өнөрүнүн башталышы. Томого – кыраандын бөркү.

Томого – катуу, демек, аны кырааңга кийгизүү. Томого жасоого чеберчилик керек. Кыраан менен мүнүшкөрдүн ортосунда «пикир келишпөөчүлүк» да болот. Томого көзгө тийген жокпу, томогонун сагагы кененби. Ал башын чулгуйт, силкет, өзүнчө жинденет. Бөркүн буту менен ка-

гып түшүрөт. Эки «жем басаарын» (куштун сөөмөйү «жем басаар» деп аталат), кайыш менен тушап, кайра тууруна отургузуу, бутун томогого жеткирбөө. Бөркүн тартып, кайра кийгизип, кайра тартуу.

Тирүү кармоо – тузак менен жемин кармап келүү. Мунун бутун байлап, ага узун танапты улаштырып кармап, тээ-э, окчун туруу. Мисалы: ителгинин томогосу тартылат, кээси ыкыс бербейт. Тирин кармап, кичине канат-куйруктарын жайып кайра туруп калат.

Ак жем берүү – бул кыраандын ашыкча эти же кири бардыгы. Чүкөдөй этти жука кесип, канын сыгып, чарык жип менен арчындап, бир сугумдай кылып, жылуу сууга күнү-түнү коюп, аны эртеси сугунтуу. Анын эртеси тирини көрсөтүү. Ыкыс берип, кайра токтоп калса, экинчи курдай дагы ак жем сугунтуу. Эми мисалы ителгинин көзү башкараак, кареги кара таруудай болот. Кареги чоң болсо анда кыраан эттүү экенин билгизет. Жырткыч канаттуулардын көрөгөчтүгү, күч-кубаты ошол каректен сезилет. Акыры айласын таап томого катып, тирини алдырганда аны кыраан тойгончо жейт.

Ителги – уусун тебүүчү кыраан.

Шумкардан шумкар туулбайт, ителгиден шумкар туулат. Анын он-он беш чакты уясынан бирөө чыгып, же чыкпай да калат. Ителги үч-төрттөн гана жумурткалайт. Аны эркек-ургаачысы алмак-салмак басып, балапан кылып чыгарат. Эркеги ургаачысынан кичинерээк келет, бирок, чымыр көрүнөт.

Жалпысынан ителги деп аталганы менен таза шумкар кызыл чаар, көк чаар болуп бөлүнөт. Алардын мүнөзү жакшы, тапка да бат кирет.

Сүртмө шумкардын белгиси бар. Тумшугуна кежигесине дейре бирдеме сүртүп койгондой көрүнөт. Өзүнөн-өзү эле жылтылдап турат.

Косоо шумкар капкара шумкар, ал аябай кара мүртөз, мүнүшкөрдүн мүнүшкөрү чыгынып отуруп, айлакердигинен араң тапка киргизет. Анын куйрук-канаттары катуу келет. Темир калдыркан өңдөнөт. «Калдыр канат муз мурут бүркүтү» сыяктуу силкилдеп койсо, короодогу кой үркөт. Талаадагы тай үркөт.

Байпактуу шумкарлардын буту жүндүү, куш мүнөздүү.

Мойноктуу шумкардын моюнунда көкала белгиси бар.

Күйкө шумкар – деген чабал, күйкө келбеттүү.

Ителги болсо куштай чоңдукта, канаттары учтуу. Кыргый менен куштуку тегерек тартат. Мунун ичинен бөлө-жара тебүүчүсү таза шумкар. Ителги жарга уялайт. Көбүнчө мүнүшкөрлөр балапандарын алышат. Үйдүн ителгисинин моюну кара, кара таман, моюнуна кырчоо байлагандай карала өңдүү болуп турат.

Ителгинин айныкейи ачып көздү жумгуча, көргөнүн ала албай калса, тээ-э, алыстан көрүп калган немелерине кетип калат.

Далбаа – ууга чыгууга даярдана баштоо. Ал карга, көгүчкөн өңдүүлөрдүн канат-куйруктарын болжолдуу бир кеп өңдүү кылып, аны силкип, айлантып кыраанды чакыруу. Ошону кыраан көрүп, башка жакка кетпей айланып келет. Мисалы, ителги куушурулуп келип аны тебет, ошол кезде «популап» чакырып, колуна кондуруп, жем берүү (Бирөөлөр далбаасыз колу менен чакырып, колун сындыра тептирип алганын мүнүшкөрлөр айтат.).

Ителгинин томогосу тартылганда ал абалы жер менен жер болуп жөнөп, жуп он-он беш кадамдай калганда асманга октой түптүз атып чыгат. Уусуна төбөсүнөн тиет. Акыркы уусу менен жерге түшөт. Түшүп, анын тамагына матырып, жылуу эттен оозанып калат. Чолок боосунан кармап, өз жемин көрсөтүп, эптеп алаксытып, уусун бошотуп алат.

Ителгинин мыктысы эгер уу көп болсо, жыйырма-жыйырма бешин тээп түшүрөт. Бир эле томого тартканда 15-17 тоодакты тээп түшүргөн шумкарлар бар. Ителгинин жаманы ак көтөн болот. Куйрук алдындагы жүнү аппак келет. Картанын да жердиги бара-бара ошондой көрүнүшү мүмкүн.

Кыраандар жер түшөйт. Күзөгөн аймактары болот. Күнгөй-тескей Ала-Тоо кыркаларындагы ителгилерди «бөксө кыраандары» деп аташат. Зоокалары, аскалары жалама келип, өзүнчө шуулдап, шоокум берип турган ителгилер үчтөн-бешке чейин жумуртка тууп, алардын бирөөн «сасыткыга» чыгарат. Балапандары жайдын толугунда темир канат болот. Үндөктөп, анан тапка киргизгенче күз келет.Ууга чыгуу учуру башталат.

«Кайра тартып качырса,
Тоголотуп тоодакты,
Кууга жаңжал салганы,
Так ушундай мүнөздүү.
Ителгинин балбаны»

(Саякбай)

Укмуштай кара мүртөзү мүнүшкөрлөрдү эң эле бушайман кылат.

ШУМКАР

«Таптаган билет шумкарды,
Чапкан билет тулпарды.
Таптаса шумкар учпайбы,
Чапса тулпар чыкпайбы?»

(макал)

Ителгинин темир канат балапанын кармап, үндөктөп, таптоосуна келтирсе, бара-бара даана шумкар чыгат. «Өзү ак, көзү карадан шумкар туулат. Өзү кара, көзү көктөн

шумпай туулат», – деген кеп бар. Шумкар устаранын мизиндей жаланып, тапка келет. Шумкарга томого катып, башынан куйругуна дейре сылап-сыйпап туруу керек. Тоодак – каз, өрдөк, кыргоол өңдүүлөр анын уусу. Томогону тартып көрөт, табында болсо, кайра тартат. Шумкардын томогосу тартылып, боосу менен кетет.

Жерге тиер-тийбес канат элеп барып, он саржандай калганда типтик өйдө атып, селкинчек болуп тээп, тепкендери талп этип түшүп, бир кезде акыркы тепкени менен өзү кошо келип отурат. Таттыгып калса, күйүкчүл болот. Кызыл май жагына чаап кетет. Тумшугу менен мууздап, бир-эки сугунуп жиберет. Мүнүшкөр ала келген жемин көрсөтүп, араң ажыратат. Кыраан айбанаттарга өчөгүшө түшөт. Шумкардын жемсөөсү томпоюп калса, шумкарды кармап туруп, жемсөөнү ушалап сыгып, оозунан кулгутуп алат. Алып, суутуп коёт.

Кара терге түшүп чарчаганча уу алган ал табынан түшөт. Талаа-түздөгү олжо тең эле болот.

«Ак шумкарды салбайын,
Ак шумкарды салам деп,
Азабына калбайын...».

(Манас»)

Жырткычтардын зору бүркүттүн табышкердигин эсепке албаганда ителгинин ичинен тандалып чыккан шумкарга эчтеке теңеле албайт. Баарын «кыраан» деп айтканыбыз менен кыраандын кырааны, куштардын кушу, канаттуунун канаттуусу бар. Тээп түшүрүүчүлөрдүн ичинен шумкар менен ылаачын. Бул экөөнөн да ак шумкар канжыгалуу. Ителги деп, кармап келип, андан кыраан чыкса, «Шумкар тура» дейбиз.

«Ак шумкар», «Кара шумкар» дейбиз. Ал тууралуу ар кандай болумуштар бар. Анын табы билет, багы билет.

Анткени менен мүнүшкөрлөр, саятчылар «Ак шумкар» эле кыйын деген бүтүм чыгарышат.

«Окшотуп кара сопуга,
Олтуруп бийик чокуга,
Кагынып канат-куйругун,
Каранып тоонун кыр-кырын,
Бир кезде шумкар үн салды,
Сагынса керек туйгунун,
Шумкардын үнү туйдубу,
Заматта келди туйгуну.
Көралбай турган шумкардын,
Көзүнүн жашы кылгырды.
Чабыттап учуп жөнөштү,
Болжошкон бөксө, ылдыйды».

(Байдылда)

ЫЛААЧЫН

«Асмандап учкан ылаачын,
Ылаачын жаят кулачын...»

(Эл ыры)

Мандайынан ителги менен ылаачынды айырмалай албайт. Туура, экөөнүн сырткы көрүнүшү бөтөн көзгө так ошондой окшош көрүнөт. Ителгиден шумкар чыкса, ылаачындан кумпай туулат. Бул мыктысы, андан кийинкиси шумпай, анан ылаачын болуп бөлүнөт. Жалпысынан биз ителги дегендей ылаачын деп коёбуз.

Бул да жарга уя салат. Ителгиникиндей өлчөмдө томого киет. Мунун да канаты учтуу. Ителгидей, кыргыйдай тийгендерин дароо мууздайт. Тумшугу бычак. Булар куш кайсыны алса, ошого тап. Анткени менен ителги кыраандык кылат. Ага айла-амал жок. Учкулдугучу. Ителги экөө бири-биринен анча калышпайт. Ылаачын тамагын табыш

үчүн күн чыгаары менен, анан кечки бешимде, ушул эки маалда ителги да арык ичинде, кокту-колоттуу жерлерде көрүнбөй чабыттайт. Аңды экөө бирдей качырат, бирдей табат. Деген менен ителгинин тепкени артыгыраак болот.

Булардын айырмасы ителгинин тумшугу, буттары көк, жоон, анан кыскараак көрүнөт. Ал эми ылаачындын арышы узун, шыйрагы бир аз ичке, буттары менен тумшугу сары келет. Муну уядан алуу, үндөктөө, таптоо, түлөккө отургузуу ителги менен коёндой окшош келет.

«Моюнун кыйып куу алмак,
Ылаачындын адаты.
Ылдам сабап учаарга,
Узун чалгын канаты».

(Саякбай)

Ылаачын көзгө токтому жок, укмуштай учкул да, шамдагай да болот. Чалгын канаттары узунураак. Учтары ичке көрүнөт. Ачык асманда күүлөнүп, канаттарын серпсе, абанын калың катмарын тилип бараткан реактивдүү самолёттой сезилет. Ал уусуна бурчатпай жетет. Чарчабайт. Тепкени менен жерге түшүп, аны жегиси келип, кайкый барып конот. Жулуп тартып, аны тытат. «Жем басары» менен басып, уу тумшугун матырат.

Анын башын мууздап, мууздоосун кыркып жиберип, төш этин жеп, «куштоют» болот.

Ылаачын куштун ичинен чыгат. Көгүчкөн, улар, аккуу, каз, өрдөк, каракур, кыргоол, кекилик, чил, тоодак өндүү илбээсиндер (жырткыч жаныбарларга жем болуучу канаттуулар менен тамактанышат) салынуучу ийри тумшуктуулар (бүркүттөн башкасы) «куш» деп аталат. Анын эркегин «чүйлү» дейт. Ага ителги, кыргый, турумтай, жагалмай өндүүлөр кирет да, мында кыраандыгына, алына

жараша алаар уусу тандалат. Ошону чырга сүйрөтүп, учканда эмнени алаарын билгизет.

Ылаачын – кыраан куштардын өжөрү. Ал тоо боорундагы бийик чаптарды, жарларды, зоокаларды, заңгилерди мекендеп, анын сактыгында да ченем жок.

Дарыянын жээгиндеги жарларга ылаачын уя салат. (Жети кесептин бири «жар» дешет. Жыгылып баратсаң карманаар жериң жок, үстүнөн кол сала албайсың). Балапандарына тор жаюу керек. Үч кулач ичке жип даярдап, кичине тор менен балапандарын учура турган учурду күтүү зарыл. Бир карганы узун жипке танаптап байлап, торду жайып, чуңкурча жерге аңчы жашынып отурат.

Мүнүшкөрдүн бир аты «саятчы». Ал – кыраандарды кармоонун ыгын билген адам.

Ылаачын – жырткыч канаттууларынын өтө сагы. Уяларын жалама жардын чок ортосуна салат, жапсар жер, көмүскөнү мекендешет. Албетте, ал – балапандарын «суук көздөрдөн» сактаганы. Жардуу жайда чычкандар көп. Балапандары темир канат болгондо алыс чабыттап отурбайт да, иregесиндеги чычкандарды кармап, жылуу кезинде тамактанта коюп, бат эле ирдентип алат.

Айлакер кыраан көгүчкөн, каргалардын сабалаган жерине уя салып, уяда аларды көргөзүп, учканда ошолорду алаарын билдирет. Алдырып көндүрөт. Торго жакындаганда жипти тартат. Карга торду карай сорок дей түшөт. Кыраан көрүп, капыстан качырат. Тебет, карга экөө тең торго кирип, будаланып калат. Кыраандын текөөрү сыртына аябай кайрылып, тырмактары курчуп, тумшугун жанып, бир топ кар басканы билинет.

Аны алып келип, тор алачык жасап, тууруна отургузуп, үндөктөөгө көндүрөт. «Кыйтуу, кыйтуу!» деп чакырат. Ал кайра кеткиси келет. Төртүнчү күндө жоошуп, ач неме карганын жарым этин чокуйт. Жемин кол менен сугунтат. Туурунан колуна келип шып консо, этин берет.

Кайра «кыйтуу-кыйтуу» деп айтканда тууруна учуп барып конуп калсын.

Кыраан, жүрөктүү да келет. Түлөктөн чыгып, эт алаары менен таптай баштайт. Табы кудум ителгидей болот.

Кыраандын томогосун тартканда уусун чогултуп алдына салып, айдап, кээде көзгө илешпей күүлөнүп, ууну тебүүгө өтөт. Шуу-шуу этип, учканы-тепкени көзгө илинбей, канаттарынан кадимкидей ышкырык угулуп, топ аралап кирип, асты-үстүнө чыгып, алдын тороп тебет.

Уусун тебе албай калса, кара көңүлү кармаса, ал убара кылат, таарынып калат. Чарчабай, чай кайнамдын ичинде ылаачын он бештейин өлтүрө тебе алат. Акыркысын жерге түшөөрү менен мууздап жиберет.

«Таамай барып тепкенин,
Таш талканын чыгарат.
Имергенде тоодактын,
Ичегиси чубалат».

(Саякбай)

Бул кыраандан «ылаачындай тийип», – деген лакап эл оозунда айтылып калды.

КУШ

«Куу алган кушта эмне сын» (макал).

Куш – кыраандардын жалпы аталышы. Анын ар кандай түрлөрү бар. Адам сымал ак көңүлү жана кара көңүлү болот. Эң мыктысын «туйгун» деп атайт. Алгырдыгында айла-амал жок аны менен ууга чыккандардын канжыгалары кабат келип турат. Андан кийинкисин «тунжур» дейт. Бул да жакшы, көк ала өңдөнүп, табына келгенде олжолуу-буйлалуу неме. «Тынар да ушул куштан чыгат», – деген мүнүшкөр – саятчылар бар. Үчүнчүсүн, «куш» деп эле коёбуз. Бул кыраандын жалпы сыпатталышы.

Кээде бүркүттөн бөлөгүн ителгини да, ылаачынды да, жагалмайды да, кыргыйды да жонунан «кыраан куштар» деп тааныйбыз. Мында куштун эркеги «чүйлү», ургаачысы «куш» деп аталат да, жалпы эле алгырлардын эркеги ургаачысынан кичирээк көрүнөт. Таптоолорго караганда туйгун менен тунжур ак көңүл, алардын жаман чыкканы байкалбайт. Ал эми куштун, төтөн, ургаачысынын серт кыялы көп билинет. Муну уядан алууга, тор жаюуга, кылтактоого, темир канат чагынан балапандарын кармоого болот. Бул кыраан да келгин куштардын сабында тургандыктан жай күзгө нооматын берген тапта, алар кайра жылуу алкактарга кайтаар учурунда кармап калышыбыз керек.

Куш жазында жумурткалап, балапандарын чыгарат. Аларды учурууга кам көрөт. Жазында булар түлөккө отурат. Ошол тапта куш кармоо, ууга аттануу мүнүшкөрдүктүн салтында жок жорук. Эгер эрте жазда келгиндер келген чакта кармообуз бир жөн. Анда өзүң үндөктөйсүң, өзүң түлөктөн ойдогудай чыгарып, таптоого бел байлайсың. Уядан кыраандардын балапандарын алуу аракети башка.

Куш кармоого кылтак зарыл. Кылтак кыл, ал – буюмдун негизги жердиги. Жылкынын туу куйругу бөлүк-бөлүк болуп, анын ар бир бөлүгү 400-300 талдан турат. Мына ушунун ар биринен куштар үчүн төрт-беш тузак чыгат. Илгери, ушинтип, ат кылдан тузак жасалчу. Азыр тузакка кайырмак боо, анан комуз кылына тартыла турган жилка оңтойлуу, ал да бышык келет. Аны эшип, башын түйүп, шакекче кылып коюубуз, «кылтак» деп айтылат. Укуруктай узун ичке кылды (кыска болсо, улаштырып), кылтакты анын башына байлайт. Адатта, куш кыргый сымал жапыс жайга түнөктөйт. Бул эки кырааңды кылтактоо окшош келет.

Куштар ээн жайлардагы жети-сегиз кулач бактардын башына чыгып отурушат. Кечинде ага келээрин билип, акырын андып отурсаң, куш учуп келет, орунуна конот.

Эки, эки жарым кулачтай жыгачтын башына эки элидей чүпүрөктү жумурулата байлап, ага уу май синирип (мурун кадимки жаныбарлардын майын) алат. Кыраан таң калып, аны тиктейт. Башын алга жүткүнтүп, артка кетенчиктетип, жаткандай... Арт жагынан кылтакты акырын сунат. Илингенден кийин ылдый тартат. Тырпырай түшөт. Шамды ылдый кармайт, кушту тузактан чыгарат. (Туура тартса, бутактуу болсо илинип, куш асылат да муунат). Колго алаарында эле каапыр кыраандын кара мүртөздүгү билинет. Жип боону кырчат. Кайышты эки бутуна тагаарда колунду тиштейт. Оозун араандай ачып, чыгарып, шаңшыгандай угулат.

Колго коно турган түрү болбосо бутун тескери каратып, колтуктап алат. Куш, кыргый экөө агалуу-инилүүдөй, кушу чоңураак келет. Үндөктөөсү да, түлөгү да, таптоосу да коендой окшош. Булар томого кийишпейт.

Бир гана мүнүшкөрлөр эле алардын алгырлыгына суктанышып, анын түрмөктөлгөн түйшүктөрүнө кайыл болушат. Үйгө келээр менен ал каапырды дааналап карап, жашпы-картаңбы боолголойсуң. Мунун төрт-бешке чыккынын барчын дейт. Эки жаштагысы бозум болот. Анткени, жүндөрү боз келет (Боз улан, бозой өңдүү сөздөр мына ушундан улам жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша бөлүнүп, сынына бир аз келе баштагандыктын белгилерин сездирет).

Куш үч жашта бозумдан өтөт. Жүнүндө темгил-темгил тамгалары болот. Үч жолу түлөктөн чыккан анын таптоосу кыйыныраак келет. Бул куштун барчынга айланып баратышын баяндайт. Кушту кичине сылап-сыйпап, кара көңүлүн кол башына кондурууга үйрөтөт.

Жемди үч күнгө чейин карабагандары бар. Аябай кара мүртөзү ачкадан өлүп да калат. Кыл арканды эки кабаттап, селкинчек кылып, таң атканча ортосунда кондуруп коюу керек. (Селкинчек тептирүү аны арыктатуунун амалы, кичине да уйку аралай албай калат. Жеке куш эмес

кыраандардын баары ушундай жолдон өтөт. Аркан термелип турат да, аны түк уктатпайт.

Бактектен «кеп» жасайт. Куш баласы көгүчкөндөн көзү өтүп, этиби, өзүбү, же өчүбү... Айтор, «Көгүчкөндү көрө албайм, көгүчкөндү көргөндө, көзүмдүн жашын тыя албайм», – деген уламыш айтылат.

Бактектин кебин ак чарык жипке белинен байлап, жерге нукумдай тийбегендей кылып, бактын бутагына асып, аны алып келип көргөзөт. Эгер жемсөөсүндө кир бар болсо «кожо» сугунтат, аткы куюшу зарыл. Аткы кумшекерди мала даам кылып, түтүк салып, аны ууртап, оозу аркылуу куюу. Чоңдугу кысыргалды койдун чүкөсүндөй «ак жем» берет.

Аткы ичин алат. Көзүнүн карасы кичирейип, кыраандын мурунку кыял-жоругу өзгөрүлүп, колду карайт. «Кепти» кайрадан байлап алып барып көргөзөт. Кеп шамалда кыймылдайт. Ал ага тирүү тургандай сезилет. Он кадамдай жерден көрүп, көрөөрү менен талпынат. Тыбырап токтоно албай калат. Кыраан бактекти алат. Тим эле байкуш бактектин кебин тытып жиберет. Кептин алдынан жемди көрүп, аны тартат.

Эми тирүү көгүчкөн кармалат (адатта, көгүчкөндөр ийинде түнөйт. Ийиндерге, жарларга уялайт). Куш тору – төрт чыбыгы бар, көзү төрт-беш чарчы сантиметрдей, бийиктиги эки-эки жарым, туурасы он кулачтай буюм. Муну «бөдөнө тору» деп да коёт. «Кыргый тору» десе да жарайт. Кампа, кырман өңдүү жайларга да жайып, канаттууларды кармайт. Тор жарга, ийинге беттей коюлуп, көгүчкөн ийинге кирем дегенде бутунан илинет. Аны тартып алам дегенде канатынын талдарынан берки бутун чыгарам деп, көгүчкөн бат эле тырпырай түшөт.

Тордогу канаттууну чыгаруунун да өз ыкмасы бар. Аны чыгара албай бырчылдатып, бүтүн буюмду бүлүндүр-

гөндөр болот. Тор жасоо да, тор жаюу да, торду жыйноо да өзүнчө өнөр.

Танап – узундугу он кулачтай жип. Муну сол колго учунан бек кармап, көгүчкөндү оң колго алып, кушту алып келип, көрсөтпөй туруп, коё берүү. Канаттуу учаары менен ак жем жеп, көзүнө эчтеке сүртө албай турган кыраан жетип эле тырпыратат. Жылуу этке аябай таттыгат. Бир кадамдан өз жемин көрсөтөт. Жемди көрөөрү менен учуп келип, шып конот. Дагы эки тирини көрсөтөт. Кайра кожо сугунтуп, ак жем берип, аткы куюп, кожону таштап, ак жем ого бетер кынжыйтат, аткы ичин алат. Ортодон он беш күн өтөт. Кара мүртөзү, ошентип, эрксизден тапка келет.

КЫРГЫЙ

«Кыргыек» деген кыраан куш,
Кыр ташка барып конгон жок,
Кыялкеч сендей селкиге,
Кыштообуз бирге болгон жок».

(эл ыры)

Бул – куштардын эң кыйын алгыры. Жети кесептин бири. Кыргыек Ысык-Көл тарапта көп болуп, суу бойлорундагы бактарда уялайт. Бир эле бактын жанаша эки бутагында мандай-тескей чар каргага үй салат. Балапандары темир канат кезинде эле өз көлөкөсүнө өзү октоос берип, же чар карганын балапанын алам деп, талпына берип, эң кыраан чыгуучулары уядан ыргып, сууга түшүп кетет. Канат-куйруктары жетилээри менен бет алган тарапка чабыттайт.

Кыргыйды кармоо ага тузак салуу. Жыл сайын кыргый уялай турган теректер бар. Аны кармоо үчүн абалы шам жасайт. Укуруктай узун жыгачтын башына аттын туу куйругунан кадимкидей кылтак кылат. Түндө барат. Суунун шарынан дабыш туя албасын, эгер моюнун кай-

рып турса, ал уктаганы. Артына чыгып, шамды жагат. Жагаарың менен түз эле куш тарапты карай кадамдайсың. Кыргый шамга алаксыйт. Уу май сиңген шамга от койгондо «дүрт» этет. Куш шамды карап, башын алга-артка койкоңдотуп, маашыр ала баштайт. Акырын жарыкка салып, кылтакты башына илет. Шамга таң калган ал аны байкабайт (Кылтакты түз ылдый карай тартат. Кылтакты өйдө тартса муунат, туурага тартса, бутактарга илинет, муунуп өлүшү ыктымал. Түз ылдый тартканда кырааңга басым анча келбейт). Ошондо алдыда бырпырай түшөт кыргый. Алып келээри менен ак кайыштан боо тагат (Башка боолорду ал кыркып таштайт). Буга томого катпайт. Алачык жасап, ага отургузат.

Кыргый эгер чоң болсо куш экөөнү таануу кыйын. Кекиликтер сүйрөп кете турган кичинекей кыргыйлар да бар. Уядан жаш алган кыраандарын «колбала» дейт. Учуп жүргөндө тор менен кармаса, «торбала» дейт.

Адаттагыдай, оо-о, эл бир уктаганга чейин колго алып, аны сылап-сыйпап, кытыгысын кетирип отурат. Адегенде колго токтобой, кыргый туйлап турат. Мына ошондо аны эки-үч күн ачка коёт. Үчүнчү күнү кенедей этти ага көрсөтөт. Эгер ачка болсо, ал көңүлдөнүп чокуйт. Жоошубаса, жемди карабайт.

Куштардын баарынын эле «ак көңүлү», «кара көңүлү» болот деп айтабыз. Кара көңүлүн ал күнү да ачка таштайсың. Ак көңүлү тамакты карап, бара-бара жоошуп, үндөккө кирет. Кара көңүлү кеткиси эле келет. Үндөккө баш ийбейт. Кыскасы, кыргый жети күндө жоошуйт. Мүнүшкөр жүнүн сылап-сыйпап, аны өзүнө үйүр алдырат.

Алгыр таптоо – канаттуунун тилин билүү, дилин тартуу. Алгырдын башынан ылдый сылап, кол учтары аркылуу жүнүн тарактап, көкүрөк жүнүнө кол тийгизип, жоошута баштайт.

Кыргыйдан да Тынар чыгат: («Терек көркү чынар, куш кырааны Тынар» (макал). Ал алгырлыктын жогорку чеги. Бирок, Тынар чанда жолугат. Көбү темир канат чакта эле тынчы кетип, жогоруда айткандай, уядан ыргып, өзүн-өзү зыянга учуратат. Жатаарда уйкусун алыш үчүн керме арканга отургузат. Ал селкинчектей термелип, улам оңдонуп отурам деп уктабайт. Мына ошондо этинен түшөт.

Ал бүркүт кабактанып, көзү ичине кирип, ылаачын кебетелүү болуп кетет. Анын өтө кыраандыгы тумшугунун ийрилигинен баамдалат. Кыргыйдын бычагы ичине карай ийилген ошол тумшугу уусун дароо мууздап жиберет. Кыргыек кырааны Туйгун аппак болот. Тунжуру болсо көкала келет. Жөнөкөйүн Куш деп эле атайт. Андан да табын билсе, кыраандар чыгат.

Мүнүшкөрлөр арасында «туурга отурдубу», «үндөккө келдиби», – деген сөздөр айтылат. Үндөккө келүү колго жем алып, «попу», «попу» – деп чакырсаң, шап эле колго конуу. Кайра тууруна отургузуу. Этти сууга эки-үч чайкап, жуулган жүгөрүдөйүн эле көргөзүп, анан чакыр. Ачка неме туурдан учуп, дароо колго конот. Мына ушундай чакырып, колго конгон ачка кыраан табына келет. Улам үндөктөгөн сайын кыргыйдын боосун узартып (кыраандардын кош боосу болот. Анын бирөө узун, бирөө кыска келет), узунун эки-үч кадамдан, андан арыдан, улам алыстатып... Туурдан жемди көрсөтүп, тоё электе туурга отургузуп, колго көндүрүп... айтор, мүнүшкөр таптоонун ичке ийненин көзүнөн өткүдөй кылдат ыкмаларын жүргүзөт.

Таптоо учурунда кыргыек түнкүсүн селкинчекте конуп отурат. Селкинчекке кондуруу кыраанды этинен түшүрүү, денесин жеңилдетүү. Адатта, мүнүшкөрлөр үндөктөө учурунда кыраандардын көзүн карашат. Көзүнүн кареги кара таруудан чоңураак болсо, табына келгени, эти ылдыйлагаңы, көзүнүн карасы кичирейгендиги.

Арадан беш-алты күн өтөт. Кылтактап чымчык кармап келип, ага көргөзбөй узун жип байлап, жерге коё берет. Чымчык жөргөлөгөндө куш талпына кетсе табы, карап-карап тим болсо, али табына жете электиги. Мүмкүн, ичинде кири барбы. Анда жылуу сууга шекер кошуп, оозунан түтүк аркылуу суу берет. Чай кайнамга жетпей кузат. Эчтеке бериле электе эртеси чымчыкты дагы көрсөтөт. Дагы табити тартпаса, мунун жемсөөсүндө бирдеме бар. Кыл, чөп туруп калган деп бил. Кебездин, же жабагынын кылынын сыртынан эт ороп сугунтат. Мурун баяндагандай, ал «кожо» деп аталат. («Кожо жеген куштай эле окшуйсун» деген сөз бар). Ошондо жемсөөдөгү немеси кожо менен кошо чыгат. Эртесинде дагы чымчык көрсөтөт. Өзүн сергек сезген кыргыек чымчыкты көрөт, колго токтоно албай талпынып жиберет. Кое бер, жетээри менен тырпырата басып, мууздап жиберет. Этин кичине жедирип, таттыктырып ташта. Эртеси да чымчык алдыр. Улам алыстата көрсөтүп отуруп, он-он беш күндөн кийин ууга алып чыгууга толук жарайт.

Ууга эртелеп аттануу керек. Эгер бөдөнө уулап, ал арбын болсо, кыргыйды мүштөктөө керек.

Мүштөктөө – кыргыйды уучтап туруп, бөдөнөлөрдү карай уруу. Ошондо кыраанга күч берет да, ууга жеңил барат (Айрымдар мүштөктөп салам деп ыкымын билбей, жерге уруп өлтүрүп алышат). Кыргый бир күндө элүү-алтымыштай бөдөнө кармайт.

Алган уусунан куткарыш үчүн мууздаган бөдөнөсүнөн кичине кан чокутуп, өзүнүн мурунку даяр этине алаксытып, ажыратып алат. Эгер бөдөнө аз болсо, кол башына кондуруп баратып, чолок боосу менен агытылат.

Кыргыйдын учушу – баарынан ылдам. Ээк алдынан ууга ал магниттей тартылат. Мылтыктын огунан түз учат, тирүүлөй алууга көнүгөт. Чымчыктын жүнүн жулуп, тойгончо жесин. Ошондо жырткыч алгырдыгын билгизет. Ууга алып чыгууда кичине жеминен алып, ууга аттанабыз.

Жагалмай укмуштай учкул болот. Чымчыкты бурчатпайт. Кайкып, канаттарын бирдей серпип, кооз учат. Шамалдай жетип, жетээри менен эле илет. Баса калып, тумшугун матырып алат. Таттыгып жүргөн жемин көрсөтө коюп, бошотуп алат. Таранчылар аны кайдан болсо да билет. Чурулдап, чыйпылдап жаткан таранчылар тымтырс, көздөн кайым болгондо «кыргый келди го», – деп ойлойсуң.

Бул кыраан – чымчык аттууларга да өч. Кыргыйдын эң чоңу кекилик алат. Бирок, көбүнүн ага алы жете бербейт. Кекилик сүйрөйт, кичине эле жетсе аны мууздап жиберет. Кыскасы, кыргый менен куш теппейт, качырганын шап кармайт.

ЖАГАЛМАЙ

«Саяпкери жарашса,
Жабагы калбайт тулпардан.
Мүнүшкөрү жарашса,
Жагалмай калбайт шумкардан».

(макал)

Кыраан куштардын бири – жагалмай бактарда түнөп, анын бутактарына уя салат. Болжолдуу чоңдугу кыргыйдай көрүнүп, бирок, андан канаттары учтуу, ичкерээк келет. Карлыгачтын канаты сымалданып кетет. Уясында үч-төрт жумурткадан балапан чыгарат. Андан сасыткы да болот. Балапандары темир канат болуп, учаарына аз калганда алынат.

Жагалмай чымчык алат. Муну көргөндө чакчыгайлар ийинине кире качышат. Чымчык аттуулар чилче тарайт.

Үндөктөөсү менен таптоосу так эле кыргый сымал болот. Томого катылбайт. Өзүнчө алачык жасап, тууру болот, ак боо тагылат. Чыймыттай этти көрсөтүп, ага сугунтуп коёт. Төрт-беш курдай жем жегенден кийин абдан таанып алат. Бат эле торолот.

Эми үндөктөө керек. Кыргый өңдөнтүп, узун боону колго алып, кичине этти көрсөтүп, «попу», «попу» – деп чакырсаң, сага карай талпынат. Жем жээрдин алдында кол башына алып, төбөсүнөн тартып, канат учуна дейре жондой сылап-сыйпайт. Ошону куш баласы аябай сүйөт. Сергий да түшөт. Сени алыстан таанып калат. Чымчык алуучу кыраанга чымчыктын этин көбүрөөк берет. Ал үндөктөн түлөккө отурат. Андан соң таптоо башталат. Жагалмайдын да, турумтайдын да, кыргыйдын да ушул үчөөнүн негизги табы бирдей. Кыраандыктары бөлөкчө.

Тузак салып, ага таруу чачып койсо, боз чымчыктар үймөктөшөт. Төтөн, таранчы («таруучу» деген сөздөн таранчы аталат. «Таранчы жеген таруунун, бөдөнө тартты азабын» (макал) тузакка арбын түшөт. Жагалмай көбүнчө таранчы менен тамактанат.

Куш тотуга баштаганда өңү көгүштөнүп, кудум көгүчкөндүн сырты сыяктанып, субагай тартып, кыргыйдан кичине, күйкөдөн бир аз чоңураак көрүнөт. Эми жемин тарта баштап, андан мурун түлөккө отуруп чыкканы аябай арыктайт. Тузакка түшкөн чымчыкты улам алыстан көрсөтөт.

Ал ылаачындай учкул (бирок, ага жете бербейт). Бул алгыр учуп бара жаткан таранчыларды кууп жеткени, илип кеткени кызык.

Жагалмайларды колго үндөктөп, таптоо кыйыныраак. Чалгын канаттары узун жана учтуу, өңү темгил кара, көгүлтүр келип, учкулдугу артылат. Жагалмайда анча эрөөнтөрөөндүк жок. Алар балапандарын эрте күздө учурат. Эгер темир канат кезинде балапан алам десең, үндөктөп, жазга чейин бак, көктөм менен кошо аны түлөккө отургуз. Эски жүндөрү түшсүн, чалгындары чыйралсын. Аңгыча жай келет. Этин көтөрөт. Таптоого алганда жыл маалы келет, табы келсе, уусуна беттей бер. Жагалмай курт-кумурскаларды өз алдынча алып жегенге көндүргөндөн кийин эми балапандарына тирүү чычкандарды карматууга үйрөтөт.

Балдарын учурганда кошо ала жүрүшүп, таранчы, жылкычы чымчык, торгой өндүүлөрдү кууп жетип, тээп түшүрүп, жеминен тойгончо беришип, топтошуп жешип, азыр эмнени көрүп жатса, эми мындан ары жашоо-тиричилигин «мына ушундай» – деген сезимди калтырышат. Алар өз бетинче чабыт алып, уучулук жагына бет бургандан кийин «ата, энелик» милдеттен кутулдук – деген кыязда болушат да, өз бетинче кетишет.

Жагалмайлар үчтөн бештен жумуртка тууйт. Жайдын толугунда зыянкеч курт-кумурскалардын чордонунда уя салат, кара ниети кармаса, чар карга менен көгүчкөндүн даяр уяларын менчиктеп алат. Келгин куштардын сабында турган жагалмай суук түшөөрү менен жылуу алкактарга сапар тартат.

«Жагалмай деген жапан куш,
Жарташка барып конгон жок.
Жарпымды жазар жан курбу,
Жайлообуз бирге болгон жок».

(эл ыры)

ТУРУМТАЙ

Бул – кыраан куштардын бири. Ал кеч жумурткалайт. Тарууу баш алган чакта алар балапандарын талпынтат, учура турган учуру болот. Куш көбүнчө бутактуу даректарга уялайт. Сак болбосо тиштеп алат.

Турумтай үч балапандан көп тууйт. Тумшуктары ороктой ийрилип, сенин чоочун экениңди сезет. Турумтай бешти да чыгарат. Мыктылары үчтөн ашырбайт. Мүштөктөй кармап түшүү керек. Алып келээр менен ак кайыштан боо тагат. Кичинекей жер үй жасап, арчанын бутактарынан туур кылат.

Кыраандын тукуму айбат кылып, карааңды анча сүйбөйт, канат-куйруктарын үрпөйтүп шаңшыгансыйт.

Чымчыкпы, таранчыбы, жылкычы чымчыкпы буюрганына тузак тартат. Тузагы – аттын туу куйругунан алып, эки-үч катынан учун көзөнөктөп, күрмөп байлап, бир четин ага киргизип, шакек өңдөнтүп коёт... Ушундай шакекчеден ончактысын ичке жыгач казыгы бар керме шоонага тизет да, ат акырына жакын жерге коюп, таруу, буудай, арпа, улпак, акшак өңдүү аштыктарды сээп коёт.

Чымчыктар учуп келишет. Жем теришет. Бир мезгилде дүрт этип көтөрүлгөндө бирден-экиден кыл тузакты үзө албай, бутунан же мойнунан илинип тырпырайт... Турумтай канчалык кара мүртөздөнсө да, экинчи күнү алдына алып барган чымчыктын жарты этин чокумакчы болот.

Аны «туу-туу» – деп чакырат. Кийин «туу-туу – Турумтай, туу-туу – Турумтай», – дегенге көндүрөт. Жем жегени – үндөккө кирем дегени.

Арадан бир апта өтөт. Күнүгө жаңы эт жейт. Кыраандын кылык-жоругу чыгат. Канат-куйруктары турумтай сымалданып, чалгындары берки кыраандардай анча узун да эмес, талпынса, тегерек тартып, бой керет. Кушка жемин эми колдон көрсөтөт. Ал талпынып, тоскон мээлейге шып конот.

Ийри тумшуктардын ичинен турумтай бактектен кичирээк, тоголоораак келип, буттары кыска болот. Боору жерге тиймейин уусун ала албайт. Бул көбүнчө канаттуулардын ичинен торгойго өч. Турумтай үчүн бир чымчыктын эти эки күндүк азык. Анын таптоосу да, түлөккө отуруусу да кудум кыргый менен жагалмайдай. Этинен аздыруу үчүн жемин кичирейтип тузакка түшкөндөн «тири» кылып көрсөтүп, таптай баштайт. Түлөгү түзүк болгон соң турумтайдын этин которот. Бир семиртүү, бир арыктатуу, түлөккө отургузуу, тапка киргизүү, үндөккө алуу өңдүү айлакердиктин табы устаранын мизиндей же кыл көпүрөдөн өтчүдөй кылдаттыкты, тактыкты, төптүктү талап кылат.

Кийин турумтай тузакка түшкөн чымчыктарды тирүүлөй алууга көнүгөт. Кыраан канаттарын серпип-серпип, жай учат.

Бак-даректарга жашынып, капысынан аңдып барып, көздөгөн уусун алат. Бул чалгындарынын анча узун жаралбай, тегерек, кыска, жаа тарткандай шамдагай келбей жайыраак учушу...

ҮКҮ

Бул да алгыр куш. Түнкү чабыты бар кыраандардын бири. Күндүзү бүркүт үкүнү көрбөсүн, түнкүсүн үкүгө бүркүт кабылбасын. Үкү күндүз эчтеке көрбөйт, дабыш гана алат. Караңгыда бүркүт башын буруп, уктап отурганда жемсөөдөн алып, жарып таштайт. Экөөнүн өчтүгү жеринен бар.

Үкү түнкүсүн чабыттайт. Алтын-күмүш сымал аруу заттардан жаралган буюм-тайымдарды үкүнүн уясынан көп табасың. Себеп дегенде, кара түндө чабыттап келе жаткан ага жалтырап көрүнөт. Аны жакшы көрөт. Бири-бирине бетме-бет кеткен бийик жарчалар кууш келип, өзүнчө шоокумданат. Анча деле бийик эмес, адам чыга алат. Көтөрмө бойлоп түшөт. Бир уяда үч-төрт жумуртка тууйт. Бирөөнү «сасыткы кылса», үчөөнү учурат. Темир канаттан бир аз өтө берген кезинде тандап алат. Күн батаарда, эл орунга отурган чакта аны дайыма эшикке алып отурат. Ошол тапта жем берет. Эки ачакейдин ортосуна этти коюп, анын бир учун бирдемеге кыпчытат. Анын тамак жегени – үндөккө киргени. Улам алыстаткан сайын жемге табити тартат.

Эми коёндун бөжөгүн тирүүлөй кармап, аны танапка байлап, улам узартып, улам алыстатып, булт эттире тартып алып, тирүү аңды – тирини алууга үйрөтө баштайт. Шып алары менен жедирип, жылуу жемге татыктырат.

Үкү бута атым жерден барып басып калууну үйрөнөт. Эми жылаажын коңгуроо жасалат. Ал үкүнүн мойнуна тагылат.

Түндө үн берет, ансыз караңгыда алгырды кантип таба алат. Балапан чагында баарын эле жалпысынан «үкү» деп эле коёт. Мунун чыныгы үкүсү бар. Ал үкүлөрдүн кырааны болуп саналат. Мындан сырткары сасык үкү (үпү), бабырган, байылуу үкү дегендери бар.

Жапалак өзүнчө болот. Аны «телик куш» деп да атайт. Шыбак, кызыл от өңдүү чөптөрдүн түбүнө уктап, жерге жалпайып жата берет.

Булардын ичинен байылууну «ыйык» дешет.

... Коёндор түнкүсүн оттоого чыгат. Үкүнүн томогосу тартылаары менен теминет (Кыраандын темир канат кезин «талпынды», ууга жараган чагын «теминди» деп айтат). «Кудайга аманат», – деп коё берет. Түндө коён анча арыш кере албайт. Узатпай барып басканын жылаажындын үнү боюнча табат. Коён эки-үч кырды аша чапса да, үкү анын артынан калбайт.

Чолок боодон шып, мээлейге кондурат. Уусуна өчөгүшө түшкөн кыраан ачуусун кээде ээсинен чыгарат. Мээлейди катуу мыкчыганда тырмагы мээлейден өтөт.

Бала-бакыра тартынбай салып туруш үчүн кез-кез анын тырмагынын учун жонуп, же атайын тырмагы бар «бармак боочу» кылып, ошону кийгизип коёт. Үкү, жарыктык, касиеттүү. Ал ар бир үйгө керек. «Үкү албарстыны, шайтанды көрөт. От жагып жаткан жеринен аларды алат. Карабасты болгондорго алып барса, үкү албарстыны тааныйт», – деген болмуш бар.

КҮЙКӨ

Ал алына жараша алгыр куштардын бири. Анткени, ал тирүү макулукка катылат. Чычкандар кайда арбын болсо, ошол аймакты мекендейт. Анын өңүтү – саман үймөктөрү. Үстүнө чыгып, кадимкидей өңүт алат. Чычкан чыгары ме-

нен шып кармоого дымагы зор. Күйкөлөрдүн көздөрү курч, табият ага текөөрдөн да, тырмактан да мурун сезимдерин мыктап берген. Асманда айланып баратып жерде жөргөлөп жүргөн чычкандарды көрөт. Көрөрү менен кайкый калып, шып илип, кайра асманга көтөрүлөт.

Алар уяларын карагай-чердүү, аскалуу-чаптуу жайларга салышат да, үч-төрт жумуртка тууйт.

Анын эң кыраанына боз чымчыктарды алдырат. Ал бала-бакыра таптоого жана ууга салууга жеңил болот. Өзү кыргыйдан бир аз кичирээк, кадимки кыргый түспөлүндө келет, сырты кызгылт сары, үстү чаар көрүнөт. Тумшугу кыраандардай ийри болуп, кол башына, өз тууруна каадалуу куштардай отурат. Томого кийбейт (Мындан башка куш, кыргый, жагалмай, турумтай томого катынышпайт).

Күйкө бактын башына уялайт. Темир канаттан өтө бергенде алып, коюнга катып келет. Абалы үй чычкандарынын этине табыты тартат. Чыны, алгырлардын жүүнү бошу үндөккө бат эле кирет. Кайра чычканды көрсөтсө, чычкандык эле алгыр болуп калат. Күйкөнүн учкулдугу боз чымчыктар: таранчыга, жылкычы чымчыкка, торгойлорго жетээрин билебиз. Боз чымчыктын кырааны борбаш менен аладунган мунун өзүн алып коёт.

Күйкөнү абдан ачка кылып, тузакка түшкөн чымчыктын бирөөн мууздап туруп, ага көрсөтөт. Аны алгыр тойгуча жейт. Тоёру менен тууруна секирет.

Таптоо – тири көрсөтүү. Күйкөнүн аңы – тири чымчык, чымчыкты качыруу, аны коё берүү. Арадан беш-алты күн өтөт. Күнүгө бирден чымчык жейт. Ал эттенип кетсе, чымчыктын санынан кесип, маңызын сууга жууп (ак жем) үч күн удаа сугунтат. Эти түшүп колго да, туурга да элпек конуп калат.

Чымчыктан бирди алып келип, бутуна танапка (узун чыйратылган ичке жип) байлап, сол колдо мээлей, анда күйкө конуп отурат, оң колдо танап бар. Аны кармап

алып, учурундагы тирини коё берет. Эт аралаштырган жүгөрүдөн чоңураак кылып сугунтат. Оозуна эки чай кашык суу куят. Туурунан жылдырбайт. Эртеси түш ченде окшуп, кожону оозунан ыргытат. Кара көңүл тартып турган неме кийинки күнү табына келет. Танап менен үч чымчык алса болду. Талаа-түзгө чыгып, чымчык аттууларга сала бер.

Күйкөнүн бутунда кытыгысы болот. Уусун аларын алып, бирок, колунан чыгарып жибермей адаты бар. Ал берки күйкөлөрдөн кичине тыгырчык тартып турат. Ошондуктан күйкөлөр балапандарын жалаң чычкандарды алып берип баккандыктан алар «чычканчы» болуп калышкан. Күйкөлөр келгин куштар. Эрте жазда келип, кеч күздө жылуу жактарга сапар чегишет. Айрымдары шартына байланыштуу кыштап да калышат. Алардын тамагынын 90 пайызга жакынын жалаң чычкан эти түзөт. Аштык айдалган аймактарды мекендешет. Балапандарын багуу үчүн күнү бою чабыттайт.

Изилдөөлөргө караганда бир күйкө балапанына бир айдын ичинде эки жүздөй чычкан алып берет. Алар уусу онтоюна келбесе, канатын элеп: бир орунда тура берет. Аны мүнүшкөрлөр «асмай ийлеп турат» дешет. Арийне, айыл чарбасы жана мүнүшкөрлүк үчүн күйкөлөрдүн мааниси зор. Бул алгыр кушту да корукка алуубуз зарыл.

САГЫЗГАН

Бул – алгыр куштардын бири. Муну мурунку мүнүшкөрлөр тапташкан. Бизге алардын айрымдарынын айрымдары гана жеткен. Биз ошону сөз кылабыз. Сагызгандын балапанын темир канаттан өтүп, учурууга аз калганда уясынан алат. Адатта, сагызган чычырканактуу, бактуу, токойлуу, долонолуу, мазарлуу жайларга уялайт. Темир канатка кадимкидей кайыштан ипичке боо тагып, колго кондуруп, келээри менен туур жасап, ага отургузат. Учууга талпынган балапан куштай эки жагын каранып, куйрук-

тарын кайчылата таранып, бачайы чапан жамынгансып, деле сөөлөттүү көрүнүп калат.

Эми ага томого жасайт. Сагызган менен борбаш экөө тең томого катынат. Экөө тең туурда чыртыйып, жыйнактуу отуруп, өзүлөрүн сергек сезишет. Буларды таптоо аларга жем берүүдөн башталат.

Жем берүү кеп жасоодон көрүнөт. Кеп – тулуп, жаныбардын дал өзүндөй каткан түрү. Адатта, мүнүшкөрлөр сагызганга эмнени алдыруу керек болсо ошонун кебин кылат. Мисалы, кийикти алып келээри менен аны туюк союп, ичин алып таштап тулкусун дал өзүндөй келтирип, төрт бутуна төрт казык кийгизип, катырганда ал тикесинен тик туруп калат. Кептин башы, кулагы, мүйүзү, эки көзү, төрт буту өзүндөй болгондуктан аны кайсы жайга алып барып койсоң, ошол орунунда кийиктей сезилип турат. Кийинки эки көзүнүн ич жагына бир эли жыгачты коюп, мык кагып, этти ошого илет. Сагызгандын балапанын акырын колуна кондуруп келип көрсөтөт. Жемди көрөт. Аны жемекчи болот. Эми үндөккө кирүү аста-секин баамдалат. Кыраанды кайра тууруна кондурат.

Эртесинде жем жээр учурунда эми жемди кептин экинчи көзүнө илип, кыраанды акырын кондуруп барып, алиги этти көрсөтөт. Көрүп тартып, сугуна баштайт. Туурда отурушун, колго конушун, кептеги жемин алышын, турган турпатын баамдасаң тапка кирээри, кыраан чыгаары күн санап билинет. Жүнү жылтылдап, дабышка селт-селт этип, көк моюн көрүнүп, илгир-алгырдыгы сыртына чыгат. Берген жемди эми эки көздөн тартып албай, чукуп жегенге көнүгөт. Этти эки көзүнө тең илесиң. Бирөөнү жээри менен экинчисине тап коёт. Ал учууга жарай электе мына ушундай жолду төрт-беш курдай кайталайт. Кыраанга этти алыстан көрсөтөт. Ошого талпынат, бир кадам жерден, эки-үч кадамдан, анан алты-сегиз, он-беш кадамдан...

Кезмектүү күндөр өткөн сайын кепти улам алыстатып коюп, жем берилет. Сагызган торолуп, учууга жарап, эшик-төрдөй жайдан кепти көрөөрү менен талпынып калганда аны коё беребиз. Ал учуп, эки мүйүздүн ортосуна шап конот. Эки көздөгү чала тоют жемди алмак-салмак чукуп жейт. Кепти улам алыстан таанып дароо барып, эки көздөгү жемге жетет. Демек, сагызган табына келүүдө, ууга жароодо.

Эми буга томого жасалат. Албатте, сагызган баласы шок келет. Учуп-конушу шайдоот болот. Тумшугу узун, учтуу, табиятында эң эле сугалак, анын көргөн күнү аттын жоору-өркөчү. Ал «жоор жейм» деп сактыгынан эмес, суктугунан жалгыз көз тузакка түшөт. (Тузакты атайын ат өркөчүнө коёт да боосун жалга байлайт. Адатта, жоор ат жоош болот да, тузакка түшкөн сук сагызган шакылыктап, канаттууларга кабардайт).

Сагызган – канаттуулардын түлкүсү. Бул укмуштай канаттууну тапка киргизүү, кыраан кылып, ууга салуу кыргыз мүнүшкөрлөрүнүн айла-амалы!

Түз тумшуктуулардын айлакери сагызган томого каттырбай бир топко убара кылат. Башын силкет, буту менен чапчыйт (Куштукун «жем басар» дейт. Бардык куштар мына ушул тырмагы менен жемин басып туруп, тартып жейт. Сагызгандын «жем басары» да курч келет). Эки «жем басарын» мүнүшкөр тушап коёт. Мына ошондо мунун тумшугуна колу жетпей калат. Мындай аракет кыраандар үчүн өтө зарыл. Ансыз кагып, томогону түшүрүп салат (Томого кийгизип, кайра тартып, жем берүүбүз керек. Кепти эшик-төрдөй коюп, томогону тартканда сагызган көндүмүнө кетет. Дароо учуп барып, төбөсүнө конуп, этти чукуп, жей баштайт. Кайра колго кондуруп, томогосун кийгизип, тууруна отургузабыз).

Сагызган жагалмайдай чоңдукта болот. Томого экөөнө бирдей өлчөмдө катылат. Жемин улам алыстатып койгон

сайын сагызган табына келип, эми маңдайдан тескейди көздөй, бир кырдан экинчи кырды карай кепти таанып, өйдө-ылдый, «селкинчек тээп» учуп бара алат.

Анын учуу ылдамдыгы алакарга, чаркарга, коңкарга, сарыкарга, каракарга, кызыл тумшук чөкөтаан, чекир көз чөкөтаан өңдүүлөрдөн учушуна барабар. Сагызгандын көзү курч. Жоорду, тарпты абалы ал көрөт, ал табат. Анан кузгун, жору, кажары барышат, үймөктөшүп калышат.

Таптоодогу сагызгандын канат-куйруктары аябай жетилет. Эми бир топ күндү унуткарып, томогону тарт, кепти көрсөт. Ушундай ирээт төрт-беш курдай кайталанат. Улам алысты карап, кол башына токтоно албай талпынып, кыраан табына келгенин өзү билдирип турат. «Уяда эмнени көрсөң, учканда ошону аласың».

«Ой, сагызган кантип тапталсын?» – дешет. «Алтын деген жер-жерлерден табылат. Табы келсе чобур ат да чабылат», – дегендей мындай эшигибиздин алдында учуп жүргөн куштардын жекече мүнөзүн, ал эмнеге жараарын, кандай алаарын улуу мүнүшкөрлөр билишкен.

Сагызган түз тумшуктуу (шиш тумшук), борбаш, аладунган ийри тумшуктуу. Анткени менен бул үчөөнүн толтоосу бирдей болот...

БОРБАШ

«Боз чымчыктын ичинен,
Борбаш экен алгыры».

(Молдо Кылыч)

Куштардын эң кичинекей да, укмуштай айлакери да ушул борбашты тапка киргизүүнүн өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Борбаш Булбул өңдүү саргыч кызыл күрөң келет да, чоңдугу Аладунган кейиптүү, кол башындай эле чымчык. Бүркүттүкүндөй тумшугу жоонураак болот да, көзү кичине көрүнөт. Муну мүнүшкөрлөр темир канаттан өткөндөн кийин, учууга жакын калганда уядан алат. Бул көбүнчө

бакка тууйт. Бутуна ипичке боону кадимкидей тагып, бармак башындай томогону кийгизип, кырааңды каадалуу алгырдай тууруна отургузат.

Анын сыйда тор үйү болот. Ичинде тууру, оозунда эшиги бар. Эч ким ага жолобойт. Томого башта, бутунда боосу чалынган ал кез-кез таранып, эки жагын каранып, дабыш төшөп, канат-чалгындары учтанып, чыйтыйып отурат. Анда алгырдык сөлөкөт да, туруш-турпат да баамдалат. Аны эмнеге таптасаң, ошону алат.

«Борбаш аркар-кулжа алыптыр», «Борбаш эчки-теке алыптыр», «Борбаш аң алыптыр», – өңдүү сөздөр эч ичинде уламыш-болумуш катары айтылат. Ал туура, аны турмуш ырастайт. Эгер кийик алууга үйрөтсөң, абалы анын кебин тим эле тирүү тургандай кылып келтирүүбүз керек. Муну таптоо жана үндөктөө кудум Сагызган, Аладунган сыяктуу.

Мүнүшкөрлөр баяндагандай, кептин эки көзү турган жерине эки элидей туура жыгач кептейт. Ал ошол бойдон кургайт. Көздүн ордундагы жыгачтын эки жагына эки мык урат.

Эми Борбаш кырааңга тамак берүү үчүн этти көздүн ичиндеги ошол мыкка байлап коёт. Көздүн ичиндеги этти бүт жедирүүбүз керек. Эгер бүгүн оң көзүнөн жем жесе, эртеси сол көзүнөн жем алат. Демек, тойбой калса, эми эки көзүн тең чокуй баштайт. Анын эки көзүнө кичине эт байлайбыз. Экөөнөн тең эт жешке көнүгөт алгыр.

Мындай аракет күн сайын кайталанат. Албетте, Борбашка бир маал гана жем беребиз. Ошондон кийин ага томого жасалат. Кысып, өйкөп койбогондой, өзүнө чапачак болгондой бөрк жасайт. Томогону Борбаш каттырбоого аракеттенет. Анын да башка алгырдай эки жем басаар сөөмөйү бар. Аны кошоктоп коёт. Мында бир буту бир бутун өйдө жибербейт да, томогону башынан түшүрө тарта албай

калат. Антпесе, алгырлардын баары эле томогосун кагып түшүрүп коюшат.

Негизинен Борбаш бир-эки күндө эле үндөккө келет да, «жем басары» чечилип таштalат. Эми томогосун тартат. Кийикти таанып калган Борбаш дароо көрөт, талпынганда коё беребиз. Жаа тарткандай учуп барган ал кептин төбөсүнө конот. Эки көздөгү жемди алмак-салмак үзүп-чокуп жеп кирет. Тоюп отурат. Эгер куш үндөктөөгө көнүп, ирбитинде болсо, ага томого салуунун деле анча кажети жок. Борбаштын жемин берерде гана томого катып, «кийикти» улам үч эсе, төрт-беш эсе алыс жерден көрсөтүп турат. Үч-төрт курдай ушундай кылсаң маңдай-тескей жерди көрөт. Мына ошол тапта гана аны ууга салышыбыз керек.

Борбаш да «түлөккө» отурат. Анын түлөгү берки кыраандардан анча айырмаланбайт. «Кулжа алган кушта эмне сын». Анын түлөк учурунда жеми начар, арык болсо жүндөрү ала тарпталанат. Тамагы табы менен берилсе, жүнү жылтылдап, кыраандык кылык-жоругун сыртына чыгарып, көздөрү ойноктоп, таранып талпынып калат.

АЛАДУНГАН

Бул – боз чымчыктардын кырааны. Аны таптоо борбаш менен сагызганга окшошот. Эмнеге үйрөнсө, ошону алат. Ал боз чымчыктарга тап. Чондугу борбаштай келет.

Кыраан ачакей бутакка олжосун илип коюп жейт. Ал ала-була, сыртынан бир жери көк, бир жери ак. Борбаш болсо кызгылт келет. Сагызган сымал «селкинчек тээп» учат.

Муну борбаштын бир түрү дейбиз. Ал айыл ичине да келет. Көбүнчө сырт, ээн жерлерде жүрөт. Карагандуу, долонолуу жайларга үйүр. Бак-даректуу жерлерде түнөшөт. Уяларын да ошондой жерге салат. Аладунган «көк ала» деген түшүнүктү берет. Колдо болсо, эмнеге таптаса ошого жарайт. Аны борбаштай таптоосу гана билет. Кеп кылып

алып таптаса, аркар-кулжа, эчки-теке, элик-телки, бугумарал алат.

КӨКҮМБАЙДЫН КАРА ШУМКАРЫ

(Көкүмбай Чыны уулу Жумгалдык манап)

Ата конушта томогосуз Кара шумкар конуп отурат. Мүнүшкөр далбаа кармап, чакыра баштайт. Ошондо ал дароо ээсин тааныйт. Кара шумкардын ата конушубузга келишин калк жакшылыкка жоруйт. Түлөө жасалат. «Заман оңолот экен. Кытайда калган куш өзүбүздү минтип таап отурат. Асмандан учкан канаттуу өз тууруна конду», – дешти.

Мүнүшкөр Кара шумкарга томого жасады, түлөккө отургузду. Күзгө жуук таптай баштады. Табына келди. Эми кыраандын кызыгына батууга чыдамыбыз кыстады. Мүнүшкөр бир күнү бизди: «Атыңарды токунгула. Мындай бастыралы», – деди. Үчөөбүз өрөөндү жара аккан Жумгал суусуна бет алдык. Токойго жетип-жетпей, жердин уусун билген мүнүшкөр:

– Эми бирөөңөр сууну кечкиле, токойдун ары бетине өткүлө. Токой ичине дабыш бергиле? – деди.

Топ кыргоол асманга көтөрүлдү. Кара шумкардын томогосу тартылды. Анча өтпөй жер менен келе жаткан ал өйдө аткан октой көтөрүлдү. Кайра ылдый куушурулганда түйгөн муштумдай болду. Кумардан чыкканча тепти кыргоолдорду. Акыркы уусу менен кошо түшкөндө мүнүшкөр чаап барып, өз жемин берип, алгырды ажыратып алды. Санасак тогуз кыргоолдун алтоосу кызыл короз экен.

Күндөрдүн биринде мүнүшкөр күтүлбөгөн жерден шумкарынын томогосун алып, учуруп жиберди. Ал сабалап кетти. Түз эле уусу арбын тарапты көздөдү. Бир топ адамдар турган элек, таң калдык.

– Бул эмнеңиз, мүнүшкөрүм? – Мен ага бурулдум.

– Менин жанымдан кетпей тургула, Кара шумкардын өнөрүн эми көрөсүңөр! Өнөрү чын эле укмуш экен! Түш чен эле. Бала-бакыра козу-улактарды көгөндөп, кой-эчки түшкү сааңга келе жаткан. Асман бат эле канаттууларга карара түштү.

– Кара шумкарым айыл үстүнө тоодактарды тобу менен айдап келген тура, жарыктык! Мүнүшкөр өз алдынча кудундап... Ал аңгыча болбоду. Кыраан канаттууларды кудум үйүрдү айгыр имергендей имерип, өйдө атылып чыгып, бирден тээп кирди. Тээп жатты. Тоодактар далбаа сымал жерге талп этүүдө. Кара шумкар өзү да армансыз кумардан чыккандай болду. Мындай күтүүсүз жорукту бул кыраан бир нече курдай жасаганын көрдүк. Биз аябай таң калганыбызды ээси билди. Билип туруп: «Балдар, таң кала турган эч нерсе жок, турмушта эмнелер гана болбойт. Бекболоттун Нарбашы да үч жылдан кийин Турпандан качып келбедиби?» – деп аңгемесин аяктады. Ошондон баштап мен күлүк Нарбаштын санжырасын билүүгө кызыгамын.

ТОЙГОНБАЙ УУЛУ ЭРААЛЫНЫН АЙТКАНЫ

(Аламүдүн району, Арашан айылы)

Бүркүт таарынса, жаман болот. Жунушаалы карыя «Токомдун уулу, атаңдан жакшы эле уу уулоону үйрөндүм эле. Бүгүн бирге бастырчы, мен сага кыраандын кызыл түлкүсүнөн бир мыкты тебетей кийгизейин», – деп калды. Жүрөрман аттардан бирден тандап минип, тоо таяна жөнөп калдык. Мерчемдүү жерге жеткенде бир түлкү кылак дей түштү. Жунушаалы аксакал бүркүттүн томогосун тартты эле, бүркүт итенди, бирок, кайра томогосун кийгизе койду. Уу ылдый салды. Бүркүт аны көрдү. Көрөрү менен эмнегедир өйдөлөй сызып, тээ-э, чокуга барып отуруп алды. Түлкү алдында баратат. Аны карап да, ыкыс берип да койгон жок. Бир аздан кийин асмандан бир бүркүт шаңшып чыкты. Тигил бүркүттү качыра берди. Ал да асманда

бир аз канат элей, Ала-Арча тоосун карай сызды. Бүркүтчү экөөбүз аябай кейип калдык, себеби, бая түлкүнү көрөр замат томогону тартканда, бүркүт көрүп темингенде эле коё берсе болмок. Анын туу кырга чыгып барып үрпөйүп отуруп алышы, чакырса келбей коюшу, таарынганы болучу. Эгер бүркүт уусун алса, тигил бүркүткө кабылбайт беле?... Ал башка жердин бүркүтү экенин билип, өз аймагынан кууп жатканы.

Арадан үч жыл өттү. Ала-Арчага барып калдым. Ал да атамдын кыраан таптоо боюнча шакирттеринен эле. Бардым. «Бүркүтүм муну алды тигини кармады», – деп мактай баштаганынан көрөйүн дедим, көрсөм баягы Жунушаалы аксакалдын бүркүтү конуп отурат.

– Муну кайдан кармадыңыз? – десем,

– Ала-Арча тоосунан.

– Бул бүркүттү таанып турам.

Кантип?

– Ушинтип эле, мына мобул өрмө боосунан. Анан баяндай баштадым. Өтөбай өтө чочуп да, коркуп да кетти. Акырында:

– Эми баатыр, жолдугун берейин, жан адамга айтпа – деди...

Улуу Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата Эраалы мүнүшкөр кушту да, бүркүттү да таптап келет.

БҮРКҮТЧҮ ШАМИЛЬ МАЙЧИН УУЛУНУН АЙТКАНЫ

(Аламүдүн району, Арашан айылы)

«Адатта, эрегишкен эки кыраан бүркүт менен ителги жеринен өч келишет. Тие өткөн жерден кыя өтпөй, экөө тең бири-биринен коргонушат. Көбүнчө жемдерин кызганышат. Кол салуу ителгиден башталат. Бир курдай куш күйүткө чыкканбыз. Ителги менен бүркүт капыстан жолугушуп калды. Абалы, ителги аткан октой асманга көтөрүлдү. Аны бүркүт көрдү. Каапыр, ителги үстүнөн тээп

өтөөрүн билди. Билип, эки колун арбайта алдыга алып, текөөрүн тосо чалкалады. «Эми эр болсоң тээп көрчү», – дегендей кылды. Ителги кандай тээп өтөөрүнө оңтой ала-албай, айласы түгөндү. Абада эки кыраандын эрегишүүсү жүрдү. Бүркүт алп канатын жайып, ач тырмактарын арбайтып, оозун аңырдай ачып, коргонуу аракетин жасаган сайын ителги батына ала турган түрү жоктой... Ошентип, бүркүт жерге жакындагандан-жакындады. Акыры урчук ташка келип конду, чалкалап текөөрүн тосуп, душманына айбат кылууга шайы келбей калды. Ителги ыкчамдыгына алып, тээп өттү. Тээп өткөндө жаш бүркүттүн чалгын канаттары кайрыла түшүптүр. Мөрөйү үстөм болгон ителги бир курдай тегерете айланып, батышты карай сызды. Алсыз бүркүт кала берди.

Улуу мүнүшкөрлөрдүн айтымында, бул эки кыраандын жаратылышынан өчтүгү бар. Бири-биринен коргонуусу, бирөө тепкенин, экинчиси шыпыра-көтөрө алганын эрдик көрөт. Ителгинин шамдагайлыгы, бүркүттүн алптыгы эрдемсинтет. Албетте, бүркүттүн колуна ителги тийбейт дечи, курч тырмагын матыра кармай отургандачы. Муну ителги сокур сезиминде туюп, тебе качтысы, тие качтысы, бирок, жүрөктүүлүгү, чымырдыгы ошондон баамдалып турат.

БЕШ ТҮЛҮК КҮТҮҮ САЛТЫБЫЗ

Бул – көчмөн кыргыздардын негизги турмуш-тиричилигинин башаты беш түлүктү багып, алардан негизги азык-түлүк, буюм-тайымдарды даярдоо. Тактап айтканда, этинен, сүтүнөн, майынан башка терисин, жүнүн, сөөгүн, мүйүзүн, кылтагын үй-тиричиликке, кол өнөрчүлүктө, кийим-кечектерге, көңүн, кыгын, тезегин отун, жер семирткич ж.б. пайдалануу.

Беш түлүккө өркөчтүү төө, жалдуу жылкы, мүйүздүү уй, куйруктуу кой, чычаңдуу эчки кирет да, бодого топоз, аргын топоз кошулат. Азыркы муундар үй малы тууралуу маалыматтарды анча биле-туя алышпайт. Аны билип жүрүүбүз зарыл. Жалпы маалымат катары төө, жылкы, уй, топоз, кой-эчки жана алардын өз ара өзгөчөлүктөрү жөнүндө учкай мындайча баяндалат.

ОЙСУЛ-АТА

Желмаян – төө күлүгү. Бул – Ойсул-Ата тукуму. Ача туяктуу, кепшөөчү жаныбар. Мунун жаш туулганы бото, анан жарым жашы – тайлак (эркек тайлак, ургаачы тайлак), бир жаштагы тай тайлак, эки жаштагысы кунан тайлак, андан ары бышты, асый төө, эки асый төө, үч асый төө болуп айтыла берет. Ургаачыны инген дейт. «Жабуулуу ак инген» төрөп түшкөн (ак этек баскан аялга карата айтылат) аялга карата айтылат. Бычылган төөнү Атан, Лөк, Нар (өркөчсүз) деп аташат. Төөлөргө каймал, Буура («Алтымыш атан болгуча, бир күнү Буура болуп зиркилде» (эл сөзү). Кыш чилдеде, чилде өтөөрү менен Буура кирет. Т.а. ал албууттанат. Оозунан ак көбүк буртулдап, кишичил бууралар адамдарды качырат. Ай бою тамак жебей, ичи тартылат.

Төө чыдамдуу мал, кырк күнү суу ичпей, чөп жебей жашай берет. 40-50 жашка чыгат. Ошондуктан, алар чөлдүү жерлерди басып, кербен тартат. Аравия, Түркмөнстандын Кара-Кум, Кызыл-Кум чөлдөрүндө, Казакстандын кургак талааларында төөлөр гана чыдап жүрө алат.

Төө – дөө мал, ал балбандыгы аркылуу да бааланат. Төө – тоо малы, каркыралуу көчтүн да, көчүп-конууда конуштун да сөөлөтү. Төөгө көчтү жүктөө – өзүнчө өнөр. Төө – мингич, аны чөгөрүп алып минет. «Жаманды кудай не албайт, жаткан төөгө мине албайт» (макал).

Төөнүн ээр токуму – чому, кому. Ал да кештелене жасалгаланат. Малдын кому сайма, килем, терме таар көчөт-

төрү, тор чачыктары менен кооздолот. Жүктөлгөн жүктүн үстүнө төө килеми, же терме шалча жабылат. Төө семизи эки өркөчүнөн билинет. Ал жайыт тандабайт. Бардык өсүмдүктөр анын тамагынан өтө берет. Төтөн, кокотикен, (төөтикен), чогойно, козуйгак, терскен, чычырканак, төөкуйрук, шыбак, көбүргөн, куурай өндүүлөр анын негизги тоюту.

Төө ичте он эки ай бою бала көтөрөт. Жалкы тууйт. Төө тууганда ээси ага ак жоолук салып, жентек бузат. Төө да саалат, төө кымыз жасалат. Ботосун боздоп чакырат жана жоктойт. Жүнү тонолот. Төө семизи эки өркөчүнөн билинет. Эки баладай көрүнөт.

КАМБАР-АТА

Бул – малдын Камбар-Атасы, сыңар туяктуу жаныбар. Анын жаңы туулганы кулун (ургаачы, эркек), жарым жашы жабагы (ургаачы жабагы, эркек жабагы), бир жашы тай, ургаачысы тай байтал. Бир жарым жашы кунан чыкма, эки жарым жашы бышты чыкма ж.б. айтыла берет. Бул башка малдарга да тиешелүү болот. Ургаачысы эки жашаары, кунан байтал, үч жашаары бышты байтал деп аталат. Жылкы быштысында айгыр салынат. Адатта, ургаачысы быштысында тууйт. Байтал бээ (1-туут) – «бышты бээ» делет. Бышты бээлер саалат. Кээде кунан байталдар да төлдөп коёт.

Жылкы асый чыкма, бир асый, эки асый чыкма, үч асый чыкма деп арылап айтылат да, мал тогуз асыйында толот. Сары таман ат, сары карын бээ деп, жылкынын 8-10 жыл жашоолорун, толгон чагын аныктайт.

Жылкы башка бодо малдай эле тогуз ай көтөрөт. Кыргыздар эгиз кулун тууган бээни, кунан байтал чагында туп койгондорун, уй-топоздорду да анчалык жакшылыкка жорушкан эмес, ошондуктан бирөөнү башкаларга ырымдап берип койгон.

Жылкынын сүттүүлүгү убакыт өткөн сайын демейт. Сүттүү бээни «көөкөр эмчек» дейт. Мындан кымыз жасалат. Мында ал аябай бышылат. Жылкы үйүрүн, кулунун кишенеп чакырат, жоктойт, Аңгилер, айгырлар үйүрүнө азанайт. Бизде нукура кыргыз жылкылары, англиялык таза кандуулары менен аргындашкан кыргыз жылкыларынын жаңы тукуму асыралууда.

Жылкы сапар малы, тактап айтканда ал алыс жолдун мингичи. «Ат, аттан кийин жат», «Ат – адамдын канаты» (макал) дешкен. Жылкы – мыкты көлүк (жүк жүктөөгө шартташкан). Кыргыздардын ата салтында аттан ат тандалат. Жылкы таптоо өнөрүн саяпкерчилик деп айтат. Аттын ээр токумдарын, ат жабдыктарын ат жасалгалары деп коёт. Жылкыга бетеге, тулаң, доңуз сырты өндүү тоо жайыттардын чөптөрү күлазыктай туюлат (Ат жабдыктарына узануу өзүнчө өнөр болуп саналат). Ат минүүбүз да жаш өзгөчөлүктөрүбүздү аныктайт. Элибиздин каада-салтында жылкылардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата мамиле болгон. Алсак, кулун желеде байланып, тайында үйрөтүлөт да, бөбөктөр (6-10 жаштагылар) минет. Ошого карата чак ээр-токумдары жасалган. Ал айырмач деп аталат. Кунан тестиерлерге таандык мингич болгон. Быштыны боз уландар, жаш жигиттер минишкен. Мында малдын да, адамдын да мүчөсү чыгып, келбетине келишип, болукшуп, бой тартып турган кези элестелет. Б.а. адам үйлөнүүгө, үй-бүлө күтүүгө, ал эми жылкыны үйүрдөн айгыр салууга мүмкүнчүлүк бар учуру. Жылкынын сөөгү курч. Ошондуктан, мал узакка жашайт. Жылкы быштысынан тартып чоң байгелерде аттарга кошулуп чабылган.

Үйүрдөштүрүү – бул жылкы малына карата айтылат. Демек, бир желеде, мисалы, 5-6-7 бээ, тай, кунан, байтал болот. Ошого карата жазда жалына кебез байлап, быштысынан баштап айгырды коё берүүчү. Ал үйүрүн көздөп, айдап кетүүсү, башка жылкыларды үйүрүнө жолотпоосу, же-

лесиндегилерди өзү таанып, үйүр алдыруусу. Бөтөн үйүргө жибербөөсү. Жакшы айгырлар өз желесин күзөтөт, ууру-бөрүлөрдөн сактанат. Дөңдөргө чыгып, туш-тараптарды чалып турат. Түрдүү караандарга айбат кылат.

Таштакта чуркаган аттын туягы, жүрөкчөсү жабыркайт. Улам ташка тийсе, ысыган туяк өзү да, бир эли болсо да, артка калып, арымы кетип кала берет.

Куу мамы. Бул атты арык-торук, жоор минген адамга карата айтылганы. Аты дайыма тердеп, жүнү тетири айланып, кургабай жүргөндөр. Куу токум – «куу мамы» деген түшүнүктү толуктайт. Андайлар – мал-жан күтө албагандар. Томаяк кейпин кийип, ырыска шерик эместер. Беш түлүктүн Камбар-Атасы, жарыктык – жоого бир барган, жоону сайса бир сайган, адамзаттын жан жолдошу, душманга алдырбаган, ай талаада ээсин ара жолдо калтырбаган, ээр качкылык кылбаган, ээсин маанектеген, душманды алдын ала сезген, чокуранып ээсин ойготкон, айрым жерлерде коёндон жапыс, үстүндөгүсүн кыргыйдан илгич кылган асыл мал.

Жылкы быштысында бычылат. Жылкы семизи жалынан билинет.

«Тоолуу жерде токой бар. Токойлуу жерде жылкы бар, жылкы бар жерде кыргыз бар, кыргыз бар жерде кымыз бар. Кымызы кыргыздын каны, эти кыргыздын жаны», – деген уламыштар атамзамандан бери айтылууда.

Кыргыздын каада-салтында бирөөлөргө үйүрүнөн ажыратып, аянычтуу азанатып, алдыга айгыр тарткан эмес. Сай күлүктөрүбүз бирөөлөргө белектелип берилүүчү эмес. Ардактуу меймандарга аркалуу ат тарткан, үстүнө чепкен же ичик жапкан. Жорго мингизген, торко кийгизген. Акыйкатта, күлүк – жалпы элдики. Ал калдайган калыс журтчулуктун намысына жараган. Күлүк менен жорго бирдей бааланбайт. «Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин», – деп эр азаматтын алдындагы жанга тынч,

жагымдуу мингич. Бизде азыр асыл тукум айгырларды, коо жарган күлүктөрдү мингизүү салттуу адатка айланды. Эчен күлүктөрүбүз, жорголорубуз баамдалбай-баркталбай, көз көрүнөө союлууда. Демек, малды тандообуз, ветеринардык иштерибиз, малды барктообуз жоктой. Ал эми шарыят жолунда илгеркилер малдын айыбын таап, мал болуп жашоодо анын кемчилдигин «бетине коюп» анан мууздоочу. Мында аксак-тескектери, көзү сокурлары, кулагы чунактары, туубастары, сүтү (сүтү суюкпу, коюубу,) малдын кыял-жоругу жана башка мүчүлүштөрү эске алынчу. Чыңыртып желедеги кулунду мууздаган эмес.

Кыргыздар үчүн жылкы этинен даярдалган азыктар баалуу. Урматтуу конокторго тай, жабагы союш – нарктуу көрүнүш. Жылкынын ич эти (казы, карын-карта), карчыга, жал, жая, уча өңдүүлөр атактуу тамактардын катарына кирет. Тай, жабагы, кулун эттеринен илгери күл азыктар даярдалган.

Ат сыпаттары. Эл ичинде айтылган мингич аттар. Ооба, Манастын Аккуласы, Тулкарасы, Бакайдын Кекчебичи, Каныкейдин Тайторусу, Кошойдун Акбозаты, Керкабыланы, Алмамбеттин Айсараласы, Чубактын Көктекеси, Жолойдун Ачбууданы, Эр Төштүктүн Чалкуйругу, Коңурбайдын Алгарасы, Ажыбайдын Карткүрөңү, Семетейдин Тайбуурулу, Күлчоронун Суркоёну, Курманбектин Телторусу, Эр Табылдынын Арчаторусу, Кудайбергендин Куубайталы, адабияттарда жана эл оозунда айтылып калган Калыгул олуянын Карабозу, Боогачы ырчынын Акбозу, Казы болуштун Солтоторусу, Шырдакбектин Бозжоргосу, куланактык Касымаалы манаптын Кара аты, Жергеталдык кара моңолдор Ажыбек уулу Арпачынын канаттуу Каракашкасы – деп айтылууда. Аттардын мындай энчилүү жана өңү-түсү кошо айтылышынын маанисиси бар. Мында: биринчиден, малдын күлүктүгү, сын-сыпаты эске келет,

экинчиден, башкалардан айырмалуу жагдайлары бар. Б.а. ошол ат ошого гана жарашкандай көрүнөт.

Ат минүү салты

Ат тушоо (жылкыны тушоо) – тушоодон улам чыккан. Бул – чылбырды, жипти, эки колунан (бутунан) кууштура тарта күрмөй байлоо. Кайра чече коюуга оңтойлоштура илмектүү ала чалуу. Тушамыш салуу аттын алдыңкы эки бутунун даяр илмегине мүйүз, жыгач тогоо илине турган кайыш өрүмдү топчулай коюу. Чидер – ат тушамыш, чидерлөө – аттын үч бутун тушоо. Эгер аны жип, чылбыр аркылуу тушаса ал атты үч буттап коюу. Бул бир эсептен «атты отко коюу» – деп аталат.

Атты аркандоо. Бул – аргамжылоо, казык кагып, ага аркандын четин казык бош чалып, бир учуна эки алдыңкы бутун тушоо. Аттын бир бутун байлоо карыялардын айтымында, малдын бутуна кан түшүрөт. Аркандоодо ат казыкты бош айлана оттойт. Аркан казыкты ороп калбайт.

Атты сугаруу. Мында сугаруунун бир канча түрлөрү бар. Жем илүүнүн алдында шар сууга (таза болбосо, ат ичпейт) ооздугун чыгарып ичирүү. Жем илүүдөн кийин сугаруу малдын бутуна «жем түштү» кылат. Аксап калат. Жолдо тер чыгып келе жаткан атты «көкүрөк басты» кылып сугаруу зарыл. Атты сугарууда басмайылды бошотуу керек. «Жолдо сугарып алам» кылбай, бастыраарда суу ичирип алуу шарттуу көрүнөт. Ушундан улам «Эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет. Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет» деген сөз бар. Арийне, бул шашылышты, жоопкерчиликти, көчмөндүк турмушту баамдайт.

Атты суутуу. Ал – алыс сапардан келген атты аса байлап, таң ашыруу, таң аппак атканда жайдакталып турган атты отко коюу. Суутуу алдында атка бир аз чөп чалдыруу. «Талаш кылып суутуу», – тер чачкан атты күүгүм талаш отко коюу. «Аттын көкүрөгүн бастыруу» болжолдо, үч-

төрт чай кайнамдан кийин отко коюу. Ал эми чабылуучу күлүктөрдү суутуунун тажрыйбалары башкача болот. Табынан тайдырбай асыроонун ыкмалары ар дайым жадыда жүрөт.

Баланы атка мингизүү. Бул тоолуктарга мүнөздүү көрүнүш. Абалы, айырмач ээр токулган тайга баланы мингизип, жетелеп алуусу. Бара-бара 5-6 жаштардагы бала тизгинди өз алдынча кармап, бастырып кетүүсү. Ушундай шартта айылчылоо, көчкөндө көч менен жүрүүсү, аш-тойлорго, той-тамашаларга атасын, чоң атасын, агасын ээрчип баруусу. Үй-бүлөдөгү кубанычтардын бири. Бала көнүгүп, ат жалын жеңил сезип, кийин-соң аттын кулагы менен тең ойноосу. Ушул жаштардан баштап, ат оюндарына машыга бериши. Демек, ат үстүндө бала жыгылбашы үчүн айырмачтын эки капталына баланын балтырын кыспагандай жалпак жыгачтар бекитилет, үзөңгү ордуна теминүүгө көбүнчө териден же кийизден кооздоп жасалган буюм болот.

Атты токуу (ээр-токумду атка токуу). Мында, абалы, ат белине ичмек салынат. Анын үстүнөн тердик орун алат. Ат жабуу жабылып, кош желдик бастырылып, ээрди чыгарып, аны бир аз артка жылдырып, куюшканын салып, алга жылдырып, көмөлдүрүктү тагып, көрпөчө үч каттай ээр үстүнөн орун алат. Көрпөчөнүн төрт тарабына бештаны менен бастырыла басмайыл тартылат. Көмөлдүрүк андан мурун бекитилет. Мындан сырткары чаболоңу болот. Алдынан ээрди бекитет. Акырында нокточон атка жүгөн катылат.

Атка минүү. Мында ат туура тартылат. Сол бут сол үзөңгүгө илинет. Ат жалын же ээрдин кашын сол кол менен кармап, көтөрүлүп, чап ээрге өбөктөй барып отурат. Атказуучу болсо аны сол колтуктан өйдө, жеңилдете көтөрүп коёт. Аттанаар менен шарт бастырып кетүү салт болуп саналат.

Атка бастыруу. Кыргыздар талаа-түздөрдө, адыр-белестерде, ашуу-белдерде арбын жүргөндүктөн атка жеңил жүрүүнүн сырларын билишкен. Т.а. алар ат үстүндө туурда отурган кыргыйдай жыйнактуу, этек-жаканы кымтылана, шайдоот көрүнгөн. Өйдөдө бастырып баратканда, ат жалына өбөктөйт, ылдыйда артты карай чалкалашкан.

Тумар тагуу. Жакшы малга да айрым «суук көздөрдүн» жана көзү курчтардын ниети чапкан. Аттардын моюнуна көз мончок, тумар таккан, «көз тийди» болбогон. Соорусунун үстүндөгү үртүгүн албаган. «Моюнуна тумар тактырып, көрбөс жайга бактырып»... дейт.

Ат чалдыруу. Бул атчан баратып, ара жолдо түшүп, аттын ооздугун чыгара коюп, отко коюу. «Ак жайда ат алты эле жолу чалса тоёт», – дешет. Чөп чалдыруунун эки мааниси бар, күлүктү чубатууга салаардын, т.а. чабаардын, же таң ашыраардын алдында кичине чөп берүүсү, дене-боюн бир аз чыйралтып алуусу. Чоң дабандарды ашып баратканда, алай-дүлөйлөрдө, таш корумдарда, музда, сазда тизгинди бош таштап, атты жайына коюшкан. Топ атчандардын ар биринин жекече бөтөнчөлүктөрү билинип турган. Урматтууларга, улууларга жол бошотуп, үч-төрт кадам алар алдыдан, чок ортодон орун ала бастырышкан. Кичүүлөр, бала-бакыралар тегеректеп жүрүшкөн. Улуулардын, урматтуулардын минген аттары да бакубат келип, адам менен кошо атты кадырлоо сезимдери пайда болгон. Сөөлөттүүлөрдүн мингендери өңү-түсү жагынан айырмаланып, алыстан эле кимдер келе жатышы, кимдердин кишиси келе жатышы айкын билинген. Ал өзүнчө көрк болуп көрүнгөн. Эр шаңы тээ алыстан кимдер келатканы тааныылып турган. Ошон үчүн «Жандай салып бастырса, жакшы атка жол жокпу?» – деген накыл айтылган.

Аттарга таандык мүнөздөр.

Камбар-Ата. Бул – профессор Хусейн Карасаев агайдын чечмелөөсүнө караганда Азирет Аалынын Дулдул деген атын багып жүргөн адам. Албетте, Мындай дулдулду (чарчабас, чаалыкпас, малды баккандан кийин анын бир аты саяпкер), ал – жылкы жаныбардын пири болуп эсептелип калары бышык.

Сары таман ат. Ал – аксакал ат, бар турпаты, келишими – сөөлөттүүлөр минүүчү жылкы баласы. Сынчылар: «камыш кулак», «муз каптал», «сом туяк», «казан көмкөрүк» ж.б. болуп, жылкыларга баа берет. Негизи сары таман аттын туягы тегерек болот. Чулу туяк, чулу жигит. Бул – таштай катуу деген мааниде. Андай аттар алыска чаалыкпай, ташыркабай барат.

Жүйрүк. Бул аттын мыктысы, күлүк – илгери аш-тойлорго күндүк жол чуркап, коо жарган жарыштарда төө баштаган байгелерди алган жылкы. Жүздөн жүйрүк чыгат. Миңден тулпар чыгат. Эгер табын билип чапса, калбыр өпкө, жез канаттар Камбар-Ата тукумунан көп чыгаары белгилүү. Чынында, жылкыдан башка мал сыналбайт. Кыргызда баатыр, күлүк ат, сулуу кыз улуу сындан өтөт. Мындан сымбаттала, нарктала, айтыла, артыкча барктала турган эчтеке жок.

Тулпар. Камбар-Ата тукумунан өтө күлүгү, өтө мыктысы.

Дулдул. Ат чарчабасы, чаалыкпасы, тоо-таштарда, талаа-түздөрдө күндөп-түндөп минсе ноюбасы.

Жүрүмал. Ат мыктысы, жүрүшү бар, алыс жол сапар чеккенде, үстү адамга мамыктай тынч, эр-азаматтын аркалуу аты.

Жорго. Карылуу мал, камчыны эби менен салат. Мунун чоң жоргосу – дубанды бузган жорго деп аталат.

Жорток. Турган жеринен желген жылкы.

Чарс. Азоо чалыш, «кыялы» чатак, чакчаңдап турган жылкы, кошкурук атат.

Чынкор. Чөптү аз жейт, чөп баштарын чалат. Тандап өп-чап жегендиктен арык, ичке көрүнүп, кабырык болуп турат.

Какбаш. Ээндеп оттойт, жалгыз жүрүүнү сүйөт. Жылкылар келсе, сүйүңкүрөбөйт. Жолотпой артын салып турат.

Жатак. Табияты жоош, кабелтең, баскан-турганы кашаң.

Жалакай. Жылкынын жукасы, бат арыктайт, өрүшү ырас болсо, бат семирет. Мингичтиги анча эмес, айыл арасында аяк улоо кылса, баскан-турганы тың.

Улакчы. Бул – улактык ат, карылуу, төртсан келет. Ойдогудай суутса, улакка улам тер чачкан сайын талбай чуркайт.

Качкы. Мындай аттарды «ээр качкы» дешет. Колдон бир бошонсо, ээсине жеткирбей, чылбырын сүйрөп, улам оттоп барат. Ээн жерде ээр качкылык кылуу коркунучтуу, ээсин айталаада калтырат. Негизи, айталаада ээсин маанектеп оттошу зарыл.

Тиштээк. Бала-бакыраларга чунаңдап, алдына келүүчүлөрдү жумшак тиштеп, айгыр сымал жаалданып, айгырлар менен маташат. Бирин-бири жеңет. Майып да кылып коюшат.

Бедөө ат. Угушубузча, илгери жол тарткандар бедөөлөрдүн төөсүнө минип, чөлдөрдү арткан. Арабдардын жолго жүрүүгө өтө бышык аттары да болгон. Кыргыздардын аякка баргандары бул аттарды да минишкен. Бара-бара бедөөлөрдүн өстүргөн аттары «бедөө ат» деп аталып кеткен.

Тарпаң. Ал – ат жаманы. Мунун тукуму Аравиядан чыккан дешет. Тарпаң жапайы жылкылардын бир түрү. Жүрүшү кашаң, бышыктуулугу начар болсо керек. Булар зоологдордун айтымдарында, илгери Прут дарыясы менен

Урал (Жайык) дарыяларынын аралыгында жашаптыр. Анын эки түрдүүсү бар: бири талаа, чөлдү, экинчиси токойлорду мекендейт. Өткөн кылымдарда тукумун мергенчилер үзүп койгон. Кыргыздар да Алтай, Енисей, Орхон бойлорунан быякка көчкөндө ара-чолодо мингич, көлүк кылууга асырашы ыктымал деген божомолдоолор бар. Өңү кара сур келген жылкылар имиш.

ЗЕҢГИ-БАБА. Бул – бодо мал, ача туяктуу, кепшөөчүлөргө кирет. Малдын Зеңги-бабасы. Анын жаңы туулганы музоо (ургаачы музоо, эркек музоо), алты айдан ашканы моюнча (ургаачысы), тана (эркеги), бир жашаары торпок (тай торпок, тай кунаажын, букачар), эки жашаарынын эркеги оопаз, ургаачысы кунан кунаажын, үч жашаары бышты оопаз (бышты оопаз же өгүз), ургаачысы бышты кунаажын (бышты уй) деп айтылат да, андан аркысы саан уй, асый өгүз, инек өгүз ж.б. болот. Эркеги бир жашында биттелет. Уйдун тукуму, адатта, эки жашында тууйт. Уй күлүгүн шүдүңгүт дейт. Бизде жергиликтүү кыргыз ую. «Алабаш», «Ала-Тоо» аттуу жана башкалар менен тукумдашкан уйлар асыралат.

Казык түп. Адатта, уй-топоздор казыкка байланат. Кагылган казыктар канчалык көп болсо, уй, топоздун бардыгын баамдатат.

Бирөөлөрдүн малын багып, төлдөтүп, семиртип, сергитип, кайра ээсине кайтарып берүүдө мынчалык малдан торпок-тана таштап кетүү жөрөлгөсү бар. Бул казык түп деп аталат. «Желетүп», «Көгөнтүп» да ушундай маанини берет.

Саздак, өлөңдүү-шибердүү жерлер анын мыкты жайыты. Кардын сары суусун жакшы шимирет. «Өлөңдүү жерде өгүз семирет» (макал). Уйду үч маал сааса болот. Асыл тукумдары күнүгө жыйырма литрдей сүт берет. Уй сүтүнөн уй кымыз ачытылат. Анын куруту, быштагы, айраны,

жуураты, сүзмөсү, чөбөгөсү, сары майы жагымдуу азык. Шаа мүйүз өгүздөргө жүк артылган.

Уй да мингич, көлүк болгон. Уй семизи комунан билинет. Уй тукумуна бир жашынан бука салат. Букачар бир жаштагы бычылбаган торпок. Зеңги-Баба малы ичте төлүн топоздой, жылкыдай мөөнөттө көтөрөт. Саалып жүрүп бир аз байып, анан төлдөйт. Уйдун сүттүүлүгү карыган сайын бир аз кемийт. Мында сүтү суюк, сүтү коюу уйлар бар.

Уй, адатта, жалкы тууйт. Кээде эгиз тууган уйлар да кездешет Анын бирөөнү ырым-жырым (жакшы жорук эмес) катары үй ээси башкаларга карматып жиберүүчү. Уй мөөрөп, музоосун чакырат, жоктойт...

Топоз

Бул – тоолуу жерге байыр, ача туяктуу, кепшөөчү мал. Мунун жаңы туулганы мамалак (эркек, ургаачы), бир жашы бир жаштагы мамалак (эркек, ургаачы), эки жаштагысы ноопаз топоз, же кунаажын топоз, андан ары быштy, асый, эки асый болуп айтылат. Инек (өгүз топоз), тубар топоз, саан топоз дейбиз. Топоз бир жашында биттелет. Ал, адатта, эки жашында тууп, бир жашынан бука салынат. Топоз да уйдай, жылкыдай мөөнөттө ичте бала көтөрөт. Топоздун сүтү коюу, майлуу, ары күчтүү келет.

Элде: «Топоздун жууратына улак тыгылыптыр, сүтүнүн каймагынын үстүнөн момолой чычкан жорголойт», – деген кеп бар.

Топоздун семизин «комдуу топоз» дешет. Топоздун сүттүүлүгү асыйынан демейт. Топоз, адатта, жалкы тууйт. Эгиз тууса бир мамалагын уйдукундай, жылкыныкындай бирөөлөргө ырым-жырымдап, карматып жиберет.

Топоз мамалагын чакырууда коркулдайт, чала мөөрөйт.

Топоз – тоого чыдамдуу мал, демек, ал колду карабайт. Карсыз жайыттарда, кыштын кыраан чилдесинде ноюбай оттоп, өзүнүн жашоо-тиричилигин жүргүзө берет.

Топоздун эти, ич майы, бөйрөк майы кор келет. Себеби, этинин кесими кичирээк, үрпөйүп турганы менен ык эмес, бышкан этин Нарын кылып туураганда көпшөгүрөөк көрүнөт. Байкаган адамга топоздуку кыйгылыраак даамданат. Малдын баш сөөк эти да чакан болот. Илгери үч маал саан берүүчү. Мурун колдо үйрөтүлүп, багылып, саалып, мингич кылынуучу топоздордун кыял-жоруктары эмес эле, бул малды кармаш, айдаш, союш кыйын. Аны атып союшка да туура келет.

Топоздо кадимкидей жал бар. Малдын кылтагы, жогдондору, уяң жүндөрү болот. Бирок, ал көпшөгүрөөк туюлат.

ЧОЛПОН-АТА

Бул малдын Чолпон-Атасы, ача туяктуу, кепшөөчү жаныбар. Ал – майда жандык. Жаңы туулганы козу (ургаачы козу, эркек козу) делет. Эркеги бир ай, бир жарым айдан кийин биттелет. Кой токтусунда тууйт. Алты айдан кийин эркеги шишек, бир жашында борук болот. Ургаачысын токту, эркегин эки жашында эки тиштүү, үч жашында төрт тиштүү, төрт жашында төгөрөк ирик, беш жашында чар ирик дейт. «Кунан кой» деген ирикти туюндурат. Ал эми эки жаштагы ургаачысы кысыркалды, андан аркысы соолук кой аталат. (Коомдук чарбада төл алууга байланыштуу 1-туут, 2-туут, 3-туут, 4-туут, 5-туут, 6-туут деп, андан карысын этке тапшырышкан).

«Койдун сүтү коргошун, кой уурдаган оңбосун» (эл ыры). Мунун сүтү коюу, жуураты күчтүү, эти ык келет. Анын азык-түлүгүнүн сапаты, аш болумдуулугу башка малдардай жердин шартына байланышат. Бизде климатыбызга байланыштуу кылчык жүндүү, жарым кылчык жүндүү, уяң жүндүү, жарым уяң жүндүү койлор асыралат. Анын эти, сүтү, сүзмөсү, куруту, сары майы, каймагы, чөбөгөсү, эжигейи, жүнү, сөөгү, мүйүзү, көңү, кыскасы, турмуш тиричиликте азык-түлүктүүлүгү артылып турат.

Койдун оту – чөбү жылкы малдыкындай. Кой семизи жонунан билинет. Койдун жазгы жүнү ийирүүгө, т.а. өрмөкчүлүккө, килемчиликке, түймөчүлүккө, саймачылыкка, чырмачылыкка ойдогудай шартташат. Күзгү жүнү, төтөн, кийиз уютууга ж.б. кармоого мүмкүндүк берет. Териси ашатылат. Андан кийим-кечектер тигилет.

Кой төлүн эчки сымал беш ай чамасында көтөрөт. Андан жалкы да, эгиз да, үч эм да туулат. Кой маарап козусун чакырат, жоктойт. Койдун жапайы ургаачысы аркар, кочкорун кулжа дешет. Козусун козу эле деп, жашка бөлүнүшүндө үй малынан анча айырмасы баамдалбайт. Адатта, кадырман коногорго кара кой, кара козу союш нарктуулукту билдирет. Кара кой күндүн нурун өзүнө тартат. Эти ширелүү келет.

ЧЫЧАҢ-АТА

Бул – ача туяктуу кепшөөчү жаныбар. Эчкинин жаңы туулганы улак (ургаачы улак, эркек улак). Эркеги бир, бир жарым айында биттелет. Улагында теке салынат. Бул – чебич чагында тууйт дегендик. Эчкинин эркегин серке, ургаачысын чебич дейт. Эки жаштагыларынан баштап, тубар эчки, эчки, эркегин эркеч деп атай берсе болот.

«Эчки тууйт эгизди,
Эки жылда сегизди» (эл ыры).

Эчкинин сүтү менен эти аш болумдуу. Ал жердин отуна байланышат. Сүттүү эчкилерди «мөөн эмчек» дейбиз. Эчки кой сымал төлүн курсакта беш ай көтөрөт. Анан төлдүүлүгү артып, көбүнчө эгиз, үч эм, төрт эм тууйт. Бизде эчкинин Ангар (тыбыттуу), жергиликтүү (кылтактуу) тукумдары асыралат. Алар бадалдуу, тоо-таштуу жерлерди байырлайт.

Эчки шыбакты, терскенди, бак-даректардын бүрлөрүн, жалбыректарын, төтөн, эрменди жакшы көрөт. Эрмен оттогон эчкинин эти, сорпосу эрмен даамданат, жыттанат. Анын дарычылык касиети зор. Карын майы калпактай,

бөйрөк майы табактай болот. Себеби, бул мал семиздикти ичине жыят. Улак кеч күздө бөтөнчө тулуптай семирет. Кыркылбаган улактын эти дары. Андан жаабөйрөк кылып бышырышат.

Негизи, ача туяктуулардын (төө, уй, топоз, кой-эчки ж.б. кайберендер) эттери сүрсүтүүгө бөтөнчө шартташкан. «Жылкы сойсоң, үч күн баса жат, уй сойсоң үч күн кача жат» дейт. Анткени, туздалган эт үч күндө ширесине келет. Тоолуу алкактардын малынын эти даамдуу, калориясы күчтүү. Бетеге-тулаң оттоп, шар суу ичип, шор жалаган малдын эти чыйралып турат.

Эчкинин териси койдуку сымал ашатылат. Андан түрдүү кийим-кечектер, буюм-тайымдар жасалат. Эчки улагын мекиренип чакырат, жоктойт.

Эчки семизи моюнунан билинет.

Беш түлүктүн айырмачылыктары жана өз ара бөтөнчөлүктөрү

Кыргыздар малга ойдогудай сын-сыпаттоолорду бере билишкен.

Ооба, беш түлүк өркөчтүү төө, жалдуу жылкы, мүйүздүү уй, куйруктуу кой, комдуу топоз, чычаңдуу эчки үй малы делингендиктен анын айырмачылыктары, өз ара бөтөнчөлүктөрү бар.

Төөнү буйласынан (мурунунан тешилип өткөрүлгөн жип), жылкыны ноктосунан, уй-топозду мурунтугунан (мурунун тешип, жыгачтан чүлүк өткөрүлүп, ага байланган жип), мүйүзүнөн да жетелейт.

Төө боздойт, жылкы кишенейт, уй мөөрөйт, топоз коркулдайт, кой маарайт, эчки мекиренет.

Төөнү «чөк» деп, жылкыны «кыруу-кыруу», «чу-чу» (кээде жекече мо-мо-мо» деп, жем баштыкты, чөптү көрсөтөт), уйду, топозду «өш-өш», «мө-мө», койду «кыройт-кыройт», «кош», эчкини «чек» деп айдайбыз.

Кыргыздар үчүн төө да, жылкы да, уй да, топоз да мингич жана көлүк (жүк артуучу) болгон.

Төөнүн анжамасы – кому, чому, жылкынын ээр-токуму болот. Уй-топоздорго жүк артууда ыңырчак ээр токулган.

Төө чөгөрүлөт, тизделет. Ат мамыга, уй-топоз казыкка байланат. Кой-эчки короодо, кулун желеде, козу-улак көгөнгө көгөндөлөт.

«Күлүктү байлап кермеге.
Күрпөңдү союп шеринге.
Күрдөөлдүү жайлоо Ак-Сайым,
Гүлдөбөй турган жер беле».

(Казыбек)

Аттарды кермеге (узун түркүккө байланган аркан) кармаган, уйларды мүйүздөп, казыкка байлап сааган.

Төө, уй, топоз, кой, эчки кепшөөчү малдар. Төө, кой-эчки корголдойт, жылкы тезектейт, уй, топоз омполойт. Уйдун, топоздун кургаган тезегин жампа, уютулган көңүн омпо, койдун уютулган корголун кой көңү дейт. Кой-эчкинин, төөнүн көңү таптуу келет, короодон көң чаап, тезек терип, от жагып, оокат кылуу кыргыздарда илгери басымдуу болгон.

«Тезек, көң жаккан коломто,
Чүчкүрүп калсам болом соо».

(Байдылда)

Тезек, көң жагууда тезекти тегерек калайт. Ортосунда майдалап жагылган жыгач отун «тамызгы» деп аталат.

Жылкы тунук суу ичет. Суу ичүүдө, чөп чалууда, абалы, жыттап алат. Өзүн таза кармап, жыт-жыбыры бар тоютту жебейт, жерди оттобойт. Талаа жеринде ээсин ба-

йырлайт. Аба ырайын сезип, ылымта жерге алдын-ала келип турушат.

Төөнүн жүнү ийирилет да, өрмөктө согулат. Төө чепкен, пыясы чепкен, суп чепкен ж.б. таар кийимдер төөнүн жүнүнөн ийирилген. Жип койдукундай бардык үлгүлөрдү тигүүгө, жамоого чыйрак келет. Төөнүн чуудасынын дарыгерлиги бар. Териси калың келип, чылгыйында ээр капталат. Малмага салынат, талкууда ийленет. Шири, көн идиш буюмдары кармалат. Жамбаш, жилик сөөктөрүнөн буюм-тайымдар, аспаптар, куралдар, шаштар, балдак ж.б. жасалат.

Чүкөсү (томпою) ордо оюнуна керектелет.

Жылкынын жүнү «түк» деп айтылат. Кулун, тайдын терисинен камчы өрүмдөрү үчүн көк тилинет. Талпак жылкынын терисинен болот. Ал алдыга салууга, жүн сабоого шартташат. Анын куйрук-жалынан жип-шуу (аркан, чылбыр, көтөрмө, желе жип, бел кырчоо ж.б.) эшилет.

Уйда да түк болот. Мунун териси да малмага салынып, талкууга коюлуп, көн-шири буюмдары жасалат. Усталар андан да белек-бечкектер үчүн жакшынакай мүйүз жана сөөк үлгүлөрдү жаратууда.

Топоздун куйругу кыл, териси кылтак келет. Ал эшмечиликке байланыштуу буюмдардын жердиги болуп эсептелет. Уй, топоздун териси бирдей бааланат.

Койдун жүнү – кол өнөрчүлүктүн негизги жердиги. Козунун жүнү кийиз уютууда данакер болот. Козунун кыркылбаган терисинен саксак, андан көлдөлөң, ичикке ич жасалат. Койдун терисинен тон бычылат. Адатта, койдун жото жилигинен (чүкөлүү жилиги) шимек, наштар (кан соруучу аспап) өңдүүлөр жасалат. Чүкөсү – ордо, упай оюндары үчүн керектелет.

Эчкиде тыбыт, анан кылтак бар. Абалы, тыбыты тараалып алингандан соң, кылтагы кыркылат. Тыбыт баалуу жердик. Ал алтын наркында турат. Кылтагынан жыл-

кыныкы, топоздуку сымал жип-шуу эшилет. Койдун терисинен бир маанилүү айырмасы: эчкинин терисин туюк сыйрып, чанач (кол чанач), серке чанач, чоң чанач (эркек чанач) жасалат. Улактын териси тулуп болот. Чүкөсүн чыймыт дейт.

Малдын өңү-түсү. Жылкынын өңү-түсү тууралуу бабалардан келе жаткан атоолор бар. Жээрде бээ (өңү кызыл), тору ат (куйрук жалы кара, өңү кызыл), каракашка, торкашка, керкашка, жээрдекашка, карагер, карасур, суржорго, кержорго дейбиз.

«Суржорго болсо мингеним,
Суулугун чайнап кемирген».

(Боогачы)

Ак атты акбоз ат, боз ат, кызыл ат деп тергешет. Күрөң ат, кара бээ, кээде куланы сары менен алмаштырабыз. Керди сур өң менен алмаштырабыз.

«Кулалуу жылкы элде бар,
Курдаштык дарты менде бар».

(Боогачы)

Мурун айткандай, Аккула, мисалы, Манастын Аккуласы, Каныкейдин Тайторусу, Кожожаштын Сурчебичи, Семетейдин Тайбуурулу, Алмамбеттин Айсараласы, Калыгулдун Карасуру, Курманбектин Телторусу, Эр Табылдынын Арчаторусу, Боогачынын Акбозаты, Казынын Солторусу өндүү эл тааныган жана башка сыпаттарына карата энчилүү аттары менен өңү-түсү, анан кыял-жоругу, башкаларга салыштырмалуу мүчөсү боюнча да жылкы баласы айтыла берет. Мисалы, Кайык, Тактеке, Учаар, Кенебес, Муюбас... Мындай энчилүү атоолор кийин ат майданында тапталган күлүктөргө арналып жатат.

Жылкынын касиеттери

Жылкылардын жүрүш-турушу басык, желет, жележүрүш, таскак, текирең таскак, жолжүрүш (койжорго), жорго, чапмажорго деп айтылат.

«Комузга тийсе колдору,
Кол эмес чапмажоргобу».

(Байдылда)

Суу төгүлгүс жорго, суу чайпалбас жорго, көшүткөн жорго, чоң жорго, дубанды бузган жорго ж.б. айтыла берет. Жоргону камчы эти толук кезде салдырат.

«Жоргону жолдо салдырат,
Жоругу көздү талдырат».

(Казыбек)

Күлүк, сайкүлүк

«Сайкүлүктүн бири эле,
Санына камчы жебеген».

(Байдылда)

Тулпар. «Тулпар тушунда, күлүк күнүндө» (макал). Тулкара «Маната» айтылат (күлүктүн күлүгү, ноюбас, чарчабас, чаалыкпас деген маанини берет).

Жылкы «Жалы катуу, чөйчөгү бар», «ак эттүү», «кара эттүү» деп айтылат.

Жылкынын куйрук-жалы тай кезинен кыркылат, тай, кунандын жалы кыркылып, ыйык жалы калтырылат. Байталдарга болсо көкүл коюлат. Эркек тай, кунандардын куйругу чолок кыркылат. Жылкы быштысынан баштап куйрук жалы төгүлүп турат. Кысыр калган бээнин жалкуйругу байталдыкындай кыркылат. Ал – кысыр калгандыктын белгиси, «бээ туу калды» дегендик.

Ача туяктуулардын ички белгилери. Төө малынын өңү-түсүн белгилөөдө жылкыдан башка «ак» деген түс айтылат. Мисалы, энчилүү түрдө «Мукамбет пайгамбардын ак төөсү», «Жакыптын ак тайлагы» делет...

Өңү боюнча да айтылат. Мисалы, сарыатан, бозинген, каранар. Ээси менен да кошо айтылат. Касымбектин кара буурасы, Сапанбайдын сары буурасы, Эшимбектин бозатаны, Кыдырназардын кара нары.

Кыял-жоруктары боюнча да айтылат. Кишичил буура, Бакайдын бакырчаагы... Төөгө боз, сары боз, кара өң баарынан мүнөздүү келет. Аркалуудан оонабас төө, кой, эчки, топоз, уй, азуулуудан кепшебес жылкы болуп саналат.

Уй малы өз өңү-түсү боюнча айтыла берет. Мында сур, кер, карагер, тору, сары, жээрде, кула сымал түстөр айтылбайт. Ал өңдөр мала, кара кызыл өңдөр менен алмашат. Мисалы: малауй, карауй, кызылуй, акуй, кашкауй, саралауй, чааруй, токолуй. Топоздун өңү-түсүн атоосу уйдан бурулуп кетпейт.

Койдун өңү-түсүндө кызыл, көк, кара, ак, боз өңдүү гана атоолор болот. Мисалы, кызыл кой, ак кой, кара кой, боз кой... Мында сары, мала, сур, кер өңдүү өңдөр айтылбайт.

Эчкиде деле ушул сыпаттоолор бар. Бирок, «сур» деген түс бар. Мисалы, сурэчки, кара сурэчки, сурчебич, сурулак, минтип айтыш кайберендерден улам чыкса керек.

Түшүнүктүү болсун үчүн беш түлүктү так айтууда мал, мисалы, жазында бир жашта болсо, ошондон баштап «чыкма» деген сөздү дароо айта албайбыз. Т.а. мал бир жарым жашка чыкмайын, күн мурун «жазга чыгат» – деген болжолдоо айтылбайт.

Кунан, бышты, асый, бир асый, эки асый, үч асый... деп, белгилөө бардык түлүккө таандык. Албетте, ич-ара айырмачылык аталыштары бар. Ал жогорудагы беш түлүктү өз-өзүнчө сыпаттоодо ачык маалымдалды.

Мал семиртүү

«Мал семизи малчыдан» (макал).

Мал арыгы ооз майлайт, адам арыгы ооз кандайт» (макал).

Бул беш түлүктү союга шарт түзүү, арыгын семиртүү, ылайыктуу жайыттарга чыгаруусу, беш түлүктүн ар биринин отуна, мүнөздүү чөбүнө жараша жер тандоосу. Малды жаздатуу (жилик алдыруу), малды жайлатуу (семиртүү), малды күздөтүү (майына май кошуу), малды байлоо (бир орунга жем, чөпкө коюу), бордоп семиртүү.

Малды семиртүүдө ар кандай айла-амалдары болот. Арык жылкынын (а, мүмкүн, анын айыбы бар) мурун айткандай, куйрук, жалын кыркып, чымын каккыс төрлөргө чыгарат. Ал өзү эле согум үчүн экенин билдирет. Жылкы, уйду семиртүү учурунда кыш чилдеде жабуулайт. Койэчкилер короодо өзүнчө кармалат. Төөнү тиздеп, алдына жем-чөп коюп, суу берип турат. Мында бордоп семиртүү, байлап семиртүү, «бордоо» деген терминдер айтылат.

Жайлоого чыгуу

«Жаканын чөбүн оттошуп,
Тоо жакты көздөй топтошуп.
Жайлоого келди төрт түлүк,
Жакасы менен коштошуп».

(Байдылда)

Бул – көчмөндүү турмушта жашаган элибиздин беш түлүгү менен жай ыракатын көрүүсү. Доңуз сырт, кара кыяк, бетеге, тулаң ж.б. малга жайлуу чөбүн откоруу, малды салкындатып семиртүү, малдан кыш азыктарын (сары май, курут, сүзмө, эжигей, быштак ж.б.) даярдоо. Кыргыздар мал чарба азыктарын жер чөбү катары баалап сатпаган. Жайы-кышы жайыл дасторкон келишкен.

Элибиз жайлоону ченебей баркташат. Ал ичкери жайлоолор, орто жайлоолор, чоң жайлоолор, сырт жайлоолор деп бөлүнөт. Сырт жана чоң жайлоолор – чымын каккыс жайлоолор. Чөбү кыска, бетегеси берметтей болот да, малга аш болумдуулугу артып, ык семирет. Эти даамдуу, майы курч келет. Андай жайлоолорго: Ак-Сай, Арпа, Чатыр-Көл, Кара-Кужур, Суусамыр, Солтон-Сары, Көк-Торпок, Соң-Көл, Арым, Каркыра, Чоң-Кошой, Төө жайлоо, Көк-Ойрок, Сөөк-Каракол, Ак-Шыйрак, Үкөк, Көлкөк өңдүүлөрдү кошобуз.

Ичкерки жайлоолор көбүнчө карагай-чердүү, бадал-токойлуу, кара кыяк, шибердүү болуп, жакага жакын келет. Жака бышыкчылыктуу аймак, жакага түшүү – бышыкчылык аймакка баруу. Тоого көчүү – «жайлоого чыгуу» деген түшүнүк берет.

Жайлоого чыгуу – чөбү жетилген учуру. Жаканын чөбү эрте жетилет. Беш түлүк торолот. Ат кара тил болот. Малдын этине эт кошулат. Эл-журт акка толук тоюнат. Ичкерки жайлоолордо май айын (бугу) аяктап, июнь (кулжа) айынан баштап, көчө башташат. Кыргыздар чын куранда (апрель) чыңыртып, кулун байлашкан, Бугу айынын башынан сабаа бузушкан. Аяк оонадан (сентябрь) баштап, тогуздун айында (октябрь) жайлоодон түшө баштаган.

«Жай өтүп жайлоо эскирип,
Жакага түштү төрт түлүк.
Сары журт болгон конуштар,
Санаага салат көп бүлүк».

(Байдылда)

Беш түлүктүн ич ара туут жана куут айырмачылыктары

Туура, төө он эки ай ботосун, бээ, уй, топоз тогуз ай кулунун, музоосун, мамалагын, кой, эчки улагын, козусун

беш ай бойдо асырайт. Албетте, бул такма-так аныктама эмес. Шартка жараша бир аз мурун-кийин туулушу ыктымал – деп, башында баяндап кеттик элек. Ал аба-ырайына шартташат. «Бото салды», «кулун салды» «музоо салды», «мамалак салды», «козу, улак салды» дейт. «Ичтен ара түштү», – өңдүү түшүнүктөр бар.

«Туубай калган мал», «кысыр калган мал» деп айтылат.

Туу калды (туу бээ) – кысыр калган бээ. Жылкыда «кысыр эмди» – туубай калган бээни тайы эмсе, желеде турса айтылат.

«Эки энеге тел эмди» – бул бир кулун же музоо, мамалак эки бээни, эки уйду, эки топозду эмүүсү.

«Төл башы» – түлүктүн биринчи туулган ботосу, кулуну, музоосу, мамалагы, козусу, улагы.

«Кенже туума» – беш түлүктүн эң акырында туулган төлү. Мал бирди (жалкы), эгиз, үч эм, төрт эм тууш керек. Эгиз тууш койго, үч эм, төрт эм тууш эчкиге, жалкы тууш жылкыга, төөгө, уйга, топозго мүнөздүү.

Салтта, наркта, эчки анча бааланбай, кедейчиликтин малы катары каралган. Бирок, жашоо-турмушту бат тирдентет. Ага караганда кой жогору бааланган. «Эчки сойду», «улак сойду» дегенге караганда «кой сойду», «козу сойду» деген жакшы салтка, наркка жатат.

Малды «ургаачы тууду», «эркек тууду» дейт, «төрөдү» дебейт, «төлдөдү» дейт.

Жылкынын жыныстык белгисин «бычты», төө, уй, топоз малын, т.а. ача туяктууларды «биттеди» дейбиз.

Кыргыздар адептүү, салттуу эл болгондуктан уяттуулуктун жогорку чегин сакташкан. Малдын жыныстык катыштарын айтууда да аны сылык туюндурууга туура келген. Мисалы, төөнүн өз ара жыныстык катыштарын «каюу», жылкыныкын «карады» (көздөдү), уйдукун, топоздукун «какты», кой, эчкиникин «кууду» (жүгүрдү)

дешкен. Бээ айгырдан токтоду (боозуду), уй, топоз, кой, эчки букадан, кочкордон, текеден «качты» (боозуду) деп айтышкан.

Мал багуу өнөктүктөрү

Мал кыштатуу. Ар адамдын, бир атанын, уруктун ата конушу бар. Ал өзүлөрү үчүн ыйыктай. Ата-бабаларынан бери менчиктелген орун кансалыктай сезилет. Адатта, кыштоого ылымта, күнөстүү «кемпир чубактуу» жерлер тандалган. Ал «Абдырамандын кыштоосу», «Тентимиш ажынын кыштоосу», «Арпачы байымдын кыштоосу» өңдүү энчилене айтылган. Жаздоосу, жайлоосу, күздөөсү тууралуу да сөз болуп кетсе, адам аттары кошо айтылган учурлары болгон.

Мурун кыштоолордо жалаң боз үйлөр тигилген. Тегерек түбүнө чөп калап, үстүнө топурак таштап коё турган. Мында шамалды да, суукту да киргизбей, жылуу болгон. Жанындагы боз үйдүн түндүгү жок ууктар кайчылаша сайыла тигилген. Ага оокаттуулар, азык-түлүк, эмерек-кечелердин арткандарын коюшкан.

Колду караган мал үчүн тоют жайында камдалып, кыштоого бастырма үстүнө үйүлгөн. Малы арбын болсо, башка жерлерге барып, кыштатып келүү үчүн койчулардын, жылкычылардын жолбун үйлөрү болгон. Кийин 19-кылымдын аяк ченинен тартып, орустарды туурап, жер кепе үй салып, ал «ысык үй», же «жер үй» деп аталган.

Кыштоого, адатта, ноябрда (тогуздун айы) түшүп, жер тоңоору менен согум союу башталган. Жаз чыгып, беш түлүк жапырт төлдөп бүткөндөн кийин кыштоодон боз үйдө обочороок барып олтурууга шарт түзүлгөн.

Мал жаздатуу. Мал кыштоодон төлдөөрү менен айдоо аянттарынан обочороок конуп, малды көктөтүү (көк куудуруу) өнөктүгү болгон. Демек, чөп-оту чыга баштаган тарапка көчүп-конуп олтурган. Кышы каткалаң тараптарга

караганда кар калың түшкөн жактардын чөбү кар кетээри менен нымдуулуктун натыйжасында эрте чыгат. Мал көккө эрте тоюнат. Мал жаздатуу үчүн жолбун үйлөрдү тигип, малчылар улам бир жерге барып, жайыттарын пайдаланып олтурган.

Беш түлүк тирденип, төлдөрү талаа коёндорундай так секирип калат. Жаздатууда мал тыңыры менен козу-улактар, торпоктор биттелет, аңгилер бычылат. Тай, кунандардын, кысыр калган бээлердин жал-куйругу кыркылат. Койду кыркуу, эчкилерди кылтактоо, тыбыттоо – өзүнчө жаз өнөктүгү. Төөлөрдү чөгөрүп, тиздеп тонойт. Эл акка жапырт тоюнуп, ак боор болот. Эжигей кайнатып, чөбөгө сызгырылып, кыргыздар айткандай: «Ирегеден ит ичпей калат». Мына ушул убакыттан кийин жайлоо жетилет, көчүү аракеттери башталат.

Күздөтүү. Бул – бышыкчылыктуу аймактарга барып, айдоо аңыздарын, күчүнө кирген бозотторун, бетеге-тулаңдарын, шыбак-терскендерин откоруу. Дагы нык семиришине, семиздигин кармоого мүкүнчүлүк берүү. Мал куутуна даярдык көрүү. Короо-сарайларды камдоо. Илгери кылчык жүндүү койлор күздө да кыркылган. Күрпөңдөрдү жайлоодон кыркып түшкөн. Себеби, козунун жүнү менен койдун күзгү жүнү өрө кийиз, ала кийиз, чокой, байпак, тердик, желдик ж.б. уютууга талаптагыдай шартташкан.

Бордоого коюу. Бордоп семиртүү, же борго байлоо – беш түлүккө карата айтылат. Чөптү, жемди аш болумдуу, малды семиртүүгө жагымдуу тоют, аралашма тоют (агышак), дембе-дем берип туруу. Т.а. союлуучу малды жемчөпкө такай байлоо. Мында төөнүн өркөчү эки баладай тип тик болот, жылкы жем-чөп жебей, моюнун созуп, уй-топоз ынтыгып, кой-эчки ордунан турбай калат.

Жылдын ар айына элдик мүнөздөмө берүү

Кыргыздар үчүн **январь (үчтүн айы)** чилде айы. «Кел бери» айы деп аталган. Анткени, согум жапырт союлуп жана башка жайлата камдалган азык-түлүктөр бар учур. «Конок-аяк келсе экен, сый көрсө экен, согум этинен жешсе экен», – өңдүү кыргыз пейили кенен таштalган учуру.

Февраль (бирдин айы) «шыбырашма айы» деп коёт. Согум эти азайып, «эмне кылабыз? Эт салалыбы, же жеңил тамак эле берелиби?» – деген кез. Алабакандагы эттин чаркы байкалып калган учур.

Март (жалган куран) «үзүмчүлүк айы» же «жалдырма айы», мал арык кези. Камдалган азык-түлүктөр түгөнө баштап, сарамжалдуулар гана сүрдү узун сарыга Ноорузга сактаган учуру. (Ал – сары кар түшүп, күн узарып, кемпир чубактап турган кез. «Бирөөлөр узун бойлуу сары киши келип консо, баягы узун сары ушул адам тура – деп, катып жүргөн сүр этин бүт салып берип коюптур», – деген күлкүлүү уламыш айтылууда).

Апрель (чын куран). Айткандай, актын айы, илгери чыңыртып бээ байлаган. Мал көккө, эл акка тоюна баштаган. Жер бети көрпөлөйт. Мал төлдөп бүтөт.

Май (бугу) «көктөм айы». Беш түлүк түгөлү менен телчип, муунуна кирет, желин булактап, желе ыңкып, айран-сүт көлдөп, эл-журттун акка ого бетер боору агарган учуру. Сүттү ирегеден ит ичпей калган кез. Эжигей, чөбөгө кайнатуу ошондо кызуу башталган.

Июнь (кулжа айы), июль (теке айы). Толукшуган ак жай. Чөптөр жетилет. Айлананын ыраңы өзгөрөт. Мал семирет. Шерне желет. Үлүш берилет. Чанач-чанач сүзмө куюлат, кап-кап курут кургатылат.

«Толукшуп тургун кең жайлоо,
Тоолору көккө керилет.
Жыйырма беш жашка жык толгон
Жигиттей болуп көрүнөт».

(Байдылда)

Август (баш оона) – ал да жай айларына кирет. Т.а. «семизчилик айы» деп айтылат. Жайлоодо аш-тойлор бериле баштайт. Элдик таң-тамашалар өтөт. Чөп бышкандыктан, сүт азыктары күчтөнөт, кымыз кызгылт тартып, градус пайда болот. Мезгил күзгө тартып, конуштар сары журтка айланып, токчулуктун, бардарчылыктын ооматы келип турат.

Сентябрь (аяк оона), октябрь (тогуздун айы). Бардык жерде бышыкчылыктын жыты укмуштай урган айлары. Т.а. «ак төөнүн карды жарылган учур». Эл жайлоодон түшө баштайт, жергеде токчулук.

Кыргыз аймагында арпанын орулушу менен дан жыты мурунга урат. Ал бышыкчылыктын белгисин берет. «Дандын жакшысы да арпа, начары арпа» дейт. Арпанын жакшысы – эл данга эрте тоюнат. Арпанын начары – буудай, тару өндүүлөр бышканда аны анча карабай, атка жем кылып илип калат. Арпа талканы күлазык болуп саналат.

Кыргызда «Чөптүн жакшысы да шыбак, начары да шыбак», – дейт. Анткени, шыбак да эрте өсөт. Ал аркылуу мал көккө бат тоюнат. Башка чөптөр чыкканда мал шыбакты карабай калат.

Күздө түшүм толук жыйналат. Эгин-тегиндер жаргылчакка, тегирменге тартылат.

Ноябрь (жетинин айы), декабрь (бештин айы). Кыш камылгасы ойдогудай улантылат. Муну жер шартына жараша согум айлары дейбиз. Айыл ичи «кан жыттанган» учур болот.

Элеттиктердин жашоо шарты

Жылдын төрт мезгилине карата кыргыздардын жашоо-тиричилигинин өтүү тартиби бар. Бул – салтты сактоо вазийпасы. Эр бүлөлөр ат үстүндөгү, айыл арасындагы, алыс-жакындагы аласа-береселерди тындырган. Аш-тойлор башталганда ат менен баруу, таңтамашаларды көрүү

мүмкүнчүлүктөрү талаптагыдай болгон. Балдар тай-кунандарга, бөбөктөр айырмачка минип, аталарын ээрчий жүрүшкөн.

Аш-той болоору айыл-айылдарга мурунтан кабарланган. Айыл аксакалдары (билермандары, эл мыктылары) аш-тойлорго өзүлөрүнчө даярдык көрүшкөн.

Аш-тойлорго чабыла турган күлүктү, түшө турган балбанды, мүнүшкөрдү, найзакерди, ырчы-чоорчуларды, ордочуларды ж.б. ала келишкен. Аш-тойлорго кимдер аттанат, кандай барышат, анда белгилүү болот.

Жөнөөчүлөр айылынан шаңдуу чыгышат. Алыскы жерлерге аттан ат тандалат, тондон тон шайланат, Добулбасты кагып, чоор сурнайды тарттырып, кернейди бастырып, кимдер келе жатканы билинип турат. Ат-Башы, Нарындан, Кетмен-Төбөдөн, Чүй өрөөнүндөгү, көл бетиндеги атактуулардын ашына атайын арзый барышкан. Казак-кыргыздардын, түштүк элинин өзбектер менен аш тойлору, салт-санаалары, таң-тамашалары бир болгон. Чыккан сай күлүктөр, айрытөштүн алдына жатпаган балбандар, эр жүрөк найзакерлер, алгыр тайгандар, кыраан куштар, ордочулар, манасчылар, ырчылар кайсыл элден, уруудан экени кошо даңазалануучу... Жар салуучулар, биринен сала бири алымсабактатып, аш-тойду, ого бетер шаңдандырып, ээлеринин мартабаларын көтөрүп жиберген.

Отун-суу алуу – эркектердин милдети болуп, төөгө, атка, өгүзгө жүктөшкөн. Отун, жүк артуунун өзүнчө ыкмалары бар.

Кыргыз кыз-келиндери илгери жайында эки маал койэчки, үч маал уй-топоз, төө саашса, сегиз-он курдай бээ саашкан. («Төш беттеп келсе эле, бээ саан болот», – деген чындык бар).

Кийиз басуу, өрө кийиз уютуу, өрмөк согуу, килем токуу, сайма саюу, чий чырмоо көбүнчө ак жайда болгон. Усталар узануу үчүн атайын өтүнүч аркылуу аспап-курал-

дарын артына барган. Көмүр өчүрүүгө, көөрүгүн басууга, тамагын жасоого атайын адам шайлаган. Жайлоодо алар кыз себине ж.б. асем буюмдарына узанышкан.

Жаштар оюндары айлуу түндөрдө (алты бакан селкинчек, ак чөлмөк, «жоолук таштамай», «шакек жашырмай» ж.б.) болуп, кыз узатуу үлпөтү көбүнчө жайлоодон түшкүчө өткөрүлгөн.

Байбичелер үйдүн эпчи тарабынан орун алып, кыз жүк бурчун маанектеп, узданууга (сайма саюуга, чий чырмоого, шырдак шыруруга, тор чачык түйүүгө, кийим-кечек бычыптигүүгө ж.б.) баш койгон. Андайда ата-энелери, тайэнелери, эже-жеңелери нускалаган. Тестиер балдар мал сааганга жардамдашкан. Тезек терет, куурай, чий орот. Бойго жеткендерин көпчүлүктүн көзүнө көп илинбөө салтын сактап, тезек терүүгө, отун алууга, куурай орууга чыгаруучу эмес. Жеңелери, сиңдилери менен сууга барууга шарттар болгон. Аларды айыл аралатып, айылчылатып да жиберүүчү эмес. Беш көкүлдөр назик тутулган. Кеп-сөзгө калбоо жактары эске алынган. Тели-теңтуштар менен «айттарда» айттап, көчтөрдө көч баштоого мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. «Кызга кырк үйдөн тыюу», айрыкча, эне, эже, жеңе тарбиясы баалуу турган. «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «эжени көрүп, сиңди өсөт, аганы көрүп ини өсөт» дешкен.

Эркек балдар ат жалын тартып мингени, атасы менен айыл аралаган. Эл көрүп, жер көрүп кагылган. «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» дешкен.

Отун алуу, көң жыйып, чөп чабуу, кышка отун суу, согум камдоо, мал-салга көз салуу – эркектерге таандык көрүнүш. Жылкы, топоз, төө кыштата, көбүнчө, талаада болгон. Жыл катуу, кар оор чактары кой-эчкилерге жайыт ачып беришкен. Алар карды тээп оттошкон. Ылымта жерден мал кыштоолору тандалган. Жандыктар, уйлар короодо болуп, көбүнчө колду караган.

Кыштата карылар үйдө отурушуп, «упай», «тогуз коргоол» ойносо, жигиттер «ордо атуу» үчүн ич-ара мелдештер жүрүп, чоң байгелер сайылып, алыс-жакын жерге барышкан. «Ордо оюну» дубанды бириктирип, көпчүлүктү кумар катары өзүнө буруп турган.

Мал төлдөп, төл тороло баштагандан тартып, мал жаздатууга багыт алынган. Кар жаткан жер менен каткалаң жердин чөбү бирдей чыкпайт. Ойдогудай мал тоюнбайт. Мисалы, кочкорлуктар Кеминге, Нарын ичине, тоңдуктар Жети-Өгүзгө дейре мал жаздатууга барышкан.

Мал күздөтүүдө бышыкчылыктуу жерди көздөшкөн, кыскасы, малга башкалардын жерин откоргону үчүн «от майын» төлөшкөн.

Мазмуну

Баш сөз 3
Кыргыздын тууган-уругу, жерге-жээги 8
Жерге-жээк, тууган-уруктардын энчилүү аталыштары 9
Үй-бүлө, анда эркек менен аялдын алган орду 21
Балага байланыштуу каада-салт, жөрөлгөлөр 23
Ата-эне менен баланын ич ара мамилеси 40
Той-аш берүү салты 60
Үйлөнүү үлпөтү 63
Күндөлүк каада-салттар, ырым-жырымдар 95
Улан-кыздардын ич-ара мамилеси 152
Кыргыздын касиеттери 154
Пир дүйнөсү 195
Табышмактуу ырым-жырымдар 201
Ой жоруу ырым-жырымдарынан 221
Адам мүнөздөрү 227
Зайыптык сапаттар 242
Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү 246
Териден иштелген буюмдар жана ат жабдыктары 246
Теричилик 246
Көн буюмдары 253
Ат жабдыктары 269
Ат жабдыктарына урулуучу шөкөттөр 299
Ат жабдыктарына узануу 300
Жөнөкөй өрүмдөр 305
Татаал өрүмдөр 307

Жыгаччылык 314
Боз үй – улуттук мүлк 316
Кырмачылык 324
Кийиз буюмдары тууралуу маалымат 328
Кийиз 328
Шырдак 337
Оймочулук 357
Кол боёктор 360
Боз үйдүн негизги жабдуулары 364
Чырмакчылык 367
Чырмак 367
Чырмакчылыктын көркөм көчөттөрү 372
Түймөчүлүк (чачыкчылык) 378
Эшмечилик 380
Эшме буюмдары 382
Куракчылык 383
Саймачылык тууралуу жалпы түшүнүк 390
Сайманын негизги түрлөрү 403
Элдик кийим-кечелер 421
Баш кийимдер 424
Сырт жана ич кийимдер 432
Бут кийимдер 446
Өрүмчүлүк тууралуу маалымат 449
Өрмөк согуучулук (өрмөкчүлүк) 449
Өрмөкчүлүктүн көркөм көчөттөрү 451
Өрмөкчүлүктүн негизги ыкмалары 454
Өрмөктүн каражаттары жана аспап куралдары 457
Таар буюмдары 461
Боз үйдүн терме жасалгалары 468

Килем токуучулук **477**
Килем буюмдары 479
Килем көчөттөрү 483
Зергерчилик тууралуу түшүнүк **488**
Зер буюмдарын жасоонун каражаттары жана аспаптары 492
Зергерчиликтин негизги жердиги 496
Зер буюмдарын кармоонун ыкмалары 501
Зер буюмдар 511
Темирчилик **524**
Темирчиликтеги айрым ыкмалар 529
Темир буюмдары 532
Мүйүз буюмдары тууралуу маалымат **542**
Сөөк буюмдары **551**
Таш чегүүчүлүк **554**
Таш буюмдары 558
Мүнүшкөрлүк **561**
Беш түлүк күтүү салтыбыз **606**

Амантур Акматалиев

КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫ БОЮНЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

Түзгөн *Ыйсаева Н.*
Редактору *Кадыров Ы.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Талант кызы Ж.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 02.06.2025-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 40 б.т. Нускасы 700.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.